ШУКУРБЕК БЕЙШЕНАЛИЕВ

БОЛОТ КАЛЕМ



ШҮКҮРБЕК БЕЙШЕНАЛИЕВ

БОЛОТ КАЛЕМ

РОМАН

ФРУНЗЕ «КЫРГЫЗСТАН» 1981

84 Ки7
Б 41

Бейшеналиев Шүкүрбек.

Б 41 Болот калем: Роман.—Ф.: Кыргызстан, 1981.—424 бет.

Көрүнүктүү жазуучу Шүкүрбек Бейшеналиевдин бул романында кыргыздын агартуучу, гуманист акыны Тоголок Молдонун (Байымбет Абдырахмановдун) өмүр жолу көркөм чагылдырылган. Ошондой эле XIX кылымдын экинчи жарымындагы кыргыз коомчулугунун таптык карама-каршылыктары, орус элинин кыргыз элине тийгизген маданий таасири көрсөтүлөт.

И $\frac{70303—186}{\text{М 451 (17)—81}}$ 152—81.4702280200

С (Кирг) 2
ББК 84 Ки7

Рецензиялаган филология илимдеринин доктору
А. Садыков

© «Кыргызстан» басмасы, 1981-ж.

Деңиз үстүн жарып, абага калкый көөлбүгөн жаян жондонгон таргыл адырдын ыктоосундагы айылдан эки муунак караан үзүл-кесил узады. Алдындагысы кош капталына куушурулган канат сымалдантып кереге, уукту кынаптап, ортосуна казан-аякты көмкөрө, үстүнөн кызыл-тазыл оймолуу шырдакты тыкыйта таңган жеңил жүккө моюбай лепилдеген кара атандын узун буйласын эңилте, буурул бээни шайбырлата жардыраак көчтү баштаган ак элечек, жашыл кемсел жубан. Анын соңунда боз үйдүн үзүк, туурдугун комдоп, ала кийизге төшөнчүнү ороп жука арткан шыпыйган каймалды жетелеп, ойсоңдогон тору байтал үстүндө чепейген мүрүсүнөн тал-тал өрмө чачы сеңселген көөнө кундуз бөрктүү бийкеч.

Аларды каптатып, үркөрдөй топ жылкыны удургута айдаган, жонунда шыйрактуу бардеңке, колунда укурук короктогон ак калпак жигиттин айдыңында теминип кагынган жалпак тебетейчен олбурлуу жеткинчек.

Ошол суйдаң көчтөн бээ саам кармалып аттанар замат, чабдар жоргосун окторулта, быжыгыр кара сакалын көрпө тебетейине куюлуштура, шашкедеги шоолага кымкап чепкенин жылтылдата чайпала жөнөгөн Айылчы. Андан калбоо аракетинде жүрүштүү күрөң быштыны текиреңдете тизгин чойгон багалчар боз улан.

— Байымбет, карагым, мени жандап жете жүр. Мына ушундан тарта улууну шынаарлаган жигиттин шаанисин күт. Элеңдеп артыца кылчайба. Коштошуп чыккан соң, барар жериңди бетте. Бактың ошояктан ачылгысы бардыр...

Айылчы айылдан окчун берилегенде коңур доошун тилек, бата катары көтөрүңкү каргытып, шадылуу ала-

канын түктүү бетине жанытты. Сөзгө ынтаалуу өспүрүм чукул шынаарлай энтиге унчукту:

— Жарайт, авакс. Сапар ырасмысын билем. Таякелериме утурумдук туурлаган Жумгал тургай... киндик каным тамган өз жерим Курткадан аттанганда деле... кусалыгым ташып, көзүмө жаш толсо деле... кылчайбай бастыргам.

Жосундуу жоон коншогон уланга жүрөгү жылый, жорго үстүндө термелип, болкойгон сакалдуу жолоочу астыртан көз кыйыгын имерди. Байымбет тоголок, кызгылт жүзүн нурлантып, шоктоно учкун серпкен карегин кайра уяң балбылдатып, үстүндөгү көөнө нооту кемсел, кайыш чокой, чаңгыл калпак кийимдерине батпай Айылчынын көөнүнө кандайдыр жымсал илеп чайгансыды.

«Ыйманың ысык, жүүнүң тирүү, тирикарактыгыңдан туугандык боорум түтпөй... Абактын уулу, Чыны манаптан колкого сурап, жесир энең, жетим бөбөктөрүң менен көчүрүп баратам. Милдет-сабытыңды алдым мойнума. Эр жетип, өзүңчө түтүн булатканча... Кудуретим жетишинче шарапатымды тийгизип көтөрмөлөйм. Балким, керекке жароочу уул болорсуң. Түпкү урук жууратыбыз саяк, андан кайдулат, андан кечээки Музооке аталардын арбагы жылоолосун». — Айылчы ойго чулганып, бу баланы капысынан кабылткандын эскерди.

Өзү сары өзөн Чүйдүн Токмок уездинин кадырлуу манабы Сооронбайдын белсемдүү жигити. Биердеги Жумгал саягынын мыктысы Чынынын убадасы боюнча Сооронбайдын дубай-саламы менен бересе бодолорду өндүрүүгө арзып келген.

Чыны, мартабалуу манаптык кааданы айкындап, алыстан ат арытып, бел талытып жеткен Сооронбайдын көрөр көз жигитин бир нече күн удаа меймандостук сыйга көлпүттү.

Мындайдын далайына карктанган кексө Айылчы бул соолоттүү кабылдоону өзүнчө жоруду.

«Оң солго атагы жеткен узун кабак Жумгалдын айтылуу манабы, Чыны баатыр чоң тынайдын кастарлуу карыясы, Сооронбайына мен аркылуу көргөзгөн ызаты. Экинчи жаатынан, мага тууганчылыгын да тымызын туйдуруп атканы. Түбүбүз бирге экенимди, Нарындын Куртказындагы чоронун чоңдорунун зайкысынан Чүйгө качып барганымды башынан билет».

Алдыдагы үркөрдөй бодо менен чакан көч узап кете берсин. Булар салт акмалап жүрүп олтурушат. Кызарт

ашуусуна таянганда көчтү басып өтүүлөрү да ыктымал. Элет салтында айдыңдуу эр азамат көчтүн астында жө соңунда элкин чабыттап бастырат. Аттанган журтунан анчалык казганактабаса дагы дүрдүгүп узаткан адамдардын көздөрүнөн далдааланганча шаңдуу удургутушат. Бара-бара жоргонун жүрүшүн басаңдатат. Капталындагы бала андан озбойт да, чегинбейт да. Шүптүп тыкчыңдап, караан-жорон болуп, ат кошчулукка тыңдай. Астындагы ойноктогон ай туяктардын даңканынан кеч күздүн кыртыштуу чыйыры чаң сапырылтпаганы, абанын тунарыктап салкындыгы Айылчынын көңүлүн кызытууда. Оң, сол ыштадан кууш өрөөндү калкалаган тээ окчун аркайган тоо баштарын апакай кар чайыган.

Кыштын алыстан салам айтып, ойдуңга чукулдап калганы ошо. Өзөндү кесип окторулган, чындаса, дарыя дээрлик Жумгал суусуна такалышты. Жээги жайпак, мал тулгыпа жемирилген жайык кечүүгө басыгын жайлата бурулган чабдарды оболупа коюп, үстүндөгү ээси үч эмчек коло үзөңгүдөгү маасылуу бутун көрпөчөгө ныктай бүктөдү. «Сен да ошент» ишааратгай жанындагы өспүрүмгө башын ийкеди. Тоонун көк кашка суусун тердик учтарын малынта көөлбүй жиреп, омоктуу жорго өйүзгү четине ыктаганда күмүш купа чегээлеген булгаары жүгөндүн күмүш ооздугун шалдырттата тумшугун шарга айматын кылкылдата жутууга жүткүндү. Сыр билги ээси тизгинди чое таштап:

— Сен да сугарын ал. Арпага тойгон жаныбарлар аябай кана ичсин,— деп ала куржунга жем бөктөрүнгөн уланга кайрылды. Аттар улам тыпын башын көтөрүп, ичине илеп тарта тунуктан тойбоочудай шимирүүдө.

Айылчы жылкы чаңкаганда каптай кампайган таз карынын толтургуча шар суудан чыкпасын, балчыктан, токтогон өлүмтүк көлчүктөн ылайым ичпесин билет да. Ал дал ушердеги бир окуяны эскерип, сакалдуу ээгин экчей, бырс этти:

— Кыйла жыл илгери ушул аймакты биздин ыман саягы жердеген. Азыркы Курманкожо, Кулжыгач саягы Кочкорду туруктаган. А Кочкордогу ниязбек, сарбагыштар көл жакалай жашаган. Биздин бабалар Куртка-Терекке кийин оошкон.

Байымбет «көңүлүмө түйөйүн, дагы аягына жеткире улаңыз санжыраны» деген пейилде тирмейгенде Айылчы күлө бага көшүлдү:

— Ошондо, буердеги ымандарда арык чыгарып эгин

айдап, мал баккан Ырай деген акылга дыйкан карыя бар. Ал, ай, жылдызды санап, жылдын катаал, жумшактыгын алдын ала болжоочу имиш. Айтканы төп келчү дейт. Калайык арасында «Ымандан Ырай чыкты, арадан бир ай чыкты» деген сөз тараптыр. Ырай картайганда, дөөлөттүү чагында дал ушерде өлбөйбү. Анын Жамангул, Жаманак, Момун, Жоош деген уулдары болбойбу. Калгандары малдуу, жалгыз гана Жаманак баатыр атанып, эл аралайт, бирок жардыраак. Кастарлуу атасына каада боюнча ат жеткен танаптын бакисинен калың эл чакырып, Жаманак ашка камынат. Малдуу ага-инилерине кеңеш акылын айттырса, «баатырлыгына чиренген эме ашты өзү берсин»,— деп тырчышат. Ошондо ушундай күзгө маал чыгаар. Жаманак мынабу бетмаңдайдагы Соң-Көлдөн бир туугандарынын жылкысын бүт айдатып түшүргөн дейт. Дал мобу шар суунун жээгине жайлоодо кур семирген, анүстүнө, энтелетип кубалатып келген жылкы кара таандай эңилип түшүп, жапырт шимиргенде баш аягы көрүнгөн эмес дейт. Айтайын дегеним, ушул октолуган суу түмөндөгөн жылкы жүткандa, акыркы кулун тайдын туягынан болор-болбос гана жылжып аккан имиш. Семиз жылкы чаңкаса, тунук сууга тойбойт деген лакап туура...

— Аваке, ыракым этиңиз. — Улуу адамдын уламасына уюган Байымбет негедир ыкыстады. Сөзгө дилгир торсойгон уландын шагын сындырбоого Айылчы уруксат белгисинде секип сакалын экчеди.

— Ошондо Жаманак баатыр сараң туугандарынын ошо жылкыларынын семиздерин тандап, бардаңке менен аткан дейт ушерден, чынбы, аваке?

— Чын.

Бүгүндөн тартып калка, жөлөктүккө алган салабаттуу адамдан кубаттоо укkан өспүрүм эдиренделй адыр тарапка колун жаңсады:

— Тээтиги чубалган чоң арыкты биздин туугандар чааптыр. Ыман арык аталып кеткени ошондон экен. Эгин айдаган баба дыйкандар тура.

Айылчы балага пейли жибий жумшак үн катты:

— Эх-хе, ырас. Ымандардын бу орто Жумгалдагы дагы не белгиси бар?

Байымбет токтолбостон жана солго сунган колун оңго серпти:

— Мына...

Анын кебин үзүп, чаңкоосу канган буудандар атаан-

даша кемер жээктен суунун шарын шарп атылта так секирип кургакка серпилишти. Айылчы жолдун бетмаңдайындагы дөбөдө сыйкырдуу рабат сымал томсоруңку олчойгон боз күмбөздү карай жоргосунун тизгинин бурду. Жылдыз сапаган, малын багып, эгинин айдаган касиеттүү кары Ырайга эзели чирибес арчадан казанак ойдуруп, Жаманак уулу курдурган күмбөздүн даңазасын Айылчы бала чагынан далай эшиткен.

Белгилүү адамдардын сөөгү коюлган мазардан катуу чабагандап өтүү — эссиздик. Жорголорду секин бөйпөңдөтө, жаа ийиминдей боору ачык, төрт ыптадагы мүрүлөрү бийик, ортосу боз үй түндүгүндөй көмкөрүлө жабылган сүрдүү күмбөздүн тушуна токтогондо, Байымбет лып ыргып, Айылчыны аттан түшүрдү.

Улууга кызмат өтөгөн илбериңки уланга купулу толо Айылчы арбактарга ичипен тайына күбүрөй, Ырайдын күмбөзүнүн айланасына салынган чакан рабат-мазарларга[1], моло мүрзөлөргө момурай түйшөлүп.. Кермек жыттанган шыбакты шуудурата, чепкенинин этегин тизесине төшөй чөк түшүп алаканын жайды. Байымбет андан төмөнүрөөк эпейди. Кыраатты чоё Айылчынын кандайдыр жаңы сүрөөдөн созо таштап куран окушу ага Музооке атасынын мукам доошун эскертти. Соңку төрт жылдын ичинде адегенде оз атасы, Абдырахмандан, андан өтө бөпөлөгөн чоң атасы Музооке экөөнөн тең ажыраган жетимче, Айылчынын куранын жеке Ырайга эмес, ошо өз арбактарына да багыштап бата узатып, мууну бошоп жүрөгү дирил кагып, толкундады. Башынан кыйланы өткөргөн айбаттуу Айылчы да мазардан аттанганда өңү суз тартып, жедеп алыстаганда гана купуя толгоосун сыртка бүркө күңгүрөндү:

— Кыргыз кыргыз болуп жаралганы, канча сууну кечпеди, канча тоону ашпады. Яни-Сай (Жаңы-Сай), Орхон дарыялары, чалкыган Байкөл, Алтай тоолорун басып... Сансыз жоо менен арбашып... чачылып, кырылып... арыпачып... Ушу Ала-Тоо, Улуу Тоо койнуна жетип... башынан туруктаган тууган туушкандарына кошулуп... Мындан да тынч жай албай, улам тоонун бир катмарына жер которуп... Бирде калмактардын, бирде кара таандай каракытайлардын, мына, жакында Кокондуктардын, эми Орусыянын падыша, төрөлөрүнүн запкысын көтөрүп... сыртқы дүмөк аз келгенсип... Кыргыз уруулары бири-бири ме-

[1] Рабат-мазарларга — курулуш мазарлар деген мааниде.

нен кажашып... Ошондо да элдигин жоготпой келаткан жоокер тукумубуз.

Ою талаага эмес, жанындагы зээндүү жаштын акылына куюлаарын баамдаган Айылчы, андан да эргин тил жоргосун безеди:

Озондордо, кыр-кырларда, сайларда
Кыргыз жоктур кыргын болуп жатпаган.
Адырларда, белестерде, тоолордо
Кайың жоктур кыргыз балта чаппаган... —

деген алмузтактан айтылган ацызды эшиттиң беле Музооке бабаңдан.

— Эшиткем. А турмак жазып алгам, аваке.

— Дурус, карагым. «Карынын созун капка сал». А сен, акылман бабаңдын созун катка түшүрсоң, озоорсуң. Башың жаш. Нелерди көрөрүңдү кудай таала билээр. Мына, эцкейип бараткан биз кантээрибизге көз жетпейт...

Байымбет тууганынын сөзмөр, кыраа экенин, жаки, бекеринен тентиреп барып, бөлөк уруунун манабына алынып Айылчы ажы аталып, барктуу жан-жөкөрлөрүнө бекеринен жетпегенин баамдоодо.

Айылчы, о качан Кызарттын белине көтөрүлгөндө атынын оозун тартып тыныктырымыш этип, Чыныгын айлынан аттангандан бери биринчи мертебе артына кылчая... Жумгал ойдуцуна телмирди. Байымбет бу пускалуу адамдын кажарлуу кейпинен «кайра кайрылып көрөөр бекемин. Жергелүү журтум, кош бол. Жеке Сооронбай манаптын аласасын гана түгүл, мобул чүрпөңдү ээрчите баратам. Өзүмдүн жолумду жолдоп, Чүйдөн бактысын тапкысы бардыр. Батаңды бер, касиеттүү жергем», деген жышааанды боолголоодо.

Жетимдиктин залдарынан жер оой, жыты таяке бирөөлөрдүн көзүн карап, күйпүйгөн учурунда Айылчынын дуушарланышы анын сообуна калгандай.

Он торт жашка келгенде
Атам олүп кайгырдым.
Андан торт жыл өткөндө
Чоң атамдан айрылдым.
Айлам куруп тентиреп,
Жумгал элин жай кылдым...

ичинен бурап, жалгыздагандагы муцкана үнүн бөвеп, бу**гун чыгарчу**. Атасы Абдырахмандын тирүүсүндө эле Му**зооке бабасы кичинекей** Байымбетти эркелетип жанына

үйүр тарттырып, жомок, ыр үйрөтүп, күү чертип берип, небересинин шыктуулугуна курсанттанчу. Аны беш жыл удаа айылдагы малдуу, оокаттуулардын балдары үчүн уюшулган мектептен бухарлык Назар молдого окутту. Канча тестиердин ичинен Байымбет каардуу молдонун жазасын аз тартып «Хафтиэкти» жаттады. Курандын кыраатын кубулжута туураган Байымбеттин үнүнүн назиктиги Назар молдонун кулагына тамылжый угулуп, башка балдардыкынан озгочө жаккан. Ал эми сополдыярдагы (Суфуаллаяр) пайгамбарлардын таржымалын эптеп эжелеп, анан, жөмөлөп алипбээни тааныган Байымбет, ожорлонүп отурып бара-бара кызыгып, шар окууга конуккон. Анан, төртүнчү жылы «Чор китабга» тиши кадимкидей өтөт. Аны аябай ээликтирген бешинчи сыныптагы Хафиздин казалдары болбодубу. Араб, фарси сөздөрүнүн аралашмасына будалактанып кыйналса да маанисин Молдокесинен сурап, болжолдоп... түркүчө уңгусун кууп окуп... жан дилди козгогон сөз ширинделине, тагдыр, так, таажы, табигат, махаббат ырларына толкуганычы. Музооке нуска сөздөрүн, санжыра, лакаптарды небересине катка түшүртүп, кайра өзүнө окутуп угуп, чогуп бараткан карыя эрмекке туна баштаган. Өнөрүн өчүрбой, урпагына жуктурууга далаалаттанган учурунда кайран Музооке аз гана ноокастап коз жумбадыбы.

Эринен жаштайынан ажырагандан тартып, кайын атасы-кастарлуу карыянын калкасында үч баласын багып баш калкалаган Коцур жесирди Абдырахмандын ашы отоору менен эс тарткан Байымбеттин чырылдап каршы турганына карабай, энесин салт жөрөлгосү менен макулдатып кыйыр туугандары алаңказар Төлөмүш дегенге нике кыйышты. Акыры, кийинки эринин ала канаттыгына чыдабай, атасы өлсө да бабасы бапестеген балдарынын чыныгы жетимсирегенин Коңур сезди. Уулу Байымбеттин оболуна көнүп быйыл жаз алды менен Жумгалдагы төркүндөрү абак уулу Чыныкын айлына Куртқадан көчүп келди. Анчейин бардар эмес таякелери колу кат билген, атпай кыргызга атагы тараган Музоокенин тааликинде өскөн өспүрүм Байымбетти Чыны манапка табыштоого коштоп барышты.

Күйүткө чогуп сыртынан күйпүйгөн менен адамдык дараметин дидарынан айкындаган уланды кыраан карт манап Чыны алдыртан баамдап, салкын кербезденген:

— Азырынча кайгы баш, жер үшөгон жээн биздин чоң үйдөн өксүбөгөн мейман-ысманга кызматын көргөзүп

турсун. Бара-бара баралына толуп, көксөсү сууп, таякелерине үйүр алганда, көрө жатарбыз. Мүмкүн, эл бийлей баштаган көрөркоз уулум Көкүмбай мырзага жигиттикке жарар,— деп аны ирегесине кабылдаган. Ошентип, азуулуу төбөлдүн көзөмөлүндө сындалып, кол арада жүргөндө Чүйдөгү тыпайдан жашыраак жигитин ээрчитип Айылчы калдайып түштү. Төркү ысык үйдүн дубалына кундуз кештеленген туш кийиздер каланып, алардын бетине илинген илбирс, сүлөөсүн, суусар, калтарлар сеңселет. Кертим-кертим шайы-шалпар, макмал жууркандар оймочийме түшүрүлгөн такта сандыктардын үстүнө жыйылуу. Килем, кызыл-тазыл таңдайлашкан жапжацы шырдактар таманына бөлөнүп, үстүндө аюу талпактар, куш жаздыктар болпойгон кадырлуу мейман орунунда чардаган ноочасыпан тарткан, сыпаа Айылчы жаагын жаныган чечен өңдөнөт. Жергиликтүү мыктылардын көзүнчө да, жалгыздатып да Чыны манаптын зоболосун көтөрө, чоң тынайлардын дөө-шааларынын ага вазифа урматын, дубай саламын куюлуштура сайрап... өзүнүн арбайын да арттырууда. Адеп түшкөнүнөн такай бөйрөктүү дардайган күмүш самоордон буркурата чай сунуп, дасторкон жайып, түштөнүүдө баглан козу, кечкисин эки энесин тел эмген тайдын эттери келип бүткөндө колун чайыткан Байымбетти үчүнчү күн дегенде араң назары чалды. Улан анын чоо-жайын угуп, сыртынан доңшуй эптеп жекжааттыгын түйдурууга канчалык кыйпычыктаса да, деги, ыгын келтире алсачы. Таякелери тарантан ага шыбыраганы менен Айылчыга даап ажаатын ачкан эч бири жок. Чыны манап аны ылайым капарына алчу түрлөнбойт. Мына ошо үчүнчү өргүшүндө, саймалуу чачыкты каруусуна илип, саптуу жез чылапчынды секин жылдырып, койкойгон кызгылт коло афтабадан ыкчам сууну меймандын колуна өтө илбериңки жыбылжыта куйганда тигинин пейли жибий багжая:

— Тилегиңе жет, карагым,— деп, чачыкты алганда, баланын укмуштай жалжылдаган ажарлуу көзүнө арбалып тигиле калат. «Бу не шумдугу. Күндө канча мертебе чыны сунуп, кол чайыткан сайын бу бала маа өзгөчө жалооруйт. А азыркы карашы негедир сырдуу». Кыраакы Айылчы кызматкер баласынын бул жосунун жактырбаңкы кылыйган, карыса да бетинен кан тамган, үстүндөгү желбегей илбирс ичиктен тартып, сүлөөсүн бөрк, сеңселген көгала сакал азуулуу айбандын сырттаны кейиптенген үй ээси карыяга күрсүндү:

— Чыны баатыр, бо жанчыгына кат салган жигитче ким? Карт манап түктүү эринин эриге кыбыратты.

— Биздин тукумдагы менин букараларымдын жээни. Музооке комузчунун небереси.

— Ия! — Айылчы капысынан чочуй саныи чеңгелдеди. Афтабаны аюу талпактын жээгине кое, Байымбет чөгөлөй комдонуп буулуга тилин жаңсады. Антпесе, мындай жагдай экинчи имерилеби? «Баш кесмей бар, тил кесмей жок» деген эл сөзү шердентип ийди.

— Атам сизди айтып калчу эле.

— Атаң ким? Өз оозуңдан чындап угайынчы, карагым.

— Баатыр тагам айтпадыбы, Музооке.

— Музооке... Жаткан жери жайлуу болсун. Өңгөлөр унутулаар. «Муңдуу күүсү» менен Музоокенин даңазасы унутулбас. Кош-ш, жакшымдан калган туяк турбайсыңбы. Кана, жанчыгыңдагы кагазыңды бери сунчу.

Байымбет үстүндөгү көөнө нооту кемселинин оң өңүрүндөгү жанчыгынан бүктолүү дептерди лып бере салды. Саймадай эшилишкен жазууга оңдон солду карай имерчиктей, ормойгон мейманга Чыны шектүү үксөйдү:

— Айылчы ажы, бо Кайдулат иничегиңдин не каты бар экен? Окуп жибериң, болбосо...

Акылы канчалык жетик саналса да, көзү кат тааныбаган, карып-арып, сырткы Сооронбайдай замандаш зор манаптар менен алакасын тескебесе, эл ичиндеги бийликти кер мурут уулу Көкүмбайга ыйгарып... өмүрдөн, батынан тайып бараткан Чыныиын шекшингенсиген өтүнүчүн конок илбериңки аткарды:

— Чыны баатыр, уккуңуз келсе, бу карагымдын чиймелегени... Казал сымалданат...— Айылчы узунунан бүктөлүү эки үч баракты калдырттата аңтарды. — Мына мында «атабыз Музоокенин насаатынан» дейби...

Болук денелүү Чыны додолонгон көк шалпар жаздыктарга кыңкая чыканактай, тарамыштары балбыраган картымак шадыларын кыбыратты:

— Апда... Айылчы ажым, а куу туяктыкын шүк кое тур. А сен жээн...— Үрпөйгөн буурул кашын зекий котөргөндө Байымбет кетенчиктеген боюнча тышка жылды. Кол жазуусун уктаса түшүнө киргис жоктон табылган тууганы Айылчы кармаган бойдон алып калды. Бул неси? Манап жашыруун окутуп көрөйүн дегениби. Мейли. Музооке атасынын нускоо жорго сөздөрү, өзүнүн жетимдик зарын какшаган «Байымбеттин байиттери» деген кел-

ки, келки ырлары, көксөгөн мүдөөлөрү чүргөлгөн. Айбыга тургандай неси бар? Кылдан кыйкым издеген карт манаптын каарына калталабы? Айылчы комузчу Музоокенин баласы дегенде чочуп, анын арбагын сыйлагандай, Байымбетке боор ооругандай туюлбадыбы. Ылайым ал окуп, тентиреген инисинин ал-жайын түшүнсө кана. Кур дегенде жыты таяке Чыныга «көз сала, кайрыла жүр жетимиме» деп табыштаар бекен?..

Чыны, анын тууганып «ажы» дейт го? Неге? Айылчынын кат тааныган молдолугупанбы? Кайдан антсин?.. Атасынан Сооронбай манаптыбы же Тынайдын бир мыктысын ээрчип Айылчы Мекеге барыптыр деген каңшаарды эшиткен. Сыягы, ошондон улам ажы аталгандыр.

Байымбет бушайманга батып, санаасы уйгу-туйгу удургуй «жетим кекчил» дегендей эмне кеп угат, кандай кагуу жейт — күткөнү күмөндөр.

Эртеси Айылчы аны жалгыздата жанына чакырды:

— Карагым, «тулпар жүгүн оордобойт, тууган сөөгүн кордобойт». Эзелтен бери ушундай макал бар. Бейиш болгон кайран Музооке ака, Куртка саягындагы Кайдулат туугандарымдын көзүрү эле. «Кылды тырмап мал тапкан, сөзү менен жан баккан» өнөрлүү жез таңдай эле. Шыбагасын азыноолак саа берип кеткендей. Ошо опол тоодой жөлөгүңөн айрылганда карайлап быякка, таякелерицке оонсуң. Таякелериң жармач тура. Энең менен бобөктөрүңдү эптеп батырып, сени мыктысы Чынынын үйүнө жумшап бериптир.

Узун сабак пасааттын аягы не менен бүтөөрүнө бүдөмүктогон Байымбет үн катпай дуулдаган кулагын деддейтти. Түркүн тагдырларды ойсураткан масилеттерге катышкан Айылчы жер сүзүп карайлаган жаштын ахыбалын ацдап, акылын чукул бурду:

— Биерден деле узакка жарыр эмессиң. «Кайда барсаң мамайдын көрү» дейт. Чүйгө, тынай элине ала кетейин, буга кандай дейсиң?

Капилет сунушка Байымбет аптыгып, көзүн бажырайтып тилин күрмөөрдө пейилин тарта аңдаган кыяр Айылчы быжыгыр сакалын экчеди:

— Карагым, озунун эсиңе салаарым... Сары өзөн Чүй бышыкчылык келет. Жарды-жалчы кыргыз байларынан ырайым таппаса... орустун, татардын, дунгандын көпөстөрүнө жалданып күн көрүп жатканы андан көп. Айла түгонсө, ошолордун катарындасың. Жаки, болбосо, идиректүү көрүнөсүң... Куртқадан куугунтук жеп... баш кал-

калап качып кеткен мен деле, о-у канча жыл өттү, жерсинип сиңишип калдым. Аякта мени кодулаган эч ким жок. Көзүңдөн сезип турам. Чыны баатырды созгө балкытып отуруп, акыры «жетимимди бер, ала кетейин» — деп колкого сени бошоттум.

Байымбет чогөлөй ийилип, колун бооруна кыса, кулдук уруп ысык жашты бетинен таңгылтты:

— Ыраазымын. Кетем, тууган арбагыңдан айланайын ажы аваке.

— Апаң, бөбөктөрүң кантээр экен?

— Кошо көчүрө кетели, ажы аваке...

Мына ошо бүтүмдүн шарапаты боюнча Айылчынын Чыныдан ондүргөн унааларына тутууларын жүктөп... энеси Коцур, эки жаш кичүү иниси, беш жаш кичүү карындашы, тигинип мылтык асынып, укурук өцөргөн ноокору менен көч алдыда. Өзү Айылчы ажыга жанаша ат жалында казан асышууда.

Алты айдан бери Чыны манаптын оту менен кирип, күлү менен чыгып дегендей, меймандыкка күндүр-түндүр ызаат, кызматын өтөгөндөн бөлөк, карыш жылып бастырбаган Байымбет капаздан кутулгандай көөдөнүн кере, тууган жытына семире түшкөндөй. Өңгөсүнөн бармактайынан улуу сөз, мукам күү, жомок, ыр менен оозанып торолгон немеге Айылчынын сөзмөрлүгү, кат тааныгандыгы жагып, чацкаганын кандырып чөккөн көөнүн элиртип баратпайбы.

* * *

Улан аны опол тоодой калка тута үйрүлгөнүн туйган Айылчы белге чыкканда айланып артына имерилгени өзүнүн мартабасынын анчалык эместигин өлчөп, болоор болбос сабыла да, канчы байлап топуктана да кыялга чырмалганы эле.

Кырк кыз кайыгып өлгөндө Кызарт аталып кеткен белди канча мертебе, кимдер менен ашпады. Айчыктуу Соң-Көл жайлоодон дуулдаган жигит кезинде антташкан ашык кызын тартып алган доолоттүүлөрдүн ыза кордугуна уугуп, айыгышкан байдын күлүк атын мине качып, ай жамына карбаластап өткөн. Кийин сөөлөттүү манаптардын тобунда шаан-шөкөт менен Кабактын Сары-Камышындагы дүңгүрөгөн ашка баратканда бу Кызартты баскан. Анан... Чүйгө кайра тартканда ушул эле Чыны

кашында саяктын санжыргалуу оёндору Атеке, Тынай мыктылары менен таяке-жээндиктерин сүрүштүрүп, а чыныңда, каада боюнча казганактай дүрдүгүп, мына ушу Кара-Кочкор багытында сарбагыштардын чегине дейре узатып, даамдашып кайтышканын да көргон.

А бүгүн өзү гана аласа малын алдыңкы сепейген жарды көчкө кошо айдатып, каргадай жетимдин коштоосунда сопоюп келатыр.

«Улукка улуу, кичинеге кичик мамиле» деген ушул. Ал кичине эмей эмине. Бар болгону манаптын обозгер нокеру. Манабынын аласасын өндүрүп, бересесин тындырып, боксосүн толтуруп, жогун бар кылып чапкылап жүрмой. Алибетте, өзүнө да оонол оокатына кымтымайы бар дечи. Кур дегендс Сооронбайдын өз тукумунан болгондо, Чыны баатыр эки, үч жигитин кошуп элинин чегине дейре жолго чыгарып коймок. Бир өзөн элдин башын мыкчыган Чыны абышка оңор куу эместир. Түбүбүз бир уруудан демиш этип, үйдөгү сыйын үлпөттүү көргөзгөн менен «Сооронбайдай улугуңа жасакерленип күн көрүп жүргөн эргулсүң. Жан кейибеген суроо-чопкутуңду аткардым. Ошого курсант бол» дегендей, үйүнөн коштошуп, эч бирөөн кошо аттантпады.

Айтса, айтпаса төгүнбү. «Эркелээриң болбосо, эмшеңдештен не пайда». Аздыр-көптүр кадыры өтүп, Сооронбайды аркалап, жаңжалсыз убада малын айдатып, бир түтүн тууганын көчүрүп баратканына Айылчы кайра ичинен бурала каниеттенди. Кызарттын жонунда атып тыныктырымыш этип тизгинин жыйып, калкагар тоолорго жүзүн бурду. Али жашаң түктүү текстирлерден леп-леп калкыган салкын керимсөлдөн таноосун дердейте, эринин жая, көөдөнүнөн ички бугун айдай таза абадан илеп тартты. «Кош, туулуп өскөн жергемдин жели. Чегиңден акыркы мертебе кетип баратып канганча искейин. Кайрылып көрөрүм күмөн». — Айылчы буулуккан зарын купуя күрмөп, капталында телмирген уланга сыр бербей ашуунун паркы бетин эңиштете атын теминди.

* * *

Иликтеп отурушун кечкисин көч, малы менен жол боюндагы Кара-Кочкордун Акучугуна Музоокенин кайындары, Дербиштин тукумдарына конушту. «Сөөктүн начары суу кечирет». Анын сыцары байманасы ташыган манап-

тарга жетпесе да короосунда малы, ороосунда даны бар, бардар немелер экен. Кой союп, кастарлап күтүштү. Улуу сөздү, өнөрдү барктаган шайыр эл көрүнөт. Музоокенин урук-жууратгары алардын арасында тынайдын Сооронбайынын билерман нөкөрү Айылчы ажы атайылап арзып токтогондо жамаатташ ырчы, комузчудан чакыртышты. Арийне, Музоокенин даңазасы өз жери Курткадагыдан да бияктагы Кочкор элинде күчтүүдөй.

Комуз чертип, ыр, макал-лакап мезилдеткен акылман ата деп эле жүрсө, атагы алыс кеткен арбагы тирүү ыйыгы турбайбы. Байымбет баба баркына маашырланып, басмырт кейпи заңкая түшкөндөй короздонду. Аны баамдаган Айылчы бөбөгүнө шыбыштады:

— «Колдо бар алтындын баркы жок». Сенин атаң жергесиндегилерге ошондой. «Эрдин даңкын алыстан ук». Эми карагым, кунт коюп тыңдап, көңүлүңө жатта. Аласа-бересебиз жок. Мындагы масилеттин уюгу атаң, анын өнөрү жаатында курулганы тур.

Айткандай, капкарасынан кулпурган тармал көлдөлөңдүү төрдө Айылчыны тегеректеген түпөк сакал карылар анын сөздү тутантканына куштар. Ал теке маңдайына акыры алчылана комдонуп, комузун шаңшытып, үнүн созууга дилгирлене кер мурутун чыйралткан шайырды кызытты. Бара-бара Айылчынын сүрөөсүнө коштой баарысы Музоокенин ушу Кочкордо эки мертебе катаал окуяга дуушарланып, өнөрдүн шааниси менен эптеп кутулганын мезелдешишүүдө. Байымбет тикирейип, кымындайынан жүрөгүн чымыратып көөнүнө жат, уккан сайын кумары ташып эриген, бирок, Музооке карынын көзү өткөндөн бери кусаланган «Муңдуу күүнүн» бу алыскы Кочкордо, жыл маалы эңсеткен булбул таңшыгандай кайрадан тирилип шаңшыганына кан тамырлары дирилдеп толкууда. Атасы «Муңдуу күүсүн» эки бөлүп боздотчу эле. Көрсө, жарыктык Кочкордогу эки жолку окуяны баяндап кураган тура. Тиги чагарак мурутчан комузчунун өңүн карабай, күүсүн тыңдаса, куду атасы сайратып жаткандай. Жарыктыктын өнөрү, канаттуу куштан да алыс калкып учкан экен ээ. Атасынын күүлөрүн өзүндөй кубултган шакирттеринин ичинен Курткада Бердике деген тыгырчагынан келген жаш комузчуга гана ышкысы түшчү. Бу алыскы Кочкордогу чагарак мурут комузчу тири шумдук го. «Муңдуу күү»... адыр-тоолорду, аскар зоолорду ашып, дарыя, колдорду кечип, бадал токойлордон калкып, жел менен жорго, жерден жерге, элден элге

Китепканасы
№ — 3543

жетип, обон-күүчү, зергердин зергеринин мээсинде түйүлүп, бармагында эриш, калайыктын сезимин ойготоор керемет зоокко небак айланыптыр да. Арийне, Музоокенин зээнди кейитип, адамгерчиликке, арачалоого чакырган «Муңдуу күүсүнүн» жаралышына Кочкор себепкер тура. Күү бекерден чыгарылбаптыр. Анын укандын сай соогүн сыздатып, жүлүнүн сызгырганчалык азаптуу санжырасы бар экен. Байымбет кезегинде бабасынын оз оозунан так укпаганына өзөгү өрттөнсө да, мына азыр жер которуп, элден ооп баратканда эшитип алганына каниеттенүүдө. Боздогон күү, аны коштогон коңур добуштуу ыр, кошумча баяндамалар Байымбеттин оюна акыреттик күлазыктай мына буларды уютту.

...Музоокенин атасы Жаманкара Кочкордун Акучугун мекендеген Өтө уруусунан Дербиштин кызы Кишикени уулуна кудалашат. Музооке эр жетип, комузчу атакка конгондо, өзүнөн кичүү, бой тарткан колуктусун көрүп жактырат. Соңку жылдарда каада-салтты чуктап күйөөлөп түшсө, Кишикени шаани менен жөнөтөбүз деген убаданы кайын-жеңелеринен угуп тамылжыйт. Бычкан калыңды толук өткөрө элек атасы Жаманкара келерки жазда дүйнөдөн кайтат. Атасын коюу ырасмысында колдо бар мал-оокатын аябай сарптап, тукулжураган жетим комузчу Музооке калыңды бере албай же күйөөлөп келе албай «Казбайыр» күүсүн чыгарып, ага муңкана бул ырларды кошо чертет:

Аркардын мойнун ок кесет
Азамат мойнун жок кесет.
Аркарды кууса жетпеген
Аргымак аттын токтугу.
Айдап калың бералбай,
Азаптуу малдын жоктугу.

Ал муңдуу кайрык ыр обону менен элге тарайт. А түгүл Кишике бийкечке дейре жетип, өнөрлүү азаматка ашыглыгы ого бетер артат. Бирок, калыңдын кемин толтурмайын бербейм деген атасынын айбатынан каадалуу кыз чыкмак кайда. Бийкеч ашыгын саргарып күтөөрүн жеңе-желпилери аркылуу Музоокеге өткөн-кеткенден дувай-салам айттырат. Капаздагы кептердей катмар тоолордун ары жагындагы ашык жарынын жалдырап күткөнү Музоокенин ого бетер кусасын ташытат. Ал алмузактагы бири бирине жетпеген алыстан ар кими ашыгынын атын күнү бүгүнкүгө дейре муңкана чакырып канаттуу

макулукка айланган даңазага байланыштырып «Күкүк-Зейнеп» деген күү толгойт.

Аргасы түгөнгөн Музооке күйүтүн комуз күүсүнө чалып калайык журтту кыдырат. Анын ченсиз өнөрпоздугу жаатындагы аңыз алыска тарайт. Чүйдөгү солтонун билерман аксакалы Бошкой манап Музоокени Соң-Көлдөн чакыртат. Музооке жолдон Кочкорду басып, күйөөлөп бара элек кайын атасы Дербиштикине түнөөдөн айбыгып, жамаатташ айылга токтоп, эптеп Кишикесине жолугат. Ага кайрылып, калың камдап келээринен кабар берип, жөнөйт. Не дүйүм жемиши шакта ийилип, эгини калаган чийдей ыргалып дан жыттанган Чүйгө пейили тое эргип «Сары өзөн» күүсүн чыгарат. Ай тамгалуу солто эли анын өнөрүнүн сыйкырына ыракаттанышып, айылдан айылга тизгиндешип, шыктуулар жанына шынаарлашып көпкө жиберишпейт. Акыркы жыйырма жети жылкы олжо буйласы менен... Кары бою киш калпак, машүрөөдөн көйнөк, дамбал, багалектин учуна балпайта кундуз кармаган, эки жоон сандан кашатка дейре каргымалап саймалаган, кырк муундуу бапик ычкыр тагып, үлпүлдөтө ийленген текенин терисинен сары жаргак шым, тогуз топчулуктуу кара кашка кыпча кемсел кийгизип узатышат. Шамшынын белин ашырып, Кочкорго эңкейтип кайтууга эки киши кошуп беришет.

Мырзадай жасанган Музооке сулуу Кишике жол карап тургандай Шамшынын жонунан узаткан солтолорго коштошот да жыйырма жети жылкыны дабыратып айдаган бойдон калыңга берип, колуктусун алып жөнөөгө делөөрүйт. Сарала саздын бузулган сайына түшкөндө Сарбагыштагы жезекчи менен кайгуулар жолугат. Бу карбаластаган жылкы тийип келаткан ууру экен деп алардын эр жүрөк, таш тилек шайдоот башчысы Стам жалгыз немени айбалта менен башын каңгыта торойто чабат. Жыйырма жети кыл куйрукту, артынган куржун кечесин тоноп... чала өлүк сундуйган немени жезекчи эркектер боз үйдөгү чий боорсок жасаган катындарга ташташат:

— Сурар-күбөсүз уурунун баш сөөгүнүн тыйындай жери оё чабылды. Былкылдак кабы көрүнгөн мээсине кайнаган майыңардан тамчылатып, дароо күм-жам кылгыла,— деп табышташат.

Чоң казанда чырылдап сызгырылган майга шиштерин салып:— Сен сай, мен сай, майды тиги тамчылатсын, бул тамчылатсын,— дешип боорсок, көөкөр, майтокоч бышы-

рышып коломтону тегеректеген катындар көпкө кужулдашат. Бир оокумда ирегеде суналган Музооке элдирселдир эсине келип, үзүктүн боорунда тегиричке кыстарылган комузун көргөзүп жаңдайт. Кантсе да карабашыл адамды кыйнап өлтүрүүгө даабай бирин бири тукурушуп кыжылдашкан ургаачылардын улуусу кары кемпир комузун алдырып берет.

Ошондо эс мас жарадар Музооке кылды күйүттүү күкүктөй таңшытып, күңгүрөнүп овон коштот:

Чий боорсок сайган
Шишинден корком.
Чын калыс кылбас
Кишинден корком.
Тээтиги жеңе
Сүрүндөн корком.
Күнөөсүз мени өлтүрчү
Күлпөттүү жеңе, түрүндөн корком...

Кайра-кайра сай сөөктү сыздата комузду боздотконду аялдардын шиш кармаган колдору шалдайып, айрымдары көзүнөн чолок жаш сыгылтат. Баарын бийлеген алиги кемпир элечегинин салакоймосунун учунан айра тартып, бир чеңгел кууну өрттөп, колго түшкөн өнөрлүү шордуунун оюлган башына басат. Эсин жыйганда таңзаарынан комузун берип кетирип иет. Жарадар кургур илкип, уят сыйытын коюп кайып атасы Дербиштикине жетет. Болгон чындыгын баяндап комузун сайратат. Кабар солтонун Бошкоюна угулат. Ал сарбагыш манаптарына таарыныч кат жаздырып доочу жиберет. Сарбагыштын улуктары жыйырма жети жылкыны Дербиштикине айдатып жеткизишет. Дербиш акыры күйөө баласынын өнөр өрнөгүнө ыраазылыгы артып шаан-шөкөт менен кызы Кишикени кошо атказып, Курткага дейре узатуучуларын кошуп жиберет...

Байымбет бабасынын жаштайында жетимдик түйшүгүн өзү тартып, күсөп жүрүп жеткен махаббатына шердепди.

Кечээ жакында мүңкүрөп арып калган кезинде, Музооке балдарына, неберелерине «бирөөгө ишенбе, ишиңе ишен» деп кайталап эскертээр эле. Байкаса, башынан өткөн чындыктан чыккан чулу сөз тура. Башка урпактарына караганда акылын муюп тыңдаган Байымбетке бөтөнчө зээр салып, жубанган карган атанын «Муңдуу күүсүнүн» экинчи курамасы дагы эзелки жылаңач пайгамбар

аталган «Шаамашүрүп» төөлөрүн[1] кайтарып кыштаган Кара-Кочкордон кайнаптыр.

...Кишике менен аземдүү доорон сүрүп, бала-чака күтүп... тыңдаган пендени толкута кыл термеген, маанисине келтирип үн шаңшыткан кыбаачылдыгы дубанга угулуп, толукшуган маалында опузалуу зор Ормон чоро саягынан чакырттырып, өзүнүн чоң Сарбагыш атаган аймагында эрмек зоок болуп жүрүүгө буюрат. Музооке шаңшып ырдап, мукам күүлөрүн чертип, күсөгөн элдин моокун кандырып жүрсө... Күндөрдүн биринде Кочкордо дагы көп аштын бири берилет. Ушу чөлкөмдөгү сарбагыштардан эки манап «Мен ээрчитем» дешип Музоокени талашат. Биринен бири сөөлөттүүлүгүн көкөлөтүп кыяпат айтышат. «Тонту толкуткан Музоокедей шайыр мага жарашат, сага жарашпайт» деп олунушат.

Манаптарды жүйөөлөштүрүп тыюуга ошо тойдо опузалуу Ормон катышпагандыктан башка эч ким даабайт. Акыры эрегиш күчөп, басташкан эки манап, аларга болушкан кол куралып чабыша кетишет. Аштын ыркы бузулуп, оюн-зоок, казы чайнап, картаны кыя кесип, кеңкесири чардоочуларга тоскоол болот. Ошондо берекесин чачып, атпай журтка даңазалануусу көксөгөн аштын ээси, ардынганынан алапайын таппай Музоокеге ызырынат.

— Сен болбогондо тайталаш чыкпайт эле. Наабаттуу мыктыларды тайталашка түшүрүп чабыштырдың. Аштоюма калба салдың. Кызыталак, баары сенин саатың!

Өзү баштап, ыза-кордукка буулуккан туушкандарына Музоокени олөсөлүү сабатат.

— Патчагар-р, тилиң менен кылыңды жан укпасын!— деп аш ээси сөөлөттүү бай элден окчун жесир кемпирдин үйүнө сүйрөтүп, бутуна кишен салдырат.

Токонаалат тепкиден уккан чала жан Музооке солуп жатат. О качан акыл учун жыйганда, кимге даттанаарын билбей ыдык тарткан кинени өзүнө коюп муңкана сөз, күүсүн аралаштыра букулдайт:

Кең Кочкорду жердеген
Сарбагыш аттуу эл экен.
Жанагы мени талашып,
Сабашкан экөө эр экен,
Ээсиз келип ашка ырдап,
Менин токмок жешим эп экен.

---

[1] Шаамашүрүп — элде жылаңач пайгамбар Шаа Машүрүп үшүбөсүн деп Кочкорду кар токтобос кылып койгон деген аңыз бар.

Таяк жеп барсам айылым
Мени эмне дээр экен?
О, мен кайдан келдим саяктан,
О, мен кутулбадым таяктан.
О, олжо издеп келип Кочкордон,
О, өлөмүнбү чочмордон.

Ырп этээр дармансыз жатса да, оозу эмдүү, тили жүгүрүк, колу сыйкырлуу, буту кишенделүү пенденин зары, күйүттүү тул кемпирди жашытат. Уңгулуу сөзгө уюган кемпирге Музооке жалбарат:

— Байбиче, чымындай жанымды ажалыбы, азабыбы балээден куткарыңыз.

Кемпирдин боору толгонуп, ырайым этип ырчыны бошоткон экен.

Бат эле Музоокенин баштагы «Муңдуу күүсүнүн» уламасы ушинтип жумурай журтка маалымдалыптыр.

Байымбет чоң таякелерине жолдон өксүп, эки күн удаа өргүгөндө уламадан Музооке бабасынын күлпөттүү өнөрүнүн шарапатына байланыштуу кенчке тунуп, бешенеси жаркыды.

Кочкордон Чүйдү карай эки анжы жол бар. Бири — мындан беш алты жыл мурда казак орустун аскерлери чапкан, Карагоону аралап, топурак бел, шыбак бел, Көтмалды, Ысык-Көлдү өөнөп, боом капчыгайын өрдөчү араба жүрөрлүк кара жол. Ага түшүшсө, толгонуп отуруп сапарды узартып ийишет. Экинчиси — абалтан катташ үзүлбөгөн маңдайдагы олчойгон кош катар тоолорду кадуулап ашып, наркы бетиндеги дал Токмоктун үстүнөн түшүүчү көлүктүн төтө чыйыры. Унаачандар дал ошо тар бел, тайкы жол болсо да чукулуна салышты. Айылчы көчтү жигитине тескетип таңзаарынан дагы алдыга узатты. Байымбет экөө жайлана баарлашып эт бышым кечирээк аттанышты.

Шамшынын бели таманында шылдырап суу моюкүгөн таштак капчыгайдан башталып... Өрдөгөн сайын карагат, ит мурун, сары жыгач, шилби, бадалдар, жапалак арча, мажирөө тал, майышкан кайың, а түгүл жапыс карагайлар тиктешкен зооканын тигил же бул кычыктарынан сербейип жолоочунун көз жоосун тартууда. Жашынган кайберен, илбээсиндерге сак болгула дегенсип ала канат сагызган учуп, коно шакылдаса, ободо тарп издеген жорулар жайбаракат, калдая сызып, канаттары капкара кулпурган кузгундар качандыр өлгөн мал сөөктөрүн мүлжүп курк эте жол боюнда үймөлөктөшүүдө. Капчыгайдын

аркы бетинен калдырт-күлдүрт таштар кулоодо. Кебетеси, зоокадан кийик чубап өтүүдө. Байымбетке жаратылыштын мындай жандуу келбети тааныш. Эс тартканы жазгысын Курткадан Соң-Көлдү карай такай көчүшчү. Чаттан өткөндөгү дүңгүрөгөн карагай чер, таштак чыйыр, зооканы жаңыртып күрпүлдөгөн Куртка дарыясынын башаты. Төтөн Соң-Көлдүн дал өзүнө чыгарчу Молдонун ашуусундагы кулач жеткис, асман мелжиген бай карагай, кыпкызыл чокмороктоп шагы ийилген четин, дүрдүйгөн арча, шоодураган кайың карегине элестелип, аздыр-көптүр өз жерине окшоштук анын Шамшыда баратканын да унуткартууда. Түркүн айбанат менен өсүмдүктөр дүйнөсүнүн жанайы күүлдөшү, не ажайып аңкыган серүүн ава жолоочу уландын делебесин козутууда. Атаганат, кудурети гана жетпейт, жаки, болбосо, ушул сырлуу чөлкомдүн коркүн келиштире ырдаса ээ!..

Койдой, уйдай сал таштардын арасынан сыгылтып, анан калса, туурасынан бөгөй чирип жыгылган карагайлардан аттата, бирден буйтата чубаган чыйырдан суурулуп... кош сызык тапталган кеңирээк өр жолго таянганда, тимеле түздөгүдөй лыпылдаган чабдар жоргочон Айылчыга соңундагы Байымбет темине жанашты.

— Иэ, карагым, жолдун жаманынан өттүк. Илгери Музооке атаңды торойто чаап жылкыларын тоноочу Сарала-Саздын бузулган сайы ушул. Эми өндүр кеңейип, буйгуттар көбойөт. — Айылчы такалаган чабдарынын оттук ташты чакмактаган туягынан кыпындар жарк-журк чагылган күчүн байкамаксан, солдогу зоока түпкүрүндөгү карацгылана аңырайган үңкүрдү карай элик сап камчысын серити:

— Бирди-жарымды каректоочу шумпайлар тиги үңкүрдө эми деле акмалап тургандыр. Чочуба, тынайдын манаптарынын биздей көзүрлөрүн кийиминен, атынан, анан калса, басмайылдагы жагалмай тамгабыздан тааныйт. Тиймек тургай, көзгө көрүнчү болсо, буйругубузду аткарат. Эми, бөбөгүм, туу жонго көтөрүлгөнчө аттарды кыйнабай, кең өндүрдө жанаша жай бастыралы. Жол кыскарталы. Тынайдын мылтыкчан жигити коштогон астыдагы көч артта ээлери келатканын маалымдап өттү дей бер. Каракчылар караган чер, үңкүрлөрдө бугун, акыйын кала беришет. Топ жылкы менен көчүбүз чектешкен белге жетип тыпыгышат, бизди күтөт. Камырабай баргапыбыз жон. Эмнеден кеп урун берейин? — Дөөлоттүү чоңдорго табакташ, сөзмөр Айылчы ай талаада тең ата

тутуп эмнеден баян курууну кеңешкенде жаңы тууган иничеги апкаарып кызара түштү. Ажынын билбегени барбы? Эмненин баянын сураса... Атаке, Тынайлардын санжырасын аралашканда угаар. Чоочун элге өз уругундагы өткөн-кеткенди азыркыдай чала чарпы эмес, талтөөндөй так тиле барганы дурус. Ырас эле...

Байымбеттин көз алдына эли, жери элестелди... Өркөчтөгөн Нарын дарыясына Молдо, Көлмө тоолорунан куралып туптунук атырылган Куртка суусунун куйган булуңунда, Кокондуктардын ураган чебинин жанында, Тайлак баатырдын бышырган кыштан кынаптаган зор күмбөзүнүн түшүнда, илбээсиндүү токой чердин жакасында өскөн айлы... Ошол Куртка аталган эгинге да, малга да жайлуу аймактан Соң-Көлдү, Жумгалды, Кочкорду басып, мынабу Шампыны ага дейре ашкан ардактуу жерлештерин, Музооке менен Акмөөрдү эскерди. Музооке бабасынын жайын кайындарынан жүүн-мууну дирилдегенче укту. Эми аны пириндей суулуктаган акылмандын өзүнүн ыкласы түшкөндө ички күдөрүн чыгарды:

— Ажы ава, Акмөөр эжени хан Жантай...— кичине мукактанып «ушул жол менен алып өткөндүр» дегенди күрмөп,— кандайынча алып калган, ушуну толук билсем дейм...

Айылчы түктүү эринин кымтый, катарындагы атчанды жалт карады. «Сен оңор уул көрүнбөйсүң. Берген соболун кара, уламага ышкылуу түгөтүм. Өз урук-жууратыңдын санжырасын жакшы билсең, өзгөнүкүн да үзүлүп түшүп үйрөнөрсүң».

— Болжолу, карагым, биздин Акмөөр бийкеч менен сарбагыштын чоң манабы Жантайдын окуясы...— бирпаска ойлонуңку кылыйды,— тек, анчейин илгерки эмес. Кана, азыр эстейинчи. — Акмөөрдүн Жантайдан Муңайтпас деген уулу бар. Жантай туура жетимиш үчүндө олдү. Андан бери беш жыл өттү. Акмөөр менен он эки жылча жашады. Болжолу, ошондо он жети жыл... Сен, карагым, бирге каран калгансың. Биздин чоронун чоң манабы Келдибек дегенди билесиңби?

Айылчы иничегин созгө аралаштырып, бетин ачууга ниеттенди.

— Уккам. Азыркы оёндорубуз Нурак, Мусакожо, Султангазы, Аалы, Калпалардын атасы. — Байымбет дагы тыкчыңдап, толук кабардарлыгын бышыктады.

— Адыл байдычы?

— Коргөм. Элдир-селдир эсимде. Ат көтөргүс, чаты-

рап ынтыккан карыяны атам Акмөөрдүп атасы деген. Адылдын кичи уулу Кыдырша менден аз эле улуу.

Баамдагыч балага көз таразасы толгонсуп, Айылчы сакалын учкай ууштай болкойду:

— Немес-се, ыкласың түшүп сурадың. Чолуп-чолуп ток этер аныгынан баяндайын. Куттанып көңүлүңө токуп каларсың. Адыл жайкысын Соң-Көл, кышы Бооралбас, Туюк-Булуңга ыңкыган төрт түлүгүн көзөмөлдөп, букаралар күткөн бай. Аны жанаша кондуруп, союш, бересе-аласасын ошондон туйтунуп Келдибек бийлейт. Адыл байдын кызы Акмөөр мүчөсү да, дидары да, акылы да эришкен чүрөктөй бой тартканда Ыман, Чоронун даңазалуу манабы Келдибек кызым деп эркелетип, озунчо өргөө көтөртүп, кыз, келиндерден нөкөр жумшатып... кааласа, шапар тептирип, селкипчек курдуруп, кааласа, сайма, оймо, уз чеберчилигине көндүрүп, кааласа, кыз оюн, ыр, күү шаңдантып, кааласа, чатыраш, тогуз коргоол ойнотуп, эркин өсүүсүнө шарт түздүрөт.

Жаш эрке, эстүү сулуунун атагы алайга кетип, оң-сол мыктыларынан Келдибектердикине каттагандардын далайларынын шилекейлери куюлуп, уулдарына куда түшүүгө дилгирленишет.

Ысык-Көлдүн тескейиндеги бугу уруусунан Салмаке Карач уулуна сыртынан кудалашып, Келдибек менен Адылга убада шерттешип, азыноолок калың да откөзөт. Ошо кезде колдон суурулган шылуун, ырчы, чооручу, Адылдын жээни Болот деген жигит таякесинин жылкычыларына баш көз болуп, кичине таежеси Мөөргө ыр, жомок айтып, кыз оюндарынын көркүн ачып сырдаш өсөт. Бара-бара экөөнүн ашыктык сезимдери тутанып, баш кошууга ниеттенишет. Акылы жетик, чырайы пендеде жок Акмөөр бийкечтин кабарын эшитип, Кеминдеги Жантай хан ээлигип, күсөп, алыс сапарга чыгат. Чу дегенде Жумгал саяктарынын билермандарына токтойт. Жантай саяктарга жээндигин доомат кылып, таякелерине эркелөөгө келгенин салыктап, Кулжыгачтан Кангелдини, Курманкожодон Түлөкөнү ээрчитип, чоронун Келдибегиникине, керилген Соң-Көл жайлоосуна жөнөйт. Жайдын толугу. Күн чымырап ысып, жайлоо мемирейт. Сонун Көлдүн мөлтүр суусуна а кезде маңыроо ак кууларга аралаш он жети менен он сегиз ортосунда толукшуган перидей эркек мүнөз эрке Моор нөкөр кыздар менен серүүндөп, чумуп ойногон учурунда үстүнөн чыгышат. Арзыган Жантай созмор Карбоз обозгери аркылуу сөз тийиштирсе,

акыл кара чач бийкеч шаанилүү өскөн кыз манаптарга так катыра таалимдүү жооп кайтарат. Жантайдын көксөгөнү чын чыгып, албай тынбоону ого бетер самайт. Эч доосуз, өзөктөш Жумгал саягынан эки уруусунун кадырман карыларын коштотуп... орустарга ордолош, казактарга канатташ, өзбектерге өнөктөш, сары өзөн Чүйдүн башы Кеминди туракгап хан аталган Жантайдын калдайып өзү жүгүнбөсө да ийилгенге тете жакшы тилек менен келишин Келдибек баатыр куштап күтүп, зоболосу көтөрүлөт. Даңктуу, сый конок катары эч нерседен шек шооратсыз беш күн өргүйт. Алтынчы күн дегенде Жантай хан башы менен кадыр-баркын салып, ал мыктыларын ээрчитип, кур кол, кандуу кылыч эмес, тартуусун ыйгарып Келдибекти жалгыздата адамгерчилик жүйөөсүн мезилдетет.

— «Ат карыса балбан, эр карыса дардаң». Баатыр, чоң тагам, улгайганда көөнүмдү жубатып өмүр лаззатына батууга ханга гана ылайык перидей кулпунтуп, эрке өстүргөн акылы ургачыдан артык Акмөөр кызынды алыстан ат арытып самап келдим. Кадырлаар деп карыганда, баатыр, сурап келдим бир жумуш. Пейилиңди чечсең, уятка калбай кайткандай болсом...— дегенде «Карганын көзүн карга чокубайт» эмеспи, Келдибек ичинен кымылдап... сыртынан сүйө салдыра... Акмөөрдүн акылын, адамгерчилигин, сыпаалыгын, колунан көөрү төгүлгөн уздугун, окус уул болгондо ааламды бийлээр азамат чыкмагын... анын артыкча жаралганын туюп, каалаганындай эркин, кастарлуу өсүүгө шаан-шөкөттүн телегейин тегиз курдурганын, а кызы үмүтүн актап, айылдын чырагындай коркүн чыгарып өскөнүн, эриген коргошундай соз каймагын көлкүлдөтө сыпаттады. Ушу бүгүнкүгө дейре кулак угуп, көз көргөн кыргыздын оң, солунан буудандын тезегин кургатпай кимдерден гана жуучу түшпөгөнүн, кудай акы жалгыз гана бугунун Салмаке Карачына тил эмизип баталашканы, болор-болбос калың өткөнү, аны да коңүлүнө «эчтеке түшө элек» эрке кызы билбесин жоруптап...

— Жантай баатыр, улуу башыңды кичик кылып жеке мен эмес, жалпы саяктын тоодой кадырмандары Кангелди менен Түлөкө таякелериңди бетиңе карматп... тайынып келсең мен чанмак белем. Биз да чоң уруу, чоң журтпуз. Баары каада, ыйбаа боюнча жүрсүн. Мынча арзыган соң, биздин ыдыкка, хан Жантай, чыдап кой. Бугу Салмаке Карачтан башын ачалы. Чатактын баары кыз менен жер талаштан чыгаарын өзүң жакшы билесиң. Ал-

ганыбызды кайрып менден бир, сенден бир ажаатка жарачу элчи аткаралы бугуларга.

— Лаппай, чоң тага, бу маслетиңизге макулмун,— көк ала чалган, сыйда таралуу сакалын жайкалта алтын жака чепкен, кемер курун жаркылдата кеп коштоду Жантай.

Ошондо алагар көзү чүңүрөйүп, жазы жаагынын эттери салбыруун тартса да, күүдөн тайый элек, акылы ордунда алп мүчөлүү сүрдүү Келдибек текеберсиз наабаттуу жүйөөгө көнгөн Жантайга экинчи шартын койду:

— Эми, хан жээн, Акмөөрүмдү гүлгүнүндө капилеттен өчүрбөй бөпөлөп кондуруп кеткениң оң... Аны сырт бүтүм кылып зордоп аткарып көңүлүн калтырбайлы. Ар дубанды оодарган атагыңды эстүү жан бара-бара түшүнөт, кастарлайт. Куштай назик таранган кызымды чочутпай аз-аздап жеңе-желпи, ата-эне, кадырман кары, жумурай журтубуз менен ыкка көндүрөлү. Аңгыча, бардар ата-бабабыздын салтын кууп, хандык кааданы сактап толгон күн той берели, анын ичинде көп күндүк кыз оюн өтсүн. Алды кийинкиге даңазаң арткандай санжыргалуу шаан-шөкөт менен узаталы.

Жантай ары ойлонуп, бери толгонду. «Айтса-айтпаса, төгүнбү. Саяк оң-солго бүт чачыраган түптүү журт. Уюткусу ушерде. Нарын, Жумгал саягынын улукмандары баш кошуп, уңгулуу насааттан козгоп, чүрөктөй кызын арзып келген мага шаани менен аткаралы дегени жүйөөлүү го. Телмиртип ала качкыдай мен тентек жаш болбосом, Акмоорум тексиз жерден болбосо. Ашыксам, Акмөөрүмдүн дилине, өзүмдүн мартабама да зак кетээр. Бүгүнкү ордолуу журтка, эртеңки укум-тукумга Жантай хан менен асылзаада Акмөөрдүн шаанилүү баш кошуу үлпөтү даңазага айлансын дегени ырас го». Акыры, Жантай Келдибектин дегенине көндү. Келдибектин калдайган айлы шибөри, гүлү буралган жаңы журтка көчтү. Жантай Ат-Башыдагы, Куланак, Нарын жээгиндеги Эсенгул сарбагыштарына, Кочкор тараптагы жар-жамаатына нөкөрлөрүн атказды. Келдибек сарбагыштын Жантайына кыз берип даңазасын арттырууга он эки канат ак өргөөлөрдү окчун тиктирип, береке-марттыкты аябады. Акзоо, Көкзоодогу кулжа, текеге ууга чыгышып... көзгө атар мергендерге карагай черден бугу, аюу аттырып... сенин бабаң Музоокени, манасчы Тыныбекти алдырып саяктын мыктылары Жантайдын көңүлүн карктантат.

Акмоор озунчо покорлоруү менен шапарын тээп, айлуу

түндө селкинчек, ак чолмок куруп... бу дүмөктөн кабарсыз, жылкыдагы Болотун алдырып аны менен сырдашат. Күндүзү өргөөсүндө упай, чатыраш жайдырып, Акмөөр картымак ханга жолобой, жооп бербей, азоо тайдай туйлап жатты. Жантайдын кошумчага чаптырган жигиттери өйүз-бүйүз ашуулардан жер союлта баш-аягы алты жүз кой, тогуздаган бодону айдап киргизишсе, Кашкарга жөнөткөн азаматтары кербенчилеп төөлөргө килем-килче, идиш-аяк, шайы-шалпар, набат, өрүк, мейиз жүктөп Келдибектин, Адылдын айылын марытышты.

Көл тескейиндеги бугуга жөнөткөн эки жактын элчилери кечигип, бирок, оозго алгылыктуу кабар алып кайтышты. Бугу деген уюктуу калк. Элчилерге дароо жооп кайтарбады. Алыс-жакындагы мыктыларын чогултуп масилет курушту. Убада шерттен тайын куулаган саяктарга чабуул жасап, мөрөйдү үстөмдөтүүнү каалап кээси чамынышты. Эстүүлөрү, кой, баягындагы катуу чабуулда Балбай баатырыбыз колго түшкөнү жетет. Бир кызалак үчүн кан төгүшүп, канатташ саяктарга кайра казабат баштабайлы дешти. Ары калчашып, бери калчашып... акыры акыл токтотушту.

— Саяктарда не жазык. Кеп сарбагыштын дөөгүрсүгөн чоң манабы Жантайда го. Ал жердин жети түбүнөн жээлигин жетип, опуза бийлигин жүргүзбосо да амал ойлоп кадыр-баркын сатып догурунуп жатса... Келдибектин быякка Жантайдын нөкөрүн кошуп элчи жибергени адам наразаттуулугу. Жайыт, конуштун жайынан сарбагыш менен бугунун жаңжалы, чабуулу жылдан жылга ырбап отуруп-кечээ жакында Ормон ханын өлтүрдүк. Эми саяктын бир ургаачысы үчүн дагы кагыш чыгарганды коёлу. Аны Жантай алып тыпсын,— деп Салмаке Карач «макулдугун» берет. Бугунун уруксатын укканга Жантай да, Келдибек да жайланат.

Эмки маселе жалгыз Акмөөрдүн ыкыласында гана калат. Күндө далай мертебе Кочкор, Жумгал, Нарын аймагындагы саяк, сарбагыш манаптарынын курчоосунда той, тамашада чардаган Жантай ханга пейилин буруусун өтүнүп Акмөөргө мен кайынмын дегендин баары бал сөздөрүн тамызат. Баарына баш тартып, кээде сустайып, кээде зар какшап боздоп, кээде кыз оюндарында шарактаган бийкеч жадырап караманча ататпайт. Ага карабай сырткы, ички өргөөлөрдө мен узмун деген аял заты, зэр, күмүш чапкан зергерлер чогулуп, тасмиясы бийик учкан Акмөөргө сеп камдоодо.

Акмөөрдүн өргөөсүнө жеңкетайды март чачып, жеңелерин атыр, упа, самандардын жыпарына буруксутуп, шалпар көйнөк, шайы жоолуктарга кулпунтуп, ичи койнуна соорулап кирген, кыз оюндарда кыйгай аралаган Жантайдын шум жигити Карбоз, Адыл байдын жылкычыларынын башы Болоттун кызга ынак, жоолук ташташып, а түгүл айкалышканын көрүп күндөрдүн биринде ханына ирээнжигендей шыбыштайт.

Кыйды Жантай бу саам али никелеше элек «колуктусунун» «ээнбаштыгына» каарланмак турмак, кайра жайдаңдап нөкөрүн сөзгө сындырат:

— Оф, жолуң болгур дес-се... Жалгыз аттуу жылкычы уланды ошончолук кастарлаган Акмөөрүм ханыңдын кадырына аябай жетпейби. Шүк кой, а сокур чогуу өскөн жээни дейт. Эрке сулуу эркелеп алсын.

Далай күн бүт аймак тиш каккан хан менен жаш сулуунун тоюна туйтунуп, жаштары оюн-зоокко бекер тунуппу. Аны баамдап жалпы мыктылардын кысымына жибиген, пейилине багынган ата-энеси, эң соңунда өз кызынан артык парвана болуп, бапестеп, сымбатына, акылына маашырланган чоң ата аталган Келдибек өзү сакалын сүйрөп кадырын салып: — Хан Жантайга атпай журт кыргыздан жаккан жалгыз сен болсоң кантебиз. Хан башы менен биздин бардык оболубузга көндү. Хандын кызынан артык сөөлөттүн баарын жасады. Өйүз-бүйүз саяк, сарбагыш манаптарынын баары кошоматын көргөзүп тегерегинде. Элди, мени сыйла, кыйнаба, балам,— деп сабылганда жароокер бийкеч, көз жашын сымаптатып, үнсүз башын эңилткен.

Эр жүрөк, эркe Мөөр, шаан-шөкөт менен канча жеңежелпи, жигиттин коштоосунда, Жантайдын жандоосунда, дал өзүндөй жер сулуусу Соң-Көлүн кылаалай жөнөгөндө баарыга угуза тайманбай келишкен шыңгыр доош таштап кошок созот. Акмөөрдүн анысына карт Жантай ичинен шагы сынчудай кооптонуп, бирок, кыздын ачык, тартынбас эрдигине ыраазы болуп, сыртынан карпаңдап кубанып угат. Казганактап узаткан кары жаш чымырап тыңдап, көбү жаттап калган. А ойлой келсем, Акмөөр дагы ак таңдай акынбы дейм.

— Ажы ава, Мөөрдүн ырынан мен азыноолак жөмөйүнбү? — Баятан дым чыгарбай момураган иничегинин бул деми ансыз да жергесиндеги окуяны жаңырта маектегенине жүрөгү балкыган Айылчыны ого бетер чалкытып ийди.

— Ия! Ырдай кой, карагым.

Байымбет чү дегенде сүрдөгөнсүп үнү буулуга, анан, жыбылжыган жумшак авазын созуп, элге белгилүү «Ак Мөөрдүн» обонуна салып, көмөкөйүн таңшытты. Аскалуу капчыгай коштоп, дегеле алда немедей жаңырып, Айылчынын да черин козгоду бейм.

— Бали, дагы карагым! — дей берди.

Ансайын Байымбет авасынан аянбоого көмөкөйүн безеди:

Соң-Көлдүн алды тал менен,
Соодагер өтөт мал менен.
Солкулдап ыйлап баратам,
Соолгон Жантай чал менен.

Коюңду жайдың колотко,
Кошподу кудай арман көп.
Коюндашым Болотко.
Жылкыңды жайдың колотко,
Жеткирбедиң арман көп,
Жыт алышкан Болотко.

Аштап ашыктуу жилик эт жесем,
Ашоом канбас ал менен,
Армандуу Болот кургурум
Алыста жаттың мал менен.
Арманда кетип баратам,
Аксакал Жантай чал менен.
...Көк шайдан көйнөгүм
Көкүрөктө бош эми.
Көз ачык кеттим чал менен,
Көргончө Болот кош эми.

Өспүрүмдүн өзгөчө мукам доошу Мөөрдүн баки жокко маалым арманын төл овону менен кандайдыр жаңырта тирилтип Айылчынын өчкөн бугун козгоду. Сыртынан момпоюп уяң тарткан инисинин «ачыла элек сандыкта бычыла элек кундуз бар» тариздүү улам ага жаңы сыры ачылууда. Ашта, тойдо чоң ырчылар таштоочу, мисалы, бабасы Музоокеникиндей бүркүт шаңшык бийик эмес, жибектей созулган солкулдак булбул таңшык авазы кичине топко, жаштар оюнуна тимеле куюлушкандай. Мүмкүн, баралына толгондо шаңшыган барчын дабышын да созоор. Ырчы апкелдим деп тынайлардын эч кимине айтпайт. Окус, учкул шумкар эмес, сасык канат үй кушундай талпаңдаса, бөйдө маскараланаар. Инисинин өзүнө да тил эмизбейт. Курулай жаш немени дегдетип, үмүткөр кылганда не пайда. Шүк гана Сооронбайдыкынан өксүбөгөн ырчы, нускоочу, комузчуларга кызмат өтөмүш эттирип

шынаарлатат. Дээринде болсо, аларды угуп, көрүп талпынаар. Ошондо канатынан чабыты канчалык серпилсе, байкашат. Укканын илип, жамактап жазганын Чыны манапка толук айтпаган менен өзү кана окуду. Оголе Дүр мырзанын, өзүнүн үйүндөгү татар, казак, өзбек калктарынын чагатайча жазууга түшүрүлгөн түркчө түшүнүктүү казалдарын чет-четинен колуна бердирип көрөт. Кызыкчылык дарамети күч болсо тырмышып окуйт, тартылат. Арийне, жаш чакта кимдин гана ырдагысы келбесин. Балким, көп ышкылуунун биридир.

Аяр Айылчы алды кийинин таразалап, медер тутуп озү байырлап баар тапкан бөтөн эл, бөлөк жерге ээрчитип бараткан сары ооз балапанды эч жанга сырын ачпай үндөккө бөлөлөп сынайт. Анан, чамасына жараша томогосун сыйраар...

* * *

Адамды алаксытпкан, убакытты тымызын урдаган, кубанычка да, муңга да батырган, буйласыз жетелеген ой, санаа го. Айылчы туу белге таянып, астындагы жаныбар тыныгууну эңсеп тык токтой окуранганда, ой туткунунан алыстай капшытындагы Байымбетке мулуйду:

— Карагым, эл, жериң калды алыста. Эми атаң да, жотоң да карманаарың — менмин. Менден мындан ары тартынба. Ичиңде кайнаган толкунуңдун баарын төк. Мына, жондун нары жагы сары өзөн Чүй. Дептердеги жазууңа караганда өзүң дагы жөмөлөйт өңдөнөсүң. Бир эки ооз таштай аласыңбы?

Байымбет атасынган адамдын кашкайган чындыкты, табына келтире илептүү сүйлөгөнүнө толкундап... Ансыз да кусалыгы козуп, купуя түрмөктөр түрткүлөп келаткан. Кат кабат тоолор далдаалаган Курткасын, Соң-Көлүн күдөрүнө элестетип, ыр себилтти:

Элкин, элкин, элкин тоо,
Элкин тоого мен чыксам,
Эл карааны көрүнбойт.
Эки семиз ат минсек,
Эркин шаңшып салт жүрсөк,
Жер карааны көрүнбөйт.
Элим кайда, жер кайда?
Бакыт кушун издеген
Байымбет бала бейпайда.
Лбам коштоп баратат,
Лман болсом таң атат,
Арман ырдан не пайда...

— Олдо кагылайын-ая! Үнүңдөн, мукам! Муратыңа жет. Кар болбо, карагым! — Айылчы талаа торгоюнун чулдурундай татына таңшыган иничегинин ырына жаны эрий көлкүй түшүп, ашыра мактоодон тартынды:

— Эми алтын күрөк аталган, бышыкчылыктуу көң Чүйгө эңкейебиз. Жаңы конушта кандай жүрүп, кимге байырлап, эмне иштешти үйрөтөм. Жетим-жесиримде кимдин жумушу бар. Чүй эли жаңы көздөрдү көп такыбайт. Биз тургай, ар уруу ичкериден, тышкарыдан сүрдүгүп, оокат издеп баш калкалаган, акырындап үй тирлиги тургун кыргыздардан өтө чапкан тили буруу орус, дунган, татар, молдован, какоол келгиндер жамаатташ... Аларга да аралашарсың. Замана адамзаттын ар кылын аралаштырып, жуурулуштуруп, өнөр, илимди жугуштуруп, улук, бийликти жөнгө салып баратыр. Чылкый уруу, уруу бөлүнө ээлеп, каалаганындай конуп, көчүп жүрчү кыргыз, казактын байгерчилик доору тарыгандан тарыган. Түзөңгө жыш калаа, кыштактар түшүүдө. Чүй маанаптарынын тапшырмасы менен Ташкен, Алматы, Омбуну беттеп... Аравияны аралап, абаңдын кыдырбаган жери жок. Алды кийинимди арытып, курган жанды жамандык жакшылыкка аралаш карытып келатам. Бараары менен мырзанын тонун кийип, ашын ичем деп ойлобо. Аста-секин чоочун элге аралашып, мен табыштаган жумушка каралашып... өнүгүп кетээрсиң...

Байымбет бул сапарда жерден жер, элден эл которуу гана эмес, Айылчы авасынан бухарлык молдодон беш жыл окуп, бүтпөгөн сабагын улап сезимин байытты.

Жаңы конуш

Жалгыз терезеси сыңар көз кишидей жылтыраган кепе сыяктуу жапыз тамдын үстүндө көтөрмө байланган акыркы чаканы төмөндөн ынтыгып арац тарткан Байымбет терин ааарчып, жанын сеп алдырууга көчүк басты. Тик жака күрөң мата көйнөгүнүн бүчүсүн бошотуп, моюнун желпип, жеңин түрүндү. Буудайды алтын дан деген ырас. Чакага жаймасы он кадак келээр. Байланган жиптер төмөндөн өйдө сабап көтөргондө деле оордугун кантесиң. Нымшыган көзүн соңуна имериле үлүңдөтсө, тамдын ылай шыбалган

текши үстүнүн чок ортосунда өзүнчө додолонгон дөбөчө кызыл буудай үймөгү. Тобо, ушунчаны жерден которуп токкон экен ээ. Кырмандан жаңы сузулган дан али пымдуу, оордугу ошондон.

Ачыгыча, жерден сузуп узаткан иниси Байтымбет тапыр-тупур жанына чыгып, колундагы калдагай жыгач күрөк менен тез-тез шилеп, үйүлгөн буудайды калыңдата жайды. Ал агасынан эки жаш кичүү, он алтыда дегидей эмес. Каржайып андан алда канча алибеттүү. Кара жумушка атайлап төрөлгөндөй чаалыкпасын кантесиң. Тарбыясынанбы, дээринеңби, агасына атаандашпай каяшасыз иштеп бергени жакшы.

— И, майболпоч, ушуга боргулданып чарчадың э. Ушу кепти, заматта жайып таштайын. Эт бышымдан кийин аралаштырып кой, аксакал. Тез кургасын. Айылчы абам, эртерээк тегирменге салып ун талканыцарды камдагыла деген. — Байтымбет буудайды салаасынан эшилтип жылаңаяк жазы таманын балчайта, айтканындай ыкчам бүтүрүп багалегин түргөн бойдон шаты турса, ойго түйүлүп дүп секирди.

Байымбет селт обдулду. Иниси куландан соо күрөктү мүрүсүнө арта, паркы Айылчынын чоң короосундагы мола ташка өзү бастырган үймөктүн калганын сапырууга капарсыз догдоңдоп кең арыштоодо. Оорун колунан алып, минтип айттырбай жүгүн жеңилдеткен, анысынан да, тигинтип, жеке азыр эмес, ар качан олдоксон, олөөр коёрун билбеген ниисине жылыган жүрөгү да болк ачтарыла агасы карбаластай кыйкырды:

— Эй, аюу, бутуң сынса эмне болот?!

Иниси бетин жыйрылта ыржайып күло, тарбайган колун тыбыратып узады. Анысы олдоксондугунанбы, карылуулугунанбы «аюу» аталып бышы кулак кондү. А түгүл корстон болуп: — Киши имишсиңер силер,— деп чыйрыттайт. Кээде кичи карындашы Каныкей да «апсайган аюу» — деп оюн-чындан асылганда, очошкондой апчый-чапчый ыргытып ойнотот. Курткада атасы өлгөндөн тартып үй тиричилигинин жумушун озү термелеп жүрүп машыгып кетти. Анын оз кунагынан өскүлөң, катуу түйшүктөп каржалбас мүнөзүн байкаппы, Музооке бабасы:

— Байтымбетим жотолуу, кабак-кашым дөбеген баба дыйкан, баарыбызды нанга тойгузуп, май чайнаткан үй туткасы болоор. Байкесине, башка эч кимге атаандашпай апчып-чапчып иштей берээр,— деп бата ушата которо бүлөп көндүрүп бүткон. Жеке балдарына эмес, бүтүн букара

ылайыкка баамчыл ойлуулугунан олуядай барк күткөн Музооке, комузун ар кандай сөз ыргагына куюлуштура кыцкылдатып отуруп, эки жетимининн көзүнчө улуусуна мындай сыпат берчү:

— А Байымбетим, окуса илим, куттанса өнөр жугаар, кара түйшүккө караганда кызыл тилден баар табаар, эриин жука, көзү тирүү, өмүр берсе, менин жолумду жолдоор. «Өнөр алды кызыл тил» озумдөй азабын да тарттыраар, аземин да арттыраар. Аракеттенсең, берекет табасың. Окутуп, кат таанытып көзүңдү ачтым. Комузга шыгың түшөдү. Сөзгө ынаксың. Ошол жагын өнүктүрүп кетээрсиң...

Эки небересин ара чолодо бет маңдайына ала отуруп ар киминин өмүрүнө мүнөздөмө болжоп, ошондой ишенимге тарбиялаган. Кичүүсү Байтымбет бабасынын сынына толгондой иштерман чыкты. Борбую катып жетилсе, үй-бүлөнү жер казса да багуучудай. Мына, келгени чыпчаң айга чукулдады. Ыргалган эгиннин оруп, ташып, кырманын басып, чөп-чарын жыйнап Айылчынын тирегине айланды.

Улуусу Байымбетчи? Жарыктык бабасынын жоруганындай болалбай арасаат эңгирөөдө... Ал качан тери кургаганда тамдын үстүндөгү текшиде чын эле кыпкызыл алтындай ажарлуу буудайды тиктеп турган калыбында өктөлүү көзүн чымыратты. Айылчы абасы ушу эски тамына киргизип, саан үй, эгин болду.

— Жер үшөбой, байырлагыла. Байтымбет колумду узартып чарбакты ээлесин. Өз балам, өз тирилигиндей күжүлдөй берсин,— күч унаа, эмерек шайманын табыштады. — А сен Байымбет, кичине аялда. Өзүңө ылайык сыпаараак түйшүк таап орноштурам. Келин менен кызым үй оокатка каралашсын. Акырындап быгышканда бет алдыңарча оокат курап кетесиңер...

Айылчы абасы тынчтанып өз тирилигинде жашоо дегенди билбесе керек. Жумгалдан олжо-буйлалуу кайтып, баш учун жыйганча Сооронбай манап өйдөкү солтонун мыктысы Бошкой карыяга шашылыш аттантты. Сыягы, аякта да Айылчы ажы гана ыгына келтирчү дубай-саламдуу доосу бардай.

Андан кайтар замат карт Сооронбай, ордун басуучу уулу жаш мырза Дүрдү, Мамбеталыны ээрчитип, уруулардын майда манаптарынын коштоосунда казганактаган кол менен Көтмалдыдагы топко Айылчыны ала жөнөдү. Кызмат өтөөчү шылуун жигиттер топко тигилүүчү

оргөөлөр, союш мал, тамак-аш менен эки күн мурда Ысык-Көл кылаасын карай жолго чыгышкан.

Ажы абасы башына ээлик эмес, көчүгү жер жыттабаган тынчы жок чабагандаган эмеби. Деги качан тыныгат. Байымбетти кайда жайгаштырат? Ана, иниси мунбаган эр. Дардайган буума капты көтөрүп, казылган ороого кулатууда. Ага бардык жерде, бардык үйдө иш даяр. Бүлөдө ушундай иштерман бирөөнүн болгону дурус. Байымбет өзү андан улуу туруп, неге үкөсүндөй күрсүлдөп киришпейт. Кара жумуштан коркобу? Караманча антпейт. Байтымбеттин алибеттүүлүгүнө, карылуулугуна суктанып, өзүнүн алда канча чабалдыгына аргасыз ууртунан мылжыйды. «Жараткандын калыстыгына баракелде. Улуу мени чепейтип, кичүү тигини далдайтып... Мейли, ушунумду бергенине шүгүр. Оорумду колдон алып, жүгүмдү жеңилдетти. Ал болбосо, бардык түйшүк маа артылмак... А мен анын акыл жүгүн көтөром. «Теректей бой бергенче, теменедей ой бер». Жараткан ага бой, мага ой бериштипир. Мейли. Экообуз бири бирибизге эриш аркакпыз. Мен чамамдын жетишинче кол түйшүгүнөн деле качпайм»... Ырас эле, ал башынан үй оокатка, малга каралашууга ынтызар. Он тортүндө жетим томсоргондо үйдүн туп уулу катары белин бууп эрте жаздан атасынын кетменин көтөрүп, арыгын чаап, буурусунун буктуруп, эгинин экти. Дыйканчылыкка машыгууга белсенип тырбаландаганы ай. Сугат убагында сууну алыптан буруп, жайкалган жашыл майканга мелпилдете жайып коюп... Коңулу козуй бирге бирди кошуп күңгүронүп ыр созчу. Орокко киргенде ого бетер дан жытына тойгон пейили ооляжуп, сөз күраштырып күн бою үнүн баспайт. Анын жаагы тыпбаганын шылдыңдап кайсы бирөөлөр «Аштыгы жок панчы, акылы жок ырчы» дегенин кулагы чалат. Бирок, баланын көкүрөгүндөгү кайпар булактай толкуган сезим оргуштап, ырдагысын эле келтире берет. Макоо көздөн, кытмыр создон айбыккан жеткинчек көмөкөйүнөн куюлган шыңгыр доошту ай талаага айкындабай шыбырап кагазга түшүрөт.

Салабаттуу карылар чогулган маекке эпейип, кулагын тоңөйт, төркүндүү создөрдү көодонүнө жаттайт. Канчалык чымырканып талыбаса да кара күч мээнетине карааганда адам акылын, жосунун ариеттөочү байыркы замандан бери учугу уланган кастарлуу кепке, санжырага, моокумун кандырып, жанды байытуучу ыр, күүгө шыгы көбүрөөк оош... Эгер чынында бар болсо, таалайын ушул уң-

гулуу сөз, кызыл тил жагынан издөөгө эмес жөлөп маашырланганычы. Аның үстүнө жараткан ар кимди чечен-бычып ар персеге эгедерликке ылайыктап көсбу. Өңгөнү коюп мына өзүн алсынчы. Инисиндей күрсүлдөп кийлигишейин эле дейт, анчалык оор түйшүккө чаркы жетпесин сезет. Ал өзү инисинин шаасы жетпөөчү, адамды кара күчтөн да жогору көкөлөтчү ой чабыттарын эңсеп күдөрүн үзбөйт. Тотон манаптардай эл бийлеп же Айылчы абасындай аларды жандап, окүмүн аткаруучу акимдикти деле каалабайт. Оголе, бабасы Музооке сыяктуу эл көңүлүн жубантуучу, күндө жаңы жашартып тунук булак өңдүү окторулуп улам жаңы бермет чачкан өнөрпоздукту самайт. Ал мүдөө аземи күч, экиленип сезимди козутуп, бирок, колго оңой тийбеген сыякырдуу кокуй оңдөнөт. Кыялы чалкып, арбайы жетпес, маңгытсыз чалкар дүйнөнү көксөгөн улан туюк жалама зоокага камалгансып, кыйкырып овон салууга, теребелди жаңыртып жүгүнтүүгө, алдына алп кара кушту коңдуруп каалагандай сызууга делбе кыялданганы качан. Бирок, али кыялдан ашык чындыкка жанашчу ырчылыкка да, акылмандыкка да чендей элек.

Жаштык учкул дем закымга, керемет туйгуга оолжута калкыткан менен бат эле жаалы катуу чындыкка такап... бу саам дагы томсортуп Байымбеттин эсин жыйдырды.

Баягы жаныз тамдын башында жайылган буудайды көземөлдөөдө. Иниси «аралаштыр, тез кургасын» дебеди беле. Өкчөлүү отүгү менен кош бойрок борсойгон буудайды шыгырата жиреп, ортологондо тык токтоду. Али эрте. Эт бышымдан кийин деген. Бул чөлкөмдүн элине жаңы коз. Барын эрмектешүүгө анчалык тааныш күтө элек. Чын эле, Айылчы абасы эскерткендей басо калкыны. Кары-жашынан бастырып келип:

— Кайсы элдиксиң? Ал жайың кандай? Күсөгөнүң эмне, жаңы тууган? — деп көңүл бөлгөн эч ким жок.

Өзү менен өзү али урушуп зериккен Байымбет айлана чөлкомүнө карек тегеретти. Үстү додо араба, жүктүү төөлөрдү коштогон кербендер, салт атчандар экен токоңдоп мал айдагандар логлоп өткөндө топурагы сапырылган кара жол ана. Чукулдагы Токмок, Пишпекти аралап, Алматы, Ташкен аркылуу орусиянын падышасынын турактаган батышы Оромбур, чыгышы Омбудан бери созулта чабылган кара жол, тыягы Каракол, Нарынга дейре жетиптир.

Окчун-окчун тизмеги түз, кээсинин эшик айланасын

бак шак курчаган, кээси такырайып эле, кээси кызыл-тазыл гүлзар, кээси тыныкс чатырлуу даңкайса, кээси камыш жабылып үксүйгөн, кээси озунун таманынын астындагыдай жалпайган үстү жалпак тамдар. Жери нары тегиз, нары семиз, алыс жакынга катташууга ыңгайлуу түзөндө он беш, жыйырма жылдан бери ичкериден падышанын амири боюнча ооп... тез байыган орустун дыйкандары, Сооронбайдай жергиликтүү манаптардын туугандары, жан жокорлөрү ээлеген. Букара кыргыздар өрөөндү аларга бошотуп, мал-салы менен тоо таянын көчүрүлгөн. Ким кими эле дүмүрөндөн күзгү түшүм жыйноо, кышка даярдык камында. Мүмкүн ошондуктандыр эле баскан эл аз. Суусу кенен, күндүн табы кеч күзгө дейре жылуу, топурагы асыл Чүйдүн тургундары да, келгиндери да талбай эмгектенсе, берекеге тунчудай.

Кыргыздын улуу тоосу тээтиги чалкайган салаа, салаа өндүрүнөн бери-карай — ушул эле Кара-Дөбө, Сайлыктан Токмокко чейинки тай чабым аралыкта Кызыл-Суу, Он-Бир-Жылга, Кегети деген дайрага тете сууларды булактатып дыйкандын ырыскысына жаралгандай. «Суу бар жерде... тирилик бар». Андан ары Ысык-Ата, Ала-Мүдүн, Ала-Арча, Сокулук, Жыламыш, Аксуу, Кара-Балта аталган аягы Олуя-Атага чейинки кыргыз жерлеринин баары дарыялардын наамынан коюлганын уккан. Абалтан кыргыздар көчмөн кезинде да сууга бай өстоңдүү жерлерди ээлеп келгенин карыялардын санжырасынан билет. Чүйдү бышыкчылыкка тундурган жылуулугуна жараша ар кыл өсүмдүктүн тамырын балкытып амал бергээр суусундун жетиштүүлүгүнө баракелде.

Бабасы Музоокенин «Сары өзөн» деп, ыры менен күүсүн айкаш жыбылжыта Чүйдү даңазалай шөкөттөгөнү кыраакы кеменгерлиги тура.

Мурут, сакал, кирпик, кашын кошулуштура үксүйтүп, чоң тебетейин салмактанта эңилип, муундары бошоп ийри-муйру балбыраган сыйкырлуу бармактарын кылга тийгизээр-тийгизмексен безелентип, тили эмес, комузунун күүсүнөн чыгып жаткандай ыргагын жанданта күлдүрттөөчү эле...

...Кемин жагы сары озон,
Туш-тушунан кошулган
Туура суунун баары озон...
Алтын күрөк аталган
Букаралар тозбос Чүй
Байлыгын көр базардан...

Кайран гана олуя бабасы. Келиштире таамай сыпаттаганын көр.

Байымбет жаңы конушунун келбетин жараштыра айтууга тил сыйкыры жетпей, бабасынын «Сары өзөңүндөгү» создорун толук жаттап калбаганына өкүнсө, Чүй көркүн көзү, дили менен туюуда. Түндүк тарабы мелтирей түптүз, тээ жадеп көз учкуну үлпүлдөп жабышкан жаңыз керме боксолор Казак ала тоолорунун учтары. Андан батыш чыгышка тунарган кең жайык Кордой аталат. Кечээ жакында гана сөөлөтүнө дөөгүрсүгөн Сооронбай манап жамаатташ жашап, куда-сөөкүлүгү өткөн улуу жүздүн мыктылары чымкый чымчык чаар кырк байталды айдап астына бөгүлүп сураныш келгенде, ошо Кордой жерин тартууга беринтир. Кыргыз менен казактын жаңы чеги катары Кордойду кесип, түзөңдө Иле, Амуга чейин бууракандан алкынып аккан Чүй дарыясы. Анын башаты конектөгөн бай эмчек сымал кыргыздагы зор дарыялардын баарынын энеси, Байымбеттин озүнүн туулган мекени Нарын тоолорунан куралып... Кочкорду басып, Ысык-Көлдүн башын өрдөп, Боомду жаңыртып Чүйдөн чалкып өтөт.

Кылтыйганынан кымырылганына чейинки күн жүрүш оң, сол жак чыгышында Атаке, Тынай Сарбагыш, батышында Солто жердеген карек токтото карагыдай бүдүр белес жок, учу кыйырсыз созулган өрөөнгө көз учкуну жетпейт. Чүйдүн узата өлчөмүн күндүк тулпар чабып, канаттуунун чалгыны менен гана чеңөөгө ыктымал. Түштүк тууласы боюна жараша катарга тизилген сарбаздар улам наркы катмары бийиктеп отуруп берки жашылдан бозоңго, бозоңдон чаңгылга, эң паркы катмары асманга тирелген ак мөңгүгө айланган кыргыздын улуу тоолору. Өгүнү ошо тоолордун катмарларын арытып быякка жетпедиби. Тоо кыргыз элин далай жоодон калкалаптыр. Ичерине суу, жээрине тамак, кийерине кийим... Тоо коюну жатка сүрдүү, өзгө коюну жылуу, берекелүү. Наркы бетиң — Нарын, берки бетиң — Чүй. Эки дайранын боюнда эгин эгип, мал багып жашаган калайык. Сол колтугуңда Ысык-Көл, оң ыптанда Ош, Алай, Анжиян, сол менен ичкилик кыргыздары. Мобу улуу тоодон мөңкүгөн туура суунун баары бүт Чүйгө куят. Сары-Өзөндүн дыйкандары алыш чаан арыктарга болуп, топурагы асыл жерди кандыра сугарып, бакчаларында не дүйүм өсүмдүктөрдү жайкалтууда.

Дагы капчага жаңы конушу Сары-Өзөн Чүйдүн керемет баянына куштарланмак.

— Байке-е, мени карачы,— чыцылдаган үндү утурлап төмөндө сарала шайдан шоодураган көйнөк, жашыл макмалдан чыптама, үкү тагынган сайма тону, чачын талталынан өргөн он төрт жашар карындашы көгүчкөндөй кулпуруп келе калганын көрүп Байымбет сүйүнүп кетти.

— Каныкей, ким сени мынчалык жасалгалантты?

— Табышмак. Таап ал, байке.

«Адамдын коркү чүнүрөк, даректын коркү жалбырак». Эски кийимчен кара каш секелектин мынчалык татынакай озгөрө калганын агасы кийимге жоруду:

— Билдим, билдим. Сени ушинтип жасап, үч, төрт жылга дейре сайма, оймо, үй оокатка машыктырып, байдын уулуна кудаламай го.

Каныкей кабагын чытып, кашын түйдү:

— Аның, антпе, байке. Байдын уулу жаман, эч кимге барбайм ээ? Байымбет андан көзүн айырбай, шатыдан түштү:

— Эч кимге бербейм сени. Апаң экөөң неге чоң үйдөн чыкпайт десе... Кеп бар тура. — Карындашынын кийимин сылагылап, көзүнөн күлүмсүрөгөн менен Байымбет ичинен түпөйүлдөндү.

Коонү куштар сепейген Каныкей агасынын нымшыган алаканына ичке шадыларын чып аткыта тарткылады:

— Жүрү бачым, сага Апай эне жиберди.

Карындашынын чымырканып жетелегенине кежирленимин эте, анан буйлаланган төөдөй элпек бөлкүлдөдү.

Апай эне, Айылчынын байбичеси. Үйдүн куту ошондо бейм. Аты, албетте, башкадыр. Байымбеттин баамында анын кең пейил, улуу, кичүүгө мээримдүү мамилесинен, ички, тышкы оокатын ызы-чуусуз иреттүү тескегенинен кичүүлөр түгөл «Апай жеңе», «апай эне», улуулар «апай байбиче» дешет. Апай — апакай деген создон го. Аларды туурап жаңы көз булар да тез бооруна тарткан билерман аялды Апай энелешти. Карындашы Каныкейди ээрчип кирген уланга аксаргылынан балкайган нооча бойлуу байбиче тоолуктардай каз элечек эмес, чачылуу шалы салынган башын ийкеп, саргыч макмал кемселипин соорусундагы күмүш купалуу чолпусун шылдыр эттире, кош терезелүү жарык, салкын бөлмөнүн төрүндөгү үкоктүн үс-

түндө гүлдүү чоң подносто жаңы казандай дамкайган көк чаар дарбызга колун серпти:

— Келе гой, дарбыз суусунду кымыздан кем кандырбайт. Чарчап, тердегениңди терезеден көзүм чалды.

Байымбет тизесин жаба кулпурган көк баркытка түш кийиз саймалап отурган апасынын башындагы үлпүлдөк тубар жоолукту байкап көзү чымырады. «Мага дагы жаңы кийим кийгизеби». Аялдардын мандайындагы көрпөчө ийилип таазым эте акырын чок түштү. Адеп сактаган ыймандуу балага нейли жылыган байбиче тигинин дандаарыганын туюп, өзү обдулду. Мүйүз саптуу кашкар шамшарын илип:

— Биссимилла, казысы кучак ачтарыл. — Куду эркектей шылуун ургаачы экен. Саал комдоно олтуруп, шарт ортосунан жара бөлдү. Кыпындай аласы жок, казысы кыпкызыл мөлтүр дарбыздын ойлогонундай чыккынына жайдарылана Апай эне шарт-шарт тегиз тилип бээнин кабыргасындай подноско додолонтту:

— О биссимилла,— адегенде өзү ооз тийип, улуулаштыра Коңурга, анан Байымбетке, кичүүсү Каныкейге ширелүү тилимден карматты:

— Ажы абаңардын орустун дыйканынан, устасынан, дуңгандын багбанынан, таранчынын ашпозчусунан, ногой менен өзбектин молдосунан Токмок тарабында тамырлары бар... Кана, эми түгөтмөйүн өзүңөр тартынбай качыра бергиле. А муну кызым, Байтымбет уулума жеткир. Мээнети күчтүүлүн татканы да арбын болсун.

— Шамшарды үстүнө сая дарбыздын жартысын Каныкейге карматты.

Үчөө подностогуну толук түгөтүшөдү.

— Ал, чырагым, ал,— байбиче кыстаса да Байымбет нысап күтө кетенчиктеди:

— Тойдум, Апай эне. Тим эле чемирчегим кайкалап чыкты.

Байбиче тыныга уландын кабак-кашына көз токтотту. Байымбет жыйрылып алапайын таппады. «Дидарыма тикийип: сен не иниңден жармачсың? Эш тутқан абаңа кандай оголожолукка жарайсың? Коймаарек кокуйсуңбу, же... Аялмет жетимдин улуусу, түйшүккө чабалсың го,— деп сынаганы жатабы? Же мүчөмдү көз таразасынан өлчөп, кандай кийим керектигин болжодубу. Кайдан антсин». Баланын дидаарын кайда жашыраарын билбей кызара тукулжураганын баамдай, өзүн улуудай, үй туткасындай нускалуу көндүргөнү дебесе, тараза бою

кагелестигинепби, баскан турганы кайкайып шайдоот, мандай бетин тамылжытып анчейин бырышка бастырбаган орто жашаган аял, бүпбүтүн аппак тиштерин кашкайта күлдү:

— Чырагым. «Уккан кулакта жазык жок», кат тааныйт, өлөң жазат, ырдайт деп эшиттим.

Отуздун акырында болсо да жамандык, кайгыга батсынган апасы, берки кырктан өткөн байбичеден картаймак тарттырган ийме-чийме тордолгон жүзүн балбыратта тамшанды:

— Уялба, балакетиңди алайын, Апай энеңден.

Сындуу байбичеге не дээрин билбей, ашкаарыган Байымбет, кирпик ирмемде кайра чыйралды. Бабасынын «уялчаак кишиден ырчы, күүчү чыкпайт» деп, небересин зекигени кулагына кайдандыр шыбышталды. Сыягы, анын сырын адегенде Айылчыдан эшитсе керек. Эми эң, эриккен учурунда энесинен сурамжылап бышыктагандай. Байымбет чымыркана эринин эпилдетти:

— Ырда десеңиз, ырдайм, апай ана. Оку десеңиз... Апай байбиче ыраазылыгын ырастай козүн сүзүлтө акжуумал жүзүно жылмаюу нурун чайытты:

— Адегенде авазыңды угузчу, чырагым... Ап-нан... Байымбет ашкаарый тымтырстыкка төндү. «Авазыңды угузчу». Алданедей чое таштаган «ан-наны» эмнеси? Аваз үнүмдү уккусу келди. Ошерден сөзүн муунады да бүтүрдү. «Ан-нан»... жана үмүттөнгөнүндөй үстүн жацыртаар. Аштымканада жыты буруксун бышып аткан чөп-чар, эт, май аралаш түрлөптөң даамдуу тамакка тойгузар. Айтор, «Аннанын» анан көрөр. Азырынча сөөлөттүү ургаачыны көп созултпай авазын созгону ылайык.

Эмнеден баштайт? Кайсыга овону мыкты? Албетте, «Секетпай», «Күйгөндөн» соксо жыбылжытаар эле. Бирок, сөөлөттүү энеге ашыглыктан башташ осолдукка жатаар. Анан кайсыдан... Оболу сынооro түшүп аткан соң, ырып да, авазын да оз жүлүнүнөн сызылтып, ата конушун эңсегепинен таштасынчы... Байымбет закымда ичинен кайрып апан ачык созолонду:

Жергем, Куртка, Нарында,
Дегдеп коонум сагынба.
Кара тутун биз келдик
Кадырлуу тууган жанына.
Күкүктөр сайран таштыган,
Күрүлдөп дайра ташыган.
Күкүктүн үнүн укпапда
Күйүттүү пенде жашыган.

Булбулдар сайрап таңдыган,
Булактар ойноп ташыган.
Булбулдун үнүн укканда
Муңдуу пенде жашыган...

Апай эне бакыракай көзүн жайнаткан калыбында алаканын которо ишарааттады. «Жетишет!» Байымбет лын токтоду.

— Кудай жалгасын. Дабышың уккулуктуу, созүң даамдуу. Тилегиңе жет, чырагым. Оомийин! — Байбиче ичке шадылуу алаканы менен кезегинде келишкен, али да акжуумал маңкайган сулуу ирецине сылай бата тиледи.

— Айтканыңыз келсин, Апай энеси. — Коцур жетине албай уулун алкаган энеге таазим этти.

Апай байбиче астындагы быжыгыр көлдолоңду таяна заңкая сбдулуп, чач учтук, чолпусун шарактаткан бойдон бурчтагы калы килем жабылган чоң сандыктын үстүндө тепейген кооз көмүркойдү бурай ачты:

— Биссимилла, мен азыр чырагыма...

Ар кыймылы, ар нерсени баштаарында «биссимиллапы» такай оозанган наабаттуу байбиче бетине жезден чегелеп оймо түшүргөн кол сандыктагы сыйкырдуу жандуу нерсеге дуба окугандай күпүлдоп атып, көк шалпарга оролгон калың буюмду этиет бапестей которо бериледи.

— Чырагым... — Байымбеттин маңдайына намиркен маасынын тумшугун чийген, кемселине өңдөш саргыч шайы койноғун шуудурата элпек сыңар тизеледи.

— Ала кой, чырагым...— Колундагы оролуу буюмду сунду. Байымбеттин жүрогү чымырай сүрдөгөнүнөн майда калтырак баскан колуна оор, калың немени алды. Албетте, кийим эмес. Ага апасы да ийнесин саймасына илген калыбында таңданыңкы элейди. Уландын калтаарыганын басуу үчүн Апай эне өзү дагы ыйык затка ыйбаа кылып, оромол шалнарды сыйырды:

Укмушуң түш. Баймбеттин көз нуру жарк чачырап, кийим курусун, андан баалуу, жүрөгү эңсеген борсойгон китептерге жабышты.

— Мына чырагым, өзүң да сүйүнүп кеттиң. Кана, чет четинен ацтарып окучу. Ажы абаңдын кастарлап... Алматы, Ташкенде окуган Дүр, Мамбетаалы мырзалардынбы, же озү сапарчылаганда татар, казак, өзбек молдолордонбу, жыйнаган казалдары. Мунун кэсин такыячан кыз кезимде атамдын торүндө Казак өлоңчулорүнөн эшиткем. Апаң экөөбүзгө эрмектеп окуп берсең сонун болоор эле, чырагым. Кана, китептин кара катын чыгара аласыңбы?

Баятан даабай текчелей жыйылган китептердин үстүнкүсүнө гана арбалып өз көзүнө өзү ишенбей «Хафтиэк», «Суфиаллаяр», «Чоркитаб» өндүү диний окуулардан бөлөк Хафиздин казалдарын окуганы болбосо, мындайларга күнү түшө элек өспүрүм, ичинен эжелеп, качан уятка калбагандай тактаганда сыртынан шар унчукту.

— «Лайли ва Мажнун» Алишер Навои.— Байымбет мулуц эте кенчтин ээсине эдирейди.— Лайли менен Мажнундун окуясын мени окуткан дамбылда Алишер акындын жазганы деп жомоктоп айтып берген. Эсимде.

— О-у, укмуш казал. Кийинкиге калтыр,— Апай эне аны маңдайына тийгизип тизесине алып койду.

— «Ю-суф ва Зулайха», чагатайчаны шар чыгарган Байымбет кайра оңдоп окуду. Уккам. «Жусуп менен Зулайка».

— Муну да калтыралы. — Жанагынтип маңдайына, эринине сыйпай тайына, «Лайли менен Мажнундун» үстүнө сылай жыйды.

— Бул «Тахир — Зухра» дейт.

— Аны да бери бер.

— Бул «Муң-Лук Зарлык» экен.

— Аны да кое тур.

— «Көзы Көрпеш, Баян слу».

— Баракелде. Кыргызчалата «Козу Көрпөш менен Баян сулуу» деп оку, чырагым.

— Жарайт, Апай эне.

Апай эне «Козу Көрпөш, Баян сулууну» тизесиндеги жыйылгандарына кошпой, Коцурга узатты:

— Муну саймаңдын арасына ката тур. Казал уксаң... Коңур тигини тууран маңдай, эринине тийгизе табына, кадимки талаада өскөндөй баркытта бажырайган гүл чечек саймага сүңгүттү.

— Алдыкылардын кайсынысы экен, «Кыз Жибекти» тапчы? — деген Апай энесинин өтүнүчү боюнча саламдаша баштаган жаңы досторчо үйүр тарткандай Байымбет «Заркум», «Кербалым», «Кобланды баатыр» деген китептерди кобурай атап, четинен узатып, акыры:

— Мына, Апай апа, «Кыз Жибек». — Чаалыгып жогун тапкан чабаганчыдай алаканына бапестей сүйүндү.

— Бөлөгүн жайына ката туралы. Бу китептердин ар бири бир жорголук. Абаң төрт дуван кыргыздын мыктыларынын башын кошкон Көл жакасындагы Котмалдынын тобунан сапары карыганча чамаң жеткенче четинен бизге окуй бересиң, биз уга беребиз. Казал менен күүдөн

артык не сонун бар ау бу жалган дүйнөдө. — Апасына каттырган колундагы экөөнөн башка китептерди канат бүтүп бырп эте учуп кетчүдөй, аземдей оромолго жашырын үкөкчөгө бекитти.

Байымбет арабдын нак тилиндеги куран баштаган диний китептерден сырткары, ошол эле Алип-бээлердин арипгери менен чагатайча жалпы түрк сөздөрүнүн курамында окуу барлыгын аз-аз билет. Маселен, акын Хафиздин казалдарын өзбекчеден кээ чала моңол, фарси, арабча аралаш сөздөрүнө ой токтотуп түшүнгөн. Биринэкин кыргыз молдолорунун кол жазма дубай-саламдарын чала чарпы диний казалдарын окуган.

Ал эми өзүнүн күдөрүнөн сызылган сырларын ошо араб-чагатайча кагазга түшүрүп бадырата окуп жүрбөйбү. Азыркы ыйык казына туткан Ажы абасынын китептери дээрлик Түркстан элдеринин тилдеринде тура. Кана, «Кыз Жибекке» тиши өтөөр бекен? Деги касиеттүү байбичеге уят болбогой эле.

— Биссимилла,— оңдон солду карай мукабасын оодарды. Кудай жалган көзүнө Куртканын четки жээгиндеги сайдан кызгылт, жашыл, көгүш, апакай чакмактык таштарды таап тергендей чоочун да, тааныш да ариптер көз учкунуна жабышар-жабышпас сүрдөтүп... аз-аздан үйүр тартып, эжелетип... анан элпек чоюла окулуп кеткеничи.

— Ой бай, шырагым, оу, үлкен молдо турбайсыңбы. Кичине аялдан тыңдашы. «Кыз Жибектин» казакша ани мындай: — Апай эне шыңга боюн ыргалта койкойгон куш моюнун созуп, агыш тамагын былкылдата, көзүн сүзүлтө борсөйгөн эринин ачканда укмуштуудай бийик овоп зацылдап узакка чалкый созулду дейсиң.. Ал угуп келаткан тоолуктардын шаңдуу назик аваздынан айырмалуу, бирок алда немедей түшүнүктүү тыңшаган кулакты кызытып, жүрөктү ысыткан боордош казактарга гана таандык учу кыйырсыз керилген сары арка түзоңүндөй кецкесирп чабыттай сыбызгыган азем доошко Байымбет, анасы, карындашы үчөө тең таңдана эришти.

Шумдугуң кур, Апай эне дегениң акылы, сымбаты менен гана эмес, тынайдын айтылуу манабынын мыкчегер ноокөрү Айылчыны кезегинде атайын овончулугу менен да кумарланткан өңдөнот. Эдил дарыясынын боюндагы Уфа калаасында басылган «Кыз Жибек» дастанынын башкы бабын кыргыз овонуна салып, окуп токтогон улан, чынында бул «Жацыл Мырза» да, «Эр Төштүк» да, «Курманбек» да эмес экенин, турмуш, салты окшош бол-

гону менен, шукура казак жоролгосу ага Апай кумарлана тацшыган керемет овон гана жарашып көркүнө чыгараарын туюп, ошол ыргакты коңулүнө илбериңки жаттоодо.

Ушу Чүй кыргызына жамаатташ улуу жүздүн шаанлуу байынын кызы Апай эне качанкы каткан пейилин жибитип, жаңы көз туугандарына чечилди бейм.

Байымбет Айылчыны эш тутуп тентиреп келгенде, жеке көр оокаты өтпөстөн, кандайдыр түпкүрдөгү жетпес мүдөөсүнө урунгандай, казынага киргендей оолжуду. Апай эненин коңгуроодой ыргагын Байымбет так өзүндөй келтире ташган мукам овонго толкута «Кыз Жибекти» үн кошо окууга дилгирленди. Апай эне жылаажындай сыбызгытка дооштон бул саптар берметтей төгүлүп, уландын көкүрөгүндө жатталды:

Толөгөндүн сапарлаш шериги Шэге акын Төлөнгүт уругундагы Кыз Жибекти мындайча сыпаттаган:

— Э-эй, арка чачын тарагап,
Саамай чачын сылаган
Сулу Жибек барма экен
Кулан түшкөн кош улан
Колоң чачы ыйыкта,
Боюнда бир кем бар бекен.
Келип турган алыстан
Тологондой тором о-у-у,
Арманың сенин бар бекен...

Ошол Шэге акын, анан, Кыз Жибекке Төлөгөндүн жайын мындайча баяндады:

Элим бар жалпак жаткан жагалмайлу,
Жылкысын көптүгүнөн бага алмайды.
Салдырган көк күмбөзди кең сарайлар,
Эш бир жан көргөн эмес ондай жайды.
Өрдөйдү саспелдинте мың боз бота,
Атамай оны дагы кала алмаймын.
Йеси осыншама кең дөөлоттүн
Төлөгөн улкен уулу Базарбайдыч...

Мына Апай жеңе чалкыткан эки түрүм, эки бөлөк ыргактуу «Кыз Жибек» дастанынын түрмөктөрү.

Тобо, «Өлбөгөн адам алтын аяктан суу ичет». Калктагы уңгулуу сөз калетсиз.

Жумурай журттун сүймөнчүлүгүнө айланып, аш, тойлордо талашка түшкөн уламалуу Музооке күүдөн тайып, үксүйүп үйдөн чыкпай калганында, атайлап аны көксөп келгендерге, кур дегенде илме кайып өнөргө куптанган бала-бакырасына, бөтөнчө, эпейип жанынан чыкпай тыңдаган Байымбетине башында уюган түркүн кенчин че-

тинен чубап ыр, күү менен баяндоочу. Акылман карыя таягын, кепичин белендетип кээде колунан жетелетип, эт тууратып, чай сундурун жанына шыпаарлатып, түболук жашоочудай бала Байымбет камырабай жүрбөдүбү. Болбогондо кайран акылман бабанын улуу осуят, мурастарын түгөл көөнүнө түйбөйт беле.

Кантсе да зээнин ойготуп, пейилин жалгыз Байымбетке ийитип, аздыр-көптүр шыбагасын даарып кеткенине шүгүр. Бекеринен бабасы өлгөндө:

Кайда калды казына
Калк ыраазы атыца.
Тоодой сырды аңкоттың
Томогодой башыца.

— деп купуя букулдай коштун боздоптурбу. Бабасынын жоломөсү колдон, арбагы тирүү. Антпегенде карайлаган жетимди кайдагы Оренбург, Казан, Уфа деген калааларда анча-мынча чалымына карабай түшүнүктүү түрк тилдеринде басылган казал, дастан китептерди малдан, зардан артыкча барктаган Айылчы ажы менен Апай энеге кайсы жин пери жеткирмек.

Чүйгө келгени кайда батып, не кыларын билбей тукулжураган Байымбет, колго түшүп кыркылган канаты кайра жетилген барчындай чексиз мейкинге сабалап шаңшып сызууну самайт дейсиң. Ургаачыдан шаанилүү, эркин үлпөт курган Апай апанын кезметтештире овоп салдыра окуткан дастандары аркылуу Төлөгөнү, Мажнуну, Козу Көрпөшү, Кабыланды баатыры, Жусубу, Фаркаты, Кор Уулу менен достошуп алардын жоосун жоолашып, махабат жыргалына батып, азап-кордугун тартышууну дегдейт.

«Ээ, дүйнө, учу кыйырсыз түркүн-түркүпсүң э. Дастандарда жомоктолгон кереметтин баарын башынан өткөргөн, жашаган адамдар бар э. Ар жигиттин өзүнө ылайык Кыз Жибеги, Лайлиси, Баян сулуусу, Зулайкасы, Ширини... бар э..»

Жетимдиктин зарпынан өзүнөн өзү чүнчүп, кайгыдан башы чыга элек Байымбет толукшуган жигиттикке бой созуп оолжуур кези эмеспи. Куракташ жалындаган жаш баатырларды сыпаттаган дастандардан улам, жүрөгүндө дымыган чок тутангандай алда нелерге делөөрүгөнүчү. Бирок, ал бул абалында Мажнун болбой коё турсун. Чу дегенде багалчагын батырып, чоочун элге бытшып кең кесири аралаша кара башынын камын жеп торолсунчу.

Бара-бара окуган китептериндеги башка баатырлардан

онору, өкөрлүгү аркылуу дөөлөттүүнүн кызы, ашыгы Ширинине арзырлык тең боло алган Фаркатка чала була окшошоорун боолголоп демденүүдө.

Ырп этерге дарман издеп, басар жер, батар тоосун жаңыдан тапкандай жандана баштабадыбы... «Жокчулук жоомарт эрдин жолун кесет». Кесилген жолу чечилер күнү тууйбу? Азыр ушунусуна тобо. Атаганат, бабасынан, башка жомокчу, пускоочулардан кыргыздын канча дастан, казалдарын укту. Алар бул окугандарынан артып түшпөсө, кемби? Китептен китепке, күндөн күнгө тошолуп казакча, өзбекче, татарча чалымдуу сөздөрдү тактап, фарси, арабчаларын боолголой өздөштүрө, окуганы жеңилдегенде Апай эне:

— Окугандан коңүлдө токуган артык. Ошент чырагым, тилиң, түшүнүгүң, дөөшүң байый берсин,— деп шерденттп.

«Коңүлгө току» дегендеп Байымбет жеке создордү гана эмес, казалдардын мазмунун, андагы адамдардын кылык жоругун эсине тутууда.

Дастандар... Бирөө окулуп бүтөөр замат, Апай апасы кол сандыгына жымырат... «Ар китеби бир жорголук» дейт. Андан да барктуу го. Жорго элде көп. Ким болбосун минип салдырып жөнөйт. Жорго картаят, олот, же соолат. А китепке түшкөн, журт тилине жатталган дастандар картайбайт да, өлбөйт. А өлбөс казал китеп кимдерде? Сөөлөттүү Султан, төролордо, же аларды жандаган Айылчыдай зээндүү ноөкорлордо.

Бу жаатынан Апай эне короо койлуу сасык байдан бай. Ал эми элетте китепти шар окуган адам козго сүртоорлук. Кап, андай азбас-тозбос мүлк өз менчигинде болсо гана. Жарды шордууга оңойдо тийбейт го. «Колуца кармап, көзүңө далдап шериктеш болгонуңа капиет кыл, жетим».

Байымбет Апай апанын чоң үйүнө каадалуу меймандай кастарланып, күндүзү түнү дебей, маал маалы менен тыныгып, сый тамакка туйтунуп, дастандардын жаңысына киришет.

Ошентип, чылк эки ашта бою Байымбет купулун карк толтура аземдүү дүйнөнүн урматында жашады.

Чак түш чен. Күздүн коңур күнү асмандан кыйгачтай дале табы кайта элек илебип көшүлтүүдө. Окулган казалдардын биринен бири өткөн кызыктыгын кожурашып түштөнүүгө отурушканда сырттан тапыраган аттын дабышы чукулдап, аңгыча ачуу кыйкырык түрүлтү:

— О-о, үйдө киши барбы?

— Чыкчы чырагым, чабаганчы түгөнгүрдүп үнү. А кудай, жакшылык кабар апкелгей эле,— Апай апа этегин кагыпа кооптоно тышка кулагын түрдү.

Байымбет чуркап чыкса, шуңшуйган киште калпак, ак кементайчан жулма сакал дүмүрөйгөн кара киши тер басып ынтыккан атынын башын кекейте, чыдамсыз жүткүндү:

— Апай жеңе үйдөбү?

— Үйдө.

— Анда, балакай, айтып кой, тон тарады. Ажы ага үйгө саягыбы, Тынымсейит бугусубу, «кадырман конок ала барам, айтып кой», деди. Кеттим байымкына. Кир, дароо айт, балакай,— Байымбетти тебелетчүдөй ыкыстатып, ал ичкериге кайра бурулганда чабаганчы атын таскактаткан бойдон нарылады. Сооронбай манапты буерделгилер атынан айтпай «байым» дешет экен.

Намаздигерде бая күнү быяктан жоноөндөгүдөн карааны коюу атчандар калдайып кара жолдон ашып-ташып төмөнтөн берилей жылганда бастырмадагы чоң үймөккө далдаалануп Байымбет кароолдо турду. Апай эжеси баштаган ургаачылар үй ичин иреттеп келчү меймандын камында.

Казганактаткандардын алдыңкы сабынын чок ортосунда ойноктогон ак боз аргымактын үстүндө, ак сакалы жайкалган сүлөөсүн борк, күмүштөнө жалтыраган кымкап чепкен карыя Сооронбай экенин түкшүмөлдөдү. Абасы баякы муцбаган кара жал чабдар жоргосу менен негедир андан эки кишиден наркы катарда келатыр. Кандайча?

Сооронбайдын оң, сол капталында экиден алибеттүү адамдар тизгиндеш чайпалса... Анын Айылчы абасы бешпичи, алтынчы кезектеги жигитинеби? Жо-ок, ал эң жакын, ишенимдүү обозгери. Анда неге ортосунан башка бирөөлөрдү откөзүп, Сооронбайды тыгыз жандай жүрбөй, оолак. Кыязы, мананка чукул тизгиндештер нөөкөрлөрүнөн эмес, туугандары, тыпайдын Сооронбайдан кийинки мыктылары го...

Байымбет эптеп өзүн сооротуп сүрдүү калдайган коңунга алардын шайбырлата шаңдуу жүрүшүнө арбалды. Мына, мына абасы канча мейман менен бери бурулат. Аттарын алууга ыкыстап, далдоодогу Байымбет шып жерге түшүүгө жүткүнгөндө шакылдай жүргөн буудандардын шарданы бузулбай, калдайган тебетей, шаңкайган

калпактар өкчөлүп, комолдурук, куюшкандар жарк-журк эте, үйдүн тушунан эч ким ыдырабай алдыга жапырт калдая узай жүрүп кетишти. Кандайдыр сүйлөшүп баратышкан күңкүлөр абаны жарды. Айылчы үйү жакка бир кылчайып карап көптүн шарданында жөнөй берди. Сыягы, эң мурун ээсин түшүрүп, анан кайтуу салтыдыр.

Байымбет абасынын бийик бастырмасынын үстүндөгү чөлмөктүн кычыгына кайра жабышып дагы далайга акыйды. Атчандар тээ чоң бактын далдоосуна кирип, дарексиз сорулушту.

Апай эне төркү, оозгу бөлмөнү жасалгалап, балбылдаган фонарлуу чыракданын жандырып... Мына, ана түшөт түпөйүлдө. Мейманы ким? Бирообу же арбынбы? Чай-чамеги белен. Козу, мүмкүн кой союу керектир. Ага качан үлгүрүшөт. Түн каракчысы акырындап эч кимден сураксыз ымырттыгын жанты. Элеңдеп, аттын дабыртын, күзөттөгү Байымбеттин шек шооратын күтүүдө. Жок. Зарыгып чарчады. Мейман күткөндө убакыттын өтпогону кордук тура. Кечигээрин билгенде оокат тирилигине эрмектеп же китеп окутуп алаксыбайт беле. Сапардагы эринен кабар жеткен соң, күтүнүү аялдын тагдырындагы жазмышы го. Ажысына ачууланайын десе, анда не айып. Кээде ушинтип, күйоосун созуно ээлик кылбай томсортушат. Айласы канча. «Чоңго чоң аягыңды атап ич». Анын турасын түгөтүп Сооронбайы орто жолдон бирденке ойлогон го? Мейманы менен мемиреп калсын. Баарына кайыл. Эри коогасыз, эсеп кайтса экен.

Апай байбиче бейпазалана эшикке чыкса, үркөр тободон калкып ай небак батыптыр. Жылдыздар гана түпкүрдөн жылт-жулт чагылып, күздүн сыдырым керимсели теребелдеги бакчалардын жемиш жыттарын желпүүдө. Түн ортосу ооп бараткандай. Кандайдыр бейпаал короздун чакырганы жүрөктү опкоолжутат. Башына көрүнсүн, кокуйлаган короз оторчу бай ор[illegible]тардын бирөөнүкү чыгар. Баса, бастырмадагы күзөттө турган Байымбет кана? Бала неме жедеп акыйын түңүлгөндө жатагына жылып жөнөгөн экен да. Кантсин. Балким, эри тиги жогорку боксодогу кыштоого, улуу байбичеси менен, үйлүү жайлуу балдарына жөнөгөндүр. Антпесе, мейманын аякка алпарбайт. Топто чечилген бүтүмдөрүн териштирип Сооронбайдын кашында көңүлүн көтөрүп жайыл дасторкондо отурушкандыр.

Апай байбиче туруп-туруп, жедеп ындыны өчкөндө короосунун дарбазасын ачык таштап, ички босогосун илкий

аттады. Ошо маалда Байымбет чөмөлөнүп оюк ыптасында карай берип карацгыдан козу талып, талмоорсуганда жөлөнө кыйшайып качан атчандардын дацканын укканда ыргып турармын кейипте үргүлөп, өгөлө, буямасы келбей көшүлгөн. Жөлөнгөнү жумшак чөп. Салкын ава. Жымырып тарткан уйкуга мемиребес жан барбы.

...Көзүндө аткан таң агылып, жүзүндө нур ойноп... Түшүндө Куртканын дөбөсүндө бабасы Музооке комузун шартылдатып:

— Мына ушу күү калды—сенин үйрөнө элегин. Кана, дурустатып, куттанып ук — кол толкунундай, керимсел лепилдегиндей, күн шооласындай көшүлтүп чайкап... Байымбеттин колуна күмүш чегээлеген орүк комузун карматып:

— Кана, шилте, апкаарыба. Өзүм көзөмөлдөп турам. Тырмагыңды эле илинтчи. Күү өзү шацшыйт,— деп сакалын жайкайт.

Байымбет колун таптап, алгачкы күү ыргагын сыздата кылга илештиреринде ойгонуп кетиесин. Көзүн ачаар ачмаксан, илме кайып корүнгөн бабасынын арбагына сыйына, купуя булдуруктай бата окуду. «Касиетиңден айланайын кутум, аян берип эстедиңби, каралдыңды. Мен кайда да, сен кайда. Түшүм туш келсин. Атаганат, кур дегенде комузду кың эттире бир шилтеп калганымда эмне. Үйрөп деп кыстаганыца караганда өнөрүң жылоолоор. Түшү оңолгондун иши оңолот дечү эле. Кана». Күн эрте шашке. Бастырмадагы чөп кычыгында жолонгон бойдон уктаптыр. Эмелеки таттуу ою бирпинден жүрөгү оозуна опкоолжуду. Түндө ажы абасын күтүп отурбады беле. Кара баскан экен ээ. Башы бата электе миитип бир мертебе кадыр түн күткөнгө жарабай уйкуга комолонгону уят. Бир түндүк ыдыкка чыдабаганы, али жигит түйшүгүн тартууга жетиле элек, балалык чалалыгы. Апай энепин бетин кантип карайт. Ымтыран чөп чардын пыры жабышкан бети башын ушалай козголду. Анын ойгоноорун атайлап карап турганбы:

— Чырагым, кел, абаң менен чай ич,— эшик алдындагы секиден кол жацсаган Апай энени корду.

«Абаң менен чай ич». Бул кандайча кастарланыш? Ажы абасына кошо отуруп чай ичүүгө Апай энесине чакыртып калдыбы? Анчалык урматка татыганча качан. Деги ак сооктордун улуу, кичүүгө сыпай мамилеси илбээсинге капкан буктуруп изин жашыргандай сырдуу. Кечээ күүгүмдө саксактатып кароолго койгондо уктап калса.

Жемелеп жазалоонун ордуна күн шашкеге көтөрүлгөнчө уйкусун бузбай, өзү ойгонгондо гана эртең мененки насипке кел десе... Муну кандайча жоруйт, акылы айрандаарлык жорук го. Ажы абасы качан келди? Меймапы барбы, жокпу?

Байымбет уйгу-туйгу күдүктонүп башын катырды. Бөлөк арга табылбаган соң, бетин чайынып, бою башын пырдан тазалап кийимин оңдонумуш этти. Короонун четинде дардайган коло самоорго утуру карагайдын чамындысынан сойлотуп булаган түтүндү жарк эткен кыпын учкундарына коштотуп, каадалуу кыздай тал-тал өрүлгөн чачтарын суналта чыпыйып отурган карындашына жетти:

— Ажы абам капча киши менен отурат.

Канымкей соомойун бөйтөйгөн эринине жаный эликтеп, карала көзүн жүлжүйттү.

Байымбет бөбөгүнүн шылдыцынан «Сенден башканын баары небак турганбыз. Айрок, айрок, ары жок уйкучу» деген ишаарапты түшүнө, күнөөсүн мойнуна ала ыржайды:

— Мындан кийин эрте ойгонуп жүройүн. Айтчы, эжекеси.

Улуу байкесинин эч качан балбан Байтымбеттей орондоп урушпасын, анчып-чапчыбасын, жумшагысы же бирдецкени сурагысы келгенде ушинтип «эжекесилеп» эркелеткенине Канымкейдин ачуусу тарады. Ортон, аты жок, чыпалагын жуумп, бармак соомойун тикийтти.

— Демек, эки киши бар.

Меймандарыбы? «Байымбет тарынычы жазылган карындашын эркелете тебетейинин үкүсүн сылады:

— Алар кимдер, эжекеси? Даражасына жараша кулдук уруп кирейин.

Канымкей кытылдап күлүп ийди:

— Ой кызык, байке-е дес-се... Чекец жерге тийгенче кулдук уруп кир. Апай эне менен өзүндүн апаң. Башка эч ким жок... Ой кызык, кулдук урачаагын... Апдан корок, карачы, шарактап кайнап чыкты. Кур киргенден уялсаң, самоорду бетиңе далдоолой басчы.

Капысынан жүгүн жеңилдеткен Канымкейге мулуң эте, жигит лакыйган самоорду термеле көтөрүп, эшик ача алдыга өткөн карындашынын артынан босогону аттады. Төрдө байбичеси жанында, ийбаа сактай үлбүрөгөн келини берээк окчун. Экөөнө бирдецкелерди кобуран, сакалын сыламыш эткен Айылчыга, колунда жүгү бар неме, эңкейип жүгүнгөн калыбында:

— Атсалоом алекум, ажы аба. Ат-көлүк аман келдиңизби? — Салам айта кызгылтым бөйрөктүү оор самоорду жерге таканчыктатты.

— Валеки салам. Шүгүр. Кел, карагым, кеп бар. Апаларыңа кеңешип отурам. Бо, Сооронбай төрт дубан эл жыйылган зор топтон зоболосу көкөлөй кадыр-барк таап кайтты. Нарындын миң булагынан... Асили экөөбүзгө жердеш да болуп кетет... Уругу бугунун Тынымсейитинен... Атпай журт кыргызда кулак угуп көз көргөндөн теңи жок улуу манасчы Тыныбектин «Манасына» Чүй, Көл, Нарын манаптары Котмалдыга тонко тигилген сеңирдей өргөөлөргө чогулуп ара-чолодо кумарлары таркабады. Акыры топ бүтөрдө ар элдин оёну өңгө ырчы, комузчудан Тыныбекти өзгөчө даңазалап ээрчитип кетүүгө умуттонушту. Аны баамдап Шабдан баатыр мындай бүтүм угузду:

— Атпай журт кыргыздын мыктылары, ар кимибиздин пейлибизде Манас атабыздын арбагынын даңазасын көтөргөн Тыныбек жомокчуну ала кетүү бар. Ийри отуруп, түз акылга көнөлү. Илгерки Музоокедей талашпайлы. Бекер жаңжал чыкпасын. Кезметтештирип колмоколдойлу. Бу саам адегенде топ тараганда бакибиздин аксакалыбыз тынай элинин башы Сооронбай ага алпарып уксун. Анан, солтонун карысы Бошкой баатырга өтсүн. Анан, мына биздин атаке сарбагыштын айлына келсин... Анан... Көлдөгү арык тукумуна... Анан, кайтадан сарбагышка, анан, саякка барсын...

Акыры, ошентип, Тыныбек манасчыны алып, олжо буйлалуу кайттык. Түндө а касиеттүү жарыктыктын Манастын бала чагын чарныган жомогунан кирпигибиз ирмелбей уга берип, таң ык салганда тарадык. Бүгүн кеч Сооронбайдыкына тынайдын ой, тоодогу билермандары, көрөркөз айымдары, эрке балдары чогулушат. Малдагы катын чакалуу эки уулду азырынча жон кой, кийин мыктылардын суусуну канганда тууганчылап өзүбүзгө чакырып, ошондо угузалы. Бүгүн балабыз эмей эмнесиң. Сени апаралы дейбиз энең экөөбүз.

Байымбет сүйүнгөнүнөн кантээр алапайын таппай көзүнөн жалын үрөй жалжылдады:

— Кулдугум бар, ажы ава... «Козу тирүүдөн Тыныбектей чоң манасчы жок» деп бабам айтчу. Апарсацыздар мен жыргабадымбы... Тиги мыктылардын балдарынын ичинде...— Мукактанып «кантээр экемин» дегенди комөкөйүнө жутту. Айылчы аны дароо боолголоп айымы-

па кирпигин котордү. «Ырас эле, карачы, кийиминин жупунулугунан айбыгып жатат курган улан». Эринин жаңдаганын жаземдебей аңдаган байбиче кашкая, Байымбетти эркелете сүйлөдү:

— Салыктагы сандыкта тоодогу агаларыңдын сыйга тигилген сарпайлары бар. Абаң экөөбүз, чырагым, сени тынайдын мыктыларына жасалгалап көргөзөбүз.

* * *

Байымбет жетимдиктин устокко-бостоктун соккусунан жилкини түгөнүп... көр оокат эптеп өтөөр, көңүл жарааты айыкпай өмүр бою чүпчүүр бекемин түпөйүлдө абагер чегип, маанайы пас маалында мындай күлпөткө дуушарланганын кандай жорумакчы. Бакыт кушу деген тилесең, зарласаң көзгө илинбей, жеден үлбүрөп үзүлүп кетээриңде, сыртыңдан багып жүрүп, капилет башыңа кончу кайыппы?

Жамандыктын, азаптын ачуу тузун татканадам гана жыргалдын баркын даана баалаар... Анын сыңары Байымбет Айылчыны кызыр алеку саламдай ага жеткизгенине жаратканга миң ирет ичинен тайынууда. Аны ээрчип Чүйгө келгени биринен сала бири куюлушуп, эңсеген дилин жагалдантчу жагдайлар түзүлгөнүнө курсанг. Ал курсагы ачса, кийими тозсо кайыл эле. Бирок, минтип көңүлүн эргитчү жан азыгына сугарыла баштаган рахатын кантип ченесе болот.

Жумгалдан аттанганы Кочкордо кенен өргүгөндө, узак жолдо, Жээренчи чечендей акылман Айылчы ажы аны баласыптып, жетимсинтпей жумурай калайыкка анын ичинде өзүнүн ата бабасына таандык, унутпай айта жүрөрлүк сапжыраларга тундурбадыбы.

Кыргыз, казактын санжыргалуу салтын сактаган айымы эринин таалимин өрчүтүп... Жалпы түрк тилиндеги ааламга белгилүү дастандардан тереңдетип сабак бербедиби. Дастандар аны керемет дүйнөнүн ар уруу катаал, жыргал, өксүгөн, өнүккөн турмушуна каныктырып, сезим байлыгын оргутпадыбы.

Анын китеп дүйнөсүнө чалкыган жашыруун сырын ажы абасына айымы баяндады бекен? Ай, үлгүрө электир. Ар урунтта бабасы Музоокенин айткандары эсине калкыйт. «Катын жакшы — эр жакшы, обозгер жакшы — хан жакшы». «Аялы жакшы чыкмайын эр жигиттин иши оңолбойт»,— деп бирөөлөргө эскертип отурганын көп тың-

даган. Айылчы абасынын ишинин оңолгону, Апай жубайынын мыктылыгынан го. Айттырбай ичтеги сырды тапкан, үй тирилигин ачуусуз, карбалассыз тейлеген аземдик булардын жашоосунун жарашыгын, адамгерчилик паразатынын бийиктигин айкындоодо. Баарынан, асылзаада эрди-катын экөөнүн тең, айтор, ким билет, жетимдин идиректүүлүгүн, ыймандуулугун байкагандыктанбы жан тартышып, ыкласы түшкөнү Байымбетти балкытууда.

Улуу манасчынын урматы

Ажы абасы менен Апай апасынын улам кийинки сүйөмөлөрү, мына, эмки кастарлуу мыкгылардын тобуна, атагы таш жарган Тыныбектен айкол Манастын жомогун угууга куштап-үчтоп апкелгендери Байымбеттин төбөсүн кокко жеткиргендей маашырлантты дейсиң! Ким билет, бүгүн андан ашкан таалайлуу жан бу чөлкөмдө бар бекен? Арийне, улагага тепейген жолбун жетимдин оозунун салуусу акыры мындагы чиреген дөөлоттүүлөрдүн бакисинен артык түшөөрүн, шык уялаган жан жүрөгүнө бүгүн ыр үрөнү себилип, алардын ичинен шаңшып жалгыз гана улуу сөздүн канаттуулугун, өлбөстүгүн болочокко далилдеп коколоп сызаарын азыр эч ким болжой да албас.

Тыныбек кайда, ким менен отурат? Анчалык дацазалап, Сооронбайдын жашы улуулугунун урматына колкого, жалпы эле тынайлардын арбагын котөрүп дубандык жыйындан коштоп келинген соң айыл ырчыларындай капшытка сүрүлбөс. Келбети өзгөрдү бекен? Байымбет улуу создүн уңгусуна анчейин назар сала элегинде Музооке баба колтугуна шынаарлап Тыныбекти эки мертебе көргөп. Алгачкысында... Соң-Көлдүн кылаасындагы «Манастын таш тулгасы» ошо күндөн ушуга дейре орногон бойдон турган жайыкта, тойбу, ашпы, толук эсинде жок. Ат чабылып, улак тартылып, жамбы атылып, эр сайыш, эңиш, балбан күрөш аяктаганда манаптын өргөөсүнө чогулушкан. Табактар тартылып, суусунга кымыз шыңгыта ичилип жайланышканда үй ээси Музооке карынып күүсүнөн баштап, аягын жанындагы ажарлуу бакжайган Тыныбек дегенге таштөөсүн суранган...

Кийинкисинде Чородогу Келдибектин ашында быкылдаган көп элдин арасын жара Тыныбек алда кайдан кар-

кылдан, аксакал Музоокеге алыстан салам айта жетип учурашканы, анан, эки ыйык өнөрпоз жанаша шыпаарлашып санжырадан, уламадан кеп чубап, кетер-кеткенче бири комузун таңшытса, экинчиси манасын күпүлдөтө айтып шаңып арттырышканын билет. Көрсө, чоң өнөрпоздор бири-бирин эңсейт, барктайт бейм...

— Ай далымдан сыи кетти, алакандан күч кетти. Жүрү, балам, мага огожо бол,— деп бабасы тепейтип аны ала барчу. Так ошондо азыркыдай сөз кунун кууп кумарланган чагы болсо Тыныбектен далайды кулакка илбейт беле. Бабасы экөөнүн апта бою ажырашпай чогуу жүрүп, чогуу түнөп, бүтпөгөн маегин толук тыңдап көңүлгө түйбойт беле. Кыргызга катылган жоонун катыгын берген, ишенде жок баатыр алп Манасты келиштире сыпаттаганда бала Байымбет таңыркап тыңдаган сайын, жалгыз Тыныбектен болөк башка бирөөгө андай акындык жарашпоочудай маашырланган ошондо.

Эмичи? Эми анын борбую катып торолгон. Далай элди кезип, кыйла аскар-дабандарды ашып, ата-жотосунан айрылып, көксөөсү суун, көмөкөйү каткан учур. Чала-була козу ачылып, Апай эненин бапестеген китептерин окугандан тартып, жанын канаттуу сыйкыр жылоологондой ой түйгусу удургун, акылы өскүлөң тарткансыйт. Атаганат, Тыныбектей жомокчулары бар кыргыздарга гана эмес, Манас дастаны төгороктүн төрт бурчундагы башка элжуртка маалимделсе деген көксөө көкүлүнүн алдында кылтыюуда. Кантип, ким жеткирет? Ал мүдөө бадырайып калкыган менен капалуу көңүлүн сооротоорлук жоон табууга Байымбет али дараметсиз.

* * *

Сооронбайдын короосунун алдында унаачаны, жоосу дебей котологон калк. Байыраак дөөлоттүүлөр болок-бөлөк калдая топ түзүп окчун топтолууда. Букаралар карбаластап, куугунтук жебөө үчүнбү, урук-жуураты менен шаанилүү, аттарын өкүм бастырып, топтолгондорду жирей токтоп, ооз учунан желпинген саламдарына ызы-чуу алик алгандарга бийиктен жылмайгансып текебердүү мүнөз ойното чыртыйышкан дөөлоттүүлөрдүн суулугуна жетип, сүйөп түшүрүшө, буюрганындай мамыга же куюшкан байлаштырышып декилдөөдө. Алар куштап чакырылгандарга кызмат кылып, кыябын таап Манасты угушса, ыраазы.

Ажы абасы, Апай апасынын катарында лепилдете бастырган Байымбетти да малакайчан эки жигит жүткүнө чуркап, колмо кол көтөрүп түшүштү. Тобо, өзү бироонүн иретесинде жүрүп, ээлерин коштоп келгендиги үчүн эле ушунчалык урматка бөлөнөбү. Карылар мезилдегендей опасыз оомал-төкмөл дүйнө чиркиниц ушубу? Сыртта казганактагандардын мартабалууларын даражасына жараша жигиттер чет четинен дүргүтүп короого киргизе башташты. Айылчы улуулай ар тонко басып барып учурашып, кээсине сөз ката кебилеше көпкө кармалды. Наркы ошондойбу же чакырык кезмети жеткенче эцирейип карап турбай алаксыйын дегениби. Байымбеттин чый-пыйы чыгууда. Деги орун жетпей тышка сүрүлүп калышпагай эле. Ана, Айылчы абасы эми ара бери бурулуп, аялдардын курчоосундагы Апай эненин жанында үрөйгөн ага жакындаганда:

— Жүр, байбиче, уулуц экөоц,— тебетейин кыйшайтыбыраак жанып, чакырыкты күтпөй эле адымдады.

Рабат дарбазанын оозундагы кылыч асынып чочмор кармаган күзөтчү алардын астындагы жай майпайышын күрсүйгөн беш-алтоону, сыягы, байлар болсо керек, торгоду:

— Жол бошоткула. Ажыдан кийин киресицер. Байлар ток букалардай ыштыга четке кетенчиктегенде:

— Ажы ага, мархамат. Рахим этициз. — Күзөтчү Айылчыны, анан, соцундагы байбичени ийилицки узатып, акырында, ичинен кыпылдап Байымбет отоордө: — Ой, кайсы мырзасыц?—деп күлдүрттой шыбыштап, көзүн кысты. Байымбет апкаарып, унчукпай нарылады. «Атакөрү, минтип мырза болуш да оңойбу? Жо-оок мырзалык мага жарашпайт».

Аш, тойдо да эл мынчалык дандуулата элеңип, катуу төзге салынбас. Кыязы, Манасчынын бедели бийик өцдөнөт. Болбосо, калайык мынчалык неге топурасын. Деги, кобу — жарды, кембагалдар. Аларды эшик күзөтчүлөр жибербей коюшса, «жээликкеп таз, демицди бас» болушабы? Байымбеттин аларга боору ачып, ирээти менен ирегендердин аягында киргизишээр деген үмүткө сооронду.

Узун далиске шыкалышкандарды биерден да тыяккыбыяккы болмөлөрго тандап жөнөтүшүүдө. Айылчыга алдыдагылар сыгылышып жол бошотушту. Түпкөрүдөгү зацгыраган жайдын төрүндөгү олпоктордо сейрек тизмектеше локуйган соолоттүүлөрдүн чок ортосунда тирүү Ма-

настын өзү сымалданган алибеттүү, кара сурунан калжайып, төшүн жапкан узун калтар сакал Тыныбекти Байымбет дароо тааныды. Бала чагында бабасына шынаарлап чукул отуруп көргөндөгүсүнөн сүрдүүрөөк. Чокусундагы ак топусун шаңкайтып, сургулт кемзелинин жеңин коломочтото уңгулуу сөздөн маектөөдө. Астында сыр аяк. Оң ыптасында кулагын төшөп, колтугу толо куш жаздыктарга кыңкайган карт Сооронбай. Сол каптытында көртме мурут, суусар тебетей, ноотусубу, баркутубу, жапжаңы, куйгандай чак көк кемсел, кемер кур, сагдыян жалтырак өтүк жаш жигит Дүр экенин болжоду. Ичкериден орус таалимиңде гимназияны бүткөн соң, тилмеч катары ак падышанын төрөлөрүнө Токмок уездинин баш мәнабы атасы Сооронбайдын баркын тааныткан, өзү да жакты. Дүр кичи катындан экендигине карабай, Сооронбайдын байбичесинин балдарынан тың чыгып, бара-бара бийликти карт ата ага тымызын жылдыра баштады,— деген каңпаар чындай.

Анан, калгандары орто, чакан манаптар, уруу аксакалдары, акылман жан жөөкөрлөрү экени белгилүү. Айылчы оң канатка төртүнчү болуп жайгашты. Апай эне чылкый үлпүлдөгөн ак элечек байбичелер чокмоктөшкөн ыпта жакка ыкты. Ортодогу ачыкта калы килем ажарланууда. Апай эненин жаңдоосу боюнча Байымбет босого жактагы кең бурчта эдириңдеген балдардын четине эпейдин. Дардайган бөлмөнү түптөй кыдырата кепеп-кесири отургандардын баарына Тыныбек даана бадыраюуда. Байымбетке андан артыктын кереги не. Моюн созсо, башка бөөлмөдөгүлөр быжырап батпайт.

Эшик агадан «ичке кирүүчүлөр бүттү» деген кабар жеткенде желбегей кымкап чепкен жамынган ата манап Сооронбай Тыныбекке коз кабын балбырата, үлүңдөдү.

— Баштагын.

Аңгыча сырттан бака-шака, кыйкырык, сүроон жаңырды. Жабалактагандарды тосуп, дарбаза жабылганда жаңжал башталганы ичтегилерге маалымдалды.

— Тузга жуттуккан койдой жалчылардын бу неси? Аларга эртең «чоң өргөө» тиктирели. Тутууларын сыйрып, тегеректей отуруп тыңдашсын томорлор. — Сооронбай жашыл макмал топулуу башын көтөргөн калыбында эшик агага олупду. Ал наркыга, наркы буйрукту ар жактагы дарбаза күзөтчүлөрүнө заматта жеткизип жардады эле көпчүлүк кайра толкуду. Кары кишинин ачуулуу айкырыгы үйдөгүлөрго угулду:

— О, мыктылар, Манас — элдики! Киргизгиле букараларыңарды короого!

Турпаты далдайып төө сымал, жөө күрөшкө чыга калып, амалдуу ыкмачыларга гана алдатпаса, анчып-чанчып кара күчү менен далай балбанды көмөлөткөн Мамбет атуу жарды жигит албууттана айкырды:

— Капканы ачкыла дейм! Жаки болбосо, жөөлөп сындырабыз же коргондон секирип түшөбүз. Күзөтчүлөрдү күм-жам жайлайбыз. Манас жеке мыктылардыкы эмес, атпай журт кыргыздыкы. Көпчүлүккө угузбай чыдап көргүлө. Чатак чыгат, баякелер!

Жүткүнгөндөр жапырт коштой күүлдөштү:

— Чатак чыгат! «Манастан» калганча олгонубуз өйдө!

— Киргизгиле! Киргизгиле!

Ичтегилердин кээси ээнбаштыкка кыжырлана да, кээси сабыла да Сооронбайдын өкүмүн күтө үрпөйүштү. Сунала, сөөлөттүү манчыркаган Сооронбай санын мыкчый комдоно обдулду. Көк ала, суйдаң сакалын жулчудай тутамдап «сенин саатың» шокөттө Тыныбекке акыйды. Тыныбек анын жекиргенине кебелбей жымыя карк этти:

— Эл-журт өзүңүздүкү баатыр. Манас журттуку. Тигинтип, эшикке ызы-чуу түшүрүп, мындагыларга бөгөт болтурбай, Манас арбагына сыйынганы чогулгандарды киргиздиргениниз жөн.

Өкүмдарга тайманбай шамыян кайрып, теңдеш жүйөөлүү сүйлөгөн манасчыны отургандардын далайы купуя жактыра карашты. Ал го букаралар таламын талашып, жүроктүүлүк кылды. Айбаттуу ата манап не дейт? Сөзүп иликке алабы, же... О, ыңжыңсыз тынымды обдулган боюнча ачуусу тарай электе кастарлаган манасчысынан кагуу жеп ката түшкөн манаптын каргылт доошу бузду:

— Ай, Тыныбегим, болбостур, болбостур. Куу туяктарды экинчи эшикке жологус жалкытсамбы дедим эле. Касиеттүү Манас атанын арбагын оозанып ийдиң, баш айрылып, көз чыкпасын. Топураган куу туяктар жай киришип, тынч отурушсун короодо. Терезенин кашеги, болбосо, айнектери чыгарылсын.

Сооронбай туталанып, дарбаза ачылганда дабыраган-дардын аягы тынганча, терезе алынганча сумсайып, жана обдулган калыбында чөгөлөгөнүн жазбай, ээгин тутамдаган колун эми арак тайгылтып, сакалын селк эттире серпти:

— Манасчым, башта эми.

Каардуу карт манапка кадыры өтүп, мөрөйү үстомдогонгобу, Тыныбек жайдандан оң-сол мүрүсүнө алмаксалмак бурула, калтар сакалын жаный болмөлөрдө, сыртқы короодо үймолоктөгөндөргө салгамдашкансып күбүроду. Байымбеттин жанындагы өспүрүмдөр бирин-бири нукуй шыбырашты:

— Тоб-о, бул неси?

— Манастын чоролорунун арбагына сыйынып атат.

— Ооба, сага... Өзүнөн болөккө көрүнбөгөн эки ийнинде балтыр бешик баладай жылацач эки периште ойноп турат дейт чоц Манасчылардын. Ошо периштелерине акылдашып атпайбы.

— Чына чын. Мен да уккам. Жон кишиден манасчы чыкпайт. Сыйкыры бар, карабайсыңарбы келишкен келбетин...

Тыныбек мүрүлөрүнө «кеңешип» бүткөндө сустая түнөрүктөп, өзүнөн болок жан жоктой, моюнун көтөрө созула оццонун кандайдыр алыска ормойду. Өзгөнү ким билет, бурчтагы бүт назарын буруп кумарлуу караган Байымбетке жазы жаагынан тал-талынан куюлган жайык сакалы өцүткө камынган жолдуу арстандай сүрдүүлүгүн арттырды. Анысынан да олжосун баамдап тике качырган-дай кец көкүрогүн дагдайтып, көшүлгөн кирпигин серпкенде алагар көзү балбылдап, эмелеки балдардын сыйкырдуу дегенин апыктагансыды. Угууга ынтызар ичте, сыртта шыкаалаган калайык, манасчысы алгыр арстандай секирүүгө колтугун керип, белиндеги кемерин жарк эттире күроктөй алаканын котөргөндө, ага кошула чуулдап: — Оомийин! — дешип бата тилешти. Бу жосун өзүн дастандын сапарына аттанууга, элди угууга даярдаганы.

— Баатыр, түндөгү токтогон жерден улайбызбы же болокчо курайбызбы? — Манасчы Сооронбайга соз кую-луштура суроолуу күлдүрттөдү.

Манап курушкан кучунаты эми канчудай отургандарга угуза карт доошун каргытты:

— А-а баракелде... Кеп ушунда, манасчым. Биздин «Манасты» өзүбүзгө гана айтасың. Кечээ тээ Алтайда Жакып чал көрүнгөнгө таланып куучуюн куруган чагында кан чецгелдеген уулу туулуп, атын Манас койгонун, аябай тойду сойгонун... Анын тентек чыгып, атасынын жоосун жолотпой кууганына токтогонсуц. Эр жетип, мына биздин Ала-Тоого оон, чачыраган кыргыздын башын куран, жоодон коргон олгөнүнө чейин. Андан Семетей,

андан Сейтек тукуму жолун жолдогонун, о-уу качан бүтөр экенсиң? Ансыз менден кетпесиңди билесиң.

Тыныбек көрктүү сакалын жайкаңдата дагы эки мүрүсүнө оң тетири окурана жооп кайтарды:

— Баатыр, ал бир кудаага маалим... Мүмкүн, ай моюндап барар... Мүмкүн, андан да созулуп кетээр...

— Болуптур. Биздин «Манасты» шашпай, ай болсо, айлап, жыл болсо, жылдап жетээр жерине жеткиресиң. Бүгүнкүдүү букараларыма жоруптап, арабок кыскарта чап. — Сооронбай эмки үстөмдүк озүнүкү экенине корстон боло ачык терезени карай эргип моюнун котөрдү:

— О-у, жарданган журт, мынча дүрбөп чогулган соң, силер үчүн Тыныбекке бир түндүк Манас айтууга руксат. Ошого ыраазысыңарбы, же-же...

Угулар угулбас күңк-маңк соз мууналып акыркы «ж-ж-е» деген каарынан чочуладыбы, короодогулардын арасынан картымак үн кирилдеди:

— Байым, ыраазыбыз.

— Оп баракелде. Эртеңден ээнбаштанып меңин эшигимс топтолгонду койгула. Эми тынчтанып, талбай угуп, таң сүргөндө тарагыла.

«Биздин Манасты» толук, айлап, жылдап, а букараларга бир түндүк, чолун айт дегенди биринчи мертебе эмес, дөөгүрсүгөн манаптардан мурда да эшитип бышы кулак Тыныбек тырчыган жок. Антсе чатак ырбап, өзү ыза, кордук тартуусу кадиксиз. Кашектери алынып салкын жел соккон ачык кош терезе таранка сызып жөнөөчүдөй кулачын жая бир түндүк чукул учушка Манастын, Каныкейдин, чоролорунун, тулпарларынын, курал-жарагынын, кийим жасалгасынын, кыргыздын жоолору менен дөсторунун сыпатын гана чолууга, ошого да улуу дастанга суусаган элди кандыраарын болжолдоп, короодогу моюн созгондорго гана түгүл, тай чабымга даана угулаар жарым кылымча такай ырдап кардыкпаган ажайып доошун каркылдата калкытты:

— Э-эй, журтум,
Арыстан Манас атаңар
Арбагын сыйлап жашаңар
Сымбатын сырдап айтайын
Жазылсын ичтен капаңар.

Алмамбет, Чубак чоролор
Манаска тирек зоболор.
Кыргызды кырам дегендер
Кыйрап озү жоголор...

Манасты бир отурушта жалпылай маалымдан калайыкка жеткизиш үчүн, атайлап бул кириш сөзүн каргытты.

— Баракелде, касиетиңден!

— Үнүңдөн шаңшыган!

Мындай кубаттоолорго такай шерденип, дасыккан манасчы, ошо сүрөө, ураан чакырган сырттагыларга тегиз жеткенине ичинен кубаттана Манастын келбетин эргип сүрөттөдү.

О журтум, Манас
Пендеден артык туулган...
Душманга салган чуулган...
Асман менен жериңдин
Тироосүнөн бүткөндөй.
Айың менен күнүңдүн
Бүлоосүнөн бүткөндөй.
Алтын менен күмүштүн
Широосүнөн бүткөндөй.
Алды калың кара жер
Жердигинен түткөндөй...

Акындын кең көкүрөк, жайык мүрүсү тоо башатындай заңкайып, бүпбүтүн аппак тиштерин кашкайта куюлушкан ыр саптарын чубурта жөнөгөндө илеби ысык түркүн салыштырмалары тоонун тунук шаркыратмасынын чачырандысындай бүркүлө, сакалы түпөктүү токойдой удургуп кээде жапырыла, кээде селкилдеп укмандардын көзүн сыйкырлай, тээ ата-жууратынан бери эл коргоп ыйык даңазаланган баатыр Манастын кереметтүү сымбаты ар кимине тирүүлөй элестелип, жүрөктөрүн чымырата, коңүлдөрүн жубантууда.

Баатыр Манас хандыңар
Байкап кулак салыңар.
Кандай түрдүү иш кылган
Кабарын угуп алыңар.
Барчын Манас башында,
Баатырлык кылган жашында
Кыраандык кылган баатырдын
Кырк жайсаңы кашында.

Кыргыз эл болгону, алмузактан бери улам улуу дастанды эңсеп, эргий тыңдагандардын көбүнө Тыныбектей касиеттүү чыгаан өнөрпоз адам гана эмес, бүткүл Ала-Тоо тулкусу күңгүрөө аны коштоп, асман ата тилге келип жомоктоп жаткандай туюлууда.

Манастын Аккуласы, Аккелтеси, Сырбарацы, Кумайыгы, Желмаян Ак ингени, ок өтпос Чопкуту, Ак олпогу, баатырга бап келишип, анын көркүн, сүрүн гана арттырбастан, ишин оңуна салган таалайына жаралган колдоочулары. Ар биринин Манаска гана белгилүү, Манаска гана ачылуучу сыны, сыры бар.

Ошонун баарын оолжута сыпаттап адамда жок коңур үнү кубулжуп ар окуяга карай сүрү, кыймылы өзгөрүп Тыныбек үйдө, сыртта быкылдаган көздөрдү жылдыздай жымыңдата өзүнө оп тартып таманы кызыган тулпардай ээликти дейсиң, оозун ача момурайган манаптан тартып бүтүндөй арбалган жан анын кулу сыяктанды. Үйдө, тышта быкылдагандардын ким-кимиси өзүнчө манасчынын сыйкырына туткундалган. Көптүн бири катарында коңулу ийип, адегендеги чоочун чойродо кысынганын небак унуткан Байымбет эркине ээ болбой, күүгө эриген бийчидей Манасчынын кубулган ажарын тууран, обон ыргагын, олчойгон сүроттүү сөздөрүн көкүрөгүнө көрөңгөдөй куюп, купуя кошо күпүлдөп, Манас менен Тыныбекти ээрчип чогуу жүргөндөй чайкалууда. Манастын даңазасын ашырып, акыл кошуп, жоосун жоолап, элине каралашкан Алмамбет, Чубак, Кошой, Бакай, Сыргак шерктери, Капыкейдей айымы тууралу бөлөк-бөлөк аземдүү каргыткында жомокчуң түшкүр алардын кубанычында куштай калкып, кайгысында буркулдап жаш төгүп, кайра бел байлаганда томсоро сурданып, Тыныбек көз боочудай тыңдаган калайыкты миң алакетке буроодо.

Азап, күрөш менен талоончу, кыргынчы жоодоп калкалап, жакын элдер менен куда-соок достоштуруп кыргыздын учун кецитип, уругун улаган жоокерчилик заманындагы айкол Манас баштаган кеменгер эрлердин көбүнүн өмүрү салгылашкан кан майданда кыйылганын... Алардын элин коргогон, касынан өчүп алып, тукумдары: Семетей, Күлчоро, Сейтектердин далай кордук, сыпоолордон кагылып, жетилгенин миң кубула сайраган Тыпыбектин дастанынан, айрыкча, букара журт бир түн болсо да угуп, куу түйшүктү унуткарып... кумардан чыгышты белем.

Кызыганда ордунан окторулуп кең көкүрөк келбеттүү боюн келиштире күүлөп, окуянын түрүнө карай жазы дидаарын болкулдата ийип, жыйрып ийлей, бадана көзүн бирде каардуу бакырайта, бирде жашылданта, бирде амалдуу кылыйта, эч уйпаланбас көрктүү кылторко сакалын силкилдете жайкай, ыры менен кошо денеси эрип,

күчөй сайраган Тыныбек, о, асмандан кошулгон жарык себилгенде тынып тыңдаган калкка ыргагын буруп, балкылдаган алкымын кере күрсүндү:

О-у журтум! таң сүрүлдү кылайып
Талыдыңар сырайып,
Тоодо, түздо ишиң бар,
О, журтум, тарагапың ылайык!
Атаңар Манас жомогу
Ай бою бүтпойт кылайып.
Ар кимиңде оокат бар,
Аста-секин жылалык.

Айтуучу жардабаганда угуучулар уюган бойдон отура беришмек. Баракелде онордун сыйкырыпа! Бир адам ушунча калайыктын көзүн боёп, коңулун байлап, каткаксыган жан-дилин жибите сугарды белем. Улууну сыйлап, кичүүнү жумшап, баатырларын жасалгалап, жарды-жалчыга каралашып, акылманынын пасаатын угуп, уз, усталарын бапестеп, ырчы, чоорчу, добулбасчыларын көч, кол астына чыгара урматтап жашаган байыркы бабаларынын тирлигине көлкүштү. Үйдөгү мыктылар каада сактап ыңгырана каалгыганча, тыштагы жардылар жапырт козголо күүлдой Тыныбекти алкашты:

— О-омийин! Манастын арбагы колдосун!
— Тыныбек акын, кор болбо!
— Уулуң уласын өнөрүңдү!
— Теңир жалгасын!
— Кызыр жылоолосун!

Тыныбек олбурлуу боюн созуп, терезеден обдула көпчүлүккө телмирип, саймалуу оромолу менен терге, жашка жууган кытаттагандай кыл көрктогон кажарлуу жаагын сүртүндү.

* * *

Токмок уездинин элинин ой, тоодогусу дебей жапырт укмуштуу манасчы Тыныбектин Сооронбайдыкына кыштаары жөнүндө дүң көтөрүүдө. Алигинде мыктысынын короосуна батынууга үлгүрүп, Тыныбектин өзүн көрүп, өлөңүн тыңдаган жарды-жалчылар чечекейи чеч көтөрүлө жабырашат. Жашыраактары:

— Бир арман, касиеттүү Тыныбектен Манасты башынан аягына дейре уксак эмне. Убалыбыздан коркпойт байыбыз,— дешсе, мындайдын далайынан кагылып, маа-

пайы пас, таман алдындагы бетегедей тебеленип көнгөн карылар аларды жооткотушат:

— Ошого шүгүр дегиле. Сооронбай олуябыз каардансa, ошондо эле короосупа башбактатпай, терс аяктангандарыңдын терицерди сыйрытып, жигиттерине сабатып кубаламак. Пир колдогон Тыныбек «Манас элдики, чогулган букараларыңды киргиз» деп өзү кийлигишиптир.

Аз болсо да саз каркылдап, тири укмуштай тилин жаңшады. «Жети күнкү жаандан желип өткөн суу артык». Байкасаңар, бир түн да болсо, калдайган калайык, бизге чечилип төгүлдү. Топуктангыла, балдар.

Алиги түндө Тыныбекти угуп, көрбөгөнү эңсеп, дүрбөгөндөрү көбөйдү. Анткени, алар улуу манаптын жардыгына иниш-инишпеп чочулоодо.

— Биздин Манас, Семетей, Сейтеги менен бүтмөйүп айыл аралабайсың, тынайдын тың бастырган тебетейчөнинин баары кезметтешип, мында күнү кур калбай күүгүмдө чогулушат. Өтө кечигип баратсаң, үйүңө тил акыңды топтотуп айдакчы чаптырабыз. Бизден кийин кезек алган төмөнкү сөлтолор сени акыйын күтө турар. — Сооронбай Тыныбекке текиреңин түгөтө так кесип эскертти. Ал эми «Манасты» түгөл угам деген орто оокаттуу дымактууларга уруксат эткендигин: кезметтешип күнүгө союш, жолдуктары менен Манаска тайынууларын буюрду.

Ошондон соң колунда бардарлардын марттары атаандаша, кээси эки энени тел эмген тайларды жетелете, айрымдары куйругу кучак ириктерди өңдөрүнө, ага-ини, балдарын, байбиче, келин, кыз кыркындарын кызыл-тазыл үлпүлдөтө кийинтип шаан-шөкөт менен, алдын ала баланча-түкүнчө баратканын маалымдап калдая бастырыша Сооронбайдыкын беттөөдө. Малы ыңкыган сасык байларын бөлөк атап, союштан тышкары өзүнүн, обозгерлеринин, манасчынын чыгымын төлөөгө бүтүм кылды.

Мыктылар күндүзү Орусиянын оторчу төрөлөрүнүн окүмдөрүн аткарууга, калкка чачылган алык-салыктарды өндүрүүгө, куда сөөк, чарба иштерин тескөөгө алекеттенишет. Кечкисин жалаң Сооронбайдын урук туушкандары, жан жөкөр кеңешчи, жигиттери, айыл башы ак сөөктөр жана ага умтулган жуктуураак орто чарбалардын даражасына жараша топтору Сооронбайдын жаңы тургузулган кенен тамына үлпөт куруп, сый тамакка карктанып, уламалуу Манас угуп сөөлөттөрүн даңазалоого өтүштү.

Тыныбек күндүзү уктап жанын сеп алдырат. Жалбы-

рактары самсып түшкөн коруктагы бакты аралай басып же короодогу дөңгөчтөргө отуруп күн өткөрүүгө тийиш. Жанында азырынча сонуркап Сооронбайдын кары-картаң туугандарынан жүрөт. Манап жана бийликке машыгып жүргөн уулу Дүр кечки тамашасына гана келишет, күндүзү жолошпойт. Сооронбай айтканынан кайтпаган кок жал. Бул аймакта анын бүтүмүн эки кылчу ким? Колго түшкөн күнөкөрдөй, курган Тыныбек бара-бара зериксе экен?

Айылчы байбичесинин маңдайында чай ичип отуруп ушул ойлорго термелди. Анын эркине койгондо Тыныбекти эл аралатмак. Өзү да үйүнө меймандамак. Өкүмдардын дегенине конбоско арга жок. Сооронбай ашкан куу. Тыныбектин кончулукко умтулганын, окус баш коё берсе, сасык байлар да озунчө тайып, жолдугун жасап, кул-кутандарынан өйдө топтоп айттыраарын, анда аныкына чогулчуулар, чыгым топтоочулар азайып, манасчыны жалгыз озү күткөн баркы басаңдаарын алдын ала сезбедиби. Анын устүно, күндүзү эс алганы Тыныбектин өзүнө жакшы. Азыр манасчы жалгыз ата манаптыкы. Манасты топорлорго айттырып кадырын түшүрсүпбү. Калгандар соогатчы, саламчылар. Сооронбай жоо чаппаса да, Манастын жолун жолдоп, элди башкарган баатыр сезет өзүн. Жомокчу Манасты даңктаган сайын Сооронбай кербезденип оз золоюсун көкөлотүп аткансыйт. Алмамбет, Чубак, Кошой, Бакайдай чоролор анда да бар. Алардын бирөө Айылчы. Семетейдей атасынан артып-түшчү мусулманча да, орусунча да окуган жетик уулу Дүр козүнүн тирүүсүндө эле коп тизгинди алууга даяр. Тыныбектей сыймыктуу манасчыны байлап-матагандай антап-жиптеп түпөтүп, эцкейин бараткан Сооронбай кунуя эч жанга айткыс сыр катары сыйынып алгысы да бар. Ошондуктан Тыныбек зор манаптын торүндо гана сайраш керек. Бир журтта бир гана кызыл тебетейчен болот. Атак, доолөт жеке гана ошого конот, ошого багышталат.

Айылчы акйминин амалдуу кылыгын талдай жоруду. ...Ал каптсе да Тыныбекке жан тартып, ага шыпаарлоонун айласын ойлоштурууда.

Чайы небак шыпкалып бош пиалаңы чий боорсок додолонгон дасторкондун четине койгону качан. Өмүр бою эч зарыктырбай шып илүүчү айым пестей далдайып караманча баамдабайт. Же ал дагы манасчыны күтүпүп, үйүнө келтире албай калган эринин сабылганын боолголоп, жайына коёюн дегениби? Жо-о... өз сапаасы бол ал-

дыдай. Негедир өмүр бою жактырган эрине али лаззаты өчө элек сурмалуу бото көзүн коймолжутат. «Тынч». Карылык секиндеп кээде каңырышына чалдырган кулагын тоссо, кандайдыр балдардын каңылдаганы угулгансыды. «Ыр жандуу курганым, элейгениң ошобу? Тыңда. Чайды анан деле ичермин». Айылчы кайрадан «Апай байбиче», «Апай жеңе», «Апай эне» аталып кеткен зайыбынын кырчын, такыячан Нуртай кыз кезин эсине түшүрдү. Келгин жигит Сооронбайга кызматы жагып тез ишенимине бөлөндү. Жашы отузга чукулдап оолжуган чагы.

— Алмамбет сындуу айлыңан качып, мени көксөп келип, акылың, шылуундуруң менен жактың. Тектүү жердин кызына үйлөнтөм,— деп Сооронбай Көк-Ойрокту жаңаша жайлаган улуу жүздүн барктуу байы Тажыбайга жуучу түшкон.

Башынан тааныш кыргыз манабы Сооронбайдын кадырын кыйбай, ан үстүнө, Айылчы уланды ынатып, кудасөөктүн салтын айтқан. Кастарлуу казак кудасынын жүйөөсүнө көнүп, Сооронбай Нуртай кызга калыңы мындай турсун, бир жылча күйөөлөтүп жүрүп, акыры той түшүрүп, алууга макул болгон.

Ошол жыл маалында даван ашып, дарыя кечип, төкөй чер аралап, жүрөгү элеп-желеп Нуртайын эңсеп нечен ирет жоро-жолдошу менен Айылчынын күйөөлөп баргандагы шаан-шөкөттүү жыргалы тагдырынын тал чокусундагы чолпонундай жанбады беле. Мына азыр дагы, кайдан-айданын ким билет, ошондогу өмүрүн нурданткан өчпөс жылдызы кайра жангандай эсине кылт этип карт көөнүн жашартып отурбайбы.

Кымча бел, акжуумалынан маңкайган ботокоз Нуртай бийкеч кыргыздын айтылуу манабы Сооронбай менен казактын кастарлуу султандай өз атасы Тажыбайдын күйөөлүккө шерттешкен азаматын жеңе-желпилериниң коштоосунда а дегенде сыртынан көрүп сетиркей сыр бербей опкоолжуп, анан, жүздөшкөнүндө кер мурут сымбаттуу жигиттин талтөөндөй илептүү сөзүнө муюган. Дал алгачкы жүздөшкөндөн тартып, Айылчынын акылын арбап, ашыктык арзуусун арттырган. Нуртай өңүгө кыздардай уяң кабырылбастан, жигитине бурала басып, бажырая ыктаган. Анын сөзүнө жооп кайтарып, кайта эркелей табышмак таштай, жарын сынап, жеңелерин жандатып, ырчы, күүчүлөрдү чогулттуруп шаанылүү шайырлыкты сүйөрүн айкындаган. Айылчы колуктусунун шетиндеги кыябын түшүнө, казан-аяктын гана катыны эмес, түбо-

лук эрке жар катары куштап багаар аптып бекемдеген. Ошол күндөн ушул күн Айылчы сөзүндө. Ал канчалык Нуртайым деп эрке туткан сайын, эринин ийин жандырбай, оюндагысын каш кирпигинен түшүнүп, ушу тапка дейре көңүлүнө кир жугуза элек. Жеке ал тургай эл журту сыйлап, дидаарынын агыш, мүнөзүнүн асылдыгынан «Апай» атка конду. Айылчы да Апай байбиче атайт. Мына ошол Нуртайы — Апайы ыр, күү, обонго ышкыбоздугун эмгиче койбоду.

— Нуртай,— деди Айылчы жаштык ыкласын козгой, — кайда, кимдин ырын тыңдоодосуң?

— Сенин, Айылжан. Качанкы күйөөлөп барганыңда менин, сенин жеңелериң менен ырдашкан доошуңду эшитип атам.

Айылчынын боконосу болкулдай алаканы менен сакалын жаап, сөөмөйүн мыйыгына жаныды. «Анда мен кер мурут элем». Каяктандыр созолонгон доошко чындап эле кулагын тосо ээрчий терезеге обдулду. Бактын түбүндө Байымбет коломочтонуп, иниси менен карындашына, анын жигит кезиндегидей күйгөндөн эмес, «Манастан» созолоптуп, Тыныбекти туурап согуп жатат. Сакалдуу башын ийкей зайыбына багжайды:

— Нуртай, ак чөп башта. Апай байбиче, келчи берп. Укмуш. Балаң түшкүр Тыныбектин манасын жат жабыратып атат.

Нуртай созула, маасысынын тумшугунан дабышсыз басып, терезеге обоктөгөн эринне сүйөнө акырын шыпшынды:

— Ажы, мен ага баятан таңданып сени чайсыз калтырып талыдым. Бул иниң керемет сезимдүү бала. Ыгын таап Тыныбекке көшсоңчу.

Айылчы көзүнөн учкун чачылта кубанганын жашырбады:

— Оозуңа май, байбичем! Баатырга акылдашайын. Тыныбектин жаткан-турганына каралашкан жеңил бала керек дейин. Эч дооматсыз муну жанынан карыш жылдырбай байырлатайын.

— Ошент. Бу чырагым эмгегиңди жебейт. Кур дегенде «туугандын турпагы алтын» экенин өмүрү эскерип өтөт. Бир укканын жаземдебей көкүрөгүнө жаттаган эме, чогуу жатып, чогуу турса далай пускасын кагат. Ошентө көр, байболгур...

Эрди катып экөө тең биринин акылын экинчиси кубаттаганына, ал кеңеш акыры түбү асыл кенчке айланып

пайдага чечилээрине көздөрү жете шерденип, ошо кенчти казчу берендин далбасасына жадырай үңүлүштү.

Байымбетиң түшкүр деле тыным албай дүпүлдөтө, колун шилтеп, баш чулгаганын кантесиң. Ичкерээк, чоордой мукам үн Тыныбектин аргыштата, буктура, оролто сокмосун, бара-бара түрмөктөтүп созо таштамасын дал өзүндөй кубулжутуп, бар болгону маңдайындагы эки угуучусун элейте, (уурданып терезеден эшиткен булар менен төртөөнү толкута) улам күчөй октрулганы кызык.

* * *

Сооронбай Айылчынын сунушун калетсиз кабылдады. Анткени, мындай кызматка жолбун бала төп ыңгайлуу. Улуу манаптын иретесине жагуу үчүн жанталашын элпек да, этият да жүрөт. Бакисинен, зили нарындык Тыныбекке өзүнүн журт башкаруудагы залимдиги менен амалдуулук сырынан, эл ичиндеги күцкүдөн жаңы көз неме эч нерсе кабарлап бере албайт. Канча жылдан бери быгышып аталаш тууганынан да адал кызмат өтөгөн Айылчынын бу саамкы бекер да, бейкапар да букара тапканына карт окүмдар ичинен кымыйды.

— Манасчыга кацыр-күцүрлүкко жаран, кагелес кызмат өтөөнү өзүң үйрөт. Жолбунуц кол балалыкка эптүүдөй.

Босогодо чыгырыгынан торсойгон Байымбет уланга тээ түнкү тордогу аюу талпакта карт арстандай үксүйгөн Сооронбай, куду Жумгалдагы Чыпы манапка окшошуп, каш кирпигин үрпөйтө которо, мокогон көздөрүн кылгырта жылтылдатты. Ошентип, Байымбет дагы бир чоочун, бирок, чоң улагага кирди.

Байымбет кандайдыр илме кайып эбеп-себеп кабылткан бул бакытка озунчө балкууда. Жөнөкөй гана кызмат отоо эмес, сыймыктуу Тыныбек манасчыга жан дилин берип коцулу сүйгөн баласындай кам көрүүдө. Айттырбай баарын белендоого дирилдеп дилгир... Колуна суу куюп, жанаша жатмай. Кечки манаска тандалмалар чогулаарында үнү кардыкпасын үчүн тамагы курган баратканда кылт эттирс татууга сыр аяктагы сары майды кашыгы менен бурчка коёт. Сыртка чыгарда чепкенин жамынтып, киргенде чагарактуу бугу мүйүз бакапга лып илет. Күндүзү түштөнгөндө этти күл майда тууран, самоор-чайын бууланта сунат.

Бара-бара аймактын мыктылары кечкисин эртелеп жыйналып, адегендегидей кадыр түп тоспостон, жандарын кыйнабай, түн ортолоп, зоорго дейре тароого өтүштү. Манасчы да, ага каралашкан өспүрүм да түнкүсүн бөлүнгөн жатак конок бөлмөдө тынч эс алууга көнүштү. Өйүздөгү казактан, канатташ солтодон атайылап Тыныбектин манасын күсөп келген барктуу мейманын да Сооронбай түнөөгө мажбурлайт:

— Менин манасчым күндүз айтпайт. Тыныгып, кечээ күнүн жамгарын куштап-таптап белендейт. Кааласаң, оргүп, ак шамдан зоорго чейин ук, жаки болбосо, мейман бол да жолуца түш.

Ошентип, Тыныбек каралашкан баласы экоо кобүн эсе күндүзү караманча бош катары. Нары элпек, нары сөзго дилгир, али сыры ачыла элек өспүрүмгө пейли чаап, күндөрдүн биринде эриккенденби, айтор, өзүнүн балалыгынан кеп козгосо болобу. Жапый атасы малсыз томаяк, Бопуй энеси ар кимдин ишин жасаган айылчы экен. Тыныбек дал ушу Байымбеттин курагында манас айтып, эл аралап аттанып чыкканы ата, энеси мал күтүп, оокаттары оңолуп, бара-бара кадыр-барктары көтөрүлүптүр.

Улуу дастандын дарканы минтип ыкласы жибип, өзүнөн озу баарлашып чечилгени Байымбеттин жүрөк черин эрите чалкытты дейсиң. Тобо. «Жакырдан жакшы, чобурдан тулпар» деген ушу го.

Тыныбек ага мурдагыдан беш бетер жакын, ыйык учурады. Арийне, аталуу томаяктын жетим томаяктан айырмасы не. Жарды, жаш Тыныбек орттой тутанган өпөрдүн аркасы менен өзү минтип, атпай кыргызга колмо-кол талашка түшсө, анын шарапатынан ата энеси тыңыптыр. Атаганат, Байымбетте да дээр бар сымал. Өзүнүн сокур чымынынын кыцылдагын кыябын таап улукман устатка угузуп калса ээ. Кантип? Тикирейип тыңдап, улам жацылап укканын көңүлүнө токуган, уйку көшүлтүп соруп кеткенче ичинен күбүрөй берип, күндүзү ара чолодо самоор коюп же кандайдыр жалгыздай калганда күцкүлдоп, букулдай кайталаган Тыныбектин озүнүн «Манасынан» ыгын таап айтып берсеби. Азыр антүүсү жарабас, чыдай турсун да, кийинчерээк. Тыныбек түштөнгөн соң төрдө салынган олпокко кериле кыңкайып, үргүлөгөндө Байымбет тескери карап уктамыш эте жанчыгынан дептерин сууруп... ыр саптарын жоргөлоттү. Түнкү үлпөт тараганда Айылчы менен Апай энесин үйүнө атказып жатып жазган ырын сунду:

— Ажы аба, окуп көрүңүзчү. Бирдемелерди дөөрүдүм...

Эртеси бешимде Тыныбек менен Байымбет додолонгон күзгү жалбыректарды тебелей бакты аралап жүргөнүндө Айылчы, Дүр мырза экөө жарыша салам айта капысынан чыга калышты.

Байымбет алда нени сезгенсип жүрөгү болк эте, абасынан көзүн жашырып жерге үңүлдү. Айылчы баланы кайпактатып көп кыйнабоо ниетинде манасчыга бажырайды:

— Тыныбек ага, бу Байымбет балаңыз сиздин кол арацызга жараң атабы?

Тыныбек сакалын жайкай жаркылдады:

— Жарамак турсун, жыргатып койду. Кирди-чыкты огожолукка гана эмес, божурап сөзгө да жакындыгы мыкты.

— Таамай байкапсыз. Балаңыздын сөзгө жакындыгын чогуу сынасак кантет?!

Айылчынын бул соболуна дастанчы аксакал тацыркай үнсүз бакжайды. Тик жака көк нооту кемселинин төш калтасынан саатынын күмүш чынжырын шорголотконо, жайык өңү кызылдуу, кертме мурут Дүр мырза жашыл баркут тыштаган суусар тебетейинин берметтерин кулпурта эңкейип, жалтыраган өтүгүнүн кончунан түндөгү дептерди суурду.

— Бу баланын ырчылык, ан-нан жазмалык өнөкөтү бар экен.

Капилетинен кармалган уурудай Байымбеттин жүзү албырып абасына табыштаган дептери мырзанын колуна түшкөнүнө апкаарыды. Мырзанын кырт, жийиркенибирээк «бу баланын ырчылык, ан-нан жазмалык өнөкөтү бар экен»,— дец кыртыштаганына караганда кыйыктайт, кууп иет го. «Кызмат кыл десе, кыйтындап ыр жазанаагын кара мунун» дегендей Дүр мырза жактырбагандай туюлду. Анын саруулай дандаарыганын байкап абасы ага тымызын бармагын кайкалатты. «Чочуба карагым». Демек, жакшылык жышаан тилеп берген сымал. Тыныбек акыры Тыныбек бузду:

— И-я! Анда-а...

Манасчы мукактанганда Дүр шишимек жапкактуу курч көздөрүн ойноктото ансыз деле жалтактаган Байымбетке бу саам боор ооруцку карай, дептерин сунду:

— Ме, өзүң үн салып окугунуң. Ажы экообузго белгилүү. Манасчы уксун.

— Сүрдөбө. Баякы Шамшынын белиндеги обонуң менен ташта — Айылчы анын ырдай билээрин эскерте, жүгүп жеңилдете, чапанынын этегин бүктөй бактын түбүнө мандаш токунду. Беркилер да уй мүйүз тарта жумшак жалбырак үстүнө тизе бүгүштү. «Атың чыкпаса жер ортто», «уялчаак адам ырчы боло албайт» — деген бабасынын насааты сүрөө катары сезимине шыбышталды. Берки дөөлөтчүлөрдөй мандаш урунбай, алардан окчунураак элпек чөгөлөй дептерин ача, көңүлүнө жат чүргөгөн саптарын жыбылжыган назик үнгө салкытты:

Алп Манасчы Тыныбек,
Атам эмей эмине.
Жапышан жылбай бир жатып
Жыргай түштүм демине.
Жабыккан көөнүм жашарды
Жамгырдай төккөн кебине.
Жолун жолдоор бекемин.
Жомогун айтып элиме.
Жанында жүрүп үйрөнсөм,
Жаш барчындай темине.
Сыйкырына чалынып
Сайран кирдим элине.
Шанданып созуң улаармын,
Шекирти эле дедире.

— Бар бол, уулум. Шундай дейм да. — Тыныбек балбандыкындай барбайган манчаларын көтөрүп, жайык алаканына толгонун сырын жоругансып тигиле, түктүү эринин серпе коңгонундой кырааттата чойду:

— Ушу таптан оозуңа киргенди тартынбай кур дегенде курбуларыңа кубулжут. Көздогөн көксөөңө жет. Калк эрмеги бол. Оомийин!

Алгачкы ирет «бар бол, уулум» деп багжайып жазыла бата берген сыймыктуу алптын тизесин Байымбет кучактап опкусу келди. Экөө ээн болгондо, балким, ошентмек. Ал кулдук ура ийилгенде, Айылчы ан үчүн каада ыраазылыгын айкындады:

— Айтканыңыз келсин, касиеттүү атасы!

Болор-болбос тамашадай анчейин маани бербей, манчыркаган жаш манап Дүр карт шумкар менен кызыл эт балапандын эриш-аркак ийишээрин бөгөй:

— Кана, ар жагын, аксакал манасчыны сыпаттаганыңды ырда,— сабына жез оролуп, чачысына күмүш купа чогөрүлгөн жылап боор кооз камчысын Байымбеттин ийнине секин пукуду. Албетте, ага жаш, кары шайырлардын оз ара «арсыз» алакасынын айланасындагы кептен, ыр угуп жаңы жазганы дурус да.

Тушоосу кесилип, батага шерденген Байымбет доошун шар кубулжутту:

Нак манасчы Тыныбек
Нарындагы бугудан.
Кулак угуп, көз көргөн.
Тыныбек артык угуудан.
Абалтан берки кыргыздар
Акындарды туу кылган.

* * *

Келиштире айтканда,
Түрү жакшы Тыныбек.
Кең көкүрөк келишкен
Үнү жакшы Тыныбек
Келбети жапдан башкача,
Сүрү жакшы Тыныбек.
Алп келбеттүү боюна
Жайкалып сакал жарашкан.
Жарды жүрүп Тыныбек
Жардам көргон Манастан.
Атасы Жапый малы жок,
Энеси Бопуй айылчы
Эсеси жок кайырчы.
Бактысына Тыныбек
Манасчы бала туулган.
Байкуш кемпир, курган чал
Пайда көргон уулдан...

Тыныбек кагазга түшүргөн жылбырскы көрпөдөй тармалданган жазуусун каран, мукам ырдаган баланын башынан аягына акылдуу алагар көзүн жайнатып, бирпаска муунакталып турду да ыктуу салыштыруу тапканда гана ыраазылыгын айкындады:

— «Теректей бой бергенче, теменедей ой бер». Топтоголок молдом. Өнөрлүү өлбөйт. Улант, тоголок молдом.

Беркилер, айрыкча, Айылчы залкар манасчынын дидаары жаркып Байымбетке ийигенин, колу кат тааныганынан «молдо», боюнун чымыр тараздыгынан «тоголок» деп эркелеткенин жактырды:

— Куп келтире эркелеттиңиз баланызды. Чын эле Тоголок Молдо. Мындан ары Тыныбек атасы койгон Тоголок Молдо атайлы Байымбетимди.

Тыныбек «менин бүтпөс, тагдырыма биротоло жазылган китебим ушул. Өзүмдөн болок эч ким окуй албайт» ниетте каржайган алаканын бетине далдай:

— Ырас, ырас Айылчы ажым. Бу чарчысынан чы-

кыйган чымындуу чүрпөмдүн бир ысмы Тоголок Молдо болсун! Атына жараша молдолугун, ыр чиймесин арбытсын. О-оми-ин! — Экинчи ирет балкый батасын берди.

«Тоголок Молдо» делип, Тыныбектин эркелетип жаңы атка кондурган Байымбет боз баланын ымыр-чымыр куштарлыгы артып, кандай алкап, не дээрин билбей абдыроодо.

Салттуу кыраа Айылчы экинчи бата жеке Тыныбек өзү эмес, касиеттүү дастандагы кырк чоросу менен кеңешкендей күүлдөп, шаалдап сүрөөлүү, сүрдүү айтылганда жагалданып жетине албай жакасын кармана жайкактады:

— Койгон атыңыз кут болсун. Тоголок Молдого ырыс кешик апкелсин. Улукман атасы, Тоголок Молдо чүрпөңүз үчүн жолдугуңуз менин мойнумда...

Арийне, кексе Айылчы, ак таңдай ырчы, жез тырмак комузчу, аземдүү усталардын далайларын, өзүнөн кийинки жаш шакирттерге өнөрүн үйротүүгө, сырын ачууга кырс келерин көргөн. Тыныбектин өзүнүн жетимчесине кучагын кең жайып, март бата бергенине али да таңыркоодо.

Дүр тебетейинин калтарына куюлушкан иймекей кыл мурутунан жымыйды:

— Тоголок Молдо, бизге түшүнүктүү түркүчө басылган казал, кезиттерди окуйсуңбу?

Байымбет анын жаш жагынан кош улуу болбосо дагы, мансабын, мырзалыгын сыйлап... «Колго тийгенин окуп жүром» дегенди комокойүпө жутуп, Дүргө ыйбаа кыла момурайды:

— Табылса окуур элем, мырза.

Бир тайпы журттун көрөр көз мырзасы, билимдүүсү, бүгүн-эртең карыган ата манаптан кош тизгинди колуна алуучу дөөлөтүнө мас, чиренген Дүрдүн жолбун жетимди тецсинбесе да азыноолак назар салышы:

— Табабыз. Кийинчерээк, бошогонунда,— деп соз эәрчите Байымбетти кандайдыр үмүткө чыйралтты.

Мырза төш калтасынан чубалган күмүш чынжырчаны тартып, алаканына тептегерек алтынбы, жалтыраган кооз саатты салып, бармактап чып басты эле, үстүңкү капкагы көтөрүлүп, бетинде карала эсеп нокоттору, жылган жебеси калкыды:

— Азыр саат төрт. Эми үч сааттын наркы беркисинде эл чогулат. Жүрү, ажы, аттаналы. Токмоктогу аскер туругундагы Васил табыпка баралычы. Ал өз элибизден та-

быштыкка шакирт алмак эле. Сөзүндө барбы, жокпу, тактайлы.

Айылчы ажы жаш кожоюнунун сунушун жактырды белем, сайгактын шыйрагынан жасалган камчысын таяна, этек жеңин жалбырактардан кагымыш эте обдулду.

— Бу жакшы акыл. Мырза, акысын аябай Василди көндүрүш керек.

Экөө манасчыдан бөлүнүп узай бергенде Дүрдүн сөзүн аларды атказууга ээрчий баскан Байымбеттин кулагы чалды:

— Кам жебесек, болбойт, ажы. Өзүбүздөн табып, өзүбүздөн окуган азаматтарды көбөйтпөсөк, кур чиренип бастырып жүрчү байгерчилик заман кыйгап баратат. Орусиянын оторчуларына тил билип, окуган кишилеribиз көбөйгөндө гана тең ата алакалаша алабыз. Бирин-экилеп ичкерге жиберип, өзүбүзгө мактеп ачуубуз керек...

Байымбет Айылчы абасынын Дүрдү «атасынан кыйын чыгат» деп мактаганын укkан. Анысы төгүнсүздөй. Карабайсыңбы, кандай нерселер туурасында сөз козгоп, атасынын акылман нөкөрү Айылчыны кеңешчиликке тандап, чоң масилеттерди куруп... азыр кандайдыр Васил деген орус табынка кетишти. Мактеп, балдарды окутууну козгоду. Атасынан аша түшконү ошондон эле байкалууда. Атаганат, мактебине келгин жетимди өткөрөөр бекен? Дагы көзүн, дилин каныктыра билимин улантса ээ.

— Э, Тоголок Молдом... Куда кааласа мурдакыдан да эми дурустап сырдашабыз, э. — Ордунан козголбой отурган Тыныбек жанына тигилерди узатып кайткан Байымбетти топойтуп... маңдайынан сылады.

Сыртынан өтө салмактуу, салабаттуу манасчынын коржойгон алаканы өспүрүмдүн чекесине жеп жеңил, жупжумшак, чын эле сыйкырдуу кожо кызыр даарыгандай туюлду. Улуу манасчынын колунун табы, эми анын мээсине тымызын мелп-мелп жукkансыды. Бабасы Музооке, мунусу божурап бергенде кээде шүнтүп эркелетчү. Андан ажыраганы жетимдик көкөйүн кесип, эч кимден мээримдүү мамиле көрбөйм деген ойдо эле. Көрсө, тирүүлүктө адамдын шыбагасы түгөнбөйт бейм. Дүйнөдө жетимге да боор тарткан асыл адамдар бар экен да.

Тоголок Молдо. Мейли. Каспеттүү карынын жакшы көргөнүнөн эркелеткен, анын кат таанығандыгы менен боюпуп чарчылыгын жуурулуштура таамай тапкан атын күдүңдөп күтүүсү парз. Арийне, Итибай, Кодоке, Куй-

ручук деген шылдың атка караганда абзелдүү го. Кеп ошо Тоголок Молдолукка арзырлык өнөрүн өрчүтүүсүндө, сыймыктуу аксакалдын ак батасын акташында. Азырынча сыры деги ачыкталды. Тыныбектин үлгүсүн дурустап өздөштүрүп калышында.

Эмчи

Нары турчу байке, деги эмне жыттанасың? — Каныкей дөмейдегиден өзгочо эркелетип чачын сылай анан ичке билегинин тамырын сөөмөйүно баса тыңдай эдирейген улуу агасын акырын көкүрөккө сүздү.

— Оф десең, коңурсук, оф-оф! Ырчылыгы аз келгенсип... бу аксакалыбыз чокундук болду. Ха, ха — Байтымбет дуңкуюп экөөнө чукулдады.

— О, апсыйган аюу, коңурсук эмес, дарынын жыты. Дарыгер Васил жакшы адам. Мени табыптыкка таптаган акпейил адамга тил тийгизбе. Күнөөгө батасың. Жууган колун аарчынып алда неге камынган Байымбет өзүнөн алда канча олбурлуу иниси не моюнун кекейте котордү.

Ал күз бүтүп кыш түшкөнчө Тыныбекти шыпоорлоп Манасты үйрөнүп... Жалгыздаганда, ара чолодо үйүр тарткан соң өзүнө сабата айтып, кээде алкоосун, кээде мындай-тигиндей пускасын угуп... жеке кол балалык кызматында гана эмес, шакирти катары өнөрүн жугузду.

Айлап өргүп Сооронбайдын айлындагылардын суусунун кандырган соң төмөнкү Пишпек тараптагы Байтик айлына чакырылганында манасчы Байымбетти мени менен бир аз жүрүп келсин деп ээрчите кеткен. Тыныбектин жаш шакирти Тоголок Молдо аталып устатынын которө чалган жаңсоосуна шердене, анын руксаты боюнча ара чолодо ай тамгалуу Солто уруусундагы жаштардын арасында өзүнчө ырдай, «Манастан» сабата коюп чери таркап жүргөнүндө Дүр, Айылчыдан жиберилген атайын чабаганчы аркылуу чакырылып келбедиби. Айылчыныкы менен оз бүлөсүнө 1879-жылдын жаңырган кыш чилдесинин узун түнүндө толкундап, Тыныбекти пааналап жүргонүндө кызыган таманын жазбай дастандан сабатты. Ал коодонүнө батпаган көп созду калыптап күндө арбытуунү, жалгыздаса буулугуп, ырын сынап баалоочу, кайра жетилтчү чойронү самады. Өзүнчө күүлөнүп өмү-

Түрү жалгыз гана ыр менен бүрдөөрүнө үмүттөнүп... эл аралап, кур дегенде Тыныбек насаатталгандай жаштардын оюнунда төгүлүп-чачыла шаңшууну көксөдү.

Он сегизге келгенде
Акын чыктым аталып.
«Манасты» бүт үйрөндүм
Тыныбектен жат алып,—

— деп безилдесе да, экен-токондо Айылчы ажы, Апай эне, өз апасы, бобокторунөн бөлөк анын ырчылыгын билген, барктап чакырган жыйын жок. Жакындары деле эрмек-зоок болгонуна кубанышпаса, анын чоң акындык мүдөөсүн сезишпегендей.

Жетимдиктен жетилип
Үйрөнүп ырды тапкамын.
Үнүм сонун чоордой
Элге жетип жакпадым.

Өзүнчө муңканын туталанат. Зор манаптын үйүндө, Манаска күндө жыйылган ұлпөттө бөйпөйүп мыктыларга жумшалган элпек бала катары капарга илинбей, өзү тикирейип Тыныбекти жаттап, ичинен кайнап, сыртынан тымызын толкубадыбы. Биерден да кичине ээнден, өнөрүн өркүндөтөйүн, боз уландардын жоросун, кыз оюндарды издейин дегенде Дүр мырзанын өкүлү, Айылчы абасынын каалоосу боюнча Токмоктогу аскер чебиндеги дарыкер Васил дегенге шакирттикке кирди. Көрсө, Тыныбектен чакырткандарынын себеби ошол тура. Ал дагы а дегенде мынабу карындашы менен инисиндей дары-дармектин жытынан жиңкирип... тазалык, өцгөсүнөн баш табыптан кийинки пелшир (фельдшер) аталган Васил деген кертме сакал, болук сары жигиттин адамкерчилиги жараат, кептөөр, сасык тумоодон карайлап барган жалчыларды эмдеп айыктырганы жагып кеселге себепкер күчтүүлүгүнөн жыт берген дарыларга тез конгөн.

Байымбет тепейген жалгыз терезесинин тактасындагы жыгач кутучасын ачты. Андагы буюмдарга — чыналактай сүйрү шишелер, албарстай курч наштарлар, жумшак аппак кебез, оролуу даки... кандайдыр жаңы заттарга Каныкей таңдана көзүн жайнатты:

— Ай, ий-ий байке, буларың эмне?

— Табып урунуучу аспаптар, дары-дармек, буюмтерим...

— Сен ырды таштап, караманча табыпка өтөсүңбү?

— Эжекеси, сен эки өнөрдүн кайсынысын кааласаң, ошонусун кармайм.

Долдоюп агасы менен карындашынын экөөнөн тең бийик артыла кутучадагыларга моюнун созгон Байтымбет сөзгө аралашты:

— Табыптыкты чүрчүттөн үйрөнмөк беле. Таштачы, береги баланын оюнчуктарындай болгон эмелериңди. Бер мага, аңгекке көмөйүн.

Байымбет иниси не ачуулуу чакырайды:

— Аюу, доорубө. Жогорку айылдын сендей, сенден кичине балдарына, Канықейдей кыздарына чечек чыгы атыптыр. Билесиңби чечекти?

Байтымбет борбойгон мурдун чыйрыйтты:

— Мен дөдөй эмесмин саа. Чечек алдастатып жанды алат. Окус айыккандардын денесин кара чаар так кылат.

Канықей саамайларын селкилдете башын чайкады:

— И-ий, шумдуктууну айтпагылачы.

Байымбет иниси ыгы келгенине кым эте:

— Чечек ичкериден тартып бүт эл-журтка тарап келатыптыр. Аюунун доорүгөнү аныk. Айыккандарда так калат. Кобу көмөлөнүп о дүйнөго кетет. Жакында биздин айылды да каптайт.

— Койчу байке, айтпачы. — Карындашы чочулай жыйрылды.

— Коркпо, эжекеси. Мен силерге жуктурбай аман алпкалам. Ошол анааттан элди кутказыш үчүн Дүрдүн отүнүчү боюнча Васил кыргыздан үчөөбүздү эмчиликке үйрөттү.

Ичинен кооптоно үройү учкан Байтымбет долдурады:

— Чынбы ошонуң?

— Чын болбосо, мен кайда жүрдүм. Мобу паштар, дары-дармектер күлүк аттын кунуна турат. Буларды кудайы кылып береби мага. Сооронбай манаптын тууган туушкандарынын чоң, кичине балдарын Дүрдүн өзүнүн көзүнчө эмдедим. Васил такай жанында болуп, үйрөткөнүн жакшы оздөштүргөнүм үчүн мактады.

— Эмне, аларга эми чечек жукпайбы?

— Жукпайт, албетте. Эмделген дары жолотпойт оорууну. Үйрөнөрдөн мурда биз өзүбүз да эмделгенбиз. Мына, кандай бадырайып бүттү. Мага ылайым чечек чыкпайт — Байымбет жеңин каруусуна дейре түрүп кичине седеп топчудай жанаша карттанып түшкөн эки чуңкурчанын көрсөттү.

— Байке, Байтымбет экөөбүздү эмдебейсиңби? — деди Канықей.

— Ох, сексейген арам. Бобу агабыз чокундукча, эмдетпей эле койдум. Чечек ансыз да маа жолобойт,— Байтымбет кетенчиктеди.

— П-ш-ш, аюу, жүрөгүң жок коркоксуң. Мен атайылап экөөңдүк гана дарыны катып келдим. Мени эмне, сен дүкүлдөгөн иштерман иниси жок калтыргың келеби? Ойло баатыр. Азыр эжекеми эмдейм, жеңиңди түрө кой. Мага карындашымын аман-соо бой жеткени, оокаттуу жерге барып, экөөбүзгө калың жедирип тыцытканы керек.— Байымбет кобурамыш этип Канықейдин түрүнгөн каруусуна алиги бөтөлкөчолөрдүн бироондогу жыты ачуу суюктукка, кебезди малып,,дуулдата сүйкөп:

— Нары карап, көзүңдү жума кой, эжеси. Мына, чымын чаккандай да болбойт,— курч наштар менен эки жерге өйдө ылдый тилди. — Азамат эжекем. Карыр-карыганча караманча чечек менен оорубайт. Лакыйган агасынан жүрөктүү. Кургаганча жеңиңди түшүрбөй коё тур.

Эмчи агасынын мактоосу менен көзүнөн чолок жаш ыргый зорго чыдаган Канықей окчун опколжуган кичи агасына эрипип чормойто нарылады:

— Айрөк, айрөк, кыз менче жүрөгү жок, балбан туруп.

— Бас, жашабагыр-р, жаагыцды. Кантээр экен десе... Байкеси экөө чындап шылдыңдагысы бар. Кел. — Байтымбет он жеңин коломочтоно чечинип, наштарын тазалап терезеге бурулган эмчини жөөлөдү.

— Аюум азамат. Ушунтээриңди билгем. Азыр, акеси...

Тигиниси эми эрдемсиң ыкыстатты:

— Болчу эми батыраак. Жоктон бирдеме чыгарбай жүрбөйсүң.

Байымбет инисинин балкайган бозомук билегин эмдөөгө ыцгайлап эңкейте тартты. Спиртти сыйпаганда таноосун жыйрып жытынан кошкурган инисин көзүңдү жум десе, кейкее колдурады:

— Саа мен кыз белем. Тырмактай тилимге көз жумуп чыйрыйгандай. Тил меникин аябай. Чечегиң жолобосун көрөбүз, чокундук табып... Иниси акыя карап эмдегенче солк этпеди.

— Бай, бай, бай, аюум, аюу экенсиң.

Сырттан каалга тарс-тарс урулду.

— О-у, кепеде күцкүлдөгөндөр, бери чыккыла!

Кутучасын шашып беките Байымбет, апып соңупап

суукту тоотпогон иниси көйнөкчөн удаа чыкты. Эптиккен эки атчан туруптур. Укурукчан сакалдуусу кепеге атчан кирип барчудай, балдардын жондорун ысыта чапчудай теминди:

— Жок издеп жүрөбүз. Семиз ноопаз эле. Жогорку чым-коргондукпуз. Силерди «жаңы тууган жетимдер» дейт. Балким... — Ыкыстаткан жана сөз аягын жеп күрмөгөн күңкүлүнө караганда «балким, силер, тентиген жетимдер, союп албагыла» дегенди билдирбедиби.

Байымбет аларга кыжынган инисин акырая тыйды. Ороң этип бир тийүүсү ыктымал. «Жок издеген эненин коюнун ачат».

— Качан жоготтуңар?

Жашыраагы тыкылдаган Байымбетке сурданып, атынын тизгинин тартты.

— Кечээ намаздигерден кароого кайтпады.

— Ноопазыңардын өңү кандай эле?

Жээрде сакалчан укуругун чындап коройто көтөро зекиди:

— Сенде кеп турат. Чыкылдаган түгөт, ак чеке дүңгүл мүйүз семиз кара ноопаз. Айт. Союп алсаңар, этин бергиле. Доосу жок, аткез. Жок, катсаң же башка жактан корсоң, сүйүнчүсүн ал. Айт, балакай.

Байымбет алардын опузасынан да, алдаганынан да жазганбай көзүн сүзүлтүп ойго баткансыды. Жанараак балдарды эмдеп Сооронбайдын айлынан келатканда жогорку жарды өрдөтүп дал ушул экөөндөй эки атчан кара ноопазды айдап баратканын байкаган. Мүмкүн башкадыр.

Мүмкүн.

Байтымбет таза башын ууру туткузчудай сөз ээрчиткен агасына кыжырланып, чыканагы менен нукуду.

Тоголок Молдо бекеринен кеп чаргытып мулуйбады. Үмүттүү чакчайышкан куугунчуларга куюлуштура кербезденди:

Эки жетим балабыз,
Эсиңизге салабыз.
Ноопазыңыз жоголсо,
Ноолуу жардан карацыз.

— Эх-эй опорун тентимиштин. Жазгырып жолго салып, изин жоготуп жүрбөсүн. — Жашыраагы суроолуу караганда жээрде сакалы уландын созуно ыраазы болуп,

атынын башын бура өйдөкү жарды карай сабалап тапыратты. Тигиниси тарткынчактап туруп акыры артынан чапты.

Байтымбет шектүү узаган эмеге локуйган муштумун кезеди.

— Келжиреген акмак дес-се. — Агасына имериле ызалуу көзүн чекирейтти:

— Докчул эмелердин балээсине калтырбагай эле. Тептимиш атыбыз өчпөйт окшойт. Курткабыздан көчпөсөк деле өлбөйт элек. Анам экөөңдүкү өттү. Бири төркүнчүл, бири тууганчыл.

Оюна койсо, буркулдай берерин билип, агасы коңүлүн которо инисинин дүкүйгөн кең далысын таптады:

— Тептимиш дегенге терикпе. Жалпы кыргыз тукумубуз. Жер кимдерге жетпейт. Биз тургай кытайдан дунган, Эдил, Жайыктын нары жагынан Васил табыптай орус, украин, молдаван, берээктен ногой, татар, Кашкардан таранчы, Ташкенден өзбек, Сары-Аркадан казак... сан жетпес ар уруу элдин тукумдарын батырган кең өзөн Чүй ҕизге тарыбайт. Ошол келгиндер, асыресе, орус дыйкандары келгени оңолгондорун айтышат буердеги кембагалдар. Мына, мен өз көзүм менен көрүп атпайымбы.

Инисинин муюп, жаалынан кайтканын, аны бекер үтүрөктөтпөй орус «чүрчүт» дегенин биротоло түшүндүрүп коюу ниетинде жай, үнүн солкулдата ырдады. Өцгө, оцгө, үкосүпө ырдап берсе, баш чайкабай тыцдамайы бар.

Билишпптир орустун
Убададан тайбасын.
Шаар, кыштак салышып
Копчулук корду пайдасын.
Букараны коп эзет
Манап, байлар, болуштар.
Маданият жайылтып
Машыктырган орустар.
Орой, орой тилдерди
Жатыктырган орустар.
Оз боюна кыргызды
Үйүр кылган орустар.
Улут айырбай дос тутуп
Жүйүр кылган орустар.
Буурусунду буктурун,
Соко берген орустар.
Бурамалуу ачкычын
Кошо берген орустар...
Ооруларды дарылап
Айыктырган орустар.

Байтымбет эдирейип, агасынын мактай чалганына кайра ынанып... ал эми, эл ичинде аларды жек көрүп чочулагандан «чүрчүт» дегендерди да унутпай, кайсынысына ишенээрин билбей башы маң. Орус көпөстөрү жолдун аркы ойүзүндөгү заңкайган тамдарда жашап, биердегилердин айтуусунда Сооронбайдай зор манаптын жан жокөр, жакын туугандарынан бөлөк кыргыздарды, бөтөнчө, букараларын тоо талаштыра көчүрүп, түзөң созулган жерди жапырт коруп, бакча, эгин, чөп-чар айдашыптыр. Кыргыздардын кедейлерин жумшаганга гана алышат. Бая күнү экоо сонункурап бай орустун ат чабым коругун көрүүгө барса, ченине жолотпой, итин айдактап, мылтыгын кезеп кууганын эскерди:

— Тетиги бизди карышкыр, итине жардырып, мылтык огуна кабылта жаздаган бай чүрчүтчү? Ал да жакшыбы?

Тоголок Молдо дөдөйсүнгөн инисинин так жүйөөсүпө жыгылыштуу бышмыйды:

— Ал жаман. Оторчу.

Кичүүсү кыйынсынган, окуган, мыктыларга табакташ, ырчы агасынын жыгылганына кыбасы кана жапырылды:

— И, мыкты аксакалым, Тоголок Молдокем жеңилдиңби. Чокундук болсоң жөн бол, орусту мактап жагынбай.

Байымбет аны менен талашты курчутууну каалабады. Анын үстүпө, эмне үчүн орустун дыйкандары, табыштары жакшы, торо, көпөс, байлары жаман экенин дилинде сезсе да, инисин кантип ынандырарын билбей:

— Кыргыздын баары түгөл жакшыбы? Айтчы өзүң? Уячыкпайсың. Акмагы, зулуму да бар, айкөл, боорукери да бар. Орустар да ошондой. Негизи орустар кокондуктардан калайыкка алда канча пайдасы арбын дешет карылар. Аны сенин бабаң Музооке да айткан. Билип кой, аюу! — Агасы кийинки сөзү дурус чыккапына кубаттана инисине кекирейди:

— Кир. Суукка тийгизбе, бир аздан кийин эмдеген жерин ачышат. Чыдамкай аюу, тырмаба, балалап шишип кетет. Бас, карындашыца да айт. Ал кетсин энесинин үстүпө, тиги жылуу чоң үйгө. Карттанганча жылуулансын. Кир, айт дейм, аюу, кулагың барбы?

Иниси колун шилтеп кетенчиктей үйүнүн жапыз каал-

гасына мөңкөйдү. Тушардан кар жатса да сууктун мизи мокогураак. Байымбет эртең Дүрдүн жигитин ээрчип төштөгү айылдын балдарын эмдейт. Далай жаш оспурумдорду өлүмдөн, далай татына мөмө жүздөрдү бырбыйтып бузган чечектин чеңгелинен аластайт. Эмдеген балдарынын өзүнүн, аталарынын ысмын каттаган тизмени мына Дүр мырзага көргөзүп, анан, Васил табыпка откорот. Ырас эстебедиби. Үйүнө кирип, дептериндеги Сооронбайдын неберс-чөбөролөрүнүн аягына бир туугандарын жазды: «Абдырахман уулу Байтымбет он жетиге карады. Абдырахман кызы Каныкей он төртко карады».

Эх, ушунча, дагы кыйла балдарды чечектен аластаган орус дарыгеринин шакирти, эмчи Байымбет — Тоголок Молдону эртедир-кечтир кимдир бироолор сезеби, эскереби. Мейли, ушундай соопчулук жоролголөрдү көп жасаса, жараткан алла таала аны туяр, жөлөмолөөр.

Токмок уездиндеги элеттиктерге дагы бир жаңылык дүң — балдарды эмдөө кабары тарады. Андай шумдуксуз эле тамыр карман, дуба түшүрүп, эмдеп-домдоп, сыркоо айыкса, көзү ачыктыгына корстонуп, каза тапса, «алланын амири», берген кудай өзү алды. О, дүйнөдө бейишке чыгат» — деп, кырааттата куран окуп... жолдугун жаземдебеген бүбү, бакшы, шайык, молдолор айылдан айылды кыдырып, дары, наштарлуу табыптар жете электердин үрөйүн учуруштү:

— Балдарыңарды каапырлардын эмдейбиз дегенине бере көрбөгүлө. А баччагарлар, озубүздүн чокундуктарды жалдап, балдардын этин кызыл ала тилдирип балалатып, алдастатып ысыгын ташытып... акырында денесине тамга салдырып маскаралайт экен. Дини мусулман баласы, андай кордукка көнбөгүлө. Балдарыңарды жашырып, бербегиле.

Алардын үгүтүнө ынанып, балдарын соок тамырларына, кыштоолорго качыргандар, жашыргандар болду.

Көпчүлүк андан дагы башкача кабарга кулак түрүштү. Кырчын өмүрдү кыркуучу чечектен сактоочу дары, эмди Сооронбай манап озүнүн айлынан, укум-тукумунан баштаптыр. Эмдеген бала эки, үч күн эти ысыган менен, өмүр бою куландан соо жүрөт имиш. Эмделгендер катталат. Кимде ким баласын эмдетпесе, жазага тартылат. Жаш манап Дүр элинин тукумун аман-соо остүрүүнүн камын ойлоп, орустардын төролөрүнө коп чыгым толоп, дары-дармек, табыптарды жалдаптыр,— деген жардык жасоолдор аркылуу жетип атты.

Кайдан башталып, кимдин иши экендигин билгендер үйлөрүн иреттеп, дарыгерлерди күтүштү.

Дүрдүн кошкон элине таанымал жасоолу менен Байымбет Чым-Коргон айлын аралоодо. Бир үйдөн экинчисине жеткенче аларды ээрчигендер, алкоо, каргоо үндөрү, балдардын ый, күлкүлөрү... Балдар үйдөн чоң, кичине дебей эшик алдында саксактап чочулай утурулагандары, кичирээктери көздөрүн жылтыратып эне-атасынын этегине, коюнуна жашынгандары... табып менен уюштурчу жигитке адегенде кызык учураса да эми көнүмүшкө айланып баратты.

Кемегесинде үлп эткен куурайдан бөлөк оту жок жардылар, коң калап таптуу чокко жылынган орто чарбалуулар, темир мешке жыгач отунду чатыратып, жыпжылуу болмолөрдө көлдөлөң, көрпөчөлөрдө майпайышкан бардар мыктылар... баары Байымбет эмчиге каалгасын ачып, балдарын кармап, элдин ар кыл турмушун туюнтууда.

Тынымсыз кыдырып, кайра-кайра үкөкчөнү бекитип, ачып, дары-дармекти коромжулатып өзү да артыкбаш алектенип жүдөңкүрөгөндө жаш табып, бирөөнү жапырып, бирөнө жасакерленип, бирөөнү тамашага чалып, бозо, эт-ашын жайнаткандардан кыя өтпөгөн манаптын шылуун жигитине кайрылды:

— Ашкере убара чегүүдөбүз. Мүмкүн, бир үйгө токтоп, айыл билермандарына кабарлап, балдарды ошого алкелдирип эмдесек, кантет. Сизге да, мага да оң болоор эле.

Кызымтал күүлөнгөн уюштургуч, камчысын чагарактата арсылдады:

— Тоголок Молдоң түш-ш, туура. Береги короолуу үйго киребиз. Сен андан баарын эмдеп бүтмөйүн чыкпайсың. Мен Чым-Коргондун баш аягындагы үйлөрдүн баарынын балдарын эне-аталары менен чубурттурам. Туур-а. Өзүм да жанды сен алдырам. Сен да бир жерден эмдейсиң.

Ал дарбазаны сындырчудай тарсылдата ургулаганда жээрде сакал киши сыртка суурулду:

— Баатыр акеси, эмне, тынччылыкпы?

— Он сегизден төмөн канча балаң бар? — Жасоол омурацдаганда тигил шашкалактады:

— Беш-ш, жо-ок, алтоо...

— Отунду лапылдатып, үйүңдү тазалап, казаныңды асып, бу табып экөөбүздү куштайсың. Мен тыяк-быяктагыларды сенин үйүңө кезмет менен алып келүүгө чыктым. Сен өз балдарыңды эмдете тур.

— Куп таксыр,— таанымал жасоолдун опузасынан жеңилдей, жээрде сакал эми гана колундагы үкөгү бар табып аталган тыгырчык уланга чала моңол түкшүмөлдөй үйүнө жол баштады.

От жаккан бөлмөсү кенен, терезеси жазы, жарык, орто оокаттуу адам экен.

Мурда угушса керек, балкайган жашыраак аял, бир эки жаштан удаа балдарын тазалап жуунтуп кийинтип атыптыр. Байымбет тонун чечип, кемселчен жайлана, үкогүн ачып, дары, аспаптарын белендеди да ага шектүү үрпойгон балдарга кайрылды:

— Кана, кимиңер жүрөктүүсүңөр. Келгиле. Чочубагыла. Чечек чыкпай, чыйрак осөсүңөр.

Кыздар түрткүлөшө шыбырашканча эдирейген чолок мурун тестиер, кара, жалпак бала, жанындагы долдойгонун жөөлөй өтүп табышка арыштады:

— Менден баштаңыз.

Беркилер ага биринчиликти жулдургандына октолой көздөрүн жылтылдатып атаандаша тегеректешти.

Дарыгер улам эмдеп бүткөнүн мактай чала:

— О-у, сен мыкты экенсиң. Мешке какта. Кургаганча жеңиңди түшүрбө. Эртеңден кычышат, тырмаба. Атыц ким? — Сурамжылай дептерине чукулайт.

Жээрде сакал, үйүн иреттеп, казан-аягына камынган аялына эмчи уланды жаңдап бирдеңке дегенсиди. Карай берип, көзү талыдыбы, эмчилиги да, жазмалыгы да эптүү кыргыз уланына чукулдай басып:

— Иним, айып этпеңиз! Кайдан көрүштүк эле? Бүшүркөп башым катты.

Тоголок Молдо аны эшиктен адеп көргөндө эле тааныган. Өзүнөн шек чыкпаса, дайнын билгизмек эмес.

— Мурда күнү ууру тутуп опурулбадыңыз беле.

Тигил мурутун бурай деңдароолонгондо табып жорго создон эпилдетти:

Эки жетим балабыз,
Эсиңизге салабыз.
Поопазыңыз жоголсо,
Поолуу жардан карацыз.

Жээрде сакал кош колун суна мулуйду:

— О-ок, кагылайын ак жолтоюм. Кечир. Жанымдагы кокуюраак жигиттин оозунан орой кеп чыгып кетти. Ачы силерден узаганда тилдедим. Кайрылып барып, сүйүнчүңдү берейин деген үмүттө элем. Кудай айдап өзү жеткизбедиби. Байбиче казан асты. Опуруп-жапырган жасоол

менен мейман болосуңар. Айылдын балдарын мындан әмдетүүгө айдап келгени чапты. Мейли. Жуп кетериңде жолдугуңузду жасайм. Ноолу жарга киргенде кардан изин улап... тээ бөксөдөгү айылдан таптык.

Байымбет укуругун кезеп жок издегенде сурданган жээрде сакал, жердиги, бүлөсү менен дурус немелер экенин баамдоодо. Анын баржактаган алкоо сөзү, мешин дуулдата жагып, конок камын күтүнгөнү көңүлүн көтөрдү. Өзүнүн карындашынан кырдуураак, апасы сымал кара көз, бөйтөйө, жуунуп-тарана бой тарткан кыздын жумшак билегине урунганда алаканы ысый, кандайдыр купуя сезим окторула жаштык дилин козгоду. Өтө жай, назиктене, алда немедей татына көрүнгөн бийкечти тыз дегенин да туйгузбай эмдоого, а балкиим, ошол аркылуу аземдүү мамлесин туйгузууга дилгирленди. Кыз да тымызын кылтыя, табып уландын ага озгочө көңүл бурганын байкай, эмдемиш эте, каруусун сылагылай, нурдуу тоголок жүзүн тамылжыта, оттуу шок карегинен үзүлө караганына уялыңкы, кандайдыр толкунданып, анын эмдегенин да анчейин туйбады. О узакта колун бошото, калемин ийсеңдетип:

— Атың ким? — деп экинчи мертебе сураганда кыз эмчи жигитке кашын суйкайта тике моймолжуду:

— Сейдеш.

— Сейдеш? Эркелеткен ат го. Чын ысмың ким?

— Чын ысмым...— Бийкеч мүнөз ойното эреркей үнүн көтөрүңкү чыкара,— Сейдеш,— эми гана тилген жери болор-болбос тыз-мыз эткен каруусун үйлөгөнсүдү.

— Сейдеш-ш. Сейдеш. — Жээрде сакал атасынын кимдигин алдыңкы эркек балдарды каттаганда сураган. Кызды жанынан кетирбоо алакетинде калемин жай шилтеди. — Сейдеш Шермат кы-зы... Жашың канчада?

— Он беш...

— О-у чоң кыз турбайсыңбы.

Сырттан күүлдөгөн жасоолдун, топураган бала-чаканын дуусу угулун, үйдөгүлөр аякка умтулганда, эмчи улан кетүүгө кыйылган беш көкүл, сайма топучан кызга:

— Мен он тогуздамын. Өз атым Байымбет. Экинчи атым Тоголок Молдо. Эстеп жүр,— деди.

Бийкеч бу жигиттин баятан берки арбалганын эми анык боолголоп балакат, алгачкы махаббаттын учкундарынын илебин тарта бөйтөйгөн эринин мойнойтту:

— Байымбет. Тоголок Молдо. Элде жок кызык аттар экен. Унутпайм.

— Сейдеш, бара гой. Колуң кургап деле калды. Байымбет суу жээгиндеги жаш кайыңдай бурала нары жөнөгөн бийкечке, балдарын ээрчитип кужулдаша күргүчтөгөн элдин көзүнчө үнүн угузуп, үмүтүн ээрчите жөнотүүгө зардады. Анын эмдеген ар балага, кызга айтуучу кадик сөзүнүн арасына буктурулган оюн өзү гана түшүнөт. Мүмкүн, Сейдеш чала-чарпы баамдагандыр.

Эки, үч жыл эмеле өтөөр. Бул жоромолдун кыябына караганда өлбөс тирлик жөмөлөнүп кетээр. Сейдеш бойго жетип, суйкайган селки болоор. Ата-энеси дагы өтө мончыркабаган карапайым адамдар экен. Атаганат, тагдырына Сейдеш буюрар күн барбы? Башка бирөөгө көз арттырбай, Ажы абасы атайлап куда түшсө... Ички сырткы эл билип, башы байлануу Сейдеш бийкеч куштай тараның Тоголок Молдосун күтсө. Апысы баралына толгондо алынча каадасы менен арзыган жигити күйөөлөп барып үйлөнсө... Ага дейре күйгөндөн далай санаттар чыгарып Сейдешине угузса. Ырас, Сейдеш анын эмчи гана эмес, ырчылыгын билсе, чоордой кубулжуган авазын эшитсе, ашыглыгын ачык туйса, чалпоо жүрөгү шексиз ал деп согоор беле. Байымбет лыпылдап баштагысынан дагы ыкчам, көңүлдүү биринен сала бирин эшик тындырбай келип, кетип топураган улуулардын кошогундагы балдарды тез, жетик эмдөөдө.

А кыялы чабыттап мурда түпөйүл жүргөн пейили пеге капысынан мынчалык козголгонуна ээ-жаа бербей ээликкен махабат сыйкырына жетеленип, кыймылы да ыкчам, наштары да илбериңки. А дегендегисиндей балдардын этин оорутпай, этиет эмдегенге көндү. Негедир жакын сезилип бараткан үй ичине көз кырын чачыратып, окус экеп-токондо Сейдеш чалдыкса ого бетер сапаасы оштонуп, шыктана күжүлдөөдө.

* * *

Айылдан айылды түрүп нечен күн эмдеген балдардын тизмесин, дары-дармеги түгөнүп бошогон кол үкөкчөсүн Байымбет үйрөткөн устатына табыштоодо.

— Мынакей Васил табып.

Васил бозомук алагай көзүн ойлуу, суроолуу кылыйта, стол четиндеги эскирген үкөкчөнү калдырата илгичин бурай ачып, жаңы тилгич, наштар аспаптарды сууруп, үстүнө койду:

— Эми балдар чечек оорубайт. А бул сага керек бо-

лот. Мен дары, даки, кебез төлтуруп сага берем. Дары узакка бузулбайт. Башка жерге барсаң пайдалан.

Байымбет башын чайкады:

— Мен жарды. Акча жок. Дүр мырза «бүттү, эмчилигиңди токтот» деди.

Васил тикчийген кыркма сакалына мыртыгый аппак колунун сыртын сайгылата, жеңил улутунгансыды:

— Бекер ал, Дүргө айтпай катып кой. Бир кезде пайдасы тиет. Тамыр болобуз. Менден сага тартуу.

Мынчалык марттыкка, төтөн «тамыр болобуз» дегенине Байымбет таңданды:

— Васил табып, мен жетим, кедей. Сиз төрө...

— Ой, сен жигит, мен төрөмүнбү? Кыргыздар кийими бүтүн орустардын баарын төрө дейт. Туура эмес. Мен сендей кедей. Москвада дарыкер, мектебин бүткөндө Түркестанга жиберген. Токмоктогу орус армиясында табыпмын. Кыргыз кедейлери жакшы. Сендей тамырым көп. Быйыл аскер кызматым бүтөт. Төмөнкү силердин Пишпекке кетем. Шаардык доктор болом. Мавра деген сүйлошкөн колуктум бар. Пишпекте. Аскерден мен бошогондо атасы той берет. Жер алыс, там салам. Табыпкана курам. Кыргыз, орус, өзбек, казак, дунган кедейлерин дарылайм. Силердин манап, байлар орус төрөлөрүнө окшоп, зулум...

Өмүрү мындай пикирге ортоктошпогон Байымбет жаңы түшүндүрмөгө коймолжуду. Орустардын мындай кедеймин деген окуган табыбы кыргыздын Байымбеттей жакырына жан тартып тамырлашсак десе... а төрөлөрүн биздин манап, байлардай зулум атаса. Кандайынча жоромолдойт. Тили, дини буруу болгон менен жардыга жарды, дөөлөттүүгө дөөлөттүү максатташпы? Баягында иниси Байтымбет экөө орустун зулумдугу, кең пейилдиги, залалы, пайдасы жаатында тартышканындагы таппаган жообун эми Васил табыптан ажырым боолгологонсуду.

Өңгөсүнөн муну нечак бала-чакалуу, кайырма жака, боз кементайчан, мылтык, кылыччан аскерлер кайтарган чептин ичиндеги тунукелүү үйлөрдө жашаган, чен тагынган төрөлөрдүн нөкөрү десе, сарбаздардан айырмасыз, ушул дары жыттанган чакан бөлмөгө ээлик кызматчы-табып экен да. Эмгиче үйлөнбөптүр. Пишпекте колуктум бар, анда-санда күйөөлөп катышам, келгин дыйкан орустун кызы, иштерман дейт. Зеригип отурганбы, же тамырлашам деген соң пейли чапканынан го. Васил ага

имериле сырып ачууда. Сакалы дүпүйгөп менен жашы жыйырма жетиде, андан сегиз жаш улуу. Орусиянын түпкүрүндөгү херсондук дыйкандын баласы. Насили молдован деген өзүнчө элдин тукумунан экенин өзүнү шакирттикте жүргөнүндө айткан.

Алчу жары Мавранын мантайган сүрөтүн көргөзүп бажырандады:

— Акылдуу, иштерман. Жардыга ушундай катын жакшы.

Анын маегинен Байымбетти таңгалткан күйөө жигиттин калың төлөбөгөнү. Кызыгың кур, колуктунун энеатасы себин өзү камдап, тойлорун өзүлөрү өткөрөт имиш. Ал түгүл бай ата күйөөгө аттанткан кызынын энчисине там-таш, корук жерин, акчалай аманатын кошо бөлүп берет дейт. Орустун, жалпы эле батыш калкынын бул керемет салтын алгач укkан кыргыз жигити тамшана таңыркады. Василийдин колуктусунун ата-энеси Чүйдүн асыл жеринен жаңыдан баар таап, азыноолак чарба күтө баштаган орусиядан оогон дыйкан болгондуктан төлөнчү, үй-эмеректерин гана сеп катары камдоодо. Күйоо бала Васил врачка жер бөлдүрүүгө, там салышууга жардамдашууга убада бекитишиптир. Калган тиричиликти Васил Маврасы экөө кудурети жетишкенче курап алууга тийиш. Үйлөнүү жышаны ар элде ар түркүндүгү Байымбетке дагы бир жаңылык ачты.

Өзүнө салыштырганда анчалык жардыдай жабыркабаган, келечегин айкын болжоп... Пишпекке көчөөрүн, кайындаган колуктусуна үйлөнүп, там салаарын, табыштык кесипке бел байлагап көзү ачык сымалданган, төрөлөргө ыктоо жүргөн тили бурууга алгач шыпаарлагап Байымбет түркүн адамдарды жакындатуучу касиет эмнеде экенине ой жүгүрттү.

«Васил, тамыр, Толук аты-жөнүм Пурунзе. Жазда бошоп Пишпекке кетем. Барып тур. Издегенде Васил Пурунзе доктур десең табасың дейт. Василге Пурунзени кошкону кейпи Байымбет Абдрахман уулу дегендей. Кап, утуру жакшыга жанаша түшкөнүмдө, анча-мынча шыбагасын жугузаар замат, шыпырылмайым жанга батты. Сооронбай манаптын төрүндө айлап жаагы тыпбаган алп манасчы Тыныбекке кол бала катары лыпылдап кызмат өтөп, чогуу туруп, чогуу жаттым. Элпектигимен, идиректүүлүгүмөн ага жактым. Дастанын жаттап, кагазга ыр чүргөп «Алп манасчы Тыпыбек атам эмей эмине, сексен күнү бир жүрүп, серпилип учтум демине»

деген ырымды ара чолодо окуп берип, моокун кандырып олуядай аксакалдан «Тоголок Молдо» аталдым. Андан ары акып молдолугум уланбай өзүмчө күнгүрөнүп туңгуюкталдым. Айттырып укkан айыл-апа, куштап чакырган билермандар кайда? Алардын көзүнө мен боз бала, капарларына илип тоотушпайт. Атакөрү, өз жеримдегидей тааныш тели-теңтуштар да күтпөдүм. Андайларга аралашып издөөгө чолом да тийчүдөй өңдөнбөйт. Эптеп жан сактаарлык жем үчүн Айылчы абам улам бирдеңкеге жабыштырууда. Аныкы да жөндүү. Ажы абамдыч көчүгү жер жыттабайт. Карт ата манап, жаш бала манап экоону алмак-салмак жандап чолосу тийбейт. Анда-санда үйүнө жайланып кайтса:

— И, Тоголок Молдом, эрмек болчу карагым,— дегенинде гана Тыныбектин Манасынан сабатсам магдыраң угат. Мени ырдаткандан талбаган көбүнчө Апай эжем. Ал апамды, бөбөктөрүмдү такай кошо отургузат. Аларга көндүм. Бир үйдүн ырчылыгынан эл аралаар күнүм бөлобу? Топко чыга албаган, үй эрмекчилик өнөрүң менен оокатың өтпөйт дештиби. Дүр мырза менен Айылчы абам бу Васил Пурунзе табыпка шакирттикке өткөрүштү. Андан чечекти айыктырчу эмчиликти, чала-була тамыр кармаган табыптыкты үйрөндүм. Тынай журтунун балдарын чечектин алааматынан сактоочу эмди жасап бүткөнүм соң, дагы жолум кесилди. Дос бололу деп дары-дармегин толтуруп көмүркойду тартуулаган орус табыбы, чукулда Пишпекке кочсө... Түштүк жерге дайым катышып туралбасам, мындан да алыстайм. Болбосо Васил Пурунзеден дарыкерликтин бөлөк түрлөрүн үйрөнсөм деген ниетим да болду эле. Ка-ап...»

Байымбет менен Василий Фрунзе эрлерче кулач айкаша кучакташып коштошту. Аның тикенек сакалы беркинин жүзүн кытыгылай сайгылап, коңурсук дары жыттын унуткус сүйкөгөнсүдү:

— Күтөм тамыр. Пишпекке катышып тур.

Байымбет колтугундагы үкөкчөсүн бапестей кысып, каалгадан чыккысы келбей айланчыктап коштошоор сөзүн ыр менен созо баштады:

Орустан тапкан тамырым
Олжосуз билдим кадырың.
Табамын сени Пишпектеп
Тартпасам турмуш жабырың.

— Азамат, сен ырчы. Отур анда. — Василий Фрунзе жаш кыргыз тамырын обдулуп мүрүсүнөн имере тартып

отургучка кондурду. Анан бурчтагы тактадан кыягыч кучактай багжая, анын маңдайына жыла отуруп, жыбылжыта күү тартты. Байымбет көмүркөйүн коюп, оңдоно комдонду. Алигинде шакирттикте жүргөндө кээ дем алыш кечтеринде аскерлердин кыяк, баян деген аспаптардан кубулжута күү төгүлтүп, бир үндөн жапырт ырдагандарына шерденген.

Ал эми төрөлөр өзүнчө аппак селкилери менен койкоңдоп айкалыша, бийлегендерин, Соң-Көлдөгү толкунга калкыган куулардай чайкалгандарын, баштарын чулгуй чумуп, кайра канаттарын тарап эргигендей шаңдуу шапар тепкендерин окчун акмалап шайырлыктарына тамшанган.

Ошол үлпөттөргө катышууга анда Василийдин чолоосу жетпеген. Эми негедир жүрөк чери козголуп, коюу, куйкул кирпиктерин түрүлттү:

— Кана тамыр, жанакыңды обон кошуп ырдачы. Мен баян тартам. Анан үйрөнөм.

Байымбет жай созолонду:

Орустан тапкан о-ой тамырым...

Тигил кыягын дал анын ыргагына келтиргенче күүлөп тынымдан соң үн кошту:

Кыргыздан ой-ой тапкан тамырым.

Байымбет анын амалын аңдап кубанганына экинчи сабын мурункудан да жай чоё, эми тигини күтө токтоду:

Олжосуз о-ой билдим кадырың.

Васил азыноолак ойлонуңку башкы сөзүн өзүнчө оңдой кыягын коштото кайталады:

Кымбатын ой-ой билдим кадырың,

Байымбет тамырынын шыктуулугуна жетине албай үчүнчү сабын узатты:

Табамын о-о сени Пишпектен.

Васил бу саам шар гана:

Табамын о-о сени Токмоктон

— дегенде Байымбет жарпы жазыла:

Тартпасам о-о турмуш жабырын...

Васил конур доошуна назик кыякты сыбызгыта эритип аяккысын өзгөртүүсүз таштады:

Тартпасам о-ой турмуш жабырып.

Акырында экөө тең каткырып күлө алакан чабышты.

— Кана шашпай, аягына дейре ырдайбыз. — Василий Фрунзе аргенин күүлөп, обонду кызытып, үрпөк чач башын чулгуй эргиди. Байымбет ага кошулуп, конур, назик эки үн өз сөздөрүн, бир күүгө калкытты:

Кыргыздан ой-ой тапкан тамырым,
Орустан о-ой тапкан тамырым,
Кымбатын о-ой билдим кадырын,
Олжосуз о-ой билдим кадырын,
Табамын о-о сени Токмоктон,
Табамын о-о сени Пишпектен.

Экөөнүн тең чери таркагандай жаркылдай тигилишти. Табып Байымбеттин чарчы боюна, ажарлуу дидарына жарашык арттырган шадылуу, ичке манжаларын кармалады:

— Комуз чертчү, кыяк тартчу, же калем уч ойнотчу сыпаа, шок кол. Авазың жакшы. Дагы ырдайсыңбы?

— Ырдайм.

— Кана. Мен сени коштоп кыякты чоём.

Байымбет Тыныбектин «Айчүрөгүнөн» ленилдетти:

Акун хандын ак сарай
Аземдеги бир далай...

Василий Фрунзе адегенде кадимки созмо, күйгөп же терме обондоруна окшобогон өзгөчө, улам түрлөнүп шыбыргактата соктурулган ыргакты таппай, кыягын кыцылдата ээрчип... бара-бара Айчүрөк, Семетей жөнүндөгү дастандык баянга уюп, тынч күнттанды.

Окуяның, сүрөттөөнүн кооздугун арттырган укмуштуу үнгө, кыймылы, дидары кызый-кызый кубулжуй куюлушуп, бир өзү театр оюнун аткарган далай чеберлердин ордун баскандай түрлөнө, чала-була укпан, кыргыздардын укмуштуу дастаны Манастан улап узаганында кыркма сакал Василий Фрунзе тоолук элдин толкуган галантына кандай баа жарашаарын билбей, сокмоктуу алаканын тапылдата чапкылап, о, кыйлада марага жакындаган сайын дүбүртүн катуулата, арышын кере таштап сынына чыккан күлүктөй созолонуп токтогон

Байымбеттин тер буулганган моюнунан кучактады:

— Кыргыз айрым төрөлөр ойлогондой жапайы эмес. «Манас», комуз, кыл кыяк, чоор, ордо, килем, шырдак... кылыч, мылтык соккон усталар, кылдат зергерлер бар. Мына биздики Токмоктун жанында онунчу кылымда Баласагун шаары болгон. Анда өнөр, кесип өнүккөн. Аны Чынгызхан талкалаган. Дыйкан, малчы — өз ишине сырдана эргулдар. Силерде окуган адам аз. Сен азамат, кат билесиз. Неге «Манасты» кагазга түшүрбөйсүң?

Байымбет элин мактаганда жооткотоор жоон издебей, жүрогүно ынак сезилген тиешелүүсүно тилин безеди:

— «Манасты» катка түшүрүү... о-хо, не укмушту айтасыз. Ага күч-кубатым, убактым, кагаз жетеби? Окус жазылса кимдер окуйт?

Экөө далайга үнсүз арбашып, ичтеринен тынып турушту.

Аябай чечилип ага белгисиз зор сырлуу масилеттерди козгогон тамырына Байымбет эми качан жолугат? Кан, өгүнтөн колунда шакирттикте жүргөндө ушинтип баарлашканда эмне. Ынак тартып кыйла каныкмак экен. Орустардын шаңдуу жапырт обон созгонун, кыяк, аргең, балалайка деген аспаптардан күү төгүлтөндөрүн укту, шапар тепкенин көрдү. Ичкериден бери ар уруу эл, көз жеткис жер мейкинин ээлеген орустардын айлакер аскери, күчтүү куралы гана тургай, өнөр, билими артык дегең дацазанын чындыгына ынанды. Ал боорукер тамырынан дагы түкшүмөл жагын тактап билүүгө акыры батынды:

— Васил Пурунзе тамыр, орустун акындары биздин манасчылардай, мына мендей жат ырдайбы, же?..

Доктор анын купулундагыны толук туюп, үкөгүнөн калыцча мукаба китепти сууруду:

— Орустун акындары деле силердей... Айырмасы ырды кагазга жазат. Анан мындай китеп чыгарат. Калк сатып алып, барктап окуйт. Ме, карачы. — Китепти сугулган Байымбетке карматты.

Тоголок Молдо араң, фарси, түрк китептериндей солду карай ацтараарында, Васил Фрунзе жылмайып, оцдой көргөзүп, оңунан ачты. Байымбеттин көзү чен тагынган, ичке мурут, чырайлуу жаш жигитке урунду.

— Китепти жазган орус акыны Лермонтов. Азыркы мендей жыйырма жети жашында эрөөлдөн өлгөн. Эц мыкты акын.

— Жаш мертиниптир. Төрөдөй кийинген акын экен.

Байымбет баратап бийкеч жыйган жүктөй сап-сап кооз тамгаларга суктанды:

— Түшүнбөйм. Орусча окуган эмесмин.

Фрунзеге Байымбеттин окуттөөсү жакты:

— Сен азыр жаш. Аракеттенсең орусча окуганды, сүйлөгөндү бат билесиң. Карачы мен кыргызча билдим. Сен орусча бил. Оруста мыкты акын көп. Сага орусча «Алиппе — Букварь» табам.

Байымбет кара чечекей боордошундай кам жеп үйрүлгөн тили буруу досуна колун боруна кайчылаштыра, кулдук ура ыраазылыгын айкындады.

— Ылайым кор болбо, көздөгөнүңө жет, Васил Пурунзе тамыр.

* * *

Байымбет Чүйдү маанектегенден берки абалынын эки анжы серпилишине жүрөкзаада. Эргүү, өксүү. Кумарлануу, томсоруу. Кубануу, сабылуу. Эңсөө, эңгирөө. Неге анын тагдыры башкалардыкындай бир ыңгай бейкут чукталбайт? Бирде көкөлөп, бирде көмөлөнүп чалпоо сезимдин түйшүгүн гана арбытууда. Азуусун айга жанып, каалаганы түгөл аземделген Дүр мырзадай улуктукту күсөбөйт. Өз чаркын чактап, мыктыларга табакташ, жаамы журтка сабакташ ортозат беделдүү Айылча абасындай окумдарларга акылман нөкөр болушка да күмөндөө. Көңүлү төтөп, байы, жардысыбы, жалпы адамга сообу тийген, оомал токмөл дүйнөдо журтка насиптеш Музоокө, Тыныбектей, же Васил Пурунзедей өнөрго эгедерликке жетсе, аны бак жылоологону оңпо. Чала чарпы күдөрүндөгүгө жанашканда, атайлап карасанатайлык ацдын тургандай, аста секиндеп ажыратат да, кайра башкаса далбас урдурат. Балалыгыбы, чалалыгыбы. Өз арбайын бирөөгө ден кылбай ырчылыктын артынан сая түшпөө арасат кокойгудай. Кур чапкылап жүргөн шоркелдейлер азбы? «А тоо менен бу тоонун отун арзыган кулжа ачка олүптүр» болбосун. Иниси жер үшөбөй, кара оокатка камбыл омоктуу эргулуна тартты. Айылчынын тиричилигин тескеп... ара чолодо орус байларына акысын бычып мандикерликке жалданып тактай тилишкенге, тоодон карагай тартканга бара коюп жүрөт. Агасынын элге аралашып, экен-токондо Айылчы ажынын үйүнө эрмек-зоок курганына жетине албай, чукулда жан сырын кайпытты:

— Майболпочум, мынча болду, сен атка минерликке от. Тыныбектен бата алган Тоголок Молдолугуцду акта.

Үй камы менин мойнумда. Апам менен Каныкейди Апай эне колуна кол жалгатып үйүнөн чыгарбайт. Жетимдин жары чоң кудай. Шыбагасыз жаралган эместирбиз. Ирдепсек, дагы байкашаарбыз. Эмчилигиң тыйылса, акыдыкты арбыт.

— О, аюум, азаматым. Сенин шунтериңди билгем. Мени үй түйшүгүнөн бошоттум дечи! — Байымбет бурчта чакан жүк жыйылып, эски шырдак салынган, өзүлөрүнө чак, байыр тарткан тепейген жылуу бөлмөдө бет маңдай коржоюп мандаш токунган инисине эбедеги эзилди.

— Айтпадымбы. Сырткы, ички көр оокатка колуңду тийгизбе. Өзүм тейлейм. Жарыктык бабам олуя экен. Кара күчтү маа, ак колдукту саа жоручу. Айтканы келди, жарыктыктын. Анан... акылга түйгөн дагы бир сырым бар. Айтсамбы же коё турсамбы? — Байымбет бала кыялын кармата агасына күлмүң-күлмүң ормоддол, оозун чормойто ышкырык ызгытты. Тууган уруктан алыс, чоочун элде Айылчынын калкасы тийип, курсак ток тартып, жон бүтөлө дегендей кичине жандары сеп алышканда, экөө бир-бирине капынышпаса, аларды ким жооткотот. Инисинин эркелегени, негедир андан башка эч кимден укпоочу аңкоо, жо-ок, азыркысына караганда талтөөндөй куйкум накылды чукулоого ниеттенгенин боолголой агасы ага бажырайды:

— Аюум, акылдуум. Көп манчыркатпа. Менден жашырсаң апаңа сырдаш анда...

— Апамабы? — Үкөсү байыркынын баатырларындай дандайта кырылган башын чайкай, аз-аздан түнөрө чөгүңкү коюуланды. Агасынын «апаңа сырдаш анда» деген ишаарасы көкөйүн өйкөгөн жарааттуу жацыланга чокугансыды...

Булардын атасы Абдрахман ушу улуу баласы түсполдош кызылдуу, бирок кичүүсү Байымбет кейиптегеп кажарлуу, кара мурут, кара сакал, азыраак комуз чертип ырдай койчу. Уулдарын кичирээгинде алмак-салсак бирде тигинди, бирде муну өнөрө бастырып, чоңоо түшкөндө инисин тайга, агасын кунанга айырмач токуп мингизип ээрчитип эркелетчү. Өзүлөрүнө өпчап жетерлик оокаты менен саан малын тың көзөмөлдөчү. Бул он эки, тигил он төртко чыгып кол арасына жараганда:

— Музоочуктарым муңдурбайт,— деп экөө тең тырмаңдап атаандаша көмөктөшө баштаганда атасы каза тапты.

Апасы жыл маалы айланып, атасынын ашын бергенче кара кийип, күндө «асылым, кайран туйгунум» деп жоктоп кошуп тул отурду.

— Эринен жаш калды. Жесирди туугандардын бирөөнө баш байлабасак төркүнү көчүрүп кетээр. Балдарына баш көз керек — дешип, Музооке карыга атайылап кеңешке барышкандар көбөйдү. Эңкейген карт баба жерден боорун көтөргөн небereлери Байымбет менен Байтымбетине акылдашты.

— Кандай дейсиңер кулундарым. Агаиндер ата-баба салтын улап, силердин тул энеңерди, менин жесир келинимди, кыйыр тууган Төлөмүшкө баш байлайлы. Уруксат бер абышка дешет. Төлөмүш ала канат. Көонүм чалпайт. Ошо силерге өгөй ата боло алабы?

Байтымбет көзүнүн жашын буурчактатып, үндөбөй жер чукуп солуктады. А Байымбет улуулук жана тирикарактык кылып бабасына мурчуңдады:

— Калжыраган агаиндериңизди тыйыңыз, чоң ата. Мен он төртко, бул он экиге, Каныкей тогузга чыктык. Апамды өзүбүз багабыз. Сиз турбайсызбы огожо болоорлук. Апамды бербейбиз, Төлөмүшкө.

Музооке баба Байымбетти тизесине сүйөнтүп, мандайынан жыттагылады:

— Дымагыңдан кулунум. Чынарым куласа чыпыгым бар. Атан төөдөн айрылсам, тайлагым бар, комун жерде калтырбас...

Муундары балбыран оркойгон карт колуна комузун алып, Музооке баба «Муңдуу күүсүн» зыңылдата күңгүронүп, жетим небereлерине доошун күлдүрөттү:

Эки бирдей о жетимчем
Эсен-аман о жетилсең.
Ата ордун о басарсың
Баба опорун о казарсың.
Энеңер эрге о тийбесин
Эчкирип жетим о күйбосүн.
Кор тартпайсың о мен турсам
Карайларсың о көз жумсам.

Жетимчелерине болушканына карабай абышканын оболуна көнүшпөй агаиндери кайрадан кысмакташты. Акыры, туурасы түгөнгөн карыя: «Балдарым менен менин тилимди албадыңар. Тул келиним не дээр экен. Өзүнө кеңешип көргүлөчү» — дейт. Коңур жесир Төлөмүшкө тийүүгө көңүлдөнөт. Көпкө созулган ыйкы-тыйкы тыйылып, кыйыр тууганы Төлөмүшкө чапма нике кыйып, баш байлаган соң, ал жесирдин үстүнө кирет. Эс тарт-

кан Байымбет апасына таарынып, үйүнөн кетип, Музоо-ке бабасынын колуна барат. Өзүнчө жалгыздаганда, кээде иниси Байтымбетке угуза зар какшайт:

Башында атам өлгөндө,
Энем эрге тийгенде
Күйгөн катып кошокчу
Деген сөздү билгенде
Анча-мынча жамактайм
Акылыма киргенде.

Үч жыл апасына жүздөшпөй, бөбөктөрүнө гана аргасыз кайрылышып, жолугушуп турат. Бабасы дүйнөдөн кайтканда энеси. Байымбеттин тилине көнүп, Төлөмүштү таштап, Соң-Көлдү ашып, Жумгалдагы төркүнүнө көчот. Кантсе да бир көңүлү сууган Байымбет апасын сыйлагап менен иниси, карындашындай ынак жуурулушпай, ошондон ушу кезге дейре сый мамиледе. Инисине «апаңа сырдаш анда» деген жылдырма какшыктын түйүнү ушунда. Инилүү, агалуу экөө бирдей көз ирмемге кылыйыша жетимдиктин кекчилдигин эскеришти. Байтымбет козун кыбыңдатып, кайтадан жайдаңдады:

— Кой, аксакал, көп зарыктырбайынчы сен-и. Айтайын дегеним бул. Өз алдыбызча түтүн булатсак. Сен колукту алсаң боло...

Байымбет борсулдай каткырды:

— И-я, акылман аю-ум...

— Чын...

— Колуктуну мен азыр эле табам.

Байтымбет тайлактай тайраңдап, агасын тегерене кулагын чоюп өтүп, секире оюн салды:

— Айтар киши жок, араң эле жүрүнсүң ээ, аксакал. Айтсаң, каяктагы кыз саа даяр турган.

— Аюу шүк, тынчтан. Адамдай кеп козгоп, кайга аюудай ойногонуңду тый.

— Жарайт. Тыйылдым. Мына отурдум. Кайда, маа жеңе болчу, түйшүгүмдү жеңилдетчү кыз, айт, көргөз?

— Тамашаңбы, анығыңбы аюу?!

— Анығым. Ит болоюн.

Байымбет балжактаган үкөсүнөн башта эч баамдабаган акыл чыгып, жеке өгүз күчү эмес, келечек тиричилик камына толгоно, аны эрезеге жеткен жигиттик салтка түрткөнү [illegible]айраңдана бет бакты.

— Мынабу Чым-Коргондогу жээрде сакал Шерматтып бой тарткан кызы бар. Аты Сейдеш. Сүйлөшсөм чанбас.

Байтымбет күлкү оюнун токтотуп орчундуу масилет курулганына ойлуу момурайды:

— Билем. Алигинде бизди ууру тутуп демиткен сары Шерматпы? Жакшынакай кызы бар. Көргом. Ага жетсең жарадың.

— Азыр кеп катыштырып, буюрса соңгу жылдардан...

— О-у... ага дейре сен карыйсың, мен куруйм го Тоголок Молдокем?

— Эх аюум, теңирде теңдик жок. Колубуз узарар күн барбы. Шермат бакыл адам өңдөнбойт. Балдарын медер туткан топуктуудай. Кызына көп калың бычып, малга сатпоочудай. Окус, мен көңүлүнө төп келсем... «Каадасыз кыз болбойт. Кур аякка бата жүрбөйт» дегендей азыноолак мал өткөзүп, ажы абабызды жуучу жиберттирип кудалатсак... Ким кимибиз ынак тартышып биригет элек.

Эки жетим келечек тагдырларын тескей ынтызарлыгы күчөп, каадалуу залкарлардай ой токтотуп божурашууда:

— Жээрде сакалдын сени күйөө балалыкка жактыраарына көзүң жетеби?

— Эгер Ажы абам иним деп жуучу түшсө баш тартпас.

— Аха... А кызычы?

— Сейдештин капарсыз көңүлүн ойготуп койгом.

— Ой, оңбогур дес-се...

— Сен атасынын астына куда түшөрлүк эки, үч кара тапсаң эле бүтоор...

Байтымбет баржайган бармак, сөөмөй, ортонун ачып жумду:

— Үш-шунчалык элеби. Кап, бардар, короомдо малым болгондо четинен айдап азыр жөнөбөс белем. Бакыр адам паанада. Колубузга карга чычаар. Мен орус, дунган байларына утурумдук жалданайын. Пул табайын, малга урунталы. Өзүң табыптыгынды, казалыңды арбыт. Колуңду уялтпай, ыроологондор чыгат экен. Жандыкты чоңго алмашып чогултабыз. Быйыл болбосо, эмдиги жылы...

Инисинин кадимки кажарлуу кишидей так мантыктыра демөөрлөнткөнү Байымбетти төлгөсүн төп келтирчүдөй жубантты:

— Аюум. Балакаттан өтүп, өз абийрибизди өзүбүз жабуучу эр жеткен бир туугандар сырдаштык. Сөзүбүз-

дүн өтөлгөсүнө чыга турган болгондо гана ажы абага айталы. Ага дейре экөөбүздүн ичибизде сакталсын. Мен эптеп ыгын таап, Сейдешти байкайын.

Кыйрынан азган боз тоголок агалуу-ини алгачкы мертебе али бейгам, бирок олуттуу ишке бел байлай баарлашты.

* * *

Байымбеттин бозойлук арзуусу Сейдешке кандай пылтоо менен жолугуу амалын табууга ашыктырууда. Бийкечтин бейкут көөнүн дагы козгоп, пейлин тартса, эгер ылайык тапса болочок убада шертти бекемдесе... А балким, тентиген эмеден бышкырык атып качаар. Алигинде эмдегендеги ишаараты на жылуу арбалганы сыпайгерчилик, назик кыздын уяң табиятынандыр.

Башка арга, ишенер арачысы жок. Чаап алмак беле, табын катары көздү жуумп барууга чыгынды.

Чак түш. Жерди кечээ жааган ала жаздын көбүктүү зампар сары кары очойткон. Күн тээ капталдаган тоолордон ийинге калкып бери жылган учур. Чүйдө ансыз деле кыш жумшагыраак. «Кардын башын кар жутат». Ушу суу кар астында тапталган мурдагы сууктан калган жука карды шимирип эритүүдө. Шерматтыкына жүрөгү канчалык дүкүлдөсө да шар жетти.

Жүктүү төө кебелбей өтөрлүк бийик десе бийик, кенен десе кенен жаңы дарбазага селейди. Орус усталарына байлар гана түгүл, буердеги Шерматтай орто дыйкандар дагы ирик же торпокко бектердин сарайларындагыдай даңкайган дарбазаларды кыпаптатып атаандаша жасатууда. Ал капкага кумарланганынан токтоболу. Шаңкылдаган бийкеч күлкүсү, ага аралаш дагы жаш ургачынын үзүл-кесил каткырыгы апкаарытты. Жылчыксыз жымыйта сүрүлүп, илгичтеп тыкыз бекитилген капкадан көзүнө эчтеке илинбеди. Шаңгыр күлкү кайтадан төгүлүп, сыртагы жигиттин сезим отун тутантты. «Тобокел, эмчи менен мусапырга дайым эшик ачык». Капканын экинчи жагынан ортосунда кыналган жөө кишилик чакан каалгачаны түртсө жумшак ачылды. Жигит илбирстей чапчаң аттаса... Дардайган короонун ортосундагы дөбөдөй жаңы курондуну айланып, беш көкүл Сейдеш менен сайма этек бел боочон келин кар чачыша кубалашып ойноодо. Кызыган эмелер аны байкас алышпады.

— Амансыздарбы! деди Байымбет чымыркана.

Сейдеш уруугa белендеген карды уучтаган боюнча кызарган колун серейте, төшүү төрсөйгөн, көк чыптамасын чыпыйтып, сарала шайы көйнөгүнүн этегин делбирете, демиккен калыбында алдында тык токтогон жеңесин кучактай сүрдүктү.

Ысып бууланган жаш келин саңоор чачтары үлпүлдөп, моюнуна сыйрылган жибек жоолугун оңдоп байлана, бейтааныш уланга ийилгенсиди:

— Шүгүрчүлүк, келгиле.

Сейдеш чеңгелиндеги карды силкип, жеңесине күбүрөдү:

— Баягы дарыкер. Бизди эмдеген. Аты Тоголок Молдо беле:

— Ооба, ооба. Мен ырчылыгын да уккам. — Кайрылып Сейдешке шыбырады. — Жароокерлене тигилгенди укмуш. Сени тооруган эмедей.

Сейдеш жеңесин нукуду:

— Обу жоктонбой, соз катпайсыңбы.

Айтса айтпаса төгүнбү. Бойго жеткен кайын сиңдисин адатта ынагы эсептелген жеңеси, көзү күйгөн менен өзү ыйбаа сактаган бозойго өңгөчүнөн чыңк күрсүндү:

— Арбаңыз, жигит. Кызыке экөөбүздүн эриккен маалыбызда олдоксон оюнубуздун үстүнөн чыктыңыз.

Байымбет сүйүнгөнүн жашырбай чукулдай баса, күрүч тиштерин бажырайтты:

— Бактым бар экен. Сейдешке сиздей сырдаш жеңеси менен сайрандаган көңүлдүү учурунда жолугам деп ойлогон жок элем.

Алдын ала даярданган «өгүнкү эмдөө кандай бүттү. Ошону көрөйүн» деген кур шылтоосун коюп, элкин жагдайда бак этпире ачык таштаганына кыймылдады.

Кымындайдан аталары кудалашып тагдырлары түйүндөлгөн тааныш эмедей табып уландын таамай качырганы Сейдештин боюн чымыратып, кучагындагы жеңесинин табына бөлөндү.

Тайманбай таасын сүйлөгөн жигитке да, майда калтырак басып, дүүлүккөн жанын туйдура капталына жабышкан кайын сиңдисине да жеңе азыр салттуу талам-даштыгын айкындады:

— Чиркин, төлгөң жакшы чыгар жигит. Бирок, кызыкени эмдегениң, сыртыңдан ырчы балалыгыңды эшиткенибиз дебесе, дайыныңды билбейт экенбиз. Мына шар беттедиң, тартынбасаң деле болот. Чиркин, кызыке экөө-

бүз бүгүн кечке жалгызбыз. Үйдөгүлөр жаңырт өйдөкү айылдагы куданын тоюна кетишкен.

Жеңесинин кыя салдырганы, каада сактаганы, өңгөсүнөн экөөпүн ээн экендиги Байымбетке жакты. Күйоолөөчү жигиттин минтип капысынан жүткүнгөнүндө тегин териштирүү кыргызда Манас, Семетейдин доорунан уланган ырасмы. Тиги келин баягында бул үйдүн ээси Шермат жок изден барганында жаңындагы укурукчан оңурулган, Байымбет иниси экөөнү «тентимиш» атап жаңырган жигиттин жубайы экенин болжоду. Мындай ээпэлкин абал табылбас. Байымбет көкүл астын көшүлтө азыноолак токмааректенип, буларга дейре маалымдалган ырчылыгын далилдөө үчүн сөз ширесин куюлуштура сыбызгытты:

О, жеңе, тентиген байкуш эмесмин
Тегим манап дебесмин.
Бабам акын Музооке
Дубанды бузган ал жеке.
Комузун колдо сайраткан
Өлөңүн сабап айдаткан.
Сарбагыш, саяк солтодо
Сайранын курган ортодо.
Андан жетим кургамын,
Апкелген Ажы тууганым
Ата бабам угуттуу
Айтылуу Куртка турганым.
Тууганым ажы Айылчы
Силердин элге дайындуу,
Андан корок жеңе айт
Болбосун кызың кайындуу.

Сейдеш жеңесин артыла кучактай кытыгылады. Өгүзкүгө караганда бою да серейип, өңү да тотугуп чоңоё түшкөндөй. Шок уландын өзү жардагандай «угуттуу» таазимине толкуган бийкеч, кылгыра ажардуу дидарын жеңесинин ийнинен мотурайтты. Жеңеси шаанилүү уландын шардыгына ниети жибий, шайырлыкка тойбогон жаш кыракты азыноолак шандантууга өзүнөн беш бетер пейилденип кайын сиңдисинин тымызын ныкыганын сезип, күлмүңдөдү.

— Чоо жайында билдик. Табып десе табып, ырчы десең ырчы. Жигиттин гүлү белемсиң. Билбеппиз. Кызыкенин кайындуу, кайынсыздыгын кийин көбилешербиз. Мынча болду. Чиркин, баштацмай жасайлы, кызыке экөөбүз. Мен, казан асып чый-пый куурайын. Кызыке, мейманды үйгө киргиз.— Келин чет-чети сайма

жашыл макмал белдемчисин ичке белине оролто, согончогупа суналган эки орум билектей чачын сүйсалткан чакан күмүш чолпусун шыңгырата ойсоңдой нарылады.

Жеңесинин созулуңку түртүмүш этин узаганынан ажырабай кошо басчудай кыйылган Сейдештин жолун Байымбет торгоду:

— Сейдеш, баамымда эстүү жансың... Алигинден бери, ак эткенден так этин күсөп... Жараткан буюрса, асыл жарым болсоң...

Сейдеш эңтиге, көзүн бажырайта, борсок эринин аран кыбыратты:

— А-а... айтарыңыз унубу? — Ыкыс берип жоончудой бурулганда Байымбет кыздын карга муздаган колун, ысык алаканына орой сылап токтотту:

— Качпа менден асылым. Азыр эмес. Сен жашыраксың. Мен да жүк күткончө... эки-үч жыл аралыгында... А дейре бири-бирибизди арзып, жактырып, ашыглыкка берилип... анда-санда минтип кездешсек... «Кымызды ичкенге, кызды сураганга бер». Бирөөлөр жуучу түшүп сурап келсе, атаң калың жеп, макул десе шорум катпайбы.

Сейдеш гүлдөй ыргала, колун гана тургай, бүткүл ой-санаасын жылытқан жигитке, эмелеки булт коюсуп унутуп, майда калтаарый коймолжуду:

— Тоголок Молдо.— Алигинде, эмдеген соң, атаң таанышканда эстеп калган атты өзгөчө таттуулапта айтты. — Жуучулар келип жатышканын кайдан билесиң?

Жигит чочуп эдирейди:

— Кыздуу үйгө жуучу келет. Карындууга доочу келет. Жуучу бизден деле келиши мүмкүн. Андан көрөк кеп өзүндө. Айтчы, мени жактырасыңбы?

Кыз сурмалуу көзүн эңилте:

— Билбейм,— деди уяң.

Байымбет ымыр-чымыр албуут күчкө ээлиге жеңил, назик денени бооруна орой эркелетти:

— Билесиң. Сүйөсүң. Жиберем жуучу, атаңа. Мендиксиң, болөк эч кимге барбайсың. Чынбы, чынбы?

Кыз жигиттин сыйкырына көнбөй ыргыштап, койкойгон каз тамак моюнун бура:

— Уят. Тигине жеңем чакырып атат. Жүрү. — Назик булт коюп селтилдеп алдыга чуркады.

Байымбет мөрөйү үстөм болоордой тамылжый, эми Сейдешине, жеңеси экөөнө, сезимин өрттөй албыртқан жаш бийкечке арнап кулактары угуп, тилдери күрмөй элек булбул обонго салып, шекер сөздөрдөн эритпесе эле-

би. Көөдөнү жерден көтөрүлүп асманга эргий, кенен дем алып, жүзүн абанын тунугуна айматып... ажайып дүйнөнүн аземине чалкыды. Адам жыргалды ушундай закымдык кумарлануудан татабы? Жыргал деген бир пастык ырахатпы. Жо-о... бир пастык ырахат, болочок бактынын тутанчу учкуну го! Жаркын учкун түбөлүгүң түз болсо көр.

Ыры менен махабатты медер тутуп, башканы анчейин эңсебеген улан болумуштун тар жол, тайгак кыяларын тайгылбай, каржалбай өтө алар бекен? Келечекке олуялык кылчу ким?...

* * *

Дүр жука ак жибек көйнөгүнүн сайма тик жакасын кеңири ача камыккан ысыктан желпинди. Алдындагы тегерек столдун үстүндөгү али басма боёгу жыттанган жаңы китептин акыркы барагын жапты. Мындан бир нече күн мурда аттык колкого Токмоктогу китеп дүкөнүн кармаган Шарафудин молдо бапестеп колуна тийгизээр замат окууга киришкен. Зарыл иштерге бастырып, аргасыз көңүлү алаксыганы дебесе, ара-чолодо кызыгып баш көтөрбөдү. Айрым казак, кыргыз калктарына белгилүү... «Жейренче чечен» жомогунан, орус жазуучулары Л. Толстойдун, Ушинскийдин кыска хикаяларын, Крыловдун тамсилдерин, Алтынсарынын чыгармаларын кайра-кайра кунттанып башынан түшүп, жедеп канганда китепти жапты. Жазы столдун наркы четтеринде орус, түрк тилдериндеги газеталар, китептер иретсиз жайылууда.

Жаңы окуу китебине алаксыган Дүрдүн аларга чолосу тие элек.

Китеп... жонунан кыргыз аталган, а негизи казак, орусча да, арабча да, түрки-чагатайча да жетик окуган билимдүү, акындыгы да бар Ыбырай Алтынсарын бир миң сегиз жүз жетимиш тогузунчу жылы Оренбургдан чыгарыптыр. **«Кыргыз хрестоматиясы». Мектептерге окутуу үчүн.** Атына жараша мааниси зор. Балдарды окутуугa, акыл түшүнүгүн өстүрүүгө, күранды кургак жаттоодон алда канча ылайыктуу, баалуу, жеңил. Дыйканчылыктын, отурукташуунун пайдасы, табийгаттын түркүн кооздугу, өсүмдүк, айбанаттардын ар кылдуулугу, эмгектин, билимдин, ынтымактын күчү, аларга ылайыктуу кыска хикаялар, жомоктор, тамсилдер, ырлар...

Тамганын негизи орусчадан колдонулганы менен баары өз тилинде түшүнүктүү. Алтынсары уулу Ыбырай кыргыз, казакка, бүткүл Түркстандыктарга башта болуп көрбөгөн укмуштуу жаңылыкты жаратыптыр. Ташкен, Верныйдан тартып, Токмоктогу окуу билген мыктыларга улуу окуя катары аңыздалып, манаптарга бирден-экиден суроо боюнча жеткени ушул.

«Кыргыз окуу китебине» (хрестоматиясына) Дүр Сооронбай уулу Чүйдөгү кыргыздардын сабаттуу жаш манабы моокуму канып, аны дагы кимдерге көргөзүп, кимдерге окутууга дилгирленди. Кимдерге???

Кеминдеги түбү аталаш атаке сарбагыштын мыктысы — атасы капитан Жантайдан кийин падышадан кол башчы (Войковского старшины) ченин тагынган, жарым хан аталган, өзүнөн он беш жашча улуу Шабданга кабарласабы. Ага да тийгендир. Анын молдолору мусулманча окугандар. Орус арибинде окуган, окуса да мунун баркына жеткирчү тилмечтери ким? Албетте, жергиликтүү төрөлөрдүн көзөмөлүндө жиберген тилмечтер, кагчысы-пиҫарлары бар.

Шабдандын тилмечтери жан багар көшөматчылар. Алар мектеп ачтырып ушу окуу китеби боюнча балдардын көзүн ачтыруу түйшүгүнөн көрөк, Шабданды тынч ээрчип жеңил туйтунганды каалашат. А Шабдан өзү орустарга достук көйнүн ачкан менен окуусунан кечикти. Дал кыркты кыюулаган атактуу Шабдан эл камы, бийлик опасынан чама-чаркы тийбейт. Эми окууну да каалабас. Кичүү уулун калаага жиберип орусча окута баштады деп укқан. Анысы жаш. Улуулары айылдык молдодон сабак алышыптыр. Кыябы Ыбрай Алтынсарынын окуу китеби жаатында Шабданга жетсе да бейкапар ташташы этимал. Көрө, уга жатаарбыз.

Андан көрөк өзүнүн элиндеги байлардын идиректүү балдарын чогултуруп сабак баштасачы. Маалим ким болот?

Ыбырай Алтынсарынын окуу китебине сабаттуу киши эле жетиктик кылбайт. Ырды, хикаяны, тамсилди түшүнгөн, барктаган маалим керек. Андай ким бар буердэ?

Өзү жана аны менен гимназияны чогу бүткөн өйдөкү Кегетидеги кыйыр туушканы Мамбетаалы мырза. Жо-о... Өзү да, Мамбетаалы да мансапка умтулууда. Зарыл учурда төрөлөр менен алака жүргүзүүгө, түпкүлү орусча баарлашууга, атасы өндүү зор манаптар үчүн тилмечтик тилди сайрата коюп жүрүшөт.

А маалимдик тежик балдар менен алышкан мажироо иш. Ага басмырт адамдан табуу керек.

Дүр жапырт Тынай уруусундагы уучтап ашпаган сабаттуу адамдарды утуру, утуру санады. Алардын эч кимиси жацыча бала окутууга жарабас-с. Балдарды тамап этин жеген, тажабаган, бийлик, жемекейликке умтулбаган сопу чалыш такыба, сөзмөр, санжырачы кишилер гана жанын таштап жакшы окутууга лазым.

Дүрдүн жүгүрүк ою акыры Тыныбектин Манасын жаттаган, өзү чакылдап ыр чыгарып, дептерге жазган саяк балага-Тоголок Молдого токтолду. Айылчынын иниси. Агасына ак кызмат отойбу? Атаганат ошондой бироо чоц айылдан чыкпадыбы. Ал түгөттүн колуна — Алтынсарынын окуу китеби тийсе Манастан кыйын жаттаар. Кантсе. Өз козусунан кочкор салганы дурус. Андай «козу кочкор» чыкпаса кантет? Ким болбосун өз уругунун балдарына билим жугузат. Мейли. Ошо тапанды таптыруусу керек.

Эл жайлоодо... Ата манап Сооронбай жаз алды менен уулу Дүрго кецеш кылды... «Карыдым, арыдым, быйыл жайлоого тынч жан сактайын. Ичкеридеги алык-салыкты өзүц башкар. Губернадирице барып сүйлөш. Токмокко мектеп ачууга камынгандарына көмөктөш. Ага элден бекет жыйнатууну колуца алып, ыкчамдат».

Түркстан Россиянын карамагына кошулгандан тартып падышанын улуктарынын буйругунун негизинде уезддик шаарларда «букара» орустар менен жергиликтүү көчмөндөрдүн балдарына башталгыч билим берүүчү мектептерди ачууга киришилген.

Ал дегенде бүт Түркстан боюнча эки гана жердеги уезддик шаарлар Ташкент менен Верныйдагы гимназиянын алдында жергиликтүү улуттардын балдары үчүн даярдоо сыныптары, жатаканалары менен ачылган. Эне тили, мусулман дини сабакка киргизилбеген. Чылгый орусча окутулган. Ошондуктан жергиликтүү элден падыша төрөлөрүнүн кысымы астында гана бирин-серин манаптардын Дүр сыяктуу балдары кыйынчылык менен өздөштүргөн. Кыргыздар андан көрөк татар, өзбек, казак, кыргыз молдолорун кошо көчүрө жүрүшүп мусулманча окутууну ылайык табышкан.

Түркстандын улуктары абалды «ондоо» үчүн уезддердин аскер губернаторлоруна жергиликтүү каражатка шаарчаларда, ошонун ичинде Токмокто кыргыз жаштары үчүн даярдоо пансиондорун уюштуруу тапшырылган.

Анда окуучу балдар тилмеч, катчы катары, жергиликтүү бийлик ээлеринин өтө муктажданган иш чараларын жүргүзүүгө даярдалууга тийиш. Мектептин бардык ыгым-чыгымын кыргыздар толоого милдеттендирилген. Болуштардын жалпы бүтүмү боюнча Токмок уездиндеги кыргыздар ар түтүнгө жылына он тыйындан зекет жыйноого киришкени качан. Мектептин долбоору Дүрдүн катышуусу астында жакында макулдашылды. Токмоктогу кыргыз мектеби калк арасына билим таратууга, айыл чарбачылыгы, өнөр кесипке таанытырууга, орус тилин үйрөнүүгө, уезддеги ар уруу элдерди ымалаштырууга тарбиялайт. Ага жылына Токмок уездиндеги бардык болуштардан 20 эркек бала чогулган каражаттын эсебинен окуп, тарбияланат. Алар орус тили, эсеп, таза жазуу сабактарын алышат. Төрт жылдык окууну толук бүткөн кыргыз уландары уездик улуктун карамагына жиберилип, маселен Дүргө же атасына акылдашып, болуштүрүүсү боюнча ар кайсы болуштарга, негизинен өз болуштарына катчылыкка, тилмечтикке дайындалат.

Ушул жай Дүргө ошол 20 баланын түйшүгү күч болду. Айрым айыл манаптарынын, байларынын көп балалуулары «бири бузулса калганы бар» дешип тобокелдикке салып уулдарын камыптса, кээлери өзүлөрүнүкүн бербей, жаш аялмет кедейлердин балдарын, жетимдерди бекер кийим, бекер тамак, бекер окууга көндүрүп зорго толтурушту.

Алар тарбияланып бүткончо качан. Али бакандай төрт жыл бар. Дүр кезегинде атасы Сооронбай аны кантип жибергенин эскерди. «Бийликти укум тукумум улантсын десең балдарыңдын бирөөнү Верныйдагы гимназияга жибересиң» деген губернатордун кысымы астында аргасыздан байбиченин балдарын чокундук атантууга ыраа көрбой, «токолдуп баласы Дүр барсын, тобокел көрө жатабыз, көп болсо чокунуп келээр» деп көз жумдулукка салып жөнөткөн. Ага кыйыр тууганынын уулу Мамбетаалыны кошушкан.

Дүр жылбырскы сулуу мурутун куштарлана сылап үкөк үстүндөгү тегерек алкактуу таш күзгүгө тамылжый тигилди. Жеке тилмечтик ыгым-чыгым, эсеп-кысап, буйрук жазуу, мөөр басуу милдети эмес, Токмок уездинин жергиликтүү манаптар тарабынан башкаруу бийлиги карт ата Сооронбайдан акырындап «айласыздан кыйын чыккан чокундук уулу» өзүнө өтүүдө. Губернатор жана анын кызматкерлери орус таалиминде тарбияланган Дүр-

ду ачыктан имере тартып колдоо көргөзүүдө. Карт ата токолдон туулса да «кочкор» өзүнөн чыкканына каниеттенип, минетип аргасыз «жанынын тынчылыгын» көздөп кош тизгинди Дүргө табыштап жайлоодо чардап жатат. Карылыкка алдырып чөгө баштаганы, акырындап калайыкка төрдүн көркүн ачаар урматтуу жана ордундагы такка конгон уулуна доомattуу бабыр чал болуп отураары айкын...

Дүрдүн кыялы булактап, кайрадан алиги саяк уланга, аты эсинде жок, Тыныбек койгон Тоголок Молдого чалынды. Аны таптыруусу зарыл. Айылчы карт манап менен чымын чыцк этпес, чаң бурк этпес, бетегеси бешден буралган салкын төр Окторкой жайлоосунда. Тоголок Молдо түгөт да мал-салына каралашып ошоякта чыгаар. Чабаганчы чаптырат. Чечек эмчилигин бүткөп соц, табып Фрунзени тамыр күтүп, орус алипесин окуп жүрөт деп эшиткен Айылчы ажыдан. «Ыбырай Алтынсарынын окуу китебинин өрнөгүндө чу дегенде, эл жайлоодон түшүп ойго жыйналганда... Кышка маалбы идиректүү балдарды чогултуруп ага алгачкы жол жобосун окуттуруп көрсөм... Анан жеке Токмоктогу казынага өткөргөн 20 балага акыйбай, өзүбүзчө дагы азыноолак манап, байлардын мадыра баштарына окутуучу мектеп салдырсам...

Ага Казандагы же Уфадагы же Хусаини, жаки Галия медреселерин бүткөн тили тектеш татарыбы, өзүбегибби, казагыбы, кыргызыбы — дамбылдаларды чакырсам... Тоолук кыргызда «жацыча» биринчи мектеп дедирсем. А бара түшө Дүр мектеби аталтсам... Секиндеп дацазам, өрнөгүм жайылса. Биздин манаптар атаанчыл. Мени туурап башка уруунун мыктылары мектеп ачууга киришээр. Ошентишет, адатта өрнөк баштаган адамдын аты чыгат».

Агартуучулук анын жамиятка төбөсүн көргөзүүчү жашыруун жамынчу кеби, башкаруучулуктун түркүн зулумдугун өздөштүрүүгө жасаган кадамы эле. Ал өтө ыцгайлуу абалда. Колуна эки маш тийүүдө. Биринчиси Орусия оторчуларынын ишениими, алардан алган үлгүсү, экинчиси «атанын жаман көргон баласы түп тутат» дегендей, карт ата кыйкайса, андан так талашчу ага-инилеринин маанисн чак.

Эртеси күткөн маалында саяк уландын жайлоодон келгенин кабарлаар замат Дүр салкын бөлмосүндө алдынан утүрлады. Жаш мырзага кулдук ура салам айтып

карбаластаган Байымбет таман уялта байчечекейдей кулпурган килемди ойноктой басып, каалгага чукулдай жадырап тоскон Дүрдүн колун сүрдөп коомай уучтады. Дөги шашылыш чакырыктын дүрбөлөңүнө капталган Байымбетке мырзанын минткени жакшылык жышаандай.

— Арбаң, Тоголок Молдо. Чатырап, нурланып, аныс Тоголок Молдо болупсуң Ко-о-ш, ашуу ашып, дайра кечсең да чарчаганың байкалбайт. Чацкаган кебетеленесиң. Эрдиң кеберсийт. Чынбы? Жаканын ысыгы сага Окторкой жайлоосу эмес. Азыр — алаканын такылдата,— суусун,— деп үн салды эле, бейкасам чапан, чаар топучан ашпоз уйгур жигити сыр аякка мелт-калт кымызцы бүгүлө сунду.

— Шыпкап жибер. Жайлоодо иче турган суусунуң. — Дүр тигилип, көз ирмегенче шак тартып ийген уланга кыбасы кана тамшанды:

— Баракелде. Эми жайланып мындай кел,— босого чөгөлөй кымызды шыңгыткан Байымбетти төрдөгү тегерек столду карай чакыра Дүр өзү бийлегенсип солкулдай нарылады.

Мырза мынчалык неге жайдары. Байымбет үстөлгө чукул салынган берки бетиндеги олпокко, мырзага бет маңдай тизе бүгүп үстүндө додолонгон басма кагаздарга, аркы текчедеги китептерге көзү өттү. Жаш мырзанын турагы карт манаптыкынан бөлөкчөроок. Үй-жасалгасында көз уялткан килем-килчеден сырткары табын Пурунзеникинен мыкты үстөл, үкөктөр, китеп койгуч текче. Сыяты Дүрдүн орусча окуп, төролөрдөн жугузган таасири го. Түгөл орусчабы же... сугула байкаса, үстөлдө бүктөлүү жазы басма кагаздарда арабча, түркчө окуулар бар.

— Сен, Тоголок Молдом, кезит, китептерге сугулбай коё тур. Ырчылыгыңды, казалчылыгыңды жайлоодо уланта алдыңбы, ошону айтчы?

Жайкандан кабылдаган Дүргө анан калса көкөйүндөгүнү туйгандай тикирейген эмеге Байымбет жашыра албай ачык күрсүндү:

— Мырза, кудай бар. Сизге чынымды айтпасам болбос-с... Жайлоодо элкин чардаган жаштарга, селкинчек, ак чөлмөк, токту сурамай, коон үзмөй оюндарында эрмектикке жарап... көөдөнүмдөгүнү аябай чачтым. Элиңиздин жаштары күндө тамаша, күндө оюн курушуп, мени такай чакырышып, камыр-жумур тааныштык. Сиздин шарапатыцыз менен жаагым ачылып, анча-мынча ырчы аталгансып калдым.

— Так. Так... — Дүр аны жактыргандай столго чыканактай жаагын таянды. — Кыз, жигиттердин ырчысына айланыпсың, жайлоонун эркеси, эчкинин серкеси. Хэ-хэ байым, ажылар кандай?

— Дөөлөттүү. Күн алыс тай, же кой союлат. Тогуз коргоол, чатыраш ойношот. Күрөцкөй деген опсуз комузчу, нары кыякчы, нары чечен адам маштан жүргөн мен курлуу Муратаалы уулу менен барды. Байымдар ата баланын алмак-салмак кызыгына батышып дуулап жатышат.

Дүр тигинин «ыр, күүдөн артык жыргал барбы» дейилде көтөрүлө сүйлөгөнүнө ичинен кыжына, сыртынан сыр бербей керсейди:

— Болуптур, дуулай беришсин.

Байымбет болсо, анын бул түрлүү жайлоодогу дууладагандарга ичи тарып, өкүнгөндөй жаканын ысыгында түйшүктү тартып куруган мен — дегендей боолголоду.

Дүр сөздү чорт муунады:

— Сенин жакада түнөк жайың барбы?

Байымбет эми гана ысыкка маталууга чакырылганын түйду:

— Бар мырза. Иним Кузнесов деген орус көпөсүнө кендир дейби, бир балээсин өстүрүп багууга жаз алдынан оруп-жыйганга дейре жалданып эртели-кеч ажы абамдын коругундагы эгинин сугарып, чөбүн чаап жатакта калган салыгына көз салат. Ошонун үстүнө, тамыбызга барам.

— Орус тамгасын окуй аласыңбы?

— Пурунзе тамырдын көмөгү менен Алипбе-буквардан үйрөнгөм.

— Дурус-с Тоголок Молдом. Анда мен сага зор сырды ачып, шарт коём. Кыцк этпей кабыл тутасың!

— Лаппай, таксыр мырза!

— Вот, ушинтесиң. Мынабу китепти окучу.

Мырзанын кескин буйругунан да мокото лак карматкан жаңы китепке Байымбет көзүн жабыштыра тандады. Тобо, аринтери орусча, окулганы түшүнүктүү...

Купуя эжелеп, о кыйлада ачык шарданга чыгарды:

— Кыргыз хрестоматиясы...

Жарайсың ишаратта Дүр бармагын кайкалатты:

— Хрестоматия окуу, сабак китеби деген сөз. Так, бул эмне? — жазууну коргозду.

— Ыбыр-рай Алтып-сарин.

— Бүттү. Калганын өзүң коюнуца катып эч жанга

көргөзбөй, жалгыз отуруп, баштан аяк окуп, түшүнбогонүндү кайра кайталап, башыца бышырып дароо мага келесиң. Күн болжобойм. Качан бүткөндө, калганын ошондо кебилешебиз. Кезиттерге ошондон кийин даарыгын. Бар, жөнө. Өздөштүргөндө, аркы мөөнөтүң төрт күндөн ашпасын.

* * *

Дагы кандай сыноого кабылды? Оренбургдан басылган Ыбырай Алтынсарынын «Кыргыз китебин» * окутуш үчүн эле аны түндөп чабаганчы чаптырып жайлоодон чакыртгыбы? «Бечелге жөтөл жарашпайт» дегендей анын азыноолак элкин сайраны — кыз, келин, боз уландардын жарп жазаарына айланганы ашкере болдубу.

Тор жайлоодогу буралган шибер, кызыл-тазыл кулпурган гүл чечектер, аларга эркелеп леп-леп калкып жыларын ацкыткан таза абанын керимсели, селки бозойлордун көцүлдөрүн оштонто табигат, адам затынын жаш өмүрлөрүнүн окшоштугу ышкы козгоп, жарашыгын арттырган маал. Арийне, улуу тоо жаштары ал айыл, бул айылдан кецири чогулуп шаан-шөкөт куруп жыргоочу маалы дал ушул эл чылк өйдөлөп көчкөн чак.

Байымбет ошо ырахаттан айрылып, зордук менен өзү мында келтирилип, а жүрөгү аякта калгансып тоо тарапты карай томсоруп сабылууда. «Аттиңай, бүгүн ишемби, айчыктуу түн. Бөйрөк-Булакка чогулмак элек. Мендеи бологу келишет ээ. Бөтөнчө, алтыбакан селкинчекте бозой селки канаттуудай жубу менен калкып, жоолук таштамайда наздана кубалашып... акыры күйүккөн көкүрөктөрүн басып сеп алууга, жарп жазууга мамыктай бетегеге колпуго уй мүйүз тарта отурушат ээ». Акырындан, ал буерде санаркап отурганын унутуп, өзү мурда катышкан учурларынын элесине тартылды. Ооба, шарактаган жаштар селкинчек, жоолук таштамай, токту сурамай оюндарынан эркин кылакташа черлери таркаган соц, оюндун башка аземин улантууга кыркаар тартышат. «Кенди чыккан жеринен каз». Ана кыйкырык-сүрөөн жацырып, ацгыча эки-үч жигит шапа-шуп көтөрүшүп Байымбетти жайык чок ортого жалгыз кондурушат.

Ансыз да көмөкөйү балкылдап, тили ыр татып чабуулда эргүүнү эцсеген азамат коп бааланбайт. Кызыл-

* а кезде азыркы казактар да кыргыз делипүүчү.

тазыл кийинип, кулакта сойко, колдо билерик, шакек, жондо чолпулар жаркылдаган кыз-келиндерге тегереле коз жугуртун, алардын арасында ойсондогон шаттуу женесине кынала кулак тургон кундуз бөрк Сейдешти чалдыктырса, чоордой жыбылжытып ашыглыктан созот. Анын:

Алтындан сойко тагынган
Кулагыцда болсомчу.
Айлыцдан басып суу алган
Булагыцда болсомчу.

Кумуштон сойко салынган
Кулагыцда болсомчу.
Кундо барып суу алган
Булагыцда болсомчу...

...Ала десем куладай
Арка чачыц буладай.
Буладай. сенин чачыцды
Кандай пенде сылады ай?!

Жейрен десем куландай
Желке чачыц буладай.
Буладай сенин чачыцды
Кандай пенде сылады ай!

Айтсам арман арылбайт
Эзелде сендей табылбайт.
Ашык болуп куйбесо
Адамды адам сагынбайт.

Бедериц жибек тувардай
Сыныц чалыш кунандай.
Тугонгур сенин дартыцдан
Ырдап калдым уялбай! —

деген түрмөктөрдү сыбызгытканда, туш тараптан жактоолор жацырат:

— Бал-ли!

— Өлбө жубарымбек!

— Көздөгөнүцө жет!

— Л кайсы оцбогур ашыглык дартын өткөзүп балаңы ырчы кылган!

Кээде ар кыл оюн арасында ыр, чоор аралаш кумар таркаткандан чаалыкпаган жаштар таңкы күндү гүлдүү дөбөдөн тосуп тарашат. Кийинки оюнду кайсы айылдыч четинде, кайсы белесте өткөрүүнү чектешет. Ага дейре Байымбеттин баягында соктурган күйгөндөрү жатталып, ар шыктуу жаштын өзүмдүк жан азыгына айланат. Байымбет Сейдешинин сезимин купуя албыртчу, өзүнүн

кучунасын кандырчу жаңы түрмөктөрдү кагазга тизип коңүлго токуйт.

Жаштардын улам соңку айлуу түндөгү оюндарына чогулгандардын саны арбууда. Окчун айылдын жаштары жаагын жаныган булбул дооштуу жаш ырчыны кастарлап чакырууга өтүштү...

Мына ошентип сайранга таманы кызып, арааны жүрө баштаганда капысынан минтип жаканын аптабына какталды.

Байымбет жүрөк тушундагы салмактуу китепти коюнунан сууруунун каалабай, айланасын алабата, эрмеп, меңдубана баскан, муруңкудан ого бетер жапырайып куурай, чөп чарга жүдөгөн кепесин имерчиктеп, кулпусун ачалбаган соң, арылай атын жетелеп Айылчынын коругуна кирди. Көбүктөп боржоктогон тери жаңыдан каткан атын жайдактап, тизгинин жалына каңтара терекке аса байлады. Кемселин чечип ээрин жаздана бак көлөкөсүндө Дүр тапшырган китепти сыйкырдуу дүнүйөдөй маңдайына тийгизип тайына оодарды:

— Биссимилла. Мунун чардаган өйдөдөн мени куул келгендей не сыры бар. «Арык уйга жоон мүйүз жарашпайт». Эптеп кыйкымдап ырчылыгымды тыюуга ошенттиби. Жайдандап сураганынан өзүм да чечилип баарын эбиредим. Кыязы жаш митаам, жайлоодогу жагалданганымды жактырбагансыды. Кайта жайлоого чыгарбай тилегимди катырбагай эле. Сейдеш жеңеси экөө бүгүнкү оюнга дегдеп келишээр. Мени издешээр. Жогумду билген соң жеке алар түгүл башкалар да омсоңдошоор. Чабаганчы ыкыстатып карыш жылбай кабарлашууга чамамды тийгизбеди. Эх, өз башыңа өзүң ээлик болалбаган өктөлүү өмүр...

Китептин бетин ачкан менен көңүлү чаппай алагдыланып, чай кайнам өткөндө арак үңүлүп баратарды ачтарды. Улуктун зордугун аткарбай көрсүнчү... Кызыгың кур, ариптери орусча, тили казакча... түшүнүктүүдөй... «Баракелде Васил тамыр. Букварыңды окубаганда тишим өтпөй дудуктай жалдырамакмын.» Эжелеп будаланып... бара-бара шар жөмөлөөдө.

Ыбырай Алтынсарынын окуу китеби төрт бапка бөлүнүптүр:

1. Ырлар, балдар хикаялары, жомоктору, шакирттикке окуган жеткинчектердин ата-эне, ага-туугандарына жазчу каттардын үлгүлөрү.

2. Чоңдор жана кенжелер үчүн хикаялар (ацгемелер).

3. Элдик казынанын бермет сөздөрүнөн.
4. Макал, ылакап, тамсилдер.

...Кыска кыска, хикаялар, ырлар, жомоктор, тилди сындыргыдай татаал ысымдар. Алардын кээсин табып тамыры Васил Пурунзеден укkан, китептеринен эжелөй окуган. Маселен: Пушкин, Лермонтов, Крылов, Ушинский... Ыбырай Алтынсары уулу орто жүздүн айтылуу Белгожо бийинин небереси, тогуз жашынан орусча жети жыл бою Оренбургда мыкты окуп, чилтенге түшкөндөн артык билим алган. Ал казактардан Чокон Валихан уулунун соңунан атактуу окутуучу, агартуучу билимпоз аталган. Кыркка чыгып өнөрү, акылы толукшуган Ыбырай Алтынсары уулу Оренбург, Торгой тараптагы орто жүздүн айылдарына мектептер ачууда. Ошондогу балдарды окутуу үчүн орустун окумуштуу «олуяларынын» үлгүсүндө ааламдагы акылман сөздүн баарын жыйнаган шекилдүү. Табийгат. Эмгек. Илим. Билим. Ыптымак... жаатына болуштүрүп сөз ширелерин кынапташтырыптыр. Ар кайсысын чарпып, аста секиндеп, китептин кызыгына батты.

Жаканын аптабындабы, же жайлоонун салкынындабы, кайда олтурганын унута, кандайдыр ырахатка тартылууда... А күн кечтеп, табы кайткансып кыцкая калкүүда.

Ага баарынан окуу китептин түшүндүрмө баш сөзүнөн кийинки «Кел балалар окуйлук» деген ыры жакты. Аналчы, үн салып, кайра-кайра окууда:

Окусацыз балалар
Шамдан жарык жагылар.
Тилегициз алдыцдан
Издемей ак табылар.
Кел балалар окуйлук
Окуганды коцүлгө
Ыклас пен токуйлук...

Мал, доолоттун байлыгы
Бир жутаса жок болар.
Окумустун байлыгы
Күнөн күнге кон болар
Эч жутамак жок болар.
Кел балалар окуйлук
Окуганды коцүлгө
Ыклас пен токуйлук...

Окуу деген чыпында
Турган сайын чыцыккан.
Окуу билген адамдар

Май тамызган кылычтан,
Билмегенди билүүго,
Эстүү бала тырыскан.
Эсер бала урускан.
Кел балалар окуйлук
Окуганды көцүлго
Ыклас пен токуйлук...

«Кыпчак Сейиткул» хикаясы казак журтунда даңазасы жомоктолгон торгойлук балбан, багбан-дыйкан Сейиткул (1770—1830), анын коргону тууралу баян түрүндө жазылган Ыбырайдын тол чыгармасы...

Журттан журт которуп, жайыт издеп мацып жүргөндө малын жутка алдырып ачыгырап ач жылаңач калган соң, отуз түтүн тууганларынын айласы куруйт. Кантип жан сактоо керек? Соода сатык жасоого пулдары жок. Жортуулга аттанып бироонун жылкысына тийип айдап келүү андан опурталдуу. Ээлери из кууп малын гана түгүл, айлын чаап Сейиткулду баштап, байлап-матап кетиши мумкун. Ары толгонуп, бери ойлонуп, акыры Сейиткул отуз түтүн тууганы менен элден окчун Торгой дарыясынын куймасындагы жайдак жерге көчүп кетишет. Сейиткул айылы менен арык чыгарып, жер айдап эгин, бакча өстүрөт. Мол түшүм алып баба-дыйкан аталат. Артык эгинин жакабелиндеги кардарларга малга уруштат. Айылына жыл санап жацы туугандар кошула берет. Ошентип Ыбырай бир жерге туруктуу там таш салып эгин эгип, бакча өстүрүп берекесин ташыта өмүр сүргөн кыпчак дыйканы Сейиткулду даңазалаптыр.

Байымбет мыйыгынан жылмая, талыган көзүн сүртүнду.

— Баракелде... Кетмен чапкан кенелет. Орок тарткан оцолот... Кыпчак Сейиткулга менин иним саяк Байтымбет окшошот. Аным дагы Сейиткулдай дыйканчылыктан мантыгаар бекен? Канча теше жерге кыргыз кембагалдарын батрактыкка жалдап, кендир дегенди бактыргаң орус көпөсү Кузнесовдун амалы күч. Аларга арзан төлөп, ичкериге кийим-буюм жасоочуларга кымбат сатат имиш. Далдайган «аюум» ошол көпөстүн кендирин багып сугатта. Түнөгүпө качан келээр экен? Каржалып бүткондүр. Мага кошумчага калың табам дейт. Аман бол «аюум», медер тирегим...

Чүйгө келгени Байымбет «губернадыр, аёз, көпөс, батрак» сөздөрдүн орустардан киргенин, көпөс (купец) деген орустун соодагер байы экенин ажыратты.

Алтынсарынын «Жаз», «Өзөн» деген ырлары бабасы Музоокенин «керме тоосундай» туулуп өскөн торгой жергесинин кооздугун, келбетин келиштире сыпаттаптыр.

Атаганат, өзөндө суулары мөцкүгөн, карагай-чер аскасын кайберендер, асманын бүркүттөр ээлеген, жашыл жайытында төрт түлүк ыңкыган «Ала-Тоонун» көркүн, жай, кыш чилдесин жазса Алтынсарыныкынан кем түшпөс. Арийне, Крылов деген орус акынынын: «Карга менен түлкү», «Ийнелик менен кумурска», Толстойдун «Багбан жана анын балдары», «Түлкү кудукка кандайча түштү», Ушинскийдин «Карга менен сагызган», «Түлкү менен теке», «Музообаш, кумурска жана чабалекей» тамсилдери көңүлүн көпшөп, көкүрөгүнө түйүүгө мажбурлады. Кыска, кыска бирок кайманалуу күлкүлүү, элестүү.

Анан калса, Ыбырай Алтынсарың түшкүр казакча жатык, жүйрө, тилге келиштире, таңдайлаштыра тилмечтиктин тири укмушу экенин байкатыптыр.

Тамсил, мыскыл, айбанат, канаттуулардын кылык-жоругу аркылуу жанытып адамдарга тийиштире чымчыптыр. Тоб-о, андай жанытма кыргыздын жөө жомокторунда да бар. Түлкүнү митаам жегичтерге, карышкырды көркоо байга, арыстанды жырткыч падыша, хандарга, жергиликтүү зулумдарга, кара кулак шерди эл коргогон баатырга, булбулду жез тандай ырчыга, гүлдү буралган селкиге, ылаачынды ашык жигитке, сагызганды чыккынчыга, коёнду коркок шордууга, эшекти акылсыз аңылдакка окшоштурушат. Крылов болсо ыр менен куюлуштуруп, кыска, таамай, көкүрөккө жаттагыдай, колуңан түшүрбөс камчы сымал керектүү ыңгайда бадырата шилтегидей керемет жазат экен го. Ырдын ушупчалык ийкемдүү, ушупчалык өткүр, байлык, дөөлөтүнө чиренген адам убалынан коркпогон коркоолорду, куу чиренderди тымызын каймана шылдыңдаар, өч алаар куралга айланаары шексиз тура.

Буга чейин Байымбет ыр баатырлыкты, казабат кармашты, арманды, кубанычты, кооздукту, ашыглыкты, таңшыырын гана билчү. Демек, таптап бага билсең, ыр кылычтан өткүр, октон күчтүү... А түгүл так, таажыдан бийик, өмүрдөн узун көкөлөөчү ажайып белем? Тамсил. Жарды-жалчы, жетим-жесир шордууларды ак сөөктөрдүн запкысынан зар какшап «алы жетпеген акыретчил» деп гана бүжүрөтпөстөн, кегин тамсилдин кайманасы аркылуу Крыловчо алууга мүмкүн шекилдүү. Айлап айт-

кан Манаска берметтей чачылып кубулган бай тил, тамсилдерди тим эле алтын сака өлчогөндөй алчысынан чагарактатпайбы.

Азамат Алтынсары. Илим дараметинин күчтүүлүгүнүн, тилмечтигинин пайдасын тийгизип орус тамсилчи акыны Крыловду казакчалатып казалдатканына Байымбеттин ою гана түгүл, бою тегиз балкып, каяктан, калдайча азем дүйнөгө батканын, чепеп болбос утурумдукпу, же түбөлүкпү, купулунан чыккыс кут тапкандай кубана жобурады:

Тамсил деген жанытма
Оч алууга канытма.
Шыңгытма дары табылды
Шылдың издээр табылка.
Өткүр курал табылды
Байымбет ой, оркүндотүп барыкта.

Качан каш карайып, көзүнөн жарык качып, тамгалар илинбей кайдадыр уяга жашынган канаттуу макулуктардай самсый төнгөндө жаны жер тарта карайлап астындагы тердигин оңдоно, ээрип жаздана кыцкайгапсыган.

Түн катып аркайган белди ашып, урдум-соктум аттын жанын көзүнө көргөзө жайлоодон шашылыш түшкөн, Дүр мырзанын чакмагына калчала, негизи Алтынсарынын китеби табышталганда а дегенде аруркап, акырындап арбала колго урунбаган ажайып кенчти оодарып акылга сиңире берип... жеден чарчаганда иңир менен кошо тырп этпей уйкуга көшүлгөн. Бак көлөкосүндө жалган түштөп бери кантарылып жайдак байланган атынын сууту канып, жер чапчый окуранганын да туйбады. А тургай талаадан кеч күүгүмдө кайтып кепесине кара чыракты үлпүлдөтүп жарма менен көмөчтү бурдай жатууга камынган иниси Байтымбеттин түйшөлгөнүн да сезбеди. А дигерде жеден ичи жарагандан жылкынын чыдамсыз дүбүртү, кишенегенинен улам иниси чуркап жетип... отко койгондо да, ээринин кайкысына калпагын төшөй жаздаган боюнча катуу уйкудагы агасын көрүп сүйүнө, бирок ойготпостон кийизин сүйрөп жанына ыктай жатканын да, ачылуу китебин жаап ээринин коцулуна катканын да этибарга алчудай эмес. Мейли. Агасынын жузу кызылы-кызыл, агы-ак наардана нурданып коцулу куунактай. Сыягы, атынын кейпине караганда өрдөп катуу түшүп чаалыккандай. Ак баранды дац эттире атса

да чукурапбас алп уйкуну салыптыр. Дурустап эс алсын. Түнү бою тырп этпеген Байымбет таңга маал бою сергигенде ажайып жагдайдын касиетине чалкыды. Казганактаган чоң той, шаңдуу майрам. Ар уруу калайык. Базар. Чала моңол сыртынан тааныган өзүн кыргыз атаган казак Ыбырай деген булбул таңшыктай мукам сүйлөгөн көрктүү киши анын саламдашып сунган колун коё бербей нары жетеледи. Ар улуттун кыз оюн, ыр, шапар тепкендерин көргөзүп, мурда угалек, бирок түшүнүктүү чоң сөздөр менен баяндайт. Байымбет башын ийкеп үндөбөй жүрүп отурат. Төө төбөдөгү бийик середе алтын такта керилген орустун ак падышасы, айланасында кыргыз, казак, өзүбек, ногойлордун... хан, султан, манаптары бүлбүлдөйт. Аларга таңыркаган уланды Ыбырай — жүр, көп караба аякты. Моюнуңду дагы өйдөроок созсоң, желдеттер кыя чабат — деп деңдеңдетип, гүлдүү жайпак белеске колтуктайт. Улак тартмай, эңиш, жамбы атмай, эр сайыш, балбан күрөш, ат чапмай, жорго салдырмай... Кыргыз, казак, өзбек, түркмөн, тажик аралаш тааныш үлпөткө карктанган байлар бир бетте, жардылар бир бетте казганактайт. Кыргыз, казактын акын, комузчу, домбурачылары, өзбектин кернейчилери, бийчи, ашуллачылары таң тамаша салтанатты ыр, күүгө шаңдантууда.

Ыбырай:

— Мына буларды жакшылап тыңда. Бул элдик ынаанчөкөт аяксыганда мындан арқы жашыл төргө, жибек чатырларга, ак өргөөлөргө эт-аш, момо-чөмө жайнап, кымыз, шаран көлпүгөн сыйга чогулушат калайык. Ошондо кезмет жез таңдай акындарга, акылман чечендерге тиет. Кезмет аягы чендс экообүзго жетет.

— Ыбырай ага, мен мындай дубандык тонко ырдай элекмин. Бу саам дасыккап устаттарды угуп, каныксам, кантет,— дейт Байымбет.

— Андай десең ыйык устаттарга, ырдын, сөздүн пирлерине акылдашып көрөлүчү. Алар эңсеген элди күтүп, даярданып жатышкандыр. Жүрү. — Ыбырай аны дагы жогору калкыта жайык төргө ээрчитет. Жибек чатыр, аппак өргөө, заңгыраган сарайларда кээси куш канат, кээси болот калем ийсеңдете кеп шекерлерин алтын тамгалата жупжука акак таш такталарына бадырайта оюулап кумарланган сөз зергерлеринин ар кимине экөө таасим эте тигилишет. Кандайдыр сыйкырлуу дүйнөдо жаңаша жашашып, даана көрүнгөн чеберлерден уруксат

күтүшөт. Баарысы көз ирмемге жазууларын токтото, сары арка мекен Ала-Тоонун арзыган жолун жолдоочуларына бажырая, өз катарларына чакырышат.

Ыбырай:

— Биз барабыз. Өргөөлөрүбүздү көчүрүп капшытыларга конобуз. Атайлап издеп келбедикпи. Мен улуу тоолук иним Тоголок Молдого сиздердикиндей болот калем алууга, чүчтө такта кагазга силерчилеп акыл берметтерин түшүрүүгө, мага кошулуп эндей элибизге маарифат жайылтууга батацарды берип, уруксат этүүцүздөрдү өтүнөм.

Тигилер сынагандай Байымбетке көз токтото, анан бири-бирине кылчайып, бөлөк бөтөн, кантсе да жеткилец создор менен акылдашат.

Ацгыча алардын катарына кайдан-жайдандыр Музоока менен Тыныбек кошулат. Ал экөө алгач алакан жайып:

— Оомийин! — бийик доош чыгарып, беркилер чала бүчүк жацыдан коштоп жалпы бата күүлдөй баштагачда, башкача тааныш үн кулагына шацк этип, көзү умтай ачылат:

— О-ой, аксакалың түш. Уйкуң кангандыр, тур эми! — иниси Байтымбет кетменин таянып, суусундук максым куюлган кол чаначын моюнуна артып турат:

— Кандай аксакал, деги тынчылыкпы? Эне, карындаш, ажы абамдар аманбы?

— Тынчылык. Аман. Аюум, сен эмне — бүкүлү уктаса да депеси сергип жецилдеген Байымбет, али касиеттүү түштүн сыйкырынан ажырагысы келбей, иниси не жөрутуп жобурашууну ойлоп, анын багымдаттан эртелеп камынган шашылыцкы түрүнө ыкыластуу ормойду:

— Эртелеп сугатка жетпесем, көпөстүн кыйыгына тием,— деди иниси агасынын эки ооз кабарына тонуктанып.

— Анда аюу, менин атымды мине кет. Арык жээгиндеги алысындуу майнаптарга аргамжылап тойгуз. Шапсаң калган кеп-келечти кечинде...

Иниси атты шапа-шуп токунун, жарма куйган торсогой кол чаначын капжыгасына байланып, кетменди чатына кыскан бойдон таскактатып узады.

Байымбет үч бакса ноолунун кырына чыгып, анданмындан короздордун азанын тыцдай жаканын келбетине көз чаптырды. Тацкы желге желпинген теребелдеги ко-

руктардагы чачыктуу жүгөрүнүн, гүлдөгөн беденин, таажылуу күн караманын, жашаң кылкан мурут буудайдын жытын искей кыштак жаңылыгына кумарланды... Коңүлүн жагалданткан жакшы түштү негедир сенин шарапатың аркылуу элестеттим ниетте колтугундагы китепти мандайына, эринине тийгизе купуя сыйынды:

«Түшү оңолгондун иши оңолот, деген жоромол жылоолосо гана. Касиетиңден кагылайын аты, өнөрү өчкүс арбактар: Низами, Навои, Искендер Пошкин, Лермонтов, Крылов, Музооке атам... тирүүнүн пайгамбарлары: Арстан Толстой, Ушенскей, Ыбырай Алтынсары уулу, Тыныбек манасчы... түшүмө аян бергениңердей колдоор бекенсиңер. Силердин жолуңарды жолдоп болот калем колума кондурсам». «Кыргыздын ыры катка ийкемсиз. Аш, тойдо, дөөлөттүүлөрдүн төрүндө, жаштар ойнунда, жардылардын бозо жоросунда жаандай шатыратып, торгой таңшыктай созолонтуп, шаркыратмадай атырылтып оозеки ырдаганда, уккан кулакты кубантканда гана көркүнө чыгаар. Үңкүйүп, чиймелеп, кагазга байлап касиетин качырбасын» деген эшен, молдо чалыштардан кылапаттарды кымындайынан бабасын бучкактап кыйла шаан-шөкөттү көргөн Байымбет угуп, сезип келүүдө. Апай энеси жашыруун окуткан казалдар, Пурунзе тамырынын баяны, буквары, Алтынсарынын окуу китебине топтогону... Кыргыз ырлары, «Манас», «Семетей» дастанынан баштап «Курманбек», «Эр Табылды», «Жаңыл Мырза» күйгөнгө дейре кагазга каттала эч жакка үркүп качпастан эле, учу узун элге укумдан урпакка жетчү күчкө, кереметке айланбайбы... түшүндөгү аян чын келип, өзү баштап болот калемди ырга сугараарын дегдеп демденүүдө. Бүгүн үйүнүн ачкычын иниси ага табыштады. Салкын кепесинде, кааласа ушу бактын түбүнө бөжөйүп элдик жомоктордон тартып, орустун акылман жазгычтарынын туйгуну козгоп, мээге уюурлук өнөрлөрүн казып иликтейт.

— Кана бүгүн кайсындан баштасам. Биссимилла! — китептин колуна илинген бетин ачса «Жиренше Шешен»... Кечээ жатыккан кагек жазууларды дароо ирмеди. Жакырлыгына карабай чечендиги, айлакерлиги, журөктүүлүгү менен элге жаккан, кыйла сыноо азаптан өзүн да, өзгөлөрдү да кутказган, дөөгүрсүгөн улуктарды тымызын маскаралап, жакырлардын таламын талашкан Жээренчи Чечен бир тууган казактардыкы гана эмес, кыргыздын дагы төл жомогу. Баракелде-е, Ыбырай Ал-

тынсары уулу Жээрен Чеченден тартып, Толстойдун балдардын сезимин кеңейтүүгө ылайыктуу чакан хикаяларына чейин кыюулап казакчалатып китепке чогултканын кара. Кыргызда далай жомок, макал, лакап, тамсил, кенже, орто, улуу дастандар өмүрүн кагаздан тилесе... Канча даңазага жетээрлик окуялар, баатырдык жосундар, өзгөнү коёлу, анын туулуп-өскөн жергесинде, мына кечээ жакында уюлгуп өткөн. Кокон менен Кытайдын баскынчыларын талкалап кубалаган Тайлак баатырдын окуясы... жаңы болбосо тайманбаган эр жүрөк Ак Мөөр сулуунун окуясы ырга айлануусу эңсеп калемдин оңгус чиймесин күтүүдө. Кыргыздар абалтан «Өнөрдүн алды кызыл тил» дешет. Эң акыйкат. Үстүндөгү бутактары барпайган жашыл бариктердеги жашыруун уялардан чымчыктар чыйпылдаганда бак түбүндө сергий жеңилденген Байымбет тамды беттеди. Кыялын бийлеген «Кызыл тил» жаатында уйкаш сөздөр өзүнөн өзү илмектешип көөдөнүндө күбүрөөдө:

Ырас, өнөрдүн алды кызыл тил
Кызыл тилдин өнөрүн
Кыябы менен жаза бил.
Калайыкка чача бил.
Аптпесең сөзүң талаалайт,
Жазууну каалайт биздин дил...

Китепке достошкондон бери Байымбеттин оюна жазмасы бар элдин акындарынын өмүрү түбөлүктүү экени бышыкталууда. Көзү арип тааныбай, колу калем кармабай көөдөнүндөгү шыктын каспетинен албырттаган акынырчылар ага азыр бирде тунук булактан куралган дарыядай ташкындаса, бирде кыпындан тутанган жалындай алоолоно элестелүүдө. Ырас, тирүүсүндө өрттөй тутанып, көзү өткөндө чоңу, табы секиндеп күлгө айлангандай өчкөндөр азбы. Өңгөнү коёлу, жакында эле өз бабасы Музоокенин сайрагандары санжыра, дастан, ыр жомок, накыл насыяттары, ар күүсүнүн миң дилделик сыры кайда чачыраганы дайынсыз. Кээси укканлардын кулагында, зээндүүлөрдүн эсинде калгандыр. Арийне, анын бакиси толук жазылганда не деген казына болмок. Айрымдары гана шыктуу кээ бирөөлөрдүн эсинде сакталбаса, далайлары Музооке бабасынын башы менен кошо көмүлбөдүбү. Опосуз дүйнө, күр дегенде бабасынын тирүүсүндө Низами, Навои, Фирдоуси, Хафиз, Крылов Лермонтов... акындарды, Толстой, Успенский... азыркы тилдеш Ыбырайды, Мукимини, Фуркатты алардын чы-

гаргандарын окуганда эмне?!.. Аттиц, бабасы ушу кезге дейре жашаса андагы кенчти түгөл кагазга түшүрбойт беле. Эсинде калган жуктарын эптээр. Жадысында калгандарын жамаар. Ата көрү, алптын өз илебиндегидей күчкө, көркке кайдан жетсин!..

Бабасынын маселине караганда укмуштуу ырчылар, манасчылар, жомокчулар, даанышман чечендер, сурнайчы, кернейчи, чоорчу, добулбасчы, кыякчы, комузчулар өткөн. Аларды түгөл сыпаттай сынаар эле. Манастын кырк жайсаңы менен даңкын журтка даң кылган, салтанат шаң жортуулдарында кошо жүргөн өзү чечен, Ырамандын ырчы уулу баштаганын, калган созун келтирип, Каныкей кошконун, белеселүү Толубай сынап, Токтогул ырчы ырдаганын, Балык, Айтыке, кереметтүү Келдибектер, мына азыркы Тыныбекке чейин алгоологонун, ар акын өз демөөрүнө жараша көрктөгөнүн, конумчалаганын эскерээр эле. Байкаса дөө, шаа колдогон таланттарды уламыштан жамгарып, ошонун бааки жогун эсине токуган өзүнөн бөлөк эч ким чече алгыс, керт башы менен бирге кетчү түйүнсүз, көчүрмөсүз кошо кыйылчу кызыл тил беле. Кызыл тил мындан кийинки укум-тукумга өнөр алды болуу үчүн өлбөс жанын аринке катууга жеткирээр бекен?..

Байымбет күндүзү күн шооласына, түнү чырак жарыгына китепти керемет күзгүдөй бетинен кетирбей бүт жазылгандарын негизинен эсине тутуп ыр, жомок, хикаяларын жаттады... Ара чолодо басмабы, кол жазмабы, ишти кылып кагазга түшмойүн «онөр алды кызыл тилдин» өмүрү, чабыты кыскалыгына көзү жетип, качандыр баралына толгондо кадимкидей колго алаарын, азыр кудуретинин келишинче чиймелей жүрөрүн шерт катары бекемдөөдө.

Дүр мырзанын «Кыргыз хрестоматия» китеби жаатында андан талабы не? Кайра, кайра окуду, жаттады. Оку десе шар окуйт. Ырда десе «Кел балалар окуйлукту» созолонто ырдайт. Ал гана түгүл «Лайли Мажнун», «Боз жигит», «Фархат Ширин», «Жусуп Зулайка», «Кыз Жибек», «Козу Көрпөш-Баян сулуу», «Муңдук Зарлыкты» такалбай жат окуйт. Бабасынан кунттанган «Жаңыл Мырза», «Эр Эшим», «Шырдакбек», «Мендирмандан», «Телибей тентек», «Кемчонтойлорго» дейре жомоктоп берет. Эгер кагаз, сыя, болот каламге тундурса, кардын токтоп, киймин бүтүндөй жан сактаарлык шарт түзсө, акыры ашык селкиси Сейдешинө жеткирее алар-

дын баарын ырга кошуп, дагы далай уламаларды дастанга айлантаарын көксоодо.

Төртүнчү күн дегенде болжогон мөөнөтүндө барса, орус тилин суудай билгендиктенби Дүр мырза, башка манаптардан бөтөнчө жаккан губернаторго сыйгабы, кеңешкеби чакырылып, анталык сапарга кошо аттаныптыр. Биердегилерине ал жөнүндө эчтеке дебептир. Кыязы анчейин деле маанилүү тапшырма эместей.

Китепти кайра башынан окууга, ойлонууга убактысы кеңеле, дүйнөнүн белгисиз кызыгына киргендей өзү менен өзү кеңешип, күндүн чыкканын батканын баамдабай, чалкып, калкып алектенүүдө.

Күндө эки, үч маал Сооронбайдын короосун сагалап бара бергенинде жасоолдор тажагандыктанбы, ага орой омурандашты:

— Дүр мырзанын сеникинен маанилүү иштери чачынан көп. Кепеңден чыкпай оокатыңды кыла бер... Губернадрдан кайтканда, чолосу тийгенде Тоголок Молдо деген эме торсоңдоп тынчыбызды алды. Кандайдыр китеп табыштаган имишсиз. Окудум, чокудум дейт. Таксыр, сизге кереги барбы, жокпу деп эскертебиз. Керек десе сени дароо табабыз.

— Бар көздү кычыштырбай жогол.

Ошондон улам Байымбет жасоолдун чакырыгын күтүп озунчө алпурушууда. Эртели-кеч зериккенинде сары айгыр аталган сарала кооз чымчык менен талаа чегирткесинин сайраганын тыңдап, окчун-окчун коруктарды имере басат. Кээсинде чачыктуу таруу жайкалса, кээсинде токойдой сеңселип бала кучактаган чачпактуу жүгөрүлөр, кээсинде экинчи, үчүнчү чабыктын беделери гүл бурайт. Кээсинде алма, өрүк, шабдаалы, алмурут момолөрү кыз кулагындагы сөйкөлордой даректардын шагында мөлтүрөйт. Кээсинде кыл муруттарын кыяртып буудай, арпа керилет. Кээсинде дөцкөйгөн коон, дарбыз, аткулак, камыш чөп сымалданган азырынча ага аты белгисиз капуста, кызылча, кээсинде жалбыректары дүкүйгөн үймөк-үймөк, кезегинде молдолор шайтандын эмчеги деп элеттик элдерге айдатпай, жедирбей үркүткөн картошкө, пыяз, сабиз, койчу, дүйүм жемиш, көбүнчө орус көпөстөрүнүн, дунган байларынын коруктарында көз тойгузат. Кыргыз дыйкандары да жамаатташ тили буруу тамырларынын өрногу аркасында жеке эле пандык буудай, жармалык арпа, сулуу, бозолук таруу экпестен чопок-чопоктон момо-чомо, жер жемиш өстүрүүгө

өткөн. Орус кедейлери кыргыздардын таалимине эгип, чөптү жайкалтып сугарууну, арык, ноолу чыгарууну үйрөнүшүүдө.

Кайкып отуруп мурдагы ээн талаа эрме чөлдөгү Кузнесов көпөстүн батрактарды, өз иниси Байтымбетти кошо жалдаган кендир өстүргөн жайына барса, атчан кирсе көрүнгүс көк жашылынан бийик өсүмдүк ыргалат. Жарыктык, сеңселе урук байлай алда не жыт себилткен бүчүрлүү, көрктүү өсүмдүк экен. Кендир каптар, чылбыр, аргамжы, бышык кийимдер, дагы алда неме буюмдар жасалып, а уругунан зыгыр майы алынат имиш. Ат чабым жерден дүңгүрөгөн жашыл токойду айлана, суу жээктей анда-санда алыш жакасынан кетменин күнгө чагылткан орус, кыргыз, казак, уйгур сугатчыларын көзиктирүүдө. Байтымбет деген аюудай дүкүйгөн баланы сураганда көбү күлүп:

— Ано-якта.

— Алыс, четте.

— Ну дагы бар,— дешет.

Арийне, Кузнесов деген бир кожоюндун батрактары бирин-бири тааныган боорукер немелердей. Чын эле учу кыйрына көз жетпей коолдон өскөн кендир аянтынын аягы ченге зорго чукулдады. Кузнесов көпөс бу жайкалган жарыктыкты бышканда чаптырып, боолатып зоот кармаган байларга алдын ала түзүлгөн келишим боюнча ичкериге жөнөтөөрүн, ченебей байырын эшиткен. Эң четки алыштан да иниси чалдыкпады. Арык жээгиндеги кашка бедеге эңилип Байымбет сууга тердеген бетин жууйду. Эми эле сонундукка саламдашып, сурап өткөн сепкилдүү, ажарлуу орус жигити берилей басып дацылдап бакырды:

— Бора, Боря!

Байымбет таңыркай эдирейди. «Бора-Боря» дегени ким?»

— Эх-э-эй, Бор-ря! — Ысык үптө канчалык дүңгүрөсө да, калың өсүмдүк, тоодогудай жаңырык коштоп алыска жеткирбестен күрсүлдөгөн доошту жутуп, басаң муунтту.

— Э-э-эй, Бор-ря! Сеники тууган келди!

Байымбет эми гана андан Боря дегени Байтымбет экенине бырс күлдү.

— О-о! Киреше! Мен мында! Издес ыя! Кана тууган? — Байтымбет эми гана кылкылдаган өсүмдүктүн ор-

то жагынан күңгүрөндү. — Азыр, Киреше. Баратам... Ыя ийду! — деп бериледи.

— Киреше деген да орус аты болобу. — Байымбет анын Гриша экендигин ажырата албай орус кыргыз дыйкандарынын бири-бирине өзүнчө, тилине ылайык ат коюп, тил үйрөнө ымалалашкандарына таңданды. «Кап, жаман аюум. Эки, үч «ия», «истес», «ыя ийду» орусча сөз кошуп балдырап коёт. Тууганы дегенде мени билдиң го. Уксун дегениң. Ары жогум, муңбаган аз-азамат аюум десе».

* * *

Дүр «Кыргыз хрестоматиясын» салаасына кычып, жазы терезенин тактасына жамбаштай жөлөндү. Кайсы бетин ачып сураса, токтолбостон жат шатыратып, болмонун дал ортосунда колун бооруна кайчылаштыра нурданып турган Байымбетке чакырайды.

Анын буйругун мыктап аткарууга жанын үрөгөн эме минтип сынынан да мүдүрүлбөй өткөнүнө жигерденип:

— Таксыр мырза, сиздин жакшылыгыңызга күлдугум бар. Китебиңиздин шарапаты жан азыктай көздү ачты. Эмки өкүмүңүздү ак дилимден аткарууга даярмын.

Жанатан бери бирде ыраазы, бирде таңдана бүт китепти жат өздөштүргөн түгөткө акыры мырза зааркача не айтаарын билбей ичинен буулугууда. «Тыңдыгын кантесиң такылдап. Мынчалык зээндүүлүгүн байкаганымда китепти бербей ак койсом болмок экен. Аттигиниң ая. Колунан го алдым дечи. А башына кирип, оюна уюганды кантмекчимин. Зикирин өз элимдин балдарына кактырайын. Кеп мунун сабагынын кандайча, канчалык жугумдуулугунда».

Мырзанын көзүндөгү чаарын тиги идиректүү томордун адептүү, жүйөөлүү таазими сыйкырлап учурду. «Жакшы сөз ийиндеги жыланды чыгарат».

— Тоголок Молдом, бу саам сыныма толдуң. Эми сен баатыр акеси, ыймандай сырыңды жашырбайсыңбы?

— Лаппай, таксыр мырза.

— Не мүдөөң бар?

Байымбеттин санаасы удургуй, жаш да болсо куу залимдин ага укурук илмегин ыргытканын, же коюн ачканын ажырата албай, кантсе да тайсалдоого далбастады.

— Таксыр мырза жалгыз ат, жаман тондуу жолбун жетимдин кайсы жарытылуу мүдөөсүн укмакчысыз?

— Антсе дагы, Мүдөөсүз адам барбы? Же сенде... —

Каарып келатат. Окус чыпдыгын төкпөсө маскаралашы ыктымал.

— Мырза, кудай бар, сизден кантип жашырайын. Мына азыр жыл жаңыча эсеп боюнча миң сегиз жүз сексенинчи. Даана жыйырмага толдум. Бой тарткан бийкечке кайындасам деген сокур үмүт бар.

Күндө шаан-шөкөт, той тамаша. Анан калса үйүндө татынакай колуктусу менен жарп жазган, толукшуган жаш мырза, кедей жигиттин чын сырына ич мооку кала санын чанты.

— Во-от, Тоголонгон түгөт. Молдолуктан сырткары мындай өнөрүм да бар дечи. Оңбогур окшойсуң. Кайнаган көзүңдө балээ бар. Кимдин кызы сен кайындоочу бийкеч? Ушердеби же өз элиңдеби?

— Ушерде, сиздин карамагыңызда, таксыр мырза.

— Ким? Сен кайындарлык ким бар биердө? Атасынын аты ким?

— Жогорку чым-коргондук Шерматтын кызы.

— А-а... Ошондой де. Мен да, оңбогур, ырың менен биздин чоң айылдын кыздарынан бирөөн азгырганбы дес-се... Тиги өйдөкү букараактардан турбайбы. Мейли анда. Та-ак... Качан, кантип кайындамакчысың?

Байымбеттин кооптонуусу бөксөрдү. Капысынан «чоң айыл» атанган бул Сооронбай манаптын туушкандарынын кызына таанышканда ажыдаардын куйругун баскандай азапка чырмалмак турбайбы.

— Таксыр мырза, өзүңүз билесиз, кол кыска. Калыңга чычкак улак өткөзө элекмин. Жеңеси аркылуу кыз менен чала бучук сөз илештирген жагдайым бар. Атасы али дарексиз. Өзү чамалуулардан жуучу түшкөндөр бар деп эшитем. Билбейм кандайча айланаарын.

— Түшүндүм Тоголок Молдом... Анда мен сага милдет тагам. Ошону жакшылап аткарсаң, элден «садагалык» тыйын тыпыр, улак-зейнек өндүрттүрүп берем.

— Лаппай, кулдугум бар, мырза.

— Эгер букараларымдан Шермат сени чанса, Айылчы ажы бар. Аны ийине келтирээр, болбосо-со...

Мына өкүмдардын айтаары. Байымбет кубанганынан дандаарый ырайым жасаган жаш мырзанын тагуучу буйругун лыпылдай кабылдады...

«Кыргыз хрестоматиясын» негиз тутуп, чоң, ортончу, кичи айылдардын мыктыбыз дегендеринин мадыра баштарына эл жайлоодон түшкөн боз кыроодон баштап кыштата сабак берүүсү чечилди.

Тигил канчалык жат айтып чакылдаган менен, Дүр мырза өз тукумунун балдарын окутууга Ыбырай Алтынсары уулунун «Кыргыз окуу китебинин» жетишсиздигин, болочокку бекер десе бекер, милдет сабатсыз жаш муғалиминин билимин дагы тереңдетүүсүн ойлоштурду. Ошонун камында Токмоктогу жападан жалгыз китеп дүконүн кармаган, мусулманча гана түгүл, орусча да маалыматтуу Шарафуддин молдого кат чүргөөгө отурду.

Мырзанын ниетин боолголоп, жакшы жышаанга жарпы жазылган Байымбет молдолук (окутуучулук) парзын кандай ушатуу жаатын самоодо.

Ананчы, ал балдарга куранды кургак жаттатпай, алиппени үйрөтүп, жаңы ыкма менен эл, жер, табигат, эмгек, ынтымак, акылмандуулук, билимдүүлүк жаатындагы ырлар, хикаялар, тамсил жомоктор аркылуу Ыбырайдай таалим берүүгө далалаттануусу тийиш.

Дүр качан катты жазып бүткөндө тегерек столдогу додо жыйылган калдайган басма кагаздарга көзү өткөн жаш молдосунун ниетин түшүнүп, аяпты же алигиндеги ишенимин эскерипти, айтор, газеталардан иргеп Байымбеттин колуна карматты:

— Дайыма бердирем, окуп тур. Калгандары орусча. Аларды Ат-Башыдагы Чоко манап жана өйдөкү Кегетидеги Мамбетаалы мырза үчөөбүз такай окуйбуз. Васил доктордон тамгасын үйрөнгөнүң менен орусчага али тиштиц өтпөйт. Катка көргөздүм. Токмоктогу китеп, газет дүкончүсү Шарафуддин молдодон алып турасың. Керектүүлөрүн кийин балдарга түшүндүрөсүң. Өзүң куралданасың. Эскиси, жаңысы... чамаң жетишинче бакисин арбан чык. Окугандан тажабас шыктуу окшойсуң — Дүр Байымбетке калдыратып кучагы толо газеталарды көтөрттү.

«Туркестан уалиятынын газети», «Дала Уалитиянын газети»... Казакча, өзбекче, түркүчө түшүнүктүү...

Мырзадан мындан баалуу сыйга тунууңу да күтпөгөн жарды жигит, сыртка чыгаар замат газеталарды кенесине жеткиргенче суук көз эч кимге көрсөтпөө үчүн кемселин чечип бапестеп ороду.

Буйрукка айла жок. Китептен газетага жетти. Туркестан аймагынын газети түшүнүктүү орток тилде. Тамгасы башынан дайын арабча. «Ушу кенчке чын кирдимби, жокпу. Билимдүүсүнгөн жаш манаптын менчигинен менин шыбагама өткөнүцө миң бир тобо. Азырынча өзүм гана «Биссимилла» деп таанышайын. Байымбет четин да

булайтып жалга көргөзбөй кемселине үптөгөн газеталарды, Пурунзе тартуулаган дары-дармек үкөгүнүн үстүнө тегиздей жыйды. Манаптыкындай жазы, кенен жаркырабаса да, жарык шоола киргизген алакандай терезенин түбүнө ыгып, чекесинен оодара баштады. Ага ар кыл кызык кабарлардан да ,газеталардын кайсы бирөөнүн бурчунан өлөңдөр, казалдар тизмеги учурап, көңүлүн дегдетип тарткандыгы... Мына, Ташкенден чыгуучу чагатай аталган жазмасы орток тилде булактаган «Туркестан Уалийятынын газетининн» саргарыпкы өткөн жылдагы санында олчойгон ыр тизмектери... Кызыгың кур. Казактын ырчы кызы Мецеш менен Каракалпактын акыпы Ажынияз Косыбай уулунун айтыштары...

Өздөрү көрүнбөсө да, өлөңдөрүнө таанышуу. Домбуранын күүсү, кайым айтыштын тартуу илеби ыр жандуу Байымбетти тамшандырып, ажайып керемет Мецеш кызга жолуктурса, ыңгыр үнүн, ширин тилин укса... Акылман Ажыниязды доошун эшитип колун кысса... Бул эле дейсиңби, балким бара-бара бул газеталар аркылуу өзбектин Мукими менен Фуркатынын, Сары Арканын жазма акыны Абайдын толкуган ойлуу казалдарына, орусчадан оолжута которгондоруна шыктанаар... Жазма ыр дүйнөсүнүн эшигин ачкан жышаан төрүнө да кадам шилтетээр...

* * *

Бала окутуучу жаңы молдо жөнүндө кабар Тынай элинде айылдан айылга жортту. Бир даары Тоголок деген Молдо дейт, Дүр мырза өзү тандантыр. Жаңыча окутат. Бардарлардын балдарынын ичинен да зээндүүлөрдү текшерип тандайт имиш дешсе... экинчи даары толук аты Тоголок Молдо экен. Башка молдолордой «Абтиектен» (Хафтьяк) ооз эки куран жаттатпай, ариптерди таанытып, казал, жомокту тез окутканга көндүрөт имиш. Баланын жылдык акысын молдо эмес, Дүр мырза өзү чектейт, өзү чөнөп бердирет экен...

Ал молдо упу Байымбет улай экенин билгендер жок катары.

Жаңы маалимге балдарды даярдоо тууралу сөз жаш мырза Дүрдүн өкүмүнөн кийин алдын ала кошумчаланып калк арасына тароодо.

А Байымбет өзү Казак жергесинин Торгой аймагында мектептер ачып, өзүнүн китеби боюнча сабак жүр-

гүздүргөн агартуу ишмери, билимпоз, жазгыч акын Ыбырай Алтынсары уулунун жигердүү өрнөгүн алиги кезиттерден да окууда. Алыскы Ала-Тоо койнундагы кыргыз айлында Ыбырайдын алда канча жеңилдеткен окуу китебин күдөр тутуп, балдарга сабак берүүдөн мурда, эмнеден баштоо керектигине тынымсыз түйшөлүүдө.

Кезегинде өзүн, топ бала менен Бухаралык молдо Насир Абджаддан сегиз сөздү, алсак: абджад, гавваз, жугти, кальман, сагфас, карашат, саххас, саззага — жаттатуудан баштаган. Бул сөздөр өзүнчө анча мааниси болбосо да, бардык араб алиппесинин ариптери бар. Ошо араб ариптерин жаттоо үчүн гана жарым, кээ зээни начар балдар үчүн бир жыл убакыт керек. Мына ошону өздөштүргөн соң гана окуучу «Абтиек» (Хафтьяк) — курандын тандалма жетиден бир бөлүгүн окууга киришет. «Хафт» — жети, «Як» — бир.

Абтиекке — Биссимилла. «Алхамду-алиф, лам, забар, ал, хе, мим, забар, хам, дал, печ, ду» — дан баштап улайт. Байымбет бир жылча көнүгүү жасап көрүүгө маакул. Бирок Алтынсарынын үлгүсүндө тамгаларды жаздырып ыр, өлөң, жомок окуганга, көчүрткөнгө жаратса... Орток түркү тилинде, колуна тийген казак, өзбекче болсо да жалпысынан түшүнүктүү чагатайча жазманын айрым сөздөрүн кыргызчалатып бура кезиттерди, түшүнүктүү китептерди окуп чыгарткыдай далалаттанат. Азыр убактысы бар кезде өзүнчө «А-а», «Б» дан тартып чакан алиппе түзөт.

Ариби арабча боло берсин. Бирок кезит, казал китептерди окуганга, көчүрмөлөп жазганга жеңил орус Алипесинин таасиринде сөздөрдүн тизмегин камдайт.

«Алиппе» демекчи, орус тамгаларын, сүрөттүү жеңил сөздөрүн тааныткан, ошонун натыйжасында Алтынсарынын китебин арзып окууга Дүрдүн сынына толууга жараткан жаңдооч тамыры Васил Пурунзе эсине түштү.

— Кол үзүшпөйлү. Катышып туралы — дешпеди беле. Алтымыш чекырым Пишпекке салт атчан эме, ары дегенде эки эт бышымда жетээр. Азыр колу-жолу бош. Маалимдикке чындап даярдануусу керек. Анысын кеңешет... Васил досу Марфа колуктусуна үйлөндү бекен? Там салам деди эле. Жүздөшүп кайтса кантет...

Байымбет базар күнү таң багымдатта аттанды. Шаар эли, ботончө чайкоочу, далдалчы, соодагерлер, алардын керектүүлөрдү издеген кардарлар жолоочудан да кыйын энтигип базарга агылууда.

Токмокту аралаганда аларды көрүп писти кызыды. Токмок, Анжиян, сол ичкилик кыргыздарды албаганда бүткүл оң канаттын соода сатык, өнөр кесип, маданий борбору. Ага өзбек, казак, түркмөн, тажик, каракалпак өндүү колтукташ калк мындай турсун, Кашгардан атлес, шайы, килем-килчелерин артынган кербендер, Орусиянын ичкери шаарларынан арабалап шайман-жабдык, буюм-терим, темир-тезек жүктөгөн жарманкечтери, тынымсыз жыл сайын артып агылууда. Коон, дарбыз, дүйүм жемишин базар четиндеги талаага додологон жаңы тууган дунгандар, кошун-кошун болуп төрт түлүктү бөлө-бөлө айдап күргүштөп ызы-чуу менен базарга кире баштаган атчан кыргыз, казактар, алдын ала аларды тизгиндеп ширинканасын бычып, сатууга даяр далдалчылар, шишкебек, шорпо, манту, самса жыттарын буркуратып, олчойгон самоорлорун буулантa айкайлаган ашпоздор базардын шаңын таң эртелеп көтөрүүдө.

Байымбет базардын кызыгына батса жолунан калгыдай. «Жолоочунун жолдогусу, болбосо үйдөгүсү жакшы». Китеп дүкөнчүсү Шарафуддин молдого кайра тартканда келүүнү, жай маектешүүнү, дептер, калем, түркүчө көзит, казалдар жаатын макулдашууну өзүнчө бышыктады.

Жол бою, кандай гана унаада, атка, өгүзгө, эшекке, төөгө кербен тарта жүктөнүп, чиркешкен арабаларга артынып Токмок базарын карай самсыган келгин, тургун түркүн адамдарды кезиктирип, базар таңында алардан кайпып сапарчылоого көңүлү айнып зорго нарылоодо.

* * *

Байымбет Пишпектин чаңдуу, камыш чатырлуу, дубал ноолу, коргончолор менен курчалган бак-шактуу үйлөрүн кыдырып, жүктүү араба менен кирүүчү дарбазаларынын далайын камчысын бүктөй каккылады:

— Дарыгер Пурунзени билесиздерби?

Акыры шаардык дарыкананын кайда курулганын, анда Прунзе аттуу дарыкер иштээрин эшиткенде атайылап ат арытып эңсеп чыккан жан Васил Пурунзе тамырынын көзүн чалдыктырбаса да дарегин тапканына кымылдады.

Дарыканасы дегени калаанын окшош рабаттарынын бири тыкчыйган боз там экен. Жолоочу короонун мизилдете шыпырылып суу себилгеп такыр аяптынын бурчундагы куюшкандаштарылган төрт беш атты чалдык-

тырды. Алар жайлоодон базарга түшкөн кыргыздардыкы экенин ачакей каштуу ээрлеринен, бөктөрүнчөктөрүнөн боолголоду. Тер жыттанып зоруккан тоолуктардын унаасынын кошогуна Байымбет мингичинин чылбырын мамыга чалып түшөөр замат, айланасына элендеди. Мынча убара чеккен соң сүзө качырып кирүүсү оң. Чачка бастырган мужуктардын төбөсү сымал саргыч камышка жалпайган тамдын бетиндеги жалтырак айнектүү кош терезесин шыкаалоого кадамдаганда капталынан күлкү аралаш күүлдөгөн дооштор калкыды. Жигит ноолунун боорундагы тепейген каалгапы түртүп баш бакса... Тармалданган жаш даректардын арасында суу ылдыраган арыктын жээгиндеги узун жөлөөкөлүү такчада көрнө тебетей, ак калпак кыргыздардын отурганын даана чагылтып саал тартыныбыцкы абайлады. Кудай жалгап аңгыча алардын ортосунан жээрде чачын кыркма сакал мурутуна куюлуштура дүгдүйтүп ак көйнөк, кайрыма жака бешмантчан алибеттүү боз тултук адам өйдө серпилди.

— О-у меники токмоктук эмчи жан-на ырчы тамыр...

Байымбет андан октоло жүткүнүп:

— Васил тамыр, дарыгер Васил амансыцбы? — Эки колдоп бекем кысканча, аттап буттап заматта жеткен ажарлуу Фрунзе аны кадимки чыгыш салтында болук көкүрогүнө алмак-салмак таптай учурашты. Байымбет да анын ыгына элпек ийип төш тийгизе кубана айкашты. Минтип самашкан эрлер гана корүшөр. Дарыгерди тегеректеп отурган кыргыздар да жардана мацкайышты. Бул орус дарыгериниц куштап тоскон досу тогологунан тартып тыкчындаган, дидары ажарлуу кыргыз азамат ким? Айтылуу мырзалардан эмес. Анда кур дегенде эки жигити жандамак. Сырт келбети орто оокаттуу, кара жанын тың туткан салт атчан санжыргалуу эргулдуп бири окшойт. Дарыгердин анчалык үзүлүп туруп, жылуу тосконуна караганда ак падышанын төрөлөрүн шынаарлаган шумпайданбы? Балким, тилмечтир... Нетсе да башынан алакалап оцбогурдай. «Мурдагы конок кийинки конокту сүйбөйт». Аныи сыцарындай, бейкут маектешкендердин ыркын бузуп, алардан кадырлуусунган жаш кыргызга кээси тандаиса, кээси ичинен кыжырланды.

Алардын күдүктөнүүсүн бат эле Васил дарыгер чогуу чайга чакырып, эриш-аркак таанышгыра таркатты. Байымбет тамыры ойлогонунан аша оргуштап тоскондо коопу чалкый тигилерге да жайдацдап учурашты. Тебе-

тейлеринин кайрыктары ичке, а калпактары байыркы баатырлардыкындай эндейинен келип шоңшоюцку, кыюусуз жалацкаат тегерек калдайганынан улам жакынкы солтолор деп баамдаганы дал чыкты. Пишпектин жогорку сересиндеги тоо этектеген өрөөндү ээлеген Күнтуу солтолор той берип, казанактаган элге оюн-зоок курултур. Тапталып элирген бууданларды аркыратып шамдагай, балбан азаматтар тандалып көк бөрү тартышат. Акыры көк серкени булкушуп катуу келаткан оёндордун бирөөнүн аты мүдүрүлүп оңкочук атат. Арттагы күүлөнгөн күлүктөрдүн айрымдары типе-тик аттап өтсө, кийинки экөө катары менен мүдүрүлүп күп-күп баса жыгылат. Өлүү-тирүүсү күмөндөр чала жан кансыраган көкбөрүкечти эбептен-себеп болоор деп, саруулашып Васил дарыгерге жеткиришиптир. Анын буту сынып, кабыргалары кыйраганын аныктап, Васил арчындап таңаг, дары-дармегин сыйпап, пйнесин саят. Туушкандарынын кабарын билип туруусун сурайт. Ат тезегин кургатпай агаңдери кезметтешип Васил табыптан карыш узашпай бир кудайга, бир табыпка жалынышат. Андан бери эки аптадай өтүптүр. Васил Байымбетти кошуп, күнтууларды терезеге апарды. Сыртынан жаныс көрүнгөн тамдын ичи апакай акталган. Ачык коздөн дары дармегинин жыты урду. Катар коюлган керебеттердин четкисинен беркилердин кыйкырыгына өөр жарадар чабендес али таңууланууу жатса да бардаштуу үн катты:

— Кудайга тобо. Адам катарына кошулуп сүйлөп калдым. Табыпка тайынгыла. Эми жөнөгүло.

Күнтуулар күн муруту чачырай келер саат, аксакалдашып чубай кирип жарадарына жолугушуп, көксөөлөрү суушуптур. Эмнеси кетээр алдындагы коштошоор ишарат тура. Өлгөн жанды тирилткен дарыгерди кайрадан алкап күнтуулар баржактап коштошушту.

— Оюндан от чыгат. Тоолуктар ат жалына каран эскан эр жүрөк жоокер элсицер. Оюнуцар өтө кумарлуу да, кооптуу да. Бирок оюндун ушундай жандуу кырсыктары менен аяктаары чатак.— Дарыгер баарысына сабылып эскертти.

Байымбетке тамырынын Токмоктогу аскерлердин казармасындагыга караганда алда канча элкин сезгени, гепейген ооруканага ээлик болгону, Сооронбай, Дүр сыяктуу эл бийлеген, төрөлөрго таламдаш төбөлдөр менен гана эмес, карапайым кыргыздарга дарбазасын ачып кучагын жайганы, тилди баштагыдан кыйла жатык жө-

нүктүргөнү ашкере жакты. Күнтуулар сыртка чыгаары менен аттарын ойсоктото бурк атылган чаңды ээрчитө шаңдуу узашты. Экөө жалгыздаганда Фрунзе мурут сакалын тикенектенте баржайды:

— Көзүңдө шашылыш, дүрбөлөң чакырык жок. Тынч жай келди?

— Ооба. Жайынча тамырымды сагынып учурашканы эле...

— Дурус. Эмчилик кандай? Унуткан жок. Дары тугенди?

— Эмчиликти унутпай калайын. Өзүң берген дарыдармек далайга жетчүдөй. Күндө эмес анда-санда чакырык боюнча балдарды тымызын эмдей коём. Дүр мырза өзүнүн Тынай айлынан алыс чыкпайсың, башкаларды эмдебейсиң деп тыюу салган.

— Гм-м,— Васил кылдуу эриин тиштей саамга көзүн коюуланта кылгыртты... — Жеке сеники Дюр бекен, меники торелер да корунгенди эмдебе дешет. Мен макул болбойм. Доктор деген торе, купец, граф, манап, бай ооруса да, букара кедей, батрак ооруса да дарылаш, колдон келсе айыктырыш керек. Ладно, аны коё туралы. Ну, дагы кандай жанылык кабар бар сенде?

Байымбеттин жүрөгүн «Жеке сенин Дүрүң бекен, меники торелер да көрүнгөндү эмдебе дешет» деген каргашалуу сөз жүрөгүн опкоолжута булкту. Бул дело улуктарынын тузагынан алыстай албаган өзүндөй шоркелдейлигинен муңаят да. Тамыры озунуп сураган соң максатын айкындоо ниетинде кер мурутунан жылмайды:

— Тоголок Молдо атка кондум. Байымбет атым өчүп баратат.

Тигил таңыркап чекирейгенде түшүнбөй атат пейилде тоголок кызгылт нурдуу жүзүн сылай, чарчы боюна колдорун эңилте:

— Ушул тоголоктугуман Тоголок...

Дарыгер кунандын кыркылган жалындай тикчийген ээгине сөөмөйүн такай кытылдады:

— Билди... Билди... Тоголок бет, тоголок бой үчүн Тоголок, а кат тааныш, окуган сабаттуу үчүн Молдо. Туура Тоголок Молдо. Анык Тоголок Молдо сен. Апан дагы...

Тоголок Молдо шылдындап эмес, жактыргандыктан, окшоштуктан эркелете койгон Тыныбек манасчынын эчкиси орусиялык тамырына дагы жаккан соң, Байымбет эргий сүйлөдү:

— Маалим, дамбылда, мударис, у-чи-тел-л болууга камыпдым.

— Это здорово! Кантип?!

Байымбет жакынсынып маалимдикке суктанган сырын жобурап бүткөнчө Василий мемиреп тыпдады.

— Сен азамат, Тоголок Молдо, мениики тамыр. Бул чыныгы кабар. Кыргыздын элинин, жеринин атагын жайылтууга кызмат кылган жакшы орус бар. Аты Поярков. Шашпа сени жолуктурам.

Мугалимдик далаалатын кызыга колдоп «эли, жериндин атагын чыгарчу жакшы оруска жолуктурам» дегени Байымбеттин боюн балкытып, оюн чалкытып ийди:

— Ыраазымын Васил тамыр. Ылайым бакыт жылоолосун, учуң узарсын. Укум тукумуң өссүн!.. — Чын дилинен алкай жайган ичке шадыларын жүзүно сылоого жеткирбей Василий балпайган олбурлуу алаканы менен шыпапчый баржактады:

— Көп, көп жаша! Акыркы сөзүң жакшы. «Учуң узарсын. Укум тукумуң өссүн» деп айттың. Ракмат. Уч узара баштады. Жакында укум-тукум болот. — Дарыгердин уйкалышкан тилге жатык, маңызы терең кыргыз сөздөрүн өтө кунт коюп тез түшүнгөнү, куштарланып, таттуу сүйлөгөнү Байымбетти ого бетер толкутту. Аны баамдаган Василий шеригинин бир колун коё берип, экинчисинен жетелей, козу көрпөлөнө бүчүр жалбырактарын тармалданган көчөттөрүн аралай басты:

— Соңку эки жылда мениики дагы жаңылык бар. Ооруканаиы көрдүң. Ага участкалык доктор болдум. Бул жерди кестирип алдым. Азыраак чарба күттүм. Бул жемиш бакты тиктим. Карачы бул — алма, а бул өрүк, бул шабдаалы, бул алмурут... Эки, үч жылда мөмө берет. Келесин, жейсин. Жердин топурагы асыл. Не тиксең баарың чыгат. Бизде Фетисов, Терентьев деген багбан жакшы орустар бар. Алар Пишпекти бактуу, сулуу калаа-а кылышат... — Айткандары достору, ара чолодо көзигишип кецешип турарлыгын, бара-бара Пишпек таанылгыс озгөрөөрүн, кадимки шаарга айланаарын баяндады. Качан тосулуу дубалчадан алиги чакап каалга аркылуу эцкейип чубап отушкондо, оро-парада ооруканага окшош тыкчыйган аппак имаратка Васил дүгдүйгөн дудар башын созду:

— Мениики там. Жаңы куруп бүттүк. Токмокто сүрөтүн көргөн колукту үйдо. Азыр таанышасың...

Ошо маалда төрт көз терезенин айнегин мөлтүрөтө сүрткүлөп, күйөөсүнүн түштөнүүгө келер учурун сагынычтуу саксактаган жаш колуктусун тигилер даана чагылтышты.

— Мавра, Маврушка! Конокту тос! Меники тамыр... Күйөөсүнүн эркелеткен чакырыгын күттүрбөй заматта ачык каалгадан балкайган аппак келин канаттуу куштай кулачын созо жецил серпилип чыкты. Ачык асмандай көгүлтүр көзүн бакырайта, аппак билегин булайта, жумушка машыккан ажарлуу олпок колун сунду:

— Аман.

— Аман, аман. — Байымбет элпек, шар учурашкан орус аяшына андан ары не дээрин билбей, анын сүрөттөгүдөн алда немедей татыналыгына, мөлтүрөгөн сулуу болбогону менен таза, тараза боюна кыналып узун тоодураган саргыч көйнөгүнө, желкесине оролгон коп орүм саргыч чачына тигиле дапдаарый түшкондө Василий ичкериге колун жацсады:

— Кана Маврушка, конокту баштан кир.

— Пожалуйста, войдите. — Мавра мейманга эл ырындагы «ак маралдай мацкайып» жол баштап босогону аттады да дароо оозгу бөлмодогу жашыл чүпүрөк жабылуу столду коргөздү:

— Садитесь. — Өзү нары бурчтагы оруступ топурак мешиндеги дүцгөлойдө бышып аткан тамакты карай басты.

Карагай жыты али кетелек жацы сүрүлгөн, сырдалбаган агыш тукул отургучтарга эки эркек бетмацдай көчүк басышты. Аземдүү кыйбат жасалга болбосо да, иреттүү, таза үй ичине назарын бурган мейман эшик пардасы түрүлгөн төрку бөлмөдөн коп жаздык үстүндө болпойгон, жабылуу керебетти, тушундагы килемчени, тегерек таш күзгүнү, кийим салгыч үкөкчөнү гана чалдыктырды.

Анын пейилин ацдаган үй ээси кеп копшоду:

— Мен жактырган Маврушка Россиядан келген дыйкан Бочкаревдун кызы. Бизге байлык керек эмес. Ушу эки компата үй жетет. Маврушка үйдү таза кармайт. Огород бакчаны багат. Тамак жакшы жасайт. Мени жакшы көрөт. Анан бизге не керек. Меники кызмат азырынча дурус. Орус, кыргыз, озбек, сендей жакшы жацы тамырлар көбөйүүдө. Сен айткан «Уч узарат» деген ушул. Биз «укум тукумду» жакында Мавруша маа тартуулайт. Ушундай тамыр, бизди ки турмуш...

Байымбет досунун мактанбай да, муцканбай да өз

чаркына жараша курган тиричилигине болгонундай тааныштырып, топуктуу турпатына көөнү төйду. Албетте, заңгыраган сарайлар куруп, бакча, эгин талаасын кеңейтип, күтүрөгөн мал күтүп, үртүктөлгөп аралаларда чиренишип, соода сатыкты кеңейтип, кызматкер жалдап байлык жыйган келгин оруссиялыктар азбы?

Ага ири алды Васил дарыгердин андай мартабалуу баюуга умтулбаганы, өтө азга каниет байлап, адамга пайдасын тийгизүүнү байлыктан өйдө эңсеп демдүү, эркин жашаганы жагууда. Атаганат, буюм, казынадан жан жүрөгүнүн кенчи бай мындай адамдар дүйнөдө көп болсо ээ. Эгерде өзү ушул Васил Пурунзе сыяктуу эле самаган кызына жетип, азыноолок оокаттык чарба, түндүгүнөн түтүн булатаарлык үй күтсө, сөзүн таратып, кээде эмчилик сообун тийгизип эл арасында жүзү жарык жүрсө дөөлөттүүлөрдүн ашып-ташкан шаан-шөкөтүн урар эле.

«Аракет кылсаң берекет». Мына эки жыл аралыгында Васил тамыры өзү айткандай өлбөс оокатын камсыз кылыптыр. Арийне, анын ак падыша өкмөтүнөн аздыр-көптүр алган маянасы, кызматы, кесибн бар. Эң башкысы адамкерчиликтүүлүгү, тагдырды туура түшүнүп көзү ачып алысты көрө билгени.

* * *

Тагдырдан эмнелерди гана күтүүгө болбойт. «Акыл оошот, билим жугушат» деген баба накылында канчалык чындык бар. Окус андай экен, качан, кантип жугушат?

Байымбет бу саамкы Пишпектеги жолугушууларын эмнеге тенеп, кандайча өлчөөрүнө эс-мас. Көңүлү ээлигип, жүрөктөгү эңсөөсү чексиз алда нелерге сабалап... түшүндө кулачын жайып абага калкый каркылдап кәз ордоктөр менен обон салышат... акактай тунуктукту, адал махабатты жашаң төр жайлоодогу Сейдеш бийкечги элестете созулуп сызган аккууга жанашат. Ааламда азыр андан бай, андан ырыстуу жан жоктур. Анчалык сээрди ал «жакшынын шарапатынан» деп болголоодо. Васил тамыры жаңы үйүндөгү жаш жарына тааныштырып, анын колунан даамдуу түштөнткөн соң, ооруканасын аралатты. Ондой адамдын ар кыл илдеттерин баяндап, эмдоо, дарылоо жолдорун, аспаптарын көргөздү. Чала моңол эмчиликке өзүнөн сабак алган элеттик жигит ку-

пулуна чөгөрүү далаалатында бүт ыкыласын бурду. Бирок, аземдүү дарыгерликтин татаал түйүндөрүн атайын Маскөөдөн окуусун бүткөн Василче дароо чече коюш мүмкүн эместей. Кантсе да, сырткы жараат, сынык, чөчөк, тумоолорго алдын ала табыптык жасоого дилгирлиги козголуп азыноолак кабардарланды. Арийне сырын эч кимге айтпай сыйкырдуу көрүнүмүш эткен айылдык бакшы, эмчи-домчудан алда канча өйдө сыркоого пайдасын тийгизгенге жарачу кебетеленди. Анын үстүнө ичинен ичирип, сыртынан сыйпоочу дары-дармектен, кандай ооруга, канча берүү, кантип таңуу керектигин өзүнө жаздырып таңгакчага орап табыштады.

Кечкисин өмүр, төңсиз замана, адамзатынын тили буруулуктарына карабастан ниети, тирилиги, мүдөөсүнүн жалпылыгынан сөз козгошту. Акырындап сыр учугу Тоголок Молдонун ашык кызы Сейдешке такалды. А түгүл Байымбет сүйгөнүнө арнаган ырларынан чубуртту. Анан экөөнүн Токмоктогу аскер лазаретинде чогуу:

— Орустан тапкан тамырым

— Кыргыздан тапкан тамырым,— деген алым сабактарын кайталап көпкө обон созушту. Алардын жанында тынч шынаардагаң Мавра маңкайып, молдаван менен кыргыз шериктерге кошула үн салып; «Орустан тапкан тамырым, кыргыздан тапкан тамырым» деген жеңил кайталоолорду түшүнүп жана үйрөнүп... алардын бул саптар аркылуу кандайдыр жакындыкты, кусалыкты билдирген ниеттерин болуштү.

Эртеси Василий аны өзүнүкүндөй кыркма эмес, багжайган чоң сакал, көз айнекчен, аскер төрөлөрүндөй кылыйбаса да көлкөйтүп чиндүү мундир кийген, тумшук, бети берекелүү салабаттуу оруска кабылтты:

— Мен мактаган илимдүү орус — Поярков деген ушул. Кыргыздын санжыра тарых турмушу, адаты, жомоктору, лакаптары, койчу элде не бар баарын жазат. Газета, журналга чыгарат. Анан китеп да болот. Ал аркылуу Россиядагылар, андан аркылар кыргыздарды билишет...

— Ну Вася, жетишет, жетишет... — Пояков Фрунзени балпагай алаканы менен каруусуна секин тантай, сыйда сыланган чачын үлпүлдөтө, тал-тал таралган жээрде сакалын жайкай, коцкогой мурдуна кондурган тупуп айнегинен түпөрүцкү көгүлтүр көзүн күлмүңдөтө Байымбетке үцүлдү:

— Мейман дос-с, элдин даам-тузун акташ керек. Вася экөөбүздүн ой шундай. Сени жигит аз-аз билем. Токмокто Васяга шакирт жүргөндө көргөм. Вася дарыгер сени ырдайт, окуйт, жазат. Казыр бала окутууга камынат дейт. Жакшы жигит, абдан жакшы. Жакын келечекте кыргыздар башка эл менен бириктешип, сабаттуулукту, маданиятты көтөрөт. Жердин асылын мол өстүрүп гүлдөтөт. Мени Васядай көр, сүйлөшөлү, акылдашалы. Кыргызда байлык көп. Бирок, ичкери дүйнөдө билгендер аз. Колдон келишинче аракет кылалык. Сендей жаштар жардамдашсын, өссүн. Ошондо элдин, жердин атагы тарайт...

Узун сакал илимпоз орустун чу дегендеги сырт кебетесиндеги сүрдүүлүгү сүйлөй баштаганында чайга салган чакмак канттай эрип, Байымбетти бара-бара эзелки таанышындай жылуу мээрим менен өзүнө сыйкырлады. «Улук болсоң жатык бол» деген ушубу. Улуктук маңсапта гана бекен. Поярков деген бу адам башы падышанын Туркестандагы аскер доктору, а көздөгөн максаты, кылган иши тоолуктардын эл, жер байлыгын иликтеген эргул. Анын улуктугу көптү окуп, көптү билген, бөтөн журтту сыйлап, анын санжыра, даңазасын жардоого өмүрүн арнаган акылмандыгында. Акылман, улукман дегендердин өнөр насааты, кызмат нускасы таажы кийип, такка отургандардан узак өмүр сүрөөр. Элдин эсинде, көңүлүндө жашаар...

Байымбетке бабасы Музоокө менен алп манасчы Тыныбектин өнөрү эл бийлеп, залимдиги, байлыгы аркылуу даңкын арттырган азыркы азуулуулардан канчалык артык, канчалык өмүрдүү экендиги дагы бир мертебе чоң сакал орус окумуштуунун далилинен айкын туюлууда. Ал а дегенде «меймандос элдин даам-тузун акташ керек» деп козу ачык пайгамбарча жигиттин жүрөгүн жылыта ишенимине кирди. Анан анын уйкудагы сезимин козгоп, канат бүтүрө сабалатты. Элдин даам-тузун актайм деген киши ушулардай жанын карч уруп өмүрүн сайып илдеттен сакайтып, карацгыга шам жагып... эскисин жацыртып, жацысын улап, болочокко үмүт туудуруп, бел байлатып үлгү көрсөтөт тура.

Чоң сакал окумуштуу орустун Пурунзеден азыраак гана улуураак отуздардагы чатыраган курагы Байымбетке кыйла улуудай, бөтөнчө анын мүдөосүнүн кызматынын улуулугу маашырлантууда. Поярков Туркестанды, аскер дарыгери катары, чукул эле мөөнөттө Ташкенден

Кулжага дейре түгөл кыдырыптыр. А түгүл Ысык-Көлдү тегерете айланыптыр. Суусамыр ашып Жумгалга дейре түшүптүр. Аерде жетимиш-беш жаштагы Жусуп Садыбар уулунан «Күкүк», «Көл бака», «Ташбака», «Кирпи» деген кызыктуу улама жөө жомоктору жазыптыр. Ошончо жерди кыдырып жүргөндө далай чегилген таш буркандарды, сайма, оймо, кайчы тамгалуу жазуу түшүрүлгөн таштарды, таш, темир, тезек, курал жабдыктарды, арашан булактарды, Таш Рабат, Бурана имараттарын баамдаптыр. Алардын ар кими өзүнчө байыркынын эстелиги экенин окууга, кайсы доорго тиешелүүлүгүн табылга катары Санк-Петербург, Ташкен, Верныйда чыгуучу басмаларга, илим чөйрөлөрүнө дейре кабарлаарын, өзү дагы кайрылып кенен изилдеп, жазуу иштерин жүргүзөөрүн маектегенде Байымбет жомоктогу үңкүр түбүнө түшүп казынага кирген баладай жүзү жадырап, укканды гана тургай, өзүн да сыйкырга батыргансып таңыркай берди. «Жакшы жайын түшүндүрөт, чогоол чокчондойт». Анын сыңарындай Поярковдун асыл максатка багышталган ал жайын Байымбет чаңкаган жан дүйнөсү кеңелип балкый тыңдады.

— «Адам сүйлөшкончө, ат кишенешкенче» — Менин сырымды уктуң. Кезек сенде, баяндабы, ырдабы элиңдин кайгысынан, каргашалуу заманынын запкысынан чыккан зар, имиштен баяндасаң...

Поярков өтө эрип укkан шыктуу кыргыз жигитинин андан тартынбасына көзү жетсе да колун бооруна басып ийилди.

— Көздөгөн мүдөөңүзгө жетиңиз урматтуу төрө. Айтам. Сөздөн аянбайм. Бирпас ойлоноюн... «Зордук запкыдан чыккан муң, зардан баяндасаң» дединиз ээ.. Байымбет акыркысын ичине күрмөй чекесин кашынды.

— Федя тамеки тартып алалы. Аңгыча меники тамыр ойлопсун. Сөзсүз айтат, анда сөз көп. — Василий сакалчан досун колдон тарта отургучтан тургузду.

— Жарайт. Мен кагаз, карандашымды камдайын. Тамырың дагы даярдансын. Мынча болду, танапис эки саатка созулсун. — Поярков төш чөнтөгүнөн чынжырлуу, капкактуу тегерек саатын сууруду.

— Бу таклибиң эң сонун. Ооруканада иштерим бар эле. Сен тамыр — Василий Байымбетке кайрылды,— байыркы жомокторуң көп. Уккам, Токмоктун узун түндөрүндө «Сатылган кыздын арманы» дегендериң бар го. Ошондон чиге койсоңчу.

Кыялга чырмалган Байымбет ашыгып аптыга унчукту:

— Тамыр ,үлгүрөмбү, эки саатың канча?

Василий бырс күлүп, алаканындагы саатына тигилди:

— Сеники саат жок. Эки саат убакытта ириктин жө жылкынын эти бышат. Түшүндү.


Байымбет да башын ийкей жүзүнө күлкү жайнатты:

— О, узак тура. Ацгыча...

Тигилер бөлүнө узады. Байымбет жашыл көчөттөрдү аралай чукул жылдарда эле мөмөлөрү чокмороктогон дүкүйгөн дараҝка айланаарын, эчда адамга көлөкөсүн да, жемишин да тартуулаарын, Васил досу, маңкайган Марфушасы менен алтын көкүл тукумдарын мотурандатып ойнотуп улам бышкан таттуусунан тандап алаканына көтөрүп өздөрүнө үздүрүп ырахаттанаарын, эртеҝкинин чындыгын чагылтты. «Жандооч кийик аттырат». Экөө тең байыркы уламыштан көрөк, кечээҝкинин жана бүгүнкүнүн запкысынан зарлаган шордуулардын кайгысынан уксак дешет. Армандуулар кыргыз жергесинде толуп жатпайбы... Андайлардын канчасы ырга, күүгө кошулуп жумурай журтка даңазаланбады. Адилетсиздик, зордук-зомбулук, жакырлык, түркөйлүк зардабынан зар какшап оксөгөндөрдүн жана алардын айынан Музоокедей акын, комузчу, кыякчылар чыгарган сай сөөктү сыздаткан арман, кошоктордун далайын уккан, жаттаган. Таланган, айрылган, өксүгөн кургурлардын көзүнөн тамган капын, жүрөк зарын теҝсиз заманга каргыш катары Байымбет өзү да казалдап боздоп жүрбөйбү. Кана, илимпоз төрөгө өзүнүн жетимдик, жетишсиздик зарын айтсабы? Же жесирлердин, мисалы устанып жесиринин, же Калмергелдин жесиринин, же дыйкандын тулунун, же өзүнүн энесинин кошогунан эскерсеби? Жо-о... Аларды кийин дагы кецитет, күчөнтөт. Окумуштуу төрө кагазга түшүрүүгө кейиш ырларынан булардан дагы сайсөөктү сыздатаарлык, же кыжырды кайнатарлыгынан табууга тийиш...

Асман ачык, күн чакыйып талтуу. Тармалданган жашаң көчөттөрдүн назиктигине көөнү ҝибисе да, ырчы жигиттин көзүнө удургуган түрмөк-түрмөк кара булуттар кайдан-жайдандыр ойкуп кирип, жүрөгү кансырап, ага баарынан жакын армандуу жаштардын, бөтөнчө мал катары сатылган кыздардын ыйы, муңу угула баштады. Азыр ал ошолорду гана тыңдап ошол обонду гана созуугa кудуреттүү. Армандуу кыздар. Жацыдан серпилип ачыла баштаган гүл, күндүн нуруна, булбулдун таңшы-

гына бой созуп, жыпар аңкыта осойүн дегенде түбү менен жулунуп, же тепселип куураган байкуштар. Күнөөсүз назик макулуктар неге жаралды, неге, кимдин каргашасы менен күн көрбөй солушту? Жеке өзүлөрү эмес, элдин көз жашын чубуртуп кыжырын кайнаткан арман ырлар түзүлдү, түзүлө берер... Байымбеттин санаасынан «Кыз Мактымдын арманы», «Качкан кыз», «Чалга берген кыздын арманы», «Жаш балага берген кыздын арманы», «Кубаттын уулу Кулмырза,» Жаш токолдун арманы», «Кыз Кенжекенин арманы»... Ар бири өзүнчө санжыра — зар. Булардын баарысын самоосунан билет. Ыргактуу обон күүгө кошуп жандатса, ооздон түшпөс, кулактан чыкпас. Кимисин тандаса... Биринен бири кайтылуу, өзөктү өрттөйт. Эмки чындык, эртеңкисин ким билет. Мүмкүн имиш, лакапка айланаар. Азуулуу жырткычтык менен алсыз момундуктун курмандыгынан чыккан арман ырларынын баары эле мындай шумдукту көрбөгөн төрөнү кызыктыраар. Кана кайсыпысынын... Убап, чубаган муңдуу элестер улам алмашылууда. Эө-жаа бербеген ичке толкунга калкыган Байымбет кимисин суулуктап кармаарын билбей азоо күлүктөрдүн тепсендисинде калгансып оор үшкүрүк чыгара жөлөнмө отургучка жетип жамбаштады. Мына азыр ал зарлаган жигит, кыздардын курчоосунда калгансыды. Баятан беркилерди «баарың нарылай тургула. Менин арманымды уккансың. Сен ырчы улан, жазмакчы, жаймакчы элең. Булардыкынан менин мунум кем бекен. Кана, эсиңди жыйып, ыкыласыңды бурчу, козгочу, чоорунбу, комузунбу, ырыңбы, өнөрдүү улан», деген шыбышты өксөтүп чукулдагы насыяга кеткен кыз теке маңдайында солуй келип, беркилердин баарын далдоолоду.



— Насыяга кеткен кыз, шордуу Кенжеке. Ырас. Сенин азабың тигилердикинин баакисинкинен жаңы. Колуман куткарып алуу келбесе да, жабырыңды жар салууга кудуретим жетээр. Мына жазам, айтам — Байымбет коюн чөнтөгүнөн дептерчесин сууруп, шолоктогон беш көкүл жаш бийкеч Кенжекенин арманын эшилтүүгө калемин таптады...

Поярковго алды менен Байымбет «Насыяга кеткен кыздын» муңу кандайча чыкканын, өзүнүн жүрөгүндөгү тагы бүтөлек жараат катары сабыла жобурады...

Кокондуктардын бийлиги кыргыз жергесинде өкүм сүрүп тургандагы хандын ордосунда гана тургай, ар кай жердеги чептериндеги өкүмдарлары сулуу кыздарды, ал-

гыр куштарды, күлүк, жорго аттарды тартып алган мезгил өткөн. Бирок, кокондуктар көнгөн соода-сатыгын улантышып, өзүлөрү пайда туудуруп, кыргыздарды карыз торукка дуушарлантууда. Ошонун айкын мисалы жакындагы эле Нарын тарапта́гы кыз Кенжекенин насыяга сатылышы. Кокондуктардын көп соодагерлеринин бири толгон акча, шайы, шалпар, буюм-теримди качырларга жүктөнүп кара сакал берен айылга калдайып түшөт. Мытайым алып сатар болуш, старчындарга жолдук тартуусун жасап, кекиртектерин майлап көңүлдөрүн жайлайт. Анан алардын уруксаты боюнча эл кыдырып соодасын жүргүзөт. Мал, алакийиз, шырдак, тери, жүн, кан, тердик-токум, шалча, боз үй тутууларын, койчу тоолук малчы калайыктан арзан баалап жыят. Айрымдары эмдиги, соңку жылкыга эки-үч эсе ашык туугудай убада менен, масселен азыркы козулук буюмду ирикке, торпок-тукту инекке, тайды бээге, тайлактыкты ингенге насыя көтөрүшүп акча, шайы, шалпар, атлас, макмалды кездеп алышат. «Бекерден кепин табылса өлмөк керек». Бүгүн бекер теңге, буюмга марыган менен эртең он эселеп очорулаарын билбеген ала көөдөн элде азбы. Ошондой дардаңкүүнүн бири жасакер кызматкер Сатылган дегенди болуш, бий, старчындар келишип алдап, ыкка көндүрөт да эки миң койго карыз акча көтөрүшүп ортоктош төлөөгө бөлүп алышат. Азырынча бекер дүйнөгө тунган кат, заңды билбеген түркөй Сатылган курганды вексильге бармак бастырып, кол койдуруп, болуштун мөөрү менен күболөндүрүшөт. Жыл айланып насыянын маалы бүткөндө жер союлта эки миң койду айдап кетүүгө карасакал соодагер кайрадан козуп кызартып жетет. Акчаны небак спцирип кеткен жемекей болуш, бий, старчындар биз экөөңдүн ортоңдо кепил болуп гана соогат, ширепкана алганбыз деп эчтеке төлөшпөйт. Вексилге кол койгон Сатылган аргасыз жалаага жыгылат. Соодагердин заңдуу талабын, арыз-күрсүн тындырыш үчүн ошол эле манап-бийлөөчүлөр башынан купуя кеңешкен бүтүмдөрү боюнча зордон туруп, насыяга төлөнчү малдын ордуна Сатылгандын бойго жеткен кара чечекей кызы Кенжекени алиги соодагерге зордон токолдукка атказышат. Ошондо дүнүйөгө алданган алаңгазар атадан да, залим болуш, бий, старчын баштаган элден да кечип, эч кимден айбыкпай насыяга таңылып бараткан кыз Кенжеке баарын карап арманын боздобойбу:

...Өзүмдүн атам Сатылган
Балээлүү карызга чатылган.
Котормо теңге которуп,
Көпкөнүнөн катылган
Кызматчы болду болушка
Кордукту болуш кылган соң
Коно албады конушка.

Торук кылды өзүндү
Торгоду болуш созүндү.
Аласа тартып ээрчитип
Ачты белем көзүндү.
Атбашы, Нарын ара жер
Аксай, Арпа сара жер.
Эшмамбет менен Атабай
Ак чапандан пара жээр.
Насыяга кыз берген
Сен Сатылган кара жер
Карызга берди дедирбей
Кенжеке кечтим жанымдан.
Кадыр ала чоң кудай
Кара жаным ала көр...

...Атабайдын кыздары,
Аргымак минип дуулады.
Алды каткан Кенжеке
Азап тартып куурады.
Карчыга салсаң кууга сал,
Кадырман билбейт как баш чал.
Картайган чалга бергенче
Кардымды жарып сууга сал...

Кокондук соодагердин колуна капаздагы куштай жеткирилген соң кечедей тамга камалган шордуу Кенжеке Бухарадагы өзү теңдүү кыздарды көрүп андан зарлайт:

Букаранын кыздары
Саамал ичип тупады.
Кепеге түшкөн Кенжеке
Сары чай ичип куурады.

Поярков окуяга кызырланып, кызыгып орус тамгасы менен Байымбеттин баянын чолуп-чолуп илип жатты. Дагы канчага созулмак, балким эртецкиге, бүрсүгүнкүгө да калмакчыбы? Жеке Кенжекенин арманы эмес, сансыз ыр, жомокту көз айнек төрөпүн угуудан, жазуудан тажабай чери жазылып жайланганын байкаган Байымбет да үйүр тарта, пайдалуу парзды өтөгөнүн түшүнүп ашыкпоого чыгынды.

Капысынан чабаганчы кирип кат тапшырганда Пояр-

ков көз айнегин жалт-жулт удургута кайталап окуп, агыш оңу кубула кагаздарын жыйноого карбаластады:

— Кечиресиз жигит, Ташкен, Верныйдан келаткан төрөлөр шашылыш чакырып жатыптыр. Алыска Ферганага дейре сапарга кошо аттанат экемин. Пайнтон-чүмкөмө араба жиберишиптир. Кап, жай, узак сүйлөшөөр элек. Аманчылык болсо көрүшөбүз. Кийин Вася аркылуу да табам... — Шадылуу алаканы менен Байымбеттин колун чымырата кысып, желкесинен кетпей ыкылдаткан кылыч асынган аскер чакырыкчынын соңунан арымдады. Ата көрү ая, Байымбет да өкүттө басарга жер таппай, кызыган денесин муздак калтырак баскансыды.

— Казыр шыдыр айта бер. Анан башынан түшүп, тактап толуктайбыз. Сендеги сөз казынаны казам. Аягына аты-жөнүң бакисин тиркейм — деп камырабай отурбады беле.

Кыргыз макал, лакап, жомокторуна сакалчан орусту кандырып бүткөндө, өзүнүн окутуучулук далаалатын билгизип, кеңешин укпайт беле. Эми кызып чыйралаарда чорт үзүлгөнүн карачы. Кайдагы сааттуу төрөлөрү чыга калды. Мунун аял-буялга келбей аңтаңдаганыча караганда каардуу, окус кеченде се шорлотчу олуясыбы.

Ташкен, Верный аркылуу түп киндик Петербордогу ак падыша жан-жөкөрлөрү менен карамагындагы Туркестанды кыдырып көрүш үчүн өзү келатканбы. «Жардынын этегине кепсен салса, жарымы жерге чубурат» болбодубу. Кыргыздын санжырасын, үрп-адатын, кеңбайлыгын, көркөм өнөрүн үзүлө түшүп үйрөнгөн бул пайгамбардай акылман сакалдуу орустун колдоочу пириндей аян берип тез жолугуп, тез кайып болгонуна чын эле сыйкырдуу периштеге кабылгандай, аны мындан ары түшүндө көрбөсө, өңүндө учуратпөосун туюнгандай Байымбеттин ичи эшерилди.

Кантсе да «жакшыдан нуска калаары» чын бейм. Чоңу мындай турсун жөө жомоктордү, уламаларды, арман, кошокторду жыйноо, жазуу зарылдыгын, алар жеке төл эмес, бөтөн эл үчүн да баалуулугун дал ушу Поярков эспе салбадыбы. Орус төрөсү элден «Кирпи», «Таш бака», «Сагызган» тууралу лакаптардан өйдө баалуу табылга катары чогултса, Байымбеттин башында уюган баатырдык жосундан тартып балалык оюн таманага чейинки бала кездеги баяндан канча бар. Элден дагы далайын угаар. Йорго создук ырга ыргактап уккулуктуулугун уласа, алгылыктуулугу ашпайбы. Оозеки сөз онуруу-

луп жоголуусу мүмкүн. Жазма соз жан казынага кошулат турбайбы. Жазма сөз жан казына. Бул жаатында Байымбет тиши өткөн түркү, чала бүчүк фарси, араб тилдериндеги казалдарды аңтаргандан, орустардан Василдей, бүгүнкү сакалчан төрөдөй кең пейил асыл адамдарга жолукканда тартып кыйла ойго батууда. Макул, жазма айныксыз адам өкөрүн өчүрбөй сактоочу сыйкыр экенин аттын кашкасындай абайлады. Тийип качып, нукулай коюп жүрөт. Анын чиймелегени өзүнөн болек кимге зарыл. Сакалчан төрө болсо, түп киндик Петербордон баштап, Туркестанда басылчу кезит, китептерге чыгарат экен. Ал эми уйпаланын элдир-селдир умачтай көзүн ачууга алектенген айылдык чиймечини ким билет? Кайда, кимге, эмнени, кандайча жиберерди да билбейт. Кур дегенде Оренбордо окуп, чилтенди бүтүргөн, орус окумуштуулары менен тең ата, казактын дөө султандары менен табакташ Ыбырай Алтынсары уулу да эмес. Петербордун өзүнөн окуп, орусча суудай тил билген ак падышадан төрөлүк чин тагынып, анын карамагында кызмат өтөгөн казак Чокан Валихан уулу мындан көп жыл мурда көлдүк кыргыздарга дейре орусиянын кол башчы саякатчы окумуштууларын баштап келгени, элдин, жердин, бугунун манабы Боронбайдын катын-калач, үй-жай, күмбөздөрүнөн өйдө сүрөткө тартканы, «Манас» дастанын айттырып, кыргыздын уруу санжыраларынан жазгапы жөнүндөгү даңазалаларды да элдир-селдир эшитүүдө. Албетте. Чокан төрө жазгандарын Петербордогу ак падышанын казынасындагы алтын сандыктарга салыкка табыштагандыр. Байымбет Чокон төрө да эмес. Ал бар болгону бабасынын камкордугунан Бухаралык молдодон окуп, өз далалаты менен жазганды, окуганды арбытып жанын сабалаган букара. Оозунун салуусу барбы, эбептен себеп болуп эптеп бийкке жетти. Окуган, китеп, кезит кармаган адамдардын чөйрөсүнө жанашты. А шыбагага дуушарланганына кудайга мың ирекет кулдук урууда.

Жакшы жөрөлгө күтүүсүз бузулганга Байымбеттин дүрбөлөңгө чырмалганын баамдаган Василий Фрунзе аны кур жооткотууну каалабады:

— Сен тамыр, кейибе. «Аз болсо да саз». Кыргыз туура айткан. Келип тур.

— Саа ыраазымын Васил тамыр. Көзүм ачылгансыды. Эми качан жолугушаарды бир жаратkан өзү билет. Тамыр, дагы ушундай кездешээр бекенбиз.

— Кездешебиз Тоголок Молдо, тамыр. Кездешебиз! — Василий кечээ келгендеги учурашкандай кең көөдөнүпө тартты. Байымбет анын жашылданган көзүнөн чыныгы жакындык туйгунун учкундарын байкап, жүрөгү соккон төшүн бекем ныктай, толкунданганын жашыра албай үнүн дирилдетти:

— Туура Васил тамыр. «Ат баспайм деген жолун миң ирет басат. Кечпейм деген суусун миң ирет кечет». Жолугушабыз! Чукулда болбосо качандыр жолугушабыз!

Васил да кусалуу колдурады:

— Качандыр-р... жолугушабыз... Антпе, келип тур.

Тили буруу эки тамыр негедир толкундуу коштошту.

* * *

Бу саам Дүр мырзасынын канилеттен чакырганы Байымбетти карбаластатты. «Жазып, тайдымбы, Пиппекке айтпай, дебей кеткеним угулгандыр. Шарафуддин молдого ушу кезге дейре катын жеткизбей, китеп, кезиттерди албагандыгым билиндиби».

Шарафуддин молдого кайра тартканда бурулмакчы эле. Сакалдуу орус окумуштуусу менен Васил тамырынан жүрөгү балкып шердене, кандайдыр дендароо болуп түйшөлүп аттанган неме Токмокту өрдосо да токтолбой өткөн. Дүр мырза азыр сыртта. Өзү кабар бергенче күт, дешти. Күтүп канча күндөр оттү. Ошол терс аяктыгы үчүн терисин тескери сыйыртышы жок. Айыбын озү териштире, кооптоцун жоподу. Жакындай түшкөндө Сооронбай ажынын чоң короосунун эшигинде улам арбын короктогон атчан, жалпайган жоо караандар жыйылууда. Эмне? Карт манап озү жайлоодон түшкөнбү? Анда Айылчы абасы кошо жүрмөк. Балким ошенткендир. Кандайдыр топ барбы? Элдин жыйыны зор манап Сооронбай карттын өкүмү, катышуусу астында гана өтүүчү. Чогулгандардын түрүү негедир дүрболоңдүү. Жасоол, чабагалчылар короздонбосо, аз-аздан топтошуп кирүүгө кезмет күткондордун маанайы пас. Кийим турпатына караганда дөөлөттүү байлар аз, копчүлүгү орто, жармач оокаттуулар. Алиги чакырыкчыга жолукса:

— Коё тур. Мынабу айыгышып док арткандар сөздесин,— деп корс этип парылады.

Байымбет үймөлөктөшкөндөр оз озүнчө ар атанын тукумдары экенин баамдап «док арткандар» дегендин торкүнүн табууга ойго мулгүдү. «Эмнеге, кимге док артышат?» Сыягы жаңжал бар го. Обочороок калыңдана

үймөлөктөгөндөрдүн арасынан бак-бак каргылданган доошту улай барды. Эскирээк тебетейчен, билермандарга табакташ, жардыраактарга талапташ Эрмат, агыш сакалын селкилдетип, таягына жөлөнүп сүйлөдө:

— Карт бүркүттөн бала туйгун алгыр чыкты. Карыганда атанды жайлоодо баглан козунун эти, байтал бээнин кымызына көйкөлтүп тынч жаткыр. Тынай элиңе бийликти, кош тизгинди өзүң ал,— деп Токмоктогу ак падышанын губернадыр төрөсү чокундуктун таалимиңде окуп тилин билип, тири карак чоңойгон жаш мырза Дүргө ачык тапшырыптыр. Ал атасын сыйлап, козу тирүүсүндө, демдеп тайганча жардамдашып коё турайын, дейт. Эки мүрү, эр төшүнө жаркылдатып чен тагынган төрөсү кезээрип болбой, үртүктөлгөн кош арабага, Дүр мырзаны кошо түшүрүп кылыч, мылтык тагынган атчан аскерлерин алды-артынан дүпүрөтө ээрчитип, Сооронбайдын жайлоосуна жетишет. Ак оргөодө аземдүү мейманданып карктанышат. Коңулу жай көлпүккөн карт Сооронбайга чендүү төрө Орусиянын ак падышасынын атынан алкыш айтып колун кысат. Белекке боолуу кылыч тапшырат. Карт Сооронбай ак падышанын төрөсүнө таазим эте, сакалын жайкай тигилип ыраазылык сөзүн жаадырат. Болот кылычты чекесине, эринине тийгизе өбөт. Губернадырга алтын жака чапан жаап, сандыкта бапестелүү аюу, илбирс, кундуз, суусар терисин булактата тартууга берет. Зоболосуна маашырланган төрө акыры Сооронбай ажынын көгала узун сакалын эркелете сылап, максатын билгизет:

— Кудаяр уулу Сооронбай аксакал, сизге Петербордогу ак падышанын атынан Верныйдагы Хомитовский баштап баарыбыз ыраазыбыз. Тынай элиң Орусияның шшенимдүү досу катары мыкты тескедиңиз. Орусияга берилген дилиңиздин чындыгынан жалпы кыргыз манаптарынан биринчи Дүр уулуңузду, Мамбетаалы иниңизди Верныйда кыргыз мыктыларының балдары үчүн атайын ачылган гимназияга жөнөтүп, падышанын кызматкерлигине тарбияладыңыз. Дүр уулуңуз азыр сиздин таалим боюнча жүгүңүздү жеңилдетип, биздин шшенимди актап, өзүнчө эл башкарууга жетилди. Сиз урматтуу карыя, мыкты уулуңуздун дөөлөтүнө болончү эс алчу куракка жеттиңиз. Буга кандай дейсиз?

Жакшы сөзго жаны балкыган Сооронбай ышка бийлик караманча колунан тайырын ардабай төрөнүн киска тарбайган ак колун силкилдетти:

— Ак падышага, анын Верныйдагы, Ташкендеги, Омбудагы, Токмоктогу мартабалуу төрөлөрүнө ыраазымын. О-у, он алты, он жети жыл мурда Алматы — Верныйга баргам. Болковник (полковник) Хомутупской биздин Көл башындагы бугуларга чакыруу боюнча баратканда, сарбагыштар жолунан тосуп уруш ачканда, кыйла кыргызды колго түшүрүп кеткен. Ошондо Алматыга барып кадырымды салып, колго түшкөн кыргыздарды бошотуп келгем. Андан бери канча төрөлөргө жолуктук. Өзүң келип отурасың. Кочушумдагы тынай элимди илгери Жантайга да, эми Шабданга да өзүлөрүн канчалык көкөлөтүп хан атаган менен эч кимине каратып, талаткан жокмун. Уулум Дүр Орусия менен кыргыздардын ортосунда данакер, ашкатык болсун. Ак падышанын төрөлөрү, уулум силердин таалимиңерде тапталды. Ылайым Шабдандан шандуу чыкса гана. Аны силер бүт кыргыздын султаны кылып алдыңар. Менин уулум Дүр азырынча жашыраак. Бирок, силердин чечекейдей тилдеш кишиңер. Шабданча тилмеч жалдабай, өзү тикеден тике сүйлөшөт ыраспы?

— Ырас, ырас, улуу урматтуу Соронбай аксакал,— Төрө амалдуу карттын колун калтырата дагы кысты. — Ошол үчүн, Дүр аз-аздан биздин колдоого таянып, акыры Шабданга тецелиш үчүн,. Тынай элинин бийлигин айкөл атасы сиздин, жана ак падышанын төрөлөрү биздин ишеним боюнча, улуу урматтуу Дүр мырзага тапшырганыбыз дурус.

Губернаторду тузакка түшүрүүнү көздөгөн кары манап өзү кылтакка илингенин эми түшүнө, кежирленсе башкаруучу орустарга эмес, өзүнө залал кылаарын, келечегине осол сөз калтырып, атасынын кыялын билип, буларды ээрчитип келген уулунун демин суутуп, көкөйүнө так салаарын туюп элеп-желеп тунарган мокок көзүнөн закымда сан пикирлерди сампарлатты. Кантсе да, сырттандыкты эске тутуп, сыр билгизбей, оо далайда тымтырс күткөн төрөнүн бошондоп бараткан шадыларын чымырата оңдоно отурду.

— О-у баракелде, мартабалуу улук төрөм. Уулу жакшы чыкса, атанын ырысы. Мен ырыстуумун. Менин ырысым бүт Тынайдыкы. Уулум Дүрдүн ырысы мепикипеп жогору, атпай кыргыздыкы болсун. Оюмдагыларды орундатам деп келгениң, урматтуу улук төрөм, төбөмдү көккө жеткирип отурасың. Бийлик менден Дүр мырзага өтсүн, дегенице мен макулмун!

— Ата-а, шашып койдуңуз го,— баятан ичинен чымырап өзүн кандай кармоону билбей, дабдыран отурган Дүр жүгүнүп, атасынын алтын жака чепкенинин этегинен өптү.

— Болду, балам. Баарын түшүндүм. — Сооронбай сыйда, агала сакалын жаный, көк нооту кемселинин боорундагы күмүш кемер куру көрүнгөнчө анын үстүндөгү желбегей алтын жака кымкап чепкенин ийнинен сыйрылта обдулду:

— О-омий-пи! Бүгүндөн баштап Тынай элинин өкүмдары Сооронбай уулу Дүр мырза деп эсептелсин!

Өргөөдө олтурган карт манаптын акылмандары, жигиттери, айыл мыктылары, анын ичинде Айылчы ажы да, капилет жорукка ичтеринен калтаарый дүрдүгө чурулдап бата узатышты:

— О-ом-ий-ин!

— Ошолордун ичинде мен да бар элем,— деди улам көбөйүп чогулгандарга, үнүн көтөрүңкү чыгара көөнө тебетейчен, таякка жөлөнгөн Эрмат карыя. — Сооронбайдын нөкөрлөрүнүн көздөрүнөн байкадым. Өзүм да ошондой ойлодум. Карт бөрү балээ. А дегенде манаптар балдарынан Орусиянын кызматындагы, ата бабаларынын бийлигин улантуучу тилмеч, чокундук болууга жиберсин деген жардык келгенде, Сооронбай билерман байбичесинин уулдарынан жөнөтүүнү ыраа көрбөгөн. Токолдун уулу Дүр тентекти тобокел садага катары алдап соолап, өйдөкү Мамбстаалыны кошуп атказган. Жердиги тың экен. Дүр окууну нечен жылда мыкты бүттү. Орус төрөлөрүнө алынып, астыртан өзү бийлеп баратканын көргөн, кыраан атасы карп-күрп билгизбеиш этип, аргасыз өз тагына кондуруп бата берүүгө, кантсе да бийликти өз тукумуна ыйгарып, топук байлаганына таңдандык.

Ошондо төрө тура калып, Сооронбайды кайрадан кош колдой кысып:

— Акылдуу карт арстан! Өзүңдүн көзүңчө жаңы мөөрдү Тынайдын жаңы башкаруучусу Дүргө тапшырам,— деп татына баштыкка оролуу тегерек мөөрдү Дүргө карматты да, аны кучактап өпкүлөдү. Дүр мырза экөө кужулданып, алда нелерди сүйлөштү.

Болору болуп, боёсу канган Сооронбай баржактап чабаганчылар чаптырып, айыл айылдан ай талаага, жайкалган шибердүү дөбөгө калайыгын чогултуп, уулу Дүрдү ак кийизге көтөртүп, салт боюнча, эл башын ырым-

дады. Анан ага багыштап, ак боз бээни курмандыкка чалдырды.

— Амалдуу карт ата манаптын алкоосуна, төрөнүн колдоосуна эсирген бала манап Дүр мырза «чү», дегенде катуу кармайын дедиби, жаки төрөлөрүнүн кысымы чындыр, же жасакерленип ого бетер жаккысы келгендир, калкына аламан салды. Бий, старчындарын, канча жигит, кызыл чогун ээрчитип, үй башына бир карадап чыгым чектеп, тез жыйноого буюрду. Ак падыша, анын төрөлөрү үчүн дейби өзүнө мектеп курат дейби, молдолор тандап, балдар окутат дейби, мал оту, жер, суу үчүн дейби, айтор салыгынын саны артты. Ошол каат аламан алык-салыктын азабынан ой, тоо дебей бир даары жаш манапка арыз мунун аялметтигин, төлөй албастыгын айтууга чогулса бир даарын кызыл чоктор омуроолоюп биерге айдап жеткизүүдө.

— Кана, калайык журт, бир ооздон сөз, бир жеңден кол чыгарып Дүр мырзага даттанууга даярсыңарбы?! Же мал, оокаттан ажырап, тонолуп тынасыңарбы?!

— Мен кызыл чеке жаакташып чыктым. Айдатам, байлатам, деп опузалайт. Көрөбүз мандайга жазганды. А силер неге нымтырайсыңар? Даттанууга даабасаңар кеткиле да, малыңарды байлап, же үстөкко котөрүп алып, төлөп берип кутулгула! — Калнагын колуна жапыра, ичкериден түрткүнчүктөлүп чыккан чокчо кара сакал, пызы таар чапанчан олбурлуу Мамбет деген адам кыжырлуу бакылдап топту жара жулкуна адымдап араларынан орун бергендерге кумсандай жүзүн бурду. Улгайыңкы кедей төшүн дүк коюп моюнун кейкеңдетти:

— Даярбыз эле.

— Айтабыз эле! — Дагы беш алтоо күңк этти.

Калгандары дарбаза жакка жалоороп кулак түрүп, аттарын ойсоктоткон жасоолдордон айбыгып, баштарын саландатышты.

— Сен го, Мамбет, сен, а кирген аксакал элчилер кеңешип чыксын. Манап элин аяар, эпке конөөр, жеңилдетээр,— деди башын саландаткандардын ичинен алиги Эрмат карыя.

— Мүйүздүү болом, деп кулагыңардан айрылбагыла! Макулдап төлөп берип кутулсаңарчы. Мамбет бузукулугунан бирди көрөт!

— Ооба десең. Элди мынчалык эзибаштантып элиргкенинди кой!

Сөз тыңдап, атчан топту үйүрө имеришкен тыңчы-

лардан экөө алмак-салмак Мамбетке, ал аркылуу баарына акаарат жасашты.

Мамбет кедейлердин тыңы. Элчилерди жаш манапка анын бий, болуштарына баштап кирген ошол. Элди арыз-күрсөө дүрбөткөн да ошол. Нары балбан, нары тайманбас эр. Айтымына, ызырынып жанын аябай тургандаа караганда мыктыларга кажашып, моюн бербей түрткүчүктөлүп чыккандай. Башынан басмырт букаралардын көзүнчө анын айбатын, абийирин тебелемекке корсулдаган эки атчанга союл ордуна мыкчыган калпагын көтөрө, олчойгон муштуму зекиди:

— Ох, окшошкон жугундукорлор! Жыргап калгансыңышат. Силер да биздей кедейсиңер. Көп болсо ушу саамкы оор салыктан кутулгандырсыңар.

— Бас-с жаагыңды, эл бузар шүмшүк! — Көк атчан кызыл чогу камчысын үйрүп, элди тебелетчүдөй, ортодогу жылаңбаш Мамбетке үрөңдөду.

— Өлө элегинде тарт пары кош-шоматчы жугундукор! — Мамбет алиги жазыла элек муштумун токмоктой салмактанта, көнчүлүктөн калкып бийик көтөрүлгөн олбурлуу төшүн дагдайта умтулду.

Аны карап турган беркилер, жеңин серпе жүткүнүп, ансыз деле кур айбат көрсоткөн жасоолдун атын үркүтө артка айланта качырышты:

— Жогол!

— Саа эмне жок, салпаке!

— Элчилер үч муундун өкүлдөрү: ак сакалы, көк сакалы, кара сакалы ээрчишип, сакалдары сыйга татыбай, кайра тушамышталгандай баштарын эңилтип, өкүлдүккө жиберин умуттуу күткөн калайыктын бетин карай албай, илец-салаң күцкүлдөй берилешти:

— Сөзүбүз өтпөдү.

— Жаалы катуу жаш манаптын.

— Атасы алдап өндүрчү эле. Дүр дүмөктөп зордоп, айдатып, байлатып жыйнатам, дейт.

— Тынай журту ата-бабанын арбагын, мени сыйласа бир жолку чоң чыгымга туруп бергиле. Төрөгө жана озүбүздүн мыктыларга берген убада-шертимди ооз кеспирсиз аткарамын. Менде айнуу деген болбойт. Угузуула журтка. Кийин соңкусу эсте болот. Тентигеңицерди, терс аягыцарды тыйып, элчиликке конгүлө, деп Дүр мырза бизди жүйөөгө жыгып, кайра силерге элчиликке жиберди.

— Калайык бекер калчалбайлы. Бизди аяп кечирим

кылчу түрү жок. «Журт намыстан тайбасын, мал табылар, баш кетпесин. Ачыгын айтайын, баарың ук, Мамбет астыма түшсүн. Жаки болбосо Шиберге айдатууга да кудуретим жетет», дейт. Элчинин башчы карыясынын сөзүн жардангандар күүлдөп жула качышты:

— Тууранар түгөнүп, башыңарды барымтага берген турбайсыңарбы!

— «Кожоң суугa аккан соң, алды алдынан тал карма».

— Кой, тарагыла, кутулгула. Алчуусун алып тынышсын.

— Бербейбиз! Мен алдыга да түшпөйм. — Мамбет жылдызы өчкөн элди түрүлтө кыжырлуу бакырды.

— Кой, кой Мамбет. Азуулуу менен арбашпа.

— Жалгыз аттан ажырап, боорум менен жылгыча ош-шол-л азуулуулар үчүн сайдым башымды!

— Жарайсың!

Аралай басып кылтыйган тыңчылар бирине бирине шыбыштап үйдөгү болуш, старчын, бийлери менен өкүмүн бышыктап өчөгүшкөн. Дүр мырзага чогулгандардын дүмөгүн жеткирип турушту.

Кыжырланган даттануучулар Мамбеттин кайратына чыйралышып кайрадан дуулдашты:

— Кетпейбиз бир жаңсыл болмоюн.

— Дүр мырза букаралардын салыгын жецилдетсин!

— Өзү оозмо ооз дат, муңубузду укса боло!

Четинен ыдырап кетүүгө камынгандар телинмедей удургуп, кайта имерчиктей үймөлөктөштү. Аларга тыяктан, быяктан дабыртсыз шылкыны бош жай илкиткен атчандар, шылкыйган жөөлөр бирин-серинден самсып билинбей кошула, карааңды арбыта беришти.

Байымбет Сооронбайдын эшигинен бай, манап, мыктылардын үзүлбөсүн билет. Экинчи мертебе жардылардын казганактап топтолгонун көргөнү ушу. Биринчи жолу, жаңы келген жылы Тыныбектин «Манасын» угууга чогулушкан Сооронбайдын коргонуна киргизбей «менин Манасым», деп тыйганына көнүшпөй тебелеп-тепсей жулунушуп, кыйкырышып, акыры жомокчу өзүнүн ыкласы менен манаптан суранганда, бир түндүк кыска жоруптап балкыткан дастанды, көздөрү чыгарылган терезенин сыртынан короодо ың-жыңсыз үймөлөктөп тыңдоого үлгүрүшкөн. Ошондо көшөөрүп, максаттарына жеткен берендердин кыйласы азыр да мында. Алгыр бүркүттөй айбаттуу жүткүнгон Мамбет анда эмкиден дагы сестүү:

— Дарбазаны ачпаса, коргондон секирип түшөбүз,

Манас атпай кыргыздын атасы! Журтка угузбай көргүлөчү! — деп бакылдаган. Жүткүнгөндөр жапырт аны коштой дуулдашкан.

Азыр андай бир үндөн дуулдашып, бир жеңден муштум көтөргөндөр байкалбайт. Сабылып, ичтеринен зордукчулук өкүмдү жектешсе да, ачык чыгуудан айбыгып, тебетей, малакайларын калдайтыша бирин-серинден күчкмыцк эткендери дебесе, миздери мокоп титирөөдө. Жарды-жалчы, букараларынын момингип жабырланып, эшик сагалай жалооруп дүпүрөшү, Мамбеттей жолборс жүрөк азаматтын атырылган айбаты жаш мырзаны козголтоор, ырайым эттирээр, деген сокур үмүткө такалтууда. Ыксыз оор салыкка кайышкандар биринен сала бири жеке-жакадагы эгинчи жармачтар тургай, жайлоодогу эмчек тартып сүт менен жан сактаган орто чарбалуулар да, кээ сарац байлар да, Эрмат баштап, жаш мырзага арызга түшүүдө. Элдин түрпүн аңдаган Дүр эртец бетме-бет акылдашууга чогулсун, дедиртип күүгүмдө тараттырды.

Калыц калайыктын тагдырын Байымбет өз Куртказында, Жумгалда, быякта, бардык жерде кулкуну ачылган мыкаачылардын тырмагында апчылганын, каалаган учурунда ушинтип кансыратып малдан, оокаттан, тиричиликтен айырып мүцкүрөтөөрүн, канчалык бейкут, талоосуз доосуз жашоого далалаттанса да, кудуреттери чактыгын туюп, жүрөгүнөн кан, көзүнөн жаш айлануууда. «Жардынын күнү жабырлуу, айласыздан сабырлуу». Музооке бабадан жатталган соз көкүрөккө өзүнөн өзү шыбышталууда.

Ар кыл жагдайды таамай элестетээр сөз таажылары табылганда гана кучунац канат. «Сөздүн көркү — макал, эрдин көркү — сакал».

Байымбет ниетинен бу мүцкүрөгөндөргө кабыргасы кайышканы менен, Дүрдүн карамагында атасы Сооронбайдын мыкчегер нөкөрү Айылчы ажынын иниси катары баш пааналап жүргөндүктөн, дүрбөгөн шоркелдейлердин дүмөгүн баамдаса да батына албай аларга санаалаш бугун ичине катып... атайын жайлоодон чакыртып кам жеген мырзага, анын жашыруун ацдытып да, ачык короктотуп да элди имерткен жасакерлерине сыр бербөөгө чучу кулак алапайын таппай кайсактоодо.

Экинчи күнү эртелеп сырттагы дүрбөгөн элдин курчоосу, капкалуу короонун ичиндеги чоң тамда кецеш курган мыктылардын кыжырын огө бетер кайнатты.

Мацыроо шордуулар дагы эле чоңдун кечээги бетме-

бет акылдашып көрөлү, деген жардыгынан жакшылык күтүшүүдө.

Ал эми ичкеридеги билермандар — айыл, уруу башчылары, старчындар (старшиналар), бийлер Тынай болушунун жаңы жаш манабы Дүргө кимиси кандайча жагуу аракетинде топураган томорлорду ийге келтирүүнүн ар түркүн ыгын сунуш этүүдө. «Өрдөк жокто чулдук бий». О, узак мезгилден бери айтканы айткандай, алык-салыгы алдоо, коркутуу, зордоо жолу менен тез аткарылып журт атасы делинген Сооронбай карыя бийликтен алыстаганда, азырынча анын айлалуу акылмандары өзү менен жамаатташ жайлоодо. Дүр мырза бара-бара атасынын шериктеринен өзүнө тартуусу дагы ыктымал. Алардын ордун басчу биз — демөөрдө кыйынсынган берендердин бир даары Дүрдүн жанаараак бу он чакырым Токмоктогу Губернаторго аскерлери менен тез келүүсүн өтүнгөн катын жактырышты. Бир даары жасоолдуу төрө кирсе, элиндин үшүн алып, жүрөгүн өлтүрүп катуу коолго айланат го. Андан көрөкчө ата манапка чаптырсаңчы. Айылчы баштаган кадырман нөкөрлөрү менен келсе, калкты калайман түшүрбөй тезге салаар беле.

«Падышанын аскерлеринин кылычынан, өзүбүздүн карыянын каары ээликкен элге эм болбосун»,— дешти.

Бийикке мурдатан камынып, тымызын машыга баштаган Дүр тизгинди атасынан эмес, Токмок уездинин начальнигинин амири боюнча алганын эскерип өзүнчө ойлонду. Кийинчерээк бошураак карман, кээде кур эркелеткен болуп, кээде догурунуп чыгымды чүмчүңдөтүп бөлүп жарып жыйнатып, уучундагы элин курулай аямын этип, жаман көндүргөн атасына нааразы. Окус аны чакыртса, ачык айтпаса да, мыйыгынан жымыйбайбы. «Олдо чунак уулум ая, сенин элдин тилин табууга жетиле электигиңди билгем. Ошон үчүн ордумду бергим келбей жүргөм. Чү, деп атка мингенде чуулган чыгарыпсың. Сырдана калкыма дагы эле менин кадырым өтөт. Жылуу сөз менен малын гана тургай жанын кыйналтпай алууга болот». Амалдуу ата апкөй тилге салып, көбүн көндүрүп, азын жеңилдетип айланы түгөтөөр. Кой, төрөңү чакырганым жөн. Терс аяктангандарды өз көзү менен көрсүн. Жогоркуларына билгизсин. Алардын жаңсоосу боюнча өзүбүз үчүн аз кошумчалап чыгымды так кенен талап кылганымды, демек, ак падышанын өкмөтүнө берилгенимди түюшсун. Кааласа, терс аяктанган букараларымды экинчи менин бийлигимде, арийне падышанын

өкүмүнө кыцк эткис кылып жүрөгүн мокотуп, Мамбеттей бирди-жарымын жайлап, байлап кетсин. Ким, ким, Дүр окугандан тартып Орусиянын падышачылык улуктугуна ак дилинен кызмат өтөөгө тарбияланган. Бу чолкөмдө азырынча анчалык жергиликтүү төрөлөргө алынган ким бар? Тили десе тили, таалими десе таалими жеткилең. Мындан ары кызматы менен актап көкөлөй бермекчи. Жан-жөкөрлөрү кандарын кызытып, биринен бири кыйынсынып акылдарын айта беришсин. Дүр өз билгенин жасайт. Антпесе, анын баркы көтөрүлөбү. Бекеринен окуп, атасынын байбиче катындарынын куу чирек уулдарынан өтүп, бийликке жетип отурабы. «Күч атасын тааныбайт». Кеп, уездик төрө анын өтүнүчүн канчалык иликке алат? Дароо жолго чыгабы, же манчыркайбы? Шылтоолоп баш тартуусу да ыктымал. Куру дегенде топурагандардын сесин алгыдай эки, үч куралчан аскерин кошуп аттанаар бекен?..

Зоболосуна маашырланган Дүр мырза чыкчыйып, кулун түктөй кулпурган көгүш жапжаңы нооту кемселинин төш чөнтөгүнөн чынжырлуу саатын сууруп, шашылыш чаптырган чабаганынын кайтаар болжолун байкады. «Күлүк аттын оозун жыйбай зымырылтканда чабандес, макталган чабарман он үч чакырым Токмокко орто эсеп менен эки мүнөттөн басканда да, жарым саатка чукул убакта жетет. А дегенде сакчыга, андан губернаторго кат тез тийгенче оң мүнөт кетсин. Губернатор созбос, ошентсе да ойлонуп жооп бергенче дагы он мүнөт өтсүн. Жооп угар замат кайра сызгырылмак. Дагы жолго жарым саат. Баш аягы ашыгыраак эсептегенде да бир жарым саатта үлгүрмөк. Бир жарым саат өттү! — Дүр негедир тыштагы калайыктын дүрбөлөңүнөн эмес, алаканындагы тегерек айнектүү сааттын жебесинин кыбыраганынан тынчсызданууда.

Беркилердин эч бири убакыт өлчөмүн саат аркылуу билбеген жана каалабаган немелер Дүрдүн түйшөлүүсүн түшүнүшпөй, ошо оюнчуктай аспапты сууруп тигилгендиги сыйкыр жеткиргенсип, каалга шарт ачылып, алиги чабарман энтигип босого аттаганда жапырт элейишти.

— Мырза, келатышат,— жигит катты сунуп, бүктөлүү камчысын бооруна кезей жүгүнө кетенчиктеди.

Дүр бүктөлүү кагазды шарт ача «жайыраак барабыз, күт», деген кыска сөздү бир аймак менен окуп, максаты орундалганга кербездене жылбырскы мурутунан мулуйду:

— Бактын түбүндөгү шиберге килемдер төшөлсүн, үстүнө аюу талпактар, көлдөлөң, жаздыктарды үй үйүнөрдөн жеткиргиле. Тез. Жигиттер, топурагандарды артка чегинтип, мен кыйын дегендерди алга чыгаргыла.

Буйругун аткарууга кезметтеше ийилип, эшикке дүрбөгөндөрдүн ар кимисине Дүр мырза башын ийкей ырахым этүүдө. Качан кезек жанына шыйпактаган акыркы үчөөнө жеткенде:

— Экөөң мени менен бол. Бирөөң бачым, кечээ түнү таап күттүргөн Калмырза ырчыны келтиргиле. Манап аттуунун баарын мактайт. Бизди да айтар кези келди. Төрөнүн, элдин көзүнчө шаңшысын! Жолдугуна марыйт.

Карбаластаган мыктыларды көргөндө, не болоорун так билишпесе да, зулум жаш мырзадан ырайым тилеп, «бетме бет акылдашууга» чыгынып, чымырканган журт алардын алды-алдынча кайда, эмнеге көмөкчүлөр ээрчитип чапкылап, буюм-терим жыйнатып жаткандарына сабырлуу таңыркашууда.

Күн узун. Эртелеп жыйылгандар, али аягы үзүлбөй бирин-экилеп үстү-үстүнө кошулгандар, жалган түш түгүл, кечке кайыл чыдоочудай. Топ-топко бөлүнүп чокмок-тошо Дүр мырзанын, дагы кимдердин, айтор улуктардын ыймандуу жардыгын күтүшүүдө.

Биринен сала башкасына шыбыш аркылуу чынында деле улуктун келерлиги маалимделди. Үйдөгү залимдер менен эшиктеги букаралардын тиреши өз ара бүтүмгө келишпей, калыстыкка оёздун Төрөсү чакырылган имиш. Сырттагылар коркуп, айрымдары тобокелге таянып, Мамбет менен сөзмөр Эрмат карыя жакка ыгууда.

Көптү көргөн Эрмат карыя томсоргондорду чыйралтуу үчүнбү, көзүн кыбындата, сакалын экчей эринин эпилдетти: — Кара токо манабай, ар түтүнгө бир кара ала берген карабай, деген жогорку Шабдандын аталарынын зулумдук жоругунан чыккан эл оозунда кеп бар. Ошол шумдук мына бүгүн биздин элдин башына да түшту го...

— Бир ооздо турсак, Эрмат аке, акыры көпчүлүк жеңет. «Көп түкүрсө көл, көл толкуса сел». Дүр мырзанын самаганы белгилүү. Акыйкатташып көрөлү. Өкүм зордукка салса, бирди-жарымыбызды курмандыкка чалаар. Кайда калбаган баш. Силер үчүн мына мен өмүрүмдү сайдым. — Мамбет дагы кажарлуу шаңшыды.

— Баракелде балам, өмүрүң узун болсун! — Карылар алкаса, жашыраактары:

— Биз сендикпиз — дешти.

Мамбет башын чайкады:

— Төрө келсе, Дүр мырза чыгымды азайтсын дейбиз.

Аңгыча кыйкырык сүрөөн, атты алчактатып, кылычын обого жаңсай, жол бошотууга быкыраган элди жиреген сарбаз көрүндү:

— Нары! Нары!

— Оёз келатат, оёз!

— Төрө де, төрө!

— Губернадыр келатат!

Шаңгыраган коңгуроо, элирген аргымактардын дүбүртү, алды артында кылыч, мылтык көйкоктоткон атчан жезетчилер коштогон чүмкөмө араба шарактап кеңирп ачылган дарбазаны кудуп кирди.

Апа чыгышат, мына чыгышат, же чет четибизден бөлүп чыкырышабы, деген түпөйүлдө эл дагы, дарбазага көздөрүн кадай, кулактарын түрө узакка удургушту.

Кыязы кара чокул дүрбөгөн элди чүмбөттүү арабасынан байкаган төрө алардын сазайын кантип тарттыруу жагдайын, Дүр менен масилет куруп, жайыл дасторкондо жайма жай жагалданып отургандай.

— Төрөнүн мылтык, кылыччан эки топ жезетчилерин ээрчите келиши оңор жышаан эмес. Башыбыздан садага, калайлык, салыкка чеккен малды берип кутулсакчы. Жан аман болсо мал табылаар. — Эрмат карыя таягын оргуштата абага чулгуп, муңкана каргылданды.

Жаңаша бастырып тонко аралаша ноёндорго үзөнгүлөш жатакка калбай үркөрдөй малын озу теңдүүлөрго кошуп жайлоого чыгып, капчалык темиңген менен короосу толбой, байларга батынбай, жардыраак жамаатташ, санаалаш жашаган Эрматтын акылы алдууларга, байлыгы бакырларга пааналаш. Так ошо орто чарбанын орто заарлыгы эки күн такай ушул эшикте Эрматты солкулдатып, өзүнө бир бодо, эки жандык кошумча чыгым чектелип, жаны кашайса да, негизи улуктарына дагы жаман көрүнбөй, улагалаштарына да тил эмизе «мал боор эт менен тең». Ошондой болсо да «алтын башың аманында табылат», деген тыянакка такалды.

Кечээтен берки зарыкканга, азыркы орус оёздун опузалуу келгенине опкоолжуган орто чарбалуулар Эрматты колдошту:

— Мунуң да жөндүү, аксакал.

— Ыктыярга көнбөсөк, жезетчилери жаландайт, байлап, матап, зордоп тартып алышса аргабыз канча.

— Макул дейличи, журт.

Бул сөздөр тыңчылар аркылуу акырын жылып ичкеридегилерге дароо жетип, алардын дүрдүккөн көңүлдөрүн шаттантты.

— Эрмат аксакал, сизди эстүү дечү элек. Эптеп отуруп элди зулумдарга жем кылып эритип бермекчисизби? Кайтыңыз жасакер, арачылыктан! — Мамбет заңылдап кыйкырды. Аны коштогон өлө жармачтардын үнү дүүлдөгөндө, дарбаза шарак-шурак ачылып:

— «Киргиле» Жай, коруктагы бакка карай жөнөгүлө! — деген жаңырык капилеттен сел ургандай чачырап тургандарды топтоштура, сүрдүктүрүп короого, чабыктан соң көрпөлөңгөн беделүү аянтты аралата сыртынан алда кайдан үч бакса тосулган чоң ноолунун тээ түпкүрүндөгү бакты карай түрүлтүп агызды.

Барпайган бутактарын кенен жайган көлөкөлүү бактардын түбүндөгү килем-килчеден жөө жалаң күргүштөгөндөрдү төрөнүн аскерлери менен манаптын жасоолдору оолактата тосуп, жаш бедеге окчун иреттүү отургузду. Көпчүлүк жайланганда мүрүсү, төшү чен, кресттерге жалтыраган нооча, мойлоосу бургуй чычайган өөзду, жаш жөкөрлөрүн ээрчитип, берметтери кулпунган булгун тебетейчен кер мурут чакыйган шишимек көз, кызыл торусунан жүзү бүлтүгүй тарткан Дүр, алардан саржанча артта ылоологон нөкөрлөр жасалгалуу секиче төрө мыкчыя каалгышты.

Уезддин начальниги оцкойгон мурун, олбурлуу агыш жүзүнө жарашкан саргыч бургуй мурутун калдайта, тикирейген чекир козун күлмүндөтө, бет маңдайдагы жайпаңга моймоюп кочук басышкандарды жаңсай Дүргө жазы кашын серпти:

— Оказывается народ Ваш, смирный, дисциплинированный... передайте пожалюйста, моё уважение и поклон к ним.

Дүр бу жасалма сыпайыгерчиликти баамдап, шишимек жанкактуу, оттуу капкара көздөрүн ойноктото жылмайып, моюнун созо отургандарга шаанилүү унчукту:

— Улуу мартабалуу өөз төрө, Тынай эли адептүү, салттуу экен деп сиздерге курсанттыгын билдирип салам айтат.

— Ап-баракелде-е, саламат болсун! — Эркечтей топ баштаган Эрмат кары обдула сакалын жаныды.

— Болсун, болсун! — андан мындан дооштор кото-

рүлдү. Элинин ичиндеги Эрматтай эстүүлөрү биринчи жагымдуу үн кошконго корстон боло, Дүр улугуна:

Мой народ, Ваше величество, благословляет Вас с приездом и за теплые слова,— дегенде төрө оң колунун аппак шадыларын көтөрө тыбыратты:

— Рахмат, Тынай эли жакшы!

Төрөнүн оозунан кыргызча мактоо укканда көп арасынан ыраазылана калкыган каткырыктар чыкты.

— Бар бол, өзүңүзгө ыракмат! — деген коштоолор шаңшыды. Далайды башынан өткөргөн куу уезддин начальниги баёо элди чу дегенде жумшарта тартканына жигердене:

— Где Ваш певец, пусть начнет,— деди Дүргө короздоно. Ыгын келтире албай ичинен кыжынып, темир шишке отургандай чыдамсызданган Мамбет калпагын шыпырып, төрөнүн не дегенин билүүгө обдула ормойду. Анын шекшигени «булар, бекер топурашкан тура. Ким элди бузган. Көрсөтпөйсүңбү, ошол каматчу ээнбашыңды деп Дүрдөн сурадыбы? Мына мен атым Мамбет, аңча-мынча малым, тамым, этектей жерим бар. Чириген байга да, орто байга да, жардыга да түтүнгө бирден карадан кем эмес чыгым салган зулумдукка каршыбыз. Төрө, калыстык кылып, жардыларды сааган уюнан, же жападан жалгыз мингич атынан ажыратпай мунапыс этиңиз» деөгө беленденгенде... Дүр мырза баарыңардын таарынычыңар жазылды, ыраазымын пейилде жайдаңдап, сөөлөтүнө манчыркай карк этти:

— Калмырза ырчыны чыгаргыла. Төрөгө төксүн дилинен шекерди. Элимдин жазсын жапасын!

— Жарп жаздыр.

— Бал-ли, мырза!

— Биз жарп жазууга чогулуппузбу, арызга чогулганбыз. — Мамбет обдулуп турам дегенде атайылап анын жанына жиберилген жигиттер этегинен, ийининен басып жылдырышпады:

— Баса тур оозуңду.

— Анан саа дөөмөт тиет.

— Азыркы кезмет кара жаак Калмырза ырчыда.

— Тынайдын арбагы ургур, эл ыр уксун, шүк отура тур.

Анын атылып ажылдаарын сезген Дүр төрөнү нарак добочодогу килем, аюу талпак, жаздык додолонгон жайга алаксытып, укпамыш эте жандай басты.

Ортодогу ачыкка кер жоргону ойсондото кара мурут,

көрпө тебетей Калмырза чайпалып чыкты. Ал асмандан кайып түшкөнсүп, кайпактап теребелине омсоңдоду. Жөө жаландан быкылдагандар анын купулун тойгузбагандай моюнун койкоктото алда кимдерди издегенсиди. Самагандарын чалдыктырганда мурутунан мулуң эте пейилин андагандай астында элпек имериле ойноктогон кер жоргосун бөйпөктөтө, улуктарды беттей жакында Суусамырдагы тойдо «каражаак» аталып, акындык күчүнө мен-меңсиген Калмырза ылачын шаңшык авазын ызгытты.

Урматтуу улук, келиңиз.
Уңгулуу кыргыз элибиз.
Санжыргалуу Тынайдын
Салты мыкты дединиз.
Салмак менен сүйлогон
Сары алтындай кебиңиз.

Зеригип талыкшыгандардын о көбү, жакшыларды жандап, жагалданта мактап, оозго алынган төмөнкү солто жооча лыштагы таякелеринен, быякка анда-санда тууганчылап келип-кетип жүргөн Калмырзаны алгач көрүшүү. Анын куюлуштура таштап, көмөкөйүн кубулжута жаңшаганы чын эле каткан көңүл бүгүн жибиткенсиди:

— Айда-ат, аз-замат!

— Көмөкөйүңдөн!

Дүр куш жаздыктарды чыканакка жөлөй комдонгон үзөдгө аны мактаганын, эли жактаганын ашыра кылдат тилмечтик менен жеткирүүдө.

Ана, көбү, кубаттап, жапырт жамырап тындаган калайыкка, асыресе дөңдөгү акимдерге Калмырза каркылдап, ак падышанын төрөлөрүн, анан кыргыздын баатырлык, меймандос жөрөлгөсүн, бөтөнчө Тынай элинин салттуу, шаанилүү, ынтымактуулугун, жеринин кооздугун түрмөк-түрмөк эргип таштоодо. Чоордой обонго чалкыган чоктуу сөзгө эрибес жан чандадыр. Ата журт арбагын, салтын коколөтүп сыбызгыганда, жалчы кедей болсо да өзүн тукуммун деп санаган ар ким жүрөгү шердене акындын сыйкырына убактынча арбалууда. Жанына баткан доомат да, алар үчүн азырынча унуткарылгандай... Дободогу доолеттүүлөрдүн оюндагыдай илептүү ыр оргуштап, көтөрүлүп отурып акыры:

Солто менен Тынайда
Сооронбайдын Дүрү бар.

Сыймыгын алыс котөрөр
Соолбос кызыл гүлү бар.
Сооруга чанса былк этпес,
Сыртган эрдин бири бар! —

— деген ыргакка жеткенде, жактыргандар да, табаалагандар да күрү-күү дуулдашты. Анан калса оңбогон каражаак Калмырза Дүрдү тим эле асманга көкөлөтө «Солто менен Тынайдын соолбос гүлү», десе ким танданбайт. Дүр өзү мактоону эңсеген, Калмырзага ишенген. Бирок топураган датчыларынын, губернатордун көзүнчө Калмырзанын мынчалык жалын тутантып, эки болуш ортоңку, төмөнкү Чүй элинин башында гүлдөй буралтып, калкытаар кудуретин күтпөгөн. Сөз чолпону жасакер ырчынын оозуна жарк-жарк эте кайдан түштү. Ылайым Дүрдүн зоболосун көтөрүүгө жараткандын шыбага шопкуту го. Оозуна май түгүл алтын куюп, астына аргымак, үстүнө кымкап жаап ардактачу ырчы тура. Калмырзаң түшкүр.

Кылтыйып, кынтык кетирбей тыңдаган Байымбет өзүнчө толкуду. Калмырзанын шаңкылдаган доошу, а дегендеги кыргыз журтунун намыскөй, салттуулугунан чарпыганы Байымбетти балкыта баштаган. Бирок, ал эңсегендей, бара түшө угуп, көргөн калк ырчыларындай нускоо, санаттан таштабай башынан аягына дейре төбөлдөрдү мактап жойпуланганына, балкыган жүрөгүнүн толтоосунда эрибес муздак түйүн калгандай чыйрыккансыды. Мыктыларга да, жардыларга да көз карандысыз өзүн элкин тутуп, жамыятка санжыра, нуска безеген Тыныбек менен Музоокени негедир айбаттуу бүркүткө, бу Калмырзаны учкул ылачынга теңештирди.

Бүркүттүн шаңшыганы да, апчыганы да карылуу, сүрү да, түрү да алибеттүү. Ошондуктан бүркүт чабыттуу ырчылар кубаттуу, арымдуу, канаты да кең серпилип, бийик чабыттай элдин туткасы ата бабанын ырыскысы жалаң бийлөөчүлөр эмес, жумурай журт экенин эскертишет. Улуу, уңгулуу сөздөн, залкар күүдөн санжыра сайран курушат. Аларды укkан иенде азыркы ылачын куштай ойкуп-кайкып зыпылдаган Калмырзаны эшиткендегидей закымдык ырахатка гана көлкүбөстөн, тагдырдын татаал сырларына канып, ой түшүнүгү кеңейет.

Бүркүт — бүркүт. Ылачын — ылачын. Ар кими өз чаркына жараша кыраан куштар. Бүркүттөрдү дагы, ылачындарды дагы үндөккө таптаган мүнүшкөр гана эз

тууруна кондуруп, бирин карышкыр-карсак, аркар кулжага агытса, экинчисин кекилик, чил, тоодак, кыргоолго сонорлоп салат. Анысынан да, мунусунан да саябанчы мүнүшкөр кумардан канат. Арийне, ырчынын бүркүтү да, ылачыны да ар учурдун, ар топтун ажарын ачаар зоогу. Байымбеттин гана кучунашын көп кандырбаганы менен бүгүнкү топко Калмырза жалындап жакшы эрмектикке жарады. Бөтөнчө Дүрдүн атагын алоолотту. Копчүлүктүн көңүлүн алаксытты. Окус анын ордуна Тыныбектей зор жомокчу, же Музоокедей нускоочу болгондо, элди мындан катуу толкутмак. Бирок, төрө менен Дүр.макталмак эмес. Байымбет өз оюнда бүркүт менен ылачындын айрымасы мына ушундай, экенин эми так дааналады. Кыялга жетелене алп урушуп, алаксый түшкөн курган Байымбет элдин күбүр-шыбыр козголгонунан дөнсөө жакка жалт бурулуп көргөн көзүнө ишенбей тикирейди.

Дүр мырза кызыл-тазыл килем-килченин четине нарылай жылыптыр. Жанында жанакысындай калпагын тутамдап жыланбаш чуулгандуу Мамбет локуюуда. Төрө, анын жезеттери берки ойдогу Калмырзанын ордун ээлеген аттары да, өздөрү да дардайган эки азаматтын эр эниишине одурайуда. Ырчыдан соң оюн баштатыптыр. Эцишкендерди саамыктай, Калмырза ырчы жоргосун ыкыстатып ойноктотууда. Кимиси жеңсе, ошону данаазалай шацкылдап а дегенде дөңдөгүлөргө жапырылта жетип, анан ойдогуларды кыйгай бөжүтүп жар салат. Анан кийинки эр эциш, жоо балбан, жамбы атмай, тыйын эцмей... оюндарга бүгүн арааны жүргөн Калмырза кимдер түшконун кимиси утуп, кимиси утулганын ыр куюлуштура кабарлайт.

Дүрдүн амалдуулугуна өөз төрө уюгандай. Аягы кандай бүтөт, ошону байкамак. Эгер Дүр самагапына жетсе сыймыгы атасынан да артып түшмөк. Арийне, мырзанын бардык жан аракети ошо максатын жүзөгө ашырууда. Калмырза ырчы ачуулуу аруркаган калкты тынымга тынчтантты. Дагы далайга кумарлуу улуттук зоок аркылуу алаксытууну улантмак. Анан кечээтен бери саруулап чарчаган эмелер чатакты унуткарып бет алдынан тарооо каалгымак. Маселе, момундарды дүрбөткөн чыр башы Мамбетти жайлоодо. Кантип? Ал куу туяк шашкеде Дүр үйүно чакыртып «каматам, айлатам, байлатам», деген опузасынан жалтанбады. Мырза чындап көзүн тазалөөго кызырынды. Уездик төрөгө кецешкенинде:

— Байлап-матап, каматуу, кестирүү, Сибирге айдатуу оңой. Аны азыр эле аткарабыз. Бирок, элиндин нааразылыгы көбөйөт. Ага болушкандар чогулуп отурат. Кандуу кармаш чыгышы мүмкүн. Куралдуу бизге эчтеке эмес. Букараларың бүлүнөт. Анысыз да Россиянын ичкери шаарларында жаш интеллигенттердин топторду түзүп, падышачылыкка каршы саясий ураандар чакырып элди болуп жаруулары, жумушчулардын нааразылыктары, тирештер, көтөрүлүштөр кожоюндарын өлтүргөнгө дейре кобойүүдө. Газеталардан өзүң кабардарсың. Падышанын саясаты мүмкүнчүлүктүн жетишинче нааразы массаны алдап сооротууда. А то түрмөлөргө саясий, көтөрүлүшчү күнөөлүүлөр батпай кетти.

Дүр мырза губернатордун жүйөөлүү сунушуна шар макулдады:

— Улуу урматтуум, бул акылыңыз керемет. Менин түпкү максатым деле ушундай. Тыпайлар өтө алыс кетпейт. Ата арбагынан айбыгышаар. Салыктын оордугунан чыккан жорук.

Уездин начальниги салкын тирмейди:

— Дүр мырза, элиңе ичиң ооруса, салыкты өзүңө дегендин эсебинен азайтаарсың, падышалык өкмөткө жыйналчу налогду кантсең да бүт өндүрөсүң, мөөнөтүндө откоросуң.

Дүр жойнулана кытылдады:

— Албетте, улуу урматтуум. Сиз оюнду көрө бериңиз, мен өз ишимди жайгаштырайын,— деди да, Мамбетти тымызын чакыртты. Беркилерге жолтоосуз маектешүүгө четке жылды. Жигиттеринин коштоосунда сурданган Мамбетти жай отургузуп, ток этер жерден баштады:

— «Түбү бирге түтпейт» экен. Сени аядым. Терс аяктык күнөөңду кечтим. Сага түшкөн салык отказ.

Мамбет мырзанын жигиттери оң кулагына да, сол кулагына да апкөй тилге салып ыбыштап, шерт оозанып шериктеринен тынч бөлүнө басуусун сурангандарына ишенбеген. Эптеп азгырып жеткирээр замат төрөнүп желдеттерине оозун тандырып, колу бутун кишендетээрин түкшүмөлдөгөн. Тобокел, ошондо бакырып, элди бир дүргүттөөрмүн,— деген кыялда оңкоолжуп, айтар каргышып камдап барган Мамбет кылбыгый эринин жыя ыржайды:

— Бу кандай болуп кетти, мырза... — «Каматың, айдатмак эмес белең», дегенди купуя күрмөдү.

— Айтпадымбы. Түбүбүз биргеликтен түтпөдүм. Жаш аялмет сага убал болчудай. Сендей эр жүрөк, айбаттуу, карылуу беренди Сибирге айдаткандан көрөк...

Мырза кебинин аягына чыкпай муунап кыйылганда Мамбет апкаарый каргылданды:

— Мен куруюн, бир башымды тобокел байладым эле. А калгандар кантет мырза-а... Тээтиги жалпак тебетей, жайнаган көз бакибиздин түбүбүз бир го.

Ырғыткан жемди сугунуп жайланган кабанаак короочу иттей эмес, жапайы жолборстой тике качырган букарасына Дүр саамга кылтыйып, деги жумшара түшкөнүн байкап, колун сунду:

— Кара башым соо болсун, калгандар не болсо шол болсун деген эмеспи. Сени Сибирге айдаткандан көрөк, алык-салыктан бошотуп, өзүмө жигиттикке, ат тондоп, жасалгалап аламын. Макул де.

Мамбет көпкө дапдаарый акыры туурук шадыларын арбайта, мырзанын чыпыйган манжасын оролто коомай кармады.

Аден сактап, көрмөксөн, билмексен тарта жайнаган көздөр баарын байкоодо.

— Мамбеттен тирүүлөй ажырап кала беребизби? Кур дегенде муш коюшуп, айкырык салалы,— дешкен санаасы бирлер да,

— Мүйүздүү болом, деп кулагынан айрылды — дешкен бейтараптар да, мүлдөсүн кол башчы катары үндөп, улуктарга айбыкпай акаарат жасап, өмүрүм сайдым, деген Мамбеттин Дүргө тигинтип кол алышканын көрүшкөндө алапайларын таппай алачакмакташты белем.

— Сөзү баатыр, иши бакыр ит беле!

— Бүттү. Бүгүлүп элдешти.

— Ишенген кожоң сууга акты, алды-алдыңдан тал карма.

— Жолдошу жаман жоого алдырат.

— Айтпадык беле. Шүнтүп шүмүрөймөкпүз. «Куру кайрат таш жарат, куру намыс баш жарат» — Эрмат карыя ый аралаш калтаарыган дабышын каргытты.

Курган эл кантсин. Ары чайкалды, бери чайкалды, жол баштаган «баатыры» багжайган Мамбет минтип бөйдөй кууруган улуктарга азгырылып, улагасына уңкуя чөгөлөп жайланышканда, көздөрүнөн чаары чыга, ызалары кайнап, шагы сынып, демдери кыстыга үшкүрүктөрдү шуулдатышты.

Залимдик жедеп жандарын кашайтканда түрүлө баш

кошун, ачык тирешке чогулган букаралардын айыгышкан жаңжалын, алардын жетекчисин амал менен сыйкырлап жаш мырзанын кагылышсыз басканы өздук төрөгө өзгөчө жакты. Дүр өзү андан чу дегендеги чуулуу топту чырсыз чаргыткандына шерденип, көөдөнүн кере дем сызгылтты! Ал өзүн олжолуу буудайык туюп, текоорүнө мыкчылган макулуктар кейпинде ичтеринен онтоп, сыртынан салбыраган караандарга комдоно ормойду.

Калк аталган, а чынында жеке анын, жан жөкөрлөрүнүн гана эмес, ак падышанын азбас азыгы, тозбос жеми мобу томсоргон букараларды мындан ары каалагандай чакмак ала башкара берээрине демдене чамгарактады. Апсаңдап айбат көргөзүп тил кайрыган тоо Мамбетти элпек эшик ага кызматкерине айланткан сыйкыры айылдан айылга өтөл эле күнү тарады. Ошондон тартып Дүрдүн айлалуу, илелүү манаптыгы тууралу даңаза жортту. А букаралар «алы жетпеген акыретчи» кейпинде канчалык каргап шилешсе да, алсырап кансырашса да бодосун жетелеп, кээси үстөккө карыз алышып улуктун жаңы салыгын төлөштү.

* * *

Байымбет Дүрдүн эшигин дагы канча күн сагалады. Арааны ачылып, байманасы ташыган жаш манаптын жөчолосу тийбейт, же ага кайдыгер күүлдөгөн шылуундардын коштоосунда кайнып өтөт. Илебине нан бышып, ташы жогорулаган мырзанын жергиликтүү жан жөкөрлөрү гана түгүл, сырттан чоочун, кыргыз, өзбек, казак, орус, дунган соодагерлери барган сайын арбып-дарбууда. «Тарптуу жерде жору көп, малдуу жерде соода көп». Салыкка малдар күтүрөп жыйналып, ар старчын айыл өзүнчө топтоодо. Оторчу ак падыша өкмөтүнө төгүлчүсүнүн арбыны акчага тогоштурулуу керек. Ошондуктан котологон сүткор алып сатарлар, далдалчылар Ташкен, Анжыян тараптан, Россиянын ичкерисинен кошоктошо шимшишип, жер союлткан бодо, жандыктарды аралаштыра айдоодо. Алар чу дегенде тынайдын жаш жана баш манабы Дүр Сооронбай уулуна жолдук базарлыгын тайынышып, эки тарап тең жайланышып быгышканда гана мырзанын шылуун жигиттеринин коштоосунда, элден мал топтогон старчындарды аралоодо. Кызыл кулактарга арзан мал, короолордо жыйылган калыбында жалпы туягы саналып дүң соода боюнча оңдой бердисине түшүүдө.

Өкмөттүн чыгымына көбүнчө акчалай казынага төгүлсө, семиз малдан тандалып союшка да бөлүнүүдө. Жергиликтүү жүз башы, миң башы, старшиналардан, соогат, шыралгачы айыл аксакалдарынан, жасоол жигиттерден тартып, Дүрдүн өзүнө чейинки ар кимининдараажасына, алкыша жараша ыйгарылуучу туяктай, акчалай чыгымдар караманча башка. Өз жемсөөлөрүнө чыгарылгандардын көзүн гана тургай, жытын да соодагерлер менен төлөөчүлөрго жик билгизишпейт.

Ушундай тыш, ич жаныртчырмалышкан кыжылдаган өнөктүктүн кайнар булагы Дүрдүн өзү, анын жашаган турагы. Элин кыцк эттирбей башкарып, падыша мамлекетинин да, өзүнүн чөйрөсүнүн да камында чабуулдаган Дүр майда-бачек иштерди көз жаздымында бүктөөдө. Мурда бийлик карт атасында экенде сыртқы алакага анчейин кийлигишпей, анын шаасы жетпеген кагаз, тилмечтик жана ички кызыкчылыкка тийди-качты аралашчу. Бирок, ошондо да ичинен кылтыйып, чөгүп бараткан атанын кажыган салаасынан, жукаргап акылынан мөңкүп сыдырыла баштаган элдеги ээнбаштыкка жинденип, өкүмдардык созулбай чукулда өзүпө тийсе кандайча кынына киргизип... көбүнесе амал, алдоо аркылуу башкарууга камынбады беле. Эми кош тизгин колунда. Ага баарынан ак падышанын жергиликтүү төрөлөрү менен калайыгынын көзүнө көрүнүүчү арымдуу масилеттерди жолго коюу маанилүү.

Жаза коймо, ырдап жиберме саяк уланга берген талшырмасы, дагы кайталап жолугууга о алда качан чакыртканы ара чолодо мырзанын эсине кылт этет. Кээде кирип-чыгып бараткан маалында ийиле салам айтып мойнойгонун байкап калат. Мейли. Мерчемдүү арзууларды тейлештиргенче Тоголок Молдо бечара бан пааектеп жүрө берсин. Токонаалат айтчудай кудурети барбы анда. Соодагер жасакерлердин аягы суюла түшкөн күндөрдүн биринде, зарыгып көшөөрүгөн Байымбет Дүргө зыярат жасады. Мансап адамдын мүнөзүн гана эмес, турпатын дагы өзгөртүп ийеби? Башта карт манаптын билерман, чилтен ууру мырза чыкма кезинде кээде тамашалап имере тарта ацгемелешчү. Эми өтө суз, боюл алыстата жыйрыбыраак сүрдүү тыкчыйды.

— Кош-ш, Тоголок Молдо, кулак сенде.

Байымбет ичиркене, бирок, илебин суутпай ийменицки ийилди:

— Мырза, сиздин амириңизди күтүүдөмүн... Шарафуддин молдого...

Андан аркы сөзүн чарт жула, Дүр кара жумушка жолобогон ичке, агыш, назик колун аны карай булкту:

— Билем. Келе катты.

Эмне балээге капталтат? Байымбет коюн капчыгынан небактагы мырзанын Шарафуддин молдого жазган, али табыштабаган катын этиет карматты. Дүр өзүнүн чиймелегени карегине ирмей чиемирип ызмызсыз чарт-чурт борто айрып, жанында жацы тигилген сарпайга чулгана локуйган, жан жигитине айланган тоо Мамбеттин куроктой алаканына ныгырды.

— Тоголок Молдо, сенин окуун чала. Азырынча Тынайдын балдарын окутканга жарабайсың. Алтынсарынын китебин кайрып бер. Агер илимиңди оорчүтсоң көробүз. Чукулда Шарафуддин молдого пикирлештим. Бир четинен ага кол бала, улага жигиттикке, экинчиден шакирттикке кир. Кандай онуктуросуң, Шарафуддин мударистин сынына толсоң байкашабыз.

Байымбет дал боло закымга тунжурады.

Дүр аны менен дагы акыйлашып, маегин улоого ыкласы тартпай, шарт окумуп маалымдады:

— Азыр мен Шарафуддин молдого кат чийбейм. Барасың. Мени жиберди дейсиң. Кабылдайт. — Мамбетко бурула чакырайды. Ал далдайып Байымбетти колтуктан булкту. Экоо ээрчише эшик босогону атташты.

Байымбет бала окутууга камынган жандалбасасы түгөл талаага сапырылганын, Токмокто дүкөн кармаган Шарафуддин молдодон китеп, кезит алып туруу жөнүндогу Дүр мырзанын бүтүмү озгөрүлүп кол бала, улага жигиттикке, шакирттике кир дегенинин учугу кайда барын такалаарын билбей дендароо. Манаптын короосунан узай чыкканда аны кастарлап контогонсуп сүпалган аргымакка жараша локуюп жанаша бастырган тоо Мамбет кыцкайыбыраак беркинин ээринин кашын апчыды:

— Э-эй иним, чоцго чоц аягынды атап ич. Зулумдан зулум өткон замана. Бирөөгө жем таштайт. Бирөөгө сыйыртмак салат. Жаш турун жеткен куу. Атасынан алда канча мытаам чыкты. Ырн этер дармансыздыгынды туюп, буюрганын аткарасың.

Атайын обоктон дилиндегинин жашыруун баяндагансыган алп мүчөлүү Мамбетке Байымбет таңыркай алайды. Сырбы же чагымбы? Жеке аны эмес, жакында жакырларды бүт сатып, жацы кийим, жакшы аттуу бодуп,

Дүрго жигитке откон бу олчойгон адамдын кандайча доорүгонү.

Кааласам ээриндин кашынан силкип ат-патың менеп ацтара салам, деген пейилде адырайган дөө сымалдуу Мамбетке Байымбет таңыркай кылыйды:

— Сиз, Мамбет байкеси, бат кубулуп кеттиңиз. Сиздин да амалыңыз кыйын окшойт.

Мамбет анын ээринен уучун бошотуп, күржүйгөн моюнун титирете кур каткыра күлдүрөдү:

— Ха-ха-ха... Кубулдум. Ырас. Сенчелик окууга тиш өтпөсө да, акылым менен сездим. Макул. Эл үчүн башымды байлап, Шиберге айдалып кеттим. Кимге пайда өнөт. Эч кимге. Ойлоп көрдүм. Калайык баары бир таланат. Анда эмне? Катын-балдарым калат чырылдап. Аларды ким багат? Дүр мырза өзү чакырды. Өзү тууган арбагын ооганын акылдашты. Элдешти. Убадасын аткарды. Минтип аттап, тондоп жанына алды. Элден ажырап окус айдоодон качсам да, кезээрип ач бел, куу жондо, кузгун, жоруга жем болгончо минткеним өйдө го. Ырас-пы, ха-ха... Эркин бастырып, чондорго табакташмын, этин туурап. Азыр сенден китеп алып келем. Башкалардан мал, пул өндүрөм. Үй-бүлөмө оокаттык кепсен да чырныйм. Өзүмдү алык-салыктан бошотту. Чор таман кедейдин минтип кубулганы жаманбы. Айтчы иним, чынынды, ха-ха-ха!

Эч арамзаланбай анык дилин айкындаганына ынанган Байымбет:

— Деги эр экенсиз. Мартабаңыз дагы жогоруласын,— деди.

Тигил дарылдап, аргымагынын сыйда жалынан апчыды:

— Ой чунак, мартабам өсүп манап болмок белем.

Мен го мен... акыры чоң кетменимен айтсын. Ошонума эле барам. Акыйкатында мөрөйдү Дүр мырза гана утту. Адыраңбайлыгымдан чочуп, оозумду майлап, ууччуккус байлап койбодубу. Ага мендей далпайган каруулуу күчтүү жасоол керек.

Байымбетке дагы бир жаңылык ачылгансыды. Мамбет оңор далпак өндөнбойт. Акылым менен сезем, дегени чындай. Карачы, амалдуулук жеке мансаптууга гана эмес, жардыга да касиетин тийгизчүүдөй. Адам сыртынан орой же жымсал көрүнгөнү менен ичимтап татаал уюл белем. Алтынсарынын «Кыргыз хрестоматиясы», га-

зеталарын кошо тоо Мамбет сыпсыйда жыйнап кеткенде Байымбет мылтык окчонтоюн, милтесин, сумбөсүн тарттырган мергендей сопойду. Дүр «окуун чала. Илиминди өрчүтсөң, Шарафуддин молдонун сынына толсоң, бала окута аларлыгынды байкашабыз» — деди. Анысы деле арсар. Адеп жайлоодон чакыртканда көңүлдөнүп, балдардын көзүнө кат таанытаарына ишенгенинен Алтынсарынын «Кыргыз китебин» табыштаган. Арийне, китепти бүт көкүрөгүнө жаттап, а түгүл балдарды кандайча окутууга беленденгенин кийинки жолукканында такылдаганында Дүр мырзанын кычкылданганын баамдаган. Ошондон соң Шарафуддин молдодон «илим терендетүүсүн» буюрду. Мүмкүн, башка дасыккан молдо тапкандыр? Же андан эптеп кутулуунун шылтоосудур? Шарафуддинине барбай, илимин жөнүктүрбөй койсочу? Иниси Байымбетине кошулуп орус байына жалданса деле жан багаар. Кой, бөйдө каарына калбасын. Эптеп, тентиреп оокат өткөргөн эменин терс аяктыгын көтөрчү ким? Мамбеттин айтканы анык. Бу ашынган амалкөй зулум Дүр мырза аны да жипсиз аркандады. Кайда, канчалыкка оюнчуктай тартса, узартса ошончо гана жылмак. Көнбөскө аргасы канча? Азыр бошонуп сызууга дармансыз. Арийне, барар жери, басаар чыйыры туюк да. Шарафуддин молдого барып көрсүн. Ал Чүй чөлкөмүндөгү жапладан жалгыз китеп дүкөнүн кармаган молдо, муддарис. Мыктыларга үлүштөш, кадырлуу адам экенин сыртынан билет. Кеп, анысы Байымбетти шакирттике кабылдаары, илимин улартып даарыры аныкпы, же...

Түпөйүлдөнгөн курган улан кийим кечесин жуудуруп, алынча түзөнүп-жасана Токмокко, Шарафуддин молдонукуна белденди.

* * *

— О, муллавоча, Тукалок мулла, туринг! Куёш чикди!

Астына төшөк салынып бүкүлү уктаган неменин кулагына канча айдан берки көңүмүш шыңгыр үн кайракайра жаңырыктады. Таңкы уйкуга кызуу көшүлгөн Байымбет дагы бир паска жанын жыргатып, мемиреп талмоорсуду. Болбоду. Алиги ичке доошту коштой жумшак кол, каруудан булкту:

— Тукалок мулла туринг. Куёш чикай деб колди.

Ай ушу, анча-мынча чалыбыраак «Токалак Муллала-

ган» таттуу тил, оңгосүнөн да такай таң саардан ойготчу «Күёш» (кийинчерээк ал «Күн» экенин түшүнбөдүбү) чыкканы калды, дегени дагы шиш сайгандай чукулап ордунан секиртти. Көзүн укалай бардан жабышкан кирпигин сергисе, төшү ачык аппак мата койнөк, дамбалчан, жалацкаат бейкасам чепкенин желбегей жамынган, жылацайлак бутуна кепич илген, селдесиз соку башын сөлпөйтүп, демейде кылыч учундай үч бурчтана тикчийген кытат сакалы уйпаланган Шарафуддин эңкейибирээк жанында селейүүдө:

— Оф парвордигор оглим, номозга иссик сув таёрлаб юборинг!

— Лаббай, домулло. — Байымбет босогодогу каз моюп койкойгон жез аптабаны илип, короого жөцкүдү.

Эмнегедир Шарафуддин молдо күндөгүсүндөй ээрчий чыкпады. Таңкы таза аба, жарык кирсин үчүн ачып таштаган каалгадан кылчайса, түнкүсүн чырак жарыгына окуп жатып, ачкан калыбында жеден талыкшыганда колунан түшкөн китепти карап жатыр. «Кап, кашайгырдыкы ая». Муддариси тапшыргандан бөлөк дүкөндөн кымтый келген китепти карматканына өкүндү. Аны жаздыкчаеына катып, көргөзбөй ордуна алпармак. Далайын шек билдирбей ошенткен. Карачы, кара баскырдыкын...

Хужра — аталган кичинекей бөлмөгө тээ каш карайганда гана, муддаристин түйшүгү аяктаганда, а көздө мейман-ысман күткөндө түн ортосунда араң чээнине кирген кашкулактай сойлойт. Үлпүлдөгөн шамдын билигин жандырып, жеден көзү талып, денеси уюп, уйкуга тартылганда гана коюн-кончуна солой келген, же текчедеги тапшырма боюнча ачык окулуучу китеп, кезиттерге арбапа бермей онөкөтү.

Жуунуп, тараныл, аппак селдесин шацкайта оронуп, таңкы намазды ырахаттана, денени чоюп-кере, кыбыланы беттеген молдонун арт жагында окчун шакирт Байымбет да ыкластуу тууроодо. Бирде кулак какса, бирде жүгүнүп, бирде оң мүрүсүнө, бирде сол мүрүсүнө, моюнун койкоцдото ийип, бирде колун кайчылаштыра бооруна ала тизе бүгүп жүгүнсө, бирде жерге жумшак чөгөлөй, астындагы агыш тыбыттан уютулган жумшак жайнамазына улам-улам чекесин тийгизе тоцкочуктап, кайта кайкая ордунан козголуп, мукам ыргактуу дубасын күбүрөй кайрыган Шарафуддиндин ар кыймылын жаздык кабындай эски кийизчеге Байымбет кыптыксыз кайталап тамамдады.

Элпек шакиртинин намазды кандай ушатканын көрбөгөнү менен, озунун берилип кербезденген көрктүү чоюлган жосунун суктанып, кабылдай кайталаганына ишенген Шарафуддин жецилденген кагелес турпатынан шарт соцупа имерилди:

— Тукалок муллом, топги номаз тунги ифлос ишларпинг хаммасидан адамни покиза килади...

Шакирт ың-жыцсыз ийменицки бүгүлө кулдук уруп, китепти уурдап келип окуган күнөйүн устаты жанытканын, кечиргенин түкшүмөлдөп анын кийинки насаатын тыцдады.

— Тунги уйкуда толиган токсан токкиз жисмингнинг хаммасини жой-жойига кояды. Лекин, кундизги ишларга куч-куввот берады. Шомга довргы беш вакт номознинг эцг фойдалиси уша, эрта биланги номоз.

Байымбет дагы ийиле таазим этти. Анын күткөнү жацы күн башталаар замат, биринен сала бири такай тагылуучу милдет.

Шарафуддин мечит тараптан зацылдаган азанчынын, ага удаалаш короздун чакырыгын тыцдагансып, беш бакса бийик коргондун ичинде жашырынган имаратына көз чантырды. Өзү ойготкон шакиртинен бөлөгү али уйкуда. Короонун оц ыптасы заңгыраган чоң үйдө катып, балдары. Сол ыптадагы жапызыраак узун тамдын теци мейманкана. Килем-кылче төшок-жууркандар тирелген, мартабалуу байлар, байбачалар, соодагерлер түнөшөт. Ага улай катар беш-алты каалга жардыраактар токтоочу, кызматкерлер, Байымбеттей шакирт аталгандар баш калкалоочу суурдун ийнинидей тар ожүрөлөр. Короонун күн чыгыш ыптасы жайкалган жемиш даректары, мөмө-чөмө гүлзар, хауз-тунук көлчө. Аякты ээсинин бала-чакасы, мартабалуу меймандары эркин аралабаса, Байымбеттин буту мацдабайт. Шарафуддин бүткүл назарын баамдап, буйругун күткөн кол баласына чырайлуу бетинин оту нурланцан жүзүн күлкүгө чайый, кылыч учтуу жарашыктуу кыл сакалын, кылкандата тегизделген мурутуна сөөмөй учтарын секин тийгизе оцдомуш этип, жука эринин назик бүлк эттирди:

— Новвайчига боруб, иссик нон опкелинг?

Качан шайдоот шакирт башыца жецил деп атайын устатынын өзү кийгизген чаар топунун төбөсүнө чара толо додолонгон ысык нанды тандырчы-наабайчыдан көтөрүп жетээри менен:

— Тукалак муллам, самоварни кайнатиб юборинг?

Иккаламиз бир яйраб чой ичайличи,— деген сылык өтүнүч-өкүмдү эшитти. Шаар калкынын салтыбы, кыязы жеке эле шаардык эмес, өзүбек элинин тасмыясынан болсо керек. Өтө кичипейил, улуу, кичүүсүнүн, эр, катынынын баарысынын кайрылганы «сиз», «биз».

Байымбетке сылык, сыпаалык байыртан китеп кармап, шаар, имараттар куруп, соода жүргүзүп, мөмө-чөмө өстүрүп, кол өнөрчүлүк устатчылыкты өркүндөткөн өзбектердин адамгерчиликтүү дурус сыпатындай туюлууда. Жаңы адамдар, жаңы чөйрөгө анын сонуну таркагыдай эмес. Айылдагыдай тамдар ээсинин менчиктеген жерине карай анда-санда, кээде тай чабымча алыс эмес, кыдырата, коруктары ичине чоюлуп көчө-көчөнүн тизмегинде. Додолоп, эртели-кеч ар уруу калктын баскан тургандары өксүбөйт. Калаанын ортосундагы айланасы соодагерлер, бакалчылар, ашпозчулар, наавайчылар, касапчылардын дүкөндөрүнө, устаканаларына толгон базарда жерге жарык чачкан азандан көз байланган күүгүмгө дейре кайнаган кыжы-кужу. Бөтөнчө жума, күндөрү таң эртелеп мечитке намазга түшкөндөр тараганда топурап аерди бит базарга айлантышат. Ага жамаатташ чоң ноолунун ичиндеги мал базары ичкериден, сырткарыдан, сатуучулар менен алуучулардан, далдалчылар менен ширинкана-соогатчылардан толуп ташып баш аламан. Токмок эски шаар. Анын колтугундагы Буранадагы асмаздаган бийик мунаранын айланасында Хижранын бешжүзүнчү, же азыркы эсеп боюнча он биринчи кылымда Баласагун аттуу Шарк дүйнөсүнө бүт дайын шаар болгондугу, анда Юсуп Хас Хажиб «Кутадгу билик» китебин жазганы бая күнкү Поярков төрөнүн жана башкалардын айтканынан Байымбетке маалым. Анан калса Токмокко Хиндустан, Арабстан, Ооганстан, Кытай, Кашгар тараптан жибек жолу кербендер өтөт, токтойт. Тыягы Ташкен, Олуя-Ата, быягы Верный андан ары Орусиянын ичкерки, түпкөркү шаарларынан, Нарын, Көл, Анжыян аркадан катыш үзүлбөйт. Буердеги Сооронбай, Дүр мындай турсун, Токмокто кыргыздын зор манабы кош Кемпнди туралтаган Шабдандан тартып далай мыктыларынын токтоочу короо жайлары, Шарафуддин молдо сыяктуу куштап тосуучу энчилеш, алакалаш адамдары бар. Ичкилик сол тукумундагы Анжыян кыргыздарынан башкасы бүт башы Нарын, колтугу Көл, аягы Талас, ортосу Чүй бүтүндөй Пишпек уездине карайт. Уездин төрөлөрү, чеби, аскери дал ушу борбору Токмок-

то. Жакында, Васил досунун айтымына караганда, уездин борбору да Токмоктон Пишпекке көчөт имиш. Азырынча эски Баласагундун жанындагы Токмоктун дацазасы да бийик, карым-катнашы да артык, ар уруу эли да арбын.

Токмок жаатындагы маалыматтарды көбүрөөк көцүлүнө түйүп, жергиликтүүлөрдүн: «Ар кимдин өз шаары Мисир», деп көтөрө чала сыймыктангандарына кошулууда. Ананчы. Аз да болсо борбор калаада жашап калды. «Бир күнү туз таткан жериңе, миң күнү салам айт».

Улам чамынды таштап, азаздан жылыта эми ара шуулдаган даңкайган самоорду эрмектеген Байымбеттин байырлаган шаарына ыкласы жибүүдө. Чай кайнайт. Самоорду булоолонтуп мейманкананын оозундагы секиче супага апарат. Шарафуддин, ойгонгон меймандар жалпак тегерек тактага жайылган дасторкондогу үйүлгөн нан, чагылган набат, кургак өрүк, мейиз, жаңы алма, алмурут, шабдаалыдан насип татуу үчүн таңкы даамга чогулушат. Катын, балдары тосулуу каалгадан аркы ичкериде өзүлөрүнчө ичишет.

Анан Байымбет Шарафуддин молдону ээрчип бекетчи орустукуна барат. Андан жаңы мусулманча, орусча китеп, кезит иргештирип арабага жүктөп, аз болсо өзү көтөрүнүп дүкөнгө жөнөйт. Дүкөн өйдө-төмөн өткөн жолоочу, саякатчы, соодагер ким болбосун токтоло өтчү базардын, болгондо да Токмоктун айтылуу бит базарынын чок ортосунда, азык сатуучулардан айырмалуу. Чоюн кулпуну ачып, оймолонгон жыгач калканчты көтөргөндө төркү, боор текчелери толтура акылман, чечендердин кагазга түшкөн мээ байлыктары топтолгон китептер. Ал эми макмал, кыл торко, шайы-шалпар кездемелерди, ийнеден кетмен, орокко чейинки буюм-теримдерди, же не дүйүм азыктарды саткан дүкөндөрдү ким болбосун сагаалап, пулуна, керегине жараша алат да кетет. Арийне, Шарафуддин молдонун Байымбет кол кабыш кылган китеп дүкөнүнө арзыган адам гана аалам байлыгынын уюган кутун аземден, кадырына жетчү жүздүн, миндин бири гана карк айланып жетет. Көзү сыртынан жайнаган менен дили сокур, кат, калемден чоочун сандааган сабатсыз жердештери кайпып даабай өтүшөт.

— Кийим йиртилади, кийим тозади. Нарса юколади, ики башка сифатка утиб кетади. А китобга ёзилган акл, илм хеч качон уз бахосини йукотмайди. Бир одамдан

миңг одамга стади. «Илими кучли мингли, билаги кучли бирни енгади». Бизга оглим, мингли яксон киладиганларгина момила килишади,— деди Шарафуддин молдо шакирти Байымбетти кызыктыруу максатында.

Ансыз деле китеп жандуу улан утурумдук менен түбөлүктүүнү өзүнчө баамдап, китеп дүкөнчөсүнүн купуя теребелдегилердин баарынан кымбат баалоодо. Жайланып, ачышканына баглап козу эти бышымча убакыт отсө да, башка дүкөндөргө үзгүлтүксүз кирип чыккандардын бирди жарымы да, аларга баш бакпаганынан молдокеси көңүл жубатуу үчүн ушинтти го.

Өзүнүн ойлогону менен устанын насааты айкаш чыкканына ичи кымылдап, аны толук түшүнгөнүн билдирүү ниетинде Байымбет күлмүң-күлмүң кубанычын жүзүнө жайната, ителгиби, жорубу, айтор, аба жырткычынын зорунун канатынан жасалган шыпыргычаны желпе, жыйылган китептердин чаңын этнет, элпек тазалап кирди.

Шарафуддин дүкөнчөсүнүн капталындагы сереге килемин жайып, китеп, газеталарды четинен кумарлана оодарууда. Анын кумуш алкактуу көз айнегин тагынып ак селдесин шаңкайта, алдында үйрөктөлгөн басма кагаздарга кунттана үзүлүп, туурдагы куштай ормоюп чогологону Байымбетке нак Навоинин, Лутфинин, Низаминин... казынасынын сакчысындай, жарчысындай жарашыктуу корүндү. Мындай дилгир берилген көзү ачыктар болбосо байыркынын мурасы укум-тукумга жетеби? Азыркынын китеп өнөрү калайыкка тарайбы.

Ал ичинен обон кайыра, канат шыпыргычы менен жыйылган китеп кагаздарды куунак лыпылдап желпип, кээде пу-пу үйлөмүш этип, иши менен купуя ырышып ыргагын куюлуштура узакка алпуруштү. Окууга кызыккан китептерди кармалап, сылагылап, керек учурда шып илүүгө көрүнөө жерге зыпыйтканычы. Жалпы түркү тилинде чагатайча, деп аталган өзбекче, татарча, казакча терилгендердин басымдуусун шар жөмөлөштүрүп, үңгүсүн кубалай маңызын аңдайт. Андайларды үзүлүп-түшө желпимиш, сүртүмүш эте сылап-сыйпалап ынгайлаштырып оңтойлуу жайгаштырат. Араб, фарсы тилиндегилер арбын. Аларды Шарафуддин молдодой терең түшүнө албаса да, ариптеринин бирдейлигинен шатырата окуйт, кыйла тааныш сөздөр аркылуу чала-моңол божомолдойт, акырындап өздөштүрөөрүнө үмүттонот.

Орусчаларга коомай одурайып, араб тамгасындай оңдон солго саймалана-оймолоно эшилбей, тескерисинче

солдон оңго жылбай, так бадырайган мукабадагы ээлеринин кыйын аттарына чочуркай, озунчө буруп эжелейт... «Крыл-оп, Пуш-к-н... Тол-ус-той, Уш-ен-ск-ей... Достой-ов-ск-ей.» Не-кра-с-о-п...» Кап, буларга тиши отсө кана. Мындай орус китептери Васил досунукунда текчеде, манап, байлардын көрктүү кызыл-тазыл кымбат жүктөрүнөн дагы барктуу бапестелүү.

Алтынсарынын окуу китебинен Крыловтун тамсилдерине «Толус-той,» «Ушин-скейдин» жомокторуна тамшанган даамы али сезиминде. Атакөрү, орус акылмандарын дагы узартып окуур күн болоор бекен? Аты, акылы нечен кыл ар китепке тирүү жандардай пейили түшүп, сырдашууга, сөөрине бөлөнүүгө кумарлуу күйпөктөгөн шакирт бүгүнкү дарсы кандайча башталаарын эстеп, тосмолуу ачык ооздон устасы жакка моюн созду.

Жомокчулар айткандай «андай-мындай дегенче, ачып көздү жумганча», жанараак эле килемдүү текчедеги жалгыз шоңкойгон Шарафуддинди тегеректеген кардарлар...

Ортодогу додо китеп, газеталарды булайта, чет-четинен оодарган муддаристин өөзун тыцдагандар, колун карагандар... Өзүндөй селдечен, кайрык ак калпакчаны, чаар топучаны, картымак, жашыраактары дебей, мүлдө Шарафуддинди тегеректеп китеп жацылыгына ыклас, ышкыларын арттырууда.

Качан китеп дүкөнүнүн ээси жацылыктарынан маалымат бере таанытып бүткөндө, отургандар:

— Менга берицг..

— Мула ака, буёкка...

Шарафуддин адегенде чыдамсыз жүткүнгөндөрүнө карабай шаардык өзбек, уйгур, казак, татар, кыргыз окурмандарына баарысына газеталарды ирети менен габыштады. Анткени, булар такай алуучулар. Качан китептерге кезмет жеткенде кайрадан талаш ырбады:

— Шарафуддин ака, менга узатинг.

— Жок, пулун мен ашык төлөйм.

— Мен андан да ашык төлөйм.

— Барока топинг, Шарафуддин домло!

— Мен сизга айтиб, шу китобни кутканимга куп булди-кү.

Не деген наамда, кайсы бир китепти Шарафуддиндин колунан жулуп алчудай ыктыта жөөлөшкөндөргө Байымбет таңыркай эдирейди. Мал, пул чайкоочудан китеп кармаган дүкончүнүн кадыры кээде минтип жогору серпилет экен ээ. Кимисине тиет, капча толойт. Күмүш теңге-

гесин шаңгыратып уучтаган топучандан, кагаз акчасын булайта серпкен капкара кытат тебетейчен төшжары артыла сатуучунун көзүнө булгалады. Капчыгын кармап тыяк-быягына силкине, улам көбөйүп чогула камынгандар канча.

Шарафуддин булардын түрпүнө нааразыланган-дай ичинен кубана, ансыз да кооз мукабадагы жазуусу алтындала жаркыраган калың китенти жалпысынын сугун арттыра ары имере, бери имере кармалап акчаларын булгалап сунган колдордун эч кимине даатпай өзү коюнуна катты:

— Бу ёлгиз дона китобни кайси биринга бир ёли берай десам жаңжол чыкадиганга окшаяпти. Узимда-ла турсин, хозирча. Келгуси хаптадан бошлаб бирин-кетин укийсизлар. Шунга розимисизлар?

Бири томсоро, бири ызырына айласыз колдорун тартышты.

— Кайдан кулак чыгарса, казанчынын өз эркн.

— Бопти, китоб эгаси сиздан илтимос киламиз.

— Ишениниз, домулла, марттыкты көргөзөм. Күч акысына биринчи менин колума тийгизесиз.

— Жок, менин...

Парча чепкепинин ички өңүрүнө алиги талаш китепти этиет орой, Шарафуддин таңгактан башкасын сууруп, кырааты менен наамын, мацызын жоруптады:

— Бор богани беш-алтита. Ким биринчи булса, келаверинг. Колганларинг екдирсанглар башка тугунчанни ачаман, Етганлар алынглар, етмаганизгизлар янангисини кутинглар. Еки булмаса, дүкөнга кириб танлаңгизлар. — деди.

Байымбет салабаттуу адамдардын китепке ушунчалык зарыккандарын алгач байкашы. Шарафуддин отурган калыбында аларга баркын маалымдаш үчүнбү, ого бетер маалкатып жай, четинен сууруп таңгакчаларды бошотту. Алдында бөлүп койгон, үстүнө газеталар жабылган үймөкчө гана калды.

Моонөтү жетпей куржалак умсунган арттагылардын бирөө:

— Домла, анаввунгиздан биттани менга рахм этинг,— деп жалоорун моюнун созду.

Соодасы жүргөн адамга текебер жарашат белем. Шарафуддин селделүү башын терс чайкады:

— Айтдим-ку, келерги якшамбида эртарөок келиңгиз,— үстү жабык үймөкко колун жацсады. — Узингиз

билесиз, биздинг бошимизни ушлаган бекзодалар, савдагар дустлар, муфт, муддарислар, Сооронбайнинг Дүр угли бар. Уша катталарнинг энчиси.

Дүрдүн энчисине жаңы китеп, кезиттер бөлүнгөнүп эшиткенде Байымбеттин санаасы дүрдүктү. «Шылтоого шыноо. Эки иштен бир иш. Кардарлардан суюлганда Дүр мырзага жаңылык тартууну жеткизип барайын. Жайлоодон түшкөн апама, карындашыма, Апай энеме, Айылчы абама, орус байы Кузнессовго, жалданган ининме учураша өргүп келүүнү суранып көрсөмбү?»

Алгандар кудуңдап, жетпегендер топурак мурундануп илең-салаң тароодо.

Байымбет таңгактын теңине жакынын бая жеткизгенде эле дүкөндүн ичиндеги, текчелердин астындагы чоң сандыкка сологон. Алып-сатарлыктын аяр жөрөлгөсү бардай. Антпесе неге, соон издеген, алла тааланын ак ниет кулу, Мукамбет пайгамбардын үммөтү эсептелген Шарафуддин молдо тигинтип бирин сүйүнтүп, бирин күйүнтүп жөнөтүүдө? Далай таңгак ачылбай быякка катылды... Кылт этккенди баамдаган уландын кинечил жаны тынчсызданып, деги кантсе да, молдодон тапшырмасын алууну көксөдү. А молдокеси аны караманча унуткансып, дүйнөлөрүн аңтарып-теңтергенден чолосу тийбейт. Ана дал дамулланын өзүндөй селде оронгон, кымкап парчанын өтө кооз жалтылдаганынан кийген, эки жагындагы жигиттин бирөөнө патноско патир нан, жүзүм, өрүк, экинчисине чайнек, чыны көтөрткөн, сакалын бөдөнө куйрук тегиздеткен болук, нооча адамды Шарафуддин астынан утурлай басып, кол кысыша, анан ийин тийгизип айкаша амандашып тосту. Мартабалуу берең го. Жайланып олтурааар замат дасторкон жайылып, нан, мөмө-чөмө коюлуп, чай куюлду.

Шарафуддин алигилерге бербей оңүрүнө орогон, жалгыз китеп дегенди мейманына сунду. Анысы короздоно этиет баракгап жылмаюуда. О кыйлада дүкөн ээси берки катындарын да дасторкон жакасына жайнатты.

Салабаттуу арбаб курбулар чайдан ууртай, китептерди аңтара, кызуу маекке маалкашты. Машташып макулдашышса керек. Убап-чубап мансаптуулардбы, дөөлөттүүлөрбү шаардык сыпаа кийинтгендер келе баштады. Аның бакисин Шарафуддин улам утурлай илберинки тосуп, чайга, жайылган жаңылыктарына чакырып олтургузууда. Даражалуулар бирин бири жакшы таанышат ок-

шойт, болупуп чогулуп улам кийинкисинин саламын кызуу коштошуп, жашынабы, соолотуно жарашабы, оруп бошотууда. Мурдакыдагыдай жону жукараактардан чукулдаганы булардан жалтанып кайкып жонөөдо. Буларга Шарафуддин китепти бирден чубамак түгүл, дүконуно жашырылган тацгактарды шакиртине көтөртүп, алдыларына тизди. Ал шакиртип эми арац көргонсүп, тигилерден чоочуркап, чабырадагы бодонодой козу кыбыцдаган Байымбетке эцкее шыбыштады:

— Екдирганингпи алуб укуб утуроверинг.

«Жактырганыцды алып оку». Миптип оцуна салбаспы. Каалаганы кайсы? Жанараак оцтойлонткон тигиге, буга козун жадыратты. Биринен бири сонундай. Анын кыпылдаганы Алишер Навоинин казалдатып жазганы, пайгамбарлар менен акылмандардын санжырасынан, «Фархад ва Ширин», «Лайли ва Мажнун» боюнча муддарисине дарска олтурмак. Шаарафуддин молдо шакирти а, деп колуна тийгенде канча кун, адегенде озу кыскача баяндап, анан ага окутуп, тили бүдөмүктөнүп, чала чарпыганын тактатып түшүндүрүп, өз бет алдынча окуугa, кийин маанисин баяндоого буюрган.

«Суфи-Аллаердан» таанышкан ыйык пайгамбар, саббалардан тартып, түркү, фарси тилдериндеги кереметтүү жана тарыхый акылмандардын санжыра-таржымалы, акын Навоинин сөз берметтеринен казалданганын кунт-танмак гана тургай, тамакты, уйкуну унуткара башына жазданын улам-улам суусуну канбай шимирбедиби. Мазмунун тургай, айрым казал сабактарын көкүрөгүнө түйду, Пайгамбар, саббалар, акылман чечендер, Искендер Зулкарнайдай баатырлар, падыша, султандар жонундо жоо жомокторун сайраган молдо чалыштардан айылдан эпиткени бар. Аларды айылдагылар чилтенди окугап олуя, чечен катары кадырлап көкөлөтүшөт. Эми Байымбет алда канча так, терец санжыраны үйрөнбөдүбү. Эгер олуялык ошондо эле болсо, элеттик чала молдолордон кулач ойдо куюлуштура мизилдетээр. Мүмкүн, баралына толгондо, анын зарылчылыгы болгондо, өзүнчө улукмач саббалардын санжырасын дастанга да ширетээр.

Ага андан болок китеп окууга уруксат этпей, ошо боюнча сыноо алууга дамылласынын чолосу тийбегендо акыры «жактырганыцды оку» дебедиби. Навоинин «Фархад ва Ширин», «Лайли ва Мажнун» дастандарын Апай энеси окутпады беле. Кайра башынан түшсобу?

Каалаганы. Коз тойбойт, коз кыйбайт. Тобокел, ус-

таттын өзүнөн ырайым болгон соң, неге тартынат. Сандыктагы бүгүнкү жымыргандан, тигил мартабалууларга тартуулагандардан кымырып калтырган китептерден жана да «Туркистон Вилояти» газетасы деген Дүрдүкүпөн окуп жүргөн өзбекчесин, анан «Түркестан вилоятинин газети» казакчасынын бир нече санын сууруду.

Дайыма газеталардан аныч издегени, кызыкканы ырлар, тарыхка, адабиятка, санаатка тиешелүү макалалар... Албетте, Падышанын Түркстандагы төрөлөрүнүн өкүмдөрү, буйруктары дагы такай жарыяланат. Аларды окуса дагы, окубаса дагы көңүлүн адабият ширесиндей жылыта албайт.

Дал азыр да Байымбет бат, бат калдайган баракгарды калдырата ачтарып, карегин чачыратууда.

Ага газета беттери ал сагынган аскар бел, токой черлүү, окторулган булактуу не ажайып дүйнөнү экилепте чагылтууда. Тор жайлоого чыгып кереметтүү көрк, сыйкырлуу серүүндүү ырахатына өрөпкүгөндөй. Өзү алактаган мергендей, ууга чыгып из аңдып баратканында өңүтсүз бурч, кычыктан арылдаган арстан же күрүлдөгөн жолборс астын тороп чыга калгандай апкаарыды. Качап ыр, казал, хикая саптары добуш сала көзүнө урунганда, сүйүнгөндөн карбаластап, ошо замат бүктөп жанына коюуда. Анан паркы белеске түшкөндөй кийинки сандарын ичинен «бисимиллиалап» ачууда.

Арийне, адабий шекерлери басылбаган «Вилояти газетасынын» сандары чанда. Чогултуп-чогултуп, аптасынабы, айынабы, жөнөтүлчү ушу саамкы бай таңгактардан шакирт мартыгандай үстү үстүнө булактатып жыюуда.

Түн уйкусунан кечсе да башына жазданып окуур, күндүзү коюн-кончуна ката жүрүп ара-чолодо көзүнө аймата, көңүлүнө чөгөрөөр. Ошентип тозгус кенчке тунаар.

Дүпүр-дүпүр, бака-шака чоочун үндөр. Жалт бурулса, суулугун шалдыратып ооздугунан кобук чачкан кош аргымак чегилген удаа-мудаа катарлап токтогон чүмбөт арабалар. Астыңкысынан шатыра-шатман баржакташып орус төрөлөрү аялдары менен чубап түшүүдө. Арткысынан алардынбы же Кузнессовдой бай орустардынбы, чачтары саксайган, кызыл-тазыл кийинген улан, келин, кыздары баштарын чыгарып жарылдап ырдаган калыбында, бойлорун күүлөй түшөөр-түшпостөй маалкашууда. Шарафуддин шапылдап орусча да сүйлөйт экен. Алдыңкы арабадагыларга жапылдап катар учурашып, айлан-

чыктап бирдеме дешип, анан соңундагы куупак жаштар көрүшпөсө деле ийиле алыстан саламдашкансыды. Анып карбаластаганынан, кубанып күдүлдөгөнү күч.

— Углум, кераклиларингизни йигиб олуб, йулга түшинг. Улуг хурматлилар билан якама-шахсий гаплашаман. — Шагдан меймандарына орун бошот, дегендей селдесин чулгуду. Эсинин жоомарттыгынан пайдаланып, Байымбет тандаган газеталарын бүктөп, ортосуна китептерден солоп тез суурулду. Середе кээси гүлдүү дондош пиялалардан чай ууртамаксан, кээси ырахаттана китептерди жая кербезденген мусулмандар кебелбей, көз кыйыктарын салганы дебесе, «кааныр төрөлөрүңдү өзүң күтүп ал. Бизден жай талаштырба», ишааратын туюнтуп тырчыя чиренишкенсийт.

Мындай ондой бердисине урунтпасы. Чак күндүз каалаганы кымтып, колу-жолу бош жөнөө Байымбетке табылгыс олжо да. Бурчтан имерилгенинде декилдеген уланды дагы эки чүмбөт араба чаңга көөмп дүкөндөрдү, базар анятын карай шарактап кудуду. Заматта көзүн карацгылатып, ыплас жыт бүркөн куюндун уюлгуганы текилдеген арабаны ээрчий суюлганда ичинен сеңселген тебетейчен, шаңкайган калпакчандарды чалдыктырды. Сыягы жергиликтүү мыктылардан өндөнөт. Алар дагы Шарафуддиндин дүкөнүнө кайрылышаар. Же, Токмоктогу жыйындан алиги төрөлөргө удаалаш тараган эмелерби. Оцбогон ыпыр-сыпыр чандын залакасынанбы, негедир элейген Байымбет жыйрыла түштү. Койнундагы олжосу тирүү макулуктай шарт уча каччудай, же күрсүйгөн бирөө токтотуп, эмнени булгуйтуп катып баратасың, деп жулуп алчудай суук түкшүмөл кайдан-жайдан жипкирте жүрөгү чалпоолонду дейсин... Жок. Муунткансыган кацырсыкты, мына жацы ачыла түшкөн тунук абага үшкүрүнө үйлөп, койнундагыны бекем кыса текилдеп сызды. Куркулдайдын уясындай өзүнө жайлуу өжүрөсүнө киргенде эсен соо жеткирген асыл буюмдарын кучактап кыцкайды. Качан күйүккөнү басылганда китеп, газеталарын текчесине бапестеп иреттөөгө кириишти. Напандан шам-шум этип четинен сырдашууга киришет. Ага тацкы багымдатка дейре дамылласыпан бөлөк эч ким жолобойт. Көз байланып куптан окуур ак шамга дейре канча убакыт. А кадыр түн тосуп, кара чырагын жагып «Түркистон вилояти» газетасындагы Мукими, Завки, Фурхат «шоирларининг янги шьерларига» (ырларына) шерденээри бышык да.

* * *

Ушунчалык да таттуу көшүлгөн экен ээ. Кийиздин үстүндөгү эки бүктөлгөн төшөк, ага демейдегидей катуулугу туюлбай, мамык олпоктой жупжумшак. Али көзүн ачпаган менен чукурана которулду. Токмокко келгенден бери уйкусу канып, өз бетинче жыргап ойгонгону ушулдур. Ырахаттана дагы жата турсунчу. Азанчы менен короздун демейдеги таңкы чакырыгы угулбайт. Эртерээкпи. Тепейген каалга илгичсиз. Мына, мына, Шарафуддин дамбылда кирет:

— Тукалок мулла, тура калың куёш чикай деб колди,— деп созолонот. Ал талыкшымыш этип шып ыргыйт. Күттү, күттү. Шырп эткен дабыш билинбейт. Жамбашы талып баратыр. Чымырканып кирпигин серпсе, жапжарык. Жанындагы чырагдандын айланасында түнкү саамыктап окуган калыбында иретсиз ачылып-чачылган көзит, китептер. Саардагы салкын тунарык эмес, шашкеге көтөрүлгөн күн шооласы чекчейген терезеден чымырап тийүүдө.

— Кара көзүм кашайып балээ басыптыр! Өзүмдүкүнө го кайылмын. Дамбылданын багымдат намазы ушатылбай калдыбы? Жо-о... Өңгө-өңгө, а олуя чалыш жарыктык эч убакта чыккан күндөн кеч турбайт. Макироолүккө жол бербейт. Тирүүнүн өлүгүнө айланып мени кудай уруптур. — Байымбет үн тарта карганып-шилене жүзүн чайыбастан жайылган китеп көзиттерин да жыйбастан, эч жакты карагысы, эч кимге көрүнгүсү келбей, бети караргансып короодон ууру күчүктөй жылып чыгып, урган таштай атырылган бойдон дүкөнгө жетти. Калдайган уютма кара кулпуну көргөндө ансыз да күйүккөн жүрөгү коркунучтан кабынан ыргыды. Бул не шумдугу. Нары айланды, бери тегеренди. Алардыкынан бөлөк пул, буюм-терим, идиш-аяк, бакал-сакал дүкөндөрү кадимкисиндей ачылган. Ашкана, чайканалардын тамак жыттары бурулдап, кецилжээрди кытыгылайт. Эртелеп даам татууга чыгынгандарга ашпозчулар лепилдеп дасторконун жаюуда.

Томсоргон кулпуга даты өтпөй эцшее тигиле акыйып, жедеп тажаганда тактай-сереге соксоё мандаш токунду. Кечээ ушерде доолоттуулор додолоно, килемге жамбаштап, сүткө жуурулган патир нан, мөмө-чөмө, чайга мантыга, жацы китеп, кезиттерге сугула, колмо кол өткөрүшө чардап отурушпады беле.

А бүгүн малак жалагандай кардарлар тургай, ээси дайынсыз, жардамчысы минтип улуп-уңшуп журтта калган тайгандай жылацач тактайда жанадан жалгыз шоцшоюуда.

Байкуш сезимтал жүрөк туз куйгандай тызылдаса да, акырындап кайра калыбына түшүүдө. Отурду, отурду. Дүкөндүн жабыктыгын байкап кайпый сээлдеп өткөндөр ага назар бурушпады. Кыязы бүрүшкөн кол бала бечаранын китеп дүкөнүно ээлик эместиги ар кимине белгилүүдөй. Күнөөсүз күноөлүүдөй жабыркаган кургур жеден аргасы түгонгөндө козголду. Мындай туцгуюкта адамдын эс-учун жыйдырчу дары — убакыт гана. Анын сыцарындай Байымбеттин ызалыктан көөдөнүно сыйбай көпкөн өпкөсүн шашкеден түшкө чейинки сабылткан убакыт эмдеп бөксөрттү. Илец-салац илкий ээсипин бийик коргонунун дарбазасын зорго ачты. Шалкысы бош шакирттин секирип чыгып, сенделип кайтканынын себебин даана билген, астынан торгой кызгылт нурдуу жайык дидарын көрктөгөн кара кашын керилте жаш токол күло бакты:

— Вой-ээй мулло йигит, остонадан хатлаганингизпи куриб, кетингиздан югурдим-ки. Бакирсам эшитмай кетавердингиз. Кечикганицизда чочидим. Ичицга кон югуриб кетмасин. Юринг чойга.

Түш оогончо даам татпаганга кайыл алактаган шакирт улан ээсипин эрке токолунун капилеттен мээрбан жадырай, атүгүл чайга чакырганына алачакмактаткан дүрбөлөцү басацдагансыды. Көрсө, Шарафуддин домулланы кечээ дигерде Шабдан манап Ташкенге чогуу барып келүүгө капысынан шаштырып чүмкомо арабасына куштап баптап коюо отургузуптур.

Шарафуддин лаппай таксырлап тезинен камыныптыр. Байбичесин, эр жеткен балдарын бирге ала барууга оз арабасын белендетиптир. Ташкенттеги соодагер десе соодагер, бай десе бай туугандарынын санжыргалуу сарайына токтотуп, кыргыздын мамилелеш баш манабына дурустап сый-сыпатты коргозүүгө шацдуу жөнөптүр.

* * *

«Коркунуч арты сүйүнүч», деген ушубу. Али, түнү бою окууга арбалып, эртец менен гана талмоорсуп кара баскандай уйкуга жецдирген Байымбет, балтыры бата электе күндолук конумуш милдетин аткарбай кечикке-

нине туталанып дүкөнгө салып уруп жетсе апысы бек. Сыпайы, сырттан чалыш ээсинин дарексиздигине сабыркай кирерге жай таппай, кайсалаганында, акыры милтик иш ондой бердисине айланганын кара. «Ырыскысыз пенде жаралбайт». Шарафуддин дамбылда жаңы көз шакиртинин кең-кесири окуп-чокушуна да, толкуп чалкышына да шарапатын тийгизип сапарчылаган экен да. Далай колдон өтүп кайра ээсине тийген, жаңы колкого кардар күткөн «Мукимининн асарлары» деген кол жазма китепчени дүкөндөн ыгын таап солоп чыккану сонунун таркатчудай эмес. Андагы, жана «Түркистон вилояти» газетасынын беттериндеги Мукиминин сезим, тирилик, махабат жыргалын балкыткан нечен кыл казал, рубаилерине кумары ташыганычы. Айрыкча «кузларинг» (көздөрүң) деген ашыглык ырынын көңүлдү жалбырттаткан тантуулугу ай. «Сурма куймай бунча хам, жано корадур кузларинг, Хар бир жоп касдига бакган боладур кузларинг...» Ошол эле Кокон, Бухара, Ташкен медреселеринен билимин өркүндөткөн жашы улуу замандашы Мухаммад Амин — ходжа Мукиминин элиндеги ач көз, жегич зулумдар менен Орусия падышасынын төрөлөрүн какшыктап, мыскылдап тайманбай кордогон өткүр ырлары анын сезим, жүрөк кандарын чалпоолонто дүүлүктүрдү. Байымбет нукура акындыктын алалдыгын, элдигин, эр жүрөктүүлүгүн туюп таланттын керемет күчүнүп зээрине эс-мас ооложууда. «Жер чепегичтер», «Шайлоо», «Олуя», «Виктор байды кордоо», «Вексель», «Хапалак кыштагы туурасында», «Хапалак калкынын ханга өтүнүчү».

Улуктардын жүзүкаралыктарын ашкерелеген тайманбастыгына баракелде, Мукиминин. Калмырзадай айыл ырчылары мыктысына таянып, жасакерлепин күн корсө, мунун ачык кармашка чыккан азаматтыгын кор. Жазгыч акындын жаалдуусу көпчүлүк букаранын таламын коргогон, калемин залимдикке, теңсиздикке кылычтан курч таптаган акыйкатчыл нагыз эр жүрөк болобу? Бу Мукими жамаат ааламга маалым байыркы Навои, Лутфи, Физулинин жолун жолдогон, Толубай сынчы, Токтогул ырчысындай, өз бабасы Музоокедей, көзү тирүү Тыныбек манасчыдай калың калайыкка анык нуска калтырчу даанышманбы. «Той», «Жаңы бай», «Чай сатар» — кара жемсоо соодагерлерди кинелесе, «Миң төболүк эшенди кордоо», «Олуя», «Күнөөнүн уулу» — сопусуңган молдо көжолордун алдамчылыгын, ыпластыгын

маскаралаганычы. «Баччагар» — белен аштуу үйдү, бүгүп мында, эртең анда жалган айтып, кыдырып жүргөн тамаксоо жанбактыны мыскылдаганычы.

Устатынын жогунан пайдаланып, шакирт Байымбет ээн-элкин өжүрөсүндө үн сала кээде казал окуса, кээде өзүнчө обон созууда...

Билинер билинбес кыйч эте каалганын секин ачылышы аны аргасыз серпилтти. Сарала шайы көйнөгүн үлпүлдөтүп, алиги кашкайган сулуу эрке токол жарк эте ичкериге суурулуп, эшикти кымыйта жапты. Байымбеттин ыры түгүл алласы оозунан учуп селейди. «Балээ баскырдыкы, аңылдап сулуунун мазасын алгам го. Неге жаагыңды баспайсың, деп чуу эттире алакан тартабы, же сыртка куып чыгабы».

Капилеттен кармалган күнөөкөрдөй, бет багалбай башын эңилтип ырчы улап жазасын тартууну күттү. Күттү. Чымырканды. Негедир тилсиз арбашкан жазыктуу менен жазалоочу эки пенденин ортосунда түшүнүксүз тунжуроо созулду. О кыйлада ачуу сөздүн ордуна кандайдыр жароокер үн дирилдесе болобу:

— Вой-э-эй, мулла йигит, овозингиз булбулдек. Ажойиб кошик хам айтар экансиз-ку. Кани менга карангчи, уялманг, яхши йигит.

Мүңкүрөгөн түгөнгүр, сулуу келиндин эрекелеткенине эригени аз келгенсип, кебездей жумшак, күндөй тантуу алакан мандайын сылай:

— Уятманг, яхши йигит. Менга караңг,— дегенде тамызгы койгондо чарт этип тутанган өрттөй жалбырттап обдулду. Төх, жалган дүйнө! Бул не деген азгырмаң! Оңбогур, чукул турган келиндин атлес көйнөгүнүн боорун шуудурата, торсойгон төшүн сүзо бет мандай арбаша түшкөнүчү. Бойлору бап келише, чекелери тийише жаздап... ак жуумал, кумар көз ургаачы затыпын жыпар илеби жигитти оолуктуруп, назик, чыпыйган кемзелчен кымча белинен ийе тартты. Келин көз ирмемге жаш уландын жалын колтугуна кандайча ыктаганын өзү да туйбай, анан алда неден чочугансып булт коё оолактай чекчейди:

— Вой-э-эй, мулла йигит, шунчалык хам шох экансиз-ку!

Байымбет мынча болду, тобокелге бел байлай, ургаачынын бул жосунун назданганы, деп боолголоду:

— Чырайлуу ханым, кечиресиз, жаштык, пастык кылсам.

Келин жап терезеге элең карегин чаптырып, төшөктүн четине элпек тизе бүктү:

— Шок йигит, кани кошикдан башлаң. Коркмаң. Хеч ким йук.

Байымбет комдоно чөгөлөп, эми тобокелге башын байлап аянбоого шерденди. Маңдайында капаздагы бөдөнөдөй бойтойгон, карт дамбылданын жаш токолуна бажырая, мукам доошун эргитти:

Атлес шайы кийгениң,
Аземдүү жал-жал күлгөнүң.
Бейкапар жүргон кезиңде,
Бейпайга неге үндөдүң?

Атлес көйнөк, шай кемсел
Аста басып түрлөнүп.
Азилдешсем сиз менен
Аргендин күүсү үндөнүп.

Кемселиң тубар, шай жоолук
Керилип басып түрлөнүп.
Кецешип жатсам сиз менен
Керемөпөн үндөнүп...

— Вой, э-эй. Канаке, узбекча ям кошик айтасизми?

— Айтаман. — Мөрөйү үстөмдөөрүнө жагалданган берен жакындай жылып, аземдүү жубандын жумуру билегиндеги билеригинен сылай, кумарлуу көзүнө кадалды. Дал ушундай капкара кумарлуу көз сулууга Мукимини ашык болгону, ага арнап келиштире жазган казалы көцүлүндө калкыды. Өзүнүн жан дилинен чыккандай жалбырттата тилин безеди.

— «Сурма коймай бунча хам, жаңо карадур кузларинг.

Хар бир жон касдига боккан боладур кузларинг...»

— Во-й, ящанг, шоир йигит! — Сыягы дуулдап ысып чыкса керек, каухар көз күмүш шакектүү тыныйган шадылары менен тамылжыгын ак жуумал жүзүн басып, жалжал көздөрүн уяц коймолжутту. — Менинг исмим — Хафиса.

Анын шыцгыр доошу оолжуган жигитке алда неци туюнткандай толкундуу созулду. Ананчы. «Сурма койбой ушунчалы кнеге жанат капкара көздөрүң» деген создүн табы айтканды да, укканды да алдастатты бейм! Минтип миңдин бири гана дал учурунда келиштирип

айта аларлык илептүү кең тикеден тике өзүпо багыштагандай кашында канат сермеп, бокторо сызчудай шукшурулган азаматтын сыйкырына кусалуу толукшуган жубан көшүлүп эрип бараткансыды.

— Хафиса ханум. Хафиса, дурустап таанып, ынак бололу анда...— Байымбет тигинин алигиче ички сырын апачык аңтарчудай алоолонгон жамалын жашырган, агышынан жыбыраган назик, он манжа кош колун бапестей, уучуна кымтып сүйөй, ойдо тургузду.

— Менин эки ысмым бар. Өзүмкү Байымбет. Экинчи энчилүү атым. Тоголок Молдо.

— Иккинчи Тукалок муллолигиңизди биламап. Бойимбетни билмас экамман.

— Мындан ары биле жүрөрсүз.

— Албатта, Бойимбет жон. Мен сизиинг ким экаиңгизни тушиндим.

«Байымбет жан» дегенди эргул шексиз жактырган ургаачы затынын ишаараты катарында кабылдады.

— Мен да Хафиса ханум, Хафиса жаным, сизди түшүнсөм, дейм.

— Бойимбет-жон, уиниинг ози яхши. Кегинрок учрашармиз. Хуш булиңг,— Хафиса ийилип кетүүгө кетенчиктеди.

Жигит аны колунан коё бербей, кучагына имерүүго ниеттенди эле, аял татынакай карлыгач канат кабагын бүркөй:

— Шошилмангиз, Байымбет жон. Хали вахтимиз бар.

Жигиттин ышкысын «колго тийген коёнду, коё берген оңорбу» деген акыл экилентти.

— Ысыган бойду суутасызбы, Хафиса ханум.

Келип чытыган кабагынын астынан, ожор азаматка күлмүң этти:

— Кечкурун тортинмасдан мехмонга келиң. Хеч ким булмайди.

Үмүтүн үздүрбой, жай жолугушууга жароокерлене убадасын бышыктап үндогондо гана, Байымбет алаканы эле эмес бүткүл кан тамырларын дүүлүктүрүп ала чакмактанткан перизаттай ургаачынын манчаларын кыйылып бошотту.

Капилеттен коцүлү козуган боз улан ак шам мупарыгы теребелди күцүрттөткондо коросунун түпкүрүндөгү эсиинин тосулуу каалгасын шар ачты. «Жигит болсоң шок бол, шок болбосоң жок бол». Узун тамдын алды жапырт түркүктүү чонок-чонок супалуу ачык секилер. Ар чонок-

тон ичкери эшиктер. Кайсы каалганы түртөт? Азыноолак аялдан делдейгенче, дал кире бериш сол ыптадагы даричадан:

— Беррек босинг — деген жылуу, тааныш шоокумду кулагы чалбасы.

Хафиса сулуу өзү терезеден акмалап турган экен да. Босогону аттаар замат, астынан тосуп жанагыдан беш бетер жадырап- жайнаган жароокер келиндин жыпар демине оолуга, откүр чунак оролто кучактап бетинен сүйдү. Чүмкөлүү терезеде фонарлуу чырагдандын үлпүлдөгөн шооласы кызыл-тазыл, оймо-чийме таңдайлаштыра боёлгон төрт кыр устундарды, аларга тептегиз кыпалган тактайлуу шын, жердеги килем-килчени, тамдын боорундагы оюк текчелердеги кооз пиала, керден чыны, чайнек, идиш-аяктарды сулууну кучактаган азаматтын көзү мартабалуу адамдын үйүнүн көркү үчүн эмес, мына азыркы Хафиса экөөнүн махабат ырахаты үчүн атайын жасалган керемет жагдайдай чагылтты. Бурчтагы аюу талпактын жанында жайылуу дасторкон толо мөмө-чөмө, ар кыл токоч, каймак, жуурат, чакмак, набат, чайнек, пиаланы карай үйдүн айымы имериле:

— Бир паста ош таёр булади,— деди.

Байымбет жаш сулуунун соорусундагы суналган өрмө чачтарын мүрүсүнөн артыла сылай, өрттүү карегин жалжылдата ансыз да анын илебине туруштук бере албай, дирилдеген жароокери назданган ой-боюна койбой төркү болмөгө, жибек, шалпар төшөктөр салынып, куш жаздыктар коюлган жайга алпарды.

* * *

Чиркин, ынактык кандай керемет неме. Жазмыштын буйругунанбы, эч арачысыз өзүлөрү кошулган экөөнүн азилдешүү черлери таркабай, улам көрүшкөнчө сагынып арзуулары артууда.

Базардагы китеп дүкөнү жабык. Короодогу келим-кетим, мейман-ысман, соода-сатык сөөлдеген. Мунун баары үйдүн ээси Шарафуддин молдонун байбичеси, чоңойгон балдары менен алыскы санарга кеткендигине байланыштуу тыным. Кыргыздын жарым ханы делинген Шабдан баатырдын чачпагын которүп Шарафуддиндер Ташкентте чардашса... быякта алардын жогунун шарапатынан жаш токол Хафиса менен шакирт улан Байымбет тымызын махабат жыргалына толкууда.

Махабат — адамдагы жакындыктын эң сыйкырдуусу, ырахаттуусу белем. Хафиса күндө түрлөнө кийинип, булутту сүргөн күнгө окшоп жарк эте, короодонбу, терезеденби, үйдөнбү гүлзар аңкыган көлчө ховуздун боюнанбы, алда немедей булактап кусадар акмалаган жигиттин көңүлүн жагалдантып, кумарын ташкындатат. А Байымбет моокуму ташкындап оштоңуп куркулдайдын уясындай өжүрө хан сарайына айлангансып мурдагыдан алда канча жарыкка да, тазалыкка да, авага да тунуп, окуса чарчабай, улам кунттануусу ашууда. Так түйүлүп ойногусу, мурдагы түнөргөн ыштан арылып, мөпмөлтүр жалтыраган терезечесин ачып, короо жакты карагысы, албетте, ага ого бетер жагымдуу көрүнүш үчүн, жаңылана кулпурган Хафисаны көргүсү, окус чалдыкпаса ага угуза обон созгусу келип ырдоого элиргеничи.

Сүрөткө тарткан эмедей,
Сымбатың артык борумдуу.
Купулума толтуруп,
Корбодум сендей сонунду.

Балбылдаган кара көз,
Байкасам сага жан жетпес.
Балкытат ой, боюңду,
Балдан таттуу ширин сөз.

Чачың тал-тал жибектей,
Жасатың тарткан сүрөттөй.
Асылдыгың мааниси
Акундун кызы Чүрөктөй.

Колуң асыл чынардай,
Койнуң атыр жыпардай.
Бетиң аппак пахтадай,
Бедериң жибек тубардай...

Тоголок Молдо бул ашыктык саптарын тосмо дубалдын нары жагындагы терезенин ачык көздүү даричасынан кулагын түргөн Хафисасына угуза жыбылжытканы аз келгенсип, дептерине чиймелеп илүүдө. Арийне, акындын азыркы күйгөндөрү бара-бара далай ашыктардын өз ара дартпзарлыктарын айкындоочу дабаа, данакерге айланаары али анын да, башкалардын да баамында жок.

Хафиса шек-шооратсыз закымды абайлап, жан түйбас аярлык менен таңшыган ашыгынын жанына жылып кирди. Колтугундагы түрмөгүн секип жерге коюп, демейдегидей паанайды чөгөрүп, демди кыстыктырган ным жытынан бая күнү өзү иреттеп, жыпар чачын тазарткан өжүрөгө, мөлтүр терезеге курсанттанды:

— Бойимбетжон, хадеб булбул булиб сайрайверманг-из. Бировлар билиб колиши мумкин. Тузикми?— Өзгочө наз менен жашыл тубар көйнөгүнүн кең жеңин желбирете, аппак билегин булайта, сыйкырдуу кылгырган капкара көзүн сүзүп, жигиттин нурдуу жүзүнөн сылады.

— Өзүңдөй гүл анда-санда кылаң эткени болбосо дарексиз анабу дубалдын далдоосунда демин, көркүн сездирип желбиреп турса, булбул кантип сайрабай чыдайт. — Байымбет жаш жубандын кытыгысына тийүү үчүн ойсоктото сүбөөсүнөн имере жалбарды.

— Коркпо жаным. Азыр элкинбиз. Жакында, дамбылдалар кайткапда булбулуңдун да тили катат. Экөөбүз карыш жерден тирүүлөй көрүшпөй шондо куруйбуз го.

Хафиса эмелеки сүйкүмдүү көзүн дүрбөлөңгө чулгай аландатып, чала-була жаш кылгыртты:

— Тукалок мулла дуст, Бойимбетжон, мен коркаман,— кайра заматта күлмүң жайданда. — Хеч коркмайман! Агар иложи булса, сиз билан куз курмас, кулак эшитмас ерга катар эдим. Тоиладими бизга жой?

Тоголок Молдо аз күндүк сүргөн доорандын акыры не болоорун эми гана элестетип тунжурай башын эңилтти. Берилген аялдын баарына бел буун, тобокелчилигин кара. «Эгер лаажы болсо, сиз менен кетер элем. Табылабы бизге жай» дегенине баракелде. Ырас эле ал Хафиса сулууну ала качып кете алабы? Кайда? Кимдикине? Чүй бооруна, Сооронбай, Дүрдүн айлына, Айылчы абасынын-кына батпайт.

Атагы, таасири Дүрдөн зор Шабданга ашыналык алакасы бар Шарафуддин көрөр көзүн ала качкан андай эселекти жалпы журтка маскаралатуу, айдатып байлатуу мындай турсун, көзүн тазалатуусу деле оңой-олтоң. Кадырлуу картымак адамдын жарп жазарына гана айланып, аргасыз маталган жаш сулуунун Байымбеттей жигиттин жардылыгына карабай теңин таап, бир келип кетээр өмүрдүн ырахатын эркин бөлүшүүнү, байлык, намыстын баарынан жогору көрүп, чечкиндүү тобокелчилиги опурталдуу да, орундуу да жосундай.

Эгер тоо ашып, жөө-жалаңдан жетелешип өзүнүн туулуп өскөн Нарын тарабына, Курткасына маңуусу мүмкүн. Антүүгө анын кокүрогүнө башын коюп демин, купуя сырын тыңдаган Хафиса кайыл туру. Макул, ал албырган сулууну, азып кыйналса да кол кармашып, Кочкор, Жумгалдагы таяке, тайдан унаа ылоолоп, токсон тоонун наркы катмарындагы айылына — Курткасына жеткирсин.

Апасы, бөбөктөрүнүн көргөн күнү не болот? Кадырлуу Шарафуддин эпесин күң, карындашын токол, иниси кул кылаар. Айылчыны аксатаар. Балким, кунга жыгаар. А түгүл, шакирттикке табыштаган Дүр мырзаны сөзгө сыпдырар. Айлалуу, таасирдүү молдо антип тынчтана койбос. Нарындагы таанып тамырлары аркылуу артынан куралдуу жасоол же куугунчу жонотөөр. Анда махабаттын сээрине элирген азамат Хафисасын ээрчитип Тогуз-Торо, Кетмен-Тобо, Анжиян тараптан жек-жаат издеп, баш калкалап кетсечи. Антип изин таптырбай сызыны да ыктымал. Макул, жалгыз башын алакчылап житсин. Быяктагы аны кара туткан жакындарын туткунга ташпайбы!.. Андан көрөк, эсепке окус шегип билгизсе өз азабын буерден эле өзү тартканы жон. Хафиса сулууда айып жок. Ага азгырылганы, лаззаттаганы, шерденгени чексиз... Бирок, мындан да артык жүрогүң чындан эзелеген, антташып, андан күдөр үзбөгөн, алал наристелигин жалгыз гана ага багыштаган Сейдеш бийкеч бар эмесин. Ооба, Сейдеши, татынанын татынсы, эне-атасынан бөлөк жалгыз гана ага эркелеген беш коңул Сейдеши монтоюп карегине тартылды. Сейдеш, Сейдеш секети, жаркыны сен барда бирөөнүн башы байлануу токолу Хафиса канчалык чырайлуу, канчалык жароокер кулпурса да кыз алчу жарыпа жетебй. Эмеле орттой жандырып боорунда ойноктогон асылкечи негедир салкын тартып, ал түгүл боюн жыйрылтып дүрбөлөңгө чырмады. Өмүр, тирилик мүшкүлүң кур. Утурумдук кумар таркаар, унуткарылаар. Арийне, түболүгү түз омурлук дешкен Сейдеш наристе улам карегине, сезимине бадырая чагылышып жакындап, анын коюнунан, оюнан коңулдеш жубанды сүрдүктүргонсуду. Жөргөмүштүн желесине чалынган когондой дирилдеп, кайдан, кантип жылчык таап чыгаарын билбей, о дагалайда бооруна кыналган жанга угулаар-угузмаксан күбүродү:

— Кечир, менин жароокерим, биз эч жакка кача албайбыз.

Хафиса жанын көлдөтүп, Байымбетти бекем, бекем кучагына кысып оолактай кетенчиктеди да:

— Билганман. Хаётда холислик йук. Нима килар элдик. Шунисига-ям шүкүр. Япирикча учрашиб туришка харакаттанамиз. Энди хижранингнинг ичи тозалангандан кегин, ётган жойингиз хам яхши булсин, деб буларни сизга ясаб опкелдим,— деп бейкасам төшөктү майланышкан эски көрпочөнүн үстүно кулпурта таштап, башына дал

ошол канталган жаздыкты короздонто койду да, өзү жамбаштап эпейди. Бул асемдүү жосунга Байымбет жигердинин жанаша бөктү:

— Агар домла пайкаб калса, бировларга пулга ясатиб олдим деңгиз.

Хафиса жакшынакай жупжумшак төшөк, жаздыгын шуудурата кармалап, аны тууран сый, эстелик буюмдарын сылагылай ыраазылыгын айкындаган Байымбетке жалжылдады. Санаасы санга болүнгөн Тоголок Молдо сыртынан сыр алдырбоо ниетинде жооткото, жаздыкка чыканактап, көңүлдөш келинди кучактай эркелете жобурады:

Айкалып ойноп жатканда,
Ацгемеге батканда.
Тамылжып ойноп жаткапда,
Тамашага батканда...

Жергени эңсөө

«Эл сагынбас эр болбос. Жер сагынбас ат болбос». Мына ушул куттуу сөз кайдандыр Байымбеттин купулуна түшүп, жүрөк черин козута баштады. Неге? Токмок чойрөсүн байырлап... Кара-Добо, Сайлык, Кош-Коргон, Чым-Коргон, Ак-Бешим, Бурана, Кегетиге чейинки жамаатташ айылдарга аралаша откөргөн доорунан көөнү кайттыбы? Жок! Жетимден жетилткен, томордон торолткон ушу Токмок аймагы эмеспи. Тобо, күндөр, анталар, айлар жымырылып жылдарга тоголуп, өмүрдү өзгөрткөн мезгил сыйкыры аны Токмоктон тогуз кар бастырып, тогузунчу жазды жайкалткан экен ээ. Тогузунчу жаз! Байымбет коруктун ичиндеги шылдыраган арык суусунун жээгиндеги шиберди сансары таажылуу назик байчечектерди аралай каалгыды. Жыл сайын жер кыртышын жапарта как ушинтин бүр, гүл бураткан жазды тогузунчу ирет ушерден тосууда. Табийгаттын жазы дайыма жапжаш. А адамдын өмүрүчү? Ар жаз сайын утуру бирден жаш кошулуп улгайта берет, тагдырына, турмушуна окшошпогон жышаандарды киргизе берет. Өзгөнү кой. Өзүн, тогуз жаздын аралыгында кандайча өзгөргөнүн эскерип көрсүнчү. Жок, баарын эмес, урунттууларын...

Торсоңдогон боз улан казыр кара мурут жигит. Тоголок Молдо атанып, молдолугун жеке кагазга ыр түшүрүп, окуганынан гана эмес, китеп, кезит жандуу илимин теренлетип чыңоодо.

Соңку жылдары анын акындык дацазасы жаштардын оюндарындагы чөйрөдөн кеңири таркап... Сайлык, Кош-Коргон, Кара-Дөбө, Чым-Коргон жамаатташ айылдардын букараларактарынын жоролоруна, кары-картандардын казан асып чогулган кечки зоогуна, чакан аш, тойлорго чакырылуусу арбууда. Бети ачылып аздыр-көптүр чогулган топту самап, чакырык күткөнүчү. Өзүнүн арман, күйгөндөрүнөн жана бөлөктөрдүн китеп жазмаларынан илген, насаат, санат, казалдардан элдин түрпүно карай обон созуп кубулжуткусу, элдик жомок дастандардан «Манастан» тарта эргип жат айткысы эле келип делооругонучу, улам жаңылатып, көркомдөтүп арбытканына кумарланганычы. Кээде коюн-кончуна өзбек, казак, татар, азербайжан жалпы түркү тилдериндеги китеп, кезиттерди солой барып... ыр десе ыр, жацылык десе ааламдагы кабарлардан, ак падышанын, Түркестан виластинин генерал-губернаторунун буйругунан, жардыгынан түшүнүктүү окуп калайыкты кабардар кылганына жигерденгенибиз... Ананчы. Мынчалык кара жанын карч урган аракеттин аркасында шыгын өркүндөткөн идиректүүлөр миңдин биридир. А мыктылар өздөштүргөндөрүн өзүлөрүнөн башкаларга ыраа көрбөс. Тоголок Молдо билгенин түркөй элипе жеткирип, алынча нускасын чачканына бир четинен куштарлыгы арбыса, экинчиден өзүн өзү бүлөп жетилтип, адабий түркү тилдериндеги айрым өзгөчолүктөрдү туюнууда.

Бул жаатынан Шарафуддин дамбылдада шакирттиктен өткөнүнүн шааниси күч. Жалпы эле китепке, илим казынасына үңүп даанышмандыгын арттырууга аяр тирмийген санат арбабтарын баамдады. Алардын таалим, таасирин жугузду. Казан, Уфа, Оренбург, Петербург, Ташкен, Баку шаарларынан басылган не ажайып китеп, кезиттердин кенчине батып, жашыруун да, ачык да күндүзү дүкөндө, түнкүсү өжүрө сээрине көйкөлбөдүбү. Билимдин сээри жанга гүлазык, канат байлатчу чиркин бейм. Тышынан байкалбаган менен ичинен демдүү чыйралганы, момойгон бакырлардан алда канча арбынды туюп, кенелгени, китеп дүкөнүн кармаган ичкерки, сыртаркы ар уруу элди мыктыларына аралап Шарафуддин муддаристен шакирттик өрнөк алганынын шарапаты

эмеспи. Шакирттик ага илим таалимин гана тургай, жайдаңдаган айжаркын Хафисага дуушарлантпадыбы.

«Хафиса, учурунда махабатын да, шаанилүү эргүүнүн аземин да тартууладың. Ал асылзаада кепедей өжүрөнү кереметтүү жайга айлантканда көңүл толкуп:

Акындык менен махабат
Түн уйкумду болөт бат.
Жалбырттатып акылды
Жүрөгүмдү бөлөйт шат.

— деген саптарды чубурткамын. А дегендеги карааның көрбөсөм жарылчудай жагалданткан арзуу бара-бара өмүрлүк шеригим Сейдешти эскергенде аруурказ кооптонгонумчу. Арийне, сапардан эри, байбичеси, бала-бакырасы менен кайтканда бетим күйгөнсүп кымырылганымчы. Айлакер ургаачыга даба жок тура. Кыпындай шек билгизбей, эбин таап жолугууга келгениңде жыйрыла баштаган менин да күсөөм артып, ар коркунучту көзгө илбей кайрадан шерденгеним-ай. Шакирттик мөөнөтүм аяктап коштошоордо Дүр мырзанын көзүнчө устатымдан алкоо угуп, териме батпай сүйүнгөнүм ай...»

Дал ошондо Хафиса сулуу, карттын эрке катыны болгондуктанбы, тайманбай ошик алдына кылайып, көңүлдөшүү узаар-узаганча делбиреп, карап турган. Ошондон бери кайрылып көрүшпөдү. Кандайдыр өчкөн от сыяктуу экен-токондо минтип бүлбүл элес булайбаса, жүрөгү дээрлик өзүнүн Сейдеши деп гана согот. Атаганат Токмок жаатынан караманча кетүү шылтоосуна жамынып, Хафисасын да чалдыктырып Шарафуддин дамбылдага кош айтышып кайтсабы. Ата-баладай үйүр алышкан, колунан даам тытып, жакшылыгын көргөн адамдарга учурашуу дурус жышаан го. Арийне, дал Шарафуддин молдонун көтөрө чалуусунун аркасында Дүр мырза өз уругунун балдарын окутуп көрүүгө ыракым этпедиби.

Балдарды окутууга алда качандан белсенип камынган Байымбет Курткада өзүнө дарс берген Бухаралык молдокесиндей узакка чайналтпастан, Алтынсарынын үлгүсүндө, Шарафуддин муддаристен жазууга үйрөтүү боюнча өзүбек тилиндеги ыр түрүндө түзүлгөн Хорезмдик Шермухаммед Авазбей Мунистин окуу куралын өздөштүргөндүгүнүн таалиминде сабагын жүргүздү. Жеке кураңды кургак жаттатпастан Ата-Журт, табийгат жаатындагы, адептүүлүк, зээндүүлүктү ойготуучу ырларды, табышмак, жацылмач, тамсилдерди үйрөтүүгө, тамгаларды татаалдатпай так жазып, окууга кенжелерди дилгир-

лөптти. Маселен мурда «Алхамду» деген создөн баштап аны так айтуунун ордуна эжелеп олтуруп минтип кайпытышкан: Алиф, Лам, забар, ал, хе, мим, забар хамалхам, дал кеч, ду-алхам-ду. Жалгыз «алхамду» дегенди ушунчалык көп соз менен муун түйүндөтүп, андагы ар тамганын атынан бирдеңкелерди кошуп, эжелете кыйнап зорго кураштырган. Алгачкы сабат ачкыч «Антиек», курандын балдар үчүн жетиден бир жеңилдетилген кыскача бөлүгүндөгү арабчанын маанисин биринчи сыныптагы жеткинчектер түшүнбөсө деле зордоп кургак жаттатылган.

Байымбет мындан качып «Антиектен» эмес; дароо тыбыш соз кураштырып, тез окуганга кондүрүү далалатында Алтынсарыча «Кыргыз (казак) алиббесинен» баштады. Татарча чыккан «Муаллим эввел» (биринчи мугалим) деген окуу куралынан пайдаланды. Ал өзүнчө калың дептерге «алиббесин» түздү. Ал эми курандын кыскача дуба сүрөөсүн кошумча үйрөттү.

Саноо, кошуу, алуу, бөлүү, көбөйтүү төрт амалдын жүз, миңге чейинкисин «Хисоб масалалари» дегенден өтүүгө киришкен... Таалим жаарапия, тарых илиминин жорупталган жалпы маалыматтарынан, шакирттери кечири кат тааныганда, балким, экинчи сыныптанбы, терецдетип окутууга өзүнчө даярдана берди.

Кай бир зээндүү тестиерлер өзүнчө жөмөлөп окуп жазганды жөнүктүрдү. Көпчүлүгү атаандаша жаңыдан талпынып, жумурткадан чегилип тумшугу чыккан жожолордой чукулдашып, Байымбет молдокесин сагаалап, күндө коздөрү ачылып, өздөштүрө баштаганда, капысынан кулаалы тийип энесин апчыгандай дүмөк түшподубү. Кулаалы демекчи, Тоголок Молдонун андагы жырткычтын тырмагына апчылып, эс-учунан тангандай дал болгону мындай турсун, эстесе мына азыр деле сай соогу сыздайт. Аны апчый серпкен кулаалы башка жактан келиппи? Өзү даярдатып, өзү жетектеген Тынай элинин акими Дүр мырза экени бештен белгилүү.

Ошентип, Тоголок Молдо балдардын ылдам сабатын ачууга жанын үрөп камынган далалатынын үзүрүнө толук чыкпай, ара жолдон оксүдү. Ага балдарды диндеп чыгарып, баштагы мектептен окуган балдардын түшүнө кирбеген мусулманы, каапыры аралаш тили буруу алда кимдердин казал, тамсил, жомокторун, ары жок неме өзүпүн да дөөрүгөн бирдеңкелерин ырдатып, баштарын айлантып атат, деген жалааны жаап кууп чыгышкан.

Анын ордуна кайдандыр татар молдо келтирилди. Эс тартканы үстөккө-босток жапа чегип кактоочуна тартса да, ошо саамкыдай касам ичкенден да катуу кансыраган эместир. Канчалык эринин кеберте тиштенип ичинен ызырынган менен, кошоматчы, сыйкылардын жалаасын көзүр кармаган Дүр зулум анын дилиндеги алал аракетин айкындаган датын иликке албай чыртылдап ызырынды. «Кур дегенде биринчи сыныпты аягына жеткирте окутуп көрсүп», деген Айылчы абасынын да кадыры мырзага өтпөдү.

— Биротоло ээнбаш молдо сөрөйүңүздү элимден, жеримден алакчылап куугунтуктайт элем. Сиздин кадырыңыз үчүн кечтим баччагардын ээнбаштыгын. Каалайт экен, тыпч ыр, жомокторун айтып, букараларымдын, элимдин жаштарынын жоро ырчысы болуп жүрө берсин. Каалабаса жол ачык. — Дүр мырза, атасынын, анан өзүнүн акылман кеңешчисине алгачкы ирет тике атырылды. Айылчы ага араздашмак беле? Шагы сынып, күйпөйүп кайтып иниси Байымбетке бала окуткандан бөлөк, оңордуу жаш жигиттин колунан арбын иш келээрин кыйытып кур жайкады.

Ошондо ызалуу Байымбеттин ниетине жерине кетүү, нетсе да, оз элинде жабыркаганын бөлүшчүү тууган-туушкандарынын арасында болуу күпүрү кылтайган. Бирок, аны буйлалаган орчундуу максат — ушунча жыл жайлуу туруктаган кең Чүйдөн эр жеткенде эне, ини, карындашын ээрчитип сопоюп кайтышы кандай? Шерттешкен колуктусу Сейдеши бойго жетип, кара торусунан суйкайып, капкара чачтарынын өрмөгүн бучкагына чейин эңилте тарашып, жасанып сынына толуп кириле басканы, суйкая караганы, шыңгыр күлкүсү, олуттуу сүйлөгөнү жеке Байымбет түгүл, колукту иликтеген кыйла азаматтардын арзуусуна толуп, жүрөгүн элең-желең дегдетүүдө. Менменсинген мырза чыкмалардын өзү же жиберген жуучулары көбөйүп, Сейдештин жана атасы Шерматтын тынчын кетирүүдө. Сырдаш жеңеси менен апасы кызы тараптык. Кызын, байбиче, келинин урматтаган бардарыраак, жоош сыяктанган менен чогоол, кыял, камбыл дыйкан Шермат куда түшүүгө кол куушургандарга: «Кыздуу үйгө жуучу келет. Баламдын башы бош эмес. Кол кармашкан теңи бар», деп жолго сала берет. Кол кармашкан теңи пары дарыкер, пары ырчы улан Тоголок молдонун көрт башын жеке кыз, жеңеси экөө эмес, үйдөгүлөрү мүлдө, апа, атасына дейре жактырышат. Арийне,

жалгыз аттуу, жолбун азаматтын жону жука, колу жарды. «Өнөрлүү өлбөйт». Бара бара өз оокатын тыңдап кетээри ыктымал. А азыр калыңсыз, каадасыз кыз атказабы. Каада. Атасы калыңды арбын төлөөгө азгырган жуучулардан го, кечүүдө. Жакшы көргөн кызын көз жашын көлдөтүп, муңга чөмүлтнөй көңүлү сүйгөн жигитине ниетинен макулдаган ата кантсе да, эл алдында арынан уялып, кызын үйдөн карыш жылдырбай, катын, балдарын бөйдөй кууруп кайтарууга салды. Антпесе, туш-туштан кылыйган жуучулардан жыйрылган Сейдеш бийкеч бекеринен «антташкан Байымбеттен башкага берсеңер өлүп тынам», дебегендир. Окус ойноктогон шок жигити менен тээ кайдагы Курткага качып, жер чапчылатып жүрбөсүн.

Эртели-кеч Шерматтын үйүндөгү ич ара калаба күн санап ырбап, сайма сайып үйдөн чыкпай үмүттүү дилдиреген Сейдештин санаркоосун күчөттү. «Аман калса молдо дос, демейде эптеп ыгын таап, жеңекем аркылуубу, же бетме-бетпи бат, бат жолугуп турчу элең. Балдарды окуткан молдолугуңан кагылган соң, дарексиз життиң. Молдолугуң курусун, ырың менен, табыптыгың менен, кетмен чаап, мал багып деле жан сактайбыз. Корунуп, басынып элиңе качтыңбы? Жок, сен антчү жалакайдан эместирсиң. Кайдасың, жаркыным? Менин кайтарууга түшкөнүмдү, үйдөгү кыжы-кужу, жалаң мен, сен туурасында каргашага айланганын сезбейсиң да, туйбайсың».

Акыры үй ээсинин чыдамы жетпей, баарынын көзүнчө, жээрде сакалын булкуп буркан-шаркандады:

— Кайда, силердин көкөлөткөн күйөө балаңар! Көрүнгөн жуучуга мени жек көргөзүп талаттнай, айтчуңарды айтып, дечүңөрдү дебейсинерби ага! «Эрге намыс, коёнго камыш». Айнектей баламды боздотпоюн, деп убалынан коркконуман силердин тилиңерден чыкпадым. Жаки, болбос-со... Анын Айылчы агасы не ыңгыранат. Же билбейт бекен. Мени тоготнойбу. Же инисин сыйлабайбы. Антчү адам эмес. А балким «күйөө балаңар» ага сырын айта электир. Жеткизгиле аныңарга. Айылчысын каада боюнча астыма жиберсин. Өзүм сүйлөшөм а менен. Калыңынан да кечтим. Баламдын башы жайын тапсын. А балким, Айылчы кур аякка бата жүрбөсүн билген эме, атайылап келбей, кудалашууну каалабай жаткандыр. Андай экен ачыгын билгиле, ырчы «күйөө балаңардан!» Деле урдум мен элдин ушак-айыңын! Отолотоор кыз өзү да үйгө сыйбай баратат. Камынгыла сен-сүбүн озуңор. Көп кулактын кужурун жедирбей, тездеп кабарлашкыла!.. Ба-

ламдын башын азыткыдай имерип, акыры артына качса анысын билдирсин. Таалайына түшкөнүн көрөөр кызым. Эшик тындырбаган кардарлардын ичинен кантип эле анчалык эстүү бирөө табылбасын!

Атасынын жедеп жетиккенде, жаны ачып ачык күпүлдөгөнү Сейдешти кубантты да, муңайтты. Кубантканы — коп атанын бириндей кан-какшаганына карабай, кызын малга сатпастан жакыр да болсо, көңүлү сүйгөн жигитине берээрин айкындаганы. Атаганат, молдо досу Айылчы агасын аздыр-көптүр каада ырымы менен атасына жиберсе, иштери оңуна айланаары бышыкталды. Муңайганы — кайчадан бери паристе сезимин ойготуп, бара-бара ашыглык арзуусун арбытып, качан толукшуп жетилгенде, чындап күйөөлөөр чагы келгенде ырчы досунун ың-жыңсыз тоңгону. Ага атасы тупадан-туура ачууланганы, «баламдын башын азыткыдай имерип, акыры артына качса анысын билдирсин. Таалайына түшкөнүн көрөр кызым. Эшик тындырбаган кардарлардын ичинен кантип эле анчалык эстүү бирөө табылбасын», дегени боконо сөөгүн болкулдатып, көзүнө ысык жаштын толкунун серптирди. «Кантип эле кулак укпаган сөздүн балын ырдай, жамактата, макалдата жүректү чымырата, кыялды оштонто, ант-шерти бекемдей тутанта, ар жолукканы ажайып жаннатты (бейиштн) аралаткандай чалкытып, өзүнө гана берилте ойду да, бойду да өскүлөң тарттырган Байымбет айнысын. Жеңеси аркылуу ашыгын таптыртат, шаштыртат. Дегеле бул дүйнөдө атакесинне миң ыраазы».

— Кызыке, ыйыңды да, башка саймаңды да токтот. Молдо досуңа мына буга жүз аарчы сай. Мен кайнилердин бирөөнү атказып, дайнын иликтетейин. Атамдын ачык карбаластатканы пайда болбодубу. Апаң экөөбүз төшөнчү-орунчуңду белендеп, буюрса жакында атказабыз.. — Жеңеси төрт чарчы саргыч жибекти Сейдешке табыштады.

— Жеңекебай, атакем айткандай үйгө сыйбай баратам. Аттантаарыңар анык. Молдо достон бөлөктөр караанымдан айлансын. Аны таптыра көр батыраак, жеңекебай. Мен бул жүз аарчыны ашыкканды, дүрбөлөңдү түшүндүргүдөй табышмактап саймалайын. Кудай жалгап ылдамыраак жолуксак, өзүм карматайын. Жок, сен бердирем десең, аныца деле макулмун жеңеке. — Сейдеш безилдеп эмки айла жалгыз жеңеси аркылуу гана табылаарына үмүттөнду.

Ошо тапта Байымбет инисине кошулуп, орус, казак,

дунган, уйгур батрактары менен бирге Кузнецов кунецке жалданып Шамшынын калың карагайынан кыркып, бутап, жыйып капчыгай арасында, мөңкүгөн кашка суунун дабышын тыңдап, капаттуулардын кайкыганына кубанып, таза абадан илеп тарта, кечкисин үңкүр оозунда чегедектин тамтуу отун тегеректеп, карагайчылардын атып, же тузакка илген кайберен этинен кактап, кайнатып отурган маалда казал жомоктон сайран алыста жүргөн. Ара, балта, чот, калтек, араба, курал-жарактарга, бөлкө, талкан, сүзмө, кургак азыктарга камсыз карагайчы азаматтар күндүз дсе күндүзү, түнү дсе түнкүсүн илептерин суутпай элпек көңүл черлерин таратып, улам жаңысынан түрлөнтө баяндаган Тоголок Молдону оор түйшүктөн алакчылап, отун-сууга калтырышып бапестешти.

Байымбет да иметтеш батрактардын сыйлагандарын актап тамактык отун, суу камылгасын ыкчам жайгаштыра коёт. Анын бүгүнкү кечеде өнөкөрүнө эмнеден, кандайча, капчага уккулуктуу, маңыздуу шоок куруунун алакетинде же көңүлүнө жаттайт, же кагазга чүргөйт.

Карагайчылар дүңгүрөгөн токой ичин күү-шаа, карс-курс жаңырыкка толтуруп, иш кызыган маалда, боордогу үңкүр кошунда калган Байымбет бир колуна көнөк, бир колуна чака көтөрүп, капчыгайдын таманындагы суугa шагылдуу чыйыр менен ичинен күңгүрөнө төмөн кадуулап бараткан.

Оро-парадан чыккан аттын туягынын дабаны аңгыча:

— Ат салоом алекум! — деген доошко элейип, колундагы эмеректерди уялыкы жерге коё башын көтөрдү:

— Алеки салам. — Бая жылы Шерматтын босогосун алгачкы аттап, кызыл чок балдарды ошолордукуна чогултуп, эмдегенде, жаңыдан сексейип бой тарта баштаган беш көкүл Сейдешке алгач көзү түшкөндө, бардыгынан мурда эдиренден коркпой коломочтонгон Сейдештин кетирекей иниси. Эдирейип чыйрак өспүрүм болуптур. Каадалуу эркектей, атынын тизгинин тартып, ээринин кашына обоктоп, Сейдештикине окшош сурмалуу көзүн күлүңдөттү:

— Үч күндөн бери издебеген жерим жок. Акыры апаңыздан дайыныңызды билип, карагайчылардан тапканым ырас болбодубу.

Энтигип токтогон «кайнисинин» дидарынан, созунон жакшылык жышаан баамдаган Байымбет, ага чукулдай

басып, камчынын бүлдүргөсүн илген колун кармап эркелете, атынын жалына сүйөндү:

— Айта кой, эмне кабарың бар.

— Жеңем менен эжем эле...— Бала мукактанып, кантсе да сүрдөгөнсүдү,— муну сизге табыштагын, өзү түшүнөөр, андан аркысын унчукпай тур. Эгер табышмакты таппаса, анда айт дешти. Коюн чөнтөгүнөн төрт бүктөлүү саргыч жибекти сунду.

Байымбет жылуу коюндагы жүз аарчыны үлпүлдөтө ачып, козүн, чекесин шоодурата сүртүндү. Жумшактыгынан да алда немедей жакшына жыт аңкып көзүн умачтай ачтырды. «Өзү түшүнөөр дешти». Бу не сырдуу бөлек? Четин кыдырата аппак жибектен таңдайлантыра бөртмөлөптүр. Ак дил сүйгөнүнүн белгиси. Ошол аппак саймаларында мотуройгон Сейдешинин сагынычы катылгандай, таноосун сүртүмүш эте жыттап, өз кусалыгын айкындады. Өзү түшүнчүү табышмак кайда? Тегеретип кармаласа, төрт бурчунда чычкандын кулагындай чаташкан илмектер. Кызыгың кур, бул неси? — Кареги ала чакмактап, кайта-кайта алиги илмектерди кармалады. «Кайниси» кылтыйып, эгер таба албаса гана сөзгө жыгып айтам, дегенсип сабырдуу. Илмектер аппак саймадай ачык бажырайбай, күцүрт, бироо күрөң, экинчиси көгүш, үчүнчүсү жашыл, төртүнчү бурчтагысы кара кочкул.

— Атаңдын көр-рү-ү-ү,— Тоголок Молдо калтар мурутун чыйралта шуу үшкүрүндү,— ар түркүн илмек. Кызыл эмес, сары эмес, ак эмес түгөл күцүрт. Сыягы силердин үйдө тополоң-тоз, Сейдеш менен жеңеңдин көөнү чөгүцкү, чакчелекей, ыраспы?

Али баёо адам капарына илбес, жүз аарчынын саймаларын чын эле табышмактуу кымындай илмектерди батбат жылдыра кадалды атчан чабарманга. Өспүрүм үзөңгүсүн чирене тээп, ээрден чайпала козголуп борсулдады:

— Таптыцыз, таптыңыз. Эжем менен жеңеме жездем кыйын экен, деп сүйүнчүлөп жеткирем. Калганын жолдон токпой, чачпай жобурап берем. Мында арабага түшүп жетипсиздер. Кантебиз. Миниңиз,— кайниси ээрден артка, аттын соорусуна сыйлыгып, Байымбетке орун бошотту.

Окуянын ал үчүн чатакка чырмалышканын билген соң, маалимдиктен сүрүлгөндөн буга чейинки жапасын дароо унутуп, Байымбет алапайын таппай алдастабасты. Карагайчыларга чакыруу боюнча бараткапын эскертти. Инниси Байтымбетти жалгыздатып жагдайды айтса, аны-

сы далысын куушуруп үрпөйүп тим болду. Анан кантет. Анын колунан келээри не? Жанына аралжы акыл кошчу Айылчы абасы гана. Кокус, Шерматтын астына кулдук уруп, куда түшүп барууну ар көрсө, анда каран түнгө капталганы дей бер...

Адегенде апасы экөө кеңешип Апай энеге, анан үчөөлөп Айылчы ажыга, ажаатты чечүү жалгыз гана анын кудуретинен келерлигин жобурай жалооруштү.

Айылчы болкоюп тигилердин тебирегендерин кулагынын сыртынан дыңылдаган когончолук солк этпей тыңдады. Мындан алда канча кайгылуу, эрлер өлүп, чабыш, талаш, жаңжалдарын тыюу масилеттерине бүтүм чыгарууга, катышкан залкарды иниси нин өз алдынча тың букара Шерматтын кызына күйөөлөө же башкаларга тарттыруу жабыры анча козгой албады. Азыноолак тынымдан кийин, көк ала чалган сакалын учкай салаалап көз кыйыгын Байымбетке имере кыздын дайынын, келбетин, кыял-жоругун, адамгерчилигин, канчадан бери жүздөшүп, сүйлөшүп жүргөнүн териштирди. Байымбет күйүп-жанып колуктусун келиштире мактап, мөлтүр махабат шертин актоого калкагар тоодой кара туткан кадырлуу агасы колдобосо, жардамсыз жакырдыктан сүйгөнүн алалбаса, бу чөлкөмдө адаммын деп тирүү бастырып жүрүүсүнүн кажетсиздигин, анда жергесинебй тымызын качып житип жоголуусун безилдегенде, Айылчы селт сүлөөсүн тебетейин кулпурта, калдайган башын көтөрдү.

— Жетти, карагым, жетти... Колуктуңду канчалык жактыраарыңды билдим. Коруштун, сырдашып, сындашып жактырышып баш кошкондор ынтымактуу өмүр сүрүшөт. Ушундай эмеспи, байбичем.

Апай эне маңкайып, эринин кезегиндеги өзүлөрүнүн санжыргалуу жаштыгын, оппо шаранат ушуга дейре ийин жандырбай дөөлөттүү жашатканын кыйытканын андай жайдаңдады:

— Бөбөгүң биздин жолду жолдоп, бактысы ачылсын. Эми ата ордуна карманып тутунганы өзүнсүң. Арзыган ак элечегин колуна тийгиз. Кыязы, Байымбет чырагымдын берилгенине караганда келинибиз кадырына жетет. Кыз дурус үчүн кардарлар көбөйүп талашка түшүп жатканы. Эки жаштын ыкыбалын бузбай макулдаган ата, энеси да эстүү жандардай. Эми, ажы абакеси, жетимиңди алыстан жетектей келип жетилтип отурасың. Аныңды жер каратпай аталык парзыңды дагы аткар. Алына жараша алар да кызынын себин камдап аткан окшойт.

Калдайган кара айдап баралбассың, эптеп каадасын чуктап, улуу башынды кичик тутуп, бир эле жолу кудалап түш.

Эне, баланын эбденин эзилткен Апай эненин акылын эри эки илтик жашыруун кыйытмасынан өйдө баамдап, узакка уюй мемиреди. «Кеп ушу калдайган кара айдап кудалап баралбасы. Ар кимдин өзүнө чамалуу мал, оокаты бар. Төөсүнө жараша жүгү» дегендей Айылчынын деле артык баш казына байлыгы жок. Төрт түлүгүнүн деле чамасы чак. Ашып кетсе эки кара кошумча кошоор. Келинди келтиргенде чакан нике тоюн өткөрөөр. Эки жетимдин термелеп жыйган биртике оокатын үрөөр. Шермат жээрде сакалды басыраак тукумдан деп басмырттап барууга дити даабайт. Бардардыкты көргөзүүгө да пейили чаппайт. «Ат өлбө, араба сынба». Апай байбичеси дело ошондойчо ачык жаныткандай «эптеп каадасын тууралап» улуу башын дагы уят кылбай, куданың астына ортозаар барганы жөндүү. Ортозаар калыңды кайдан табат? Баланча байдан мынча, түкүнчө байдан анча, дең кошумча бүтүм бычкыдай, же жарды жалчысына карабай, түтүн башына чачып жасоолдорун чаптырып өндүрүп жыйнаткандай Сооронбай же Дүр эмес. Кур дегендө элчиликке, ыптымакка чакыргандай уруу башы болсочу. Өзүмдүк жемин өндүргөнү дебесе, аз түтүн кураманын бири. Айылчы купуя сабыла ары калчап, бери өкчөп, мурутун бүп желге удургутуп эринин бүлктү. Анткени, оюна ыктуу ылаажы кылтыйып, ким деди. Өзү менен өзүн тындырганга жетебп. Каныкей туурдан мына, мына канат сермечү куштай сыланып, балакаттан өтүп баралыпа жеткендей. Чыгыш салтында кыз бала мейман аталат. Ал чоңойгондо көп кымырылтпай ээсине жөнөткөн дурус. Ага көзү түшкөн кардар бардыр.

Айылчы бул оюн берки үчөөнө маалымдады эле, аялы менен кыздын эпеси анын чындыгын аныкташты.

«Кызды сураганга, кымызды ичкенге бер». Айылчы болжолунун тууралыгына жигерденди. Албетте, Тынайдын манап, байларынан кудалабаса да, өзүлөрүндөй курамалардын тыңыраак дыйкапынын уулу көз артканы ага жакты. Акыры Шамшынын наркы бети Кочкөр тарантан, Сарбагыштын жарбаң уругунан таарынып көчүп келген Көкүл дыйкандын уулу Малай деген жигитке Каныкей өзү соз бергендигин колдошуп кудалашты.

Байымбет да куттуу Чүйдөн куда-сөөк күткөпүнө, алынча эрке өскөн жалгыз карындашын картка токол-

дукка эмес, өзү теңдүү уланга коштурганга сүйүндү. Ата туткан Айылчынын астына тайпууга Капыкейдин кайындары, колдо бар жугу менен шашылыш келтирилип, чамалуу шаан-шөкөттөлүп узатылды. Аз да болсо Капыкейдин калың агасынын жүгүн жеңилдетүүгө жарады.

Акылман Айылчы ыгын таап Чүй элине кыз берип, келин алып туугандык канат, бутагын жайылтты.

Максатына жетип, бактысына балкыган Байымбет Сейдеши экөө себине келген чакан өргөөдөн түтүн булатып, жайкысын жайлоодо, кышкысын үстүн бийиктете оңдоп жаап, терезесин кеңейткен теңейген ысык үйдө. Анай эненин айдыңында кол баласы катары курсант доорап сурүүдө. Экөөнүн ниетине жалындуу ынтымактан артык ырыскы жоктой. Ананчы, жактырышып табышкан эки жаштын пейили ашып-ташып ток. Бар, жок, байлык, жардылык алардын капарына да кирбейт. Дайыма бирге наздашып, көрүшүп турушканы жыргал. Андай ынактык сагынычты күчөтүп, бара түшө көр оокаттын камы, бири-биринен утурумдук алыстатып да коюуда. Байымбет шерик батрактарга коштулуп кезек-кезеги менен кээде орустун кулак, көпөсүнө, кээде дунгандын, кээде кыргыздын байларына эгин айдоо, сугат, чөп чабык, орок маалында ашарга күндөп-түндөп кетмейи бар. А түгүл ичкериге мал айдоого, карагай кыркууга, тактай тилүүгө, аларды арабалап кыштакка тартууга анталап, айлап, жалданып да жөнөйт. Ырас, аның чаалыкканды унуткарып, чарчаганды таркатаар ырчы, жомокчу, молдолук касиетинин кайталанбай өркүндөй берээрин билген опоктору, ансыз зеригип, сары убайымга чогоорлуктөрүп эскеришип, кээде ой-боюна койбой өтүпүп, алып кетише турган. Шопткендерине жараша Тоголок Молдону колуп жоорутуп, белин талдырбагыдай жумуштун жеңилине ыйгарышат. Акысын алган учурларында тең бөлүшүшөт, а тургай андасанда артыктата да үлөштүрүп беришет.

Кара күчтөрүнөн бөлөк аянаар эчтекеси жок эргулдардын ар киминин муң зарын, мүдөөсүн Тоголок Молдо муюп тыңдап, баарынын тең теңчиликсиз заманга, күн санап зулумдугу, ачкоздугу арткан Орусиянын торолору менен кыргыздын манап, бий, болуштарына кыжынгандарына ортоктошо, канткенде акыйкаттык орнон, азы зор, көбү кор адамзат, биринин козун мыңы карабай, элдин, жердин эсебинен эсирген эмелерге мүнтүп каруу, күчтүү азаматтар жалчылыкка мүңкүрөбөй, ар ким өз бетинче, коз карандысыз оокат кылуучу «койдун үстүнө

торгой жумурткалаган» байгерчилик доордун качан, кандайча келээрин, кандай күч жеткирээрин так элестете албай күдүктөнөт.

Кээде муңдуу замандагы кайгыдан, опасыз дүйнөдөн жаңы казал, кошок чыгарса, кээде кереметтүү «алтын доор» жөнүндө жомок ойлоп, мээнеттештеринин көңүлүн жубата, зоок кече курат.

Кийин, үйлөнгөнү талаа, түз, тоо, токойдо апталап, айлап түнөктөгөн кошунда узакка чыдабай, жаш жары Сейдешин сагынып көңүлү айныганычы. Деги эле мындай жалданма тирилик жадатып, бүлөлүү кишини апчейин жарытпасын, а тургай тил, кагаз өнөрүн чидерлеп кеңири өнүктүрбөсүн түшүндү. Калың калайык арасын, аш, тойду, топту аралоону, жарчы, ырчыларды көрүүнү, алардын чабытын, кимди мактап, кимди кордоорун, кимге жагып, кимге жек көрүнөөрүн билүүнү самаганычы. Улам жыл өткөн сайын саны да, санаасы да ортоктошуп, коюн-колтукташ аралаша баштаган, ичкериден бери канаты кеңири жайылган орустун, жергеси жамаатташ өзбек, татар, казак, азербайжан акындарындай басма, кезит болбосо да, кол китеп аркылуу өнөрүн элге жайылтуупу эңсегеничи.

Ооба, максатка чек барбы? Кеп аны жүзөгө ашырыпта. Антүүгө кудурети, шарты жетеби? Көкүрөк, көз, кол үчөө кагазга талант үрөнүн сепсе, эрмектик гана тургай, түшүмдүү, түбөлүктүү азыкка айланбасын. Дастанга, казалга, жомокко, кошокко кызыкпаган адам жоктур. Жеке жалданган кара тамандардын үркөрдөй үйүрүнүн зоокчусу катарында өмүрүн откөрүшү опасыздай. Дүр мырза аны аркандаган аттай чепеп оттотуп, аш, тойго, топко жолотчу кейиптенбейт. Арийне, ар кай элден чогулган батрак жалчылардан ар нерсени угуп, көрүп, түшүнүгү кеңейсе, экинчиден алар аркылуу деле анын акындыгы, жомокчулугу калк арасына маалимделүүдө.

Өгүнү Токмок базарына сатыкка мал айдап келген Куртка-теректик бир топ жердештери иликтеп, бабасы Музоокеден шыбага жыккан, Айылчы ажыны пааналаган Байымбетти табышты. Союш беришти. Соода-сатыгын жүргүзүп, базарчылап Айылчыныкында, аныкында эки жумача маанектешти. Алар элинде Байымбет жетим Токмокту байырлагапы илимин, акындыгын өркүндөтүп Тоголок Молдо аталыптыр, деген даңаза жеткенин көтөро чала бажырашты. Ал түгүл: — эми колуктулуу да болуп-

суң. Көчүп бар. Молдолугуң, ырчылыгың, дарыгерлигиң өз журтуңа да керек,— дешип чакырык таштапкан.

Айтса, айтпаса төгүнбү, туулган ата-журтуна барса Музоокенин арбагын сыйлашса аны төпко кошуп, аш, тойго апарышаар. Кезегинде жесир, жетим азып-тозуп, эми мууданып кайткан урпагына туугандары төгүлүп чачылбаса да, сый сыпат ырасмысын жасаар. Төголок Молдо аталганын укkан журту ырын, үнүн тыңдоого ынтызарланышаар. Ошондо эргибей үлгүсүн ооз жүзүндө да, кагаз бетинде да чачпай не болуптур. «Туулган жердин топурагы алтын». Чүй бооруна миң мертебе кулдук уруп жүгүнөт. Буюрса дагы далай кайрылып, катыш үзбөй турган кайын-журт, куда-сөөк күттү. Ала-Тоодой аркасы тийген Айылчыдай тууган тапты. «Ат баспайм деген жерин миң басат». Касиеттүү сары өзөн Чүйгө кош айтышып көчүү деми күн санап чыңала, эми көөдөндөгү күпүрүнөн ачыкка, жакындарына чыгаруучу маал жетти. Апасы жакындан көрүп турууга кызына буйдалбаса, иниси дароо макул, дейт. Чочулаганы Сейдеши менен Айылчы абасы, Апай энеси. Туруктуу эмелер анын караманча алыска кетүүсүн кандай кабылдашаар экен.

* * *

Жакшы ачыган бозо өз убагында сүзүлбөсө, челектен ашып-таша жабырын-көбүрүп төгүлөт. Анын сыңары Байымбеттин купуя элине кетүү күдөрү ичине батпай, дүмөктүү толкундай түрүлө, акыл оюн алдастатууда. Көзүнө Куртказынан башка эч нерсе элестебей, кулагына же Нарын дарыясынын шары, же Музооке бабасынын күүлорүнөн бөлөк эч нерсе угулбай, мүлдө үмүтү, санаасы жергесин ээрчип, жергесинде жашаган сымалданды.

Бүттү. Ага эч кандай тоскоол туруштук бералбас. Желге айланып калкып жетет. Жылдыз болуп учуп барат. Ата-Журтту, куту, сыймыгы аны күндүзү да, түшүндө да алдейлеп чакырып, термелип күтүп турат.

Эл жайлоого көчөөр көктөм маалы Корукчасындагы кызгалдак, байчечектүү шиберге тепейген өргөөсүн тигишкен. Айлуу, жылдыздуу түн. Байымбет жазгы жумшак керимсел лепилдеген серүүн өргөөсүндө, ак шейшеп, мамык жаздыкта түндүк жабууну тартпастан ача таштап, ачык асмандын жаркыган макулуктарынын шооласын күбөгө тарта, көчүү масилетин коюнунда оролгон Сейдешине коштоодо.

Сейдеш күтүүсүз кабарга чү дегенде апкаарый, же макул, же жок деп айталбай, чочуппу, же коркуппу титиреген билгизбөөгө бетин эринин көкүрөгүнө басып, кулагын төшөөдө. Катмар тоолордун тээ түпкөркү жагындагы, убагында өзү жай таппай тентиреп качкан жергесин эри эми неге мынчалык көксөйт? Сейдешти эли, журту ата, энеси, туугандарынан ажыратып ыраактагы чоочун жайга апарганда кантип көнөт? Анын жүрөгү куушурулуп, өпкөсүнө өргөө толо ачык асмандан калкыган аба жетпегенсип, деми кыстыгууда. Күйөөсүнүн жергесине барууга багышталган таттуу кыялы, болочокту марг экиленте экчей кереметтеген аяр даанышмандыгы келинчектин шектенип, коопсунганын секиндеп эритүүдө. Жанындай берилген жаш жар ичинен нечен кыл сабылса да, эринин ыкыбалына көнүп, аны менен бирге маңдайга жазылган багыбы, шорубу термелбей тартууга, каретине ай жарыгында кубалашып ойногон жылдыздарды чагылта макулдады. Байымбет эртеси мүдөөсүн энеси менен иниси-не жардады. Так ойлогонундай чыкпаспы. Байтымбет баягыдан да москоол, алибеттүү тартқан. Ал колтугун кере окторулуп агасын кучактап далпактабасны.

— Ба-а... Оозундан айланайын, молдокем... Кайсы күнү ушундай сөз чыгат, деп акыйганым ай. Кетебиз! Аштык айдап, мал багып тың оокат кылабыз жерибизде. Кетүүгө жанды койбой шыкактаган, орус байында малай Жаркынбай деген кайраттуу эргул бар. Ага мен сенден отүналбай, убадамды толук бере элекмин. Жетейин а-а... Өзү биздин Күрткалык. Нары өйүздөгү ымандан. Биздей жетим калганда эжесин маанектеп, беш жыл мурда келиптир. Анан эжесинен да ажырап, жалданмага өтүптүр. Тимеле шапылдаган түгөт. «Жерди казып, асыл өндүрүүнүн уусун билдик. Ичкерден орус, дунган апкелген аштыктардын уруктарын катуудамын. Апарып жергбизге «жаңылык» киргизебиз — «Крестиян» болобуз. Сен мендей муюбаган дыйкан экенсиң. Маңпай бололу. Өзүң да тукум камдап беленден. Көндүр аганды» — дейт. Орусча кийинип, балдырап сүйлогөн көп жылдан берки акысын чогултуп жүрүптүр. Уурдап каткан кылыч, мылтыгы бар эр. Көчкөндө анын пайдасы тиет... Азыр кайда болбосун орустан, тилмечтерден, жасоолдордон коркушат. Ал ошондой эр. Барайынбы? — Кажарлуу неме барылдап сүйүнгөнүнөн, агасын капшырган кучагынан араң бошотту.

— Өх-тү. — Байымбет чын эле будаланып тумчуккандай боргулдап үшкүрүндү. — Апсайган аюу десе-е... Ал-

кылдап ашыкпай чыдай тур. Жаркынбайың күтө берсин. Жолуксун маа-а... Билсең, аюу, биз качкын эмеспиз, өзүбүзчө эле топурап көчө качкыдай. Айылчы аба, кайын-журттун, карындашыңды берген кудаларыңдын ыраазылыгын, батасын алалы. Токмокто, Пишпекте дос, тамырларым бар. Аларга жолугуп акыл, насаат, көмөк сурайм. Анан бодого демебиз келбесе, жандык союп, ажыраш-аяк берип, адам катары, салттуу көчөлү.

Байтымбет агасынын акылына муюп, кайра чок түшө кулдук ургансыды. Энеси уулдарынын калибет эркек мүнөздөрү жетилгенин, өз арбайын өзүлөрү согууга жарагандын эми гана туйгандай сүйүнө да, жалгыз кызын жалдыратып таштап кетээрине эмчек тамырлары зыркырап да, бышандап көз жашын жоолук учу менен сүртүүдө.

— Неге ыйлайсың. Сүйүн! Демейде молдо уулуңа айталбай, мага Куркадан тоно буюрчу күн барбы. Силерди туугандарыңарга табыштап анан өлсөм экен, деп шыбыроочу эмес белең. Эми кор болуудан өттүң. Сени мойнубузга көтөрүп багабыз. Иштүү десең иштүү, ыймандуу десең ыймандуу келинге да туш болдуң. Тый-э, ыйыңды!— кичүү уулу догдоюп тизелеген боюнча энесинин кашына жылып барды.

Мээрбан эненин көз жашы толкунануу сезиминен ташыганын аңдаган эр жеткен эки бирдей азаматы эдиреңдей кубаттанышты.

Үй-бүлө кеңеши чукталганда Байымбет ого бетер чыңалды. Эми аны козголонунон кайттырчу ким?! Эч ким! Жо-о... Кудай колдосун, тобосунан танбасын. Эгер кара мүртөздөнүп каарданса, Айылчы абасы чоң дүмөк баштаар. Тентиреп Жумгалда жүргөнүңдө көчүрө келип, оозуңа аш, үстүңө кийим, башыңа акыл киргизип тыңытканда, менин эмгегимди кайтарбай таштап каччу сенсиңби,— деп кине койсо... Төрт айласы түгөнөөр.

Ыя, ошентип, «ийлеп, ийлеп итке сал», деши мүмкүнбү? Бу коопсунуусун эртең эле Курткасына жетип барчудай делбирей куштарланган иниси жанытса, ал дароо алайын, кара баскандай делдейди.

Тобокел. «Жаман айтпай жакшы жок». Байымбет кайрадан чыйрала, камсыкпаган кара көгүнө тартып чымырканды. Нечен ыкыстап ыгын келтире албай, кыйла тыпымсыз күн, уйкусуз түндөрдү откөрдү. Айылчы абасы менен Апай энесине Сейдеш келини кайнаткан самоордон жай баракат чай сунуп отуруп, мүдөосүндөгүнү оронкүй жылдырды:

— Ажы абаке, Апай энеке, алдыңарга бөк түшүп айтар өтүнүчүм бар. Атамдан артык ардактап, энемден артык эркелетип адам катарына коштуңар. Жесир, жетим элек жетилттиңер. Жыртык элек, бүтөлттүңөр. Жакшылыгыңарды өлбөсөк унутпаспыз, кудурет жетсе актаарбыз...

Кепке жетик инисинин шар сүйлөөдөн айбыгып, сүйөмолөп туталанганын туюп, далайдын зарын угуп, камын жеген көрөгөч көсөм Айылчы тамагын кыстырган демди айдай, күрсүнө жайдары багжайды:

— Карагым, камсыкпа. Дээриндегини билдим. Кутмандуу Курткага кетейин дейсиңби?

— Таптыңыз, абаке. Айталбай апкаарыганимды туйдуңуз. Сейдеш, анам, Байтымбет баары макул. Рахым эттеңиз... Сиздердин ак батаңыздар менен гана өзүңүздүн куттуу Курткага кайра жетсек. — Байымбет колун бооруна куушуруп ийилди.

Айылчы сабырдуу багжайып, аялына тигилди. Апай байбиче туурунда сөөлөттүү конгон тунжурдай ирмемге эрине дит багалбай тунжурай, анан каз элечектүү шаңкайган башын секин ийкей сүзүлдү. Сырдана эрди катын узакка арбашып ойго чырмала, биринин сырын бири айттырбай окуп жаткансышты. Байбичесинин жаңдоосунан кыраа Айылчы «Кантесиң. Өзүң туюп турбайсыңбы. Жаныңа эш болоор, деп таптаган тулпарың, жашында жем жеген акырын эңсеп, чылбырын үзсө кантип токтотосуң. Саяпкерлик эмгегиң сая кетпесин. Дагы эле сылап-сыйпап, көңүлүнө зак кетирбей, көкүлүн шүйүп, куйругун түйүп атказганың оң... Кээде эстегениңде оозуңдан көк түтүн бураган ыйык журтуң Курткага чабышка түшүп, «Айылчылап» сенин урааныңды чакырып байге апкелгиси бардыр», деген купуя кеңешти кабылдады. Ошо маалда жаш келин Сейдеш саңоор чачын үлпүлдөтүп, бөртмө жибек жоолугун маңдайына түшүрүп, үлбүрөтө, касиеттүү карылардын акыркы өкүмүнө чыдамсызданды. Байымбет жооп күтүп кулдук урган калыбында, дагы эле эңилүүдө.

— Ондонуп отур, карагым. Эми жай маектешели. Сен менин баамымда атанын гана баласы болбой, элдин баласы болчу баралыңа жеттиң. Айт чыныңды, жашырбай. Кең Чүйдөн не себептен кетесиң? Кутмандуу Курткага барганда не муратка жетесиң? Түн узун. Апай энең экообүз сени ырдатсак, казал окутсак, дебедик беле. Ага дагы убакыт калаар...

— Кагылайын, балам,—Айылчы Сейдешке бурулду.— Апаң, кайниң үчөөң, аштымканага казан асып, эт салгылачы. Биз Тоголок Молдомдун жүйөөсүн эшители. Канчалык бизди ынандыраар экен...

Сейдеш кырчын кайыңдай бураалып, жүгүнгөн бойдон табышсыз сыртка жылжыды. Ыймандуу келинге карылардын пейили жибиди. Айылчынын «Тоголок Молдомдун жүйөөсүн эшители», деп эркелеткени, түндө узакка баарлашууга атайылап казан астыргаңы кең пейил адамдын айкөлдүк ырасмысы го.

Тасмыялуу мамилеге ташкындаган Байымбет көптөн берки купулунда кетүүгө мажбурланган жана мекенине барганда, маанектээр иштери жөнүндөгү далилдүү себептерди баштан аяк бул залкарларга тереңдете терип төпчүүдө...

Саймедиреген түгөнгүрдүн жүйөөсү биринен сала кийинкилери, олуттуу кынала, мындан аркы бүт өмүрүң жазма ырчылыкка, кол китеп таратууга арнаарын, андай кудуретти ишке ашыруу буерде абасы Айылчы канчалык канатын какса да, ага Дүр мырза мүмкүндүк бербесин, так ошондуктан, Курткасына барса кур дегенде өз элинде эркин бастыраарлыгын шерик-шакирттер табаарын такылдаганда... мындай акыйкатка ажы да, байбиче да божураган боордошунун оболуна көнө жолтоо болуунун кажетсиздигине ынаныша, бири-бирине кылая шыпшынып баш ийкешти. А дегенде байы, аны коштоп байбичеси алакан жайышты:

— Муратыңа жет, Тоголок Молдо, карагым...

— Тилегиң кабыл болсун, чырагым.

— О-ми-й-ин!

Байымбет чөгөлөп калкагар тоодой колдоо көргөзгөн касиеттүү карылардын ак батасын кабылдап, манжасын серпкенде ымыр-чымыр уруксат алкоого ысыган жүзүн жууган жашка чыпалагы тайгылды.

«Жыгылсаң нардан жыгыл, буйласын кармай жыгыл». Айылчы адамдын нары. Бою гана эмес, ою бийик.

— Тоголок Молдом, карагым. Мынча болду, сен тездеп белендеп. Токмоктогу Шарафуддин дамбылдага, Пишпектеги Пурунзе табышка чукулунан аттан. Даанасын айтып, керектүүлорүңдү өндүрүп кайт. Айылчы атайын сөзүн муунай коюнунан торсойгон чигирим намыянын сууруп астына койду. Кыязы, акча сапап берем дегени. — Куржундун эки козун толтура кагаз, дептер, мукабалууларын сура, болот калем уч, сыя сатып ал. Курт-

кадан оңго табылаар, кагазга тукулжурайсың. Пурунзе тамырың дары-дармегине сенден акы доолабайт.

Айылчының акыры шаштыргының жоңү бар. Баягында Байымбетин чала өлтүргөн жыландай алсыраты, бала окутууга тыюу салганда, Дүр мырзага колкого өтүнгөнү эсине кылтыйды. Ошондо жаш зулумдун чамгарактаганы, «сиздин кадыр үчүн, аман койгонума сүйүнүңүз текчеңдеген бузуку томоруңузду. Касиеттүү элиме жолотпой айдатып, байлатып алакчылайт элем. Жорочулардан алыс топко, элге, жаштар оюнуна басып барса шыйрагын чактырам. Тынч, сиздин паанада бакырлык оокатын кылсын, кызыталак Тоголок Молдоңуз», дегени азыр жаңырып, кулагынын тарсылдагын үзгөнсүдү.

Курган бала ошондон тартып буйлаланды. Ага, буга чарпылып, жакырларга өнөктөшүп, ар кимге жалдана кунарсыз бирдеңке тапкан менен буулугуп, чүнчүп баратканы төгүнбү? Кой, ички деми алоолоп, эркиндикти, эл арасын эңсеген ыр жандуу тукумунун убалына калбасын. Тек, өзү да минетип карылыкка эңкейип, баштагы Сооронбайдын кезиндеги сүргөн дооранын тайып, жаш мырзага анчейин кадыры өтпөй баратат. Асталап Дүр мырза үйдө үңкүйүп чөккөн карт атасынын өзүндөй жан-жокорлөрүн чет-четинен алыстатууда. Анын дагы жакында сакалын тутамдап, төрдө отуруп калаары айныксыз. Ошондуктан өнөрлүү өзөктөшүн бекер торгобой, ак эткенден так эткен ак жолуна жөнөткөнү жөн. Атаганат, омүрүнүн өтүп баратканын карачы. Байымбеттей курагы болсо, ал да токтобос эле го! Куртка. Касиетиңден кагылайын, Куртка. Түштүк танабында күкүктөгөн Нарын дарыясы, жээги жайкалган токой. Тайлак баатыр талкалаган Кокондуктардын чеби. Кезегинде эли атайлап көзкөз соот жасап, ошо мекенин коргогон Атантай, Тайлак баатырларга сандаган эркечтин майына кыш бышырышып, кынаптап заңкайта курулган күмбөз-мазар. Айланаң мелтиреген тектир түз. Эксең эгин, сугарсаң чөп жайкалат. Түндүк тарабың карагай черлүү, жашаң кокту, белестүү кенже жайлоолор. Аларды өрдөп Молдо, Уй-Булак, Жакаш, Суулу Каба, Оюлма, Тобок дабандарын ашып, көйкөлгөн кең төр, айтылуу Соң-Көлгө чыгасың. Соң-Көл, Сонун-Көл асмандан куюлгансып мөпмөлтүр, тоо кыркаларынын кучагында, аккуу, каз, өрдөк, чардак, аңыр, чулдуктарды чардатып чалкып жаткандырсың. Көл кылаасы чар тарабынан түрүлө, нарылай бетегеси белден жайкалып өндүр, жыбыттары кешен, быягы Коч-

кор, Жумгал, тыягы Нарын, Куртка капча уруу элдин төрт түлүгүн ыңкыткан төр жайлоо.

Айылчынын кусадарлыгы көпшоло, туулуп өскөн мекенин көзүнө чагылта, мурутун өкүттүү жаныды. Ошондой көрктүү жериңе анын сагынычын, демин мынабу иниси ала барсын...

Качан Байымбет устаты менен тамырына узаганда Айылчы байбичесине буюрду:

— Тоголок Молдом бала-ботобуз эмей эмине. Ал сапардан кайтканча, башынан бутуна дейре сарпай тиктир, Апай энеси. Үстү жацырын, эли журтуна тың барсын.

— Оюмдагыны айттың, ажым. Энесинин дагы, инисинин дагы кызыл жабаарын тыңдуулайын. Байымбет колуктусу экөөнү тең жаңы сарпай кийгизип узаталы. Алыскы туугандарың сага эле ыраазы болушат. — Апай байбиче бу саам дагы эринин эзилген пейилин суутпай, салттуулугун айкындады.

* * *

Жолоочу Токмок базарына толкундуу кирди. Ашпозчунун касканында бууга бышкан мантынын майлуу, эт, чөп-чар, камыр аралаш жагымдуу жытына шилекейи куюла бурулду. Атын окчун мамыга байлады.

— Лаббай, таксир! Келиң! — Секичедеги эски төшокко мандаш токунган жолоочуга ашпоз жигит эпилдеп, жыгач табакка бууланган мантыны додолонто, чөгүн чайы менен суратпай эле декилдеп астына койду.

Базардын тамагынын ширелүүлүгү ай. Байымбет корбездене жайбаракат ысык мантыдан этиет аймап, гүлдүү пиалага чайдан ченеп куюп ууртап-татууда. Улам обдулуп, кыдырата майда бакал дүкөнчөлөрдүн наркы бурчундагы китеп сатуучу калканч ачыкпы, жабыкпы ошого моюн созот. Аркы-терки баскан кардар, соодагер, далдалчылардын караанынан канчалык жүткүнсө да, Шарафуддиндин дүкөнүнүн калканчынын көтөрүлгөнүн же жабыктыгын көрө албады. Чайдын пулун төлөп, карды гана эмес пейили да ток тарта, тонурагандардан четтей басты. Шар сүзүп баруудан аярлады. Ана, жанаша секиге килемдер салынып, сөолоттүүлөр догдошууда. Демек дүкөн ачык, жаңы китеп, кезиттер жеткирилген. Кантсе? Акмалап турду, турду.., Кайра артына кылчайды. Атына

минди да, түптүз качапкы таапыш короону беттеди. Тар кочодо чаңды бурпурата кой жоргосун бөлпүлдотуп термелген эме чукулдаганда, негедир жүрөгү элең-желең болуп тизгинин тартты. Заңкайган, оймо-чийме сырдалган жыгач дарбазадан, үзөнгүсүн чирене тээп моюнун созсо да, эчтеке көрүнбөдү. Тыным тыңдады. Кичинекей балдардын кажы-кужусу. Башка ың-жыңсыз. Камчысын бүктөп такылдатты. Каалганы ачпастан дүрдүгүп каракчы келгендей, чаңылдап кенжелер нары качкансышты.

— О-у, үйдө ким бар. Ким бар-р-р! — Зоңкулдап кайра-кайра кыйкырды.

Көптө аялдын доошу созулду:

— Бу ким? Кимсиз сиз?

Жигиттин кулагына эңсегендиктенби, кандайдыр качапкы таанын үн угулгансыды.

— Ачыңыз, ханум. Мен өз киши.

— А-а, шупаками. — Нары жактагы айым буйдала түшкөнсүдү. Байымбет илгичтер калдырап, дарбазанын кош каалгасы ачылабы, десе адам өторлук жымыя жасалган кичине эшик кыңкайып, андан бейкасам, жалацкаат кемсел жамынган, кыл торко паранжы салынган аял суурулду.

Бу ким? Хафисабы? Үнү ошонукундай кубулжубадыбы! А нёге ал тааныбады? Мүмкүн, байбичеси чыгаар?

— Ханум, кечиресиз. Мен Шарафуддин дамбылданын беш жыл мурунку шакиртимин. Сиз кайсы айымсыз?

Аял паранжасын серпе көзүн тез удургута капкайды:

— Вой, Тукалок Мулла дуст! Сиз эдингизми? Танимай колганимни караңг. Узак яшар экансиз. Хормангиз.

— Хафиса! Хафиса жаным. Атайылап сизди бир көрүүгө зар элем. Тилегим орундалды. — Байымбет атынан ыргып түшүп, толук тарта толукшуган Хафисаны аты менен каалганын далдоосунда, кыса-кыса кучактап бетинен, көзүнөн чопулдатты.

— Секин, мулло жон. Болалар пайкайди. Чатокка колдирмаңгиз. Шунча вахт бедарак йуколганингизга баракалла. — Боюн алыстата чегинген Хафиса кайта ыктады. — Домло дүконида. Ишиңгиз бармиз?

Байымбет бейкапар ацкоолоно бажырайды:

— Билбепмин. Түз эле үйдөп табамбы деп келбедимби. Ишим, өтүнүчүм арбын. Айып корбоңуз Хафиса жан, атымды короого байлап, Шарафуддин акага бярайын.

— Мархамат. — Хафиса кетенчиктей кылт кирип, чоң дарбазаны ачты.

Тоголок Молдо атын байлап, же Хафисага ичкериге кайрылаарын, же базардагы дүкөнгө жөнөөрүн билбей башы маң болуп, короонун ортосундагы айланасы гүлзар, кийин курулган тактай сереге байырлады. Аңгыча Хафиса ичкериден паранжасыз эле гүлдүү жоолугун үлпүлдөтө, төрттөр чамасында кара көз, кара каш, тоголок жүздүү күлмүңдөгөн уулду чодурандата ээрчитип чукулдады. Байымбет көз нурун үрөй, кандайдыр ыймаңы ысык, татынакай балага эбедени элжиреп, астынан утурлай эпилдеп колуна илип, куштай калпыта көтөрсө, бөбөк кытылдап:

— Яна, Яна? — деп ыргытып ойнотууну жактырды. Хафиса баштагысынан да укмуштай ажарланып, Тоголок Молдо менен баласынын оюнуна кумардуу көйкөлдү:

...Сууган көңүлдөр кайрадан жаңып, эшик, төрдөй дасторкондон даам татып, чай ичилгенде, дамбылдаңын эркеси шоодурай басып, Байымбеттин моюнуна колун арта:

— Омон булиңг, мулло дуст. Бахтиниз бор экен. Энди учрашишимизни худо билади. Хайр. Узокка кетар экенсиз. Эслаб юрингиз. Озроок пул. Керагицгизга ярар,— деп сайма баштыкчаны коюнуна солоду. — Хозир тезда йулга чикингиз. Дүконга тохтаб, хохлаган нарсаларингизни олуб кайтингиз. Икаламизнинг лаззатимизни, хотирани (белекти) бир узим, бир худодан бошка хэч ким билмас.

Айкалышып коштошту.

Байымбет шашкедеги чыңдыкты эмес, кереметтүү жомоктогу, же түшүндөгү элестерге аралашкансып, эс-мас, жорго аттын үстүндө термелип, базардан кайпыды.

Мейли. Шарафуддин дамбылдага кайра келатканда токтойт. Азыр ага жүздөшүүгө, сырдашууга абийири даабастай. Балким, Пишпектен деле дептер, кагаз-кече табылаар. «Пулуң болсо кулуңмун» дейт.

Пишпекти беттеп жолдун даңгырына түшкөндө, жоргосунун шайбырын кызыта лепилдетип, ансыз да көтөрүңкү көңүлү ай талаага агылып, ыр жыпарын калкытты:

Кашың кара кундуздай,
Жылтылдайсың, келин жан.
Чапма кунан жоргодой,
Кылтылдайсың, келин жан.
Какканга каштан билгениң,
Кылтылдай басып жүргөнүң.
Коонумдон кетпейт, асыл зат,
Кашкайып карап күлгөнүң.

Төх, дечи, анын жаны ырдан бүткөнбү? Ырдагысы, такай өмүр бою ырдап өткүсү келет. Ай талаа, тоо, токой, көшүлгөн аба, көгөргөн асман, адамзатты, нечен кыл макулук бакисын көйкөлтүп, чайкалтып дартизар обонго, бейпил, теңчил, даркандыкка үндөгөн даанышман насыятка тундургусу келет. Атаганат, күсөгөнүндөй таалимдүү, жалпысын толкутчуу сыйкырду кайрыктар жетпей чала чарпылууда. Ага али күч байлоо, көп окуп, көптү көрүп-билүү, дос, мудаалаштардын, таасирлүү кемеңгерлердин чөйрөсүнө кошулуу, колдоо керек. Андай керемет шарт кайда?! «Акыл жетет, ал жетпейт» деген өзү да. Талпынып эле атат. Дайыма «итенген сайын бир боорсок» түшө бербейт тура.

Азыркы сапарчылашы да болочок мүдөөнүн кучунасы. Болбосо жүгүн артынып, өлбөс оокат өтөөр, деп кочүп кете бербейт беле. Эли, журтупа жөнөкөй баш калкалоого эмес, купулундагыны курчутуш, жадысындагыны жетилтиш үчүн чыгынууда.

Анда-санда айланчыктап түшкөн табыпканаңы шыдыр тапты. Жапыз бакча-корукчасындагы эки бирдей токчойгон камыш чатыр, аппак имарат көзүнө үйүр мотурайды. Өз колу менен тургузуп, беркиси табыпкана, айланасына чырпык кезинде тигип, эми дүркүрөп чынарга айланган жемиш даректарына оронгон өз үйү. Келим-кетимдүү, көптүн сообуна калган сүймөнчүктүү жайдын жайдары ээси Пурунзе дарыгердин баркы ар уруу журтка дең.

Ноолунун бурчундагы такырдагы тааныш муупак мамыга жоргосунун чылбырын чалды. Мурдуна арчанын жыты себилди. Ала-Арчанын токоюнан кыйылып, ат мамы жасалып, буерге кагылганы качан. Жарыктык арча кагжырап, жыл өткөн сайын күчүнө келчү неме го. Комуз, бишкек, бешик, алабакан, атмамы, кашык, чомуч, балта сап, данданкү (тиш чукур) буюмдун мыктысы, сынбас, бүлүнбөс, жыттуусу арчадан чабылат. Анын түпкөнүн эч ким этибар кылбады. Анткени, табыпканага Пурунза дарыгерге өксүбөй өзү келгендер, көндүргөн адат.

Байымбет бөрсөйтө бөктөрүнгөн саймалуу термеден тигилген куржунун канжыгасынан чечип, бош көзүн орой кармап, ийинине арта салып, табыпканага бурулбай түз эле короочонун тосмосундагы эпейген каалгадан нары өттү.

— Баракелде-е,— жолоочу таңыркай ат үстүнөн дүгдүйгөнүн чагылткан жемиш даректарынын көк-жашыл молтүрөп, момөлөрү түйүлүп ар бири канатын айланта

жазып, көлөкө түшүргөнүнө таңыркады. А деп, алты жыл мурда сербейген чыбык көчөттөр ушундай чатыраган экен ээ. Багуусу, багбаны жарашса ушинтип бак дегениң тез көкөлөп, жемишин мол байлайт...

Ал аңшайып алма, орүк, шабдаалы, алча... даректарынын көк-жашыл бутактарынын далдоосунда сергүндөп, жаңы түйүлгөн мөмөлөрүнө маашыркап буйдалганда:

— Биздики тамыр, аман,— деген доошко селт кылчайса, Пурунзенин жары. Апаңпак болуп маңкаят.

— О-у, Мавра аяш, аман. Багыңар сонун...

Мавра катыш адамды курулай омсоңдотпоо ниетинде ашыга:

— Мен азыр Васяны чакырам. Үйгө бара бериңиз. Дарылан бошонот. Келет — деп колун серепчилей нары табыпкананы беттеди.

Байымбет мөлтүр мөмөлүү, монтойгон жаш даректарды жай, суктана аралап, үйгө чукулдаганда ачылуу каалгадан өрдөктүн жөжөсүндөй сары чач эки бала баштарын сексейте, түз келаткан чоочун мейманга таңыркай карашты.

Чоңураагы босого таянып, курсагы чердейген кичипесин алдыга өткөрдү. «Кыргыз келатат. Кыйын экенсиң, бар» дегенсиди.

Байымбет тамырынын бул эки борсогоюнун кимиси канчада экенин жакшы билет. Алтыдагы улуусу апчамынча уялгансыганын, экиден өткөн кичүүсү тартынбай бери жыла, не дээр экен дегенсип, бөйтөйө бозомук көзүнөн күлмүң-күлмүң карай басканын баамдаган мейман алаканын созду:

— Келегой, чочуба.

Бала чадыраңдан чуркап жеткенде Байымбет лып алаканына кондура, башынан жогору көтөрүп эркелетти:

— О-у азамат, атың ким? Кимсиң?

Бөбөк бейтааныш адамдын жонундагы кооз куржунду кармалап, анын суроосун капарына албай сонункурады.

Шок иничегипин атасынып тамыры, чоң эле адамдын дароо моюнуна мингени аз келгенсип жоопсуз калтыргапына оңтойсузданган Костя, босогого жөлөпгөн калыбында, ал үчүн териге чацкылдады:

— Аты Миша, Михаил. Михаил.

— А-а... Миша, Микаилсыңбы?— Байымбет перипттедей мүрүсүндө ойноп, куржунга кызыккан наристени

үрпөк коңур саргыл чачынан сылап, боорунда толгой кармаган куржундун бош көзүн ачты:

— Кел. Теңбол. Миша мулуңдап: «тамашабы, чынбы» дегенсиди.

Ээси телик бобоктун наристе жытына кубаттангандай бытыгый колу, буту, чердейген курсагы, күлкүгө чайыган агыш момо жүзү, тармалдана уюлгуган ак саргыл чачы, алда нөмө керемети чагылткан мөлтүр тоо көлүндөй бакырайган сүйкүмдүү көзү куду ийнине конгон перипте сымал элестелип, Байымбет куржундун бош көзүн тошуно көтөрө жайды:

— Кел, түш, корошо болот.

Миша мулуң эте, чын эле сыйлыгып, ачылуу куржунга кирди. Кызыгың кур. Башы ачык койкоюп, буту, курсагы кооз куржунду кийип, лепилдей баскан мээримдүү меймандын термегенине кубанып, борс-борс каткырып, агасына мыртыйган колдорун булгалады.

Костя тартынбаган иничегинин аны уткапын эми сезе, эринин тиштене кызарып, суктана жалжылдады.

Байымбет бүгүн удаасы менен эки наристени, болгондо да Токмоктон өзбек мударистин, Пиштектен орус табыштын балдарын эч чоочуркатпай бооруна, мүрүсүно кондура эркелетти ээ.

Анын баласаактыгы, периштелерди дароо үйүр тарттырганы жакшылык жышаан эмей эмине. Ананчы, Сейдеш экөөнүн перзентти эңсеп кужурашкапын, ушинтип тай-тайлап ээрчитээрин, алпештээрин элестетип, Миша тайды селкилдетип жорголой борс-борс кытылдата жарпын жазууда. Саамайына улашкан тептегерек, өтө саргыч эмес, өтө кара эмес кертме коңур сакалын, коюу мурутун багжайта, Байымбет кийинчерээк ардаган ак орустардан айырмалуу сургулт, тору чалыш молдаван уулу Василий Фрунзе, ийниндеги куржундун астыцкы көзүндө бала ойноктоп, арткысында жумшак персе томпойгонуна карабастан досуна кучагын жайып жүздөштү:

— Тоголок Молдо тамыр-р... эсенби. Сен не, төө болдубу. Аркаңа жүк, астыңа бала көтөрүп?

Байымбет да сыйда кылкан мурутун, кызгылт нурдуу жүзүн көрктөндүрө бажырайды:

— Ырас, ырас, Васил дос. Мен төө эмес, кайсы бир кургакта — баласын салып көтөрчү боорунда баштыгы бар, аркар сымал ыйык кайберен бар го. Ата эсиме жара чыксачы...

— А-а... Австралияда, кенгуру?

— Ооба, ошол кенгуру... Бизде бөрсө деп коёт. «Боо» руна баштык байланган. Бөрсө деген бир жан бар»,— дептир бабаларыбыз. Жарыктык баласы өзүнөн калбай тикилдегенче көтөрүп чоңойтот имиш. Ошентип, куштаган бала кантип күлүк, сулуу болбосун. — Байымбет алигиче түшпөй боорундагы куржундан эне, атасына мактана моюнун созо койкондогон, чындыйган уулдун сексек төбөсүнөн сылагылады:

— Алтын көкүл Микаил уулум, кабагы жарык, бактыга шерик, тартынбаган эр жүрөк азамат болот.

Кенжесин өз бир тууганынын баласындай сүймөнчүктүү алпечтеген, көзү ачык олуядай алкаган кыргыз жигитине Мавра жетине албай, жанында шынаарлап андан артык курсанттанган күйөөсүнөн озуна:

— Ырахмат сизге,— деп таазим этип ийиле, анан чукул умтулуп, аппак жумуру алаканына куржундагы култуңдаган уулун көтөрүп ала коюп бетинен жыттагылады. — Кана, Мишуля, байкеңе не дешиң керек? — Миша жагалдана алтын көкүл бөйтөк башын чулгуду:

— С-спа-шибо. С-спаш-ши-бо.

Байымбет эненин төшүндө балтырларын бөрсөңдөтө, көзүн жылдыздуу бажырайдаткан наристеге пейили эрип, эңкее маңдайынан сүйдү:

— Микаил уулум, өзүңө испасүпө, ырахмат. Бак жылоологон бешенең жарык азамат болосуң.

Мишанын атасы күржүйгөн алаканына коногунун чыныйган манжаларын кысты:

— Кыргыздар айткандай, оозуңда бардыр, айтканың келсин, Тоголок Молдо тамыр. — Аялына кайрыла,— Маврушка, сен, Мишуля, Костя үчөөң үйгө кирип чай даярдагыла. Биз тамыр экөөбүз бак аралап баарлаша туралы.

Экөө дарак саябанында серүүндөп ээндегенде, Байымбет тагдыр мүшкүлүн макалдата козгоп, тамырынын ыкласын дароо өзүнө тартты:

— Сыпайы сырын жашырбайт, сырттан чынын жашырбайт, сулуу сынын жашырбайт. Анын сыңары, Васил тамыр, сага сырдашканы, коштошкону келдим...

Анын саймедиренин дарыгер Фрунзе кылка тегизделген дудар чачын уюлгута о далайга кунттанып эшитти. «Атайын ат арытып, жол карытып келгенинде кеп бар экен. Пейли сүйүп, ымалалаштыгынан мени пааналап отурат. Шайтан баскырдыкы, катаал турмуш оңбосун. Бул сезимдүү, таланттуу тоолук эргул китеп дүйпө-

сүнө кеңири сүңгүп, маданияттуу чөйрөдө жүрсө, жазгандарын бастырса, жок дегенде өзү безилдегендей журтун эркин кыдырып ой саласын, ый күлкүсүн угуп, эрмек, жарчылыгын улантса айтылуу ырчы, атактуу жазгыч болбос беле. Токмок жаатындагы кыргыздын залим төболу Дүр мырза аны тукулжуратып тушаганда, оолактоого чыгынган тура. Шайтан алгырдыкы, алыскы Нарындан жай табаар бекен? Шаарга байырлатып шарт түздүрүүгө, же кыргыздын манап, болуштарына каралаштыруугa буйрук бердирүүгө падышанын жергиликтүү төрөлөрүнүн жакындарынан эмесмин. Кара жаным карч уруп, ооруларды эмдеп, дарылап, соопко калсам да, сөөлөттүүлөргө жакпайм. Бак, шак, жер-жемиш түйшүгүн негизинен иштерман Маврам' жөндөөдө. Союшту алпейип кыргыз катыштарым, нандык унду туушкан, кайын дыйкандарым камдайт. Менде деле оп-чап оокат». Кабырылган ой толгоосун зорго муунай күрсүндү.

Василий тыныгма тунжурап тик жака көөнө нооту кемсел, ак калпакчан досунун ийнине салмактуу колун арта:

— Токолок Молдо тамыр, азамат каякты көздөсө, ошоякка барып керек. Таалайын, олжосун издеш керек. Карабайсыңбы, мени. Росснядан окуу таптым, дарыгерлик кесип алдым. Туркестандан, силер жеринен толук бакыт болбосо да, турмуш таптым. Отурукташтым, аял, балдар таптым. Камынып сың, бар Нарынга. Таалайыңа түшкönүн көрөсүң. Мен сага көпкө жетерлик дары-дармек берем. Таанып окутуучу Свирчевский бар. Китеп дүкөнүнө апарам. Каалаганыңды сатып аласың...— деп ичиндеги кусаматын чыгарбай жооткотту.

— Ыраазымын. Кор тартпа, Васил тамыр. Баягы сүрөт, сайма таштулгаларды, ташбуркандарды жыйнаган, Токмоктогу Бурананын бетиндеги ылай жазууну көчүргөн, ар кимден кыргыздын ыр, жомокторун угуп, дептерине түшүргөн төрө бар эле го... Ушерден менден «Насияга кеткен кыздын арман ырын» жазбады беле. Билесиң, сенин досуң,— Байымбет кулачын жаза балпайган бойлуу дегенди жаңсады.

— А-а... доктор Поярков!

— Ооба, ошо кайда? Тапкан, жазгандарын түгөл-түп киндик Петерборго жөнөтом, деди эле. Мудаасына жеттиби?

Василий Фрунзе тамырынын суроосу аны жарааттуу жеринен апчыгандай, көзүн тунарта жөцил улутунду:

— Федор Поярков муңбаган эр. Кыргыздын төө-ташын түрө кыдырып, европалыктарга, Санк-Петербургдагы императорлук археологиялык комиссияга кыргыз элинен, Ала тоо аймагынан сейрек буюм-теримдерди, укмуштуу эстелик табылгаларды чогултуп жөнөтүүдө. Этнография көргөзмөсүнө коюлууда. Ал жиберген байыркы чыгыштын айрым таш, металл, буюм-терим эстеликтери балким, Эрмитажга коюлушу ыктымал деген кабар бар. Ооз эки эл чыгармалардан, табышмылык, ырым-жырым, археологиялык саякаттарынан ирген «кыргызча-орусча» создуктү да түзүп, басмага жарыялоого аракети күч. Тоолуктардын жер, жан казынасынан ак сөөк кечилдердин чейрөсүнө, жалпы эле кат тааныгандарга даректентүүгө кызыккан асыл мүдөолүү Поярковдун эмгеги да, шору да арбын. Топтогондорун чет-четинен «Туркестанские ведомости», «Памятной книжке и адрес-календарь Семиречинской области», «Этнографических обозрениях» дегендерге чыгара баштады. Анысы го жакшы. Бирок, негедир такта отургандар Поярковду да тымызын кыйкымдан четтетүүдө. Чукулда Верный да эмес, Пишпек да эмес, Ферганадагы Скобельевге [1] сүрдүктүргөнү турушат... — Эми Василий чындап кыжырлана, баржайган манжаларын карсылдата мыжыкты. — Туркестандагы генерал губернатор баштаган төбөлдөр андай ак ниет адамдарга, жергиликтүү карапайым калкка жан тарткандарга, мына мага да күндө жаңы айып, жаңы кине коюуда. Бу теңсиз кылымда биздин төрөлөр, силердин манап, байлар, койчу, бардык зулумдардан бөлөк жыргаган ким бар. Сен, мен, Поярков, Фетисов окшогондор колдон келишинче көпчүлүккө жакшылыгыбызды аябайбыз. А бизге, жалпы букараларга ак падыша өкмөтү не берип атат? Эл үчүн, келечек үчүн адилеттикти талап эткен алдыңкы акыл ишмерлери, окуган жаштар, завод, кендерде иштеген жумушчулар бийликке нааразылыгын билдирүүдө. Албетте, буерде эмес, борбор тараптта, шаарларда. Акырындап алардын таасири быякка да жетет. Сен Тоголок Молдо тамыр, Нарынга барганыңда да манабыңдын тилмечи, катчысы аркылуу газеталардан кол үзбөй окуп тур. Азыр тилмеч, сабаттуу катчы күтпөгөн волостной жок, кыргыздын үч кыйрында.

— Ырас эскертпединби! — Тоголок Молдо кубана жылмайды. — Биздин жер Куртка-Терек болушу аталат.

---

[1] Фергана шаары ошентип аталган.

Келдибектин тукумдары башкарат. Нурак, Мусакожо, Султангазы, Аалы, Калпа деген боруу-бөлтүрүктөр. Алардын зомбулугу быяктагы Шабдан, Дүрдөн кем сокпос. Орусча, арабча, фарсыча суудай билген, төрөлөргө тилмечтигин жасап, кат чийип, мөөр баскан Букарбай деген Ташкенттен гимназияны бүткөн бой жигитти Шабдандан кадыр колкого былтыркы Көтмалдыдагы топто Мусакожо үлтөп-таптап, аял алып берип, бала-бото тутууга аркетти, деп уккам. Васил тамыр, ырас эскертпединби. Ага барарым менен таанышып, кезит, китебинен шыбагалашууга аракеттенем...

Чарбагында кеч-кесири маектешип Васил Пурунзеден көкүлүнүн астына түйөөрлүк алгылыктуу насаатка уюп, атайылап келген акыбети кайткан Байымбет, качан үйгө кирип мацкайган Мавранын колунан даам татып, үстөл тегеректей жайланганда, бир көзү жумшак кампайган куржунунун килитин чечти.

— Васил тамыр, арзыбаган белегим бар. Ага, инидей ышак тартыштык. Кезегинде эмчиликти үйрөткөн устатымсың. Катышкан сайын дары-дармекке тундурасың. Эми мен ыраакка, элиме кайтаарда эстей жүрүшүң үчүн жонуца жабайын,— деп ичи бир кылка капкара саксак, сырты былпылдатата ийленип, ышкын түпкө зардектей боёлгон, куду жакасындай, этек жеңи кара көрпө көболонгон жаңы тонду жайкалта силкти. — Васил Пурунзе, колумду уялтпай ийниңе салып кой. Энем менен колуктума атайылап сага эчилеп тиктирдим.

Дарыгер мурут сакалын сылай жымыя багжайып, ордунан турду. Ал чыгыш элинин салтын бөтөнчө карапайым адамдарды тартууну сүйгөн пендесине чын пейлинен берерин окус баш тартса шагы сынаарын билет. Ансыз да нечен жылдан өзү эскергендей байырлаган бул азаматтын сыйын алууга курсанттанган неме, жакындап дүгдүйө далысын тосту. Мавра андан бетер сүймөнчүктүү момурайды... «Сонун кийим. Кышкысын ушундай жылуу тон кереи эле. Азамат. Билгендей апкелгенин кара. Ылайым тар болбой, чак келгей эле»...

— Бисмилла. — Байымбет азыноолак эңкее берген балкайыцкы досуна сары тонду жайкалта жапты. Василий аялдабай эки колун жеңине сойлотту. Мавра көрпө кармаган өңүрү, жеңи, жакасы көйкөлүп, боору да кенен, тондун ичинде култуйган эрине алаканын жайкады:

— Эң мыкты. Жарашат, жылуу, кенен, бах, келиш-

тире ийлептир, жупжумшак... — Тондун ар кай жерин кармалады. Анан Байымбетке:

— Ырахмат. Вася тамырыңыз кышында тоого мергенчиликке, отунга, кыргыздарды эмдегени аттанганда үшүбөйт,— деди.

Василий туурдагы бүркүт канатын жазгандай эки өңүрүн кулачы жеткенче далдайта ачып, сый ээси мейманын тондун жылуу кучагына тартты:

— Ырахмат, Токолок Молдо тамыр. Мавра туура айтат. Мен эми үшүбөйм. Көрпө, тондуу болдум. Мындайды дубленка дейт. Аны кийген сайын сени, сенин жылуу демиңди эстейм.

Байымбет досунун өзүндөй букара экенине дагы бир мертебе даана ынанды. Ошондуктан сары тон белегин жактырышканына ырахаттанды.

Ардйне, мындай кой терисинен жасалган тонду кыргыздын манаптары «сасык» атап өзүлөрү да чанат. Ак падышанын төрөлөрүнө кийгизбейт. Алардын жарашыгы илбирс ичик, сүлөөсүн ичик, карышкыр ичик, түлкү ичик. Тартуулары жолборс талпак, аюу талпак, бөрк, жакалык жең, кыюулук суусар, кундуз, мадыл терилери.

Фрунзе досун боруктурун жибербес үчүнбү, тайралаңдап бийлеп тондун этегин желпе таштап обон салды:

— Кыргыздан о тапкан тамырым...

Тоголок Молдо аны коштой качанкы тааныш алым сабакты созду:

— Орустан о тапкан тамырым...

Мавра сөзүн билбегендиктен ыргакка үн кошту.

* * *

Шамшынын туу бели. Токмоктун сыртындагы Кара-Дөбөдөн таң саардан чыккан көч түпкүрүндө көк кашка суу булдурттай туйлаган, борчуктуу боорунда арча, кайың, табылгы, четин, карагай, долоно бадалдары дүкдүйгөн серүүн капчыгайды өрдөп отуруп, шибери кулпурган Шамшы ашуунун жайык белине кадуулап жеткенде, аларды ээрчий эми гана середен көйкөлө көтөрүлгөн күн так мүрдөн жапыздай эңиле, жылуу табына мемиретти. Бөрки бети Чүй, паркы жагы Кочкор. Ортодогу өткөөл төрт чакырымча бийиктикте дүңкүйө аркы-терки өрөөпдөгүлөрдү катыштырып абалтадан жопуп тосуп, катар-катар оюлган жол нугун узаткан дацазалуу Шамшы дабаны ушу.

Каягынан болбосун Шамшыпын тал чокусуна жеткенде мейли, салт, мейли көч дебей тыныгуусу парз. Мына, көч астындагы чыңк өйдө көмөлдүрүктүн такоону менен гана шыпырылбаган ээрдин кашына өбөктөп, кээде аттарынын жалынан тутамдай жанаша бастырган экөө таштак ойку-кайкы чыйырда кыялап белдери бокчөйө, сереге чыкканда улам өйдөн атаандаша жүткүнгөн аттардын катуу серпиндисинен ичеги боорлору капшырылып түйүнчөктөй түйүлгөн эмелер денелерин жазып, бойлорун түзөй, көкүрөктөрүн кере үшкүрүнүп кенен дем алышты. Алар түгүл астындагы өпкөлөрүн лак-лак кагып тер көбүктөнгөн аттар да тык токтоп жарыша силкинип, кишенеп жиберишти. «Түшкүлө бел талыды, сеп алгыла» дешкенсиди. Ашуунун анты ушу. Адам эмес айбан да тыныккысы келет.

Байымбет шып ыргып, Сейдешти колтуктап түшүргончө, кой жорголуу чабдары окурана жер чапчып жалакайланды:

— Так, так, азыр. — Ээрине арта салынган эки көзү кагаз, китепке толтура солонгон куржунду колуктусунун жардамы менен зорго жерге койду. — Жаныбарым, кайшактаганыңча бар экен. Китеп оор тура. Көл-шал терге да чөмүлүпсүң. Мына серүүндө,— ээр токуучун шыпырып жайдактап, ооздугун чыгара чылбырын тушамыштады.

Сейдеши аны күтпөстөн озуна упаасын отко коюп, жанында кериле басып турбасы. Колуктусунун шамдагай шайдооттугуна, чыйрактыгына куштарлана ийнинне колун артылтты. Куду белестин ырацындай кулпурган жаңы жашыл баркут кемселинин ичке, тараза боюна татынакай чапа-чак тигилгенин, намыркен маасысынан тартып, атлес көйнөк, саймалары ажарланган чачылуу көгүлтүр жоолугуна дейре. Апай энеси камдаткан жарашыктуу кийим Сейдешинин сулуулугун ого бетер арттыргандай, эми байкагандай кыялы оштонду.

Жайкалган шибер, жаңы ачылган көгүлтүр шимүүр, кызгылт ак кодоол, саргыч улар, бөрсөйгөн көбүргөн гүлдөрүнүн жыпарын леп-лен аңкыткан тоо желинен тымызын жыттап, жүздөрүн сергите чайыт эки жар айкалыша басышты. Чар тараптка чалкый телмиришти.

Тоголок Молдонун шок кыялы мындан тогуз жыл мурда Айылчы абасын ээрчип, тээ чалкагар Соц-Кол, Жумгал тоолорун арытып келатканда ушу даванды алгач ашкапында кылчайып жерин карай үн салганын эстеди.

Андагы агасына ырдаганын эми жубайына угуза сөзөлөнду:

Элкин, элкин элкин тоо,
Элкин тоого мен чыксам,
Эл карааны корүнбойт.
Эки бирдей атчанбыз,
Жер карааны корүнбойт.

Сейдеш мөтүройө кулагын тошоп, күйөөсүнүн колтугунан секин суурулуп туулуп өскөн кең Чүйүн алда кайда калган ата-энесин эскере, кусалуу оолактай артына көз дурбүсүн чаптырды. Колуктусунун козголгон дээрин алаксытуу ниетинде ырчы күйөө комөкөйүн безелентти.

Керме керме керме тоо,
Керме тоого биз чыксак,
Керилген Чүй мелмилдейт.

Анын жай жыбылжыткаңы Сейдешин ого бетер чалкытканын туюп, артына кайрыла жапакыдан шаңдуу чакырык сала шаңшыды:

Тээ-тиги күмүш тоонун бер жагы,
Көлкүгөн Соң-Көл камынып,
Келиним Сейдеш келгин дейт.

Муңайымга чырмала түшкөн Сейдеш жалт имерилө, ырчы шеригине жетти:

— Дагы улантсаң.

Муңайыңкы сүзүлгөн жарын Төгөлөк Молдо эркелете, күлмүңдөй бооруна кысты:

Чечендер сөзгө эринбейт.
Сулуу жар жөнсүз керилбейт.
Буктурбай бугу аттырбайт.
Буралбай Сейдеш өптүрбөйт.

Айткандай, келинчеги өптүрбөй булт качып, күйөөсү артынан кубалап, каткырык күлкү туу белди жаштыктын шаттыгына бөлөдү. Арттагы көч о козу эти кайнамда бурулуш кыядан кылтыйды. Алдыда каз элечегин шацкайтып тору бээчен Коңур эне, калдайган жүктү камырабай которгон боз атандын узун буйласынан чоюлтпай жетелоодо. Тайгак кыянын тар чыйырында артында жалгыздан ат жалына өбөктөй чубашкан экоо. Байымбет менен Сейдеш оюн, тамашасын жыйынча, ошо чыцк ылдыйдан

кадуулап, чокудагы аларды карай жөрмөлөп берилеп келаткандарды күтүп жарданышты.

Чу куйруктагы чубашкан экөө өзүлөрүнүн жетер жеткенче санарлаштары. Мылтык асынып, кылыч байланган кайырма жака чолок кемселчен, Куртканын нары өйүзүнөн, жердеши Жаркынбай. Эби-сыпсыз солдоюп, союлуп чатына кысып, кашаң атын теминип кагына моңкөйгөн, тез эле жетүүгө томоголуу алгырдай жүткүнгөн оз иниси Байтымбет.

Жерсинип, элсинип узак жыл үйүр тарткан уяңдап узаш оңой эместей. Жаш зулум Дүрдүн кысымынан кутулууну көксөп, эркиндикти эңсеген Байымбеттин дымагы боюнча эл, жерине кетүү масилети чечилгени качан. Канчалык шашкалактаса да кандайдыр кор оокат камы күндө эртеңден создугун, ай моюндап барып, бүгүн арак кечүү отурушпайбы.

Чу дегенде өзүнчө аллуруша чайналып, акыры жаладан жалгыз пири Айылчы ажыдан уруксат алган соң, биртике оокатын таңып, жоо-жалаңдап тез жөнөөгө дүрдүккөн. Анын демин дагы Айылчы басты:

— Сен эми, Тоголок Молдо карагым, качкын бозгун эмессиң. Жетим, жесирлигиң да унутулду. Куттуу жерди, кутмандуу элди турактаган үйлүү, жайлуу адам катарына кошулдуң. Баштагыңдай эле мени паапалап жүрө берсең, сени буерден эч ким куубайт. Бирок, мудааңды, жүйөөңдү териштирип Курткага кетүүңдү колдодум. Созумдөн танбайм. Тогуз жыл торолтуп, эми томолой кочургонум жарабас-с. Карагым, элиңе жүзүң жарык барсын. Маа, тууган арбагына кыянат айтпай ыраазылансын журтуң. Кагаз-кечеңди дагы тыңда. Ашыкпа карагым, качан кам бүткөндө кочосүңөр. Өзүбүздөн сыртқары эч ким шек шооратын билбесин да, туйбасын.

Негедир жашыруун камынуу жайбаракаттыгы созулгандан созула, оңгосүнөн да Байымбеттин чыйпыйын чыгарууда. Апай эне апасын, колуктусун иштүү аялдарга кошуп, сайма сайдырып, оймо ойдуруп... кездемелер бычып, кийим-кече тиктирүүгө киришти. Баарынан кечип эртерээк эле кетүүнү эңсеген Байымбет мынчалык саранжал алар үчүн эмес, өзүлөрүнө кийин соңгусуна камдатып аткандай кыйпычыктады. Айылчы бирде аны, бирде иниси ээрчитип Токмоктогу дүкөндөрдү, устаканаларды, алып сатарларды кыдырды. Ээр токум, идиш-аяк, керкичөт дегендей майда-чүйдөнү ташыта берди. Неге? Кыжаалаттыкпы. Кетечак эмелердин күчүн аябай, керектүү-

лөрүбүздү жыйнап, иштетип калалык дешкенби. Жок, акырында кийим-теримдер гана тургай, башка камдар да алар үчүн арналганын көргөндө, айран-таңданды. Чакан казан, аптаба, чыланчын, чыны, чайнек, саргыч коло самоордон тартып, ар базарлаганда сатып келинген идиш-аяктар ирээттелип, дал Байымбеттин энчисине ыйгарылганычы.

Айылчы эки бир туугандын энесинин түйүнчөгүнө катканын, чөнтөктөрүндөгү жалданып тапкан акча-пакчасын чогултса араң эки жылкы, беш алты жандыктык гана экен. Көбүрөөк чыгар деген үмүтү ойрондолгондо бармагын тиштей мыкыйды:

— Жалданган жарыбайт. Базары жакын байыбайт деген ушул. Жердин жети түбүнө жөө жаландап жетпейсиңер. Байымбетимдин жол жоргосунан бөлөк упаачар жок. Калган үчөөңө үч мингич керек. Экөөнү өз пулуңарга сатып алалы. Дагы бирөөнү Шермат кудага сүйлөшөм. Жүгүңөргө төөнү мен берем...

Акырындап так айтканындай унааларды чуктады. Кажарлуу, огожолукка жарап кошо кетүүгө камынган, суулаш, айылдаш, түпкү ата-жотосу жаманак тукумунан, жетимсирегенде Солтого берилген эжесине каралап келип ал каза ташканда а дегенде Кара-Балтадагы орус байына жалданып, кийин Токмокко оогон Жаркынбайды Байтымбеттен чакыртты.

Жаркынбай Тоголок Молдо курлуу чулусунан тарткан, тартынбай жапылдаган, өз күчүнө ишенген, устачылыкты, дыйканчылыкты өздөштүргөн, балбан мүчө муңбаган эргул экен.

— Айылчы ага, туугандарыңызды жерибизге аман-соо жеткирүү милдетин маа ишениңиз. Патрон таш окко толтура мылтыгымды асынып, эски да болсо сестүү кылычымды байланып, жаланган айбалтам, шылк этме чочморумду курума кыстарам. Чөнтөгүмдө «крестиян болду. Нарындын Куртказына барып там-таш, монч салып, картөшкө, эгин айдайт» деген орусча күбөлүк-наама жаздырып алдым. Көрбөсөңүз да угаарсыз. Жаңы өрнөк баштайм элиңизге. Артыман орус уста досум жетет. Түйүнчөк-муунчакта урондорум камдалуу. Эр болсо, бизге каракчы, ууру тийип көрсүн. Байтымбет дөө экөөбүздүн курал-жарактуу карааныбыздан чочуур, кокту уцкурго жашынган каракчы жан бактылар. Андайлар жараксыздарга, жалгыз жарымга тиет. Илгерки сиздин агаңыз, булардын бабасы Музооке комузчу жок, аларга жем бол-

гудай. Андан көрөк, акылыцызды айтыңыз мага. Жыйнаган акчам бар. Мал Жумгал, биздин Нарын эли жаатында арзан. Ошояктан бодого урунтуп, калың чогултуп колукту алсам дейм. Байтымбет экөөбүз этекти түрүнүп, көчтүн аяңы менен Кочкор, Жумгалга түшкөнчө, таякты колго алып жөө жөнөсөкпү дедик эле. Сиз ага да кашаң тору ат сатып беринсиз. Кымбатка алынсыз. Сокоюп жалгыз жөө жөнөшүм жарашпас. Кымбатына карабай мен да бир унаа сатып минейин...

Кандим башы бышкан адамдай жигиттин жапылданын Айылчы жактыра, сакалын селкилдетип мулуйду:

— Бар бол, Жаркынбай карагым. Айдыңдуу, айбаттуу азамат турбайсыңбы. Сени көрүп санаам тынды. Шамшынын наркы капчыгай ичи, өзүң айткан биздин атабыз Музоокени тоногон үңкүрлүү буйгуттар кооптуу. Күндүз өткүлө. Сени кейпиңе караганда казак орус дешип, жолошпосу ыктымал. Куралың да, күбөлүк-наама катың да бар экен. Опузалап да коркутасың. Капчыгайдан чыгаарыңар менен Кочкор элине кайын-сөөккө аралашасыңар. Бирди жарымы ызаттан мейманга алаар. Силер жеткенче калкыбыз Курткадан берилеп, касиетинден айланайын Соң-Колго көтөрүлүп калышат. Ат, ээр токум камдан, бул туугандарыңа байырла. Эч уу-дуусуз, жогорку чоң айылга, мыктыларга шек алдырбагыла. Жакында Дүр мырза, жан жөкөрлөрү менен мени да кошуп санарга аттанышат. Бир күн мурда кабарлайм. Тууган, жекжааттын башын кошуп, жашыруун ажыраш аяк өткөрүп, саардан жылып жөнөгүлө. Алла таала жолуңарды ачсын. Оомийин!

«Кеңешип кескен бармак оорубайт». Айылчынын акылы боюнча мына минтип толукшуган көктөмдүн толук күнүнүн жалган түшүндө Шамшынын белине тыныгууга токтошуп отурушпайбы.

Айткандай алардын көчкөнүн сыртқаркылар туюшкан жок. Кечээ күндүз Айылчынын чоң үйүнө Сейдештин ата, энеси, ага, жеңеси, өз карындашы Каныкей, күйөө баласы Малай, куда, кудагый чогулушту. Эшик төрдөй Апай эненин берекелүү дасторкону кургак, ысык тамакка, өрүк, мейизге жайнан, туугандардын узатуу ажыраш аяк кожур-божуруна чалкыды.

Айылчы таң ык сала жүргүнчүлөрдү атказып, эч ким узатпай үй-үйлөрүнө кетишин эскертип, өзү Дүрдүн арабасы менен атчан жигиттердин коштоосунда Верныйга жөнөөгө бастырды. Анын сактанганы баарыга маа-

лым. Кокус жабыла аттанып узатышса көзгө чалдыгышаарын ойлоду. Кийин соңгу сөз чыкса жацы тууган эмелер Айылчы ажы жокто, эч кимге айтцай дебей уурданып келген жолуна түшүптүр деп жайкап кутулушта.

Дасторкондо додолонгон өрүк, мейиз, томурган май, пабат, боорсок, патир пан менен чай ичилгенде, союлган күрпөндүн эти чоң казанда жай кайнап бышканча, Апай эне Байымбетке суйкая кашын серпти:

— Чырагым, качан кайрылып туздашаарды бир кудай билбесе... Сыбызгы добушуңду угуза кет, туушкандарыцдын черин таркат.

Өцгө, өцгө, Байымбет өлөң жандуу Апай эпесинин коштошоор ырын эцсээрин алдын ала туйган. Кайыпжурт, күйөө бала, кудаларга, жаш, карылар аралаш отурганда бирин кубантып, бирин кымырылтпай мүдөөсүн толтурарлык эмнеден сайроону ойлонуп, акыры Семетейдин он эки жылдан кийин элин, жерин изден жөнөгөнүнөн балкылдата жыбылжытты. Ата-Журт конушун сагынган азыркы делбеленишти, Семетей аркылуу тоо, таш, дайра, көл, айбанат, өсүмдүк... баарына ого бетер кусалык кумарын жалбырттатууда.

Угуучулар андан анын неге Семетейдин мекенин беттеп дирилдешин, эргип созолонгон себебин боолголошууда.

Бөтөнчө шай колдогон атасы Манас, анын Алмамбет, Чубак, Сыргак, Кошой... баштаган чоролорунун арбактары тирүүлөй көзүнө чагылып, шер байлаткан жагдайларды сүрөттөгөндө акын жигит өзүн Семетей сезип, боконо жүлүнү болкулдай, бабасы Музооке, атасы Абдрахмандын арбактары ак жол тилегендей элес-булас көзүнө элирди дейсиц... Сыйкырдуу жолугушуулар аны тегерек-тегендерди жашытып, толкута, Байымбеттин ырчылык арбайы укмуштуудай артканын, көрктүү ширин сөз, миц түркүн кубулжуган аваз, не түркүн алектерге ээрчите арбаганын аялдар шыпшына, эркектер элжирей алкашты.

Өлөрдүн каспетинен кандайдыр керемет дүйнөнү аралагансып, көцүлдөрү да арыла, тулкулары да жеңилдей, оборлору да ачыла сээрленген туугандар бордолгон баглан күрпөндүн ширин шорпосунан маалката уурташып, устукандарды кашкайта мүлжүп, туураган этти чыкка аралаштыра ырахаттана тоюшту.

Зоокко да, сый тамакка да карктангандар Сейдеш гүлдөй бурала баарынын бет маңдайына ийиле бата тилегенде чуру-чуу алакан жайыша ар кими өзүнчө күүлдөшгү:

— Оомийин! Тилегиңди берсин.
— Жолуңар байсалдуу болсун.
— Алганың менен тең кары.
— Астыңды бала, аркаңды мал бассын!

Дасторкон жыйналып, ысык сууга кол жуулуп, бутуколду жаза жайланып отурушканда, суусундукка сыр чойчөкторго жазгы бал кымыздан сунулду.

Санжыргалуу Апай байбиче аймоюндата белендеген жацы сарпайларын узатуучу урук жуутунун ар кимине, балдардын эпсеи Коцурдан баштап, улуулай, адегенде каз элечекти башына, анан ийнине ички, сырткы, эки-үч каат, бутуна маасы, кепичинен ойдө кийгиздирди. Акырында үй оокатына урунчу, идиш, эмеректерин Сейдеш келинине жол жобосу менен табыштады.

Шаан-шөкөттүү узатуу ырасмысы баарысын, айрыкча айтылуу мырзалардай көк нооту кемсел, шым, кычыраган сагдыян отук, кызыл макмалдан тышталып, чок тагылган корпо тебетей мынчалык шарапатты күтпөгөн Тоголок Молдону ашкере жагалдантты.

Байымбет ошо кош бешпешүү алдында эки жацылыкты туйганына кубанычы коюунула сыйбай келатпайбы. Биринчиси — карындашы Каныкей жайдацдан ачык. Кыязы момпойгон күйөөсү жанындай көрүп, көзүнүн агы менен айланчудай. Кайын эне, кайын атасы колунан да, тилинен да келген шамдагай келинининн обулунан чыкпоочудай. Ошондуктанбы Каныкей төркүнүнүн торүндө секелек чагындагыдай озун эркин тутуп, куда-сөөктүн көзүнчө энелерине эркелеп, анан агасы менен жеңесинин ортосуна эпейе отуруп, таптаза мүлжүлгөн күрпөңдүн алакандай далысын жарыкка тосуп божурады:

— Жолуцарда жолтоо болбойт. Белден азыраак тыпыгасыцар. Капчыгайдан эсен-соо күүгүмдө чыгасыцар. Силерди көзөмөлдөп курал-жарактуу жигит барат. Кочкордо эки өргүйсүңөр. Жумгалда бир топко байырлайсыцар. Жек жаат меймандап куштайт. Байкем Манас, казалдарын айтып зоболосу дацазаланат. Олжо-буйла менен туугандарыцардын жайлоодогу айылына кошуласыцар.

— Ой жобураган оозуцдан, айтканың келсин. — Апай эне эцилип, өз тарбиясында өскөн кызды мандайынан сүйду.

Карындашынын кадимки толгочүдөй даана, далы ачып талтоондой жоруганына Байымбет таңдана ийнинен таптады:

— Сен каяктан олуялыкты үйронгөнсүң?

Капыкей тартынбай күлө бакты:

— Агам акын болсо, мен олуя чалыш тартпаймынбы... Отургандар аны кубаттап каткырышты. Агасынан бөлөгү анын төлгөчүлүгүн билишчүдөй.

Кайын ата, кайын энеси жетине албай жарыша үн салышты:

— Келинимдин көзү ачык, айтканын жаземдебейт.

— Күндүзү күзгү ачмак. Көрөсүңөр айтканы дал келет. Малайым экөөнүн астына кетсек арман жок.

Ансыз да сөзгө мокогураак токтоо күйөөсү эне, атасынын колуктусун жактагандарына нымшый, купуя кубаттап момпойду.

Байымбет ажырашканча Коңур апасындай сабылбай, кайра алардын бактылуу сапарын жоруп, көңүлдөрүн которо, кадырына жетерлик жар, кайын ата, кайын эненин эркесине айланганын айкындан жайдарыланган карындашынан санаасы тынды.

Эми да кан тамырларын удургута ысытқан экинчи жакылык, кайын жеңесинин ойсоңдой кирпик кагып, жалгыздата сүйүнчүлөгөнү:

— Күйөө бала. Кулагыңа сырга. Жанында айбалталуу уста тууганың да бар экен. Шамшынын куу арчасынан бешик сомдотуп артына бар калкыца.

— Оозуңа май алтын жеңе, чынбы деги?!

— Чын. Кызыкенин боюнда бар. Сурабайсыңбы, билбейсиңби ушуга чейин.

— Эх, ак жолтой жеңеке! Кийин сүйүнчүсүн кандай болбосун өзүңө жеткирем. Коколой башым кош болду. Туугандарыма барганда туяктуу болсом, не арман...

Дагы канчага, кандай элестерге чырмалмак.

— Эй, Тоголок Молдо-о, не кагып койгондой кыймылдабайсың. Бас-с бери. Шам-шум этип аттаналы. Жол таатаал, узак. Бол эми! — Жаркынбайдын бакылдаган бакырыгы аргасыз оболуна көндүрдү. Жанадан жалгыз гүлдүү жайнаңда турат. Сейдеш небак нараак жапсарга боз атанды чөгөрүп, шалчаны жая салып, чаначты чайкап тегеректешкен көчтүн жанына жетинтир. Байымбет бетке чабар чулуйган Жаркынбайга жыгылыштуудай мулуя жай басып барды.

* * *

Саймалуу жибек кошогону шуудурата серпип эшикке суурулган Байымбет жылуу төшөктүн да, умачтай канган уйкунун да, түшүндө канатын жайып куш сымал

калкып сызган сайран жыргалын да Ата-Журтунун азырне багыштоодо.

Ата-Журт, ыйыктын ыйыгы. Алыста жүргөнүндө да аны мөдер түшүдүбү. «Бөтөн жерде султан болгончо, өз элинде ултан бол».

Туган жер көксөп жеткен чүрпөсүнө көйкөлө көкүрөгүн тосту бейм. Сагынгандыктын күчүбү, же чын эле ажайып жаратылыш ушуяктабы? А балким «туулган жердин топурагы алтын» деген калктын акылман макалынын тууралыгыдыр.

Таманы мамык шиберге балкып, арышы өзүнөн өзү шилтенип, өпкө жүрөгү асман чалкарында чардоочу туйгундукундай жеңжеңдил, эргөөсүнүн капталындагы добого калкытты.

Төх, жайлоонун таңкы жели-ай! Коңулду эс мас соолуктуруп, денени чыйралткан касиет сенде бейм. Чайыттай тунуктук карегине дүрбүдөй күч берип, тээ алыскы теребелге арбалтпаспы. Кат-кабат улам наркысы бийиктеңип жап-жашыл белес, жондордон көтөрүлгөн шуңшуйган чокуларга, алардан да артыла аркайган аскаларга такалып дүйнөнүн ар жагын далдаалаган ак мөңгүлөргө көз учкунун жаныы толукшып ичпркене телмирди. Секиндеп кирпигин төмөндөтө шоолалантты. Жайык жайпаңдарда мөлт-мөлт күмүштөнгөн булактуу коктулардын оозундагы топ-топ ак чаңгыл боз үйлүү айылдар калкыды. Каягына бурулбасын эңгезер тоо тулкусунан эңиштеп созулган адыр, коктулардан түнкү жайытта тойгон, суналган саан бээлерди, тукул куйрукчаларын серендетккен тентек кулундарды, жерге эңиле сапырылган жалдуу айгырлардын бөлө жапырган айдыңында үйүр-үйүрү менен айт-айттап, укуруктарын короңдото күзөтчү жылкычылар айылдарды карай күргүштөтө айдап түшүүдө. Жарыктык кыл куйруктарды, абалтан көчүп конуп, чүбылып, сүрүлгөн тоолуктар бекеринен Камбар-Ата, ат адамдын канаты дешпегендир. Кымызы канга кубат, казы, карта, жалдан кесип чайнасаң жанга гүл-азык. Бакканга түйшүгү күч болгон менен аты да, заты да баа жеткис байлык, кой — Чолпон-Ата жаныбар али короо-короо айыл коюнунда каралжын дүмпүйүп жуушоодо. Жайытка күн тоодон кылайганда чыгарылат.

Жүк көтөргүч Ойсул-Ата өркөчтүү төөлөр көбүргөндүү, тикенек, жылгын бадалдуу жантыктарда жүргөндүр. Төрт түлүктүн элет кыргыздарга, сүт айранын ичип каймак, майына, этине мантыккан жакырларга жагымдуу

улаа катары да урунган, а кесирлүү бай-манаптарга баркы төмөн сасык мурун делинген Заңги-Баба — ийри мүйүз уйлар эч кайтаруусуз олөңдүү жылгаларда, саздак кылаада жайылууда.

Ыңкыган төрт түлүк адамдын ырыскысына бүткөн шыбага. Жайлоонун көркүн ачкан да ушул мал. Мал тоолуктарга боор эти менен тең, ансыз күн көрүү кыйын. Малды асыраган жалчылар. А ырыскысына туйтунган байлар, манаптар, мыктылардын тукумдары. Ар айылдын башын мыкчын, байлыгын, төрт түлүгүн эзелеген бирден гана бай. Ага жанаша конгондор урук тукумдары, калгандары саан ичин, жан сакташ үчүн гана оту менен кирин күлү менен чыккан, малын багып оокатын кылган букаралары. А манаптар бир нече бай айылдарына бийлик жүргүзгөн, союш, ыгым-чыгымын каалашынча өнөл сасык байлардан сөнкөн, мал буту баспаган, короонун көңүрсүк чыла жытынан окчун таза журтта дардайган он, он эки канат анаңпак, ичи-сырты саймалуу жабык баш, тегирич, кымбат килем-килче, илбээсин терилери, кертме-кертме жүк, алтын, күмүш, коло, чагарак мүйүз бакан, жалтырак ийдиш-аякка жабдылган зор өргөөлөрдө жаңашат. Байымбет дөбөдөн көз дүрбүсүн үрөй-үрөй, алыска сүңгүтүп анда-санда гана Куртка аймагындагы айтылуу манаптардын өз тукумдары менен жигиттеринин курчоосундагы шаңдуу айылдарын сөнтөөдө.

Андай дөөлөттүүлөрдүн айлана-тегереги мал баспаган, шар суу боюндагы же булак көзүндөгү таза журтуна тең ата кадырлуулар гана тике катышат. Мартабасы пастар же чакырылып, же кыжаалаттык менен өтүнүп барбаса, аларга даап кыйын.

Ошо даабастын бири өзү экенин эскере, эмелеки тунжур тариздүү элкин канат какчудай ырахаттанган Тоголок Молдо, көкүрөгү куушурулгансып, деми кыстыккансып манаптардын чатыраган конушунан көзүн бура имерилди. «Кайда барсаң мамайдын көрү». Ичкеридеги кайкалуу шаарлардагы ак сарайларда падыша төрөлөрү. Оторукташын дыйканчылык өнүккөн Сары өзөн Чүйдө жардылардын жапыз кепелеринен окчун Сооронбай ажы атасын карысынтып окумдарлыкты тартып алган амалдуу зулум Дүр мырзанын жана ошолорго окшогон болушбийлердин тупукелүү, чен-коргондуу, бак-шактуу бийик тамдары. А быякта чалкыган кең төрдө сецирдей аңпак өргөөлөрдө, серүүн таза конуштарда Мусакожо, Судтангазы, Аалы, Калпа... калчалар... Момундай малга тебе-

лепе аралаш, «Алыбек алына жараша», орто, чакан, агыш, бозомук, а түгүл томогодой небактай ыпталган кара алачыктарда орто чарба, жакырлар, эптеп биртике малынын туягын каран, эмчегин тартып оокат кылып кургурлар. Четки өз өргөөсүнөн нары үй мүйүз тарткан өзүнүн Кайдулат туугандарынын кошунуна жалоороп үлүңдөдү. Жакада калкагар тоолордун арқы колтугунда, Нарын дарыясынын жээгинде ысыкка кактальш чоп алачык, үңкүрдой кепеде эгин, чоп баккан байкуш туугандарына али жүздөшө элек. Күз салкыны түшкөндө кочүп барып аларга аралашаар.

Тымызын убайымга чомулгөн эме «Таш тобонун колтугундагы» тол айылынан козун алып ылдыйкы мейкинге ыктады. Тунарыктаган карегине кайрадан жарык жанып, жылуу дем, ажайып көрк жагалдантты. Учу-кыйры о-о алда кайдан тегерек тарта курчаган тоо этектерин жайнап көп-көк көйкөлгөн Соц-Кол керемети. Берки кылаага жакын жыбыр-жубур көк ирим толкундарга чайынып шапкайган куулар, каздар, алардан берээк аралча тайыздарда өрдөк, чүрөк, ацырлар куйрук улаш тобун бузбай сүзүп ойноодо. Жээкте кылыч учтуу канаттарын сууга тийгизээр, тийгизбей кайып уча шоктонгон ак чардактар. Бейкут суу макулуктарынын куунак сайранын кайдан-жайданы белгисиз асманды тиле шукшурулган ылачыныбы, ителгисиби, суу бүркүттөн кичине, кыргыйдан чоң жырткыч бузуп, опур-топурун чыгарды. Куулар гана моюндарын койкойто сактанышыраак маалкый жылып тоотушпады. Каздар чумуп-чумуп жашырынышты. Өрдөк-чүрөктөрдүн чүмкүгөнү чүмкүп, көбү тапырашып учуп коно жаналакеттеништн. Чардактар чыйк-чуйк этише ачуу үн салышып, асман менен сууга канатын чапкылай кайкыша жан соогалашкансыды. Көл бетинин коркун ачып жабалактап бейкут чардаган сындуу, маңыроо куштарды асмандан бир гана текөөрдүү жырткыч тоз-тополоң түшүрүп чалкыган суу үстүнө опур-топур алаамат салып, конуп-учуп карбаластаган өрдөктүн бирин бөктөрө каалгып, жайма-жай сызып берки бодурлуу бурчукка бөктү. Байкуш өрдөктү ырп эттирбей апчый төөнөгөн болот текөөр ийри тумшукту ысык канга малдырып, назик этке туйтунтат ээ. Анан канаттуунун кайкору эрдигине, күчүнө олжосуна корстон болуп, кандуу текөөрүп ташка, тумшугун канатына жанып зымырап чалгынын улантат. Тобо, жазмыштын калыссыздыгына бара-келде. Айбанатты да адамдар сыяктуу көбүн кор, айрым-

дарын зор жаратканын кара. Адамдын жырткычына айбандын жырткычы окшош, кара мүртөз, дайыма олжо табуу, курмандыкка чалуу керек... Аңгыча өйдөкү тектирдеги кечээ эле ойдон көчүп келип конгон жаңы айылдан заңкылдаган аялдардын ыйы чыкты. Эки, үчөө бирнаска көштөп басылды. Көксөөсү нечак сууп каада боюнча жоктоп бозбогон, күндө үч маал какшай берип, дасыккан жаш аялдын уккулуктуу үнү узакка жалгыз созолонду. Балдарын жетим, өзүн жесир калтырганын жай созо, аягын «Асылым Калы мергеним» деп өңгөчүп тарта түрмөктөдө. Кечээ көч артынан конушка чукулдап айылдын жанынан өтөөрдө дал эле ушунусун ачык созо, кара жоолугун делбиретип атын элечекчен аялга жетелетип укkан, көргөндөрдү муңайтып сыздап жөнөгөнү Төгөлөк Молдонун эсинде калган. Калы мерген кайберендеп миңдеп ашыкты атып оңко түшүргөн, айыл-апаны шорпо-шилеңден өксү кылбаган. Төө кийиги мындай турсун, аюу, марал, илбирс, жолборсту жайлаган атактуу мергөн зоокадан тайгылып мүрт тапканын эшиткен. Тул жесирдин үнүнүн бийиктиги, муңдуулугу, көпкө талыбастыгы Төгөлөк Молдого жакты. Бирок, көзгө атаар мергендин букара элдин ардагына айланган даңазасы, кылдаттыгы, эрдиги келишимдүү баяндалбай, жесирдин кошокчулугу, акындыгы мүчүп аткандыгын сезди. Атаганат, сөзү келишсе бул кардыкпаган мундуу үн кимди болбосун уюп тыңшатаар беле... А мүмкүн...

Байымбеттин өз айылына кошулганы жыйырма күндөн ашты. Карындашы Каныкей анык көзү ачык белем. Каралдысынын далы ачып жобураганынын баары дал келбеспи. Кочкордо Музоокенин кайын-журтунун жуктарында эки, Жумгалда өз таякелеринде он өргүштү. Ырчылыгынын шарапатынан анча-мынча олжо-буйла кошулуп, башынан Айылчы бөлгөн энчиге кураштырып болор-болбос жук күтө ушул өз журтун айланып тапты.

Өз айылы демекчи, туугандарынан Карала дегени тыңыраак чыгып бий экен. Тентип кеткен иниси аттуу, тондуу, үй-жайлуу кайтышына бажырандап сүйүнүп, чоро, ымандардын чоң манаптарына дүң кылбай, өз уругун жыйып, тай союп түлөө өткөздү. Түлөөгө чогулгандарга кеңеш сала жапылдады:

— Жалгыз түтүн Чүйдөгү Айылчы туугандыктан жук күтүп, эр жетип келсең, буердеги түштүү журтуң сени кантип төмсортолу. Колуңарда барыңар өрүлүгүңөрдү өзүңөрчө жасаарсыңар, өлгөндөн калган туякка шорпо-

шилендик козу-корпо, улак-сейнекти көгөнгө байлагыла.

— Мына мен бир нукум жакын экенмин, саарыша уй бердим. — Бешенеси жарык, көгала сакал Карала жүйөөчүл окшойт. Ошо жүйөөчүл, чечендигинен бий шайлангандай. Чогулган эр бүлөөлөр жалпы бата кылышын Караланын бүтүмүнө кыңк дешпеди. Тууган ынтымагы кыргыздарда башынан келаткан салт.

Өркөчтүү манаптардай оолак конбосо да берки дацкайыбыраак боз үйү орто чарбалуу туугандарыныкынан четтебирээк жаңы көз Байымбет инисинин өргөөчөсүн жаңаша тиктирип, түлөө-тамагын өзүнүкүнө тарттырды. Тайдын оруктой этине боролору кангандарга суусундукка кымыз сундуруп, кээ жосуну Айылчыга окшошкон Карала бий сакалын салаалай тарап, бүркүт шаңшык доошуп каргытты:

— «Көп түкүрсө көл болот» деген ушу, Байымбет бөбөгүм. Көп болбосок да үрпөйгөн түбү бир туугандарыңдын түтпөй толкуганы ушул. Туяктууга тептирбей, текөөрлүүгө жулдурбай, заңдын ийкеминен чыкпай ыктуу ыгым-чыгымдан ашык шыпыртпай журтуңа канатымды тосуп калканчмын. Ыраспы калайык.

«Жакшы сөз жан эритет». Анын сыңарындай сый тамакка, ага улаш мындай ширин маекке башынан ноктолонуп көнгөн эмелер туш-туштан жамырашты:

— Ырас, ырас бийим.

— Айтканың калетсиз го.

— Өзүң болбосоң, кимдерге гана жем болуп талан-байт элек, бий ake.

— Ырыс-кешигибиз, кудай жаныңды темирден кылсын.

Кыргызда ар элдин бир кызыл тебетейи бар деген сөз калетсиздей. Байымбет өзүнүн кайдуулат уругунун кызыл тебетейи, башчысы Карала экенине кары-жаштын кубаттаганынан улам ого бетер ишенип ичинен чымырады.

— Калайыгыңдын ал-жайы ушундай, кагылайын бөбөгүм,— Карала кубаттана түшкөнүн билдирип жайкацдады. — Азырынча чоң айылдарды аралабай, туушкандарыңа таанышып, жуурулуш. Алардын эч кими сенин ким, кайдан, кантип келгениңди дүң кылышпайт. Тоголок жетимиңде барган сен минтип толукшуган азамат, Тоголок Молдо аталды деген имиш бар. Токмок биздин элеттикке караганда шаар, падышанын төрөлөру, Солто, Тынай, Сарбагыштардын менменсинген, жарым хан атал-

ган айлына, паркы казактарга паапалаш жүрдүң. Алды менен мына кара чечекей боорлоруң биз билели. Ток сырындьг, бобогүм. Сырткы келбетиң Тыпайдын билерман мырзаларындай. Ылайым ошондой бол. Мына аган мен улгайып баратам. Жонумдан оорумду жеңилдетип, колумдан тизгинди алып, мыктыларга табакташ, элиңе чегэр болоорсуң. Эмне онорүң бар, айт, биз билели. Биз аркылуу билермандарга секинден жеткирели.

Байымбет чекесинен тер чыбырчыктай, кастарлан күткон кадырман агасы, анын үч уктаса түшүнө кирбеген үмүтко азгырылып, арай көз чарай, ашкере көтөрө чалганына сүрдөбүроок, алдыга жылын чөгөлөй ийилди:

— Карала байке, кулдугум бар. Агаиндер, баарыцыздарга ыраазымын. Демиңерге семирдим, мамилеңерге элирдим. «Адашкандын айбы жок, кайра үйрүн тапкан соң». Кудуретим жетишинче тузуңарды актаармын.

Анын илептүү, адептүү созү каланган отунга тамызгы койгондой эмне дээр экен, паразаты канчалык пейилде дымыгандарды дүрт жалбырттатты.

— Баракелде, оркөнүң өссүн, бобогүм.

— «Бөрү атар уулду бөркүнөн тааны».

— Ошо тыңдыгыцан, Ата-Журт арбагын сыйлаганыцан теминин, кайрылып отурасың.

— Чы-ын... Жаки, жанбагардын бири болгондо жай тапкан Чүйдөп чыкмак беле. Айылчыбыз ажы аталып, айланын келбей эле койбодубу.

— Э-к кой нары-ы. Бироонүн элинде султан болгончо, оз элиңде ултан бол.

Карала бий желбегей жамынган кооно кымкап чепкенинин жакасына тумшугун ката тык-тык жөтөлүп, сүлөөсүн тебетейинин жумшак кырын жанырылта колун жаңсады.

— Күүлдөбөй балаңардын созүн аягына чыгарсаңар болю. Жарылдап мактай бербей мудаасын укпайсыңарбы.

Жарылдагандар заматта кымырылып, кымтына тынчтанышты. Байымбет Карала бийдин анда-санда тык-тык жөтөлүшү, таноосу кычылык такай терең дем алышынан улам, ага ушундай таза, серүүн жайда да аба жетнеген оорукчалдыгын баамдады. Туугандарын «жарылдап мактай бербей мудаасын укпайсыңарбы» деп тунтуура тыйды. Так мудааны күлөр тутуп бел байлаганы качан. Арийне, анын мудаасы буларды канагаттандырабы? Аталаш агасы Карала бийдин жанытканына карагында мыктыларга табакташ озү ала жүрүп, таажы, тактууларга

жанаштыргыдай. Өзүнүн бий чылбырын да берүүгө даяр. Ба-ах, бажырайган көздөр апын оозунан оңол ишенимди актоочу шертти күтүшүүдө. Ал оңгөдөн тануусу мүмкүн. Тотоп мүдөөсүнөн кайтпас. Сары озон Чүйдөн оокаты өтпөй карайлаганынан качпады, мүдөөсүн, жан жүрөгү каалаган черин таркатууга туталанын, эркин басып, элкин жүрчү жергесине оободубу.

Уйу таптан ачыгын айкындоосу ылажап! Буларды да, озун да алдабоосу парз. Ал кызыл манат тыштанган корно бөркүнүн жибек чачысын сермилте башын котөрдү:

— М... Ме-ен Токмоктон бийлик күтподүм. Билим оздоштүрдүм. Казал окуп, ыр жазам. Китеп, кезит жазданым, кат чием. Тыныбектен үйрөнгөн Манасты өрчүтө айтам. Өзбек, казак, татар башка түркү, фарсы, араб тилдериндеги казалдардан баяндайм. Орус табыбынан эмчиликти үйрөнгөм. Балдарды эмден чечектен — улуу тумоодон алакчылайм. Караат, сыныктарды айыктырам...

Өзү болгонун тапатак түшүндүрө чакылдаганына жеңилденди. Кызык. Жанатан алкай дуулдаган туугандары тым-тырс. Карала бий да кылмыйын, көзүн жашыра беркилерден ишаарат чыкса дегенсийт. Неге? Журтунда жок катары билим, өнөр күткөн жетимине ыраазы таңыркоонун ордуна, алар үтүрөйүңкү чочуган түрдө. Кээ түркойлор «китеп, кезит, орус табыбынан үйрөндүм» дегенге жыйрылышы мүмкүн. Арасында Караладай акылман карылар отурбайбы. Ыр, күүнүн пири Музоокенин тукум жууратты акылды чалкытып, көңүлдү жашартчу өнөрдү жерип калышканбы. Көзү жетигирээк Карала бийчи? Акылдуу берен ким эмне дээр экен? Өзү сымал тунжурай түшкөн туугандарынын «курчирендин өнөрүнө» купулдары толбогондой. Андан өтүнө алышпай ыйбаа сакташкансыйт. Акыры ырайга карабай атырылчу Өмүрзак агасы мурутунун учун айман ыкыстаганда бий көзүн сүзүлтүү. «Катуу кетпе». Өмүрзак түшүнгөндөй комдоно ыржайды:

— Токмок, Пишпектеги улук, төрөлөрдөн эл башкарууга жарайт деген алакандай күбөлүк наама ала келген жоксунбу?

Аран турушканбы, андан мындан аны кубаттаган күчкмыңктар жаады:

— Алса ала келгендир.

— А-а... Көзү көр кат тааныбаган саа бермек беле. Көргөзчүгө көргөзөөр.

— Маа көргөзбөй ак көйсун. Айылчы аган кат апе-

рүүгө жарагандыр. Бийибиз бар. Сен эптеп болуштукту чапчысаң. Мына бу жалпак тебетей агаиндериң ирдөнип, чоң айылга кошулабыз. — Өмүрзак кайрадан жабырды.

— Болуштукту Нурак, Музооке шайлоосуз береби?... Азырынча кандидат боло турсун. Анан...

Байымбет булардын кайманалуу жоруктарына капаланбады. Тигилерди небак баамдаган. Букарараак уруктун басмырт тукумдары чыштай кийинип, чыкчайып кебетеси тың, уезддин төрөлөрү турган Токмок, Пишпектеп даңазалуу Шабдан, Дүр тараптан кайткан, Тоголок Молдо атанган азаматынан тамашасыз чындап чоңдукту тилегендери, балким жөндүүдүр.

Байымбет эчтекени элебегендей тымызын мемиреп, кантсе да булардын көксөөсүн биротоло суутуу максатында көмөкөйүнө чоордой сыбызгытты:

Үргүлөйүн калайык
Үйрүңдөрго кошулдум,
Тогуз жылда мен кайып.
Калемдеш ырым жаралып
Калың журтка таралып,
Акын чыксам не айып.
Садагасы элим ай
Сагынып тапкан уулуңду
Семиртти сенин демиң ай.
Акындык өнөр өрчүтүп
Ак кагазга көчүртүп
Актаармын берген жеминди.

Жалгыз Өмүрзак гана ачык мүрдүн чүйрө жактырбай жыйрылды. Калгандарынын тебетей кыргактары жаныра баштарын ийкеп кай бири үн көштөй жакташты:

— Баракелде авазыңа да, айтканыңа да!

— Каалаганы ырчылык тура, көрсө...

— Болсун, болсун. Жоктон көрө жомокчулук да жакшы.

— Шыбагасына ырчылык жукса кантесиң.

— «Шыбага!» Тапкан экенсиңер «шыбаганы»,— Өмүрзак көзүнөн чаарын чыгара, жашынын улуулугунан да, бетке чабарлыгына жеңдирип, өзүн «тартынбас эр» ойлогон берен, бий иниси никиндей ак чала элек, таралбаган дүңгүл сакалын түйдөктөнтө бакылдады:

— Шыбага имиш. Чилтенге түшүп көзү илимсиз билим-м билим-м та-аныйт, ал шыбага эмеспи я! Кол-лу уд-ургутта кат-т шилтейт бу шыбага эмеспи я! Орус, өзбек, казак,

татардын мыкчыгерлеринен кес-с күткөн имиш, бу шыбага эмеспи, я! Айда шыбаганын аана башы ошолор.

— Андай эк-кен өз шыбагасын алып, эл башкарсын Ырдайт им-иш... Кереги не. Ырчынын жарыганын коро элекмин. Не ыржаясыңар. Арбагыңдан айланайын Музооке атамдан ашар дейсиңби. А киши деле чоңдордун көзүн каран кээде токмогун жеп, кээде тонолуп жарыбай өтпөдүбү. Тилимди ал, иним, сенин «шыбагаң» ырчылык эмес, мыктылыкты талаш-ш. А силер дагы «авазыңдан, айтканыңдан» деп көкүткөнүңөрдү токтоткула!

Жанатан үндөбөй, булардын кыжы-кужусун укса дагы укмаксан, кыябын тапнай купуя термелген Карала агасы карчылдап тике тилдеп катуулаганда Байымбеттин кызарып-бозоро ызаланганын, бирок каяша айтпай сабырдуу улуулугун сыйлаганын баамдап... Келгинди сынап жетер чегине жеткенин, мындан ары ырбатуунун кажетсиздигин өлчөп тык, тык жөтөл аралаштыра күрсүндү.

Мындан да чырлуу далай ажааттарды тындырган бий өзүнүн бийлигин чындап жүргүзүүгө камынганда чогоол мүнөз агасы да жалтана тумшугун кемселинин жеңи менен далдаалап сакалын анчылай туткактанды.

«Айтаарымды айттым, дээримди дедим. Калган бүтүмдү, бий, өзүң чыгара бер. Каалаганымды орой-чарай ачык таштадым».

Агасынын бир бурк этип анан ушинтип жели чыгып олтурчу бетке чабарлыгы анда-санда пайдага ойнобосо, көбүн эсе аксымдыкка жеңдирип осол кылаарын башынан билген Карала бу саам ага анчейин капаланбады. Анткени ич ара өзүнөн чыккан күңкүнү Өмүрзак жымсалдатпай оркойто ортого салбадыбы. Мейли, ачуусу бар, уусу жок ак көңүл аксакалын Байымбет бара-бара кечирет.

Бий сөөлөттүү кыраатын чойду:

— Калайык, ийри отуруп Тоголок Молдомдун сырын уктук, илеби жылуу ырын уктук. Өнөрлүү өлбөйт. Өркүндөтөм десе эрк өзүндө.

Байымбеттин уйгу-туйгуга тумандалган көзү шоолалана жарк ачыла түштү. Өмүрзактын тарсылдагып жарчудай дуулдаткан өктөм бакырыгын бийлик ээси Караланын «сырын, илеби жылуу ырын уктук. Өнөрлүү өлбөйт. Өркүндөтөм десе эрк өзүндө» деген жетик кебине Байымбет жайдарылана обдула таазим этти.

— Бий ава, ыраазымын көсөмдүгүңүзгө, өркүндөтөмүп...

Карала секин көзүн сүзүлтө, өкүмүн улады:

— Эрк өзүңдө, эрк озуңдо. «Тууган сүйүнтө айтат, душман күйүнтө айтат».

Замана азуулуулардыкы, текөөрлүүлөрдүкү. Сени азуулуулардын арасына айланчыктатып көрөм. Алардан коруноо да, көмө да жемин талашып, жемсоосун дөмпойткон Букарбайдай кадырман катчылыкка кантип жарабассың. Аша чаппайлы, болушкабы, кур дегенде мына мага бийге, же старчындарга катчылыкка белинди байлаганың оң. Ырчылыгыңды ыгын таап жөнүктүрөрсүң. Кандай дейсиңер кара чечекей туугандары — Бий санжаптан текшере, Байымбеттин дагы камын ойлоп, чамасын чарктай, кеңешке чакырылгандардын дагы коңулун жайлай жайдандады.

— Акылыңа баракелде.

— А дегенде дегепиңдей катчыга жеткиз.

— Анан иниң дээри болсо демденээр, бий акеси.

Байымбет кайрадан эңилип тунжурады. «Букарбай катчы, тилмеч» жөнүндө эшитпеди беле, достошуунун каалабады беле. Арийне, калк аралап таанышууга, капарындагыны каргытууга катчылык жолтоо тийгизбес. Анын жообун күткөн тынымды бузуп өйдө сермелди:

— Бий ава. Бүтүмүңүзгө кулдук.

— Болду калайык. Жерсинип таанышканча бир, бир жарым айча арацарда тынч чардасын. Анан азуулуулардын тобуна кошун башка айылдарды аралаталы.

— Оомийин! —Айланасындагылардын жапырт алакан жая чурулдагы бүткондо Карала кымкап чепкенинин этегин кагына каржайып козголду.

...Айылына арбала, теребелге телмире чукулдагы окуянын чыгырыгын чубаган Байымбет добонун жантаймасын жамбаштай кыңкайып... куп-кургак, жуп-жумшак бетегени качан жазданганын, четирээктеги Караланын дардайган үйүнүн колтугунда семиз бээнин жанындагы кулундай бөрсөйгөн өргөөсүнүн алдында самоордон жеңдей түтүндү бургуйлатып, кызыл чыптама, ак бөртмө жоолук жары Сейдештин акырын кол булгагапын байкап, жепжецил обдулду. Күн бет-мандай калдагай тоонун кырынан калкып көтөрүлүптүр. Желеге кулундар небак байланган. Калы мерген деп какшаган жесирдин кошогу нечак басылган. Аттиң Калы мергенди мындан да келиштире жоктогон кермет доошту кайталап тыңдагысы, жеке өзү эмес, айланадагыларды бүт адам, айбанат, зоока, тоо, чөп чар дебей, а түгүл бастырып бараткан жолоочуну, асманда сызган канаттуунун токтото талдырып уктургусу

келди. Адамдын эң карапайымы, алалы, таман акы, маңдай тери, талыбас эрдиги, коргочтүгү, сезгичтиги, кылдаттыгы менен бүлөсүн, айылын баккан, ушу чөлкөмдөгү ал баспаган зоока, ал жатпаган үңкүр, ал искебеген жел, ал тааныбаган кайберен, жутпаган булак, ал татпаган согон, жапайы мөмө-чөмө, жер-жемиш жоктур. Ошолорду түгөл эскерүүчү шаңкылдап сыздаган кошокту күндө таң эртелеп жаңыртып, толукталганын укса ээ...

Ооба, салтта дөөлөттүүлөр олгондо байлыгын, шааншөкөтүн, даңкын коколөтүп, кошокчуларды чакырып, кыз-кыркын, келин-кесек, жесирлерине үйрөтүп... даңаза менен жарданып тыңдашат. А жардыраактарды тиги мергендин тулундай «күйгөн катын кошокчу» өзүлөрү гана канчалык соз тапкан дарametине жараша какшашат. Кедей маркумдардын аялдарынан кадимки ырчылардай сабаткан мыкты кошокчулар азбы. Жакшы кошокчу — ургаачынын акыны. Бирок, алар ачыкка чыгалбай күйүп арманын көпшөө менен чектелишет. Мергендин аялынын талбас мыкты үнүнө ырчылык көркүү соз айкалышса, аны аңсап угушаар... Байымбет тууганларынын тайын тоскондоруна, орүүктү алигиче оксүтнөгөндөрүнө ыраазы. Бирок, анын акындыгына, казалчылыгына бейкапар тондоосун тартышкандарына жүрөгүн сабылтууда. Сыягы бийден жаныруун буйрук алышканбы, же айбыгынабы, айтор, орулуктөн коноктон чогулган учурларында анын шайырлыгын сыноону эч ким каалабайт да, эч ким сурабайт. Өзү мен ырдайын, казал окуюн дегенден тартынат. Кенти тууганлары негизинен анын жакында катчылык вазифасынын башталышынан козгошот. Өзү мындай сынайгерчиликтен тажап, кантсе да сезим черин таркатпаса жаны жай таппоочудай. Антпесе буулугуп жарылчудай. Жердин кооздугу, жаңы көз, жылуу мамилелерге көңүлү алаксыбаганда кантмекчи. Чукулда сагыныч сонуркоосу да бүтөт. Качанаак азоону кубалап, акыры омуроосун зоого такап, тегеректен укурук салып токтоткондой матап катчылыкка мажбурлашты. Катчылык, күнүмдүк көр оокат үчүн жан далбастап көрөт. Баары бир эңсегенин, элиргенин, өрнөгүн ыры, калеми аркылуу гана жазат. Сөзсүз ошентет. Өмүр шертин аткарбай тынбайт. Эгер бий абасы баштап тымызын анын өнөрүн жерип, атка минерликке аргасыздантышса, кимдердин чөйрөсүнөн кантип далалатын айкындоонун амалын издейт.

Мына ошол ички түпөйүл аны күндөн күнгө чыйралта берди... Калы мергендин мүнөзү, адистиги, капкан, ту-

зак, мылтыктары жонүндө сурамжылады. Дал ошол дөбө.

Таңкы ойгонгон коркту теребелди, аңкыган таза керимселди титирете «Асылым Калы мергеним, тоодон теке тергеним» деп заңкылдап боздогон жесирдин ыйына кулагын төшөй, жашыл бетегеси жапырылган жапсарга кынтая, жанчыгынан дептери менен сыя калемин сууруду. Мергендин өнөрүнүн асылдыгы, көпкө тийген пайдасы, кең пейилдиги, мээнеткечтиги санжап менен санжыргалуу саналгандай, тул жесирге жаттап кошконго жеңил, укканга элестүү ыр түрмөктөрүн шилтөөгө киришти.

...Алма баш* мылтык асынган
Аяктай ташка жашынган.
Асылым Калы жыргалым
Адистиги ашынган.
Кок чыбык* мылтык асынган
Коноктой ташка жашынган
Корогон Калы мергеним
Көп мергенден ашынган.
...Ак зоодон түтүн булаткан
Ак буту атып сулаткан
Абышка менен кемпирге
Аппак майды туураткан.
...Аркарды аттың эби жок
Кулжаны аттың чени жок
Жардыны майга жыргаттың
Жалган деп айтаар кеби жок...

Маркум мергендин зоболосун көтөрүүчү тилге жатык, обонго элпек сөздөрдү куюлуштура чүргөөрүн чүргөдү. Сөйдешине окуса жактырды. Шар айылчылоого батына элек келинчек күйөөсүнө кандай колдоо жасаарын мацыздуу кошокту жесирге кантип жеткизип, кантип көңүлүн таап үйрөтүп жардатуунун аргасын изден күйпөктөдү.

Артыкча акыл кошпогон, уул, келининин оболуна коюп, анчейин тескебеген, казан менен ийнөнү катыра кармаган коңур мүнөз кайненесине кеңешип, айылдын билерманы:

— Келинимдин самоорунун чайы даамдуу, жыты да буруксуп жагымдуу,— деп шыпшыңа энелик мээрбандыгын төгүп мактай чала чатыраган болук, бий акесинин карасур байбичесине кайрылды:

— Апаке, молдо уулуңуз мергендин жесирине жацы

** — Мылтыктын аттары.

кошок жалыштыр. Үйрөнөөр бекен, айтаар бекен. Кантип айласын табасыз.

Билерман байбиче жаңы келиндин ийин кайтарбай, анын тирикарактыгын, тараз бойлуу татынакайлыгын, сыпаалыгын сыйлай, эрине таламдаштыгын жактыра дароо даңкайган жамбашына чач учтук күмүш чолпусун шылдырата жесирдикине Сейдештин кайнеси Коңурга дасторкон көтөртүп, куран окутууга шылтоолон жонобоспу.

Кайра кара каш, кара көз күлмүңдөгөн тестиерди ээрчите келип:

— Ой молдо уул, кошогунду мобу балага бер. Коксөгөн жесир кургур эриңди мактап ыр жазды биздин Токмоктон кайткан ырчы уул десем кургур күлүңдөдү. Бу чечек кат тааныйт экен. Бере сал,— деди алардын астын утурулай баскан Байымбеттин өзүнө балпайган байбиче берекелүү кара күрөң мантайган жүзүнөн терин булоолонто.

Байымбет ыймаңы ысык, күлмүң көз балага дептерин сунду сынамакка:

— Ме, эргул, окуп көрчү.

Он беш, он алтылар чамасындагы шыңга бой, ак калпак жеткинчек тарбайган шадылуу колуна атайын узун тилке казалга ылайык теңдей бүктөп тиккен дептерчени ачып, каргинен өткөргөнсүдү да, Байымбетке күлмүңдой мулуйду:

— Ырдап окуюнбу, же кырааттатыппы?

Тартынбай ичи коюнга кирчүдөй ойноктогон уланта Байымбет пейли жибип жымыйды:

— Ырды ырдап окуса көркүнө чыкпайбы.

Тигил башынан аттатып баратын аягы чеңден созслоно, болгондо да кошокчу аялдын обонуна салып өңгөчүн тартканычы:

Калтардан о-у канча түлкү алган
Казына да боло-ор мүлк алган.
Мергендиги о-о Калының
Кожожаштан а-а үлгү алган.
Калмерген а-а менин жыргалым
Канча жыл а-а дуулап жыргадым ың-аа.

Кара-го да кошок өз менен
Кайгыңды да тарттым ыйладым.
Асылым-о менин мергеним.
Арыстан-а журок береним.
Тилеги да кабыл келгеним
Тиктегенин-о жеңгеним ың-аа.

Жанында мөтүройгон Сейдеш уландын өнөрүнө кубанып күйөөсүн акырын колтукка түртө кытылдады:

— Анык азамат турбайсыңбы. Тим эле кошокчу жесирдин өзүндөй сыздадың. Дал ушинтип үйротөсүңбү?

— Ооба, жесир менин эжем. Калмерген жездем эле.

— Ошондой де. Анда кочүрүп ал.

— Айып этпеңиз молдоке. Окуганым шар болгон менен жазганым начар. Ушу дептериңизди мага тартууга бере туруңуз. Жоготпойм. Эжеме үйроткон соң, бул аз эле тура... — Башка эки-үч бетине гана чиймеленип, калганы актай дептерди баракгады шок жеткинчек. — Күндөкү маалыңызда эртең дөбөңүздөн тыңдап коруңуз. Ой, Гүласыл эжем кыйын. Кечке эле жаттайт. Мындай маанилүү сөз табалбай куруп атпадыкпы. Анан Калы мергендин укмуштуу кылык жоругунан, марал, аюу, жолборс, бөрү атканынан, берешендигинен, капкан салып, бүркүт агыткапынан дагы кошуп улайсыз да...

Түгөнгүрдүн жүйөөлүү шыпылдаганына Байымбеттин мооку таркай жыгылыштуу колун сунду:

— Бөптур эргулум. Айтканыңдай болсо, улайм кошокту. Таң эртең жеңеңе экөөбүз «менин дөбөмдөн» тыңдап көрөлү. Деги атың ким? Кимдин баласысың?

Молдонун тоголоктугуна эш келишпегендей шадылары узун, назик манжаларын коомай кыса:

— Атым Кашкары, атам Табылды. Тоголок Молдо акын деп атагыңызды угуп таалим алууга умуттондум эле. Кудай өзү жеткизбедиби сизге. Кошуңуз. Эртең дептериңизди апкелем. Уландысын даярдаңыз. — Анан шарт бурулуп дың салган бойдон чымылдады.

Токтотуп жай маектешүүгө ниеттенген Байымбет кылчаңсыз чуркаган Кашкарыны зоңкулдай кыйкырып токтотууну осол сезип, өрдөгү жесирдин үйүнө урган таштай киргенче карап турду. «Оңор улан көрүнбөйт».

Аксакал, көксакалдары барктабаган акындыгымды билгенин, таалим алсам дегенин көр. Шыктуулугунан тайманбай коюп колтукка кирди го. Кошок тыңдаган, айлапаны көзөмөлдөгөн дөбөмдөн өйдө байкаптыр. Кеп бар бу жукпаста. Ылайым мени ушундай жаш умуттор шынаарласа гана. Канат, куйрук күтүп, ушундайлар аркылуу чабытым узаар беле. Кашкары... Ким, не себептен койгон. Атасы, же, жек-жаатында окуган бирөө барбы. Махмуд Кашкары деген Ысык-Көл кылаасындагы Барскоондон биринчи кылымдын башында туулуп жашаган түркү тилинде жазган даанышман окумуштуу болгон.

Анын («Түрк тилдеринин сөздүгү») Девону Лугатит-Түрк») адабий жана илимий үч китептик дастаны аалам-га маалым. Сыягы ошо Махмуд Кашкарыдан дареги бар-дыгынан ұмұт менен коюлган ысымбы. Мүмкүн?!»

Эртеси колуктусу экөө атайын эрте ойгоно, Кашкары-ныи убадасын канчалык аткаргапын сыноого «өзүнүн добосүн» таяныпшты. Коп күттүрбөй күйүттүү тулдун кацырыкты түтоткон бийик доошу саардын канаттуу же-лине калкый чар тараптьі чайкады. Баякы көнүмүш сөз-дөрдү кайталап озондоо жок, куду кечээки Кашкарыныи ыргагында басмырт мергендин зоболосун арттырган То-голок Молдонун кошкону даана, маңыздуу, так өзү эң-сегендей салмактуу таштапуууда.

Карала бийдин байбичеси, Коцур апа баштап, айыл-дыи аялдары ой-үй дешип чакырышып жамырай сыртка чыгышып, керемет үпгө келишкен кошокко балкып ку-лактарын түрүштү.

Байымбет мынчалык кубанбаспы. Анын пиетин туя Сейдеши ийинин тийгизе жолонүп шыбырады: •

— Сенин акындыгыңды туугандарыңа кошокчу таа-нытсын ээ...

Тоголок Молдо колуктусуна жылдыздуу көздөрүн ба-жыраңдатып, ичинен жаңы кайрыктарды күрмөөдө. Азыр-бы, апапбы аракети акталган Кашкары анталаңдап деп-терди супат эмеспи. Ага даяр турушу, дароо улай, шил-тип, кайра карматышы зарыл. Жан шерик эрип эрий жок-топ, жыл маалына жеткенче кара кийип, элкин баспай үйдө богүүчү жесир зээндүү окшойт. Күйөосүнүн башкалардан айырмалуу кесибин, ак пиет кылдаттыгын, марттыгын көкөлөтө, кайра келбес беренинин чыныгы асылдыгына та-тыктуу жоктоону эми гана тапканына эчкире муцкапып ар түрмогү аттык акындын жарашыктуу сөзү менен кош-конго Гуласыл карайлаганы табылгандай, арман черин бүгүндөн тартып жазчудай, аза күтүүнүн шаңына эми жетишкендей салмак менен кербездене аргытууда.

Байымбет ага шыктанып эртецки улапдысына буларды ичинен күрмөду:

Марал атса кепебей
Марттыгын жанга теңебей
Башын кеспей бүп бүтүн
Шыралгага бергенім.
Кабылап Калы арстаным
Кадууга салган капкапын
Карааның көрбой какшадым.
Кармаган жерден кап чыккан

Балбан эле мергеним.
Алоу менен күрөшүп
Алган эле мергеним.

* * *

— Качандыр дайынсыз азып-тозуп мацган жетимдер элибизге кайтыптыр. Бири Тоголок Молдо атанган ырчы, эмчи имиш. Жарды-жалчыга казал окуп... Жесирге кошок, жетимдерге арман, чыткурсактарга жомок, өлөң... Улан-селкилерге ашыглык ырларын үйрөтүп... үйүнүн керегеууктарын китеп, кагазга шыкаган түгөт дейт.

Экинчиси, орусча кийинип, чогоол сүйлөгөн, доңуздай дүңкүлдөп келээри менен жакада жер челип эгинге аралаштыра картошко, «шайтандын эмчеги» дейби, пиязы, сабизи дейби, элеттиктердин түшүнө кирбеген ар уруу чөпчарды айдап, ысык там, мончо курууга киришиптир. Курал-жарактары укмуш, теңгелерин шагыратып, бодо малга урунтуп, Чоткара томордун татына кызына калыңга өткөрүптүр. Пишпектеги оёздун өзүнөн ага тийбегиле, жер бергиле деген күбөлүк наамасы бар дейби. Аты Жаркынбай болсо да, буердегилер «чокундук» аташат имиш. Томаяктарды ашарга чогултуп тамын салдырып, алда немелерди айтып аларды дүүлүктүрүп, өзүнчө эле дүңкүлдөп баш бербеген эме дейт.

Булар эмне, ичкериден Солто, Тынайдын көсөмдөрү менен ак падышанын Пишпек, Токмоктогу төрөлөрү атайылан таптап тыңчылыкка жөнөткөн эмелерби? Түбү өз журтубуздун, Куртканын тукумдарынан экен. Неге кулдук уруп алдыга келишпеди. Жаки сайы тайыздыр. Жаки билгендери бар. Жасоол жиберип ошол эки урганды айдатып келүүнү да ойлондум. Бирак, «биткө өчөшүп, көйнөгүңдү отко ыргытпа». Кайда кетишмек эле. Биздин кең көйнөктүн бүктөөсүндө жөрмөлөп жүрө турушсун. Керек учурда тарамыштарынан тырыштыра тарттырмай оңой. Балким, камчы сапка жарачу эмелердир. Ошолордун чоо жайын акырын аңдоого аттанып туйчуңар барбы?

Кара сурунап локуйган олбурлуу Мусакожо көнүмүшүндөй жанындагы үкөлөрүн кеңешке ала саймедиреди. Ал атасы Келдибек, түп бабасы Жанболот баатырдын мансабын туткан, азыр Куртка-Терек болушу аталган орто Нарындын өйүз-бүйүзгү кең аймагындагы туурасынан түштүк танабы керилген Аксай, Арпа, түндүк танабы чалкыган Сок-Көл жайыттары, ал эми күн жүрүш узун тилкесинен башы Кажырты, Курткадан, Тогуз-Торо, Кок-

Артка чейинки элдин башын уучтаган көзүрү. Мусакожо өзүн токтоо, акылга жетик сезет. Миң толгоно күнүя да, ачык да кобурай ой ойлоп, бир жыйынтык түйүндөгөндү жактырат. Акылын уюткан алтын баасындай барктап, салмактуу чайкап, масилетин жан жөкөрлөрүнө уктуруп жүзөгө ашыртууга куштар. Ошентип, калайыкка так кесээр олуттуу бүтүм чыгарган манап катары даңазасын жайылтканына корстон.

Азыр да айлап ичине батырып, ары калчап, бери калчап эми араң ачылып отурбайбы.

Келбетине жараша сабырдуулугуна сырдана жан жокорлөрү анын үргүлөгөнсүп чекесин кашып, желбегей кымкап чапанын ийининен коншой, сыйрылта таштап, дардайган өргөөнүн төрүндөгү аюу талпакта балпая мемиреп тыным канча созулса да жоопту шаштырбай күтөөрүн билишкен берендер бири бирине үңүлүшө тынчсызданышты.

Кана, кимиси мен барам деп чыгынат? Окус, чала чарпы кайпактап келишсе чоң болуш катыгын да берээри айныксыз. Арийне, ичкериден оогон ал түгөттөргө булар да даректер. Төгөлөк Молдосу Карала бийге, Жаркынбайы дагы бир уруу манабына туугансып жамынып, араларына кирген.

Сыягы Мусакожо чоң болуш (ошентип аталып кеткен), келгиндердин дайынын туугансып кабылдаган мыктыларынан эшитсе дагы, кийинки каңшаарларга дүрдүгүп, чын чынын мынабу өзүнүн кара чечекейлери аркылуу тымызын туюуну каалагандай.

Арийне, тигил же бул уруунун манаптары Жанболот, Келдибек тукумунан болуштук талашып, кийинки шайлоолордо кандидаттыкка жетишип, ич ара бөлүп-жаруулар курчуганы ага маалым эмеспи.

Ошондуктан Мусакожо өзүнө үзөнгүлөш, эл башкарууга жүткүнгөн инилери: Султангазы, Аалы, Калпаны жашыруун кеңешке, кимиң канчалыкка жараар экенсиң дегендей чакырып отурбайбы.

Дал агасынын өзүндөй олбурлуу жалдуу айгырдай кылдуу узун жаак Султангазы үкүнүкүндөй чоң көздөрүн жалдыратып «мени койгула» ишаарат та башын ийкей беркилерге уруксат этти. Чоң болуп алы көз кыйыгынан байкап, эринин жалай узун сакалын ортончусу Аалы тарапка силкти.

Суусар тебетей кер мурут, кызылдуу матырайган Аалы комдоно шадылуу колдорун ушалады:

— Баяке, деги аларды тыңдуусунган манап сорой-лөрүнүн өзүлөрүнө кошо чакыртсак кантет.

Чоң болуш, эринин кымтып, сакалын жыйрылта көтөргөн калыбында «хых» эте күрсүнө эң четте мандап токуна чыкчырылган кичи катындан аталап иниси Калпага бурулду.

Анысы, байбиченин балдары, жатындаш үч агасынан тең сулуу сымак жука дидарын нурланта, курч каректе-рин кылгырта, кулун жал кыр жапкан ууртун бүлкүлдө-то шапылдады:

— Калааны каңтарган, чүрчүт, дуцган, сарт, ногою дебей мүлдө жалданып тили да, дили да бурулган дүмбо-көлөр дейт, алигилериңиз. Ошолордун бир түгөйү бизде бар эмеспи. Букарбай тилмечиңизчи. Айтор аныңыз да тилин кубулта орусча, арабча, фарсыча, түркчө сайрайт го. Ошонуңузду маа кошуңуз. Тоголок Молдоңузга да, чокундугуңузга да, кичүү эмесминби мен жөнөйүн. Өзү-бүздөн кеткен жетимдер машаяк болуп кайтты дейсизби. Же алардан кооптонгондой ажыга барып келишпитирби. Көп болсо, жалданып тили буруулардын арасында тону бүтөлүп, чыйралып торолушкандыр. Менден тартынышса, чоочуркашса, Букарбай тилмечиңиз табар алардын ти-лин. Шоптип жаңы букараларыңыздын биртике зикирин катып келебиз, баякеси.

Баятан жаңдаганы, тыңдаганы дебесе кыймылсыз чок-көн дөбөдөй олчойгон Мусакожо эми гана Калпанын жүйөөсүнө жибий, табактай алаканын таптап кабыш-тырды:

— Сеники ыктуу, сеники ыктуу, кеки береним.

Калпа берки агаларына короздоно мулуңдады.

Чоң болуш баякесинин «кеки береним» дегени эркелеткени. Ал кез-кез кан ичмеси карман оолукканда озүн-дөй шамдагай, карылуу, ыктуу жигиттерден кошун, бе-лес ашууларды артып, тээ алыскы журттарды аңталай жортуп, шалк этме чочмор, булдурсундарды карууга илип, карацгы түндөрдө жылкы тийип, агаларынын желелерин арбытып, оозун казы, картага майлагандарын эскер-гени.

Агалары бул шуулдаган оңбогурдун жортуулчул эр жүрөк ууру-кескилиги мындай турсун, чукугандай акыл тапкыч, тайманбай сүйлогон тыңдыгына, маселен бу саам-кыдай мөөрөйүн үстөмөндоткопуне аргасыз баш ие тым-пыйышты.

* * *

Байымбет эшиги [illegible]рулуу өргөөчөсүндө мадыра баштар менен сексек саамайлардын курчоосунда. Анын мукам доошу барган сайын эргип, колундагы сыйкырдуу күзгүдөй бетине кармаган дептерден «Кемчөнтойдун» келекелүү жосунун ойкутууда. Анда-санда борсулдаган каткырык атылбаса, балдар акындын түшүнүктүү, кубулжуган авазга калкыткан мыскылдуу өткүр сөзүн чалпоо журокторун балкыта тирмийише тыптынч кунттанып тыңдоодо. Антпегендечи. Качан эле мынабу бөрсөйгөн кенжелер менен чедирейген тестиерлерди атайын адам катарында барктап кайсы акын казал, болгондо да балдардын озуно тиешелүү, таалимдүү окуялардан тамаша курууучу эле.

Деги Тоголок Молдокең түшкүр, балдардын кулк-мүнөзүно баптап, туйгусун ойгото кучунасын кандырчу шумдук создөрдү кайдан табат. Байдын эсирген кем акыл уулун «Кемчөнтой» атка келиштире кондурганын кара. Эч перседен кемибей, курсак ток, кийим бүтүн бейкапар оскон эрке талтаң, атасы өлгөндө оокат, тириликтин жайын билбей корүнгөнгө келеке болот. Атасынын жыйып тергенин ыксыз чачат. Шылуундарга алдатат. Акырында күржалак темтирейт. Ошондо мурда теңине албаган кедейдин кызынын оболуна көнүп, жан сактоого, оокат отоого термелип кирише баштайт. Кемчөнтойдун ар кыл жоругу шылдың, күлкү чакырарлык куйкумдуу айтылып мотурайган угуучулардын жарпын жазууда.

Дал ошол маалда эки атчан, тал түштө таң тамаша курган үйдүн жанына таңыркай токтошту. Шаңдуу мырзаларды, аттардын дүбүртүн ичтегилердин эч кимиси капарына илбеди. Шарт боюнча суулуктап түшүрүш керек эле да. Атчандар чакан өргөө, жыбылжыган аваз Тоголок Молдо дегендики экенин боолголошту. Өктөм жеткен экөө тырчыбыраак, бирок да уккулуктуу авазга миздери тайгыла тизгиндерин жыйып, ат үстүнөн кулак төшөштү. Үйдөн созолонгон авазды ар кими ар анжы кабылдоодо. Бүкарбай моюнун куркуйта созула далдап түшүнүүгө далбастады. А Калпа, кыжырлана кулагы дүүлүгүп элпек унго зорго алаксый, андан өзү жат билген диндик казал «экматтын» төмонкү түрлөрүн угуп жаткансыды:

Алла, алла десем мен
Аллага кулдан болсом мен
Жаратканга жалбарып
Жанымды курман чалсам мен.

...Ак жамалын көрсөм мен
Жандан кечип өлсөм мен...

Калпа секиндеп өз ичинен эңилентken, элди мүңкүрөтө жашытып боздогон обонду эмес, кандайдыр шарактаган кытылдакка чулганган «Кемчонтой» деген ылакапты ырга айланта мыскылдуу лепилдеткенин тапа так эшитпеспи. «Молдолугуң ушулбу, наччагар! Кимдер муну тегеректеп муюгандар-р! Чоң болуштун айтылуу тилмечи менен мыкчегер иниси келгенде капарына албагандар-р. Карала бий жоктур. Ал мындай келжирекке тунуп олтурбас-с». Элик сап жылан боор камчысын бүктөй, өргөөнү тебелете атырылтчудай, ээринен эңиле эңшейип тыңдаган жолдошун капталга нукуду.

Шыңгасынан сөлпөйгөн Букарбай селт чочуй, бүктөлө ээрине өңдоно минип, тизгинин жыйып чакырайган Калпага чекир көзүнөн күлө бакты:

— Астафырылла Калпа мырза. Ашыкпаңыз. Сабыр этиңиз. Хаммаси жайида болоду.

— «Хаммаси», тапкан экенсиң жайында болчуну! — Калпа өктөм жоргосуна сүрдүктүрө, ойт бердирип, анын атын жөөлөтө алдыга өтүп, ачык эшиктен эңкее, камчысын босогого так-так ургулай бакырды:

— О, Тоголок Молдо деген сенсиңби?! Токтот озондогонуңду. Үйүңө мейман келсе, күтүп алганга жарабайсыңбы?!

Кантсе да шаардык таалимде өскөн Букарбай, мырзанын олдоксондугуна өкүнүп атынан шып ыргып түшүп аны суулуктады. Жок, Калпа үй ээси чыкмайын түшпөйм кыялда, жоргосун кетенчиктете тартты. Тилмеч Калпанын кыйла жаш улуу чоң болушунан да, андан кийинки бийликке үмүткөр Аалы, Султангазы агаларынан дагы өткөн аксым, өкүм экенин небак байкаган.

«Кемчонтой» казалын аяктоого чукулдап кызыган Байымбет бирөөлөрдүн келгенин, суусар тебетейчени башын чулгуп, бирдемке деп кайкып өткөнүн, экинчиси атынан түшкөнүн чала-була чалдыктырса да, «уга турсун» анын үстүнө балкыган балдардын ийин жандырбай аягына чыгайын деген ниетте уланта берди. Калпа дагы бир эңкейип, ачык эшикке сугулуп, кайра башын Букарбайга чулгуду.

— Каадалуу бирөөлөрбү десем, чыт курсактардын ырчысы тура. Ушу текчейген эмеге, анан чокундук дегенге да өзүң көбилешип кайт. — Ал камчысын кезеген бойдон күмүш купалуу көмөлдүрүк, жүгөн, куюшканын шал-

дырттага сур жоргосун бургуйлата кайра жолуна түштү.

Букарбай тилмеч анын токтоосун экинчи өтүнбөдү. Баары бир көпкүлөң мырза укчу кейптенбейт. Мейли. Андан коркоор чамасы жок. Тилмеч-писарлыкка (катчылыкка) ичкериден падыша өкмөтүнөн азыноолак айлык да чектелип, быяктан да көшумча мал-пул шыйгарууга чоң болуш Мусакожого дайындалган. Түпкөрүдөгү Куртка-Терек болушунун кат-кабары, эсеп-кысабы да анын моюнунда. Орусиянын өкүлдөрүнө, жыйынга же башка жолугууларында тилмечтиги турулуу. Болуштун мөөрү да, анын күболүгү менен басылат. Демек чындаса, жергиликтүү бийликтин жарым күчү анда. Шабдан баатыр аны Ташкенттен окууну бүткөндө өзүнө үч жыл алып жүргөн. Качан Мусакожо болушка табыштаарда Пишпектеги төрөлөр эсеп-кысап, тилмечтикти гана тургай, ыктуу учурда манап, элдин арасындагы жалны ал ахыбалдан кабардар кылуусун эскертишкен.

Демек ал Келдибектин бөлтүрүктөрүнүн жугундукору эмес, тең тайлашы. Жинине көп тийсе, ичкеридеги ошо кожоюндарына тымызын билгизип, эстерине келтире каап да коюшу ыктымал. Бакисинен зору Мусакожонун бала бото атап чоңдорунун көзүнчө ыйыктаганы, кыз жактырып үйлөнтөр убадасын эскерди.

Калпанын зекигенин үйдөгү көмөкөйү кызыган ырчы байкас албаганын, арийне берилип уюган жаш угуучуларды тополоңдотуп, томсортуп таштай чуркабай салабаттуу кармаганын жактыра Букарбай жоош атынын чылбырын коё берип, ичтегилерге көрүнөөр көрүнмөксөн ачык улаганын босогосуна шынаарлады. Качан казал обондуу окулуп бүткөндө, балдар чуру-чуу:

— Ыраазыбыз молдоке!

— Кор тартпацыз молдоке!

— Оомийин! — дешип божурашып бата бергенде:

— Эми качан чогулабыз!

— Дагы кайсы кызык казалыцызды окуйбуз?

— Буюрса эмки жекшембиде, «Телибай тентекти» жазып бүтөм деген оюм бар. — Байымбет молдо этек-жецин кагына жанындагы кара каш тестиерди жандай,— мынабу Кашкары кабарлайт силерге качан, кайда чогулушту,— деп, анын ийнинин таяна обдулганда, босогодон Букарбай эңкейип ичке аттады:

— Атсалоом алекум Тоголок Молдо ырчы, казалыцызга куштарлыгым артып тыцдадым. Кечиресиз, атайылап таанышканы келип, алтын шилекейиңизди чачып аткаңы-

цыздын үстүнөн чыктым. Дацканыцызга көшүлүп, тынчыцызды албай тура берипмин.

Дидаары биерлик тоолуктарга окшобогон чуңкур чекир көз, чап жаак, кара сур, ичке моюну куркуюбураак шыңга бойлуу, өзбекче чалыбыраак сүйлөгөн сылык жигитке чоочуркай үрпойгон балдардын курчоосундагы Байымбет таазим эте колун сунду:

— Валлеки салам. Келициз. Эгер жаңылышсам кечирерсиз... Балким... тилмеч, катчы Букарбай мырза болуп жүрбөңүз... — Букарбай ырчынын манжаларын шадысын оролто кысып жылмайды:

— Дал өзүмүн. Кайдан билгенсиз.

— Кабарым бар. Али Чүйдө жүргөндө уккамын. Келгенимде биерде экениңизди бышыктагамын. Жолугууга куштар элем. Ойлогон ойду кыскан жагдай кийпенден... Сизди кайсы алп кара куш жеткизди. Отуруңуз, жайланыңыз. Кантсек, менин бул жожүрөлөрүм...

— Байымбет «балдарды кетирейинби» деген ишаарата жадырай кулачын калкытты.

Букарбай сыпайгерчилик үчүнбү, көңүлү шатдандай, карс-карс каткырып, балдарга жайдандады:

— О-в, адам-инсандын жуда жакшысы мына ушу бөбөктөр. Ушуларга «Кемчонтой» ашуласын айтканыңыз жакты мага. Дароо ага жагымдуу жоодурашкан жеткинчектерге ичке кашын серпти:

— Туурабы?

— Туура, туура! — Балдар коштой чуулдашты.

— Канаке, молдокеңер кандай, айтылачы мага?

— Мыкты! Мыкты!

— Тим эле жыргатып атат бизди.

— Кантип?!

— Казал окуп берет.

— Ыр, жомок үйрөтөт.

— Акыйнекти дагы.

Букарбай, теңирекей мурун кара баланын калпагын ала:

— Маселен сен молдокеңдин кайсы ырын үйрөндүң?

— «Кыдың, кыдың торпогум» дегенин...

Моюнун созгон сары чийкил бала өзү эле:

— А мен «Үркөр, үркөр үч жылдызды» ырдап берейинби.

— Айт.

Бала жобураганда, калгандары кошулушту.

— Үркөр, үркөр үч жылдыз.

Үркүп кайда барасың...

Тилмеч чери таркагандай, телик, тири карак балдардын эрмек-зоогу гана эмес, тарбиячы, таалимчисине айланган ажарлуу молдо жигиттин оңөрүн дагы ача түшүпүүгө, бой тартыбыраак, карегин уяң каткан, беш көкүлүн тал-тал өргөн бийкечке кайрылды:

— А сеничи?

— Мен молдокемдин «Талым кыз менен Көбөктүн айтышын» жаттадым. Тим эле, табышмак менен жандырмак.

— Шупакамы. Канаке, чырайлуу кыз, айтып көрүң?

Кыз кытат кирпиктерин жыбырата Кашкарыга имерилди. Улан дароо анын ниетин түкшүмөлдөй устатына ийиле:

— Молдоке, ырахым этсеңиз. Айша — Талым кыз, мен — Көбөк болоюнчу?

Байымбет Кашкарыны карууга тантай мейманга тааныштырды:

— Менин шакиртим. Кат тааныйт. Бобуларды түгөл тескеген ушул. Жесирге кошогумду жаттатат, жетимге арман... Өзү да комуз чертип ырдайт. Мына азыр, комузун күүлөп, сиз каалаган Талым кыз менен Көбөктүн айтышын Айша экөө алымсабак баштайт.

— Жарайт, жарайт. — Букарбай Тоголок Молдонун жанына колдолөцгө жайгашты.

Кашкары комузду колуна алып, Айша кыз бет маңдай сан-сан өрмө чачтарын эңилткенде балдар кудуңдап жарданышты. Атаганат, шайырлыкты ким гана жактырбасын!

Ана комуздан күү төгүлгөндө, Айша бийкечтин жылаажын авазы Талым кыздын алгачкы соболун жыбылжытты:

Адамзат пендеси
Сүйгөн нуру не болот?
Асман менен закымдан
Жүргөн нуру не болот?
Аркасында тупарык
Кирген нуру не болот?
Асман, жерди жаркыткан
Ачык нуру не болот?
Асман жерди бүркогон
Сасык нуру не болот?
Асман жердин зыйнаты
Канык нуру не болот?
Эл ортосун ынтымак
Кылган нуру не болот?

Бир ордунда кебелбей
Турган нуру не болот?
Талымдын тартпа дөмөгүн
Таба салгын жомогун.
Менин атым Талым кыз,
Чөпөп мага жологун.

Аны күттүрбостон эле Көбөк — Кашкарынын балакаттан өтүп бараткан доошу коңур тарта чоюлду:

Адамзат пендеси
Сүйгөн нуру таң болот.
Асман менен закымдан
Жүргөн нуру ай болот.
Арасында тупарык
Кирген нуру түн болот.
Асман жерди жаркыткан
Ачык нуру күн болот.
Жер асманды бүркөгөн
Сасык нуру туман дейт.
Жер асманды жаркыткан
Ачык нуру жылдыз дейт.
Эл ортосун ынтымак
Кылган нуру жакшы сөз.
Бир ордунда кебелбей
Турган нуру убада.
Таптымбы Талым сөзүңдү?
Келтирдимби кезиңди?
Аптыкпагын, Талым кыз
Ачмак болдум козуңду!..

Талым кыз: — Айша:

Узун, узун, узун жол
Учун билген ким экен?
Күндөп-түндөп жүгүрүп
Аянбай жүргөн ким экен?
Алыс менен жууктун
Четин билген ким экен?
Ачуу менен таттуунун
Даамын таткан ким экен?
Кара сууну кайнатып
Каймак кылган ким экен?
Кан төгүшкөн душманды
Жакын кылган ким экен?
Кайраты бар адамды
Баатыр кылган ким экен?
Оолуктуруп адамды
Чечен кылган ким болот?
Ойдо жокту ойлоптуп,
Кесел кылган ким болот?
Мүкүрөтүп адамды
Карып кылган ким болот?

Муупу-жүүнүп бошотуп,
Арык кылган ким болот?
Кызыл жүзүн ондуруп
Сарык кылган ким болот?

Көбөк — Кашкары:

Узун жолду узартып
Учуп билген кербенчи.
Күндөп-түндөп жүгүргөн,
Арыбаган мергенчи.
Алыс менен жууктун
Ченин билген базарчы.
Ачуу менен таттуунун
Даамын билген казанчы.
Кайраты бар жигитти
Баатыр кылган эл болот.
Оолуктуруп адамды
Чечен кылган тил болот.
Ойдо жокту ойлонтуп
Кесел кылган жин болот.
Күнгүрөтүп адамды
Карып кылган ургаачы.
Муун-жүүнүн бошотуп
Арык-кылган убайым.
Кызыл жүзүн ондуруп,
Сарык кылган бересе.
Жана сөзүң бар болсо
Жообун берем бир нече.

Талым кыз — Айша:

Жер сиңип кеткен жети атаң.
Ал эмине Көбөк чоң?
Жерди жемире баскан чал буура
Ал эмине Көбөк чоң?
Желини сүттүү куу инген,
Ал эмине Көбөк чоң?
Жез буйлалуу нар тайлак,
Ал эмине Көбөк чоң?
Оргочордон от күйөт
Ал эмине Көбөк чоң?
Ысык-Көлдө ит үрөт
Ал эмине Көбөк чоң?
Жан бүткөндүн баарынан
Каргыш алган ким болот?
Жанга залал кылбастан
Алкыш алган ким болот?
Түйүлгөндүн түйүнүн
Чечип турган ким болот?
Түндөп-күндөп токтобой,
Көчүп турган ким болот?
Сөөгүңдү ысытып
Эзип турган ким болот?

Кобок-Кашкары:

Жер сиқип кеткен жети атаң —
Жети атабыз эмеспи!
Жерди жемире баскан чал буура
Түп атабыз эмеспи!
Желини сүттүү куу инген
Өз энебиз эмеспи!
Жез буйлалуу пар тайлак —
Карындашым эмеспи!
Оргочордон от күйсө —
Эки көзүң жайнаган.
Ысык-Колдон ит үрсө,
Бака болот чардаган.
Жан бүткөндүн баарынан
Каргыш алган карышкыр.
Жанга залал кылбастан
Алкыш алган байкуштар.
Түйүлгөндүн түйүнүн
Чечип турган чечендер.
Түндөн күндөп токтобой
Көчүп турган санаа дейт.
Сөөгүңдү ысытып,
Эзип турган бала дейт.

Улам биринен сала бири канды кызытарлык, сезимди сергилтээрлик, жан-жаныбар, тоо-таш, ай-асман, адам сырларын козгоп залим бийкеч табышмактата суроо түйүнүн жылдыра катса, жигит тыңдап ойлоно, жандырмагын таап, жагалдана кайкыганда... кимиси каерден мүдүрүлөт, кимиси жеңет деп ышкысы арта чымыраган үгүучуларды, аягында буга дейре далай жигитти жеңген Талым кыз:

Тим жүрбөстөн сөзүңө
Тийиштик кылдым өзүңө.
Күнөөм болсо кечкин деп,
Күрмөгөн жибиң чечкин деп,
Таппадым деп ыгынды
Талым кыз сөзгө жыгылды.—

— деп Көбөккө жеңилбеспи. Балдардын бапыранган кубанганы алардан беш бетер бүт ыкласын коюп тыңдаган Букарбайды чалкытты:

— А-а молдоке береке тап! «Талым кыз менен Көбөктү» акыл сынаштырып жуда сонун ашулага айлантыпсыз да!

— Насылы сөзү байыркыдан келаткан калайыктыкы. Ырга мен кыюуладым...

— Дурус, дурус... Эми жекечө маектешсек кантет?..

Адептүү балдар четинен жылып жөөнү ээп калтырышты. Экөө эски тааныштай бат эле сырлашууга өтүштү.

Эңсеген жергесине келгени деле Байымбет али жалгызсыраганын, жолдош-жоро күтпөгөнүн балким алымсынтаарлык ырдабагандыктанбы Карала тууганы айылынан алыс чыгарбай, топко аралаштырбаганын, ушунда эле мыктыларды даңазалоочу ырчы боло албасын, мүдөөсү «Манас», «Семетей» дастандарынан, кенже казалдарга чейин, өз көөдөндөгүсүн кошо, улуу, кичүү дебей ыр жандууларга жазып жайылтаарын жоруптады.

Букарбай кичинесинде энесинен жетим калыптыр. Атасы темир жолдо орус жумушчулары менен бирге иштептир. Уулун колунан жетелеп жүрүп, боорун көтөрүп, элтеп орус мугалиминин жардамы аркасында окууга киргизип, бүтөрүлө чукулдаганда өлүптүр. Падыша казынасынын эсебинен окууну бүткөн соң, сураары жок көз каранды жетим, Шабдандын талабы боюнча анын карамагына тилмечтикке жиберилиптир. Анда үч жылча жүргөндө, Мусакожо бала-бото катары куштап күтөм деп сурангында, аргасыз быякка өтүптүр. Али бой.

Букарбай быякка байырлаганы тоолук кыргыздардын арасынан кереге, уукка илинген, саймалуу аяккапка толтурулган китеп, кагаздарды Байымбеттин үйүнөн гана козго толумдуу чалдыктырышы. Китеп, ыр жандуу, шаар чойрөсүн чарпыган, бу муңбас азаматты бооруна тартуусу зарыл. Дал ошол максат менен, анын да ишенимине кирүү үчүн өмүр баянын маселдебедиби.

Байымбет да тилмечтин ниетин боолголоп, анын үстүнө кандайдыр экоонун тагдырларындагы окшоштукту тогоштура, эриш-аркак сыр калчашын өткөн соң ырчы комокойун жацсады:

Букарбай сенин дайыңды
Чүйдө жүрүп укмамын.
Жолдош тутун озуңду
Жаныца келет ыктагым.
Китеп, гезит алгоолоп
Коңулумду ыктагын.
Каткаксып курган калбайын
Куттандырып чыктагын...
Ушак, айың кептерди,
Ылгагын да укпагын.
Отузга чукул келипсиц
Олоц чач жарды чуктагын.
Күлүп, ойноп, эркелеп
Колукту таап куштагын.

Опасыз куру өткөрбө
Орошон жаштын бир даарын.

Ар сөзүн аттык тартуудай абайлап кабыл туткан Букарбай тиштерин кашкайта арсаңдан, кулачын арбайта акын курбусун оролто кучактады:

— Бали, бали! Пейлиңе эридим. Тилегиң кабыл келсин! Жуда дартымды таап айтканыңа курсантмын. Акын Тоголок Молдо, мына ушу кучакташканыбыз достук шертти бекемдегенибиз болсун! — Коркойгон неме моңкөйө ийилибиреэк кучак жазса, а чарчы Байымбет тирелте тошуно кысып, алмак-салмак айкашты.

Негедир ар бири курбудан коңултактаган кургурлар көксөгөнүн тапкандай, коңулду толтурчудай, айтылып бүтпөс асылкечтик сезимдерди айкашкан көкүрөктөрүнүн жылымтык табы аркылуу өткөзүштү.

Арийне, дилдеги кунуя түрмөктү түгөл чубап, кайгы, кубаныч, бүгүн жазышаар, ишепим, колдоо көргөзөөр, өкүттөң менен өркөнүндү, жаза басканың менен көкөлөп сызганыңды жаземдебей айтаар, чама-чаркыңды далдап, баркыңды так баалаар жан достун болушу адамга опол тоодой жөлөк.

Ошондой жөлөккө түкүлжураган экөө издешпей табыштырган кудуреттин амирине күпуя тайынышса, ушул антташкан мампайлыктын түбөлүгү түздүгүн көксөштү.

Жаңы эки ынак бирде ким-кимининн башынан өткөн балалык, шаар, илим-билим жаатынан жобурашса, бирде ала-кула заманынын акыйкатсыздыгынан, бирде келечек мүдөөлөрүнөн, алыста болсо да, айынабы же андан кечеңдепби, ичкериден чоң болуштун катчысынын наамына, Букарбайдын колуна тийүүчү газета, китеп кабарларынан алгоолошоорунан, Тоголок Молдонун тиши анча өтпөгөн орусча, чала моңол арабча, фарсычалардан тилмеч баяндамалап турарлыгынын, түркүчөлөрүн өзү окуурлугунан, а Букарбайга акылы да, келбети да, келишкен кыз тандаарлыгынан, өзү күйөө жолдош, а Сейдеши «жеңе» катары болочокку колуктусун жандаарлыгынан... Койчу, соз учугу түгөнбөй Букарбай эки өргүдү.

Үчүнчү күн таңкы даамдан кийин үйүр ала түшкөн Букарбай атайылап досунун дымагы канчалык экенин байкоо ниетинде кол китеп, казалдарын аңтарды.

Жазуусу, ариптери даана. Карекке илипгенде эле шыдыр окулат. Ыр сабына чепелген узун тилке дептерлердин ар кайсынысын оодарып, баш башын чырпый окуп жыюуда. Кыйла жылдан берки аз-аздап жазыла берип

көбөйгөн жазмалар. Дастандан кысымдар, баштар. Казалдар. Ашыглык ырлары. Кошоктор. Армандар...

Тилмеч окшош сагдыян менен мукабаланган узун тилке калың үч дептерди бөлүп кармалады. Бироо — «балдар эрмеги». Башкы бетиндеги бадырайган жазууга кумарланды. Нары ачтарса... адеп ушул үйгө кайрылгандагы эшиткен «Кыдың, кыдың торпогум», «Каак каак каргалар», «Үркөр, үркөр үч жылдыз», «Кемчонтой»... «Телибай тентек» — аты гана жазылуу. Ар жагы актай.

Мандайындагы андан беш бетер чиймеленгендерин өзүнөн бөлөк окуган, түшүнгөн курбу чыкканына кудуңдаган кол китеп ээсине ак баракты кармай элейди.

Ээси эле дейсиңби, баш манаптын көрөр көз тилмечи, окуп, чокунган жигит, бой көтөрбөй эрине эбедени эзилип шериктик ыкласын бурган мейманды, эпчи жактагы кызгылт тубар көшөгөнү түрүп, сайма сайып кылыйган Сейдеш да баамдоодо.

Байымбет жаңыдан дүңкүйө түптөнгөн сербеген сакалын сыпаа шадысына жаный, досуна күлмүңдөдү:

— Ооба, кулагы менен гана эмес, түшүнүп жутуп уккан, жаттаган, казал, ырга чаңкаган өспүрүмдөрдү көрдүң го. Аларды алаңказардык, эселектик жосундан алакчылагыдай маңызда «Телибай тентекти» чукулда чүргөйм. А калганына жомоктордон, ылакаптардан мисалы: «Жети таз, жеке таз», «Абышка кемпирдин көмөчү»...

Кенжелерге жеткиликтүү да, таалимдүү да ыр элегине элейм. Үйрөтөм чүрпөлөргө, таратам Кашкарым аркылуу.

Букарбай каниеттене таза кырдырган солпу башында чокчойгон жашыл баркут тышталган көрпө тебетейин титиретти. Чаар топуну көндуруп, ысык жерде чоңойгон берен, тебетейди быякка, тоо элине, салкынга келгени гана кис баштагандай. Ал «балдар эрмектерин» мурдагы додолонгондордун үстүнө коюп, мандаш токунган оң, сол тизесиндеги кезмет күткөн эки кол китептин бироонү бапестей, суктана кармалап, андан көз айырбай ажардуу тигилген эрди, катынга куудулдана, мандайына, эринине тийгизип:

— Биссимилла! Тоголок Молдо тамырдын бул бал китебинен кандай сыйкырлуу периште, кандайча тобуш чыгарар экен. Кана Сейдеш аяш, сиз дагы угуп туруң — ото жай ырас эле куш уйкудагы жандуу макулукту чочутпай корчүдөй кол китепти чоюла ачып, тынымга көзүн чекчейте тиркеч моюнун керкейте, жарашын, жарашбайыраак солпу башында чокчойгон көрпө тебетейин быжы-

гырланта арбашкансыды. Закымдан соң, орусча ырды да, арабча куранды да, фарсиче рубаилерди да, түркүчө казалды да шар окуп жатыккан бийик доошун каргыта кыраattатты:

— Калк казыналары. Кыргыз элинин санжыра, тарыхынан! Вай! Тоголок Молдокем! Жазуу тарыхы басылбаган кыргыз калкынын санжырасын түшүрсоң аз-заматтыгың!

Нар жагын аңтарбай ошо бойдон кол китепти калкыта көтөрүп намазга жыгылчудай эки-үч мертебе ийилди. Анын жетине албай кубаттаганына Байымбет терисине сыйбай сүйүнүп, обдула дептерди колуна илди:

—Букарбайым, ыраазымын алал алкооңо! Элибиздин кайдан чыгып, кандай урууларга бутактанып ушул заманга дейре кай тараптарда чачырап жашаган санжырасын мизилдеткен карыяларды бала күнүмдөн угуп келатам. Азыр да бар созмөр аксакалдар бул айылдарда. Алар ата бабалардан уламаласа, мен алардан тыңдап... жаңыдан жаза баштадым. Буюрса аягына чыгам. Биз го, биз. Соцку урпактарга урук жууратыбыздын дареги жетсин...

— Дурус, дурус. Алдыңы үнү өчпос периште болчудай. — Ээсинин колуна өткөн дептерге сүймөнчүк назарын чаптырып эң акыркы оң тизесинде суналган күрөң мукабаны анык тирүү жандарды кармоочудай кош чеңгелин суна этиет апчыйыр калкытты:

— Я-а биссимилла, жаныбарым, Канаке сен не дейсиң?!— мандаштан талыкшыгансып, жердиги тамашакөй шумпай, аяштарына кучунашып жазууга, кыял-жоругун таанытууга өзүн эркин тутуп, китепти кармаган бойдон үч бүктөлө ийилип бүгүлүп тура, Байымбеттин кашына шоңшойду да... Көзүн бардап ачып жума, ичинен булдурттап түшүнүксүз бирдеңкелерди кайрып, тилин бултактата чормоңдоду. Сейдеш саймасын токтото, боорун басып кытылдаган бойдон ал экөөнүн жанына жыла эпейди.

Байымбет шеригинин улам жаңы сырлары ачылып, а дегенде тоңдоосун коомайсынган оңбогурдун оюнкараактыгын туюп, дагы алда немелерди баштаарына күдүктөнө ал да ыкшыды. Жок, Букарбай булдурттаганын тыйбады. Алардын күлгөндөрүн жактырбагандай эңкейип, эринине жөлөй, тили менен дептердип бетин ачып, көзүн аңтарылта акыйып, анан кайра жаңкыдан да шумдуктуу акшыңдап, уурт, бетин кыйшаңдата, каш кабагын

чокмороктото Байымбетти жардамга чакыргансыды. «Бул эмнең. Өзүң оку» дегенсиди.

— Ой боорум ай. Аяшың түшкүр. Ченеп куулансаң боло. Минтсең көрбөгөн балдардын жүрөгү түшөөр. Молдо дос, окуп берчи — Сейдеш борсулдап күйөөсүнө сүйөндү.

Букарбай ачкан калыбында тиши өтпөгөндөй акыйын тиктеген дептерге Байымбет обдулуп, окуйм дегенде, тигил булт коё, тура качса болорбу.

Байымбет шырдакка көмөлөнө сүрдүктү. Келинчеги шарактап күлкүсүнө, көгүлтүр макмал кемселинин соорусунда удургуган күмүш чач мончокторунун шылдырын кошо, эринин моюнуна колун арта боортоктоду.

Мейман үй ээлеринин, жарашыктуу жаш жарлардын жарпын азыноолак жазганына, мындан кийин анын тамашөкөйлүгүн биле жүрөрлүктөрүнө жигерленип, качан экөө жайдаңдай орду ордуна жайланышканда эчтеке бөлбогондой томсоруп, өргөөнүн үзүгүн тирей турган калыбында биринчи барагында аталган жазуулардан бөлөк, апакай шады толгон баракгарды булактата дирилдетип суз заңылдады:

— А, Тоголок Молдо «тамсилдер, мыскылдар» дегениң не, кайда аларың?!

Эми араң күлкүдөн күйүккөнүн баскан Байымбет ыкшоо козголуп, ага чукулдады:

— «Тамсилдер, мыскылдар». Үмүт менен аталган актай китебим. Азырынча жок. Жакында жазыларына деле көзүм жетпейт.

— Япырым алла, парпардигер-р, молдокеси, анда неге, шунча кастарлаган дептериңдин куду мыктысын алдын ала ачкайтып атап койгонсуң. Анан көрөкчө, башка бирдеңкелерди, маселен, ашыглык казалдарыңдан мага көчүрүп берсең боло.

— Андай эмес дос. Сага көчүрүп берчү дептер табылат. Атайлап мүдөмдогүнү багыштап белендегенимдин жөнү бар. Уксаң. Азыр мен өзүмдүн акындык чийкилигимди, эңсөөмдогүнү түгөл келиштирип жаза албай, айта албай чунчугонумду туям. Астафурулла, секиндеп, бүлөпүп, кайралып курчурмун. Калайыктагы далай дүмөккө аралашарбыз. Ошондо калемге жем түшөөр. Акылга канат бүтөөр.

Букарбай анын андан ары улантаарын каалабай, сөзүн муунады:

— Кой, кой. Дептерге сарандыгым эле дечи. Кагазды, сыяны, болот учту камдоо менин моюнумда болсун. Экоо-

бүз түшүнүшүп бүттүк. Эми Сейдеш аяштын үнүн уксак...

Байымбет досунун аңын мүдөөсүн жеткире капарына туйгусу келбегенине өкүнсө да, жазуу куралдарын камсыздаар убадасына, жалпы эле анын жан тартканына ыраазыланды. Мейли, эми Сейдеш эмне дээр экен?

Сейдеш күйөөсүнүн мынчалык зор арзууга турарлык далалатын, мүдөөсүнүн чабытын толук таназарына албай жүргөнүнө, көрсө ага бобу. Букарбайдай талаптуу шериктин жолукпаганын, мындан ары кудай жалгап иши оңуна түшөөрүнө оюн ширинде тете боюн балкытууда.

Оңбогондой шайыр да, билимдүү да, күйөөсүнө шерттешип достошкон ичкериликтин, ага кайрылганын эрөөн көрбөдү. Достордун өзүлөрү гана эмес, аялдары да аралаш тамаша, чынын ортого салгандары дурус да. Балким Букарбай, күйөөсү го эргул экен, аялы кандай, байкап, сынап көрөйүн деп жаткандыр.

Сейдеш атлес көйнөгүнүн үстүндөгү көгүлтүр кемселинин ачык боорун кымтыланымыш этип, бир көргөн адамга байкалбаган торсойгон курсагын сыламыш этип, сыңар тизелеп отурган калыбында коймолжуду:

— Эмне дейин. Аяш, кандай колукту каалайсыз. Молдо досуңуз күйөө жолдош болсо, мен жеңе, аяш катары жандайын. Тандаган жериңиз барбы, айтыңыз, көргөзүңүз.

— Оо, мына, мына. Сейдеш аяштан ушундай көп эшиткен мен ырыстуу. Кандай колукту дейсиз. Ушу сиздей иштүү да, чырайлуу да табылса кана. Чектеген жерим жок. Жардам кылыңыздар.

— Ха-ха, аяш. Кызык сүйлөйт экенсиз. Жигит бүркүттөн да көрөгөч болуш керек. Молдо досуңуздун жери көрктүү. Ошондуктан го, быяктын кыздарынын көбү келбеттүү, колунан көөрү төгүлгөн уздар. Кыязы, бай, мыктылардын кызын тандап жүргөндүрсүз. Четинен эле кудда түшсө болот.

— Ох, хо! Хуп, хуп болот. Мен макул.

— Аяш көп калыңда. Калыңды көп берсеңиз, ишиңиз да тездейт.

— Калың?! — Букарбай томсоруп ойго чырмала түштү. — Аяш, калыңды мен кайдан табам. Чоң болуштун Шабданга оозанган убадасы бар. Танбас.

Аны Байымбеттин да кулагы чалган. Кыргыздын уруу башчыларынын эзелтен «курама жыйып журт кылдым» деген салты сакталууда. Тынайдын манабы Сооронбай бекеринен быяктан оогон Айылчыны ардактаган жоктур.

А да ошо карыздарлыгын сезип, өмүр бою баш оту менен алал кызмат өтөп ага туугандашып кетти. Куртка-Теректин билерманы Мусакожо атайын Шабдандан колкого сураныш, падыша төрөлөрүнүн кызматчысы катары каттоосунан өткөзгөн тилмеч жан жигитин үйлөнтүп, башын байлап анан дегениндей «бала ботого» айлантаары бышык эмеспи.

Эркектер тунжурай тымпыйганда Сейдеш да бул масилеттин кыябы оңор жерден чечилбесине опколжуй, баштаган сөздү аягына чыгарууга шыпшынды:

— Ая-ш-ш, анда... Чоң болушуңуз өзү жактырып, өзү кудалайт экен... А биз, ия молдо дос, биз ченине да жолобой калабызбы дейм...

Кыялга буйдалган күйөөсү Сейдешинин оюндагысын тапкапына кымылдап «туура» дегенче, Букарбай озунду:

— Антүүсү да мүмкүн. Бирок силер тандаган кыз мага жакса, мен кожоюнума айтпай жаным жокпу.

— Мунун жүйөөлүү — Байымбет кеп-кецешке аралашты. — Биз, Сейдеш экөөбүз айыл-ападан дурусураак, чай ичерлик жердин, эстүү, баштуу бойго жеткен кызын иликтейли.

— Тамам. Масилет бүттү. — Букарбай узун колдорун арбайтып, тик жака күрөң нооту кемселин шуудурата куушкөкүрөгүнө кайчылаштырып экөөнө кулдук урду.

Сыртынан чпелешкен түйүндөрдүн жаңы ынактарынын шарапатынан эрип жоголгонуна балкыды.

* * *

Букарбай кожоюнунун тапшырмасы боюнча чалгындан эки илтик олжолуу кайтты. «Молдо» менен «чокундуктун» чоо жайын териштирмек турсун, төцкөро билбедиби. Байымбетке коюн-колтук алыша удаа өргүй, кепереетей ымаалалашкан соң, жайлоодон жаканы карай экоо бирдей аттанышты. Ойку-кайкы чыңк ылдый ашуудан эцкейип, карагай чердүү, Курткага куюучу салаа-салаа атырылган агын суулуу капчыгайды ордоштү. «Кара нан» аталып кеткен эки чаттын чөп, эгини жайкалган өрөөнүнө жеткенде аттарын тыныктырышты. Эмне үчүн «Кара нан» аталганын сүрүштүрүштү. Көрсө, 1863-жылы Процепконун курал-жарактуу колу Жумгал аркылуу Соң-Колду ашып Түндүк Кыргыз жергесиндеги Коңдуктардын акыркы уюгун талкалоо үчүн Куртканы беттеп келатышкан. Алыстан алардын кабарын сезип чалгындар-

сы аркылуу орустун жаракту аскерлеринин чукулдаганын билип Нарын дарыясы менен Куртканын куймасындагы чептен Кокондуктар согушсуз качып жоношот. Кокондуктардын Куртка чебин бошоткондугун маалымдаган кат жонотконо почтаны алдыга салып, Проценко колу менен кайра тартат. Баш калкалап улам жер которуп Аксай, Арпада айылы менен кочуп жургон Ормондун Умотаалысы жергиликтуу Сарбагыш, Саяктарды уюштурып Соң-Колго ашуучу белдин түбүндогу карагай черлуу мына ушу эки чаттан далдоолонуп тосуп, уч миң атчанды удургутуп капысынан кол салып, Проценконун почтосун талап, кызыл кыргын болот. Ошондо орус солдаттарынын жол азыктары кара наны, (болколору) додолонуп чачылат. Ошондон тартып ушу Эки чат «Кара нан» делип аталып кетет.

Андан төмөндөп дүцгүрогон Ак-Терек токоюнан салкындап откондо Тогуз-Булакка, андан ылдыйлап Куртканын ейуз-бүйүзү мелтиреген Ак-Талаа ороонуно түшүштү. Чымылдап ысык.Жол бою узонгудон буралган чөп-чар, ызылдаган чегирткелер. Анда-мында тектирчеде дүмбүлдонуп саргайыцкы ыргалып, быпууга баш койгон эгин. Окчун-окчун топ-тобунан дүцкүйгон бак. Тээ чекесинде жондонуп созулган «Айгыр-Жал» адыры. Так «Айгыр-Жалды» түптөй тегиз мелтилдеп колкугон кадимки Нарын дарыясы. Дарыянын ейуз-бүйуз кылаасы жайкалган токой. Жакан түшкур, бышыкчылыктуу жер экен. Бай, манаптардын эгин, чобун баккан оокаты жармач-жатакчы дыйкандар гана ысыкта калышыптыр. Мартабалуулар жерге көк чыккап жаз баарынан тартып, эгин-тегин жыйналып, боз кыроо түшкончо тор жайыттардан кепже жайлоолорго төмөндөй конуп, салкында малдарын семиртип, өзүлөрү чардашаарын ичкерилик тилмеч жигит дагы бир ирет дааналады.

«Чокундукту» айткандай эле жер челип, жоктоп бар кылып опур-топур кужулдогунун устунон табышты. Ээ-жаа бербей даалдаган эме экен.

— А-а жайлоодо жайкалган Тоголонгон Молдом, кышта ийнелик болуп зиркилдеп журбо,— деп тууралжып кара жигит балчалацдай чамбыл ала ылай колу менен Байымбетти аттан оодарды.

— Сендей камылгалуу кумурскаларым бар. Мени унутпас.

Байымбет да ырындагы Көбоктой дароо жообун кайтарды. «Чокундуктун» кошунунда ылай чөноктөн удаа-

мудаа муюбай кетмен менен килейтө ыргыткан иниси Байтымбетине досун тааныштырды. Азыр Жаркынбай «чокундуктун» там-ташын бүтүү ашарында. Алар Чүйдөн өнөк немелер. Анан ага, энесине баш калкалаар кепө салышат.

Букарбайды тааныштырганда Жаркынбай бакылдап:

— Тилмеч болсоң болушуңа жак. Маа эмне жардамың бар, ошонуңу айт? Мен деген буерге «крестьян» өрнөгүн баштоочу кишимин. Пишпек губернаторунан документим бар. Өзүмдөй, булардай кедей кургурларды жер алууга, там-таш куруп, бак, эгин өстүрүүгө үгүттөйм. Пул бересиңби, мал бересиңби айт,— деп демиктирди. Бара түшө жайдандап, Букарбайдын да жетим, эптеп торолгонун укканда «документти» орустун жардамдаш усталары жазды-рып бергенин, жанагы айткандарын ошолор түшүндүргөнүн, мындагы бийлөөчүлөргө сес болоорун баяндады. Үчөө бөлүнө маектешип, акыры пейилдештиктери айкындалып, достошту.

Баарынан кызыгы Жаркынбай Токмоктон ишеперишенбес аманат дайынын айтып, жерин, ай, күнүп болжоп чакырган Киреше (Гриша) деген колунан көөрү төгүлгөн уста дагы бир жолдошу, үй-бүлөсү менен чобурга эмерек, жабдыктарын жүктөнүп Нарын аркылуу ага жеткенин, тамынын асты, үстүн тактайлап салып берип бир бөлмөсүндө жашаарын, акысына башкаларга имарат кураарын, буюм-терим жасаарын билдиргени болду.

Уста орустарын тоодогу түбү менен куураган карагайларды жыгып, тактай тилүүгө жеткириптир.

Букарбай эриккенде, тилди да келегейлетпес үчүн узакка туруктоого, эмгегинин акысын жыйнап, күн көрүүгө келген уста орустар менен анда-санда сүйлөшүп туруу-ну ойлоду. Чалгынынын эң негизгиси — жеке чоң болуш-ту сагаалабай, эл аралап, өз бетинче жолдош-жоро кут-көпү, коколой башынын жабырын унуткарганы Букар-байды табылгыс күлпөткө тундургандай жубантты.

Чоң болуш Мусакожо тилмеч-катчысынын апта бою кармалганына, неге Калпа иниси жыйрылып (жийиркенип) качкан, чөйрөсү пас Тоголок Молдо менен томор Жаркынбай «чоңдукка» шыйпандап жабышканына акаарат жасоого кабагын түпөртүп куржуйду эле, качан экөөнүн тең жергиликтүү бийликке зыяны түгүл, пайдасы тиер адамдар экенин, имарат куруучу усталарды укканда кат-кат чокмороктой түнөргөн кең маңдайын балбырата жайып, коңулдуу алайды:

— Анда эмесе-се Букарбайым... Сапарың байсалдуу тура. Саа падыша төрөлөрү, Шабдан баатыр куру ишенбептир. Ак падышанын амириндеги иштерди, кат-чотту сен менден артык билүүң парз. Келгиндеримди пайдалуу дейсиң. Макул. Боорго тартып көрөлү. Экөөнү тең чакыртасың. Качан, айтам! Кат чиесиң. Чабаганчы чаптырабыз.

* * *

Ынактарын чакыртууга, кат жөмөлөөгө качан буюрат? Таксырынан мурда Букарбайдын эңсегени ай. Күндөр жылган сайын анын чыдамы жетпөөдө. Сүйлөшчү сөз, таркатчу чер арбууда. Көпкө тунжурап, сейрек ачылма чоң болуш таң эртеңдин биринде жигиттерин чет четинен алыскы, жакынкы айылдардагы уруу манаптарына, бийлерине алдыда дагы төрт таң атчу жекшембинин так түшүн болжоп кандайдыр жашыруун кеңешке атказды. Ал эми жасоолдорун айрым байлар менен старчындардын аттарын атап чаптырууда. Кудай жалган ошо жасоол чабаганчыларынын бирине Тоголок Молдо менен Жаркынбай чокундукка катыңды чий-дегенин укканда зарыккан Букарбай жазын, табыштаганча антаңдады.

Не мажлис. Кожоюну өзү акылдашпаган соң, Тилмеч суроого батынбады. Чоң болуштун жарылбас шишиктей дүңкүйүшүү ага жаңылык болбосо да сырдуу табышмактай түкшүмөл туудурду. Айыл мыктылары гө белгилүү. Чогулганда кеңешинин четине коюор, ошондо угаар. Балким, кандайдыр жыйынтыгын түпкөрүлөргө жазаар. Тоголок Молдо менен Жаркынбайдын чакырылышы ага күдүк. Неге? Бийлөөчүдөр менен аларды аралаштыргыдай кандай жүйөө бар. Баятында өзү мактаганда «боорго тартып көрөлү» дебеди беле. Ошо себептүү го? Кандайча тартат бооруна?

Чукулдаганда жамаатташ айылдан союштар камдалып, кымыз чогултула башталды. Жыйын өзүлөрүнүн конушуна чукул Таш-Төбөнүн кайкысында өтөөрүн кулагы чалды. Үйлөр тигилбеди. Чабаганчыларга да, чакырылган уруу манаптарына үйлөрүн идиш аягы, кызматкерлери менен көчүрө келишсин деген жардык берилген эмес. Демек бир гана күндө, түш жарымдык кеңеш.

Дегендей жекшембинин таңынан Таш-Төбөнүн кол менен тоо өтөгүнүн ортосундагы ачык сереснне шырдак, килем, көлдөлөң, корпочо, талпактар, жаздыктар жеткирил-

ди. Түш-түш колот, жыбыттан, мөлтүрөгөн Соң-Көлдүн өйүз-бүйүз жайык кылаасынан топ-тобу менен калдайган атчандар күн шашкеге жетпей чогулуп бүтүштү.

Тоголок Молдо менен Жаркынбай бу саам Букарбайды акыйтын көптүн алдында чогуу келишип, казганактаган сарт байлаштырган аттардын четине түшүштү.

Манап, байлар даражаларына жараша бөлөк, окчун отуруша кымыздан маалкый жутушуп, ай талаада тебетейлерин калдайтышып, сакалдарын бапайта эсендиктерин сурашууда. Алардын жай баарлашаарын туйган Букарбай кайсы топко кошулаарын билбей элеңдеген экөөнү утурлай тосту.

Достор төштөрүн алмак-салмак тийгизе айкашып учурашты да, обочо шибердүү жапсарга бөгө божурашты.

— Ой, тилмеч, бизди не чоң болушуң топко чакыртты? Чоңойтобу Тоголонгон Молдо экөөбүздү? — Жаркынбай сүзүп ийчүдөй балчайган тулкусуна жарашкан жаң казандай калдагай башын чулгуду:

— Эй чокундугум. Көптүн ичинде бакылдагыңды тыя тур. Сен эмне чоңдукка жарамаксың, кана айтчы? — Байымбет ага курч көздөрүн кылгыртты.

Жаркынбай жазганбай да буйдалбай, эмне дээр экен деген кыязда экөөнүн чапчышына жымыйган Букарбайга темпинди:

— Ойт, молдоң түшкүрдү кара э. Сен олуяца табакташ тилмеч, калыс бол. Чынымды айтайын... Мен жасоолдоң бөлөк «чоңдукка» жарабайм! Ха-ха! Жасоолдукка башымды кессе да көнбөйм. Там салып колукту киргизип... эгин айдап, мал күтүп өзүмчө тирилик өткөзгөнүм өйдө эмеспи. Туурабы? Мобу кылыйган Тоголок Молдону көр. Эми көксөөң суудубу? Бийлик, мыктылыкты саа бер дейм, Тоголонгон Молдом.

Ачыча капталдагы ачык жайпакта эпсиз дацкайган Мусакожонун аппак өргөөсү тараптан удаалаш эки чабаганчы атынын оозун коё бере адырандатып, жакындаганда бири камчысын, экинчиси калпагын булгалай кыйкырык сүрөөндөн кимдир бирөөлөрдү атоодо. Калпакчапынын ач айкырыгын үчөө конто ажыратышты:

— Тилмеч! Кайдасың тилмеч!

Карылуу Жаркынбай балчая Букарбайды өгүрган жеринен так көтөрө бакырды:

— О-о, бер-ри тарт, мына тилмеч!

Добөдө биринделеп топтун четинен кайкып, чабаганчы үчөөнө атын жапырылта жетип, акактай:

— О, айланайын тилмеч, кайда житкенсиң! Чоң болуш чакырат, келгендерин ээрчите келсин дейт. Бол аттангыла!

Соорулата камчылап демиктирген чабаганчынын айдыңында өр тарта тапыратып жарыша тизгин чоюп, чоң өргөөгө бута атым жакындаганда, аттар байланган кермеге токтошту. Андан ары жерди булгабай, таңыр-топурсуз жөө басып баруу салт.

Өргөөгө жакындаганда күзөттөгү жигиттер берки экөөнө сугула сүрдүү тигилишип:

— Абайлай тургула — дешип, шыбырап токтотушуп, тилмечти өткөзүштү. Үйдөн окчун шибердеги жайылуу шырдакка экөө тизе бүгүштү.

Букарбай кермедеги ээр токумдары жасалгалуу сыналган аргымактар менен тыгырчыгынан букчуя жал куйруктары сеңселген жорголордон улам, ордо өргөөдө кадырбаркы, кийген, мингендеринен өйдө атаандаш мыктылар чогулганын боолгологон.

Арийне, чоң болушка түпөдөн түз кимдер түшоорү ага белгилүү. Заңкайган оймо-чийме кош жаак, кызыл, көк таңдайлаша сырдалган ачык каалганын манат эшиги түрүлгөн үстүңкү босогосун тиктей, кандайдыр сүрдөңкү эңкейип:

— Атсалоом алейкум — деп, жүгүнгөн кейпинде ичке аттады.

Күңк-мыңк эткен бир экөөнөн бөлөк, анын саламын алик алгандар туюлбады. Бирок, сакалдарын баныйтыша, илбээсин, көрпө төбетейлерин жайкалтышып баштарын көтөрүп жалт чагылган көздөргө арбалды.

Баары тааныш, уруулардын баш манаптары, бийлер. Теңгерегинен чалкайган зор өргөөнүн төрт капшыты килем-килчеге, илбээсин терилери, мылтык, кылыч, күмүш чагарак мүйүз бакандарга, кооз такта, гаухар көз сандыктарга колпүгөн төрүнөн эшигине дейре көрпө, аюу талпактарда мампайган билермандарга жык.

Тордо бакисинен бийик, бакисинен барандуу заңкайган чоң болуш, дацкайган кашка башындагы кара макмал топусун оңдомуш эте, иректеде селейген катчысын эми гана кокусунан чалдыктыргандай, саламын караманча укпагандай (ошон үчүн беркилер батынып алик алышкан жок да) ботопукундай алагар козүн тунарта караар карамаксан, сол ыптасын карай барбайган колун жаңсады.

Жолундагылар кыцкайып Букарбайды ээси жацдаган орунга откөрүштү. Ал суранбай чыкканына, баары бир аның дөбөгө кандайча барып, кимдерге жолуккапын жигиттер дүрбү аркылуу көргонүн, анан дароо чакырттырганын түкшүмөлдөп күнөөлүүдөй кыпыя, Калпа мырзанын жанына сыгылышты.

Чай дасторкону жацыдан гана жыйналыптыр. Ал жайды сурамжылап бүтүшкен окшөйт.

Мусакожо мандаш уруна локуюп комдонгон калыбында көөдөнүн дагдайта керип, беркилерге ормойду. Каржайган жазы жаагынан кылкандана төшүн жаба куюлган сакалы селк эте, оозунан сөз күлдүрттөдү:

— Калайыгымдын кутмандуу ээлери, силер менен акылдашчу ой түштү. Биз да ыман, чоро зор уруу журтпуз. Башкалардан кем-кемтик эмеспиз. Силер элимдин куту, көрөөр көзү, угаар кулагы, ойлоор мээси, таянаар тоосусуцар. Силер аркылуу мына биз, Куртка-Терек болушунун намысына желекпиз. Нарындын наркы өйүзү Терек жакка, Баатай аке, Касымбек мырзага жол алыс кабарлаша албай калдык. Касиетиңден кагылайын, Соң-Колду биз жайласак, а боорлорубуз Арпа, Аксайда. Эркечтерим, силер баштап берсеңер алар кайда качмак эле. Кийин ичке түшкөндө кошулушат. Алтын шилекейди чачыратайынбы, алгырларым, же...

— Чачыратыңыз чоң болуш!

— Күмүш чачпактап тособуз.

— Качан дегениңиз сая кетчи эле.

— Лаай-лава, парвардигер, сиздин амириңиз, алланын амири. Бу кыраандарыңыз сизди сыйласа, буларды эл сыйлайт. — Жанында селде оронуп, бейкасам чапанчан чөк түшкөн молдосу, билермандарды көтөрө чалып, чепейген алаканын жая, чокчо көк ала сакалын селкилдете эринин эпилдетти:

— Лаай-лава-лил-лал-ла, айткаңыңар калетсиз. Алла таала колдоп, журт атасы береке тапсын. Оомийин!

Аны кубаттап баарысы чуулдай бата ушатышты. Алдын ала аткарылаарына шек санабаса да убада шерттин бекемделгенине шердепе болуш ойлогонун опурултту:

— Качанкыга дейре конуп, жайлоо, кыштоо ээлегенибизге корстон болуп жайдак жүробүз. Молдоке айткандай журт атанар ойдогу Кадыралыдан, Борралбас, токойду камтып поолалатып, корук салгысы келет. Кайберени курусун, кыргоол, тоодак, кекиликти... өрдөтүп си-

лерди сопорго чакырып тургусу келет. Чөп, эгин жайы-тына сыртындагы мелтир талаалар жетет.

— Баракелде-е!

— Оюңуз ой экен болуш.

— Аткарылсын!

— Биз даярбыз!

— О-ом-й-ин!

Бадырайган көзүно күлкү себелете Мусакожо дагы каргый комдонду:

— Ичкерден, сыртқарыдан келген кеткенге, болушудар ордо үйүн, имарат, ысык там курдурсам дейт.

— Туура, туура!

— Небак салдырыш керек эле.

Ансыз да өзүнчө баамдап жүктүн бурчундагы тактачадан кагаз, калемин беленден чиймелеген катчысына болуш жаагын кыцкайтты:

— Тилмеч заңга ылайыктап, силердин макулдукту, болуштун өкүмүн чийди. Күбөлүккө бармагыңарды баскыла. Кат билгениңер ысмыңарды чийип, колуңарды койгула. Мен аягына мөөрүмдү бадырайта бекитем.

— Жарайт, жарайт.

— Падышаңын заңына тууралаганыңыз жүда сонун! Букарбайдын эки сап окум жазып тактага жайган кагазына манаптар күүлдөшүп бармактарын шилекейлей, сыя калемге жанып баса баштады. Кат сабатсыз элеттиктерде бармак басуу, куран карман, ант берүүдөн ыйык, таңгыс убада катары. Баары бүткондо аягына болуш мөөрүн коюп жайдаңдай бүтүмүн аяктады:

— Ыраазымын алгырларым. Бул Куртка-Терек болушунун туруктуу ордо-имарат, коругун курууну бир ооздон манап-бийлердин чечкен кароосу ак падышага жиберилет. Шексиз кабылданат. Бүтүмдү элге жая бергиле. А дегенде дөбөгө чогулган каймактарыңарга жардагыла. Алар өзүлөрү чыңдансын. Элге жеткирсин. Канчалык чыгым сарпталаар. Усталары ким, анжыяндамбы, Кашкарданбы, же ичкерки тили бурууданбы. Аны ойго, жакага түшкөндө, дагы бир чогулуп такташалы.

Манаптар кошоматка дүүлдөп, чоңуна тайынган менен айрымдары ичтеринен жаңыдан жыйналып бүткөн чыгымдарынан сергий электе, чоң болуштун ордо, имарат жай, корук курусуна элге дагы кошумча салык чачылаарына толгонушту.

Шаңдуу бүтүмгө компойгон Мусакожо эки «келгинди» тигилеринин көзүнчө ажырым шатман кабылдады.

А дегенде баш баккан Байымбеттин саламына өзү бадырая: — Валекки Тоголок Молдо. Өз элибиздин кулуну, Тынайлардан тың, Айылчы ажыдан амалдуу кайтты дейт. Ыраспы, Карала бий,— капшытта үксүйгөн тууганын сөзгө иле каркылдады.

Анын мындай чечекейи чеч жазылышы чанда. Неликтен минтти. Аны өзүнөн бөлөктөр ар кандай жорууда.

— Ооба, ооба болуш. Айткандым эсиңизде тура. Өзүбүздүн туяк, тынайдын Сооронбайы, анан Дүрүнүн кызматында, алардын үндөгү боюнча Токмок, Пишпектеги орус табыбы менен, өзбек дамбылдасынын таалиминдө даарылган, өзүңүздүн иниңиз. — Карала калк чегээлеринин көзүнчө Мусакожо иликтегенине көтөрүлө атайылап өкүмдөргө бурула боюп созуп, түктөйүп чүтүройүңкү бешенесин сылай таазим этти. Агасынын бул кебетеси, күндөн күнгө алсыраткан оорусун элден жашырганы Байымбеттин зээнин кейитти.

Караланын жапыткандыгын кыязына караганда, Мусакожого анын бар тасмыясын сыпаттагандай. Байымбетти буйлалап, айыл аралатпоонун, ырчылыгын жактырбоонун, кантсе да бийлик чөлкөмүнө үндөөнүн түпкү уюгу так ушу жерден чагылгандай.

— Адашкандын айбы жок, кайрылып үйүрүн тапкан соң. Ата журтубуздун куттары, мынабу агаларыңдын орой чараң көзүнчө айта сал, неге, канчалыкка жетет кудуретиң? — Чүйдөгү төө Мамбеттен да зор, төрдө олчойгон Мусакожонун дароо алкымдаган соболунан да, үкүнүкүндөй балбылдаган чоң көзүнүн ирмелбей тостоё кадалганы иректе тикесинен тыкыйган Байымбетти апкаарытты. Кантсе да ал өзүн чыйрак тутууга чымырканды.

Жаалдуу жалгыз ушу Мусакожо чоң болуш бекен. Мындан сөөлөтү ашпаса кем сокпогон Жумгал саягынын Чыны баатырына, Чүйдөгү Тынайдын Сооронбай ажысына жүздөшпөдү беле.

Ал тургай аскердин кайтаруусундагы шаңдуу уезддин начальнигин, Поярковдой окумуштуу төрөлөрдү, Шарафуддин дамбылдага алакалаш ар улуттун ак сөөктөрүн көрбөдү беле. Закымда «айыпсыз адашып үйрүн тапкан» азаматтын санаасына ушулар удургуп ого бетер чыйралтты:

— Болуш ага,— деди шаңгыр үнүндөгү толкунду баса. — Тууган жеримдин алтын топурагын ак эткенден так этип эңсеп жеттим. «Бироонун элинде султан болгончо, өз элиңде ултан бол» деген уңгулуу сөз бар эмеспи.

Ултан катары сагынган жеримди эркин аралатууга рахым этсеңиз, эрмеги болууга кудуретим жетет...

Жапырт тыңдаган мыкчыгерлер сыпаа да, сырлуу да такылдаган оңбогурга коймолжуй оңурайышып, өз ара кобур-күбүр бүркүшүүдө:

— Дымактуу эргул бейм.

— Музооке нускоочунун шыгы жукту деген чын окшойт...

Мырзадай чоктолгон кызыл дукаба суусар тебетей, көк нооту жаңы кемсел, чигирим өтүгүнө дейре Мусакожо ыраазы да боло, ичиркене да башынан аягына мостоё кесе, тойгуза жооп кайтарган түгөнгүргө сөздү кандайча уларттууну, же ушерден эле мууноону ойлоштура тунжуроого төндү.

Анын ар кыймылын байкаган беркилер Байымбеттин тал-төөндөй кайрылуусу, чоң болушту термелткенин сезди.

Карала тумшугун жеңине сүңгүтүп, тык-тык билгизбеиш эте жөтөлүп, инисинин көк тилдигине салып «Манас» айтам, казал жазам дегенин угузбоого, эртелеп Мусакожонун көңүлүнө салып өгүнкү өтүнгөнү акталгандай, эми бузбоого кыйпычыктап сыңар тизелей серпилди:

— Болуш акеси, иниңиздин дидарын көрдүңүз. Мыктыларыңызга тааныттыңыз. Кагылып, согулуп козу ачылганын байкадыңыз. Тыякта журтуңуз күтүүдө. Быякта башка чакыркандарыңыз бар. Калганын иниңиз менен жайма-жай маектешерсиз. Өгүнтөн бери үч мертебе маа кеңештиңиз. Чукулда Букарбай тилмечиңиз аркылуу да тактапсыз. Колкого чакыртчу көзү, колу, тили жөндүү нөкөр, жолуңуз ачык сизге озу кабылып отурса, алигиндей жайгаштырганыңыз жөн.

— Ия... ия... Эсимде, эсимде, Карала бий! Болуптур кайрылып баарлашабыз. Тоголок Молдом, отур. Букарбай тилмечим экөөң шаар аралаган эмелер тил табышкан имишсиң. Өнөрүңдү секиндеп тааныгарсың... Сооронбай ажы менен даңазасы таш жарган уулу Дүр мырзанын журт башкарган сыпаттарынан жай саймедирек берээрсиң...

Улага жигит Мусакожо башын көтөргөндө жаңы гана кочук баскан Тоголок Молдонун жанына Жаркынбайды киргизди. Анын: — Атсалоому алейкум, аксакалдар! — деген каткалаң баркырашы орой угула, чоң болуш эринип зорго кыбыратып мадырайды. Анын орусча кайырма жака, чолок кемсели, чоң өтүгү, башындагы агыш коопо

калпагына куюлушпай, балчайган тууралжын лурпаты айныксыз кедейлигин аныктоодо.

— Чокундуктугуң даана кейпиңде тура. — Болуш көңүлдүү барбайган мурдун шуу тарта мыскылдуу жылмайганда, тегерегиндеги сакалдар сербеңдеп, тебетейлер калдактап кыраан-каткы күлкү жаабаспы.

Аны эми көргөндөй эдирейип Байымбет да борсулдаганычы. Бул эле дейсиңби, андан да катуу шылдың, кордоолорго бышы кулак Жаркынбай ызага тебеленбей эсин жыйды. Антпесе ага болушчу ким? Жалжагайыраак оозун бүрүштүрө, жалпак бетинде жайнаган көзүн томсорто, жеден зеригишкенби, болоор болбостон шаттанышкан доолөттүүлөрдүн күлкүлөрү тыйылганда катказаң доошуп күлдүроттү:

— Урматтуу таксыр, ак падышанын арааны жүргөн орустар ой тоо дебей жердин баарына таркаган, төрөлөрү бийлик жүргүзсө, дыйкандары эгин айдашып, усталары шаар, ырабат курушуп, кыргыз, казакка жуурулушкан маалда сиздин көп элиңизден бир чокундук чыкпай эмне болуптур.

— Атаңдын көрү-ү түгөтүм, кеп бар экен сенде,— болуш багжаңдай мулуңдады. — Бизден уруксатсыз өзүңчө жер чөпөп там, таш салды дегенде кыйыктасамбы дедим эле. Кечтим, кечтим. Кечели ээ, алгырларым, элибиздеги жалгыз «чокундукту»!

— Кечиңиз, кечиңиз.

Мүнөзү оор Мусакожонун чанда минтип шагдан которүлгөн көөнү оңой чөкпөстөй. «Көп журтуңуздагы жалгыз чокундукмун» дегенге кыбаасы капа, ошо кепти жактыра кайталай деле жайдаңдай:

— Ия, көп журтумдагы жалгыз «чокундук», сенин мандатың бар дейби? Уста орустарды ээрчите келди дейби? Аларың айтпай дебей токойду өрдөп, куу карагайларымды кырктырып, тактай тилдирип жатат дейби?

Окус кыйыгына тийсе, улуктардын айнымайы бат экенин, жумшарган пейилин дагы жибитип коруусун көздөп Жаркынбай туурук, күржүйгөн шадыларын ушалады:

— Урматтуу таксыр, журтуңуздагы жалгыз чокундугуңуз жакшы жышаан жайылткаңы, ошо оёздун дөкүмөнтү менен келип кириштиң. Көрөсүз менин үлгүм, менин усталарымдын шарапаты далайларыцыздарга тиет. Өзүнөн өзү кууран, чирип жаткан чытырман токоюңуз жалгыз чокундугуңуздун чокчойгон тамына чети оюлуп койбойт.

— Жетти, жетти чокундугум. Сени эч ким чекеге чертпейт. Мына мыктылар укту го. Имаратыңды тезинен кур. Карагай, тактай тартканга унаа керек болсо мына өз айлыңдын акими каралашат. Өзүңкүнөн кийин усталарыңды мага апкелесиң.

— Лаппай таксыр! — Жаркынбай тоңкочуктай чекеси жерге тийгенче кулдук урду. — Ысык тамым бүтөөр менен сизди чакырып көргөзөм, коноктойм. Анан усталарымды өзүм жеткизип колуңузга салам. Алар эгер көңүлүн калтырбасаңар узак жылга бала-бото болууга, кезмет менен ушу мырзаларыңыздын баарына ырабат курууга дилгир.

«Чокундуктун» бу кабары көбүнүн көңүлүн уютту. Ким-кими орус устасына там салдыруунун кажеттүүлүгүнө түшүнүп калган кез. Шыбыр-күбүр а дегендеги шылдыңга капталган чолок этек, келте мурун «чокундук» жигитке анын үстүнө чоң болуштун пейили кеңейип, акыры аны эркелете «эч ким чекеңен чертпейт» деген жардыгынан соң, ага жылуу мамиле жасоого, ымалалаш болууга ниеттери чабууда.

— Эмесе алгырлар, Таш-Төбөдө үйүлгөн элге аттаналы. Жарчы ким!? — Болуш олчойгон оргөөнүн саймалуу жабыкбашына төбөсү тиер-тийбес олбурлуу боюн ыргалта заңкайды.

Сол ыптада төмөнүрөөк жалпайган жээрде сакал мантагай Бошкой ырчы серпилди:

— Ырахым этсеңиз, чечилген масилетиңизди түгөл көкүрөккө түйдум. Мен болоюн жарчыңыз.

— Дабышыңды биийик таштан жеткире зыңгыра Бошкой ырчым. Какыс тайгылсаң, Бошкой ырчым, Төгөлөк Молдомду агытам.

Байымбеттин жүрөгүнөн шуу муздак из сызылгансыды. Болуш аны жарчы кылып алчу пейилин айкындады ээ. Жо-ок, эч качан жарчы болбойт. Кыргыздан Калмырзадай жойпуланып шаңшыган, казактан өлөңдү жамгырдай сабаткан карыя Майкөттү, Найманбай сымал кыйынмын деген кыйла ырчыны аш, тойдо эшиткен. Бошкой ырчыдан да дареги бар. Көрсө жалдуу балбан жоргодой дүкүйгөн эр экен. Канчалык шайбырлаарын далай сынаар.

Бошкой да, ага аңтарыла челиишүү букадай тоорулду. «Төгөлөк Молдо-о, таза сылана кийинип чыйтыясың а. Такылдан тилиңен да чаң чыгат. Мени сүрүп, тонко жарчы болчу сенби?! Шашпа, паччагар. Тыпайдан, Калмурзадан

ашкан чоң ырчы чыкканын билбейм. Молдолук, жазмалык кыйтыңың күч деген. Жаакташын ырдай алчу немесиңби. Далай кездешээрбиз. Ичимден камына жүрүп, эсиңден калгыс жалкытпасам элеби. Чу деп сүзүп көмөлөнтпөсөм, менин жемимди талашчу түгөт өңдөнөсүң. Ээн жайкын малкып, ком байлаар учурумда жайытымды талашып сен каскак кайдан, жайдан түштүң».

Бошкой ырчынын күйүп-бышып буулугаары жөндүү. Мусакожо чоң болуштун көзгө басаар ырчысы аталып, аш, той, топ, мейман-ысмандан калбай бучкактап жүрүп, пирим, арстаным деп көшүлө зоболосун, укум-тукумун мактап, коюн-колтугуна кирген. «Күрүчтүн деми менен күрмөк суу ичет». Узак жылдар бою пириниң ийин жандырбай, далай баш байге, тартуу, айып, калың, чыгым... кээде жер союлта, кээде үркөрдөй топ, кээде жылдыздата бодо, жандыктар өндүрүлгөндө, капчыкка акчалар солонгондо шыралга, зекет, соогаттык жем ыргып, айыл аралаганда айрым кошоматчылар «ээсин сыйласаң итине сөөк сал» дегендей ырчысынын да ийинин жацыртып, алаканын ысытып, койчу, башы жакыр келгин Бошкой аздан курап, мына азыр короо капортолой жандык, желээ чатырап жылкы күткөн маалы.

Байымбетти тооруй, сес көргөзүп олоё имерип, күңгүронүп жөнөгөнү, буга дейре эч ким талашпаган ырыскысына орток болчу «Тоголок Молдо» дегенге тишин кайраганы.

* * *

Мыктылардын тобуна аралашкандан тартып «тил ооздуу» Тоголок Молдо менен Жаркынбай «чокундуктун» дайыны дүңүлдөп ооздон-оозго, айылдан-айылга жорттууда.

Өңгөсүнөн, ичинен сабылса да көнүмүш ооруга моюн бербей сыртынан суйсалган Карала бий байгени жеңген бөтөрдай тууган-уругун, келин-кызына дейре өзүнүн кенен үйүнө чогултуп, кысыр эмди тайды түлөө чалдыра, казан астырып бажырактады:

— Ээй-й кара чечекейлерим, оозуңардын салуусу бар экен. Байымбет уулубуз азуусун айга жапыган чоң болушка, ыман, чоронун мүлдө кызыл тебетейлерине жакты. Эки айча силердин ичиңерден чыгарбай, бала-чакага эрмектешип, чүпчүгөн боорум, өзүм менен кошо бастырып «эңсеген эли журтун» эркин араламай болду.

— Оозуңа май айланайын!
— Ата бабанын арбагы колдосун!
— А кудай кут кыл.

Чуру чуу сүйүнгөн тебетейчен менен жоолукчандардын жетине албай күүлдөгөндорүн кой! Эпчи жакта кемпир, кыздардын ортосунда тизесин тирей кымтылап сүйкайган Сейдеш, мартабасы капысынан көтөрүлгөн эринин дароо учаар канатына айланчудай дирилдеп «кудай, кудайлап» кубанчын каталбай бирде баары эле жаркылдаган басмырт туугандарына, бирде баштакысынан шаңдуулугу арта койкойгон эрине жалт-жалт кирпик учунан карегин чаюуда.

— Айтпадым беле небак! Бу балабыз соо жерден чыкпайт деп. Менин дегеним чын чыкты акыры. — Караладан жогору төрдөгү Өмүрзак кементайын сүйролто өйдө обдулду:

— Кана улуу, кичүү, катын балаң дебей жапырт бата бергиле. Түлөө да союлду.

Карала бетке чабар бакылдак агасынын чанда ушинтип озуна кыябын да табаарына пейили жылый, шак турду:

— Өмүкөмдүкү туура.
— Качан кыйшык айтчу элем.

Агасынын элирип кетмесин тыюу үчүн Карала кыцкайып эркелете сакалынан сылагылады:

— Жарыктык! Бата бересиз деген да туура. Кана? Жердиги ак коцул Өмүрзак, бий иниси нин кары, жаш дебей кара чечекейлеринин козүнчо эркелеткенине эрий жайкандады.

— Батаны өзүң бер. Улуктарга табакташ, уламаларга сабакташсың. Менин улуулугумду сыйлап төргө өткөрүп, кээде ачуумду котөргөнүңө эле төбөм көкко жетет. Баштай гой өзүң.

Картайган эки бир туугандын азилдеше кетиши баарысына жакты.

Карала мурүсүн күйшөп, али күмүштөлгөн жиптердин жылтыры өчпөгөн парча (кымкап) чепкенинин кыйма боорун делдек эттире, кең жеңинен арбайган шадыларын кедейген балдардан тартып, элечек, жоолуктарын үлпүлдөткөн ургаачылар, сакал муруттарын жайкалткан эркектер жапырт алакан жайганда жалпысына угуза шаңшык кыраатын чойду:

— Кыргыз атанын, айкол манастын, санжыралуу саяктын, касиеттүү Кайдулаттын... кечээки акылман Му-

зоокенин арбагы ушунча тукумдан байгеге кошулчу Байымбет Абдырахман уулун, алла тааланын жардыгы астында ар убак колдосун! Оомий-ин!

— О-ооми-йин!

Уруптуу ата жууратты аттап буттай атап, бий инисиндей куюлуштура сүйлөө колунан келбесе да, улуулук укугун эстеп Өмүрзак жарылдады:

— Бата менен эл көгөрөт, жамгыр менен жер көгөрөт. Көгөр кагылайын Байымбет молдом. Эми эт бышканча бир боорлоруца кацыр-күцүр бол.

Ал түн Караланын айылы дастан, казалга балкып, жаш шорпо, жацы этке шорлору каныш... Байымбетинин чыныгы акындыгына кумарланыша кадыр түн тосушту. А тургай бүтүн айыл тойго тете апта бою коолбүштү бөлем.

Жалпы кубанычтын чордону эмнеде? Аны эч ким сүрүштүрбөдү. Аптанын аягы ченки жыргал түндүн бири. Өргөөсүндөгү кошого ичинде жылуу тошоктогу эки жардын божуру түгөнбөйт.

Сейдеш Байымбетинин колун улам бир бөйрөгүнө басып:

— Карачы, сездицби кыймылын — деп ырахаттана мемирейт. Байымбет алаканын эмес, тошүнө, моюнуна кондуруп бопосун эркелетээр күндү самап, жай, жарынын бетине бетин сүйкөй жароокерлене шыбыштайт:

— Сезбегендечи?! Күн сайын кыймылы даана билинүүдө. Сыягы тентек, уул.

— Ия, билдицби. Түшүнө аян бердиби! — Сейдеш наздана молдо досунун назик, ысык колун улам курсактагы перзентинин удургуган жерине таптайт.

— Билдим жаркыным. Атын өзүм коём. Азырынча сыр. Өзүм айтмайын сураба. Оозанган кубанарлык, китеп дүйнөсүнөн сейрек жолуккан жаркын ысым. Макулбу — Сейдешин эркелете, алкымынан, бетинен сүйөт.

— Өзүң айтмайын... Макул эле. Сен молдо дос, уулуца элде жок сопун ат коёруц аныц. Эгер кыз болсочу?

— Кыз? Мейли. Ырас эскерттиц, кызга да өзүмчө ат тапдайын, албетте, китеп дүйнөсүнөн. Апда кийип ини ээрчитээр, ак жолтой кыз болот.

— Уулуц кийин кыз ээрчитет.

— Макул, макул... Экөөнө тең макулмун. Перзент. Үпү, жыты, тыныцдаган оюну, ыйы күлкүсү... Ылдам эле перзенттүү кылсаң экен мени.

— Аз калды, чыда. Жаман көрбөсөң, мен бир-эки нерсе айтайынбы.

— Айта кой. Сейдешим, жаркыным, сенден бөлөк жакшы көрөөрүм барбы менин.

— Кап, элиңде жок да. Корго бышырган дүмбүл жүгөрүнүн эңсейм десең. Мейли козунун, мейли тайдын өрүк эти болсун, мейли талкан көөлөгөн камкаймак болсун, такыр оозума татыбайт. Корго бышырган дүмбүл жүгөрү эле мурдума жыттанып, тилиме татырда жок. Чүйдө болсок, саа ушу майда нерсени айтпайт элем. Жаңкы дыйкан кайниме, же өз инилериме, же кайненеме, же кайын сиңдиме, өзүм деле орустуку, дуңкандыкы болсо да, сурасак да кайрып корго бышырып, барсылдата тоюп, саа шегин билгизмек эмесмин. Эмне унчукпайсың, капалантып койдум ээ.

Келинчегинин жобураганына, ага андай эч жан миптип татына сырдашпасына, дагы, дагы уласа деп кулагынын курчу канбай керилген Байымбет таноосунан бырс этти:

— О, бүчүк десе-е, талгак болгон турбайсыңбы. Небак эле мага, болбосо, кайненеңе, жеңелериңе айтпайсыңбы.

— Койчу-у, уят эмеспи. Саа деле унчукпайын дегем. Оозуман чыдабай чыгып кетпедиби. Талгак. Уккам. Талгак — кызык.

— Данга талгактыгың уул төрөөрүң. Таптырам Чүйгө чаптырсам да. Илгери Манас баатырды төрөөрдө Чыйырды эне жолборстун жүрөгүнө талгак болуптур. А сен жүгөрүгө талгак болсоң таптырам. Биздин Куртка бышыкчыл. Жүгөрү эмес, коон, дарбыз айдаган Калпа ажы, анын мен курлуу уулу Нуралы бар. Эртең эле сураштырам, бирөөнү атказам, же өзүм чабам.

Сейдеш этиет кырына которулуп, күйөөсүн маңдайынан чоп, чоп өпкүлөдү.

— Ошентө-көр, молдо дос. Билгем орундатарыңды. Аялым талгак дебей эле, Чүйдүн тамагын сагындык деп алдырсаң э...

— Ошентем, ошентем жаркыным. Болбосо Тогуз-Торого, Кетмен-Төбөгө ашуу ашырып чаптырам. Бир күндүк жол. Эми жүгөрүнү көп эңсей бербей, тынчтан.

— Тынчтандым. Экинчи суроом. Бий акемдер сенин акындыгыңды чыгарыш үчүнбү, же чоң болушка катчы кылып бериш үчүнбү, түлөө өткөрүштүбү?

Баракелде, Байымбеттин өзүнө күдүк, башка эч ким

бербеген суроону коюнундагы Сейдешинин медиреегенин кара. Күйөөсү күймөлгөндө:

— Сен өзүң жазмалыкты, акындыкты өнүктүрөм дечү эмес белең,— дей салды колуктусу.

— Үмүтүм, аракетим, дал сен жобурагандай. Менин алдымда эки анжы жол такай азгырат. Кайсынысына түшөм, өзүмө дайын. Көгөргөндөн көгөрүп алпурушуудамын.

Калмырза менен Бошкойдой акимдерди мактап тамакты майлашым керек. Же... Хас Хажиб Баласагуни, Махмуд Кашгари, Навои, Рудаки, Жами, Насими, Пушкин, Крылов... сыяктуу каалаганымча калем учту чүчүлөп, өз арбайымды согушум керек. Балээнин баары ошо өз арбайды согууда. Байкадым. Быяктын эли деле Чүйдогудой тескелип калыптыр. Чоңдун айдыңысыз эч жакка жыла албайсың. Ансыз бала-бакыра, катын-калачтын чойросүнөн сыртқары топко, эл өз бетинче чакыруудан айбыгышат. Анткени, мыктыларсыз той, тамаша өтпөйт. Куу замана бардык жерде бирдей. Э, Сейдешим, экөөбүз эл катары оокат өткөзүш, перзенттерди чоңойтуш үчүн да бироолөргө баш калкалоого мажбурбуз. Кейпи Карала агам чоң болушуна тилмечи да, катчысы да биз достошкон Букарбайга кошконго макулдашкандай. Мыктыларга насиптешип, чайлык жем өнгүдөй. Андан ары алардын терецинде эмне ою бар экенин билбейм. Мусакожонун Бошкоюн көкүткөнүнө карагында андан өтсом жарчы, ырчы кылуу ниетин кылтыйтты. Карала аба менин ырчылыгымды эмес, кур дегенде өз ордун басаар эл бийлегич берендигимди каалайт. А өзүм кайда болсом да болот калемимин кудуретине сыйынам.

— Мен кандай десең ошонуңду жактырам. Молдо дос, акылым айрақ тири укмуштарды жоруйсуң.

Эки жар тилек, максат, келечек кереметинин машакаттуу жетегинде о таң ык салганда талмоорсуй кошулуштү.

* * *

Акындык, жазмалык жолго маштаган устаты Байымбеттин оозунан зарыл өтүнүчтү эшиткенде Кашкары буйдалбай жакага аттанды.

Элеп-желеп эңсөөсү ташкындап, ишене да, ишенбей томсоро да бет маңдайда белестен тасма сызмадай кашкайган жолду Сейдештин акыйып тиктегени ай. Кыядан

атчан бирөө корунсо эле Кашкары оспурум, кур дегенде бир баш жүгөрүнү коюнуна катып чаап келаткандай көзүнөн караан учканы ай. Жүрөгүнө башка тамак баспай, бир баш, корго сойлоткон жүгөрүнүн бир эле даны тишире чайналып, таңдайына татыса курушкан жаныи жайылтып, чаңкаган суусупун кандырчу дабаа болчудай.

Ошо кош айрык тасма жолдор кашкайган жашыл белестеп жүгөрү чачыгындай саргыч чачпактарын нурданта жайкалтып, күп кызгылт бадырайып бышкан жүгөрү данындай пары капталга, утуру кырынан кыдкая сорулуп жатты.

Өргөосүнүн далдоосуна жөлөпө бөрсөйгөн Сейдеш ошо кечте жүгөрү кебетеленип кубула батып бараткан күнгө колуп созуп, жетпей өксүп, көзүнө чолок жаш молтурун сыгылтты. Теребел тоо тулкусунун көлөкөсүнө күңүрттөп, жолдун пугун да корсотпөй карацгылатты. Эй, эми таң аткапча таңдайы кургап кантип чыдаар экен. Өтө шайдоот боз улан Кашкары неге кармалды. Таппай топурак мурунданып кайтса кантет? Жарылып кетет го. Жо-о... Курсактагы наристенин тилеги жакпы, орундалат. Кош кабат келин өпкө, жүрөгүн чымырата жыбыраган перзентипин «оюнуна» балкый, салмактуу майпая, обочодо уй сааган кайын энесин көздөй басты.

...Эл небак жаткан. Алда кайдагы жамааттан короолордон «бекбекей» айткан кыз-келиндердин созолонгондору, аларды о-оойт, у-уйт коштогон жигиттердин сүроосү, да бир колотто жаштардын селкинчек, ак чөлмөк оюну барбы, шарактаган каткырык сүроон үзүл-кесил, тоонун бейкут түнүпүн керимсели аркылуу калкууда.

Бирде чалкып, бирде иегедендир кооптонуп Сейдеш ичиндеги, кээде кытыгысын келтире, кээде кан тамырларын чымырата жылмайткан дүмбүл эцсеген паристеси экөө гана ойгоо.

«Китеп дүйнөсүнөп адамга сейрек жаркып ысымды» белендеген атасы Сейдешинин түрлөнткөн сайма жаздыгында бал уйкуну татууда. Сейдеш кирпигин чылк жуумп, талмоорсуп дүлөй бейкуттукка тартылаарында, же сыртгагы алыскы шоокумдан, же ичиндеги «тоцтектин» удургуганынан селт ойгонуп кетет. Анан калса, кайын энесинин тамакты жайнатып кыйнаганына карабай, жарытылуу паар татпаган кургурдун өзөгү үзө тартып, оозуна кара суу келет. Туруп казан аягын калдырата өзөк жалгасабы. Аный, таңга чыдасын. Күйөосүн ойготсобу. На-

ристесине ыроологон атын сурабасабы. Анын аяцындагы уул тороору чын ээ...

Өзүлөрүнүн короосундагы иттер абалап эмнегедир үрө удургушту. Карышкыр тийгидей короодо мал жатпайт. Алар бий акесиникине коцшу эмеспи. Анан эмне, уйкудагы ит бекер козголбос. Ыраактан тыпылдаган атчандын дацканы улам жакындоодо. Иттер ошого үрүшкөн тура. Атчандын дүбүртү улам чукулдап дал алардын өргоосүно жетип буйдалды.

— Кашкары болуп жүрбө — деди келин үзүлүп кетчүдой чыдацкырабай.

— Жецеке! — Кашкары шайыр шацк этти.

— Жолун болдубу, айланайын.

— Созсүз да. Жоолук сайын бересиз.

— Оозуца май! Тур, тур — күйөөсүн жулкулдата ойготту — Кашкары шакиртиц орундатыптыр таппырмацды.

— Ия! Ак жолтоюм дес-е. — Колуктусунан аша күдүцдогон Байымбет карбаластап кийингенче, Сейдеш субай салтац чагындагыдай чапчац серпилип, тез оттукту чага кууну күйгүзүп чырагданынын билигин жандырды. Ацгыча эшикти серпе, Кашкары көзү кампайган куржунду которуп кирээри менен Сейдеш килитине асылды. Бах, дароо таноосуна жүгөрүнүн эцсеген жыты өрдөдү. Ох, чиркин, бирөө эмес, шыкай толтура. Жибек койнокчөн селкидей жапжашыл шоодур кабык жүгөрүлөрдү эки чецгелине толтуруп аткый жыттагылап көкүрөгүпө басты. Тох, дүйнөдө ушу жүгөрүчөлүк кубаттуу, кымбат зат бар бекен?!

— Кашкарыбай, чарчасац да жецеце кызматыцды акырына жеткиз. Коломтого отту тамызып, ирегедеги чегедектерден кала. Мен да жардамдашам. Эл уйкуда экендө бурдан, боросун кандырсын. — Байымбет жоктон дабаа табылгандай жүгөрү кучактап жытына эле тойгондой жаркылдаган жарынын саамай чачынан сылады.

Заматта кургак чегедектер чатырап, жалыны да үйдү жаркытып, чогу да, кору да додолонду. Үчөө маштапа жүгөрүнүн шоодур кабыктарын карсылдата сыйрып, биссимиллалап кыпкызыл таптуу корго үч жагынан көзөй сойлотушту. Нак дүмбүлүпөн сүтү балкылдаган дандуу жүгөрү бадыр-будур, али күлгө айлана элек чокко барсая жарылып бышууда.

— Ме, биз сен тойгондо гана ооз тиели — Байымбет, чала бучук бышаар бышпацанын күрүч тишине аткыта

бурдаган аялына өзүнүн, Кашкарынын даана бышыргаңын жылдырды. — Ой жутагыр, аныңды коё тур. Мына буларды алчы. Сейдеш өзүнүкүн таштай, кулагына тигинин не дегени да кирбей, даана бышкандардан илип, ылдам, ылдам эринин күйгүзүүгө да кайыл, ыз-мызга келбей тегерете улам сууган жагын издеп, барс-барс, аткынаткын, эки-үч мардекти удаа, бурдап-күрмөп ыргытып, анан көксөөсү сууй ушкүрүнө, беркилерге алагды:

— Ой, силер эмне, талгак аялдын оозун эле тиктейсиңер да. Жегиле ботом, ооз тийгиле. Куржун көзү толтура экен. Теңин катып жесем да, теңин айыл-апанын келин-кыз, балдарына берели.

Колуктусунун талгагы канып, көңүлү жайланганына кубанган Байымбет шакиртине жоодурай жамактатты:

— Ырахмат иним Кашкарым,
Ыраазы кыла баштадың.
Ыкыласың артылып
Ырыңдан чыксын таскагың.

Устатынын ыраазылана тизгин чойгонуна шерденип Кашкары уланта созду:

— Ыңаалап бөбөк төрөлүп
Ырыска батсын баштарың.
Өзүңүз таптап турганда
Өркүндөп чүркайт Кашкарың.
Окутто токтоп калбайын
Оксүтпөй бүлөп таптагын.

Таптуу коломтонун жарыгында Сейдешти талгагына гана эмес, тамашага да кандыра устасы менен шакирти акындыктын кумарына эргишип узакка алымсабак жорго сөздөн лепилдетишти.

* * *

Каттарды, газеталарды тейлештирип, Букарбай жанындагы Тоголок Молдого иш жайын тааныштырууда. Жөнөтүлүүчү каттар, эсеп-кысаптар Байымбеттин эч кандай кызыкчылыгын козгобосо да, Букарбай безилдеп, а түгүл Нарынга, Пишпекке, Ташкенге жазылган каттарды астына жайнатууда. Байымбет Түркстан, Пишпек, Нарын төрөлөрүнүн жардыктарын, буйруктарын окуса да окна эчтеке жуктура албады.

Газеталардагы аалам ахыбалынан окуяларга, казак, өзбек акындарынын өлөң, шерлерине маашырланды.

Канча күндөн бери Букарбайдын жетектеп келүүсү боюнча чоң болуштун кабылдоо ордо өргөөсүндө. Күндүзү арыз, муң, датка кол берүүгө келгендер. Түнкүсү Букарбай жатактаган өргө түнөгү. Ага экөө түнөөдө.

Байымбеттин санаасы ай күнүпө жетип чалкайган Сейдешинин жанында болуу. Кайын жеңесинин акылы боюнча Шамшыдан сомдотуп жүктөй келген жүк түбүндөгү куу арчадан бешик чаптыруу. Кимге? Албетте «чокундук» досуна, же анын усталарына.

Катчылык иш менен таанышып бүттү деген жаңсоо жеткенби, чоң болуш ошол кеч Карала бийди да чакырыптыр. Карала бий печак ыман, чоронун чордону чоң болушка, жазмасы да, ырдамасы да төгүлгөн, Чүйдөн чыйрала келген инисинин кыцк эткис кызматында жүрүүсү, а дегенде гана сылап сыйпап, билгизбей торго чалынтуусун, аның али чалпоолугун Мусакожого эскерткен.

Мусакожо Тоголок Молдонун паразатын жеке туугандары Караладан эмес башкалардан да териштирди. Акыры Букарбайды жиберип чалдырды. Анын окуганы, намысын тебелетпес чыңдыгы, эшик ырчысынан жаа бою качып, жазмалыкка бел байлаганы чоң болушка маалым. «Мейли, Тоголок Молдонун самаганы өзүнө. Кайда барат. Чапчып айга жетпейт. Байтал түйлап такка чыкпайт. Менин жергеме чакырылбай келген соң, чамасы канча. Молдолугун, кат тааныганын, ырчылыгын мен пайдаланбайымбы. Өнөрү күч болсо, төрт тәнабы менин колумда. Капчалык узартуу, кыскартуу, оболумда. Деми сууганча коё берем. Анан тырашмакче тартам. Аста секиндеп, күч кайда экенин билип, көзүмдү карайт».

Чыдамдуу Мусакожо ойлогону орундалгандай, «бүгүн ушундай, Букарбайга шыноорлоду. Эртең айтканымды аткарат, бүрсүгүнү Бошкойдон элпек кызматымда эпилдейт» пейилде, Кайдуулаттын мыктысы, аны калкалап батырган Карала бийди катыштырып, ажаандай тизгин талашкан өз инилери: Султангазы, Аалы, Калпа, тилмечи Букарбайдын гана чөйрөсүндө жашыруун сыпамакка ыгын келтирди.

— И-и, Тоголок Молдом. Өз элимден, өз жеримден, пускоолуу Музоокенин бучкагынан экенсиң. Көзүң кат таанып, тилиң буудай кууруйт дейт. Сени Букарбай да мактайт. Ага көмөктош нөкөрлүккө алсам деймин. Чий-

мечилигиңди го билдик. Ырыңды уга элекпиз. Эмнеден соққонго жарайсың?

Мындай суракка бышы кулак Байымбет шар гана:

— «Манас», «Семетейден», казал, ыр, жомок, кошок, арман, ашыглык, балдар ырларын жазам, ырдайм — деди.

— Ох-о, укмушсуң го анда! Бүгүн сен «Манастан» таштa. Какыс жакса...

Мынчалык тандалган чөйрөдө жанын үрөөгө ичинен улутунуп, Карала байкесинин көзүн кыса «аянба» дегенин түшүнүп, көломочтонуп, кадимки Тыпыбек сымал жаалдана, сөзүнө жаңы сөз кошуп дуулдап, айкол Манастын туулганынан сабатты дейсиң...

Дың эткен чымын, күрс эткен дабыш жок, чоң болуш баштап мемиреп тыңдады.

Жедеп кызып, бир отуруш түгүл апталап, айлап айтчудай укканларды арбап эргигенден эргип, түн ортологондо эшик шарт ачылып Бошкой кирип келсе болобу.

— Кечиресиз, таксыр болуш, «бажаны көрсө, бажанын башы кычышат». Анын сыңарындай жаңы ырчыңызды угуп, чыдай албай кашынганы келдим. Чамасы канча экен, чактайын дедим.

— Чыпкактай сакалын төшой мөңкөйүп ийилгенде, тоскоолдукка мөйүй токтолуп калган Тоголок Молдого далпагай алаканын көтөрүп Мусакожо болуш болкулдады:

— Ах, кулум, куусуң. Сен «Манас» айталбасаң. Ичиң күйүп жеттиңби! Кызыталак же...

— Кулдугум бар таксыр болуш. Чамасын байкайын Тоголок Молдоңуздун. Чүйдөгү чүрчүт-пүрчүттөрдөн чокунуп-токулуп келген жоргоңуздун. Канчалык кадырыңызга жетип, тузуңузду актаар болжооңуздун. Негедир кекепгендей көзү кайнайт, кейпиндей тордогу куштун. Чартылдап кыйынсынып сөзү жайнайт, чаркы канча, келет уккум. Билейин, Тоголок Молдоңуз, буудайыгыры, чүйлүсүбү же күйкөсүбү илхам-шыхтын. Мунуңуз менчелик отоңуз менен кирип, күлүңүз менен чыгып кызмат өтөйбү, андайлы, пирим, туум, мыктым!

Манастын кызыгына уюган илебин уурдана кирип суткан ырчысына адеп каарданган чоң болуш, тигинисинин кулдук ура эңилген калыбында, конүмүшүндөй анын дөөлөтүн көколөтө жамактап жобураганына жибиңки колдогой алаканына баржагай манжаларын жай бүгүп, токмоктой муштумга бириктирди. «Бошкоюм, күйүп-бышкапыңдан макалдата мойсондуң. Жаңы ырчыны жа-

пыра жоологонүңдүн жонү маалим... Атакору, Тоголок Молдо да ийимди жандырбай өзүндөй элпек ырчыма айланса кана. Жез таңдай эл ичинде аз. Эки кончумда экоо сайрап жүрсө ырыскымдын ашканы эмеспи. Мейли, эскисинин да, жацы көзүнүн да көөнүн жубатайын».

— Бошкоюм, сырдана кургурум, кечтим бу саамкы күнөйүңдү. Отур жайланып. Жубаттың мени, макалың менен да, сакалың менен да. Ырас, сөздүн көркү макал, эрдин көркү сакал. Сен кургурда экөө тең бар.

Бошкой эт-бетине батпай сүйүнгөнүнөн нурданып, жээрде сакалын сылагылай мантая маңдаш токунду:

— Аллага шүгүр. Мартабацыз артсын айкөлүм, акылманым.

Алп мүчөлүү Мусакожо ыптыга, оң ыптасындагы додо жаздыктарга чыканактай сүрдүгүп алагар көзүнөн жылуу шоола чачып, кызуу эриген маалында чарт үзүлгөн дилдиректей чыйралыцкы чыкыйган дастанчыга бурулду:

— Тоголок Молдом, сабырдуу жайдары өндөпөсүң. Ырчы Бошкой күнүң эмеспи. Күнүнүн күлү жоо, сынаса сынасын. Сен ага оцой олтоң алдырчу азамат өндөпбөйсүң. Атаганат, болжоосуз айколдүгүнөп Манас, Манас аталган экен го. Чачылган журттун башын кошуп... ар уруудан чоролор, зардалдар, найыбтар күтүп эл башкарган ордигине баракелде. Далай эле «Манасчыны» уктум эле. Тоголок Молдом сен баатырдын жан-жокор, акылман-кецешчилерин кашкайта даана айтат белемсиң. Чоңдур, кичинедир ар баатырдын касиети, күчү чоролорунда. — Мусакожо ушу тапта өзүн да «Кичи Манас» түшп уучтан ашпаган таянычтарына комсоо умсунду. — Деги Тоголок Молдом, Манастын тиреөчтөрү канчоо?

«Чоң Казатты» аяктаарда токтолгон Байымбет кызыл кыргын салгылашта Манастын ар чоросупун айкын амалкөй ордигин, кыргыздардын чоң Бээжинди караткан жецишин жыйынтыктоого ичинен эргип күүлөнүп отурган. «Куу манаптын апчыган соболуп көр». Кудай жалган санын да, сынбаттарын да өзү баштатан купуя тактап, чыгынганынын пайдасы тийгенине кымыйды. Жаки, күдүк жеринен сураса, осолдугу мындай турсун, абийри айрандай төгүлмөк экен да. Ансыз да кыптык издеп, жалдуу дөбөттөй тишин кайраган Бошкойго жем болмок. Толго сакасы айкүрүпөн түшкөнүнө ичипен миң иркет тобо келмесин кайрып, Байымбет алчылана, маңдашын бошотуп, аюу талпакта көөлбүгөн өкүмдарга тике бакты:

— Таксыр болуш, ал: Манастын кырк чоросу, кырк колдоочусу болгонун алардын акылмандыгы, эрдиктери жаатында бардык манасчы айтат. А тургай көзү тирүү манасчылардын пири Тыныбек жарыктык кызыганда «себилдүүсү сексен төрт, серп салган жагы кызыл өрт» деп күпүлдөй элирет. Сыягы Тыныбектин анысы да жөндүүдөй. Ойлосом... себилдүү дегени өзүнүн кырк жайсаңынан башка Манастын коңшу элдерден шериктештери арбын. Маселен, казактардын хан Көкчөсү, тажиктердин Музбурчагы, өзбектердин букардагы Темирканы, түркмөндөрдүн Ахун ханы...

А чын чынына келгенде... мен оюмда да, кагазга да тактап, сыпаттап чыктым. Манастын туура кырк төрт чоросу, же жайсаңы, алардын кырк зардалы же найзы бардыгы аныk. Алардын ар кимининн түгөл аттарынан атап, кыял-жоругун, эрдигин сүрөттөйм...

Улам күндөр өткөн сайын антташкан досунун жагымдуу сапаттары арбып, кандайдыр аны да рухий кубаттандырып күч байлатканына шерденип, өзүнчө үпсүз чалкыган Букарбай, каз моюнун койкондотуп, чекир көздөрүнөн күлкү агылтып, чөк түшкөн калыбында капшыгтан жүткүнө сөз катты:

— Манас баатырдын жайсаңдарынын санын, сыпатын так аныктаганыңын себебин түшүндүм. Ал сенин оозеки дастанчылардай оолукканда опурулта бербей, жазмалыгындын, кат тааныганыңдын, иликтегениңдин шарапаты.

Анын пикиринин маанисин Байымбет гана аңдады. Алтымызын окумал тилмечке башын эңилтө алкоосун туюнтту. Калгандары дээрлик Букарбайдын курулай сөзгө кыпчылган тирикарактыгын жактырбаңкы момурашты. Аларга байыркы жоокерчилик заманындагы Манастын баатырларынын жосуну, жортуулу, улуусунун жолун жичүүсү улашы, атасынын өчүн баласы алышы, каада-салттуу калайык кол башчыларын туу кармап сыйлышы, дайыма алардын камында, тилегинде даяр турушу, мандайындагы жанын сабап, жаагын жанып какылдаган акын, ырчылар аркылуу өзүлөрүндөй дөөлөттүүлөргө баяндалып, черин жазуусу гана зарыл эле. Ошо ниеттин ана башы Мусакожо качан Тоголок Молдодон казалдатып эмес, соз жүзүндө Манастын багынткан түп Бээжинде алты ай туруп, Коңурбайдын амалдуу шаан-шөкөт, үлпөтүнө тунуп, акыры «элдешип» колу менен жергеси Ала-Тоо аймагына кайтканын жоруптатып «Чоң Казатты» бүтүртүп... Жана такылдаган кырк төрт чоронун,

кырк зардалдын чоо жайын түгөл ырдатып чубатууга түшүрткөндө жаны жайыла балкышты бейм.

Өнөрүн текебердүү сыноочулар бара-бара ушинтип кунттанып, тыңдаганда Байымбет улам эргип, өрчүтө, көркөмүн, окуясын кошумчалай келиштирип, авазын, кыймылын кубултууда.

— Бал-ли!

— Атаганат! — Сүрөөлөр жаңырганда манасчы ого бетер таманы кызыган дулдулдай элирип, демейде теңсинбей менменсинген дөөлөттүүлөрдү мындан да дилгирлентип азга болсо да өнөрдүн кудуретинин күчтүүлүгүн айкындап, кызыл тилдин кулуна айлантып, оозун тиктете сыйкырлаганына куштар.

«Арийне, түбөлүгү дөөлөттүн бийиктигинен талланттын бийиктиги өтөөр». Тоголок Молдонун сыйынган дөмөөрү ушу. Албетте талантты да багып, таптап, жетилтип үрөнүн калайыктын сезимине өнгүдөй асылданта себүүсү абзел. Күн чыгыштын канчалык каардуу хандары, падышалары дөөгүрсүп, талланттарды тамаша катары тебелеп өтүшпөдү. Бирок, кары тарых хандарды унутту. А талланттардын жаркын үлгүлөрүн кагазда, ташта, кылда, үндө, буюмда, дилде, тилде укумдан тукумга мурастап сактап, бапестеп өнүктүрүүдө.

Акындын алоо жүрөгү ошо утурумдук менен түбөлүктүн учурунда опуртмалуу да, акыры түбү акыйкаттуу да убайымын туюуда. Ал эми мансапка карк тунган соолөттүү Мусакожо жасалгалуу зор өргөөнүн гана төрүндө көөлгүбөстөн, төгөрөгү дубандык танаптуу жер, суу, адамзатынын тагдырынын ээси экендигин каалаганындай чайнаса да, жайласа да эрк өзүндөлүгүн элестетүүдө. Моминтип боконо сөогун сөгүлтө мобереки маңдайында медиреген ырчы анын эрмек-зоогу, шыбагасына буюрган эме. Тоодо малын баккан, жакада эгин, чөбүн өстүргөн көп букараларынын катарындагы бирөө. Айырмасы — оттук ташта чарт-чурт албырттаган түгөттүн керт башынын шыктуулугу, тыңдыгы. Чоң болуш жайык, жаркабагындагы үксүйгөн кашын жыйыра канчалык өзүн дөө, олбурлуу, салмактуу кармаса да барган сайын жалбырттай тутанып өөрчүгөн жаш шайыр сыйкырына жеңилдетип, канатын далпылдата учурчуудай арбалып баратканын, эркинен сыртқары улам обдула: — Бали, коё кал. Жөнөт эргул — деп анын сүрөөчүсүнө айланганын сезип, ичинен «астафурулланы» кайталап, ага болбой дагы эле эңгиде-деңгилете Бакай, Кошой акылман. Алмамбет, Чубак, Сыр-

гак баатырлардын илебине эрите баштаганда, ырчынын зикирчисине айлануудан чочуп жанказандай башынын чокусундагы булгун тебетейинин берметтерин кулпурта, сакал, муруттарын серпилте айкырды:

— Токто! Эс ал, бизди да сеп алдыр.

Бийликке ылаажы барбы. Жемин бөктөрүп, көк теңирди чабыттай сызганда аңдоостон качырган ачкөзгө оозунан жулдурган кыраандай Тоголок Молдо, алапайын таппай дендиребеспи.

Олуясына шамыян кайыра алышпай, өкүттө калган беркилер:

— Ка-ап! Дагы жөнөтө түшкөндө эмне.

— Узаган сайын укмушу күчөгөн Манас дастан болбосоң коё кал,— дешип шыпшынышты. Мусакожо эч кимине алдастаган сырын билгизбөө шылтоосунда, ток айгырдын белиндей күрсүйгөн курсагынан чакан адамдын экөөнүн кулачы жеткис кемер курун шарк эттире чечип, атлас, макмал жууркандуу кертме жүктүн үстүнө чубалта таштап, эшикке залкая адымдады. Калгандары аргасыз обдулушуп, анын соңунан илээлешти. Алар канчалык кайрылып кирип, уйкуга кайыл тап атканча дастан угууга ниеттенишкени менен Мусакожонун амири боюнча, алды алдынан тарап, эртеси дигерде ушул топ чогуу чаран чоң өргөөгө чогулушту. Даамдуу ысылыктын соңунан, суусундукка көөкөргө балга чайкалып, көлөкөдө муздатылган бал кымыздан шыңгытышып, берекелүү дасторкондун атайылап жайылганына, үй ээсинин пейили чечилип, жай чардашка багышталганын жорушту.

— Манаска тайынбаган журт башы кыргыз оңбос-с. Алтайдан тарта, Ала-Тоо коюнуна чейин чачылган уруулларды эл кылып... Дүмөктүү душмандардан коргоп... Таласты тырактаган менен кыргыз жашаган жердин төрт тарабын бүт кыдырган, кайда, эмне болгонун, болоорун алаканынын жылгасындагыдай барып көрүп, билип турган. Мисалы, Ысык-Көлдүн төрүндөгү керилген жайлоо Каркырадагы Көкөтөйдүн ашын алалы. Бокмурун баштаган кыргыздын алты ханы, алты уруунун башы, өзүлөрүн көтөрө чала менменсинип, Манассыз эле аш берип, тамаша курууга ар дубандан эл чакырды. Акыры Коңурбай аларды басмырлап талап, топоп бүтөөрдө айлалары куруп, тээ алыскы Таластагы Манасты чакыртышкан. Ичинен алты ханга таарынса да, эл намысын коргоо үчүн Манас тез жетип, күчтүүсүнүп дөөгүрсүгөн жоо — Коңурбайдын жинин кагып, куйругун кыпчытып кансыратып

кетүүгө аргасыз кылат. Жаки, өзү жетпеген жерге Манас чоролорун жөнөткөн. Бекеринен Кошой коргон, Бакайдын бешиги, Алмамбеттин аскасы... деген аттар Ат-Башы, Чүй, Алай жаатында коюлушу. Мына биздин эле чалкайган Соң-Көлдүн ойүз-бүйүзүндөгү «Ак куланын мамысы», «Манастын таш тулгасы», «Тулпар таш» дегендерибиз, ошо Манас атабыздан калган эстелик. Манас атпай кыргыздын жалпы атасы экенине мына биздин өзүбүздөн чыккан кичи мапасчыбыз Тоголок Молдого чейинки акындардын айткандары далил. — Мусакожо экен-токондо ушинтип чечмелеп чечиле сүйлөөр табында экенин билгизип алыстан чаргый, Тоголок Молдого бет маңдай капшытта сөөлөтү артыктай жайкалып момпойгон Бошкойго алайды:

— Кучунаң карман, араң чыдадың кечөө. Бүгүн сапааң тыңгылыктай. Не билгениң бар. Жаки Тоголок Молдо акунума теңелбей кол кууйшурун жолуна богөт болбоюн дегениңби?

Дастандын уландысын угууну дегдегендер окумдардын тескери чарпышына теригишип, астыртан бири-бирине кылыйышты. Карала, Букарбай өзгөчө «бул не деген кайраштырыш. Аягы кандай болоор экен» деген күдүктө сабылышты. Байымбеттин кан тамырлары дүүлүгүп, эми Бошкойдун эмне дээрине саксынды.

Бошкой атайылап камынганбы, берилеп ортого жылып чөк түшө доңкоюп:

— Айкөлүм, ыракым этсеңиз, сиздин жаш ырчыңызга айтаар акылым, берээр жообум даяр.

— Кандай дейсиңер? — Мусакожо биринен сала бири чиренип катар күрсүйүшкөн мыкчегер иниперине сеңселген сакалын жаңсады. Калгандарын капарына албады. Өзүнөн да олбурлуу, момунураактыгы гана болбосо, окшош десе окшош коймаарек Султангазы бакырак карегин тостойтуп, ортодогу шыңга Аалыны колтукка түрттү. Апысы чокчо сакал, кер мурутун жанып:

— Байым, эрк озуңүздө. Деги Манастын аягына чыккапча уксак. Өзүбүздүн тукумду, катын-калач, бала-бакыраны чакырсак...

— Ырас, ырас, мунуң жондүү. Түнү байбичеге мен да соз бергем. Келсин алар дагы...

Агаларынын аягындагы Калпа шып сыңар тизелей, суусар боркүн колуна ала шыпылдады:

— Байым, Манаска биздин тукум айтканыңыздай бүт чогулат. Оозуңуздан илеп чыкканда улагада үксүйгөн та-

баганчы айылдарга чапты. Алар чогулганча жытыккан Бошкой ырчыңыз шаңшып көрсүн. — Ортончусу, кичүүсү түгүл баарынын олуясы чоң агасы да Калпанын дегенине көнгөндөй момурашты.

Супурасы сууй кайта артына, каншытка жылган Бошкойго Калпа кырданта кармаган кызыл чоктуу тебетейинин берметтерин кулпунта серпти:

— Чу де! Коё бер тил жоргоцду. Тоголок Молдого тоорушуп көрчү байкайлы. Комузунду жаныл, шаңшы Бошкой.

Бошкой жанданып, кемселинин оң жецин түрүпө, эми чындап ишеничтүү илгерилей жылып комдонду. Жорго журуштой жай калкыткан күүнү термеп, коцур дөбөшун жылжытты:

Тоголок Молдом толкундап
Сайрады элдин Манасын.
Кара жанын карч урат
Калтырбаска чаласын.
Лягына дейре угалы
Анап айтам чамасын.
А мен ушул журттун чегеси.
Өзүмдүн айтаар Манасым.
Мусакожо айкөлүм,
Даңктаймын ата-бабасын.
Опол тоодой жөлөгү
Үч ишсинин дамаасын.
Биерден орун талашпа,
Молдокем, чоң уятка каласың.

Күүсүн доошуна кошо шарт бүтүрүп, комузун керегеге жөлөй, өз «Манасы» анын «жайсаңдары» — боордош үкөлөрү даңкайышып, ар кими өзүнчө күн жылытккан токойлуу, бадалдуу дөбөдөй мантайган кылдуу жүздөрүн күлкүгө чайытып ырахаттана түшөндөрүн байкады. Бошкойго мындан арбын сыйдын кереги пе? Карала бийдин тумшугун жецине катып, тык-тык жөтөлгөнүн, анын чүнчүп басынганын «көк жал, жаш инимди жайраттың» дегендей кабылдады. Агасынын ошол эле чыдамсызданган күрсүнүшүнөн Байымбет «Каралдым, жатып өлгөнчө, атып өл» ишааратты боолголоду. Бошкойдун жойпулугу, жасакерлиги мыктыларына жакты. Алар компоюша, «аныс Манас башында, Алмамбет, Чубак кашында» үлпөт курушкандай, ортого коё берген эки бөдөнөнүн урушуна назар бурушкандай манчыркоодо. Салт боюнча ырчылар беттешкенде биринчиси сөз ташташа, экинчиси жооп кайтаруусу парз. Бошкой өтө урушт-

чаак, чабал бодоно ондонбойт. Кебетесиндей сөздү жоон-жолпуланта жайкалтып апчый таштады. Бирок, акыпдыктың улуу, ыйык жөрөлгөсүн аягына дейре жеткире албады. Кур дегенде «Кобок менен Талым кыздай» алымсабак суроо салып, маселен; Манастын жагдайынанбы сөз улоонун ордуна жугундукорлук сойкулугуна жендирди. «Ордумду бербейм, Мусакожонун менчик ырчысы менмин шүк жүр» деди. «Ага өчөгүшүп, атаандашпай эле койдумчу.»

Байымбет закымда оюп чыйралтып, сал жүткүнө обдулуп оронарасындагы андан жоон күткөн ырчыга тике карады:

О Бошкой, жашың улуу агасың
А деп каадалуу сөздөп чаласың.
Азыраак узай түшкөндө
Акындык салттан танасың.
Кабанаак добот ондонүп,
Качырып тишти саласың.
Абайлагын аксакал,
Айыкпас мант табасың.
Ырас, мен билем байыркынын Манасын.
Сен жаңыны ойлоп табасың.
Болуштун Мусакожо аты бар,
Өзүн мактасаң деле жагасың.

Калпа тикиренден сөөмөйүн кезеди:

— Бул эмне дейт?!

— Оңбогур десең,— Аалы аны коштой, чигирим өтүгүнүн кончун кычыратып өз балтырын кыжырдуу аткыды.

Султангазы болкоё инилеринин түйшөлүүсүн таназарына илбей, «мадыра баштар силер нени түшүносүңөр. Кандайынча деп аларды акылга жетик абабыз өзү чагат.» дымакта чоң болушка каржайган түктүү жаагын имерди. Мусакожо кичүү аталаштарынын тырчыганына Султангазыдан беш бетер ылайым камырап койсочу. Ал деле буерде өзүнөн эч жан жоктой локуя, өзү менен өзү кецешкендей узун кирпиктерин эңилте балбылдаган үкү көзүн жумаар жумбас баарынан далдоолой дүпкүйүүдө. Ал өз токтоолугуна сыйынып, жеке, так кесип бүтүм чыгарааарда ушинтээр өнөкөтүн жаземдебеген оёндор ичтеринен канчалык чебеленишсе да, сыртынан тым тырс. Түпсүз караңгылыктай тунжуроо далайга чымырады. Мусакожо айыгышкан пикирлерди эшитсе дагы алардын кимиси кандай абалда отурганын көргүсү да, көңүлүн бөлгүсү да жок. Өзү качан, кандай туюнат. Ошондо тил-

ге келет. Жапындагы жандар, кара чечекейлери да аның эркине такоот кылбайт. Акыйкат ошондой. Жеке мындагылар гана эмес, Соң-Көлдөн Арпага, Курткадан Көк-Артка чейинки а чети менен бу четине өргүп, конуп талыбаган күлүкчөн гана жетээр кең аймактагы куттуу журттун бабасы кан ичмелүү Жамболот баатыр, кастарлуу Келдибек манаптан берки ата салтын, сурагын улаган журт башы ой ойлоп бүтмөйүн ага дыцк этчү ким?! Дал ошопусуна чиренип Мусакожо ого бетер оолжуган мүнөз күткөнү качан. Зор өргөөнүн көөлпүккөн эр, эпчи капшыттарында кеч-кесири жымырагандардын жылтыр көздөрү, төрдү жалгыз ээлеп анда-санда гана дем алганы сезилип жандуу дөбөдөй дацкайган, карапайым адамдын беш-алтооно жамынчы болчудай далдайган өзүнө чак тандайлашкан күмүш аркак кымкап чапанды желбегей жамынган Мусакожонун, сакалга басылган жалжагай ээрди качан бүлк этүүсүн тиктөөдө.

О, бир оокумда жандуу дөбөнүн жабылуу кирпиги серпилди. Жандан башкача алайган көз бакырайып тегерегиндегилердин айрымдарын сүрдөнтө чочутуп, айрымдарын сүйүнтүп нйди. Кантсе да бүтүм жарыяланат. Кимкимиси тындым болот.

Байымбетке Мусакожонун бул келбети чынында эле карацгыда алоо жанып бүт макулуктан бөлөкчө, теребелин даана көргөн канаттуунун олбурлуусу кудум үкү көздөнүп, ал баятан өзүнөн башкага белгисиз уюлгуган ичиндеги түнт сырларын мына эми аларга, жалпы аалам-га айкындоочудай сээрденди. Ооба. Турпатына, ага кошулган бийлигине жараша чоң болуш аталган Мусакожо олуя жумшагыраак, коюу, алыстагы күндүн күркүрогүндөй доошун күлдүрттөттү:

— Тоголок Молдомку калетсиз, калетсиз. Атпай кыргыз журтунда Манас бирөө. Манас ыйык. Мен Манастын урпагымын. Жаки жолун жолдогонум ырастыр. Уруу, уруу, тайпы, тайпы элдерди башкарган мендей мыктылар кыргызда арбып. Анын баакиси Манас боло берсе, анда Манастын баркына зак келтирип, каргышка калаарбыз... — Чоң болуш Байымбетти жана анын таламдаштарын жубанта, жалпы эле бакпсинсп алда канча акылы салмактуулугун дааналады. Анын дээриндегисинин берки чети гана серпилди. Өйдө болсо өбөк, ылдый болсо жолөк боордошторунун дегенин илик албады. Бошкоюн басынтты. Көз көрүнөө Тоголок Молдону көтөрмөлөдү. Айланасындагы бир кочуш кишинин азыноолак бакыр-

ларын кубантып, көбүрөөк жакынын бозала кылып окүнтүү. Тай туйлап такка чыкпайт. Бакыр эсиркеп мөөнүнө минбейт. А жакындары тырчыйса, бурандатып бөлүп жаруусу ыктымал. Бирок, анчалыкка барышпайт. Ал курулай антпеди. Термелип ой чакмактаганында аалдуу саясатынын учугун тээ терецге житирген. Али түнкүрүндөгүсүн эми оргуштатат. Колдон каруу, баштан акыл тайса, эл башкаруу мандайындагы куу чиренделине отот. Адыраң-бадыраң эмес, элге амалкөй мамилени андан үйрөнө беришсин. Жатты сүйгүзө, өздү күйгүзө айтыш акылман тамырчылыктын каспети. Өзүнөн кийинки улуусу Султангазы аңкоорок, ортончусу Алы чалпоороок, кичүүсү Калпа аймандай шылуун, кара мүртөз. Деги инилерп камыкпаган каракөк, аяр, даанышман, кенке жетик, кенен озүпөн сабак алышсын. Темирдин курчу бир чокко, бир музга ширелип чыцалат. Адамдын мыктысы да, тотөн, эл баныына жүткүнгөн тигилердей берендер ар адамга оомал төкмөл алака жасаганды ацдашсын. Оюп опура ацтарган Мусакожо «сүрүм, касиетим, колдоочум» деп барктаган бакыраң көзүн оң нынтасындагы жакындарына балбылдата үрөп, ошо саптын аягында маанайы пас, жампая чоккон ырчысына жеткенде токтоло жайнатты:

— Бошкоюм, саа чен жок. Каалаганыцдай, көнгөнүцдөй ырдай бер. Чаркыцдын жетишинче чардан, жыргай бер. Байымбет иницдин эркелеп тийишкенине терикпе.

Бошкой өчкөн оту тамгандай, өлгөн жаны тирилгендей, муздап чымыраган тулкусуна кан жүгүрүп кубаттана тутанып, өйдө окторула дүкүйгөн көөдөнүнө жээрде сакалын жайпап саймедиреди:

— Айкөлүм, сизге тирүүлүкто озүм, өлсөм сөогүм ыраазы. Билгенмин жаңы коз Тоголок Молдоцузду жатыркатпай, мизин кайырбай, курчута бүлөп бооруцузга тартмакчысыз. Сиздин боор ата-жоңоцуздан бери кепеп, озүм дегендин баарына береке, сый белен. Алдын ала эскертем, Тоголок молдо иничек дал мендей кызмат отөсүн ак ниет менен. Өзүңүз айткандай ыйбагып жүрсүн мындан ары менден.

Ацгыча сырттан Келдибек уулунун ар кайсы айылынан топ тобу менен дүбүрттото агылып окчун кермеге түшүп жаткандагы бака-шака үндөрү, чолпу-чач учтуктардын шыцгыры, кенжелердин чайылдагы угулду. Эшик ага жигиттер кош жаак оймо далдайган каалганы ачып, анын сыртындагы токулган чийге сыртталган саймалуу

жабууну өйдө түрүп чоң болуштун урук-туугандарын күтүштү. Алдыда каз элечектерин шаңкайткан байбичелер, аларды бучкактай монтоңдогон балдарын жетелеп, боорлоруна көтөргөн сайма белдемчи, көш этек көйнөкчөн келиндер, аркан боо нараакта топтолушуп ызаттай улуураактарын алдыга откөрүшүп, кичүүрөөктөрү өзүнчө үйүр тарта чубай баскан эркектер... төрдө мандашын гокунуп урук жууратына алыстан багжайган Мусакожонун пейилин тойгузууда. Кызыл-тазыл бери чубагандарга андан бетер күдүндөй орундарынан козголгон инилерине угуза кобурады:

— Парпардигер тобо. Журтумдун каймагы, менин канат-бутактарым. Бообуз бекемдеп, тукумубуз улансын. Өргөөгө батышпаса туурдуктар сыйрылсын. Ырас гана болбодубу. Чогуу чаран шайырларымдын өнөрлөрүнө көлпүгүшсүн. Тузсураган малдай жамырап келаткандарын кара, чечекейлеримдин. Атандын көрү ай, эгер Тоголок Молдом менен Бошкоюм шорлорун кандыра албаса... Тыныбектин өзүн, о Сагымбай деген шакирти менен өйүз-бүйүз көл жакалап конгон Кочкор, Нарын айылдарында сайран жүрөт дейт, чакыртпасамбы, Тоголок Молдом, жайнаган кары, жаш чечекейлеримин суусунун кантип кандырасың? Эмнеден согосуң?

— Болуш, Семетейди канчалык түгөл айтсам дагы кумарым таркабайт. Карыны да, жашты да күлкүгө, муңга чайкаар элем. Көңүлдөрүн чалкытып, жашытып жайкаар элем. Кандайча кабылдайсыздар, анан байкаар элем. — Байымбет сууту канган күлүктөй шыпыя, кечээтең бери топко чыгаарына беленденгенин сыртынан айкындай шымаланды.

Дал ачык эшиктин алдына чокмороктошуп, чоң өргөөгө шар кирүүдөн айбыгып, арткыларын аяндашкандарга угуза, аларды өзү утурлап учурашып киргизүүгө төрдөн заңкая тура жөнөгөн Мусакожо, үйдөгү артынан дүрбөгөндөргө кайрылымыш этип бак-бак баржактады:

— Эп Тоголок Молдом ая, так ошо кумарың таркабаган Семетейден серп. Мобу бет мандайындагы Соң-Көлүмдөй чалкып көр. Ошонуна жараша бата аласың, биздин улуу тукумдан.

— Ошентсин, ошентсин! — деген коштоолор ичкериден, сырткарыдан коштоло күүлдөдү.

— Мынча чогулган соң, мейман камын ойлогула.

— Кысыр эмди тай союлсун.

— Кымыз жеткирилсин!

— Самоор, дасторкон, идиш-аяктар ташылсын.

— Чаптыргыла айыл, айылга!

Чогулгандардын арасында бай карагайдай баранду бажайган чоң болуш, ага ийилип учураңкандардын баарынан бийик калкый, каз элечегин шаңкайткан ноо-ча кичи эпесине, аны курчаган кемпирлерге кайрылды:

— Байбиче баштаңыз, кириңиздер силер жетектеги келинжелериңер менен. Торго.

Эпеси баштаган ак элечекчендердин сабы жылжып, өргөөгө чубаганда чоң болуш илбээсин, корпо тебетей-чен, пыязы чапан, боз кементай, кемселчен, сакалдарын сексейте өзүлөрүнчө топтошуп, тонуктуу үрпөйүшкөн эркектерге бурулду:

— Кана, абышкаларыңар алдыга түшүп, аксакалдашып кире бергиле.

Алардын чубоосу аяктаганда, кылчайып дардайган өргөөсүнүн эпчи жагы али ээн экендигин көрүп, жоолуктарын үлпүлдотуп, чоң кайнагадан ыйбаа сактап, тике багып карай албаган ыймандуу келиндер, үкү тагынган тебетейчен, такыячан чоң атасынын сыйына эреркей ачык шыкылдаша уяң болумуш этип жеңелерине шынаарлаган бийкечтерине сакалын тарай салаалап бажырады:

— Кыздын кырк чачы улуу. Киргиле жеңе-желпилериңер менен. Уландар кызмат кылсын. Орунду өзүлөрү табышат.

Четте сылана кийинип, ойноктогон бир атанын шок жигиттерине келин-кыздар гүлдөй буралып өргөөнү беттеп баратышып, кылчайыша жалын каректеринен от атышып, шыңк-шыңк күлкү чача — «Ушинтип эңгирең эшикте калдыңарбы» — деп тамаша шылдың ташташтары.

— Кутурбай жөн киргиле. Биздин орун белен, болбосо, силерди бар эмеспи,— дешип жигиттер камчыларын кезей колукту, жеңелери, карындаштарына алыстан тап беришти.

* * *

Чоң болуштун өргөөсүндөгү аптага созулган дүң дастанчынын даңазасын калайыкка апыркандан да Байымбеттин өзүнчө дем байлаганы күч. Ананчы. Качантан бери арай көз чарай, улуу, кичүү дебей элдин тобунда эргүүнү самабады беле. А дегенде Мусакожо сынамакка аз гана жан-жөкөрлорунүн жашыруун уюгунда дыр бердирди. Сыягы купулуна чала-була толдубу, өз тукумун

жапырт, бара түшө «элге берген куруттан мени неге куруттуң» деп доңшоордон улам оңкологон кыйыр туугандарын, жөк-жаатын күндөн күнгө көбойтүп чогултту. Угуучулардын арбыганы акынды оштонто эргитип, окуяны андан, сүрөттөө коркомун мындан, аларга айкаш дидар кубулушун, кол серпишин ашынта улам жаңы отурушта күчтөнүп, күүлөнүп... атасы Манастын очун алып, салтын улаган Семетейди санжаптан аяктады. Калайык омсоңдоп, андан аркы окуянын уланышын сурап тамшанышты.

Байымбет сомосу дайын жоруктарды акып комокойго балкыта жаңы соз, озүнчө жагымдуу ырлар чубуртуп толкуган көнчүлүктүн кубаттоосуна шердене «Сейтек» жомогун созолонтту. Элдин мемирей, кээде кызуу жерлерде токтоно албай коштоо, сүрөө атылтып, күндөп, түндөп тыңдаганы аны, анын жанын козго көрүнбөс жүрөккө дем, комокойго үн берген ыр периси колдогондой кезегинде Сооронбайдын үйүндөгү Тыныбектин бактысы конгондой жагалданды.

Демек, ал атадан балага, баладан небереге өткөп Манас, Семетей, Сейтек үч муундун доорундагы жашаган кыргыздардын санжыра салты, турмушу, күрөшү, коргонушу, жеңиши, шаңы, чабылышы, чачылышы, күч жыйнап оч алышы, өнүгүшү, өксүшү, мүдөөсү, койчу кыйыры узак омүр сүргөн байыркы элдин баянын төрт тарабынан төөнөй түрмөктөөгө кудуреттүү экен да.

Өзүнөн озү күүлөнүп, күңгүрөнүп эмкисинде мындан да жетик, мындан да уккулуктуу, кайнын коңулда калтырган жерлерин толуктап жомоктоого демденгеничи. Кичинедир, чоңдур арзын чакырган топту самаганычы.

Чоң болуштун чойросүнөн абийир таап, өзүнөн мурда даңазасы угулган айылына кайтканда, кызыгап күүсү менен өзүнүн кичи өргөөсүнө курсагы бөрсөйүп, эринин ийгилигине сүйүнгөнүнөн жүзүнөн күлкү кетпеген колуктусу Сейдешти, шакирти Кашкарыны, келин-кесек, бала чаканы тегеректетип, чаалыкпай дастандан сабалатканычы.

Анын ээ жаа бербей жабырып, күндөн күнгө күүлөгөнүн узун кулактар кошул-ташыл таратышын, жаматтан айылдаштары, бардарлары да, жакырыраактары да кезметтеше чакырыкты үзүлтпөдү.

Жайлоо эртели кеч суук тартты. Эл колот-коктудагы өз кыштоолоруна, жакадагы эгин-чөп жыйылган ацыздарга малын өрдөтө ылдый көчүп түшүштү.

Карала бийдин айылы Молдо тоолорунун коктуларынан моцкүп атылган Суулуу-Каба, Ак-Терек, Кол-Кайың суулары Тогуз-Булак ондүрүно жеткенде бир сайга коюлуп туптунук бууракандаган куртканын агымы ылдый бойлоп отуруп, күкүктөгөн Нарын дарыясына куйган тойдуу жээктин берки жайыгына конушту. Бу аймак кийинчерээк Чоң-Арык деп да аталып кеткен. Куртканын четинен алыш буруп, жайнак ондүргө арык чаап, суу чыгарышкан. Аштык, чоп сугаты камсыз.

Байымбеттин өргөөчөсү ойго түшкөндө Караланын үйүнөн алыс, жансардын үстүндөгү атасы Абдрахмандын ураган коргончосунун ыштасындагы торт бакса, эки болмо, али үстү жабыла элек жаңы тамдын жанына тигилди.

— Чоң уул эрдентир. Биздин камды бүтүптүр. Ысык тамга кыштатып ушутнойүн деген тура. — Сейдеш күйоосүн жандап жаңы курулуштун ичине киргенде ылай алган чоноктөргө артылта карыш-терши кургатыла жыйылган устундарды, чырыктарды коргозо кулачын жайды.

— Ай-и-ий, азамат, бакисын даярдаган тура. Молдо дос, тездетсин, кар түшкөнчө үстү жабылса. Асты шыбалса, жылуу үйдө наристебиз жыргайт ээ.

Кемселинин боору жетпей, атлас койногун чердейте тиреген колуктусунун белинен Байымбет артыла кучактай:

— Туура. Ысык үйдө чадырандан наристебиз жыргайт. Ага кубанып атасы ырдайт. Түркүк, устундарын кооздоп, аюум сырдайт. Аюум азамат. Дампайын, чокундук Жаркынбай досунун имаратын бүткөрүп, алгоолошун, Куртканын тиги өйүзүндө орус уста ынагы үчөө дүкүлдөп жүргөндүр. Бу биздин алакандай үйду үчөөлөп, дагы шериктери бар дейт. Ашар кылып эки-үч күндө эле үстүн жаап, астын тактайлашат. Баса, Сейдеш, алиги Шамшыдан сомдоп жүктөнүп келген куу арчаны оцөрүп Жаркынбайга жеткизейин. Бешик чаптырып наристебизге даярдап коёлу. Мен барып, жаңы имарат кургап дампайларыма иш илгери айтайын. Эрмек зоок куруп көөндөрүн жайкайын.

Сейдеши али жарыкка келе элек тептекчесин эркелеткен өз боорундагы күйоосүнүн тапту колун сылагылай кубаттады:

— Ошенте кой Молдо дос. Адамга берген алгандан дагы коцүл жакындыгын билдирген жакшы дейт тура.

Өргү десе өргү. Шашпай бешигиңди өзүңдүн ниетиңдегидей, тентегиң арча жытындай аруу телчиккендей жасатып келсең...

Байымбет атайылап кеч аттанды. Намаздигерде, кечке алпурушкан курулуштан колдору бошоп, жайланып отурушкандарынын үстүнөн чыгууну көздөдү. Чукулдаганда жай бастырып айтаар саламын купуя күбүрөп, шырп алдырбай атып мамыга байлады. Жаңы тилинген тактай жытына каңылжаарын өрдөтө сырдалбаган апакай каалганы табышсыз кыңкайта ачса... Үрпөйгөн эки сары чач, тикчийген эки карачач төртөө жапыз тегерек столго өбөктөшүп шам-шум этип жатышыптыр. Байымбет жаңы босогого жөлөнө жарамазан ыргагына салып ыр саламын узатты:

— Атсалому алейкум Чокундук—Жаркынбайым
Кут болсун жаңы курган имаарат жайың.
Торуңдо бала ойноп, мейман кетпей
Береке, ырыс-кешик толсун дайым.
Байларда жалчы жүрүп, азап көргөн
Жетимим жетилгенде толкундайын.
Киреше, Байтымбет шериктериң
«Креетян» аталып, мыктыларды эликтедиң.
Саратан жай саргайып зерикпедиң.
Тамыңды бүтүпсүң, мактанып жөэликпегин.

Босогодо бойтоюп сөз ширидерин созуп, бейкапар үйдөгүлөргө аяктарын кармата, өзүндөгү токочторун чайнатпай тиштете мемиреткен ырчыга Жаркынбай үй ээсилик кылып, утурлай турууга аргасызданды:

— Айтканың келсин! Ой, тоголонгон молдом, тосулбаган жоргом кулдук! Жолдугуңа тамыңды жабабыз чукулда. Ага кулкунуң тойбосо, самаганыңды айт. Отур эми акеси. Алтын шилекейиңди көчүк басып, наар татып, анан чачырат,— бозомук көйнөгүнүн жеңи түрүлүү карысына чейин күнгө карарып күйгөн булчундарын балчайта, күлкүйгөн кош алаканын кечирим сурай сунду.

Байымбет анын далпайган туурук кочушуна кабышып дайынсыз житкен сыпаа манчаларын ныктай кысымыш этип, мурутунан мулуңдай, дагы улады:

— Там болсо аюпуку, жарамазаныма берерсиң башка жемин, чокундугум эртерээк колукту ал, кокоюп эрикпегин!

Беркилер куурма чайларын чайнай, кыраан-каткы шаракташты. Жаркынбай өзү андан жапалак көзүн ачып жума, бойрогун баса ийилип ыкшып бүткөндө, мейма-

ның дегдегдете сүйрөп төрдогу кийизге тизе бүктүрдү:

— Ой куу Молдо, ырчылыгың ашынып, тилиң кычышың кучупаң ырбагандай. Куурма чайдан уурта, пандан бурда. Саратан жай саргарып эриккенибиз чын. Жарамаганыңды го жорттурдуң. Деле, мыктыларга жаагың жанып жакты дейт. «Манас», «Семетей», «Сейтекти» толук бирдей айтты дейт. Андай эле ээленип токтобойт экенсиң, тээ Токмоктон тойпондошкон жапакечтериң биздин жарпты жазбай корчу.

Байымбет баржактаган эмгекчил эргулду бекер көбүртпөө кыязда, инисине, Киреше аталган аялы экөө катар отурган сары чач, көк көз, акжуумал орустарга амандаша муцайым унчукту:

— Жаркынбайым, мен дагы ошо максат менен. Каржалбас эргулдарым силерге зоок болуп, чериңерди жазганы келдим. Колуман келээр түйшүгүм казал, дастан экенин билесиң. Дегениң аныk. Чоң болушуңдун каардуу сынынан өттүм. Негизи чидерлүү жоргодой алыс оттой албай жүдөгөн курган озум тушоосун ыргытып, арышымды аргыттым. А силерге момингип кызматымды аябайм, сырткы пыязы чепкенин чечип, нооту кемселинин жеңин коломочтоно нурдуу дидарын тили буруу усталарга томсортту:

— Ат-э, бул туугандарым, Киреше, колуктусу экөө түшүнөөр бекен?

Отуздарды ортологон сөөк-саактуу каржайган, саргыч сакал-муруту туташ уйпаланган Гриша үрпөк чачын уюлгута башын силкти:

— Биз катын экөөбүз аз-аз түшүнөт. Сиз манасчы билебиз.

Фрунзе досунун Маврасы кейиптенген аксаргыл толмоч келин, күйөөсүнөн артыла Байымбетти мүрүгө серпти:

— Сиздики ини иштерман. — Ал анан Жаркынбайга көзүн сүздү. — Жора айтат. Биздики Тоголок Молдо ырчы. Орустардан досу бар. Кат билет. Китеп окуйт, ыр жазат. Орустардын Пушкини, биз каколдордун Кобзары болгон. Алардыкы китепте жазылган. Сен өзү келди. Кана, күттүрбөй айтсачы... — Байымбетке Соң-Көлдөй көгүлтүр, тунук, бейгам карегин бурду.. — Тааныш бололу. Меники ат Маша, Мария. Кыргызда да бар Мария.

Байымбет орус аялдарынын жайдары, ачыктыгына дагы бир мертебе чалкый, өзгөчө чала-була тааныш замананын адилдигин көксөгөн улуу акындар Пушкин ме-

деп Шевченкону ала сүйлой, аны шыкактаганына кубанып борсулдады:

— Сен айткан эки акын асманда, а мен жерде, Мария. Атың тилге жеңил. Менин куду сендей жайдаңдаган Пишпекте Мавра деген аяшым бар. Васил табын тамырымдын айымы. Мария, Киреше күйөөң экөөң тең азаматсың. Үйүр алышып, элибизге эл болгула эми. Тилин билип, дилин түшүнгөнүңөргө ырахмат. Поярков деген окумуштуу төрө кыргыздын ыр, тамсил, жомок, арман, кошокторун жазып алып, китепке чыгарткапы жүрөт. Атам заманындагы таш буркан, буюм-терим эстеликтерди жыйып, түңкиндик Петерборго ажайыпканаларга коюуга жөнөтүп жатат. Силер минтип алыскы элетке Жаркынбайдын үндөгүсү боюнча келип, имарат куруп, эмерек жасап,— үстүңкү шыбы зымылдата сүрүлгөн тактайлар кыпалган оймолуу устундуу, аларга астынан окчун катар чарчы кооз түркүктөр тиреленген, тактай төшөлгөн үйдүн ичине, өбөктөшкөн тегерек столго, тукул отургучтарга көзүн ээрчитти. — Жаңы жасалга киргизип жатасыңар. Биздин жер, эл тили буруу силерге коюнун кенен ачты. А орус тукуму силердин өнөр, билим жугумдуу. Адал мүнөзүңөр бизге, өркүндөп өсүшүбүзгө өбөлгө. Кыргыз эли меймандос. Жатты жатыркатпай, чоочунду чоочуркатпай боюна тартат. Колунда барын аябайт. Туугандашам деген кимге болбосун ишенип, пейилин жибитет. Кыргыздын бул салты атам заманынан бери улануууда. Мына мен «Манас», «Семетей», «Сейтектен» силерге жоруптай турган болбодумбу. Киреше, тамыр, Мария аяш, байкасаң Манас атабыздан башпап ар улут менен алакалаш болуу, «курама жыйын журт кылуу, кара темир жыйын курч кылуу, кулаалы таптап куш кылуу» элибиздин канындагы айкол мурасы.

Бул ырчы гана тургай, акылман адамдын өзү айткандай бооруна тарта, элинин тарыхынан, жоролгосунон маалыматтай алыстан чарпыганына Гриша Гусенконун пейили жибиди. Ал падыша өкмөтүнүн Украинадан, Россиядан Чыгыш-Сибирь, казак талаалары, Орто Азияны карай жерсиз, жармач дыйкандарды көчүргөн саясатынан баяндады. Самсыган бала-чакалуу дыйкандар арабалап, жөө жалаңдап айлап, жылдап көчүү азабын тартышкан. Кыйласы учу кыйырсыз чөлдөрдө, түнт токойлордо ачкачылыкка кабылып, ооруга чалдыгып апаат болушкан. Каракчы, ууру кескилерге таланышкан. Жери асыл Орто Азияга жеткендеринин акыбети кайтты. То-

пурагы асыл, эмне эксең, эмне сайсаң баары өсот. Арзан берекеге, кыянатсыз ак пейил элдин элкин мамилесине, келгин орус дыйкандары тез эле мантыгышты. Жергиликтүү калайыктан көптү үйрөнүштү. Кыбаачыл кәмбылдары ылдам байыды. Жерди, малды арбытып, батрактар жумшай башташты. Кыныктаап андайларды көрүп, угуп, бекер жер, бейкут элге орустун шылуун кулактары, содагерлери соко, чоп чапкыч машина, араба, башка курал-жарактарын, эгин, бакча уруктарын жүктөпүп жетишти. Түзөң аянттарды ээлеп, кыргыздарды улам тоо таянта сүрүүдө. Арзан майдикерлерди жалдап киреше байлыктарды арттырууда. Ичкериге арзан азык-түлүк, аяктан пул, жарак-жабдыкка урунтуп соода-сатыкты улантууда. Ошентип тез мартынган орустун кулак, купецтери кыргыздын бай, манаптарына гана мамиле-леш. Эзилген дале орустун да, кыргыздын да, башка улуттардын да жарды-жалчылары. Ошо жалчылар мына булардай өзүлөрүнчө ынтымак. Эл менен эл аралашып, эриш-аркак оокатты өнүктүрүүдө. Жайдак өрөөндөрго шаар, кыштактар орноодо. Ичкери менен элетти байланыштырган жол катнашы, соода-сатык жөнүгүүдө...

Сөздөн сөз ырбап, Россиянын түпкүрүндөгү ишканаларда, окуу жайларында, алдыңкы делинген жаш окумуштуулардын чойрөлөрүндө падышанын саясатына каршы, көпчүлүк букараларды, ошонун ичинде теңсиз, жерсиз дыйкандарды да, бай, башкаруучуларына ачык нааразылыктарга, көтөрүлүштөргө үндөгөн уюмдардын жанданганынан, аларды окмөт жасоолдору аңдып, жетекчилерин каман, сургунгө айдагандарынан, ага мүкүрөбөй жолун жолдоочулар күчөп, арбыганынан өйдө Гриша баштап, Байымбет кошумчалап сыр бөлүштү.

Ушундай дүүлдөктүн ана башын эшиткен Васил досунан кийин анда-санда колуна тийген газеталардан Байымбет ишканалардагы иш таштоолор, жумушчуларды, жаштарды дүрдүктүргөн элчил, солчул, маркстик деген уюмдардын башчыларын соттоо, камоо жөнүндө кабарларды, коркутуп, үркүткөн буйруктарды окугандарын эскере Гришанын баянынын чыпдыгын кубаттады.

Жазмышка, жашоо тириликке нааразылык кайда жок. Шаарларда окуган, иштеген элдин уюгу арбын жерлерде биригип пикирлеш болуу, ачыкка чыгуу жөндүү. Алардын көксөгөнүн айрым тирикарак эр жүрөктүүлөрү, сезими, илими күчтүүлөрү ойготуп, жол баштагандай. Биздин элетте деле мүкүрөгөн байкуштар датын кудай-

дан бөлөк кимге айтаарын, кимге өтүнөөрүн билбей эзген бай-манабынабы, же түпкү кандуу тырмак зор падышасынабы, уюшуп ачык чыгып ынандыра албай зар какшагандар, кул, күндөр, ач, жылаңачтар, жетимжесирлер азбы? «Алы жетпеген акыретчил». Малдуу, мансаптуу зорлорго жем катары таланып, адамдык намысын тебелетип, сатылып же басылып, теңинен ажыраң же жетпей боздогондор канча. Кайда барбасын жаны жай таппаган жапакеч курган Байымбет өзү коруп, билген адилетсиз доордун ачакей чындыгын олбос, өчпөс ыр капатына учуруу парзы улам курчуп, дилгирлигин арттырууда. Ошолордун муңун муңдап, озу деле адардын катарында экенин туюнткан датчы Байымбет эмеспи...

Күйгөн, арман, кошок... Кыйласып чүргөдү. Кыйласы жаштар, муңдууларга тарап өз ырларындай жатталды. Зулумдардын оборлорунун барган сайын ачылышын, букаралардын таланып, тонолуп мүңкүрөшүн, адилетсиз доордун залакасы калкты иритип, тукулжуратып баратканын, түпкү падышасынан тартып, жер-жерлерге тараган төрөлөрүнө, манап, бий, байларына дейре биринен бири арбытып зордукчулуктун уу чеңгели калайыкты ырп этирбей этинен жанына өтүп мууntуупун күчөгөнүн жанытма, тамсил аркылуу Крыловчо сызгырылтууга белсенгени качан. Ооба. Антээри бышык. Дагы журт ичиндеги карама каршы ажырымды көбүрөөк баамдасын. Акындыктын аземин дагы жетилтип, көрөңгөсүн арбытсын. Узун түндүү кыш чукулдоодо. Ысык үйдө отту лапылдата, мештин капталында бешик терметкен Сейдешинин жанында отуруп, болот каламын ошо жанытмаларга сугарат.

Ушул демөөрдүү ички кайрыктар Тоголок Молдону чыцалта буран, кандай чертем десе ошондой буктурула мукамына келгидей жетик күүлөнгөн комуз кылындай дирилдетип, чебердин колун гана эңсөөдө. Улам жетилип баратканчебер өзү. Анын кыргызда али эч ким буктура мукам кайра элек күүсү акыйкатты, теңчиликти жардоо, калайыкты туюнтуу.

* * *

Кеч күздүн табы кайткан жалган түшү. Теребел тарбыл ала саргайыцкы. Анда мында күдүрөйүңкү топ-топ жайылган мал. Короо жай, айыл дарегин боолготун, ачык асманга тай чабым алыстыктан үзүл-кесил созо-

долгон түтүндөр. Жер танабы баланча уруунуку, түкүнчө атанынкы делип чектери бөлүнүү. Жайлоодон түшкөн төрт түлүк ар кимдин менчик аймагында. Уруунун азыркы манап-байынын гана аты аталып, жер ошонуку делет. Малын багып, жерин асыраган, ооқат-түйшүгүн жасаган букаралар өз ысымынан мурун ошо ээсин айтып «баланчаныкымын» дейт. Жалпы уруунун жерин, төрт түлүгүн, намысын коргойт.

Ата жууратынын мансабына, байлыгына, өзүнүн кадыр-баркына жараша кең, тар аймакты ээлеген уруу мыктыларынын ысык үйлөрү, тал, терек бактары алыс-алыстан дүпүрөп, жергиликтүүлөргө кимдин чарбагы кайсы экени сыртынан таанымал.

Куртканын өйүз-бүйүзү, Нарындын түндүк жээги Ак-Талаа делген тегиз өндүр. Оюраак келип жайы ысык, күзү коңур, кышы катаал да, жумшак да. Суусу кенен, дыйканчылыкка жайлуу. Жалпы Нарын аймагына Куртканын кызыл буудайынын уну, Куртканын кара тарууусунун шагы даңазалуу. Куртканын бозосун ичкен да арманда, ичпеген да арманда деп тамшанышат татын көргөндөр кызымтал буурул тартканда. Ат-Башы, Нарын, Кочкор, Жумгалдан жүкчүл атан төөлөрүн комдоп, кап, аркандарын артынып, жээк-жаат, дос-тамырын иликтеп, же дыйкан ээлери мыктылардыкына атайылап тартуу, колко камдай, түкүнчө баатыр, баланча манаптын салам дубасы менен арзып келишип, кыштыгын жүктөнүп кетишет.

Дан, токчулук жыттанган күркүрөгөн күздүн жалган түшүндө жайык Куртканын өрөөнүндө ушул жай жаңы пайда болгон үч бөлмө имараттын көлөкөсүндө Байымбет тилке-тилке таарылган күлгүн жыты көңүлүн делбиреткен жыгачты жылмалай сүрүп, көрпөчөсүндө бирде сыпар тизелеп, бирде жалпак көчүк баса алектенүүдө.

Тонмоюндук кылууга дити даабады. Ким эле туулгандан бакисин билиптир. Жаркынбай, Кирише, Байтымбеттер так ысык үйдүн оранарасына бастырмалуу мал короо салышууда. Токмоктон көчкөндө кайын жеңесинин аманаты боюнча Шамшынын токоюнан сомдоп артына келген куу арчадан жакында көз жаруучу наристесине бешик жасатуусун көргөзгөндө, Кирише менен Чокундук ченеп, таарып, ата болгон соң, кечке бекер отурбай, одуракайларын жымсалдап бер деп жоңгуч, курч ийгини колуна карматышкан. Чу дегенде олуп, чолуп... бара түшө колу жатыга дегеле жымылдата тегиздөөдө. «Өзүм-

дүкү дегенде өгүз кара күчүм бар. Өзгөнүкү дегенде жатып алаар ишим бар». Аның сыңары өзүнүкү да. Анан калса жарыктык арчанын жибектей созулган назиктиги ай, бекем десе бекемдей, жумшак десе жумшактай. Ийнекей албарс ийги менен кандай иштетте, ныктай тартса чуңкурая, калкыта созултса жука жонула колунун да, козүнүн да курчун кандырууда. Бакисинен баланын жыкар жыты күн мурун, улам жаңы чамындысын үлбүрчөк жонун өткөндө бурк эте жүрөгүн болк туйлата сүйүнткөнүн кара. Алаканы менен жылмакайын сүртүп, окус бүдүрү же чуңкуру урунса тегиздеп, устачылыктын кумарына тартылууда. Тилке-тилке кесилген жыгачтын узуйураактары бешиктин үстү, боору астына сундурулат, кыскараактары, жукараак тилиништир, ийүүгө ийкемдүү, аяк, башына, ортолоруна алкактай көмкөрүлөт. Астына такта коюлат. Жыттуу арча бешикке Сейдеши экөөнүн жалын сүйүүсүнөн жаралган перзенти бойтоюп, үп салып аталап басканча, колу, бутун быйтыйта тыбыратып торолот. «Жакшы тилек жарым ырыс». Ошо жарым ырыска балкып күңгүрөнө:

Бала, бала балдырган
Сүйсө кумар кандырган.
Жок дүйнөң бар кылган
Карек нурун жандырган.

Колу эшилден көзү жайноодо. Тилке арчалардын бүт төрт кырын тең кол тайгылгыдай жымылдатып, мала күрөңүнөн жибектей шоодурата оңүнө чыгарып, ыпылластыкты аластоочу арча жытын буркурата көтөрүнүп, короонун бастырмасын жаап жаткандарга кудуңдап барды:

— Киреше тамыр, Жаркынбай чокундук, карагылачы, мен узапсам силерден өткүдөймүн, бүтүрдүм. Жарыктык арчанын касиетине аныш ишендим. Ийги тиер менен озү көшүлүп, жыпары ацкып, каалаганыңдай жонулат экен. Эл олуя. Жакшы буюмдарды — комуз, табак, аяк, кашык, мамы, алабакан, данданкүүнү бекеринен арчадан жасашпантыр. Уста иштегенде ырахаттанарын, урунгандар бекемдигин, кагелес жепилдигин, жыттуулугун жактыраарын маңги баш эми арац түшүнбодумбу. Арчадан бешик ымыркайды ыпылас жыт жыбырдан аруулап, умай энесиң түнөтүп аныш колдоочу болгудай. Устакелер, энтештирип, ийип, кадан баламдын бешигин бүтүрүп бере койгулачы. Түшкүло бириң, ордуңарга мен чыгып кол кабыш кылайын. Сейдешимди

зарыктырбай эртелеп жеткизейин Шамшынын арчасынан бешикти.

Тоголок Молдонун арчаны мактап чечекейи чеч жетпеналбай жалооруганы усталардын боорукерлик туйгусун козголтноспу. Анан калса Байымбетиц түшкүр, баласы боорунда тыбырап бешигине жатууга талпынгандай, мотуракайын алдейлеп «азыр, азыр каралдым, орус, кыргыз эки уста азыр жасай коёт. Жаткызам», дегенди туюндура колундагыларды селкилдете төшүнө кыскапычы:

Кана, кана, Чокундук менен Киреше
Турбагыла мени акыйтып тиреше
Паристенин иштп жакшы,
Бешик бүтсо ишиңер арбыйт он эсе.

Баарысы акындын кыймыл-аракетине, сөзүнө арбала куунак. Бастырманын устундары супулуп үстүнө чырпыктар тегизделип салынып аткан. Үйүлгөн чырпыктарды жерден Байтымбет экөөлөп жогоруга узатып жаткан Мария колун жацсады жогорудагыларга:

— Түш сен экөө тең. Калганын Боря бүтүрөт. Жора мончо жакса болот. А сен Гриша ырчыныкы бешик жаса.

Аялдын бүтүмү кыптыксыз орундалды.

* * *

Чокундуктун ой боюна койбой, коюн колтук кармашып сүрдүктүрүп зордукка салганынан улам «атайылап кийим жацыртып келсем болот эле» деп кыйылып жатып кирген Байымбет, мончонун жыргалына маалкыбаспы. Сырты тепейген менен ичи кадимки орус мончосу. Асты үстү тактай. Көнө түшкөндө астынан түпкү боорундагы ортончу, анан жогорку сересине көтөрүлө ысык бууга денесин жайылтып каткан терин бууланта «бах жыргал» деп ахалаганычы.

— Э, Тоголонгон Молдом, ахаладыцбы! Мындан ары жайдыр-кыштыр кур дегенде айына бир мертебе келип тазарып тур. Сууга чайынганга караганда мончонун касиети күч. Өзүц чыйтыйган, сыпаасыц. Тазалыкка мончо табылгыс дабаа. Куртка чөлкөмүндө, чоц болушуц Мусакожоңдо да мончо жок. Чыпбы? — Жанына чоц таштек толтура суу мелтилдете көтөрүп сырттан жылацач кирген Жаркынбай жапырылды. Ага көнүмүштой, кызацдап кирип чыга берүүдө.

— Жарапсың чокундугум. Болушуң үйүнөп даарат ушатып, үйүнөн жуунат. Мончо сенин гана жацылыгың буякка. Токмоктон түшкөн учурларым болгон.

— Анда, моминтип, чайканчы белец, ия, ха-ха — Жаркынбай күлдүрттөп, Байымбеттин башынан ылдый чакадагы муздак сууну шар куюп жиберди.

А деп энтиккени болбосо, Байымбет сергий да түштү.

— Жээ, эми чокундук, балжактабай. Өзүм ченеп куюнбайт белем. Сен оңбогур уят-сыйытың да жок чокундуксуң. Дардацдап эпеден туума мончоңдун эшигинин алдындагы токтоткон көлмөцө чуркап чыгып чүмкүп келип жатасың. Мен анте албайм. Акеси, кайрыцды чайыр кылба, дагы бир чака муздак суу жеткизчи.

— Ия! Өзүңдү тыбырата кучактап чыгып, көлчөгө оонатайынбы ыя! Тобо, киринген кимден, эмнеден уяласың. Көп болсо, ары-бери өткөндөр же сонуркап карап тургандар, бетин басып бурулар... Алар эмне, көрбөнтүрбү...

— Байкеси кулдугум бар. Жакшылыгыңды аягына чыгар. Жанагы шыпыргыңды да ала келчи бай болгур.

— Эх митайым Тоголонгон Молдом, апкөй тилиңдин мээри бар. Болбосо-о, «уялчаак ойрон» сени бакадай балтактатып маскаралайт элем — Жаркынбай таштектеги сууну капталдагы оюк очоктогу ысыгын таштарга чуу эттире буу бүркүп, чаканы колуна иле, каалганы тебе ачты. Ырас эле сырттан күлкү угулду. Заматта Жаркынбай мулжуңдап кайра жетти. Байымбетти сандап ары муздак сууга чыланган шыралжын шыпыргысы менен чаба, толтура чакадаганы дүп серпти.

— Сонуркаппы же умуттөнүппү, жарды-жалчылар самтырап эшикте толтура. Жылацач мени көрүп, кыраан каткы. Уктуң го,

— Уктум. Уятсыз чокундук. Деги аларга эмне деп бажылдадың. Коркутуп кубалаган жоксуңбу?

— Такыба, сопучалыш Тоголонгон Молдо ырчы түшүп бүткөнчө күтө тургула. Анан баарың чогуу жылацачтанып киринги ле. Кир-коктон арылгыла. Акы доолабайм. Бекер десем баталарын берип алкап күтүп отурушат байкуштар. Алар го жарды-жалчылар, батасынан болок берер эчтекеси жок. Сен куу ырчы, кур дегенде бекер сөзүңдөн бир ооз таштап койсоң боло.

— Оңбогон чокундук, ушу мончонун ичиненби?

— Анан эмне. Чокундук Жаркынбай Тоголок Молдо-

пу мончосунда ырдаткан деген сөз калсын, да ха-ха... бол дейм, бат! Болбос-со... Жинимди билесиң, тарбаңдатып сыртка апчыгам. Буу аралаш ысыкка денеси жеңилдеген менен каны балкып деми кысыңкы акын азга ой токтотуп каргылдацкы:

— Айтса айтпаса төгүнбү, сен ойрон жаттап ал эмесе:

Ой чокуңдук Жаркынбай
Чогоол эрсиң, дампылдай.
Жацылыкты арбытып,
Мончо жактың каркылдай.
Чолок этек болсоң да
Өрпогүң журтка артылды ай.
Көп мактанып баржактап
Кетире корбө баркынды ай.

— Жетти, жетти! Жумалак молдом, жумурдагы катқан заарыңдан өйдө арылдың. Энеден туулгандай аруулландың. Атаңдын акысы да калган жок менде. Муздак сууга чайын да, өозгу далиске чыгып, курганып кийин.

Байымбет кандайдыр оор жүктөн жеңилгендей кагелесине тартып шыпыйып сыртка чыкса... чын эле суктана жоодураган уяң көздөр ага жабалактап жапырт салам айтышты.

Бейтааныш туугандарынын ызатына ырчынын пейили жибип, алик ала ийилип баарына бажырайды. Малакай, курмушу калпак, куур шым, таар кемсел, чарык, кээси карга шыйрак жылацайлак сажал муруттары сербейген, жүздөрүн кир баскан жалчы жигиттер экен. Үндөрүнөн жылуу илеп атылта күүлдөгөн азаматтардын бул кейиптерин бузган салбырак кийимдерин, кир кабактарын көргөндө Байымбет зээни кейип, бирок аларга сыр алдырбай жайдаңдады:

Болгула дайым жигиттер
Болочокко үмүткөр.
Жаркынбайдын мончосу
Терди, чорду жибитээр.

Чоочуркап да, чочулай да таңыркаган малайлар күүлдөй жагымдуу жамакка зымпыйган сыпаа ырчынын негедир алардан жийиркенбей, теңине алган пазарына жубаныша, сыягы жакыр Жаркынбайдын «крестьян» аталып минтип оңолсо да, жерибей жан тартканынын шарапатынан ушинтти ниетте, жакындап тегеректешти.

Аңгыча каалга шарт ачылып, балчактан жылаңач Жаркынбай атылып чыкты ичкериден. Акыпдын буларга маек баштаганын туйган да жок, туйгусу да келбей, кош колдоп чатын далдаалай, самтырагандарга олунду:

— Мончо сууй электе киргиле, чечингиле, додойлор! Эмне үрпөйөсүңөр, коркпогула. Карабайсыңарбы, алдыңардагы Тоголок Молдо ырчынын мотурайып таптатып, таза болгонун. Силердин байыңар терицерди агызгандан болок, менчелик жакшылык кылбайт.

Тигилер бири-бирин түртүшүп, «сен башта» уялыңкы күйшолүшкөндө Жаркынбай ого бетер жиндене жабырды дейсиң:

— О, окпошкон кокуйлар. Мен уялбаганда силерге эмне. Арам тер, сасык жыт, кычыңардан тазарып, чоруңарды жумшатып, айбандай коңурсубай, алалданып алгыла. Мончого алдакы самсаалак кызыл жабарларыңар менен кирмек белецер, ыргыткыла буерге. Анан тоотпогон колукту, жеңе-желпиңер таңдансын...

Кылыя тиктеше, түртүлөшүп, качан Байымбет нарылаганда, үстүндөгүлөрүн кулдурата сыйрышып, булчуңдары чың карасурунан келген жаш денелери дүкүйгөн азаматтар күргүштөп мончого кириштн. Байымбет далдаадан, чечингенде чыныгы адамдык сынына чыккан жигиттерге сугун да, бугун да агыта муңайым телмирди. «Атаңдын көрү бок дүйнө. Оомал-төкмөлүгүң опуртмалуу. Оёндорду эсиртип баккан ушул муңбас, булчуңдуу эргулдар эмеспи. Колу-бутунун чору, маңдайынын тери кимдер үчүн. Ансайган сырт кейпинен ат уркчудой. Чечине келипсе, балкайган булчуң, чымыр дене, мыктылардыкынан коркпу. «Адамдын коркү чүпүрөк». Чүпүрөк. Качанкыга дейре интерман элдин жонунан качаар экенсиң».

* * *

Арча бешик койкоюп Байымбеттин төрүн ээлегени үйдүн коркун ачаар жаңы-мүлк катары сүймөнчүгү артууда. Айрыкча ургаачылар үй ээси Чүйдөн кочкөндө ырым катары жуктөнө келип, орус устасына жасаткан тилеги жакшы буюмду жылаңач каңкайтпай жасалгалоого ашыгышты. Коңур эне бешиктин астына чөнөп олпок, жаздык, боо-чуусун жасоодо. А келини, Сейдеш тумсак неме, чардайып, кыйналасың жөн отур дегенине жонбой, четин саймалап жибектен жабуу тигүүдө. Алар-

ды көрүп, төрөлө электе эле банырап «балалуу үй базар» кейпин кийгенине күдүңдогон Байымбет кол китебине жаңы жаңытма казалдарды чүргөн... кирип чыгып бүлосунон алыс бастырууга кежигеси кер тартууда. Анан калса, жайлоо менен жакалын ажырымы күчтой Саратан жайда серүүн жайлоого көлүккөн мал-жандуулар жакалын эгин-тегин жыйылган коцур күзүндо ого бетер шаан-шөкөт курун, айылчылашып, чардоодо. Кедей-кембагалдар жаз, жай ысыгында остүргөн эгин-тегининин асылын жыйнап, ээлеринин ороолоруна куюуда, салык тамдарына тоо каптарга тирей жыйып, тегирмендерге ун, талкан, шактарды салып, кышкы камын бүтүрүүдо.

Ара чолодо оно дыйкандардын тыцыраактары жармакташып, канка теңдеп атка жүктөшүп буудай, тарууудан «орүлүк» дешип, а көз каранды жалтаңдары баштык, куржунга торсойтушуп жондоруна көтөрүп «кепсен» дешип, жайлата жайлоодон катышкандардан дацкын эшиткен, сайы тууган Байымбеттин эшигине түшүрүшүүдө.

Мээнеткеч жакырларга жаштайынан чогуу өскөн акын алардын кең пейилине толкуп, дандаарыды. «Эл ичи кен деген ушубу. Көнчүлүк бирди-жарымды асырап алат деген ушубу. Жөрөлгөндөн, каснетиңден айланайын журт. Эл, журт. Жайлоодогулар менен жакадагы калайыктын айырмасы көл менен жердей. Жайлоодогу мартабалуу, бардарлар колдой чайналып, алакалары да тайызга тайыз, тереңге терең. Айламлалуу, иримдүү толкун — чарпымдуу, кубулмалуу. Бу каратаман кедейлер ысыкка да, суукка да чыдамкай, баарын батырып баарын көтөргөн, берекеге эсирбес, жутка мүцкуробос чыдамдуу жер сымал. Таман акы, маңдай тери менен күп көргөн, тагдырдан башка сыйынаары жок каалдаган карапайым кургулар. Кийим жартык, алакан, таман чор, баёо көздөрү куулук, шумдуксуз кимге болбосун пиене муцайым, жалооруган каректин терецинде гана келечек мүдөө — опасыз дүйнөнүн теңчилигин самоо жылт-жулт үлүцдогон, жоомарт кедейлерге канткени ылайык? Эч ашык созсуз «өрүлүк», «кепсен» шылтоосу менен топтошуп келишкен букаралардын ниетиндегисин боолголоодо. Алар анын кур батасына, алкоосуна таңсыкпы».

— Кара таман муңдаштарым, кызыл тилди кайран, дастандан зоок курсам ыраазы болсуңарбы — деди акыры.

Оюндагыларын ачыкка чыгара албай «өзүң тап» момурайышып араң турган букаралар баржакташты:

— Оозуңа май.

— Манас, Семетей, Сейтегин мүлдө безилдетет дейт.

— О, койсоңчу, аларды мыктыларга айтат. Биздей арманы арылбас шордууларга, муңубузду муңдап, күйүтүбүздү күүлөчүү кошок, казалдан сыздаса.

— Ой оңбогон Андаш, Толгонайыңды тарттырып ийген сенин арманыңды коншосо дейсиңби.

— Не болот эле. Тоголок Молдо кагылайыным, бекеринен бизди муңдаштарым деп жылуу сөзүн айткан жок. Калы мергендин аялына деле сай соокту сыздатаарлык маркум мергендин сөөлөтүн байдан артык көтөрүп кошок жазганын укkан жок белең. А балдарга, кыздарга укмуш казалдарды үйрөткөнү элдин баарына жайылбадыбы. Калыңын төлөп, тирүүлөй кокондук соодагерге Толгонайымды тарттырып, көксөөм суубаган мен шоркелдейдин муңун жалпы журтка маалымдап жазса, өпкөмдү сууруп берер элем... — деп Андаш оолукту. Сөөк саактуу каржайган, жылтыраган көзүнөн башка, бети колу дебей ныл кара, Андаш аталган жигит жана тору быштысына жаймалай жүктөп келген буудайды тапталк котөрүп түшүргөнүн баамдап, ныдай кара азаматтын мартгыгына жараша балбандыгына Байымбет таңданган.

— Андаш жабырба!

— Ооба десең. Калың калайыкка маалым, арылбас арманыңды акындын ыры басмак беле.

— Басат! Кур дегенде көксөөмдү суутуп эл оозуна тарап, айтылып калсын.

— Сен Андаш андай болсо, биртике тапкан малыңды Толгонайыңын Эрмекбай атасына калыңга жедирип өлгөн жоксуң. Алдакы тору быштыңды Байымбет ырчыга тартуула, арманыңды түгөл түшүндүр. Анан колкосупа жазып таратат элге.

Элден бөлөкчө өңүнө бап каржайган олбурлуу Андаш пыязы кемселинин төшүн далдайта ачып, кончу тизесин жапкан ийленген тери чокойлуу лакыйган чоң таманын жерди солк эттире солбуду:

— Мен жылаңач баатырмын. Берем эле Байымбетиме тору быштыны. Күйүтүмдү күкүктөй сайрап эле берсе болду.

— Бакылдашпай кепке конок бергилечи. Ыр, күү, пуска созгө жутап бүткөн шоркелдейлербиз. Кудайга шү-

гүр, Байымбетибиз бизди ылымсына теңине алганга тобо дегиле.

Кир кабактарын бырыштыра, өрүлүк, кепсендерин ыроологондорунан дагы, кожогойлоно уялышып жер тиктеген карала көздөр качан акын алардын көкөйүндөгүнү аткараарын айкындаганда жалтаң кургурлар жанданып баржакташкандарын көр.

Байымбет Андаштын кайгылуу тагдырын эшиткен. Мүцкүрөп, көздөн далдоо божүрөп бөккөн байкуштур деп ойлогон. Кыжыры кайнап, кыжынган ажарлуу кара тору, кызыл чийкил тоолуктардан айырмалуу нылга майлагандай ымырт эргул тура. Каргашалуу заманынын көп курмандыгынын бири Андаш курдашынын зарын зарлашып, бүт жамыятка жарласа, балким каргыш тамгасы катары кийинки урпактарга да жетээр.

Дыйкандар али өзүлөрүнчө «байдын ашын байкуш аяйт» болушуп Байымбеттин сыртынан өз бүтүмдөрүн бычышып кужулдаша беришти. Алардын кайым айтышы Байымбеттин кулагына угулган менен сапаасын Андаштын окуясы ээледи. О чай кайнамда тигилердин жарылдагы басылбаган соң, ортолоруна кысылган ырчы бакисине айланып тигиле колун бооруна алып шапк этти:

— Туугандар, мен силердин пейлиңерге, мамилеңерге торук болгум келбейт. Кечинде өзүңөрдөй кара таман кедейлер, катын-балаңар менен кененирээк бир үйгө чогулгула. Мыктыларга айткан Манастан баштап, шаам жеткенче башкаларынан да чөп башылай чырпуулап эрмек болуп берейин. Азыр Андаштан башкаңар тарагыла да, оокат-тиричилгиңерди тейлештирип көз байланаарда бирөөң келип мени апаргыла.

— Оомийин!

— Мартабаң өссүн!

— Ылайым кем болбо! — Күүлдөп-шаалдаша, жапыздана шүйүгөн кургандар, жакшы сөзгө жандары эрип жандана барандуу калдайышып кир, чор басса да берекелүү алакандарын арбайтыша бата беришип, шандуу узашты.

Байымбет Андаштан кичинесинен кудалашып калың откөргөн, бой тартканда антташкан колуктусу Толгонайынын сулуулугунан, Эрмекбай атасынын дүнүйөкордугунан, кыздын периштттыгына кызыккан Ысакбек деген бай соодагер кокондукка атасы сатып зордоп атказган ыза-кордугун жалгыздатып териштирди. Аны ке-

чинде чогулган кедейлердин тобуна баруусун отүнүп, толкундуу атказды.

Андаш. Андай ашык жарына жетпей зар какынаган жаштар бу теңсиз доордо сансыз. Адилетсиз заманапын залакасы далай ашыктарды боздотууда го. Дөөгүрсүгөн бай, манаптар карыган сайын, сууган денелерин жаш кыздардын демине, жалынына жылытууга, каткан карт көңүлдөрүн жибитип, кеткен жаштыгын жандырууга токолдукка калыцга сатып алып, теңинен көз корүнөө боздотуп ажыратып, Андаш менен Толгонайлардай армандууларды кай-кай жерлерде көбойтүп отурбайбы. Демек, Андаштын зары жанытма түрдө, жайылып кетчү жалпыга мүнөздүү апаат замандын жарааттуу окуясы. Үйүнөн анча алыс эмес, жапсардагы дарыя илебинин салкыпы урган жапайы теректердин арасына жеткенче акын күцүрөнүп толкун барды. Атын көлөкөгө байлады. Серүүндөй басып терек, кайыцга жөлөнө «Андаштын арманы» казалды обонго сала чубуртуп, дептерине нукуду.

Кечкисин топтолгон муңдаштарына сөз башы катары «Андаштын арманынан» муңкана обон созо окуду.

Тору жорго жетелеп
Тооруп келдим айлыца.
Тойбогон атаң берген жок
Мен кантейин Толгонум.

Кара жорго жетелеп
Кайгып келдим айлыца.
Как баш атаң берген жок
Мен кантейин Толгонум.

— Шоркелдей Андаштын анткени ырас.

— Как баш атасы оңбосун! — дешип шыпшыңгандар жагалданып да, жаалданып да, быкыран отургандардан төш жары бийик коркоюп, кара сур өңүнө көрк берген быжыгыр калтар сакалын уюлгутуп, агыш калпагын шацкайткан Андашка боор тарткандар чыдабай үн коштоодо.

Акын адепки түрмөктөрү угуучуларды дүүлүктүрө көпшогонуна демденип, тизесиндеги дептерин жалт аймай солкулдата жыбыльжытты:

Атаңдын аты Эрмекбай
Ысакбек чалга берчекчи ай...
Бухарада башайы
Кийип алдың Толгонум

Кокондуктун Ысакбек
Тийин алдың Толгонум.

Ай чырайлуу Толгонду
Алсайган улуу карт алды.
Малын берип айрылып
Сенин курдашың Андаш кур калды...

— Өх-х!

— Атаңдын көрү шум дүйпө!

— Жеке Андаш, Толгонай бекен, тирүүлөй ажыраш бой боздогондор көп о?!

Кацырыктары түтөп ырга аралжы болгондорго Тоголок Молдо тыным жасап, аракети сая кетпегенине топуктанууда. Дымып тыңдагандардын кээси көздөрү коюуланып, а түгүл кыз-келиндердин айрымдарынын өпкө-боору коон, тымызын солуктап, кирпик ымдагандарын чалдыктырды. Андаш гана жаралуу жолборстой комдонуп, ызалуу карегин чакырайта акындын кийинки создорү кандай айтылышын күтүүдө..

Эрмекбай атаң чыр кылды.
Эстөп кеткис сыр кылды.
Акылымдан айрылып
Момунтун атпай журтка ыр кылды.

— дегенди укканда Андаш обдула кош муштумун түйүп, чоюн чочмордой салмактуу кезеп, кыжырлуу олунду:

— И-э, акын болбосоң коё кал. Кептин төркүнүн таптың. Ач көз атасын аябай дал келтире кордоп, өчүмдү алып бердиң. Толгонайым каназдагы, колго түшкөн бөдөнө. Анымда айып жок. Көрсөм коксөм суур беле. Дагы айтаарың барбы, опкөмдү чабайып акыным.

— Кантсин кургур.

— Өчүмдү алып бердиң дегени ырас.

— Октон жараланган айыгат, сөздөн жараланган айыкпайт. Ыр тараса, Эрмекбай как баштын жегени желим, ичкени ириң болоор.

Ырынын ар түрмогу пикир коншоп, талкуу чакырганга, Андаштын «Кегимди алып бердиң» деп капиеттенгенине кубаттанган акын, ашык жигиттин шагы сынып, намысы тебеленсе дүрмөтүндө махабат чогу, эркиз сатылган Толгонайын суубаганын күкүк дөштөнө шацшыды:

Улуу тоонун боорунан
Улар болуп чакырсам
Угар бекен о Толгонум?!
Кара тоонун боорунан
Карга болуп чакырсам
Карар бекен о Толгонум?!

— Ап баракелди! Сөз төрөсү эми алчы конду!

— Андаш шордуунун ошентип зар какшаганы чын да.

— Өчпөс жалынды тутанткан акын тилин айт.

— Тоголок Молдом, сен жардынын муңун мундасаң, сени кудай жалгасын!

Толкуган эл күргүштөп обдула, жашыганы андан, ызырынганы мындан жапырт калдайып бата берээрин туюп, Байымбет тилдүү дептерин булайта булгалап, акыркы өчпөс доо, кетпес кекти түйүндөөчү соцку сабакты калкытты:

Тору айгыр миндим жол жоктон
Токмокко кирдим мал жоктон
...Мен шаардан келгенче
Коломтодон кор чыкты.
Кокондуктун Ысакбек
Толгонума зор чыкты.

Байымбет дептерин жаап, жайланайын дегенче, Андаш атырылып тура, алдындагыларды жөөлөй, аттап буттап ага жетип кучагын жая баркылдады:

— Алтын шилекей арачым! Болот калемдүү болушаарым! Тору быштым тартуу. Минип кет, кагылайының. Эрмекбайга жедирип деле өлгөн эмесмин! — Андаштын эт, жүрөгү болкулдай акынды көпкө коё бербей, көкүрөгүнө кысып, жалгыз тору быштысын тартуу оозанып жалбарганы жеке өзүнүн гана эмес, бакисинин алкоосун билдиргендей тегеректеги нымшыган карагат көздөрдү жабалактатууда.

Байымбет болжогону кароолуна жеткенине канааттана жайдандады:

— Торунду тооруп алсам залим болбоюмбу. Бир ырга бирден быштыөндүрсөм тез эле марып байыбаймбы. Ырды унутуп, мал бакпайымбы. Чириген байлар да сенчелик марттык кыла албайт. Пейилиңе тойгуздуң Андашым. Өзүңө буюрсун мингичиң. Ыраазымын. — Тамылжый кулачын жыя кетенчиктеген Андашка, тегерене көпчүлүккө ийилип таазим эте жаркылдады.

— Силерге, элиме жетти. Калың журтка жайылса, акыбетим кайтканы ошол.

— Идиректүүлөр илип, жаттап да калгандыр.

— Жазууң өчпөйт. Окуп жайылта жүрсөң өзүң.

Каныштан Кашкары улап суурулуп, акыңган моюнун жуткунтту:

— Молдоке, «Андаштын арманын» толук көчүрүп, укмандарга угуза, кат тааныгандарга каттай таратам.

Баятан сөзгө аралаша, таамай акылдуу сүйлөгөн жамаачылуу кементайчан, көөнө саңсаң тебетей ак сакал, бүкүр алаканын жая өйдө козголду:

— Калайык, жакырбыз деп жабыкпагыла. Силердин муңуңарды муңдоочу, кегиңерди кектөөчү, октой уулуу зилдетиң жүлүндү көзөөчү өткүр созу менен атылып, өнбөс очүңөрдү алчу акыныңар Байымбет уулумдун өмүрү узак, калеми курч болсун! Оомм-й-нн!

Эркек, ургаачысы, улуу кичүүсү дебей мүлдө акынды алкай, бир үндөн күүлдөштү. Байымбет күчтүү толкунга сөпилип, канат сермей бийикке кайкыгансыды. Букара делинген бу туурук кол жупуну журттун ак дилинен дүүлдөп алкоосу, мартабалуулардын кааласа курулай ооз учун күбүрөтүмүш этип, каалабаса, дымып, «бизге зооктукка жарайт экенсиң» деп манчыркап тим болгондорун далай байкаган акынды чындап шерденттти. Күрсүнө тамагын жасап, коломочтопуп жецилдене:

— Калайык жайланып отуруңуздар. «Андаштын арманынан» делебецерди кичине козгоп койдум. Эми чачылганды чогултканы, үзүлгөндү улаган «Манас», «Семетей» баатырлардын дастанынан таштайын.

— Оозуңдан айланайын.

— Ак эткенден, так этип эңсегенибиз «Манас» эмеспи.

Заматта тынчтык уюду. Байымбет төрдөгү сейпейген азыноолак, жацы, эскилүү жүккө жөлөпө, капкара көрпө көлдөлөңгө кызыганда чөк түшүп, сыңар тизелей, мандаш токуна, обдула, кетенчиктей, окуяга жараша ар кыймылга эргигидей мүмкүнчүлүгү бар жумшак орунга калбээт чөк түштү. Өтө жакыр эмес дыйкандын кең үйүндө, ачык эшик, түрүлгөн туурдуктан сырттан да жабалактаган ыймандуу дидарларга Байымбет каердеп, канчалыкка дыр коюуга ойлуу, туурдан учаар түйгундай ормоё телмирди. Акыпга сырдана, шакирттикке шыноорлой, үйүндө да, аттанганында да жандроого дилгир Кашкары шыбыштап алдырган арча чойчөктөгү сары майды, арча кашыгы менен алдына койду. Эт бышым дем албай эргигенден эргип, күчөгөндөн күчөп кубулжу-

та үп кыймылын жуурулуштура талыбаган дастанчынын таңдайы кургаарда, сары майдан илип көмөкөйүн жибитип туруусу өткөн зор жомокчулардан берки жөрөлгөсү.

* * *

Айыл-айылдардагы жүз башы, старчындарга, бийлерге чабармандар, жасоолдор колоктой чапкылап... жакындарына жампая түшүп бозо, чайын ичип шашыла, орго жолдогуларына атайын токтолуп казан асканына күтүп, алыскыларына ат арытып зорго жетип, коно өргүп, жалгыздата чоң болуштун жашыруун жардыгын жобурашууда.

Ошо чабармандардын бири Чоң-Арык айылынын билерманы Карала бийдикинен аттанып жапсардын секисинде торсойгон жаңы тамдын каалгасын каккылай:

— Ой, үй ээси чык берилеп бакылдады.

Көрпө тебетей, таар чепкен Байтымбет дампайып боргулданып суурулуп чыга, салам айтып атын суулуктай:

— Түшүңүз,— десе, оозунан бозо буркураган чабаганчы атынын башын кетенчиктете тартып, бүктөлүү камчысын кезеди:

— Чолоом жок иничек. Тоголок Молдонун өзү тез чыксын! — Момурайган инисине «жок деп жашырбасын» деген ниетте шектене, кайрадан каалганы камчы учунан такылдата бакырды:

— О-у, Тоголок Молдо, чык тез!

Сырттагы чыкыроонго үйдөгү жылуулукту буулантпа, көрпө ичигин желбегей жамынып, илбээсин бөркчөн Тоголок Молдо шашыла босогону аттаганда, атчан канжыгасындагы куржундан таңгакты сууруп:

— Мэ, молдо немесиң, чоо жайын окуп түшүнөорсүң. Өз колуңа табыштадым. Милдет-сабыттан кутулдум. Саа бөлөк айтаарым жок. — Башка ыз-мызга келбей, Байтымбеттин колунан ойноктогон атынын суулугун булка буруп, таскактаткан бойдон жөнөдү.

Иниси делдейип, сыр көргөзгөн чогоол чабаганчынын сонор карды сапырылта узаган караанына жинденип да, таңданып да тигилгенде, агасы баалу таңгакты көтөрүп, жылуу үйүнө шашыла кирди.

Оролгон таңгактан газеталарды, бирин-экин китеп, журналдарды аңтара Байымбет кагаз, басма боёкторунун алда-немедей жытынан кандайдыр түпкөркү шаарлардагы жаңылыктардын жышаанын искөөдө. Бөлөк-бө-

лөк ирээттен кайсынысынан баштаарында үч бурч, тумарча бүктөлүү кагаз кылдырт сойлоп түштү. Кайдан? Кимден? Окуу, илимге каткаксыган курган, ашыга тумарчаны жазса, өзүнө багышталган кат.

«Азиз достум Байымбет молдо, амансыңбы? Жакын туруп көптөн бери көрүшпөй кеттик. Уккан чыгарсың, мен чоң болушту коштоп, жигит жалаңдары менен ичкериге барып келдим. Кыжы-кужу дүмөктөр. Жай кезиккенде баарлашаарбыз. Сен туурасында да сөз козголгон. Билбейм. Кайра унчукпай калды. Болбогондо топко сен да кошо бармаксың. Ара-чолодо экөөбүз божурашып жыргабайт белек. Анда өзүң таанышып, өзүң мындан да көптү жүктөнүп келмексиң.

Чоң болуш сени айлыма көчүртүп келтирем деген. Кыязы, Бошкой чагым салдыбы. Деги саа Бошкөй тишин кайран жүрөт. Биз менен чогуу барып келди. Сак бол. Бирок, кыйчалыш түйшүктөрдөн улам, кайра эскертүүгө чололору тие элек. Тынч, чарбаңды жайгаштырып жата бер. Сага дубай салам аркылуу, көптөн акыйган казал, окуялуу басма жаңылыктарын атайлап жибердим. Мурдатан тааныш Мукими, Фуркаттардын жаңы, курч шъерлеринe, орус акындарынын котормолоруна канаарсың. Ошо өзүң жактырган өзбек шъерлеринен кем соклогон казактын Абай деген даңазалуу акыны чыгыптыр. Абай акын Чыңгыш тоолук журтуна ооздон оозго жатталган обондуу ырлары, колмо кол тараган жазма казалдары, адилеттүүлүктү көздогон акылмандыгы аркылуу залим атасы Кунанбай султандан кем эмес атагы жайылса да, мына кыркты кыоулаганда эми гана казакча «Дала уалиятына» түрмөктөп өлөңдөрүн жарыялай баштантыр. Өзүм менен чогуу окуган илимдүү казак азаматынын жардамы менен атайын сен үчүн кийинки эки жылдын ичиндеги Абайдын өзүнүн жана Мукими, Фуркат сыяктуу орус акындарынан которуп жазгандарын баскан кезиттерди чогултуп ала келдим. Шашылбай оку. Казак досумдун мактооно караганда Абай атасы султан Кунанбайга каршы, орустарга жан тарткан, орустун илимин, өнөрүн өздөштүргөндө, орустарга ынтымак жашаганда гана калкты карацгылыктан жарыкка чыгарабыз деп ачыктан ачык өлөңүн, сөзүн жардап чыгыптыр. Абайдын ошол ойлору жазгандарында да бар имиш. Толук окууга чамам жетпеди. Кичинекей дептерчеде Абайдын өлөндөрүнөн көчүрмөлөр да бар. Анын баарын өзүң талдап байка. Абайдын өлөңдөрү жатык жана жетик.

Сенин мүдөөңө бан келээр. Достум, саа ичкериден базарлыгым ошо. Сагындым. Өзүм барып, же сени чакыртып жайма-жай табыштасам десем таксырым карыш жылдырбайт. Чоң болуштун тыяктан түпөйүлдөнгөнүнө кошул-ташыл быяктагы ыдык, жаат тиреши, мал тийиши күчөптүр. Кайта-кайта кеңеш куруу, камынуу, ичкериге түшүндүрмө арыз, наамэ жазуу, зым уруу түйшүгү арбып, менин колумду байлады. Булардын түрүнө караганда жаңы аламанга, калайман кошкудай. Бизге эмне. Дүмөк өтөөр, кетээр. Сагындым достум. Өзүбүзчө баарлашаарбыз, баары ичинде болсун. Тобо деп, толкунданып окуп, жазып мени күтүп жата бер. Чолоом тиер замат жетем. Коно жатып чер жазууга куштармын. Сейдеш аяшка салам дуба. Баса, бешик бооң бек болсунду качан айттырасың. Балаң төрөлгөндө сүйүнчүлөп киши чаптыраарсың. Күтөм. Хайыр, көрүшкөнчө. Букарбай досуңдан деп бил».

Букарбай аныс достугун билдирди. Атайылап чыгынып, ичкериден иликтеп, жүктөнө келип, ыр жандуу кургурду алтындан да баалуу кутка тундурду ээ. Түшүндөгү аяң өңүндө аткарылганга кубанганынан алачакмактаган Байымбет калаадан атайлап базарлыкка апкелиягген газета, журнал, китептердин ар кимисин кармалап, чөп башылап, кумары таркабастай. Деги, Букарбайы дубай салам катында безилдеп көкөлөтө чалган Абай акынга назарын бурсунчу. Антпесе аны-муну аткый берип, убакытты уттурчуудай. Тыяктан Абай өлөңү басылган «Дала уалияти газетинин» сандары бир ыңгай жыйылган экен. Кеберсиген ачтын астына дүйүм даам жайнагандай ар кайсынысынан соңуркап өзү аралаштырып ийиптир. Кайрадан чылгый Абай аты барларды чогултту. Алиги «Абай өлөндөрү» деген көчүрмө дептерчени да тапты.

Дегендей, Абай обондору ырдап окуурлук элпек дагы, өзгөчө жандуу, элестүү дагы, Байымбет өзү ырды айрыкча баалаган сөздүн мөлтүр төрөлөрүнөн курулуптур. Дасыккан, өлчөмү да, көркөмү да жумуру келишкен сөздөрдү ширөте жууруган накта зергердиги улам башка ар кай ырынан Тоголок Молдонун купулунан ашып ташууда. Ал кайта-кайта тамшана тирмейип. Абайдын эки ырына өзгөчө көңүлү ташый, жаттаганча окуй бергеничи. Биринчиси — Тоголок Молдонун дал далиндеги ырдын башка создордүн куту экендигин таап, келиштире кооз чегээлегендиги.

Өлең-сөздің патшасы, сөз сарасы,
Қыйыннынан қыйыстырар ер данасы.
Тилге жеңіл, жүрекке жылы тиіп,
Теп-тегіс жұмыр келсін айланасы.

Бах! Кудуреттүү ар акындын кароолго мээлери ушу да. Сөзүң сая кетпегендей, уккандын, окугандын көңүлүнө бүлүк салып оштонтоорлук, ойлонтоорлук таңдайына татып, чаңкаганын кандыраарлык, түбөлүк жүрөк күүсүнө айланып айтылып калаарлык болсо.

Мыктыларды мактап тоңто ырдап, мал таап жан бакканы өзү жек көргөн Калмырзадай, Бошкойдой күн карама жойпу ырчыларды Абай да келекелептир.

Кобыз бен домбыра алып төңто сарнап,
Мактау өлең айтылты ар кимге арнап.
Ар элден өлең менен кайыр тилеп,
Кетирген сөз кадирин журтты шарлап.

...Өлеңге аркимнин-ак бар таласы,
Сонда да солардын бар тандамасы.
Иши алтын, сырты кумис сөз жаксысын,
Казактын келистирер кай баласы..

Экинчиси ашыктык ыры:

Айттым салем, калам кас,
Саган курбан мал мен бас.
Сагынганынан сени ойлоп,
Келер козго ыстык жас.

Сенен артык жан тумас
Туса туар, артылсам.
Бир өзиңнен баскага
Ынтыктыгым айтылмас.

...Сиз кыргауыл жез канат,
Аш бетинди, бер карат.
Жакындай бер, жуыктап
Тамагынан аймалат...

Сыягы Абайын түшкүр, өзү ашыклык сээрине чалкыган керемет адамдай. Арийне, өзү сүйө билген мээрбан жан гана махабат сырын келиштире, ар ким арзыгыдай куду Абайдай ырдайт.

Абай. Жан, дил кенчи бай бу жаңы тааныш казактын Абай акыны Байымбетке колтукташ жүргөн пикирлеш жакынындай туюлду. Байлыктан, бийликтен өнөр-

кесипти, акылды жогору баалаганы, бей-бечарага жан тартканы,адилеттикти коксогону, кара чечекей өз атасын баштап жемекей зулумдарды жектегени, орустардын залим төрөсүн эмес, ак ниеттүү илимин, өнөрүн жугузуу азаматтарына достошуп, элине жугузууга умтулгапы, махабат эркиндигин, кооздукту даңазалаганы, Байымбеттин араб, фарси, түркү тилиндеги жалпы эле байыртан берки чыгыш акылмандарынын, акындарынын кенчине сугарылганы, так өзүндөгү далаалатка өзөктөш, таланташ турбайбы.

Алыскы Ала-Тоолук кыргыздардан Россияга алда канча чукул, а тургай тыягы Оренбург, быягы Омбы, Семей чектеш, таланташ казак туушкандардан Чокон Уалкан уулу, Ыбрай Алтынсары, Абай Кунанбай уулу өтдүү орустун жугумдуу таалимин алган окумуштуу, жазгыч шимерлердин орногунун мисалы, Тоголок Молдонун ой толгоолорун оргуштатканычы.

Кайран Ыбрай Алтынсары... Торгой, Оренбург жергесинен эрте жетилип, кырк сегиз жашында эрте жайрады. Кыйыры чексиз жайылган казак талаасынын чыгышындагы Чыцгыз тоо жакасынын алыскы булуңунан Алтынсарыдан төрт гана жаш кичүү Абай созолонун чыгыптыр. Казактын үч азаматы биринин изин сүүтпай улап көкөлөткөну дурус жоролго.

Ал үчөөнүн мүдөөсү, жазма үлгүсү, туйгусу Байымбетке жакын, жагымдуу. Тили, жашоо, үрп-адаттары окшош, жаздыкта баштары, өндүрдө малдары бирге эки элде шайырлар азбы. Анын далайын кордү, укту, окуду. Арийне, шайырлардын баарын бирдей жактырбайсың. Бир даарына көөнүң эрисе, бир даарын жерийсиц. Алтынсары менен Абайларга эрибей койбойсуң. Ал эми казактын айрым ырчы-жыраулары менен кыргыздын кайсы бир «акылман» ырчыларынын үп алышын «акыр заман», түшүрүп элдин үрөйүн учурушун Байымбет кандайдыр кабылдабай купуя кыжырланууда... Орустардын келишин акыр замананын башталышы деп жардагандарына анчейин акылы бакбайт. Молдо Нияздын кол жазма санаттарында калайыкты дин, шарият жосундарып ыйык тутууга алла тааланын амирине сыйынууга үндөгөнүнө чала-чарпы ынанымы жетер-жетпей шектенет. Өцгө, өцгө Байымбетти көзү менен көрүп, угуп, окуп, туйган аламан доордун чындыгы өзүнчө ой жүгүртүүгө, жыйынтыкка келүүгө мажбурлоодо. Орусиянын ак падыша, төрөлөрү менен казак султандары, кыргыздын ма-

наштары максатташ, калыц элди талап, канын соргон жырткычтар. Акыр заманчылар өз бай, манап, султандарын мактап, орустарды баштан аяк жектеп кыямат кайымды элестетишет.

Орустун орусу бар. Колтукташ бирге жашап, кол кабыш кылышып, бирге өнүгүүнү каалаган, бийлөөчү мыкаачыларды жактырбаган Васил Фрунзедей табын, Поярковдой окумуштуу, Фетисовдой багбан, Кирешедей усталар, дыйкандар кончулук. Алардын жардамын, ак дилин көрүп, билип туруп Байымбет канткенде орустар акыр заман анкелди деп үркмөкчү? Теңдик доорду дагы өшол оцкойгон орус эргулдардын түпкөрүдөгү көтөрүлүш чыгарып, алыскы шиберге сүргүнго айдалгандарына басынбай, кайра алардын кегин кектеп, нааразылыктарын жыйындарда, басма создордо ачык жардаган окумуштуу, ишчи өкүлдору анкелет дегенине умуттонсо болоор. Ак падыша менен хан, султан, манаптар жоголсо, жакыр заман оцолсо, орус, кыргыз, казак, өзбек ар уруу адамзат азаттыкка жетээр күн туур. Кайдагы жок, диндеги опузалуу «акыр заманды» чакырып маңыроо калайыктын үшүн албай, умуткөр кылууга, арыз-арманын жардоого үндөө абзелдүүдүр. Теңдик доор. Эзүүчү, мыкаачыларды жоготуу Байымбеттин мүдөөсүндө калкыса да, качан, кантип деген олчойгон сурооно ачык жоон таба албай акындын көзү мунарыктоодо. Букаралардын каршылыгынан, нааразылыгынан, кыянат айтууларынан балким зулумдардын пейили оцолоор. Балким, түп кипдик шаарлардагы ишчи, жакырлардан, жалпы элдин талымын көздөгөн акылман, ойкөл, боорукер жаңы падышаны такка отургузушаар. Балким, үстөмдүк кедей-кембегалга тийип, зулумдардын казына-байлыгын, мал-мүлкүн калайыкка чачып «Кедейкандын» заманы орноор. Эгерим, молдолор элди алдаган «кой үстүнө торгой жумурткалаган» бай, жардысы дебей баарысы бирдей жыргаган байкерчилик доор өзүнөн өзү асмандан даяр түшө койбос...

Киреше жасап берген тепегей тегерек үстөлүн басма, жазма кагаздарга додолонтуп, канча күн окуп, чиймелеп ойлонуп айыгышкан доор мүшкүлүнүн болочогуна түйшөлгөн акын пикирлеш кимдир бирөөгө жолугушууга бугу артып козголду.

«Эл тагдырына сабылбаган акын акынбы? Ба, жардысыз текши билимдүү, жетиштүү, оокаттуу азатчылык жыргал доор мээрбан, адилет акындардын, акылмандар-

дын, баатырлардын качантан берки мүдөөсү. Жердин жети катар түпкүрүндө жүрсөм да адамзаттын кечээкиси, бүгүнкүсү, эртеңкиси жүрөгүмдүн толтосунда, кылымдын чабытында, болот калемимдин серпиминде. Элге жеткен жерге жетет. Мен санаамдагыны дептерге алтындан чегээлеген кылычтан бекем болот калемимди жаным, чөгөрүүдөмүн. Букарбайдай, Кашкарыдай кат тааныган шериктерим аркылуу жаямын. Колдон колго, элден элге өтүп, жергемди чалаар. Качандыр калайыкка кеңири тараар».

Күнү түнү күжүлдөп мынчалык шыктанып иштеген эместир. Жаңы тамдын, жаңы столдун шарапатыбы? А мүмкүн көп окугандыктын, көбүрөөк ой толгоонун касиетидир. Мүмкүн, жерден жер кезип, элден эл кыдырып жүрүп «Көп жашаган билбейт, көптү көргөн биллеттигинендир», мүмкүн «кайда болбосун Мамайдын көрү» дегендей кайда болбосун байга каршы кул, жарды, дөөлоттүүгө каршы ачык айыгышка чыга албай кыжыры кайнап өнтөгөн азаптуу дүйнө жөнүндө акыл токтото, акындык ажаатчыл доошун созуу дарамети жетилгендиктендир. Эл тагдырын, замана мүшкүлүн өзүнө кабылдабас, түйшөлбөс акын, акылман болбос. Казак, кыргыздай алигиче жалпы биримдиги жок эл чандадыр. Казактар улуу, орто, кичи жүзгө бөлүнүп, анан ич ара урукурукка топтолсо, кыргыздар оң менен солго бөлүнүп, анан урууларга ажырайт. Жалпы элдик, улуттук сыймыкты чакырбастан, ар уруу өз ураанын чакырып, өз тамгасын колдонот. Сарбагыш жагалмай тамга, солго айтамга, саяк керки тамга, саруу көөкөр тамга, бугу менен азык жаа тамга, карабагыш босого тамга, кушчу чака тамга... А жалпы кыргыздын улуттук тамгасы жок. Ар уруу өзүн чоңсунуп, башка урууларды басмырлап, жер талашып, мал тийишип, кызыл кыргын чабуулдар ушу тапка дейре токтолбойт. Сарбагыш менен бугунун баш манаптары Ормон менен Боронбайдын кыргыны ааламга маалым. Мына жакында орус келгени, Умөтаалы, Боромбайдын ээлеген жерлеринин чектери бөлүнүп, аскер колунун күчү менен тыйылды.

Орусияга кошулганы чатакчыл манаптар падышачылыктын тартибине көнүп, кичине тындым учуру. Ошентсе да, кыргыздардын жалпы мамлекетке баш кошушун падышачылык да каалабайт, кыргыздын уруу манаптары өзүлөрү да түп борбор күтүп биригүүнү ойлошпойт. Байымбет озү кыргыздын канча урууcун аралап, бий-

лик туткасын кармагап акимдерин көрбөдү. Ар кими өзүнчө ажаан. Өз уруусун гана көкөлөтүп, өз коломтосуна гана чогу додолошун каалайт. Жалпы элдик ынтымак, биримдикти түйүндөгөн кими бар? Жумгалдын Чынысыбы? Жок. Тынайдын Сооронбайы, эмки Дүрүбү? Жок. Солтонун Байтигиби? Жок. Нарын саяктарынын Мусакожосубу? Жок. Адыгинепин Алымбегинин жесири Курманжан даткабы? Жок. Угумунда калган оң, сол урууларлардын мыктыларынын баарысы окшош. Ар кайсысы өзүнчө бек, өзүнчө дөө, шаа болгусу келет. Кош Кемин сарбагыштарынын баш манабы ак падышадан кол башчы торко тонун кийген, чен тагынган, Мекеден ажы болуп, селде оронгон Шабдан баатыр, атасы Жантайды туурап кыргыздын ханы аталсам дейт. Атасы сымал эле же курдурган шаары, ордо, чеби жок. Куралдуу аскерди, мамлекет казынасын, мекеме, окуу жайларды, басма өнөрүн, эл аралык элчилерин, соода сатыкты жөнгө салалбады. Кош Кеминди кыштап, жайлап көчүп, падыша төрөлөрүнө кадыры өтүп Ташкен, Верный, Токмок, Пишпекке тез катышканы, амалдуу акылмандыгы дебесе, ал Сарбагыштын эле көзүрү бойдон. Төрөлөр анда-санда анын кадырын көтөрүш үчүн кийин-соң кыргыздын оң, сол уруусундагы чатактарга аэрчите барып, же өзүн элчилике жиберип жүрүшөт. Адыгинепин Алымбегинин тулу Алайдын ханшасы аталган Курманжан даткага кокондуктардан чыгып Орусыяга түндүк кыргыздардай эле куралсыз кагышсыз кошулуусун өтүнтүп элчиликке жиберген.

Шабдандын ичкериге чукул, ынгайлуу жерде тургандыгы да өбөлгө болуу керек. Иши кылып Шабданды кыргыздардын жөн билги баш манабы катары ак падышанын төбөлдөрү зарыл учурда Алайга жибергендей кыргыздын башка урууларынан элчиликке, өкүлдүкко гана пайдаланып «кыргыздын ханы» деген ооз жүзүндөгү апыртмага маани беришпейт. А чындап Шабданды хан көтөргүсү келсе, ак падыша кыргыз мамлекетин түзүп, түп борборун Пишпекпи, Токмокпу бирөөнө орнотуп, хан сарайын курдурып, отургузбайт беле. Аскерин, мекемелерин, вазирлерин, казынасын түзбөйт беле. Падышанын митаам саясаты уезддерге бөлүп, Анжиян, аркага чарк ургандай аралаштыра биринен бирин алыстатып, элдиктен мурункудан ого бетер ажыратып атпайбы.

Шабдан. Токмоктон эки мертебе дидарын чалдыктырган. Дайым шалдуу көрүнгөн, ажардуу адам. Шабдан-

дын Токмоктогу катыш ашынасы Шарафуддун Муддарисинин ак падышанын төрөлөрүндөй торкосун кийип, мүрүсүнө чачылуу чөнүн тагынган учурун, кийин ажынын чапанын курчанып, ак селдесин чалынган эки түрдүү көйпөн көргөн. Зоболосун көп козунчо которуу үчүн март, берешендик жасайт дешет.

Өз кулагы менен уғуп, дааналап таанығын айыпсыз акындыгын улуктарга жасакерликке багыштап азгырылган айтылуу Калмырза жан жокорлөрүнүн коштоосунда Шабдан Мекени беттеп баратканда, Токмоктун үстү Бурана чеңден артынап сабап жетип, кыйгап жандай берип жойнулана шаңшыптыр:

Баатыр Шабдан кеменгер,
Аман барып аман кел.
Ак боз бээни жүз сойсо,
Атын Шабдан жүз койсо,
Оң менен солдун ичинен
Асты чыкпас сендей эр...

Анысы аз келгенсип, алыскы опуртмалуу Мекеге сапарчылоодон окус шейит кетсе, «башка уруулардын күнү кантет» — деп, алардын манаптарын кемсинте ырдайт.

Ошондо Шабдан садага жолдугупа мактаган Калмырза ырчынын алаканын акчага ысытқан имиш. Өз чөнтөгүпөн берип атыптырбы. Элден жыйылган акча, мал, дүнүйөнү «март» атыккан дацазасын түшүрбөс үчүн жасап көнгөн адаты да. Демек, башка уруулардын манаптарынан дацазасы, кадыры артык Шабдан деле Сарбагышынан, анын ичинен Атаке уругунан болок, жапырт журтчулуктун башын кошууга ураап таштап ачык чыга албады. Падышачылык аны анттирбейт дагы. Ыксыз уруу билермандарынын биринен бири менменсипишип, ич ара ыйкы-тыйкы чатактарды териштирүүгө жер ортолой чогулушуп, топ өткөрүп, бүтүм жарыялап, элдик салт оюндарды, эр сайыш, ат чабышты баштап жүргүзүмүш этип, кур, сыпайгерчиликтен сыйлашымыш этип, а чынында күч сынаша балбан, комузчу, жомокчу, ырчы букараларды тамаша чегип мазактап, жыйынтыгында ыптымакка келе алышпай күчтүүсү басмырттап, чабалыраактары таланып тарагандары Тоголок Молдонун жүрөгүн өйүп, кыжырын кайната калемине күчүн чыгара ойкутту. Уйкусуз түндөр, тынымсыз күндөр ырксыз кыргыз элинин турмушун, тагдырын элестеткен көлөмдүү ыр жанытма казалдан удаа-мудаа экөөнү жаратып, жа-

пын жеңилдентти. Биринчи тамсилин «Жер жана анын балдары» атады. Аңдабаган жанга кадимки биринен-бири кыйынсынган жамгыр, суу, шамал, оттун айтышы. Акыры анын баарын өз кучагына тарткан жер аларды жайкап ынтымакка чакырат:

Балдар сөзүм угуңар
Кулак салып туруңар.
Ырас жери мактанбай
Бир ынтымак кылыңар.
Жол талашып урушпай
Ынтымак болсун тобуңар.
Ынтымактуу болсоңор,
Ошондо болот жолуңар.

Түшүнгөн пенде жанытманын жандырмагын дароо табат. Жанытмадагы жер — баарыбыздын туткабыз, колдоочу сыймыгыбыз мүлдө кыргыз эли эмеспи. Балдары уруулар, алардын башын мычкыган көзүрлөрү — манап, бийлери го. Экинчи жанытмасын «Куштардын ачгемеси» атады. Боз (кургактык) куштары менен суу куштары чоңунан Тоодак жана Куу баштаган жазыксыз макулуктарды кичинеси короолу, жарганат, чулдук, кашкалдакка чейин аты жөнүнөн чакыра чогултуп... булбул чечен сайрайт. Ийри тумшук, курч тырмак душмандары көбөйгөнүн, бүркүт, буудайыктан, жагалмай, турумтайга дейре сансыз жырткычтарга, бөполоп баккан атасы Үкүнүн тошүн текөөру жетилгенде оюп жеген Карчыгадай канкорлорго, бөйдө жем болбой, чогуу жашап, сууну паанапап коргонуп, ынтымактуу турууга чакырат.

Кырсык бизди торгоду
Жырткычтар бизди койбоду.
Четке чыккан жан болсо,
Бири да аман болбоду.

...Ынтымакка келсеңер
Суудан орун берсеңер
Туугандыктын жоңүнөн
Ушу сөзго көнсөңөр.

Ыйкы-тыйкы ырбап, чатакты калыс чечүү үчүн эки тараптан күлүктөр чабылат. Боз кушунан Кара боор, суу кушунан Кыл куйрук алыстан жарышка коё берилет. Кимиси чыкса ошол жак сууну ээлемек. Кыл куйрук амалга салып, Кара боорду алдап чыгып келет. Ошондо тоодак Кара боорду карган Куулу жеңиши менен куттуктап, дагы эле ынтымакка үндөйт:

Кубанып турган кезиң бул,
Куу торо бийлик кут болсун!
Боз кушу менен суу кушу
Ынтымак кылып журт болсун!

Мындагы маани ар уруудагы жакыр-жалчылар, эгин айдап, мал багып өп-чоп оокат өтөгөн мээнеткеч букаралар жалпы баш кошуп бийлөөчү жегичтерден коргонуу. Булбул чечен — акылман, калыс акын. Тоодак менен Куу эки топ кедейлердин кеменгер ак сакалдары. Байымбет сөз аягына атайылап кыпчый бул түрмөктү чийди:

Соз айтамын билдирип
Уккандарды күлдүрүп.
Айткан создун аягын
Жегичтерге тийдирип.

Акын кандайдыр ыйык парзын орундаткандай жагалданып, үй-бүлөсүнө, шакиртине, демдене эргий окуду.

Кээде эринин тиштене ынтыкканын билдирбей, курсагы гана эмес, көзү да жал-жал чатырап, тумсак жары Сейдеш чымыркана жантыгынан отуруп куйттанып тыңдай, качан экөөнү бирдей окуп бүткөндө үстөлдү таянып оор козголуп кургакка чыккан каздай майпаңдап чайпала баса күйөөсүнө бажырайды:

— Барган сайын таскагың катуулап баратат. Молдо дос, күт кылсын.

— Кап кайдагы куштардын аты-жөнүнүн баарын териштирип, кайдан билесиң баарын. Аксакалың түш, миң жыл жашап алжып, өз баласын мактайм деп жек көрүмчү болгон оңкойгон Кара Кузгунду куп келиштирипсиң. Жырткыч Чүйлүнү багып, өзү жем болгон жаман үкүнү карасаң — иниси Байымбет баржактай өз түшүнүгүн маалымдады.

— Иши кылып саа жакса эле болгону аюум.

— Жакпагандачы. Во! — иниси бармагын кайкалата орус шериктеринен үйрөнгөн «Вону» кошту.

Энеси ичинен тобо кыла, алаканын шуудуратып бетине жаный, тынчтаналбай чидергенсип оозгу үйгө тесселе жылган келининин соңунан, маасысынын учунан тап билгизбей жөнөдү.

Кашгары кара каш көздөрүн күлмүңдөтө:

— Жеңем туура айтат. Молдоке, мунуңуз мен үчүн жаңы сабак. Ырахым этсеңиз, мен буларды бат көчүрүп айыл-ападагыларга жаяйын,— деди.

Тоголок Молдо «жанытма дептерин» бүктөй, шакиртине сунду:

— Жайсаң жай. Бирок муну Кашгарым, Букарбай досума багыштадым. Койнуңа катып аттан да, ага жеткиз. Бергендин алганы бар. Букарбайым мобуларды — столдун четиндеги жыйылуу газета-китептерди жаңдай — жердин жети түбүнөн атайлап экөөбүзгө артына келсе. Экөөбүз анын тартуусуна жооп кылбайбызбы.

Башка дептерлерден салмактуудай кол жазманы алаарын алып, устаттынын Букарбайга дароо жеткиз деп да, элге жайсаң жай деп да экп ача тапшырмасына таңыркай алайды:

— Анда-а Молдоке... бүгүн түнү өзүмө көчүрүп калып, Букарбай тилмеч, досуңузга эртең менен жеткизейин. Антпесек, экөө эки аттын кунунан баалуу байлыктан кур жалак калбайбызбы.

Байымбет алды артын ойлобой, кызуу менен жакшылыкка жакшы белек тартуулоого шашмалыгын оңдогон камкөй шакиртинин жүйөөсүнө жыгылыштуу, дандайган маңгыл башындагы көк ыраны топусун жазы чекесине кирпигин далдоолой жылдыра бырс этти:

— Ошент Кашкарым, ошент. Мен анда Букарбайга куш тилиндей кат чийейин. Сен алдыгыларды каалагандай көчүрүп кал.

Кайрадан столго эпейип тилим кагазга болот калемин жорголотту.

«Азиз достум Букарбай, сенин шык, канат байлаткан азаматтыгыңа куру ырахматым татыбас. Кыйлага жетерлик, четинен татып демдене берерлик гүлазыкка толтурдуң. Сенин ошол камкор адамгерчилигинде семирип, жаңы жанытма казалдан экөөнү чүргөдүм. Аларымды сага кош колдоп сунамын. Сенин жакшылыгыңа тартуум ошол. Атаганат, бай болсом, ат мингизет элем. Топ жабаар элем. Аны өзүң түшүнөсүң. Олуяң мени алыс кармайын десе кудай жалгасын. Аюум, Чокундук, Киреше шериктери менен бүтүргөн ысык үйүм үстүмдө. Киреше дос, оозгу, торкү бөлмө лепилдеп жылуу тураалык орустун топурак мешин, үстү, бооруна темир коюп жасап берди. Аюу баатыр жазга кенен жетээрлик карагайы, чырпыгы, чычырканагы аралаш отунду додолото үйдү. Эми а дүкүлдөк аюу тегирменге ун, талкан, шак салууда.» Жаз алды менен жер челип дыйканчылыкка киришем. Сен аксакал, келемиң менен көмөкөйүңдү таптап,

каалаганыңдай жүр» — дейт. «Иниси бардын ырысы бар». Жарайсың аюум деп мен аны далыга таптайм, Аюум азамат.

Букарбайым, оокат ойдогудай. Дыйкан курбу тууган-дар бапырандашып келип чакырышып эриктиргидей эмес. Кыштын алтай Сейдешиме бешик термешип, жа-нытма, тамсил, арман, кошок, дастандардан далайын кол китепке солойм. Алигинде сен сураган «Семетейди» жа-зууга камынуудамын. Эмнеликтен «Семетейди» кааль-дың, ошону билсем дейм. Буюрса быйыл кыш бүтсөм жазда колуца тийгизээрмин. Калың дептерлерди, мука-балык сагдыяндарды жеткиз. Тилегиң келсин. Сени сүйүнчүлөөгө өзүм апдан ыптызармын. Баса, өйдөкү То-гуз-Булактагы омолдош туугандардан кыз жактырганың-ды чала чарпы айттың эле. Убадаң боюнча Сейдеш бою-нан бошогондо күйөө жолдош болуп жандап чогуу бар-мак элек го. Сөзүндө турган эргулдугуңду билем. Аз калды достум, сенин да ак жоолук колуктулуу, үй жай-луу болооруца. Тилектештик дувай саламым менен досуң Байымбет».

* * *

Чоң айылга негедир эки өргүп конгон Кашкары Бу-карбайдан калың дептер менен тумарча катты Молдо-кесине үчүнчү күнү табыштады. Байымбет актай калың дептер бекеринен жиберилбегенин, сыры катта букту-рулганын түшүмолдон окуса:

«Азиз достум молдо Байымбет, сен жардымын деп курулай муцканба. Бу чолкөмдө күпүмдүгүн упутсак, түбөлүгү сендей бай адамды королекмин. Сенин эки жа-нытма казалың эки жоргодон жогору сый мага. Ша-киртиң күбө. Экөөбүз ээндеп чогуу окуп чыктык. Сенин ушунчалык серпилээрице ишенгем, күткөм. Кудай бар, мынчалык бат эл тирилигинин элесин мыскылдата кор-түү сөздөрүң менен чолуганыца тандандым. Кубанттың мени достум! Барып кучакка кысып куттуктайын дедим эле. Чоң болуш менсиз өз бетицче эч жакка жылбайсың кыш бою деп тушап койгон. Азыр опур-топур. Өйүзгү Баатайдын Касымбеги болуштукту болүүго дүң салга-нын билээрсиң. Уездге баргандагы чыр ошондон. Муса-кожо Нарындын өйүз-бүйүзү бир эл, болуш болүпбөсүн деп көшөрүүдө. Ай тац, бүт өйүздүн элин уучунан чы-гарат го. Түтүндөрдүн тизмесин тизип, коргол салып, кайра-кайра дүңүнөн тактатууда. Ата-жотобуз бир эл-

биз. Алмузтактан бери биргебиз. Жасымбек Баатый уулу аталаш тууган. Баарыбыз Жанболотпуз «Анын ээпбаштагына жол бербөөңүздү өтүнөмүн, улук урматтуу төром» деген арызды кайра-кайра мусулманча, орусча чийдирип чубатууда. Калганын Карала агаңдан угаарсың. Жаңжал, чабыш, чыр ырбагыдай. Чыдай турайын. Ушундай акындык арымынды кеңит достум. Мен жиберген жаңылыктар: Абай ырлары, башка казалдар шыктандырды депсиң. Абдан курсантмын достум. Мындан ары да колго тийгендин сага тийиштүүсүн ирген табыштайм. Чоң болуш кайра сен тууралу сөз козгоду. Аялы ай күнүнө жетип турат. Жазга дейре үйүр алганча жер үшөгпой коё туруңуз. Мага жардамчы, сиздин кызматкер деп эсептей бериңиз. Кыжалат жазуу иши күчөсө, өзүм келтирем десем унчукпай тымыды. Демек — макул дегени. Сыягы катчы деген шылтоо менен сени ырчысы, жомокчу-дастанчысы катары алып жүрүнү ылайык көргөнсүйт. Жасакер Бошкоюн кыя албайт. Бошкойдун сага тиштин кайраганын мурда эскертпедим беле. Колунан келсе сени жакын жолоттурбай калсын. Катындан көңүлүң жай, жегениң эт, май, ичкениң максым, чай экенин билдим. Оюңдагыңды аткар достум. Жазга дейре көп бар. Жылуу үйүңдө жыргап, каалаганыңды жуда тамамда, достум. «Семетейди» неге жазып бер дегенимдин себебин сурапсың. «Семетейди» сен өзгөчө көркөмдөп келиштирип айтасың. Семетей окуясы бүгүнкү инсанат хаятына жакын дагы. Анан достум, азыр өзүм Семетейдей жаш, Айчүрөк тандаган кезим эмеспи! Омолдош уругундагы кызга көңүлүм түшкөнү, мен үчүн андан чырайлуу, андан акылдуу Айчүрөк табылбасына ишенем. Көрсөң достум, сен да жактырасың. Соз катып, сүйлөшүп да кордум. «Жуучу түшкөн мырзалар бар. Эч кимисине соз берелекмин. Мен сендик болор элем. Атама, айыл мыктыларына сүйлөшсөңөр»,— деди мөлтүрөп. Кеп атасында, чындай келгенде айыл мыктысында калды. Жолбун эме деп чанышабы, билбейм. Чоң болушка сыр салдым. Ал конумушундой конкө дулдуя ойлонуп, минтип күңгүрөндү: «Менин орустун, арабтын, фарсынын, түркүнүн тилдерин түгөл сайраган, Шабдандан, уезд төрөсүнөн колкого суранган биротоло бала-бото кылууга шерттешкен көрөрköз тилмечиме — Букарбайыма эр болсо Омолдош кызын бербейм деп корсүнчү»,— деп үкү көзүн балбылдата үүлдөдү. Опоңдон соң сапаам тыңгылык тартып, таксырыма ниетимдегини жобурадым.

— Көңүл калтырышып, чоңдук көрсөтүп зордобойлу. Шарт боюнча күйөөлөп барып келип, үйүр тартайын. Анан азоолок той тамашасын куруп алалы. Андан көрө таксыр болуш, калың жааты кандай болоор экен,— десем.

— Менин оозумдун жели — коолум менен дароо чукталат. Атасына айттырдым. Кызын башкага бербейт. Тополоң басылганда чакыртып балапча баш чакан мал аласың дейм. Кыцк этип көрсүн. Ошончосун бир-эки уруудан чогултура коёбуз. Өргөө тигип, себи менен көчүртүп келебиз,— деди чоң болуш.

Мен ыраазылыгымды бышыктадым. Сейдеш экөөңө берген убадамды кармоодомун. Кыязы жайкалып жайлоо жетилгенде, жайдын толугунда Соң-Көлдөн тойлосокпу дейм. Эми достум, мен Семетей эмегенде эмнемин. Ушу аманат калың дептерге «Семетей» түгөл сыйбас. Семетей менен Айчүрөктүн бирин бири издешкенин, азап менен табышкан ашыглык окуяларын, Чыцкожо, Толтойлор менен кармаштарды, Чачыкей, Канчоролордун чыккынчылыгын, Семетей кушун алдырганын, Күлчоронун таңбуурул менен Үргөнчтү кечип, Айчүрөктүн кошунуна барганын, Канайым менен чырмалышканын, Бакай менен Ахун хандын акыры кездешин, Семетей, Айчүрөктүн тоюн өткөргөнүн кандай жаркылдап, жаңшап айтсаң, дал ошол илебин суутпай ара-чородо отура калып кыш ичинде, ушу дептер толгончо жазып бererиңе күмөндөр эмесмин. Достум, ушуну менен чоюлган кепти тамамдайын. Куда деп сенден сүйүнчү күтүп достуң Букарбай».

Тебетей, тонунун жакасынан бери бубак баскан Кашкары устасы катты окуганча мешке кактанып жылыды. Аны барган күнү ушул катты жазыш үчүн Букарбай кондуруптур. Эртеси жашыруун кенештен бошогон Карала бий кошо ала жатыптыр. Баса, мештин жанындагы көрпөчөнү калыңдай салып, мурут, сакалына тонгон музду жылыта секин сылай сыдырып түшүрүп, анда-санда тык-тык жөтөлө илбирс ичигин желбегей жамынып Карала үксүйүп отур. Ал да сыягы ниси катты окуп бүтсүн пейилде.

Байымбет катты бырча тытып, мештин алоо жалынына ыргытымын эте агасынын жанына эңилди:

— Бий ава, Чоң болушка барып-келип эле атасыз. Деги тынччылыкпы?

Карала сыйда таралган жээрде сакалдан тосурая чүтүрөйүп кап-сөлү качкан бетинин отун, баятан музду сыгып түшүрүп жай алектенген арбайган бозомук шадылары менен сылагылай чарчацкы чекирирээк көзүн инисине топуктуу коймолжутту. Ичинен инисинин эл тагдырына кызыкканына, үмүтүн актаарына, мыктылардын жыйын кенешине ортоктош болооруна канааттанганын байкатты.

— Э, Тоголок Молдом, эки барак жыш катка шеригиц Букарбай ахыбалды толук жаздым деди эле. Андан алыстаба. Адамды сатчудан эмес. Мамилеге да, сөзгө да туруктуу кейиптенет. Келерки жазда ал үйлөнсө, экөөцдүн өргөоцду жанаша тигин, чоц болуштун чац жукпас, мал баспас олчойгон ордо үйүнүн айланасына кондурааарды кенешгик досуц менен. Сенден уламбы маа сырып айтчу болду тилмеч. Чоц болуш жогортон тил укканбы. Каргап-шилегени эле өйүзгү Касымбек. Ал болуштукту бөлгөнү даттанып, төрөлөрду колго алган имиш. Эки жылдан бери өйүз калкынан Мусакожого чычкак улак чыгым төлөтпөй, өзү жыйнап, падышага төгүп аткан имиш. Эми эки атанын балдары сен Чүйдө экенде Мусакожонун агасы Нурак баштаган араздашуудан улам, ортолору суун, жаатташуу жылдан жылга күчөөдө. Тымызын мандарын чаптырат. Жылкычы кул-кутандан союлдашып элгөндөрү бар. «Ар айыл астыртан каруу-күчтүү, ыктуу жигиттерден кол курагыла. Касымбектики өттү. Кантээр экен. Эсине келээр деп өчөгүшпөй койсок, ашыныи баратат. Качанкыга эсирген дөбөттү ээликтиребиз. Кекке кек. Канга кан. Түн катырып, «баатырларыцарды» аттантын жылкысын чаптыргыла. Өзүңөр күзөткө шылуундарды коюп, сак болгула. Туз урган кызыталакты шашпа»,— деп чоц болушубуз кекенет. Сыягы, Касымбегин жамандан үстү-үстүнө арыз жөнөтүүдөн эчтеке чыкпаса, кол курап дүмөк баштоодон кайра тартчудай эмес. Чоц чарыктын мыктысы Турдубай айбаттуу, баатырдыгы ашынган эр. Ал кажынган Касымбекке каршы жацжалды ырбатууга чамынган болушту ого бетер көкүтүүдө. Шамдагай, эр жүрөк Турдубайды кол башчылыкка дайындады. Биздеги көзгө атаар мерген Калчаны бардацкесипе саадагын толтура ок куйдурууга Турдубай өз айлына кошо ала кетти.

— Анда иш чатагына айланчудай децизчи? — Байымбет түпөйүл тартты.

— Чатак жыл маалына жетпей башталчудай. Жогор-

ку Келдибек уулунун байларынын жылкысына тийди деп биздин жардыраак тукумдарды бекер дүрбөтпөйм. Мусакожого «жарайт» деп бастыра бердик. Келдибек уулунан башка айылдардын мыктыларына, бизге, биздин быяктагы ыман, омолдош, сокучу, черикчи урууларына Касымбек тымызын тыңчыларынан: «Силер тынч жаткыла. Менин касым Келдибектин бөлтүрүктөрү. Алар силердин да касыңар. Силерге тийбейбиз. Силер бизге тийбегиле. Азыр болуштукту мен бөлүп чыксам, кийин силер өз-өзүңөрчө болүнөсүңөр. Улуктарга чогуу сүйлөшөбүз»,— деп айттырып жатат. Касымбектин амалы Мусакожодон да өтүп баратабы дейм. Тоголок Молдом, Кашкары уулум экөөңдүн кулагыңа сырга. Элге кандай бүлүк түшөөрүн бир жараткан билбесе, чуулгандуу Жанболот тукуму бийлик талашып, кара аламан баштоочудай. «Кептин сыртында болгончо, кеңештин ичинде бол». Кашкарымды жаныма калтырып ээрчите чыгып, сенин үйүңө түз түшүшүм. Сени кеп-келештин ичинде болсун дегеним.

Ацгыча оозгу үйдөн кара куурдак, май сапыра ысытканкан бозону, кырма аяктарга мелт-калт кацылжаарды жарып буруксута көтөрүп Коңур байбиче, анын соңунан Байтымбет ээрчише төрдөгү масилеттешкен эркектерге сунушту. Карала дем албай шак жутун, малынган мурутун сөөмөйү менен жанып ааарчып, Коңурга аягын кармата:

— Келин балам, чидергендей. Киши караны көргүсү келбей, уялып бурчта оонап отура албаганын байкадым. Чынбы, байбиче.

— Чын. Тумсак немеиин кыцкыстаганына эки-үч күн болду. Маасынын учун жапкан койногун кымтына кайра толтурууга Коңур жөнөөрдө.

— Ичтим. Шекшингеним чын тура.. Кокуй, кайнено болбой кал. Анда баланы бекер кыйнаба. Тургула жигиттер, келин бул жылуу, кенен үйгө келсин. Биз оозгуга чыгалы. Кашкары чурка, өз энеңди чакыр, коп бала төрөгөн эме ичин ондоп жардамдашсын. Сен, аюу, менин байбичемди апкел. Ме, камчыны, чап тез,— жанындагы бүлдүргөлүү жоон табылгы сап булдурсунду карматты. Байтымбет менен Кашкары карбаластап сыртка чыгышты.

— Биздикиндегилерге айт, эмчи-домчу кемпирлерди табышсын. Жаш келин, уялып айталбаса, эки-үч күндөн бери кыцкыстаса, толгоо келген турбайбы, чайналып

бүтподубу,— Карала жоноөндөрдүн соцупан угуза кыйкырып, Коңурга акыя суук карай ичигин желбегей жамынган бойдон жөнөду. Анын соцунан Байымбет жылды. Эт жүрөгү ымыр-чымыр лакылдап энеси гана эмес, өзү да кокуй экендигин, кыраа Карала болбогондо көлуктусу кыйнала бермек тура. Сейдешинин чабалактап, кыцкыстаганы качан. Түнкүсүн да уктай албай, бүкүлү отуруп тура, ооналактап чыгат. Бүгүн таңга жуук, түйшолуп ойгонсо Сейдеши бурчтагы арча бешикке жолонүп солкулдап ыйлап жатыптыр.

— Бул эмнең. Кантесиң! — деп моюнунан артылса, Сейдеши заматта жашын сүртүп, жалооруй эринин артылган колунан жыттагылап:

— Жөн эле. Ак жолтой болоор бекен арча бешигин. Сенин мобу ичтеги тентегиң өпкө-боорумду куушура удургуйт эле удургуйт. Сени тынч уктасын деп... Көзүм илинсе эле чочуп... Алыскы ата-энем, бөбөктөрүм элестеп эркеп кеткен турбайымбы. Туңгуч төрөттүн азабы күч, жарым ай мурун кыйналат деп эшиткем. Апам да «сени төрөөрдө ошенткемин берекем» дечү. Апамдан бөлөкко айткандан уялам. Жалгыз мен бекем. Аялдын баары эле туңгуч төрөттө мендей эзилип, кыйналат дешет. Толгоосу катуу бала кийин сүйкүмдүү болот имиш.

— Жобураган оозуңдан. Экөөбүздүн адал махабатыбыздан жаралган балабыз сүйкүмдүү болоору анык. Айтайынбы? Атын ким коём.— Байымбет ичи кампая колбуген колуктусун, ысык эринине чоп эттире, арча жыгтуу бешиктен бери имерип озуно тартты.

— Айтсаң молдо дос. Мен күтүп эле жүрөм. Балаң жарык дүйнөгө баа дээрден мурунураак угайын да. Адамда жок сонун ат камдадым деп жүрөсүң. — Сейдеш жумшак чекесин күйөөсүнүн мандайына тийгизе кирпигип сүздү.

— Эркек болсо Нурадил, кыз төрөсөң Нураим,— туңгуч ата кандайдыр тили мепен эмес, жүрөк, жүлүн шоокумун жыбылжыта кайталады. — Уулума Нурадил, кызыма Нураим.

— Нурадил. Нураим. Нур. Экөөбүздүн сүйүү нурубуздан бүткөн. Дил-жан. Экөөбүздүн жаныбыз. Айым — экөөбүз жаркычу айыбыз. Нурадил. Нураим. Жаныбыз да айыбыз. Элде жок дегеницче бар экен. Деги экөөбүз Нурубузга балкыйбыз ээ...

Таң атканча божурашып, таттуу кыялга эрип, Сейдешин алаксытып отурганы закымда Байымбеттин санаа-

сына сапырылды. Айланып барууга, Сейдешинин колунан, бетинен сылоого ниеттенип кылчайганда, жецил кемселин жамынтып, энеси колтуктай төркү бөлмөгө акырын жылган жароокери каканактаган козун жалжылдата күлкү чайылтып бир байлам жоолугунан булайган саамай саңоорун үлпүлдөтө, башын ийкеди. «Уят, эркектер жолобойт төрөт учурунда. Агацдын жанында кудайлап тиле. Жакында балацдын баркыраган үнүн угасың. Сүйүнчүңдү камда» деген жацдоону түшүнүп, Байымбет алаканын бириктире көтөрдү. «Түшүндүм жароокерим. Күтөм. Сүйүнчүгө башымдагы тебетей, үстүмдөгү ичик, короодогу атым, же казал дептер, каалаганың аябайм». Экоо босогодон алыстап баратып кылчайыша каректери чагыла, бирин-бири аянычтуу узатышты. Негедир Байымбеттин көз чанагына толтура ысык толкун сернилгеничи. Коптон самаган алгачкы баланы күтүү дүрболоңу оңойбу?

Чабаганчы Кашкары менен Байтымбет аюу байбичелерди атка мингизип заматта эле карбаластап жетип келишти. Алардын артынан улам бириндеп көп балалуу аялдар, эмчи-домчу, айша-бүбү аталган кемпирлер самсып Байымбеттин эшигин тыңдырышпады.

— Келинди көлбүтүп ичин оңдоп жатышат. Кудайга сыйынып баланын үнүн тыңдагыла. Азанды Молдо уул озуң чакырасың. Коёр атың өзүңдө дайын тура,— деп Караланын байбичеси балбактай, короодо кайпактанып, дөңгөчтөрдө кочук басып, үйгө кулагын түргөн эркектерге маал-маал чыга калып кабарлоодо.

— Келиним эте уялчаак, ото ыймандуу. Сендей туңгучту төрөөрдө биз ошентчүүбүз. Кой, ай деп атың арац оболубузга көндүрбөдүкпү. Толгоо келгени көп болуптур. Бирок толгоосу бышелектей. Далай тумсак келиндерди чыңыртып төрөткон колу эмдүү байбичелер жап алакетке келүүдө. «Аксарбашыл чалууга камынгыла, бий акеси,» — деп экинчи мертебе чыкканда чекесин боргулданта желбегей жамынган түлкү ичигинин оңүрүн булайта ичке ыргытып, кемселчен дацкая күйөөсүнүн мандайына келип сөз жанытты.

— Даяр байбиче, даяр. Келин баламды аман-эсен көз жардырар замат садага чалчу ирик кепенде байлануу турбайбы. Аюу уулума, дарөө оңөртүп апкелдирип буерге көтөрүп чаптырам.

— Ошент, бий акеси. Журт башы сен антпегенде, жацы тирлик ининди жер каратпа. Эмчи-домчу умай эне-

лерге угузуп коёюн. Жаш сорпо ичип, бордолгон ирик этине мантыгасыңар деп,— кыш кычыроосунда боргулданган семиз байбиче, кара баркут кемселинин дацкайган сорусуна күмүш чач учтугун шылдырата ичкери кирди.

Андан кийин үйдөн аял аттуу чыкпай, эркектер эшик тиктеп тынчсыздана акыйды. Күн кечтеп баратыр. Бийдин байбичеси неге чыкпайт ичкериден. Аялдардын биринен бири тыңсынып чайылдашкан үндөрү үзүл-кесил..

Ичик, тон, кийиз чокой, тебетейчен күрсүйгөн эркектер. Короодогу күрөндү, додолонгон дөңгөчтөр жыйылган такырчада каршы-терши абага буу бүркө басышып чыйпыйлары кетүүдө. Толгоонун создукканынан шекший, кыраакы Карала, илбирс ичигинин уядай жеңине тумшугун сойлото тык-тык күрсүнө короодон сыртка чыгымыш этип, Кашкарыны жандай ээрчитти да, алда немени шыбыштай аттантты. Ал бат эле шыйрактуу бардапке мылтыгын асынган, томоголуу бүркүтүн куур мээлейине кондурган мергенди ээрчип жеткизип, дагы чапты. Экинчисинде эби-сыңсыз лакыйган Карагер балбанды атына мингизип, өзү учкашып келди.

Санаасы санга бөлүнө сүйүнөөрүн күтүп чыдамы жетпей санаркоого өткөн Байымбет бул куралчан, бүркүтчөн сүрдүү мерген менен дацазалуу далдайган балбандын келгенин неге жоруурун билбей дандаарып, үйдүн эшик-терезесинен көзү өтүп, кулагы делдейүүдө. Апын коопсунганын баамдаган Карала:

— Чочулаба кагылайын. Бу касиеттүү акелериңди түлөөгө батага чакырттым,— дегенде, кичине өрөпкүгөнү боксорду. Кайра, кайдан айдандыр сасык тумандай күдүрт түкшүмөлдөр түрүлө башын чымыратууда.

— Ой катындар! Чыкчы бириң! Эмне ажылдап атасыңар,— өз аты унутулуп, дубандык аш-тойлордо күрөштөн жыгып Карагер аталып кеткен, жотосу тууралжынынан балчайып, жаак сөөгүнүн жазылыгы Чүйдогу төө Мамбеттен да олбурлуу, алп адам кышкы тоң теребелди түрүлтө, кулак тундура айкырды эле, көзү жаш чайыган Караланын байбичеси, артына кеткен жоолугунан чачтары саксая босогодон үксөйө чарылдады:

— Кокуй наалат. Келиним алсырап, кансырап баратат. Бала түшпөйт эмгиче. Өлүксүз балбан, эшиктен айкырбай куучу болсоң, оозгу үйгө кирип дүпүлдө. Кир айланайын. Көзү ачык бүркүтүңдү кондура кир. Жүр экөөң тең куучулар. — Кайра жулкунган бойдон үйгө атырыл-

ган байбиченин соңунан Карагер балбан саржан жерди бир аттай эби-сынсыз далдайган эскирибиреэк агыш тонун чечип ыргыта казанбактай тебетейин шыпыра шымаланып, толготкон келинди кара бастырып, кыйнаган жин-перини чындап кубалоочудай айкыра атырылды:

— Кет эле кет! Жогол эле жогол! Карабет Карабасты кайдасың эле кайдасың!

Анын артынан жонундагы шыйрактуу бардаңке мылтыгын оң колуна ала, сол колу томогосун сыйырганда «кайда, кимге агытасың» деп курч көздөрүн тостоңдото чар тарапка омсоңдогон бүркүтүн далдаңдата сары жаагак шымына кемселин бурдай белин бууган мерген бучкактады.

— Бул эмнеси бий ава! — Байымбет калтарый сакалын сербейте келме келтирс кобураган Каралага жалжылдады.

— Сабыр кыл айланайын. Булар куучулар. Албарстыны айдашат. Алсыраган туңгуч келин, балбандын жаалдуу үнүнөн, көзү ачык, канаттуунун төрөсү бүркүттүн талпынганынан селт эте эс-учун жыяр. Кудайдан тиле, кудай, кудай...

Аңгыча мылтыктын удаа-удаа кур дүрмөт дүпүлдөгү жаңырды.

— Кудай, көзүңдү ача көр балам. Чочун эсиңди жый!

— Сейдешим, жароокерим, деги өзүңдүн чымындай жаның калса экен,— Байымбет титиреп босогого атылып, Карала эки өңүрүн жая жол торогондо, жумшак илбирс ичиктин кымтуусунда, агасынын боорупа башын жөлөй букулдады.

Ичтеги айкырык-сүроон, чайылдак күчөгөндөн күчөй берди. Байымбет, анын жапынан улам топтолгондор канчалык баланын баркырагын умуттуу күтүшсө да дүлой кыйкырык ызы-чуудан башка эчтеке угузбады.

О, пцир тунарыгы самсаалап сыртты карацгылатканда өзөктү өрттөгөн аялдардын чыцырыгы, салбырай далдайып эшиктегилерге жылган балбандын зор карааны, эга жанаша, мылтыгын таяна, бүркүттүн көзүн далдоолой томогосун кийгизе шүмүройто жерге эңилткен мергендин мундуу окуруғу жерди астын-үстүн чайкагансыды. Дароо аларга кошулуп, тордуу ииисин кучагына кыскан бойдон Карала:

— Эсил кайран асыл келиним! — деп боздогондо коркоодогу эркектер чуру-чуу окуруқ коштошту. Ага дейре

эле дендароо солуктаган Байымбет жансыздай селейди. Караланын боорупа таканчыктабаганда шалак жыгылмакчыбы. Эс-мас кургурдун кулагына элдир-селдир бирдеме шыбыштап, Сейдеши түн жамына периштедей ымыркайын торсойто көтөрүп, кол булгай эмелеки бүркүт кебин кийип шуулдап, тирүү шейитке айланып сызып учкансыды. Арзып сүйүп, алыстан коштоп келген жароокер жары Сейдеши, экөөнү тең таттуу мүдөөго чалкытып төрөлбөй «кара басты» ажалына энесин кошо аймаган периштеси Байымбетти, ага туугандары менен түнгө аралаш таштап түнөрттүбү.

«Периште, Шейит.» Эки сөз Байымбеттин алачакмак дендароо көңүлүнө улам-улам калкууда. Төрөлбөгөн, энесинин курсагында кеткен перзент периште. Ак сүйүүдөн бүткөн баланы жарык дүйнөго бербей, кошо ажалга көз жумган эне шейит. Апын эки жакыны аялы менен баласы ээрчише, периште, шейитке кубулуп, неге жалгыз азапка таштанды. «Периштем. Шейитим. Мени эңгиретип кандай гана тагдырга калтырып кеттиңер?!»

* * *

Кудай кууратса чыдабаска кубаарындын акысы барбы. Үйдөн алыстабай үңкүйүп отуруп чүнчүгөндөн башка не таптым. Жапа жеке эле менин башыма түшүптүрбү. Белимди буун озумө озум кайрат бербесем болбостой. Азаны да күттүм. Ачуу жашты да жуттум, бук болуп да бүттүм. Арбактарым, шейиттерим... Байымбет купуя бата окуп... Сейдешин, көз жарбай коштошкон перзентин дагы эле өлүмгө кыйбай, шейитке айланды деп өзүн жооткотууда. Анткени эртеңки баланын ырахатын эңсешип, божурашып жыргаган учурунда капилеттен кара мүртөз ажалгабы, азезилгеби колунан жулдурган жароокер жарын, карынында удургуп ойноктогон перзентин караманча жоголду дегенге дити барбайт. Көз алдында элес-булас периштеге айланган уулун ойнотуп, Сейдеши алп бере бирде көпөлөк, бирде чымчык, бирде гүл, бирде суунун шары, бирде керимселге айланып көктө калкып жүргөндөй. Тирүүлөй томсоруп куруган жалгыз гана өзү.

Алардын жабырын унута электе өңүн жездей саргартып такылдаган жөтөл күчөп жаз утурум өпкөсүнөн кагынып, медер тутқан белдүү тууганы Карала бий каза

тапты. Үстөккө-бостоң чакан айылын өлүм басып, өзгөчө сезимтал Байымбеттин зээнин сыздатып жыл маалына дейре дандаарытты.

Мына бүгүн негедир кыялы серпилип, көңүлүн гана эмес, көкүрөгүн ныкбаскан кара ыш карегинен булап алыска самсып качандан берки түнөрүктү тытып, жылчыктанып жарык шоола көзүнө толбоспу.

— Өх, тобо, үмүт үзүлбөйт, өмүр өчпөйт деген ушу бейм.

Байымбет отурган дөңгөчүн таянып теребелине имерилди. Ырас эле асмандан жылымтык нур, көк кашаң көйкөлгөн көктөм талааны жайкалтууда. Ушул эле коолоңгон дөңгөчтө мурдагы отуруштарында айлана күңүрттөнүп, карегин мокотчу эле го. Кайгыга жеңдирген курганга жарык карацгыдай, жашыл ырац куурагандай экиленгенби. Эми муцу чыга баштаганыбы. Жер жашарып, гүл, бүр бураган жаз баарынын толук учурун азыр арац сезгенине таңданды. Токчойгон өргөөсүнө кирди. Демейде сенейип, суук тартып, көлөкө тунарган өргөөсүнүн ичи андан жаңжарык. Ийик ийрип, төрдө көлдөлөңдө отурган апасын карай, тунук аба көлкүгөн түндүккө колун серпе унчукту:

— Апа, бүгүн демейдегиден күн ачыкпы?

— Күн дайым эле ачык каралдым. Сыягы көңүлүң бүгүн ачылгансыды. Бастырып, алаксысаң боло...

— Өзүм да ошентсемби дейм. Дагы беш-алты күндөн кийин.

— Эмне үчүн кагылайын...

— Дыйкан уулуң, атымды коштон чыгарып, жонун сергитип, шар суунун жээгине агытсын. Ыргайдай арыктатыптыр. Беш күндө көккө тоюнуп оңоло түшөт.

— Ошент, ошент каралдым.

— Аюуца барып айтчы. Азыр эле сокодон чыгарсын атымды.

— Жарайт, тилимди угаар бекен аюуң.

— Угат. Мени бастырат десең...

Энеси ийигин жүккө кыстарып, жоолугун оңдомуш этип, шар жонөдү.

Байымбетке ушу тапта жалгыздан калуу өтө зарыл эле. Энесинин ага көлөкөсүндөй айланганы, экөө бирин бири эш тутуп аяганы, минтип, дароо түшүнүп анын камын жеп шыдыр кеткенине уулунун жүрөгү толкуп, үйүнүн ичин тегерене карады. Ага буюм-теримдери кайрадан Сейдеши барындагыдай жылуулугу сезилип жап-

данып көрүндү. Арийне, бир буюм айрыкча ажарланып аны обдултту. Байымбет эңилип сүрдүгө жүктүн бурчундагы жабылуу арча бешикти артыла кучактады. Сейдеши саймалаган жибек жабууну өпкүлөп эчкирди. Толготоор түнү түйшөлүп Сейдешн дал азыркы өзүндөй бешикти кучактап чочулап, жобурагаиы кулагына угулгансыды. Бешиги колтугун толтуруп, оор. Белбоолору тартылып бек таңылган. Өткөн апаат кышта, дагы тигинтип жалгыздап отуруп өзү таңган. Энесин, туугандарын бешигине эч ким тийбесин, анда анын кымбат перзенттери болөнгөнүн, өзүнөн бөлөк жан чечпесин эскерткен. Перзенттери. Өзү бөлөгөн. Жазылган, чала жазылган, актай кол китептерин ороого камдалган аруу болотнай, шайы чүпүрөктөргө бапестей ороп таңган. Канчалык зээндери кейишсе да, баласаак Молдокенин китептерин перзент тутканын эп да көрүшүп, ыйык нерсе катары арча бешигин бапестеп жүктүн бурчунан чыгарышпайт. Уулу сыртка чыккан маалда энеси жабуусун оңдоп «бөлөнгөн балдарына» чаң жолотпой тазалап, таптап коёт.

О бир оокумда Байымбет чын эле балтыр бешик уул, кыз эгиздери бажырайышып, атасынын беттерин ачып эркелетүүсүн күтүп жатышкансып, көз жамгырына нымданган жабууну этиет серпе оролуп бөлөгөн перзенттерин сылап сыйпагылай, анан четинен чечүүгө киришти. Улам бирин бооруна кысып маңдайына тийгизип, эрнин чоп эттире өпкүлөп да алды. Ымыркайлары. Эми ушуларынын боосун бек кылсын. Жетилтип торолтсо, эл жарпын жазаарлык, акыл, өмүр азыгын берээрлик азаматтарга айланышаар. Кол китептери. Жүрөк, сезим отунан жаралган перзенттери эмей эмине. Жыл маалы арча бешикке бөлөнгөн жазмаларын четинен көрүп, кайрадан бөлөдү. Калың мукабалуу «Семетей» дастанынан ортолоп жазганын калтырды. «Семетейдин Акундун кызы Айчүрөккө үйлөнүшү». Букарбайга убадасы боюнча былтыр бермек. Аза кайгысы ага жолтоосун тийгизбедиби. Аты ирденгенче жазууга киришет. Бүтөт. Апэн Букарбайга, үйлөнгөн жарлуу тамырына тартуусу — бет ачаары менен барат.

Букарбай кыйбас достугун туюнтууда. Эки жамандыгында тең үйрүлүп үстүндө турду. Айрыкча Сейдешке өбөктөй өкүрүп түшүп, досун кучактап, жакшы тилектерин санап өксөгөнүн каптап упутат. Тагдырдын жазмышына айла жок тура. Байымбет кейиштен башын которо элек учурда, Букарбайдын кылчактап коё турайын,

(анын күйөө жолдошумду аза күтүүсү бүтсүн кыяпатта) дегенине көнбөй чоң болуш, күйөөлөтүп, той бердирип Омолдоштун кызына үйлөнттү.

Байымбет анын дүңүн элдеп да, Букарбай кечирим сурап жиберген дубай катынан да угуп эринин тиштене кайышып, буйруксуз «күйөө жолдоштугуна» жараткан аллага каргышын айтып кала берди.

Карала өлгөндө Букарбай он чакты киши менен өкүрүп түшүп, көңүл айтты. Бирок, чоң болуш Мусакожо мыкчегер иниси болуп топурак салганга жарашпады.

— Томор кайдуулаттар чаркына чакташсын. Алыска ат арытып кабар жиберишкенди тыйышсын. Канча тешө жер, сууну ээлеген корук бакчасынын курулушуна кычап киришкен маал. Күндө кара таандай ылайчы, баксачыларга союш, суусун жеткирүүнү токтотушту. Кайдуулаттар алигиче бөлүнгөн чегине кирише элек. Көрсө, Карала о дүйнө кеткен тура. Болбогондо жасоолдор менен чаптырып алат элем малын. Өпкөлөбөй Карала бийди өзүлөрү коюшсун. Кийин кол бошогондо куран окутаарбыз,— деп кара өзгөй жардыгын ашырды.

— Чоңдугуна кудай бардыр Мусакожонун. Бу басмырлаганы, тоготпогону эмнеси — дешип өз ара күңкүлдөшүп, урук-туугандары Караланы алынча ариеттеп чогулуп көмүштү.

Көзү тирүүсүндө кеп-кеңешке кошуп, бий Каралапын акыл — аброюн пайдаланган Мусакожо болуштун, бул коркоолугу Байымбеттин коонун муздатты. «Өмүрүнчө табакташ, тизгиндеш жүргөн Караланын арбагына кара мүртөздүк кылган канкор маа жакшылык тийгизбейт экен го. Кайдан, кандай жай табылат. Коксо суусунчу. Букарбай акылын айтаар».

Эки иштен бир иш. Букарбайына деген жүрөгүндөгү экинчи түйүн ошо.

* * *

Чоң айыл. Ата-бабасынан эл бийлеген канкорлордун журтун Байымбет айласыз беттеди. Чукулдаган сайын жүроксүй жипкирип, ички толгоосун, жанындагы суулуктап бастырган шакирти Капкарыга туйгузбоо аракетинде, алдындагы көз кайыкпан мунарыкка суктангансын мелтиреодо. Эгин, чопко жайлуу жашыл ороондон келкыган мөлтүр мунарыктын түпкүрү тээ бозомук чаңтарга, андан паркы кылыч учтуу карагай-чер кылтыйган

олчойгон улуу тоо тулкусуна жапып такалат. Тоолуктардын карегинин курчтугу, дабышынын бийиктиги тоонун касиетинен го. Атаганат, бу уюган түзөндөн тиги чап, андан жогорку кара зоонун аралыгы ушундай көлүк шайбыры менен жүрүп отурушса кой эти бышымдык жол. А капчыгай менен бу капчыгайды кабыштыра кыйкырган азаматтар азбы.

Эки атчан коздөп бараткан кара тоодон куюлуп, чаптарды жарып өткөн кош колоттуу суулуу коолордун берки салаңдаган тумшугундагы дөбөдө каркыбар мыктылар барбандашып, сөөлөт салтанатында манчыркоодо.

Тошү түктүү жер сереси. Мансап менен дөөлөт жылоологон адамдарга жарашат деп сезген Келдибек гукумдары жан-жөкөрлөрүнүн ортосунда жайкалууда. Быкылдаган букаралар, печен старчын эл өзүлөрүнчө окчун-окчун кошуун түзүп, мына булардын астындагы мелтир түздө. Шылуун жигиттер, жасакер кошоматчылар атчан короктошуп, бийик саржандарды аргыштата ар айыл, урууга ченеп бөлүүдө. Тоодогусун тоодон, ойдогусун ойдон жасоолдор чаптырып, старчын, миң башы, жүз башыларын чакыртып Мусакожо чоң болуш качаңкы кайратын жүзөгө ашырууда.

Быягы Кашкар, тыягы Анжиян, Самаркан, Букара, Коконго дейре жер союлта мал айдатып, мен кыйын деген далай эр бүлөлөрдү кербен башчыларына дайындап, соодагер, кызыл кулак алакалаштарына кат жазып, бел ачылып, жаз көктому жайнаганда бакса уруп, там салгыч усталардын акысын бычып ала келүүгө өтүнгөн. Өзбек, кашкарлык усталардын канчоон эшек, качырларга эмеректерин, өзүлөрүнүн шайы-шалпар, кургак мейиз, орук, патир пандарын кошо жүктөшүп, насыя малга тунуучу ичкилик соодагерлер чоң болуштун самаганын санжаптап, тайынып түшкөндөрү качан.

А дегенде канча күн алар менен масилеттешти. Ушу дөбөго чыгып, салаа-салаа тоодон куюлган кош колоттуу тумшуктун, тээ Нарын дарыясы мөңкүгөн токойлуу чергё чейин айланасы ат чабым жерге Мусакожо коругун курчатуупу, мантайган соомойун серпе, карегин жаза жацсап, тиги учу менен бул учун болжогон.

— Төр жайлоо Соң-Көл, Бабык тарабындагы Ак-Зоо, Көк-Зоо, Кызыл-Зоолорду үйүр-үйүрү менен мекендеген мүйүздөрү каркайган кайберендер, бугу, марал, аркар, кулжа, эчки, текелерди салбырыцга калдайган уучуларды эки-үч мертебе чыгарса томөн карай корукка куун

киргизишет. Алардын изин аңдып, ысык канына тоюуга токой, бадалдагы илбирс, аюу, карышкыр, түлкү, чөөлөр айрыкча кар олчойгон кышта өзүлөрү самсып түшүшөөр. Коналаганын четинен аттырып, тузакка илинтип, алгыр бүркүттөргө серптирип, жакшы санаалаштары менен мергенчиликке аттанып жарп жазбайбы.

Ал эми сонорлоого мына бу адыр-жыбыттарда, дарыя көлчөлөрдө, токойлордо толгон кыргоол, тоодак, өрдөкказ, кекилик-чил, бөдөнө, коён-поён кайда кетмек. Ичиндегиси озүндө төлдөп арбыйт. Сырттагысын кубалатып киргизебиз. Жемдик жапайы мөмө-чөмө, чөп-чардан көп нерсе жок.

Менин менчик коругум ыйыкталат. Эр болсо уруксатымсыз эшбаш мерген чычканга кол тийгизип көрсүн. Менин коругумду эңсеп алыстан далай оёндор келээр. Тамашасына батыраармын...

Мусакожонун албан түрдүү максатына муюган ичкерки соодагер ашыналары, болочок коруктун төрт танабын кошо кыдырышып, масилеттерин мезелдетишти. Бул бышыкчылыктуу Курткада Нарын суусун бойлото мөмө, жер-жемиш молтүрөп толоорун, коруктун ички бурчун чарбакка айлантуу мүмкүнчүлүгүн, эгер таксыр болуш ырахым этсе келеркиден, соңгудан багбандар көчүрүп келээрин айтып бүтпөй тамшантты. Салкын төр, сан салтанатта эсиркеген тоо манабы, ичкиликтердин бул ыктуу таклибине текебер тырчыды:

— Азыр таяр мөмө-чөмөнү силер жеткире тургула. Чарбак өстүрөм деп чөлдөп, көпшөк жемиш менен жөн чайды үшкүрүп ууртап ылаалап отурчу ал жок.

Беркилер:

— Береке тап, эрк өзүңүздө.

— Казы-карта чайнап, бал кымыз жутуп, салкындап чардаганыңызга не жетсин.

— Сиздин сайран, чарбак сайранынан артык,— дешип кайра жойпуланышып, жооткотушту.

Кантсе да, ченчилер, кецешчилер ошо соодагерлерден, чарбак күткөндөрдөн дайындалды.

Азыр дөбөдө кербенчи алып-сатарлардын шумдарынып кадыры өткөндөрү чоң болуштун ыйык ишинин башталыш кошоматында.

Ыркы жок чачыранды. Нарындын баш, аяк өйүзбүйүзгү элинин алды, букарараактары топтолгону менен кыйласы али чоң болуштун жардыгына ала чокуланып моюн сунбоочудай келише элек. Ичкерилик дубал-

чыларга жергиликтүү каруу-күчтүү азаматтардан шакиртер тандалууда. Ченчилер бөлүүнү аяктагапча, аралары ачык эзели кетмен, күрөк тийбеген кыртыш, тикенек, чөп, бадалдуу жерлерден бакса уланчу ийри-буйру из чабыла такыр түшүрүлүүдө. Ар кошуундун башчысы, тамак-аш, союшу, суусунун өзүлөрү айыл-апаларынан ташытып камсыздоого милдеттүү. Ноолунун бийиктиги, калыңдыгы, узундугу ойдогудай согулуп, чоң болуш өзү баштаган көрөр көздөр жактырганда бүтүргөн кошуундар четинен тарай берет. Ушунча уч аягы керилген коруктуу уч баксадан соккондо да, канча ылай, канча саман, канча суу, канча ташыгыч курал, канча кажыбас күч, аларга канча азык керек. Качан бүтмөк.

Сепилдин ээси Мусакожо болкоюп, кээде купуя олкоолжүйт.

«Көп түкүрсө көл. Элим бар, ырысым бар. Бүтүрөм!

Али күн серүүнүрөөк. Саратап жайдын ысыгына созулса курган калайык кантээр экен. Буф. Калайык ким. Доолөттүүлөрүм ат үстүпон тескешет. Менден кем чардашпас.. Калайык деген бук этип жүк көтөргөндөн талбаган атан төөдөй арыбас кара таман кедейлерим. «Кийиз токмок күчтүү болсо, жыгач казык жерге кирет». Чыдамкайлар, бүтүрүүчүлөр ошо жыгач казыктар. А биз сыртыбыз жупжумшак, ичибиз ирим кийиз токмокпуз. Жалакайланчу дагы жумшак токмоктор — бийлөөчү мыктыларбыз». Өңгө-өңгө, курулушу жай чилдесине создукса ири алдыда Мусакожо озү чыдабас. Дени оор эме, серүүндөп, жайлоолоп жогорулаары бышык. Инилериие, жан жөкөрлөрүнө табыштаар. Анда курулушу солгундап да кетээр. Чу дегенде күргүштөтүп катуу баштатууга былтыртан чамынса да, карамагындагы айылдардын тени келбей, ар кимине туура болжонгон мейкиндиктин дарыя танабы али ээн. Аякты ээлөөчүлөр, Курткапын күн батып боюндагы ымандар, андан аркы чоң чарыктар, негизги көп айыл Нарындын наркы өйүзүндөгү Касымбек болуп-жарган Ак-Сай, Арпа, Орто-Сыртка көчө качкан түмөн калк.

Чоң болуш ичинен сызылып, сыртынан көлкөйө сыр бербей сабырлуу күтүүдө. Кайра-кайра Букарбайга жекече буйругун жаздырып жигиттерин чаптыруууда. Алар ана-мына дешип уларткандан улартууда. Терс аяктарга кандай зордук, кандай жазалоо амалын ойлоп Мусакожо кылыюуда. Ичкерилик соодагерлердин күпүрү бөлөк. Аркалык өкүмдөрдүн эпсиз эндүү жерди ээлөөчү күрүгү-

нун бүтөр-бүтпөсүнө курулай баштарын ооруткулары келбейт. Усталарды жеткирип Мусакожонун амапатын аткарышты. Дубалчы чайракерлердин акылары бычылды. Арийне, эки тараптын тең милдет-сабатынан кутулушту. Уюштуруучу-далдалчылыктын өзүлөрүнө тиешелүү ширинканаларын чайракерлерден кийин пулдарын алганда шыпырышаары маалим. Мусакожодон болсо, акы доолашпайт. Кайра ага тайынышып эндей элин ээн жайкын аралатып, өзүнө сагалатканы эле жетиштүү. Соодагерлер өнүмдүү пайда үчүн иштешет. Алардын негизги көздөгөнү жүктөнө келген шайышалпарларына, вексел кагаздарына, бел боолоруна түйгөн акчаларына өткөн жылдардагы насыяларын кошо өндүрүп жер союлта мал айдап, тери жүн, кийиз, шырдак жүктөнүп кетүү. Алардын самаганы чоң болуштун курулушунан сапаасы тыныш жайлоого тезирээк аттанса, алар шарактай коштоп жөнөшсө.

Мусакожо алып-сатарлар менен, дегеле, тегерегиндегилердин эч кимиси менен тиешеси жоктой, кыялындагы кыйсыпырга алектенип, астындагы анда-мында отоосун тигип, арбаң-тарбаң иштегендерге каңшаардуу мурдунун үстүнөн калдайта кармаган дүрбүсүн курулай тегерете далдоодо.

О кыйлада, күржүйгөн манчасына аткыган дүрбүнү алыстатып, жакындатып, тилмечине ормоё сунду:

— Букарбайым, ме, Курткадан бери созулган кашка жолду карачы. Тобо, Касымбек караманча карабетине айланган экен а-у. Канчалык акыйып карайм. Өйүздөн бери жылган тирүү караан жок. Жаки, Сары-Үцкуй, Теректин-Чаты, Бокой-Качты белдеринен канча атчан жүкчөн куюлуп түшмөк. Дал ушерден дүрбүсүн салып отуруп, биздин кан ичме бабабыз Жанболот адамдарды го кой, төөнүн да кимдики экенин тааныган экен. Канча киши чаптырдык. Мага деле жан чалдыкпады го. Тобо, мобу эки сербейген салт неме, болоор болбоду сенин Тоголок Молдоң, байкачы.

Букарбай ийилип, болуштун салмактуу далдайган дүрбүсүн чүйтүйгөн бетин жаптыра далдаалай, тикесинен туруп мелтиреди.

— Баракелде-е, көзүңүз түк кыраан бүркүттүкүндөй. Дал өзү. Менин тамырым. Курган акын. Жабырдуу болуп жүдөдү. — Анын жобураганын кулагынын сыртынан желпип Мусакожо көзүнүн өткүрлүгүн мактаганга корстонду:

— Сен Букарбайым, калп жооткотпо. Биздин тукумдун, капыбыздын оту күчтүү. Бүркүттүн соолоту бар көзүбүздө. Сен даана көрдүңбү же...

Букарбай калдастай:

— Чынымы айтайын таксырым. Бүлбүл. Сизге ишенем да... — Зеригип отурган эмелер каткырык агылтышты. Мусакожо бургуйдай буурул мурутун жаныш, тилмечине алая күлө бакты.

Калпа шып ыргып дүрбүнү алигиче көзүнөн алыстатпай, бойрогүнөн солкулдай туталанган Букарбайдан жулуп алды да, бакчая бажырайган көзүнө кадады:

— Сен түзөң, калаада оскон зоот аргымак чалыш солгун неме, алысты жакшы көрмөк кайда. Баякем лам дебей таанышпыр. Чабдар атчан ошо Тоголок Молдон өзү. Жанындагы өзүнүн Кайдуулат Табалдысынын уулу. Ары жок акын, шакирт, жигит күтөт имиш. — Дүрбүнү кескин серпе момурап локуйган ортончу агасы Султангазыга сунуп, «мен сага малайың эмесмин» пейилде чырчыбыцкы киртейген Букарбайды күлмүң эте жалжылдап далыга какты:

— Көңүлүңө алба бурадар эмеспизби. Тоонун алыскы аскар чокуларын көбүрөөк карап жүрсөң, корогоч да болосуң.

Аксымдык дагы, куулук-шумдук дагы түгөл колунан келген, ортончу жоошураагы мындай турсун, амалдуу дөө улуу агасынан да өтө чабууга жүткүнгөн Калпанын сөз айбатынанбы, жок көз айбатынан Букарбай негедир жалтана кетепчиктеди. Неге? Чоң болуштун мыкчегер тилмечи, катчысы болсо, неге ыктуу да, ыксыз да бийлик талашкан инисинен жалтанат. Букарбай саамга оюн жыйып чыйрала, астыртан ага-инилүүлөрдүн каректерин баамдады. Үчөөнүкү тең үкүнүкүндөй балбылдап алаңтыр. Жо-о, кудум жырткычтын көк жал дөбөтүндөй, алтыр куштай курч, жекире, ызырына тикирейишет. Тапты, дал ошо жырткычтык сүрдөн жалтанды.

Калпа мөрөйү үстөмдөгөнүн туйдура, болуш агасына компойду:

— Кызыталак Тоголок Молдонун бүт кайдуулаты үчүн жазасын тарттырсакпы. Өзүн ылайга салып, атын сойдурсакпы.

Чоң болуштун жоон кайтарууга шашпасын билсе да, Букарбай чыдабай тил кайырды:

— Салтта акыйды айыптоо осол, Калпа мырза.

Калпа дирт эте, жиниденгенин айкындай кызылдуу

дидарын ого бетер албыртып, каптсе да кайдагы «акынды» айыптабас салтты эскерте каккан тилмечтин таянган тоосу бийик экенин туя, ансыз эле ага үксөйтө көтөргөн агасынын арстан кабагынын серпилгенин көрүп, анан күрүлдөгөн доошу коштогондо, тилин тиштей токтоду:

— Астафырылланы унутпайлы. Кайдуулат эли кашкабагымдын астында го. Кайда бармак эле. Карала бийдин өлүмүнө кара кийген азаны бүтүрүп келебиз дешкен тура кургандар. Анча эле кыйын экенбиз, өйүзгү болуштукту талашкан Баатай, анын уулу Касымбекке текөөрлошпөйбүзбү. Өзүмүн букарам, Тоголок акынга атырылбайлы. Андан көрөк, биерге даап, атчан келалбас. Жиберишпес. Жандагыла. Бери жөнотүшсүн. Айлына баралбадык. Агасына ушерден чогуу чаран куран окуйлу. Өзүңө тең же өйдө менен баштакан оң.

Калпа журттун көзүнчө шагын сындыра каккан агасына ызалуу тескери имериле мурчуйду. Өзүлөрүнчө болгондо кер-мур кайрып тууралыгын далилдемек. Айла канча. Жашынын, тагының улуулугун сыйлап зорго сыртына чыгаралбай ичинен кайра зиркилдөөдө. «Бийликтин өктөмүн жүргүзө албай корүнгөн томор терс аяктарга кур көлбука болуштун кажети не. Олуя десе акылдан тайын баратасың. Как ушунуңдан уучуңдан сыйлыгын баш бербегендер көбөйүүдө. Касымбек деп коёт. Берчи кош тизгинди. Байлап, матап, чөгөлөтөйүн. Анан кыңк этип, бөлүп жарганын көрөйүн. Кажырлуу, калдайган калайыктуу Касымбек тургай, кымындай жакыр кайдуулатты тезге салалбай даркананасың. Минте берсең, бакиден ажырап, бизди да кур жалак калтырып жүрбө. Карган сайын кайратың бошоп, акылың алжып баратат. Өңгөнү койдум, коругунду көздөгөнүңдөй бүтүрөргө көзүм жетпейт. Тилмечиңди чымын тийгизбес чилтендей коргойсуң. Аныңа бизди төбөлөп басып бердиң. Алды-артыңды абайлаарсың».

А чоң болуш мындайча толгонду. «Чыргоо үкөм, замананын түркү бузулганын аңдабайсың. Эми жердин бөрүсү, эркинче жойлоп, эркинчө жайлаган дооран кыйган өтүүдө. Үстүңдөн ак падышанын желдеттери, жаныңдан бизден жалдуусунган кыргыз манаптары капшыруууда. Кочушуңдан өз букараларың сымантай мөңкүп агылууда. Коюн-кончумда сендей боорлошторум чалпоолук кылууда. Эмки элге зомбулукту бипгизбей жайкап жасаш керек. Канжар менен эмес, кебез менен мууздаш керек.

Ашыкпа, саа тез берсем аламан салаарың бышык. Бүгүн ошент. Эртең аягың кантээр экен. Сенин көкүтконуңө кирип, түпкүрдөн колкого сураныш, бала-бото атаган, тил да болуп, кулак да болуп, көз да болуп, колумду да узарткан тилмечимди кагып-согуп кодуласам түбүбүзго зак кетээр. Мен го улгайып баратам. Аз жылда ансыз да омкорулаармын. Жашыраак кичи агаң экөөң эртелеп көөлөнөөрсүң. Береним, көк жал айбаттуулугуңда чек жок. Текебериң гана ашык баш. Эсиңди жыйсаң, биздин азыркы тукумдун ажаапы, түп тутканы сен болоорсуң. Как шондуктан сени кагылсын деп зекип силкем. Азыр болбосо, арааның жүргөндө ардагың акеңдин таалимин ойлоорсуң. Букарбайды бурдабай бучкагына тарт. Ал миң деген менен баарыбыздын башыбызды мыкчыган орус төрөлөрүнүн ишеничи, тыцчысы. Өзү бизге боорун берип, бала-ботолук антып актап жүргөн соң, сен үкөм, ага акаарат айтып жектебей, сырдаш, курдаш болбойсуңбу. Тилимди алсаң, сени ошого үйрөтөм, албасаң оз убалың өзүңө».

Тымызын арбашкан эки бир туугандын ичтеги заарын жалгыз гана жүрөк тамырчысындай сезимтал тилмеч боолголоду. Көбү улуу, көсөм аганын айдыцы, кичүү чининин ызаты деп анча капарларына да кыстарышпады. Аким агасынан да олбурлуу даңкайган, бирок, жанынын тынчтыгын каалап, көп толгонбогон момурагыраак, ортончу Султангазы турпабайын имеришимин этин көрсө коподонду. «Кыйын экөөң эл арасында эрез талашпай чекишип токтогонуңарга ыраазымын. Эсиңер бар да».

Байымбет менен Кашкары алда кайдан алдынан чабаганчы утурулап, дөбөдогү чоң болуш баштаган көзүрлөрдүн тобуна чакырганда жүрөктөрү опкоолжуду. Аларга узүл-кесил кумурска уюгундай чогулган калайыктын ай талааны тытмалаган далбасасы Мусакожопун коругун салууга аргасызданып, тирүүлөй кордук тартып жаткандай туюлду. Аттарын жапсардагы коцулга байлап, жөө энтиге, боордогу кошуунга, баарынан алдаканча бараандуу далдайган жогала сакалы көкүрөгүн жайкаган үзүктөй кымкапты желбегей жамынып, ак топусун казандай чокусуна кондурган Мусакожого жетер жетпестей колдорун боорупа ала, ийиле салам айтышты.

Адам жүрөгү таш эмес деген чын бейм. Алдын ала кооптонгон экөө жылуу мамилеге пымшый түшүштү. Жандарындагы салкын булак боюнда көрпөчө жабылуу,

күчүнө чыгарган ак кодол салынып, мейизге чайкалган кымыздан кырма аяктарга сунулду. Каралага багышталып, эшен чалыш анжияндык молдого куран окутулду. Эмпеге, кимге келгендери такылбады. Аларды озулорүнө кецештеш топко кошкондой кейипте, мурдагы масилеттер улана берди. Улам ойдон ченчи, старчындардан которулушуп, кайсы урууга канча саржан, канча теше болунгону, ким нааразы, ким макулдугу, ачык аяттардын канчоосу канчадан ченелип, канчоосу ченеле электиги, келчү жана дарексиз айылдардын эсеп-кысаптары такталууда.

Баш ийкеше учурашып, көз кысыша кыбындашкан менен Байымбет досу Букарбайдын колу кагазга, кулагы ар кимге кадалып качан жанын тыныктыраарын күтүүдө.

«Керегем сага айтам, келиним сен ук» дегендин жапсалышын куртказык окулдор жаземдебей көңүлгө болуштү. Качан күн кеч бешимге кынкайганда, эртеден локуюн отурган калыбынан козголбогон Мусакожо казанбактай сулоосун тебетейин жанынан апчый силкө кийди да, муун-жүүнү бошогон карыдай эмгектеп очорулбастан залкая шар турду. Ошону эле күткөнсүшүп калгандары жапырт дүрдүгүштү.

Чоң болуш далбайып, ойдогу быкырагандарга үрпөйгөн каш-кирпиктерин чачырата, балбыраган жапкагын жыйыра, алакай көзүн толук ача дүрбүлөнттү. Дароо чарасына төло бакырайган жан күзгүсү а деп ботонукундай жашылдана жашарса, анан олжосуна атырылуучу илбирстикиндей ачыга балбылдады, анан бейкапар өгүздүкүндөй тостоё томсоруп, акыры кадимки карттыкындай үлүндөп жапкагына, үстүңкү үксөйгөн кирпиктин кылдарына далдоолонду.

Аны кылдат абайлаган Байымбет өзүнчө жоруду. «Ушунча кыйынсынгандардын курчоосунда зордун зорундай залкайып, болочок коругуна демейде жабыңкы көз чарасын толтура үрөгөнү, тобо, ушуга да жеттим деген ыраазылыгы. Кайра бат эле ботонукундай жалоорун жашылдантканы — коругу толо байлыкты түгөл көрүп апкаарый сүйүнгөнү. Секирип олжосун баса жыгылчу илбирстикиндей балбылдатканы ырахатына канып, ырыскыца карктанам ээ дегени. Бычылган өгүздөй бейкапар тостоюп томсоргону — көпкө ээлик кылбай, колумдай жулдурам го. Окус ойлогонумдай бүтпөй, коругум ээп томсорсо, тиземди кучактап өгүздөй мөөрөп отурам де-

гени. Айбаттуу көзүн алсырата жумганы — кайран жан алакетим карыганда мага буюрбай, кимдердин талоонунда калаар экенсиң. Зордун түбү кор — дегени.»

Чоң болуш көптө аран, үнкүрдөгү аюудай күлдүрттоду:

— Ичкерки меймандар менен конок үйүнө аттаналы. Султангазы, Калпа, старчындар, элге түшүп ал-жайын сурагыла. Эртеңки өнөктүктү тейлештирип, намаздигерде үстубүзгө келгиле. Турдубайым, айтар кеңешим бар дейсиң. Сенин акылың менен айбатың, дайым керек маа. Жүрү, кошо бастыралы.

Отко коюлган аттар көмөлдүрүк, куюшкан, жүгөндөрү шарактай ойдон жетелеңип жетти. Суулугун кемирип ойсоктогон, бөлөктөрдөн даңкайып жоон жолпу сур аргымак, айдөөштөтө Мусакожого тартылды. Аны андан болок ат котөрбөстөй туюлду.

Көпчүлүгү аттары буерге келтирилбей төмөн кармалганын көрүп жөө ылдыйлашты.

— Баса, кайдуулат үкөлөрүм, муңга мүңкүрөбөй элге аралашчу күнүңөр жетти. Өзүңөр көрдүңөр, бу коруктү кара башымды катыш үчүн курдурбайм. Элдин намысы, элдин атагы үчүн. Кагылайын элден айланса болот. Карабайсыңарбы. Жалгыз башым канчага чегээ болмок эле. Куртка-Терек элинин сыймыгын көтөрүп саман келгендер көбөйүүдө. Ичкери шаарлардан өрнөк үйрөнөлү. Куттуу жерибиз кеңен. Ага корук жай салып, туракташ журттугубузду маалимдейли. Көп түкүрсө көл дегендей. Коптун иши экен. Бу силердин эл качан келет? — Добонун үстүндө дөбөдөй аргымак минген адамдын дөбөсү Мусакожо ээрининн кашынан артылта шыйрактуу бардеңке өңөрүнүп, дүрбүсүн мойнунан артылтып, жөө, эл аяңында кетүүгө камынган экөөнө сөз таштады. Байымбет Кашкарыга, Кашкары ага карай, экөө мукактана унчугушту:

— Келишет.

— Камынып атышат.

— Ушундай дегем. Ушундай дегем. Баракелде үкөлөрүм. — Күмүш суулукту карсылдата чайнап ойноктогон аргымагынын тизгинин кайкалата тарта:

— Сен, Табалдынып уулу, аттанып шар жонө. Эли журтуна салам айт. Каралага баралбаган жөнүбүздү, ошондо сапарга аттанганыбызды түшүндүр. Куран окуттук анжияндык дамбылдага. Алар келишкенде чогуу чараан дагы көрүшөрбүз. — Мусакожо үнсүз башын ийке-

ген уландан сакалын кайкыта Байымбетке көтөрө болкойду.

— А сен Тоголок Молдом, биздин аяң менен бастыр. Чогуу бол. Баса, сенин Жаркынбай чокундугун, уста орустары менен мага Сары-Иймекте там салып жатат, карагайдан. Ушундай, үкөлөрүм. — Шарт бурула, жолун ача, кыркаар тарткан атчандарды жирей шайбырлата жөнөдү.

* * *

Байымбет бу саам апкөй тил, азем мамиленин түпкүрү көп катмарлуу, көк иримдүү экенине көзү жете камсыкты бейм. Көп катмарлуулугу — зоока боюнун (тоо тектеринин) башы чопо, кум, анан бор, аки, анан катканаң сал таштар, анан акак, мармар таш (мрамор) түпкүрүндө алтын, күмүш, жез, калай, темир, сымап уюган асыл кендер. Көлдүн баары эле сыртынан мелтиреген менен терецдик катмарлары ар кыл. Тайызында тайпы, иримине ири жан-жаныбар, өсүмдүк...

Апкой тил — букараларды алдаса, азем мамиле — аяр даанышмандарга, дүмөктүү таш жүрөк баатырларга, мартабалууларга, даражалууларга арналат бейм.

Адам алакалары дагы катмарланып, жер, суу тектериндей ар уруу, ар уюктуу, ар аземдүү. Андай кубулма мамилелер дөөлөттүүлөрдүн гана чакмагында, кан ичерлердин калчоосунда.

Бакыр кедейлер оокаттары канчалык жакыр болсо, сөздөрү ушунчалык ачкоо, олдоксон, кыцк этин баш көтөрбөй термелеген мээнетчилдиги кайра өзүлөрүнүн шорун кайнатууда. Байкуштар жүк көтөргөн унаалардан, жемге сарпталган малдардан айырмалары аз. Неге алар муцун ичке катып, зарлашкандан көрөк, чогулуп тил таап сүйлөшүп, амал ойлоп азуулуу ээлерине каяшага чыгышпайт. Жапдарына таш батып кацайганда, уюган акылын козгоп ойготуп, жетектеген бироолор чыкканда тап бергенге, каяша айтканга батынышат. Бирок, көбүнүн көзү жалтаң, колу калтаң.

Кедейлер — момун кой. Күчүн, сүтүн, жүнүн, терисин аябайт. Залимдер — мал ээси. Койдун бут турпатын пайдасына жумшаса да ыраазымын дебейт. Арып-ачып, ылацга чалдыкканда кордоп тилдейт. Отондо жап кацайганда курган куба кой, жырткыч ээсине кимиси колдоду, кимиси кордоду айтышка чыгат, акыры жыгат.

Байымбет ушул толгонуудан улам далай тирмейип отуруп «Куба кой менен ээсинин айтышканы» деген жанытма казалды чүргөдү. Казалдын аягын Куба койдун ээсине датын айттырып мындайча бүтүрдү:

...Союп жедиң этимди,
Дарманымды кетирди.
Айтышып калдык мынчалык
Ачып койдуң бетимди.

Каалабайсың чыгымды
Билем сенин ыгыңды.
Куба койдо не жазык
Коң кылып жактың кыгымды.

Сөзүнүн байка жүйөөсүн
Куба кой жеңди ээсин.
Кой дегенде маани бар
Акылдуу адам билесиң.

Өзү, Кашкары, аларды шыноорлогон кат тааныгандар көчүрүшүп көпкө таралса, калайык аңдаар. Куба койчо букаралар канкор ээлерине, эмгегин, баркын баяндашаар.

Буга акын сезимин коншогон түрткү — өмүр бою аралашкан ажырым, өзгөчө чукулдагы чоң болуштун көрүк курдуруудагы калайыкты бөйдөй кууруган зомбулугу, аларга адегенде апкөй, анан ажаан сөздөн бөлөк жакшылык ыроолобогону болгонсуду.

Ал неге ашкере жапакеч жаралды экен. Эл ичиндеги эселектикке, зомбулукка, кайгыга өз жабырындай сабылат да, кыжырланат. Адилет тебеленип, арамдык өкүм сүргөнүнө ызырынат. Жакынкы бир окуядан соң, жашырынып, качып бастыра берген. Көңүл сергитем деп аттанып, кайра кетпес кек, арылбас арманды арбытып кайткансыйт. Калемине муңдуу сырын оймолотууга камынып, жаңыдан гана «Куба кой менен ээсинин айтышын» бүткөндө, кансыраган оюн жыйынтыктоого, жапытмабы, же ачыкпы кандай түрдө ыр тизмегине илүүгө, ошентип азыноолак купуя мыжыккан жүктөн жеңилдөөгө чыгынды. Айылдагы эркек аттуу түгөл, Кашгарысы да Мусакожонун коргонунан кайтыша элек. Кемпир-кесектердин ага жолтоосу жок. Күкүктөгөн Куртканын жээгиндеги токойду аралай, суунун шары, чымчыктардын чаркылдаганына маашырланып, мээ сергитип... Өргөөсүно жалгыздап, калемин таптап... ыгын келтире албай, шык доотусун чакыра алектенген учурунда чабагайчы кат жеткизди.

«Азиз достум, Молдо Байымбет. Сенин баягында айтпай-дебей сызганыңды билип, жожоюп булкуйду. Чочуба, ал сени айыптабайт. Ага сырдана мен, сен үчүн калп шылтоо таптым. Не десең, Чүйдөн жугуза келген калтыратма безгек оорусу кармап менден суранды. Кечиресиз, таксырым, сиздин сыртыңыздан бийлеп кетүүгө уруксат бердим деп жайлагам. Кечээ кайрадан эсине алып — баякы Тоголок ырчыңдын «безгеги» айыккандыр. Чакырт. Дубал соккон эл чендерин бүткөнү калды. Бир тайкысын таратаар алдында, сакалдуу-көкүлдүүлөргө түлөө жасап, оюн-тамаша куруп берели. Катышсын — дейт. «Семетейиңе» ыраазылыгымды дагы билдирмекчимин. Аяшыңдын сандыгында катылуу бойдон. Корук балекетинен кутулуп жайлоологондо окуп, түболүк тозбос белек катары бапестейм. Достум, жок «безгекти» таңканыма капа этпе. Токтоосуз кел. Боорукер кургурум, Токтобектин алышка тирүүлөй басылышынан өңүң кумсарып, титиреп калчылдаганыңды байкагам. Ошондон күйкаң курушуп, кудуганыңды билдим. Залимдер, кан ичерлер курулушка канча момундарды курмандыкка чалышпаган. Өзүңдүн эле Курткаңдын Нарынга куюшундагы кокондуктардын чеби салынганда, чептин мунара чыгарган ар түбүнө тирүүлөй усталардын өзүлөрүн жаңшыра урдуруп кеткенин эсиңе салам. Азыр коркоолордун тизгинделип, айбыгып, тыйылып калгандагы кылыктары ушул. Достум, сен калтыраткан «безгегиңди» айыктыр да, шар жет. Азиз достум, неге чакыртат дээрсиң. Толук билбейм. Эрмек болсун дейт. «Манас», «Семетей» айтаарсың же казал ырдаарсың. Бошкой сени келеби, жоқпу дет жойпуланып сурады менден... Билбейм... Эстүү жансың, мага даярдана кел. Дувай саламым менен. Сенин күткөн азиз достуң Букарбай деп бил».

Байымбет аттанаарын аттанды. Кара сапатайлык жолтоону карачы. Букарбайы кантсин. Дал айтканындай Токтобектин тирүүлөй алышка басылышы жүрөгүн безгектей калтыраткан. Ошону мүңдуу, даттуу казалга айлантууга илхам чакырып, үндөгүнө келтирүүгө чукулдап чыгырканбады беле. Кудум кырмандагы кыпкызыл таруу жемге коноор когучкондой элестетти өзүн. Апанчы, Ачыкка көгүчкөндөр жабалактап кырманга канаттарын жайып коноордо бирөө мылтык атып кайра кыйсыпырып түшүрө учургандай, чабаганчы сапаасындагыны сапырылтып, жайдактап баратнайбы. Арийне, жүрөккө түйүлгөн каргыш тамгасы, зулумдардын дооранында Бу-

карбайы эскерткендей мупу менен бүтпөс. Шордуу Токтобек! Аны Байымбет мурда таанычу эмес.

Ат басыгы алгалай берди. Акын ою Токтобектин курмандыкка чалынганына торголду...

Коруктун ичинде чөп, бадалдарды, айбанаттарды сугарып турбаса кургап калат. Суу азыр да, ылайды үзгүлтүксүз чанактоо үчүн, эбегейсиз дардайган аймакка жетишпей талаштар чыгууда. Капчыгай түпкүрүнөн чамынган тоо дарыясы Куркадан чоң алыш буруп, сууну кузгундатып келтирүүгө болоорлугун атайын чалгынга жиберген мурапгар далилдешти. Булчуңдуу азаматтарды, кыбаачыл карыяларды казганактатып, кошун-кошундан жыйып, Чоң болуш жап-жөкөрлөрү менен өроопдү толтура аттанышты.

Уйдай, тоодой, үйдой таштарды жылмалай, урунуп-беринин көбүктөнгөн көк мөлтүр удургуй атырылган, карагай, тал, четин, кайың, бадалдуу, кабышкан аскалуу капчыгайды жацырткан дарыянын алыш бураар жээгине жабалакташты калың эл. Карса-күрс, тарса-турс, бутактарды кыйгандар. Астына шыргый калтектерди туш-тушунан сойлотуп, азаматтар олчойгон сал таштарды боорлордон, жээктен кулатып, тентек дарыяга ыргытууда. Коптүн күчүнө айланса болот. Жеңилирээк, кичирээк таштарды чамберек аттыра суу эпкини серпүүдө. Оюго карабай улам зор салдар калдырт-күлдүрт эки белестеп тыпымсыз үймөлөктөлүп, долу дарыяга такоол болуп, бөгөй баштапты. Астыларына, жылчыктарына түбү менен кыркылган кайың, тал, четиндерди, боо-боо бадалдарды шыкашып, балбан аттарды, жалына дейре көбүк сууга чөгөрө, балчайган булчуңдуу жигиттер аларга колмо-кол сыртган ыргыткандар, апткиле, минткиле деген илээчил аксакалдар бака-шака.

Тилсиз долу жоо менен быкылдаган адамзат шашкеден бешимге дейре тыпымсыз кармашты. Боготт жасалган менен, атырылган тоо шары, улам жырып, адамдардын шайын оодарды. Балбан деген аттар да, эр азаматтар да алсырап баратты. Күн кечтөодө. Түпгө калса, караманча жыруусу ыктымал. Казганактаган калайыктын күн бойку эмгеги талаага кетчүдөй. Мыктылардын тобу кужурашып, шацдуу үмүттүү келип, үрпөйгөн элди аяп да, ызырынып да, айла, амал издешти. О бир маалда селде орогон кожону ээрчитип Мусакожо, калгапдары аларды бучкактап, эстери эцгиреген иштерман топко чукулдады.

— Калайык, касиеттуу кожо, бу ажаан сууга даба болчу жалгыз гана ылаажы бар дейт. Макулсуңарбы?! — деди коцкарганыкындай ачуу добуш аргыта чоң болуш.

Каржалып бүткөн көпчүлүк, касиеттүүлөр ылаажы табабыз дегенге чуру-чуу көтөрүштү:

— Макул эмей!

— Нө деген ылаажы?!

— Баятан ошентсецер болмок!

— Азыр да кеч эмес!

Мусакожо уцкуюп кайрылганда, селдеени шацкайткан кожо ак чапанынын коюнунан китебин суура, бетине тийгизе, көколотө кармай, мукамдуу үнүн созду:

— Бис-сим-ил-ла! Алла таала, мындай учурда баш бербеген жандуу сууга жандуу курмандыкты чалууну ылайык көрөт.

Көпчүлүк кайрадан толкуду:

— Жандуу курмандык?

— Чалынсын, чалынсын!

— Ак боз ат союлсун!

— Боз ицген чалынсын!

— Ак кочкор мууздалсын!

Кожо колу калтырай китебин тутамдаган калыбында чоң болушка сакалын силкилдете бирдецке шыбыштады. Чоң болуш ага акырая жанакыдан катуу бакырды:

— О, журт, союлат, союлат! Качан алыш бекин, суу толтура акканда оозуцар майланат. А касиеттуу кожоюндун ырымы башка. Жарда кожом!

Кожо моюнун көтөрө, азан чакыргандай кырааттай заңылдады:

— Арацарда Токтобек, Токтогул, Токтобай деген азаматтар барбы?! Арацыздарда Токтобек, Токтогул, Токтобай ысымдуу эргул барбы, бардыр жашырбацдар журт!

Эл дүрдүгө түшүштү. Алда не шумдукту сезгендей эл күнк, маңк кылчакташты. Кожо кайталады:

— Элдин, ата журттун намысына жароочу Токтор, Токтобек, Токтогул, Токтобай аттуу ичицерден бирөө габылбайбы?!.

Кожо менен кошо ачуу кыйкырыкка үн коштубу, чоң болуш лакыйган тошүнө сакалын биринде те, көк нооту кемселинин боорундагы күмүш кемерин жарк эттире, кымкап чепкенинин өцүрүн сыртка далп желпе, олчөйгөн кулачын артындагыларга бурула серпти. Жылып-жылып эл ичине жасоолдору сүрдүктү. Кожо эми коркок корооз өцдонүп, кокосу айрылганча айкырды:

— Кана эл ишине, журт намысына жароочу азамат, Токтобек кайда?! Токтобек барбы?!

Түртүшүп, ким кимине алактай караша, ичтеринен кан өтө дымыган жамааттын арасынан заңк эткен үн чыкты:

— Бар Токтобек! Мына!

Жабалактаган көздөр дагдайган төшү ачык, курмушу калпак кара жигитти аркасынан, колтугунан түрткүлөй ортого чыгаргандарга делдейишти.

Чоң болуш Кожого башын ийкеди.

Кожо куранды колтугуна сойлото алаканын жайды:

— Бали, Токтобек баатыр! Ата журттун ыйык ишине жараган азаматтын азаматы! Алыш бууму жырылып аткан жерге жатып көр. Жандуу баатырдан жаалдуу суу жалтанат, буулат. Үстүңө коңулдата чырпык таштан, анан жабалактаган эргулдар эсен соо сууруп алышат. Оомийин! Токтобек баатырга бата бергиле!

Мусакожо баштап чурулдап «Оомийин!» дешти. Тегеректеген жасоолдор, алардын айдыңындагы жигиттер күргүштөгөн сууну жөө, атчан жирешип дардайган «Токтобекти» дал октоорулган шар жырган коңулга узунунан жаткырышты. Суу көлбөп, токтолгонсуду. Кыйкырык, сүрөөн менен талдар, сал таштар, этектей чымдар үстүүстүнө лак, лак жыйылды. Сууну шарынан Токтобек аталган кургурдун бакырганы же үн чыкпай көмүлгөнү угулбады. Алды артынан таш, карагай, кайың тоодой үйүлүп тирүүлөй курмандык, чымын көмүлгөндөй дайынсыз, алышты бөгөп жан берди. Адегенде чырпык ташышкан Байымбет каңырыгы түтөп күңк-мыңк сөгүнө айдактагандарына карабай тескери баскандардын арасында алыстан карап, анан карагай черге далдоолонуп качып жөнөдү.

Мыкаачылардын кара бет жүзү курусун!

Мыктылар алыш буулуп, суу көлбүп акканга шатыра-шатман күүлдөп бата кылышканын көрдү.

Көмөкөйү кыстыгып, көзүнө жаш толуп «Токтобек» окуясы элестелип Байымбет уктай албай жүрдү. Көрсө курмандык, кул катары Келдибек уулунун эшигинде жүргөн аты бөлөк, көрөр, сураары жок курган экен. Чыныгы Токтобектер болсо да, мындай бети кара курмандыкка чалынуудан качышып тымпыйыптыр. Эл да аларды мына деп чыгарып бербептир, деген имишти кийин эшитти. Айласы куруганда чоң болуштун өзүнүн жақ-

доосу менен желдеттери декдектетип өзүлөрүнүн жалчысын чыгарышпадыбы.

Эми ошо Токтобек аталган адам тирүүлөй бөгөлгөн алыштын суусуна курулган зулумдун коругунун тоюна баратат да. «Менин келээр, келбесимди чоң болуштун жойпу ырчысы Бошкой сурамжылап жүрүптүр. Аның менде не аласа-бересеси бар. Көралбастыгы белгилүү. Мусакожонун жанынан сүрүлүп, жылуу орунун мага тарттырам деп чочулоодо. Жасакерлик өзүнө эле буюрсун. Чоң болуштун мени тооруганы ырас. Сендей элпек эшик ырчы болбосумду билип, кандайынча башымды имерип, үйүрүнөн чыгарбоонун амалын ойлоп жүрөт кылкыйма митаам. Достум Букарбай аркылуу, ыраматылык Карала ага аркылуу да кысмактап, тилмеч-эсепчиге жардамдаш болсун дегенине чала чарпы көнгөмүн. Бирок айылына көчүп барып киринди кире элекмин. Эми кирбесмин дагы. Коколой башым калды, батар коңул табылар. Көкүрөк булагын эркин толкутуп, ой шыгымды эркин чабыттатсам, элкин бастырсам. Нускамды кол китепке түшүрүп элкин жайсам. Эл көңүлүн жибитип, агартсам, көгөртсөм... Түркөй калкым тумшугунан алысты көрбөйт, турагынан алысты билбейт. Төрө, манап, болуш, бий, старчын, молдо, кожо, соодагер байлардын талоонуна, алдоосуна, эзүүсүнө чыдаган, карацгыга тумуккан эркиз лөк. Аларга дүйнөнүн кецдиги менен тардыгын, ар уруу алга жылган элдерге ортоктошуу, өнөр, билимдин алгылыктуулугун казалдап элкин жардасам. Жайлоо, кыштоосунан алыс барбаган кургапдарыма тили, дини буруу сан жеткис калайыкты, төгөрөктүн чекеиз төрт бурчун маалимдесем, мисалга. Алакалаш орусия падышалыгынын кецири танабы, сарбаздарынын сансыздыгы, курал-жарагынын эбегейсиздиги, кол башчыларынын мыктылыгы, бүт батышты тебелеп орустарды да ойрондотууга таандай кол, ажаан курал менен Маскөөгө дейре сүрүп кирген оёндун оёпу делген Прапсия падышасы Наполыйонду, айыгышып, көпөөрүп отуруп, төрт жыл урушуп, кайра куун ийнине дейре киргизип талкалаганын, түндүктөн шиеддиктерди, түштүктөн түрктөрдү алсыратканы, акылга дыйкан окумушу күч илимпоздору, ой-кыялы чалкып адилеттиги туу кармаган, жакырларды карацгыдан жарыкка үндөгөн акын жазгычтары, ошол топон суура гозгон, учу кыйры ай-ааламга серпилген мамлекетти үч жүз жыл Роман тукумдары башкарганы жонүндө мен баяндабасам ким түшүнмөк

журтума. Алардын ичинен акылман падыша Петр Биринчи өзү курдурган шаардын атын өз наамына койдуруп, Орусияның борборуна айланткан».

Жаки, аш, той, өлүм ырым-жырымына журт топурап кол жыйылганда «чала молдолор дин бузуп» каңырыш, калпитарды, кур жаттаган куранды бурмалап, пайгамбар, саабалардын жон жайын жөмөлөп, апыртып, ансыз деле богулуп-чогулө колдо барларын аянбай, чабылган түркойлөрдүн ого бетер үшүн алып, бийликтин ыксыз кошоматчылары алкы бузук сопу-молдолордун так кесири абийирин ачып, ансыз да зыяны арбын диндин жол жоболорун, пайгамбар саббалардын таржымалдарын чечмелейт. Өзгөдөн да казак, кыпчак, өзбектер менен эзелтен канатташ бирде оксүп чабылып, бирде өрүш жайып өнүгүп, тилин, салтын, өнөрүн, тиричилигин улап келаткан жоокер, жоомарт элдин тукуму кыргыздардын уламалап уланган санжырасын ооз жүзүндө да, кол китепке түшүрүп да таркатат.

Санжырасы кагылыш-кармашта гана эмес, дил, сезим байлыгын айкындаган тоолук журтунун «Манас» тал чокусу болгон толгон дастандарын, жомок, лакаптарын, уламаларды ырга айлантат. Жамият букара журттун мүдөөсүн, муңун оз казалдарына жазат. Чамасы жеткенче кол китеп аркылуу жаят. Анын кол китептери — кочүрмө дептерлер жеке Куртка-Терек түгүл, Нарын бою, Жумгал, Кочкор, Чүй өрөөндөрүнө колмо кол өтүүдө. Айыл-айылда бирин-серин Кашгары сымал кат тааныган ыр өнөрүнө шыктуу эргулдарга окутуп, кумар калдырууга кулак түрүшүп ат чаптырып сурап алдыргандар арбууда. Арийне көчүрмөлөп колмо кол узаткандар андан бар дейт. Анын аты, атагы учугу узун жергесине маалимделе баштаган соц, мындан ары кыпындан тутанган жалындай жалбырттаар бекен? Же үлп этип өчөбү? Өчпөско, орттөй албырууга талпынат.

Навои, Низами, Бердак, Хафиз, Мактымкули акындардын жазгандары, араб, фарс, түрк жомоктору мыкты көчүрмөчүлөр аркылуу укумдан тукумга жайылып отурбайбы. Мына, кечээки торгойлук кыпчак Ыбырай Алтынсарынын, жаңыдан атагы алыстаган сары арканын чыңгыш тоосунан Абай Кунанбай уулунун, эр жүрөк Мукамбет ырчынын, замандаш өзбек жазгычтары Фурхаттын, Мукиминин, Завкинин нускалары жетип атканда, алардан кем согууга кандай жөнү бар.

Атаганат ойлогон ойду тагдыр ойрондотуп атпайбы.

Санаасы тынығып, илхам чабытын күргүштөтүүгө күжүлдөп киришкенинде жайлуу ордосу жароокер жарынан, оңол тоодой тиреги белдүү тууганынан ажырады. Минтип коюн колтугу коцулдап коколой бастырып калды. Жанакеч жаны кайрадан шыкты козутуп каржалбас кайрат, муцбас мүдөө ыроологонсуйт. Мүцкүрөп чөкконүндө ошо мүдөөсү жетелеп баш котөртпөдүбү. Илхам, шык. Мүдөө. Анын колдоочусу, күчү. Аларды андан эч ким тартып алалбас. Бир кокую-бийил жай кайдуулаттын Карала бийге аза күтүп кара жамынган айлында, (оз үйүндө Сейдеш менен перзентин жоктоп) анчелик шайырлык деле жарашпас. Ата көрү, ылаажы табылып, жер оодарса ээ... Каякка? Кимге? Эмнеге?

Байымбет ат жалына казан аса, өзү менен өзү алектене жол кыскартып жеткенде көргөнү... Коруктун ноолосынын тоо тилкелеген башы гана жыш урулган. Жан жактарында тай чабымдан ацырайган ачыктар. Учу токойго кептелмек, аягы андан кур. Алар баш бербеген уруулардын үлүшү. Чоц болуш канчалык элди каратап чамынса да жайдак талаадагы ысыктын күчөгөнүно чыдабай алды эки ай моюндап, аркасы кырк күн жата конуп, атаандаша эптеп бүттү бүттүсүнө салып, коштундар дүргүп чет четинен тарай баштаптыр.

Үч бакса калыц дубал, чептен бетер дардайып алда кайдан чубалса да, ортолору ачык ацырайып ушу бойдон бүтөлбөй, бара түшө ураң бузулаары, негедир Байымбеттин жүлүнүн чымыратты.

Акыйкатта опсуз зордукчунун курган рабаты өзүнө буюрбай тер төгүп, кол жоорутуп, карек талыткан элдин энчисине калат. Же эч пайдасыз ээн кууран, каргышка айланат. Мусакожонун бу коругу да ошентиши айныксыз.

Курулушчулардын мынчалык узакка чайпалышын, кечирээк келишсе да иштерман дыйкан — кайдуулат тууганды ры, анын ичинде иниси Байтымбет, шакирти Капкарыдан эшиткендерин эсине тутту. Ылай чөнөктөөгө суу аздап, кезмет күтө талаштар күчөйт. «Токтобекти» байлап бекиткендин эртеси элеби же ошо түнүбү суу алыштын теңин кайра жырыптыр. Имишке караганда «Токтобекти» тааныган өзүндөй кара тамандар жашынып калышып аны сууруп тирилтип көз көргүс кулак уккус жакка качырыптыр. Жок, тоо корумуна, арча түбүно комүптүр. Жок, бекиткен алыш эч бузулбаптыр. Күнөөсүз момун шейитке айланып өзү эле сууруллуп чыгып көздөн кайым кетиптир. Кантсе да кара жолтой

алыш бекиген менен Токтобектин кусуру уруп, ташкындаган дарыя боксөрүп жарытылуу чыгарбайт экен. Демек, ошол угулган имиштерден сестенип чоң болуш, жек жаат, көрөр көздөру менен экинчи алышты ондотпоого шерттешиптир.

Демек дардайган корукка суу жетпей кууран, көзгө суук тартаары бышык...

* * *

«Көзүм көрбөсө куйругумду бору жесин» дегендей билермандар өзүнөн өзү соолубуцку азайган тоо суусу, сырдуу алыш, бүтпөгөн корук аяцынан чочулашып, купуя кецеш куруп... жасоол, старчындарынан гана калтырып, жаканын сызгырылган ысыгынан казылары эрип, тамактары кургап, салкын тор жайлоого түн ката дүрдүгүштү.

Соң-Кол жайлоосунун Аксай, Көксай өндүрүндөгү бураган бетеге, кашка беде, мекире, жылтыркан, тулац, кара кыяк, көдөө катыш чөптөрө, кобургөн, кымыздык, козу кулак, шимүүр, улар гүл, ак кодол, аралаш жыпар жыт лепилдеткен керимселдүү конуш. Корук курдурам деп жаканын ысыгына тер булоолонуп ылаалаган чоц болуш Мусакожо эки күн жайлоонун серүүн ырахатына колцүгүн өз өргөөсүндө сапарлаштарынын эч кимине үн дебей тыныкты. Контогондор окчун оргөөдө ага даабай, бөтөнчө, анжияндык соодагерлердин чый-пыйы чыкты.

— Ат көтөргүс чоц болуш өмүрү жаканын ысыгына мынчалык какталбаган чыгаар. Очорулуп турбай калыптыр. Серүүндөп, ой-ойлоп жатат. Карта кагаз, унай, тогуз коргол, чатыраш ойноп, кымыз пимирип, эт-ашка маалкып эс ала турушсун. Ырчы, комузчуларды эрмектешсин,— деген жардыгын Байымбет Букарбайдан эшитти.

Семиз неменин аздыр-көптүр бийиктикке өрөпкүй, деми кыстыга күйүккөнү чын. Уулжан, сооган жыттап тез эле күйүгүн басты. А пейилинде соккону булар: түлөө өткөрүп, өзү менен кошо жакада какталган ноёндордун көцүлүн жубатуу, мартабасын көргөзүү. Анча-мынча манчыркап сөөлөттөнүү. Аттигиниц дечи, ойлогонундай бутсө, корук тоюн кец Соң-Көлдү чар тараптан өрдөп чыккан Жумгал, Кочкор, жогорку Нарын элинин мыктыларына кабардап кадимкидей көл-шал берекелүү өткөзбөйт беле. Анда бул аймактагы чоң жаңылык катары

коругу, демекчи өзү даңазаланмак. Негизи курулду, чаласы бүтөөгөр. Арбак урган Касымбек, атасы Баатай экөөнүн терсаяктыгы, жаат кураганы, алардын көкүтконүнө кирген кээ уруу манаптарынын саатынан башынан туура өлчөнгөн аларга тиешелүү далай аянты кемирейип ачык калбадыбы. Алар да чындап бузулбас, журт ынтымагына көнөөр. Мурдакы ыйкы-тыйкыпы корук шылтоосу менен тыялы деген сокур үмүткө жетеленбедиби. Атакөрү, антпегенде карамагындагы кыцк этпес уруулардын чамасына чактап, саал кичирээк курдурмак. Канткенде Касымбектин сазайын окутаар. Астапыралла, илгерки доору өткөн. Болбос-со... Касымбек, аны колдогон майда, орто манаптар Орусыяның төрөлөрүнө арызданып, ак падышаныкынан сыртқары Мусакожого кошумча чыгым төлөп, сасык жем боло албайбыз. Жерибиздин танабы, элибиздин саны аныкынан арбын. Болушубузду болүүнү өтүнүп өкүлдөрүн чаптырып, кымбат тартууларын жөнөтүп, Чүйдүн төрөлөргө жакын кадырман кишилерин ортого салып жатат. Куу чал Баатай, сары өзөн Чүйдүн, губернатор турган Пишпегинин жанындагы солтонун баш манабы Байтикке куда түшүп, озүнөн өткөн шум уулу Касымбекке кызып алып берди. Как ошо кудасы Байтик аркылуу уезддин начальниги Талызиндин колтугуна кирүүдө. Бурандатат деген ошол.

Мусакожо тим жатыпты. Түбү жээн, ага кошумча кичи энеси, атасы Келдибек баатыр кызым атаган Жантайга кадыр колкого өз колу менен узаткан айтылуу Мөөр сулуудан иниси бар, Шабдан аркылуу ал да, түбүнөн өйүз-бүйүз бир элдигин, куйту Касымбекти, куу атасы Баатай экөөнү ырк бузган чыккынчы катары жазалоону «далилдеп», элчини да, энчини да губернаторго жөнөтүүдө. Кимди ким? Уездцик төрөдөн ачык жооп жок. Аягы эки-үч жылга уларууда. Тыяктан да, быяктан да кекиртеги майланган оёз эки анжы, ал түгүл саал Касымбекке тартқандай. Араздашууну текшерип тындым кылууга полковник чинден майда төрөлөрдөн келгендери андан бетер быякты да, тыякты да опузаламыш этип, эки жактан тең парага карктанып, Пишпектен чечебиз деп жооткотуп жолго түшүрүүдө.

Кантсе да Касымбек анын москоол белин очорултту. Болуштукту бөлүүгө чала бучук сөз алганбы, таянганы бар үчүн баш бербей, коругун комсоолонтту. Мусакожону чыныгы өрөпкүтүп, өпкө боорун куушурган дарт мына ушул.

Байымбет, былтыртан бери өлүм-житимге басылып, ирип-чыгып көңүл айтып, бата окугандардын назарына йланып, тирүүлүк, жакындык жана ажал, ажыроо каатындагы эриш аркак маектерден, дин, турмуш, сан-кыра, салт жөнүндөгү баарлашуудан да далайды оздо-үрдү. Илбээсин, көрпө тебетейчен, ак калпакчан, чаар опучандардын дүргүгөн тобуна аралаш жайлоого жет-кени ан үчүн ондой бердисине салгандай. Букарбайдын ргөөсүнө башбакканы ага, кайтадан суз тарткан жаш мүрдүн жаркындыгына, каткан чердип эригенине, каа-а-салттан тышкары да, анык курбулук пейилдештиктин абына балкыды.

— Буюрбаган ашка мурун канайт. Аяш алыңыз,— еп астына тамак,— көрүңүз, окуңуз — деп аштан да су-ула эт-бетинен кеткен акын доско уук, керегеге кыста-ылган, куржун көздөрүнө солонгон газеталарды, жур-ал, китептерди жайната,— кап, кырсык оңбосун. Сейдеш аяш болгондо чогуу жүрүп, чогуу сыйлашпайт елек. Биздин киши жар болсо Сейдештей болсун деп ябай мактайт. Жолукпай калбадыкпы. Эми өзүңүздүн лтын баш аман болсун. Досуңуздун эки оозунун бир озу эле сиз. Бу аймакта булардын кадырына жетип куучу дээрлүү азамат жалгыз сиз дейт.— Букарбайдын кап колуктусу эпилдеп, эзелтен сырдаштай анык достун кары-аяшы экендигин айкындоодо.

Зор манаптын жан жигитине бүткүл элден тандалган олукту Букарбайдын кубанганынча бардай. Таза абада, инак даам татып, адептүү чөйрөдө өскөн тоолуктардын араза бойлуу, көзү бажырайган, тогологураак бетинин ту кызылы кызыл, агы ак нурланган, кыймылынын, мү-өзүнүн назиктигине гүлдөй ыргалган ичке денеси жа-ашкан татына, сүйлөгөнү да, иштегени да талтөөндөй кыл карачач кыздарынын бири экен.

— Аяш, өмүр бою экөөңдү кызыр жылоолосун! Бу-арбай экөөң издешпей табышыпсыңар. Тагдыр деген индин бирин кайдан-айдандыр таап кошот. Жаки Бу-арбай кайдагы, сен кайдагы, Букарбайдын байлыгы се-иминде. Албетте, чоң болуштун билерман чоросу деген алай сасык байдан жогору дечи. Сылык, сыпаа. Көңүл-ү калтырбай, өмүр бою кадырыңа жетет. Бактыңарга ртоктошмун, аяш,— деди Байымбет муңайым.

Күкүш эки өрүм кара чачын согончогуна эпилткен олпусун шыңгыр эттире, жаңы жибек көйнөк, макмал емселинин шуудуруна куюлуштура шыңк этти:

— Айтканыңыз келсин акын аяш. Сиздин казалдарыңыздан досуңуз окуп берет. Эсенчилик болсо, өз оозуңуздан да жацыларынан угуп калаарбыз.

Экоонүн баарлашканына курсанттана, кур кыпчылууну осол ойлоп, койкойгон Букарбай эми ыгы келгенде сөзго аралашты:

— Бул сен экообуздүн тоюбузда күйөө жолдоштук ырга карыз. Жараны кайра ырбата бербейли. Ушу күндөн баштап экообуз шайыр досубузду кадимкидей калыбына келтирбесек достугубуз кайсы. Эми эле ырдап бер де Күкүш.

— Оозум барбай атпайбы. Кана аяш. Каналыкты таркатуунун башы деп...

Маалкатчу жер бар. Жадыраган экоо анын абалын абдан мыкты түшүнүп, оорун жеңилдетүү, кайгысын жоюу алекетинде го. Булардан тартынып, качаңкыга дейре оозуна кум куйгандай муцаймак. Айтса айтпаса төгүнбү, ыр жаны го. Бирок үн созбой ичинен кайрып, кагазга тармалдантып кайгы баш тукулкурабадыбы.

Далайдан таңшыбай буктурулган добуш буулуга түшкөн бейм. Кардыга, муцайыңкы созолонду, чиркин, чалпоо жүрөктү да муң-зар муунткандай:

...Таалайыңа кез болуп
Табылса жакшы ургаачы
Жакшы аял дүйнөүп
Табылбай турган урматы.

Азамат эрдин бактына
Акылдуу болсун аялы.
Эл көзүнчө урушуп
Эриңе тийбес залалы.

Айттырбай билет сырынды
Кагаздан окуп билгендей.
Асыл заттын поруму
Азелден жүрбөйт түрлөнбөй.

Керилип басып түрлөнүп
Керемофон үндөнүп
Кейитпейт сенин дилиңди
Кезеги менен үргөлүп.

Алганы жакшы эр жигит
Ачылган кызыл гүлдөйсүң.
Апта сайын бүрдөйсүң...

Үчөө элкин ырдын ырахатына чалкып жубайлык наркз, суубас махабат, эриш аркак сый, урмат, жакшы ургаачынын жагымдуу мүнөз сыпаттарын жактыра жыл-

дыздана жылмайып да, шарактай күлүп да, күбаттай тамшанып да шаттанууда.

Жайлоонун мемиреген тынчтыгы, тунук абадан көшүлгөн керимсел акындын үчөө үчүн гана жыбылжыган дабышын жецил өргөөдөн калкытып, сырттагыларга, конуна өргөөдөгүлөргө жеткизүүдө. Ансыз да зериккен тоолуктар, өзгөчө жаштар капилеттен жел менен себилген булбул таңпыкка жүрөктөрү элжирей, жумшак шибердин шуудурун чыгарбай, жай жылышын жеткенче үзүлбөй улана, ырчынын ажайып үнүн гана тургай, озун көрүп, бетме-бет тыңдасак экен дешип... адегенде үйгө жетип туурдукка жабыша кулактарын тошөй, анан сырты оймо кийиз чий эшикти акырын ачыша суурулуп кирүүдө. Билинбей үстүнө киргендер Букарбайдын жаңы оргөөсүнө толбосну.

— Акынды эл, элди акын аңсайт. Капысынан аңдып колго түшүрүштү. Мынча болду, жаагыңды жаныл, жаңса,— кезегинде көрүнгөндүн бурчунда сыгылып, эми төрүндө ырчы сайран, каншытында калайык толгонго короздонду үй ээси.

— Оозуңа май.

— Өнөрү өркүндөсүн!

— Молдокенин көзүн көрүп, ырын угууга зар элек. Ырас болбодубу. — Шайырдын назарларын сындырбасына ишене, жайланып отургандар туш туштан жардана суранышты.

Алмузтактан ызааттаган элдеп акын аянган эмес. Курушкан дени жайылып, бекиткен казыпа оозун ачып, онөр зээрине оркочтөгөн Байымбет, эл жыйылганда өзү да токтоно албай жайдаңдады:

Болот калем безилдеп
Жүрүп турган кезегим.
Аңгемени ар түрдүү
Билип турган кезегим.
Ак кагазга нуска сөз
Илип турган кезегим.
Угууга келген жалпыңа
Улайын сөздүн неченин.

Даражалуу журттун жаш-карысы чогулган соң, жалпыңардын жарпыңарды жазаарлык нускадан кеп козгоюн. Көргөнүңөр аз, билгениңер коп. Кыргыздардын мекен журту жонунан Ала-Тоо, Керме тоо, Улуу тоо аталат. Мына биз турган кең төр Соң-Кол чордону дейлик. Башы Ак-Сай, Чатыр-Көл, Торугарт, Арпа бар. Алтын кү-

рөк аталган сары өзөн Чүй, Чүйдүн башы Көк-Ойрок, шарапаттуу Ысык-Көл, Кетмен-Тобо, керилген Анжиян, Фергана, Нарындын башы Тарагай, Солтон-Сары, Сокулак, Курттуу-Көл, Балгарт, Кара-Саз, Кантеңирден бөлүнүп, каркайып сонун көрүнүп, Алай менен Мурган бар, Атактуу Манас жердеген Талас бар. Айтылган жергелердин элесин чубуртуп «Ала-Тоо» казалына топтогом. Оюну ойсуратсам кантет?!

Жапырт баш ийкешип, карылары алакан созо бата берип, жаштары суусун кандырчу казалды шыңгытууга даяр шыпшына жагалданышты.

Бул олтуруштун ээси Букарбай досуна да, угуучуларды да шерденте:

— Казалдын казалы бар. «Ала-Тоону» мен окугам. Укпан жан да, укпаган да арманда. Байымбет молдо өзү эскерткендей кыргыз жеринин баш аягынан, жалпы хайбанат, өсүмдүк байлыгы тууралу маалыматка тунасыздар. Кана достум, таштаң,— деди.

Байымбет көрпө көлдөлөңгө чоголой, тизесиндеги дептерден көзүн алыстата обонун жылмыкытты:

Ала Тоонун арасы
Жалпы жердин сарасы...

башталганда эле «Жер сонуну Ала-Тоо» дегенге ким кимининн мактаныч сезими оргуштай жымырай, акын эпкинине сыйкырланышты. Шыктуулар анда-санда ажарлуу түрмөктөрдү, көкүрөккө илүүдө. Маселен:

Кантеңирден бөлүнүп
Каркайып сонун көрүнүп.
Төрт түлүк малга адамы
Жырган жатат чөмүлүп.

...Кымызын ичип кызарып
Кыргыздар жатат жээлигип.
Аркар менен кулжасы
Эчки менен телкиси
Айдан койгон адам жок
Эркинче жүрөт семирип.

Элик, бөкөн, кураны
Бугу, марал, бу дагы.
«Толубай курук тобо» — деп
Тоосупда боздойт улары.
Талаа, түзү куру эмес
Шаркырап аккан булагы...

...Күкүктөр сайран таңшыган
Күркүлдөп дайра ташыган.
Күкүктүн үнүн укканда
Күйүттүү пенде жашыган...

...Жайлоосу жашыл гүлдөгөн
Жылгачтар осүп бүрдөгөн
Жайлоонун шандуу салтына
Көрбөгөн адам сүрдөгөн.

Ата конушуна, анын көркүн келиштире сүрөттөгөндө заманай тукумдары да, жалчылар да, улуу-кичүүлөр да бирдей сыймыктанышып, жеке өргөө ичи эмес, туурдуктар сыйрылып, ачык керегенин сыртындагы жабалактаган көздөрдүн кучагына чымырады толкуган акын.

Азыноолак демин жыйып, сары майдан татып таңдайын жибитип, бал кымыздан жута суусунун кандырды. Бара, бара ичи, сырты коюуланган элдин демине эргип, Букарбайыпын шыкагы менен тамсилден, жанытмадан, кошоктон, армандан, уламадан, балдар ырынан, аягын «Семетейден» күүлдөтүп... шашкедеги наардан баштаган көз байланып күүгүмдөгөндө жалпы алкаган чуруучу бата менен аяктады.

Улам обонун, мацызын кубултуп ар ыкмага сала эргеп Байымбетке тебетейчен, калпакчан, топучан, элечекчен, жоолукчан, такыячандар жалпы калкылдап, адегендеги көмөкөйү, бүт турпаты кызыганча шынаарлаган Какиш, Букарбай аяштарынан бөлөктөру айра таанылбай, таанытысы, ар кимнин жүзүнө үңүлгүсү да келбей, айтканы жетип жаткапга кумарланып, өзү менен өзү чалкып, өнөр дүмөгүнүн жалынында жалбырттабадыбы. Өргөодөгү эрте орундашкандар чубап чыга электе, астын жара сүцгүп, мырзадай сылана кийинчеп чоочун калдайган кара сур жигит тыштан кирип, тордо комдоно шылыйган Байымбетке кол суна, бет маңдай сыңар тизелей, көрктүү, демдүү мукам обон менен салам узатпасы. Аты-жөндүүлөр түгөл сыртта килем, көрпөчө, көлдолоцгө дүкүйүп отурушкан. Алар маалкый али тура элек болучу. Жаңы ырчыпын Төгөлөк Молдодон болокчо жаалдуу, жоон үнү күүлдөгөндө жапырт делдейишти. Үйдөн чыккандар кайра кылчая жабалакташты.

О, Байымбет Молдо акыным
Жетик экен акылың.
Түрлөп, түрлөп сайрайсың
Тирүүсүн тилейм башыцын.
Салам айтат жактырың

Сагымбай курбу бакырың.
Мени да Тыныбек ала таштаган,
Боломун сенин жакының...

Эл жымжырт төнүштү. Акындар жолукканда алым сабакташын учурашуулары салт. Мурут, сакалы жапырыла түптөлө тармалданган Сагымбай Орозбак уулу Соң-Колдун аркы кылаасы Жаман-Эчки, Ак-Ташта Кочкор айлында жүргөн. Чоң болуш ой ойлоп, дымын, жалгыздан жатканында жашыруун кайсы айылда кандай ырчы, комузчу бар, «астыртан бастырып, кыйындары болсо ээрчитип келгиле, көл жээгин түрө кыдырып» деп жигиттерин туш-тушка чаптырган. Алар колго тийгендерин Мусакожонун атынан чакырып, буерге жеткиришүүдө. Келгендери эшикке топтолушса,алар атайын күткондой мейманысмандарга аралашып үйдөгү сайраган Тоголок Молдонун чаркын байкап, сабырлуу байырлашкан.

Сагымбай Ысык-Көл, Кочкор, Жумгал арасында негизинен таасын манасчы катары даңазасы арбын. Бийик үндүү каркылдап аш тойдо жарчы, жаштар оюнунда ырчы. Бая бир жылы өспүрүм кезинде Тыныбек карыпы ээрчип ушул айылда да нечен оргүгөн. Андагыдан салабаттуу, сакал-муруттуу толукшуган жигит болуптур. Ал каркылдап, Тоголок Молдону көтөрө чалды. Эми ал кандайча алик алаар экен. Тамылжый тыңдаган Байымбет ышкыбоздорду зарыктырбады. Өзүнөн бою өтө узун болбосо да, багалчагыраак сөөк-саактуу Сагымбайга обдула, сыңар тизелей жылаажындай пазик авазын сызгырылтты:

— О Сагымбай акын сепсиңби?
Санжыралуу демсиңби.
Тыныбек алптан жем жеген
Түгөйүм арбытыпсың энчиңди.
Түндөп-күндөп Манасты
Түгөтпөй айтчу кепсиңби.
Журт кумарын таркатчы,
Устатым Тыныбекке тепсиңби...

Жардаган элдин кучунашын арттыра экөө тең жүткүнө обдулуп кучак жая айкашып бүтө электе эшиктен, кара чаар балчайган, өрттонгон чий дүмүрүндөй дүңгүл кара сакал, кабылган гүлдүү чыт чапанчан бирөө шыкаалагандарды улкун-жулка ыргытып, челишчү бүкадай тебетейин коюунуна солоп жулунуп, аттан-буттан төргө жетип, эки акынды кончундагы камчыны суура жондон

ары тартып-тартып алды. Анысы аз келгенсип даркыран оңүзчо окүрдү:

— Окшошкон эки бакшылар
Эшикте күтүп турат жакшылар.
Силердин зикиринерди какчулар.

«Кандай жинди неме, күнөөсүз токмок жеген эки акын бу урганды экөөлоп сабабайбы, неге алка жакадан сүйроп чыккан бирөө жок»,— дешип алактагандар, заматта оз коздорүно ишенишпеди. Эки акын, кучактарын ажыратышып тиги ургандын камчысынан мурун үпүнөн тааныпып, кулдук ура жүгүнүштү:

— Кудайберген баатыр, этиеттебейсиңби,— сыпаа Байымбет, сылык жылмайды.

— Э шайтан, асмандан түштүңбү. Биртике чымынып-ды кагайынбы ыя,— Сагымбай муштум кезеди.

— М-мө-ө, кагышалыбы. — Алиги колун арбаң-тарбаң чанчып, жонун дүгдүйтө кудум кирген букадай башын чулгуп, Сагымбайды төшкө лак сүздү.

Сагымбай кетенчиктеп колун куушурду:

— Койдум, койдум ажаан. Саа тецелгенде калган абийирди да төгөсүң.

— Кудай ургандай азилдеш немелер турбайбы.

— Бул балээ го. Акындарды акелетти.

Жардангандардын ушул сөздөрүн укkан кутургур оз кулагын делдейте чоюп, көзүн окурайта ойноктотуп, дүмүр сакалын чоюштаган эриин менен кошо тыяк-быякка сербеңдете, кудум өкүм айгырдай окурана, жалын гөгүлтүп качырып киргендей кишеней таңыркаган элди, кыз, келинин чурулдата сыртты көздөй качырды:

— И-ихи-ихи! Момодой Лөлүнүн макулуктары, менин ким экенимди билбейсиңерби эмгиче.

Анан чоочун үйүрдү имерип алгандай, астына түшүп качкандарды тегерене өтүп жапырыла ойкуп барып ортодогу дөңгө чыгып күлкүсүн тыйбай жанаша баскан Сагымбай менен Байымбетти эки ийни менен сүзүп ортого бой тиреше токтоду. Тааныгандары ыкшып, тааныбагандар, жашыраактары чочуп чачыраган элге даркыран коё берди:

Куудул атым Куйручук
Кудайберген өз атым.
Калпычы, жегич, саранга
Куучу болчу адатым.
Бул экөөнөн кем эмес
Булбул чечен сапатым,—

— экоонү эки кучагына кысып, моюндарынан кур курата жыттагылады.

Момодой Лолү кайдасың!
Талып барат канатым.
О, ачуума тийсең ойрондойм,
Момодой Лолү, алдың ала жарашың!

Ачыча аркы дөңдөгү килем-килчеде булардын кызыгын абайлаган тоотон Мусакожо зоокулдады:

— О, тентек, тентек! Оюндагың орундайт. Куйручугум, кел мында! Кел элдин эркеси, атайын чакырттым, Сагымбай экөөңдү. Көрсө, Каркыбарлар, менин Төгөлөк Молдом менен таанып турбайсынарбы, жакшы, жакшы.

Тааныбагандардын ооздору ачылып, көздөрү алайып, таңыркагандарын кой. Кадимки куудул, хандан, бектен кайра тартпаган, эркенин эркеси аталган Куйручуктун өзү тура.

Өзү бүсүрдеп эле Жумгалдын Курманкожо саягынан. Улууларга таанымал. Жаштар адегенде акындарды качырып жонго салганда жинденишсе, эми кандайдыр одонолук, сыйлабастык кетиргендерине окүйүүдө.

Ананчы, кудайдан кийинки ызааттаган чоң болуп Мусакожону Момодой Лөлү кайдасың деп жапырды. Ал жарыктык «тентегим, элдин эркеси, Куйручугум, ойлогонуң ордунда болот. Чакырттым эле» деп жасакерленди. Укмушуң кур, жалгыз атчан Куйручуктун мынчалык эркелигине баракелде. Улуулардан биздин гана манап эмес, хан аталган сарыбагыштын Шабданын «Кызыл думана» дейт экен. Шабдан да «эркем, тентек, тентек» деп оозунан чыкканын орундатат экен.

Куйручуктун тайманбастыгы, чукугандай соз тапкычтыгы, жарды-жалчыга боор тартып, бай, молдо, собдагер, шылуун, шумпайларды маскаралаганы, ал түгүл элдин көзүрү аталган Шабдан, Мусакожо өңдүү зор манаптарды жапырганы, тааныбагандарга анын зоболосун ого бетер көкөлөтө билгендер аркылуу жомоктолууда.

Куйручук бала чагында томолой жетим калып ач жылаңач, каралашаары жок ар кимдин эшигин сагалайт. Жан багуу аны аргасыз уурулукка, шумдукка үйротот. Толорсугу көтөрүлгөн сайын айла амалы артып, жалтанбас кайрат күтүп, көкөйүнө тийген таш боор, сарай байларды, кайрымсыз оокаттууларды, алдамчы кызыл кулактарды ар кылык менен маскаралап талап, тоноят. Бей-бечералардын кыбасын кандырат. Бара-бара канча-

лык кылык жасаса да изин илдирбес, куйругун карматпас Куйручук экенин ачык жарыялап чыгат. Орттүү сөзү, таамай келекелүү салыштырмасы, шылдыңдуу тийишмейи аркылуу кимди болбосо да кыцк эткис багынткан, адилдикти айкындап, ажаат ачкан, оюндагы салыгын бычкайындай өндүргөн жалпы элдик эркеге айланат. Куйручук деген шылдың, а чыны куудул ат эч жанда жок. Өзүнө гана жарашат. Бөлөктү көёлу, элге ыйыкталган акындарга арай-чорой камчы салыш, аларды өчүгүштүрбой кайра кулдук урдуруш Куйручуктун гана куудулдук ыкмасы, олчөөсүз өнөрүнүн кадыр-баркы. Аны аргасыз мактап чоц болуштар да кастарлашат.

Чоц болуш бу жолу озүнүп каржалганын, нөкөр-коштоматчыларынын, жек жааттарынын чайналганын, катын-бала, урук-жууратгарынын эсиз жаз, жай бою алыскы кочто омсоңдошо зериккенин таркатуу үчүн тымызын булкуя чечмелеген максатын жүзөгө ашырууда.

Жайдын толугунда буту менен басып мурду менен тынган кыргыз, дабандарды ашып, ком алдыра семиртүүгө, сүт, этине малкууга төрт түлүктүн аяцы менен тор жайлоолорго көчүшөт. Малды баккан, көчүү, конуу, оокат милдетин аткаргандар — бакырлар, кул-кутандар. Чардап жыргаган манап, бай, алардын тукумдары.

Тор жайлоолорго төто жол, бийлик дабандарды ашып атчан катнаш чукул. Мусакожо чабаганчыларын Тынымсейит жайлоочу Кара-Каман, Балкарт, Орто-Саз, Кара-Кужурга, Сарбагыш жайлоочу Кок-Ойрок, Окторкойго, Кочкор, Жумгал саягы жайлоочу Соок, Сандык, Сууса-мырга, Соц-Көл айланасына бүт аттанткан. Дабанды бузчу, ырчы, комузчу, жомокчу, кыякчы, чоорчу, койчу не онорпоз болсо, алысы эки өргүүрлүк жолго чаалыкпас алдуу-күчтүүлөрүнөн, каяшасыз элпектеринен ай маалына той, тамаша түшүрүп күлпот ачууга бел байлагандарын коштоп келүүгө буюрган.

Чабаганчылардын ким кими сопоюп айыл айылдап атактуу шайырлардын дарегин иликтеп олжосуз куру кол кайтпоо аракетинде.

Жакын чөлкөмдөгүлөр келе башташты. Келдибек, Тыныбектен кийинки манасчылардын сыймыгы, куту Сагымбайга ооган дешет. Жаалына караганда ал аябай ташкындап кирген дайрадай оолугуп тургандай. Дагы кана айттырып көрө жатаар. Куудул Куйручукка айла жок. Ага «Момодой Лөлү» деп кырчангыланганы, эркелегени, көтөрө чалганы, мактаганы. Катын, балаларга,

жалчыларга табылбас эрмек. Ичкерилик соодагерлерине агытып көрөт. Ошолор сөөлөтүп байкап, Анжыянда чолдогон элге айта барышсын. Комузчулардан Кулманбет, Бердике, кыякчы, чоорчу Кары сокур келди. Күрөңкөй комузду да, кыякты да кыябынан ашыра безелентпенин укпан, өзүнөн өтсө өтөөр, эр жеткен уулу Мураталы экөөнү тең Көтмалдыдагы топтон кездештирген. Шабдан айлында, Көк-Ойрокто имиш. Чабаганчы кечигүүдө. Күткөнү ошолор.

«Көлдө бар алтындын баркы жок». Атакөрү Тоголок Молдонун кагазга илме, түрлөнтө ырдаганын Сагымбай, Куйручук көкөлөтүштү эе. Куу туяк бу үч шайыр бирин бири кастарлашат да. Меңменсинген ырчылар кирген айгырлардай кажашып, тиш салышып, күчтүүсү күчсүзүн чөгөлөтүп, качырганып көп көрбөдү беле. Же булар күчү бирдей күлпөттөрбү. Баары чогулсун, байкайбыз. А жалдуу кой жоргодой жыпылдаган Бошкою булардан сыртпан күйпөлөктөй түштү. Сыягы таасын күлүк тулпарлардан сүрдөөдө. Мейли, алардын арымын байкап, таалимин алсын. Маа андан кыйын эшик ырчы табылса гана. Жок. Тоголок Молдого тиешин кайрагансыйт. Күч жыйнап, шилөөгө камынгандай.

Шайырлар томаяк болушса да, түпөктүү элди түрө кыдырган зоок эрмекке жаралган какылдактар. Кантсе да анын журтуна чогулган соң даңазасын арттырышаары аныk да.

Акыры орус усталар менен Жаркынбай чокундук бүтүрүп жаткан тамга шылтоолоп той өткөрүп жаагын жаныган жарчы, ырчылар аркылуу озуп дагы бир жалпы Соң-Көл калайыгына маалымдайт. Жарп жазгандарды сөөлөтүпө жараша аттап-тондоп жөнөттүрөт.

Манап өз арбайын түшүрбөй, тегерегиндегилерди термелтип чачылтпай алакысытуу үчүн сан-салтанаттан сыртқы шаңын көтөрүү далалатында. Бу саам улам кайдан-айдан үстү үстүнө топтолушкан өнөрпоздордун көөмөйлөрү да, маанайлары да жолугаар замат айттырбай сырларын табышууда.

* * *

Канчалык эңсешсе да, ар кими көр оокаттын тутқунунда жер жерин пааналаган шайырлар чогулушканына, бири бирине окшошпогон таланттар эриш-аркак толукташканына, өнөрдүн чексиздигине, өмүр бою медер тутушуп, даңазалашып сыйлашып өтүшөөрүнө каниеттенүү-

до. Алар кошо жатып, кошо басып, тамырын тартып, дараметтерин байкашып, ар бири «өзүңдү эр ойлосоң өзгөнү шер ойло» дегендей сырттандар экендигин туюшуп, отуруштарда да сыйлашып кезметтеше элге зоок куруп ким кимин муюп тыңдоодо.

Нече күн, күндүзү мемиреген серүүндө ачык асман аймаган жашыл дөбөдө килем, көлдөлөң үстүндө курчаган элдин ортосунда, кечкисин Султангазы, Калпа мырзалардын өргөөлөрүндө мейман ысманды: кандай күтөөрдүгүн, келиндердин үй-жай сарамжалын, тамак берүү, сый көргөзүү салтын, аныгы ниилеринин бийликти узатып кетүүгө даражасын байкоо максатында чоң болуштун озуна дайындап уюштурган акылы боюнча улам үстүнө жацылап кошула берген сай күлүктөр баш байгеге гапа чабылууда.

Менчик акын Бошкой сакалын жайкалта эпилдеп, булардын тобунда жарышка кошулуунү унутуп, кызмат өтөп, көрөңгөсүн көбойтүп, шыбагаларынан жугузуп калуу алекетинде. Ага өцгөсүнөн күнү абысындай айылдаш Тоголок Молдонун бакисинин ардагына айланганы, деле маңдайынан шам күйө жаркын, жердин жети катар түбүндөгү окуялардан, түшкө киргис түркүн элдин акын, дастанчыларынан, санжыралардан, дин шарыяттан, өлөң казалдын нускоо, мактоо, кордоо, арман, тамсилдөө, жанытма,. буктурмаларынан, «Манас» айтуу качан кимден башталып Сагымбай экөөнө чейинкилердин атын, аткаруучулук аземинен маек куруп, талаш чыкса жүйөөлүү далилдеп, бара бара көптү окуп, көптү билген көзү ачык баркын арттырганы жагыңкырабоодо. Бакисинен ал түгөттүн өзүмдүн санаттарымдан деп ээсине, ага, меймандарга тийиштире шацшыганы кыжырын келтирди. Айрыкча:

....Билбес жаман туугандан
Берекелүү жат жакшы.
Үйдө бекер жатканча
Үйрөнсөң илим кат жакшы,

— деп аны келекелей, өзүн илимдүүмүн деп көкөлөткөнү өтпөдүбү. Мунусун көкөйүнө түйдү. Салтанат бүткөндө, сөзсүз чоң болушуна угузат. Комуз ырга, ыр нускоо, санжырага, санжыра кыяк, чоорго, чоор «Манаска» жол берип... шайырлардын улам бири тыныгып, алым сабак атайын өнөр чабышынын майданына айланды.

Калайык, угуучулардын жыргаганын айтпа. Өмгөктө-

гон карыдан эмчектеги балага дейре куду айттагандай үй үйдү кыдыра обон, күү шаңшыган жерде. Мал күзөтүндө, отун, суу, чабаганчылыкта аргасыз алгоолошкондордон бөлөк манап айылдарынын жалчылары да ачык эшиктүү, түрүлүү туурдуктуу өргөөлөргө ыгышып, өзүлөрүндөй тексизден чыккан акылман, чечен, чеберлердин утурумдук болсо да, чиренгендердин каншытын тебелеп, дасторкон сыйына чардай, май баскан көөдөндөрү менен чалпоо кыялдарын багынткан сыйкыр күчтөрүнө тамшанышууда. Шайырларды бир сыйра ченеп-чепел дыр бердирип, элдин көксөөсүн тындырган соң, чоң болуш, жарчы жармактары, кыйыр туугандары, эмчектеги бала-бакыралуу келин-кесектерди, ноокас кары-картаңдарды ушу тойгондоруна тоңуктанып, тойго дейре үйлөрүндө болушун эскертти.

Жан жөкөрлөрү, кадырман карылар, кастарлуу меймандары, кара чечекей кичине чоң туугандары гана канча күнгө созулса ошончо канталыпда асаба байрак желбиреп, тегерегиндеги кароол бардык үйдөн окчуп, таза журттагы эпсиз даңкайган чоң өргөөсүнө сай күлүк таланттардын жумуруна жугуп калтырбай бүткүл зикирин угууга тымызын шыбышталды. Букараларын да орой көз чарай ыр-күүгө жайкап, жакшыларын ыгын таба мизгин өзгөчө ээн жайкын сайрандатышы Мусакожонун даражасына ылайык жосун эмеспи.

Дагы канчага угат, канчага созот, эрк өзүндө. Муруңкуларды башынан түшүп кайталатпайт. Деги бакисин түп көтөрө түгөтө укса. Оңбогон шайырлардын доотуларү жыйылганбы. Соолбос булакны булардын көөдөн, көмөкөйү. Төл ырчысы Бошкой эки күн удаа ырдаса кайталай баштайт.

Мусакожо шыкалса жүздөп ашуун адам сыярлык гүл бураган шиберге тигилген кең кесири өргөөсүнөн таманына килем-килче, көлдөлөң, аюу, жолборс талпактар төшөлгөн, боо-чоосу, тегиричтери жибектен, улагада шыйрактуу мылтыктар, кандуу кылычтар, кийим, ээр токум илинген күмүш чагарактуу мүйүз ала бакандар тирелген, төрдө такта, олчойгон сандыктар катар тизилип үстүнө кертим-кертим шайы, шалпар жүктөр жыйылган, чет-четтерине кундуз басылган баркутка оймо-чийме чөгөрүлгөн аяк кантар кереге учтарына илинген, дардайган оймолуу кире бериш бийик босогодо кош жаак каалгасы ачык, үстүндө олчойгон көз-көз тегерек арча түндүк көк мөлтүр абаны кошулткон үйүнүн төрүндө куш олпоктөр-

го чыкапактай, ызаат менен чубап кирип кепич, көлочторүн сыртка чече, ар кими өз ордун таап отурган адамдарга кылыюуда.

Шайырлар эки топ бөлүнө, эр жакка, кимге болбосун көрүнөө орундарга жайгашышты. Алар тескөөчүлүктү Куйручукка ыйгарышкан. Куйручук киргендердин аягы тыйылып, сырттагы жылтырак көздөр кыпыйып тизе бүккөндө, токтоосуз жөргөлөп жөнөөчүдөй, шып чөгөлөй серпилип, такыр кырдырган кашка башын короо бөдөнодой койкондотуп, өткүр көздөрүн чачыратып, эпчи жактагы үлпүлдөгөп келин-кыздарга коюн колтуктарына кирип барчудай талпына, ансыз да уяң, кылыктуу немелерди ай-и-ий дедире беттерин бастыра, эне-жеңелерине ыктата чурулдатып өттү да, тордогу көөлбүгөн салтанат ээсине чакырайды:

— Момодой лөк, ыракым этиңиз, ажаандарды агытайынбы.

Мусакожо кацшардуу мурдунан быш эте калдайган башын ийкеди.

— Сөзүн кара оңбогурдун. Ажаандарыңды агыт.

Куйручук улуулаша бөлүнө майпая купуя беленденишкен өңөктөрүнө тилин булдурттата угулар угулбас мокоткон, кекеткен өндөнүп көзүн акшындата катарынан:

— Кимиңе, тигиниңе, сага, буга — деп челип өттү да, көзүн чакчайта, эриндерин түйүро, тиштерин шак-шак арсайта, кең таноосун дердеңдете илбирстей күрүлдөдү:

— Азыр алдыңарга айдаймын, азазил, ажаан балбандан, акыл, оюнду ацтарып ала чакмактатып салгандан. Адегенде коё берем апсайган аюу каргандан. Көк-Ойроктун Күрөңкөй, көйкөлтүн тартып берери ат чабышта армандан. Алты дубан кыргыз эл аябай оюн салгандан, чоң кумардан кангандан.

Куйручуктун «апсайган аюудай карган» деп эркелей тамашалап, аксакалдыгын сыйлап, жөн билгилик жосун менен алдын баштатканына Күрөңкөй карыя куудай шацкайган сакал-мурутун шоодурата сылап, кыягынын чарасын жамбашына такай, жебесин боорунда тал-тал тартылган кылга тийгизээр тийгизбес жаныганда эт жүрөктү элжиреткен күү сыбызгыды дейсиң... шапар тээп, шаани арттырган калайык салтанаты, алыска чабууга чубурткан көйкашка тулпарлардын дүбүртү, үстүндөгү чабандестердин толкуп чымырашы, байге сайган ээлеринин, саяпкерлердин аксарбашыл атап тол күлүктөрүнүн

чыгышын көксөп ата бабасынын ураанын чакыра зар какшашы, кыжылдаган күйөрмандардын жол карап дүрдүгүшү кыяктын баарыга түшүпүктүү азем тилинен ажырым кубулжууда.

Ана, тээ алыскы чектен буудандар коё берилгени «ат кетти! Ат кет-ти-и!» деп тапатак сүрөөчүлөрдүн айкай салганы, узак жолдо сууту канган дулдулдар биринен бири өтүп, ай туяктардан даңкандар ыргып, чаң куюн уюлгуп, оттук таштардан жарк-журк кыпындар учуп, кээ элирген албууттун буйтай ала качканы, кээ алачакмак чалпоонун кемерден кошкура түйүлүп, үстүндөгү чабаганчыны жыгып, салт жал куйругуп жая кишенеп сапыра ээлиге атырылганы, кээ чамасы чак ат алсырап чуңкурга же бүдүргө чалынып сүрдүгө жыгылганы, күү менен желге жеткирбей дүрүлдөгөн көйкашкалар көмөлөнгөндүн үстүнөн аттап, буйтап урунуп, чабандестердин кагыша түшкөнү, ошентсе да сан күлүктүн көбү оозунан көбүк, көздөрүнөн жалын, жонунан тер чачып, түйүлгөн куйруктары менен шүйүлгөн көкүлдөрүн делбирете дүбүрттөн дүбүрттү күчөтүп алгалаганы, тээ алда кайда кулак түрүп, каректерди дүрбүлөнтүп элеп-желеп күткөн марадагы элге улам «Ат кет-ти, ат кет-ти-и» тоскула, көргүлө, жанашып, жалмашып аркырагандардын кимиси баш байге, кимиси аның соңунда жетээрлигин баяндап боздогону... өргөодөгү жана сырттагылар жапырт кыяк сыйкырына багынып, өзүлөрүн чын эле даңазалуу ат чабыштын кумарына аралаштыра термелишти.

Жарыктык Күрөңкөй, күүчүнүн дөөтүсү, пири белем. Албырацкы күчтөн тайыгансыган карттын балбырап чор баса, майышкан сол беш манжасы желээ токуган жөргөмүштөй кыяктын мойнунда күү илмектерин түйө арбаңтарбаң лепилдеп, оң колу чарадагы туу куйруктун тунук кылдарына жебени желдирип, калкытып, кайкытып, бук-туруп, көркүү анакай сакалы селкилдеп, жайкалып, удургуп, уйпаланып, болук денеси чайпалып, томоголуу бүркүттөй сары макмал топулуу чокусу аземдүү күүнүн сырын мен чубоодомун дегендей кошо ойноктоп, «өнөрлүү өлбөйт» дегенди далилдөөдө.

— Баракелде!

— Кыякка тил бүтүргөн касиеттүү карыя аман бол!

— Айланайын жарыктык, дагы бир-экини тартсын!

— Тартсын, тартсын!

Күрөңкөй кары «Кет буканы», «Кер өзөндү», «Ак токтуну» тартты, таңшытты. Купулдары толсо да, кулактары

тойбогон кумардуу көздөрдү аяпы, Күрөңкөй доөтү, күүнүн аягын жаңыдан чачыраган таңкы күн нурундай жымыңдата сөзө таштан, кыягын дароо өзүнөн кийинки Сагымбай, Байымбет, Куйручуктардын катарында уюп тыңдаган, дал ошол үчөөнө курбалдаш, кара сур дүңкүйгөн жигитке сунду:

— Ме, балам, сен «Керме тоо», «Карагулду» тарт.

Уулу Мураталы эңкейип атасынын колунан кыякты шып илип, чөк түшө күүлөбөй эле сыбызгытып кирди. Мунун соомойлорү эпилдеп, кызыл тукаба тышталган калпагынын чогу удургуп, жаш денеси ыргала, кудум атасынын чоё таштаган кылтыйган күн нурун жаркын чачырата, отургандардын жүздөрүн жылуу тапка көлкүттү. Мураталы коюнуна комуз катып, чоор, кыякты атасы белбоосуна кыстара келген. Анын ажайып комуз күүлөрүн черттиришкен. Көрсө экөө алма-терме кааласа ичегини, кааласа кылды, кааласа түтүк чоорду сайраткан зергерлер тура.

Күү тартуу булардын түпкү аталарынан эчилеңип келаткан кандарында ыйык куттай жаркып мурасталган салт. Мураталынын бабасы Күрөңкөйдүн атасы Белек күү тартылчу бүткүл аспаптарды, анын ичинде кернейди да бакылдаткан.

Качан Мураталы моок жаза жебеңи ойкутуп күүнүн аягына чыкканда Куйручук бата алаканын жайды.

— Аюу балбандан, арстан дөө туулган турбайбы. Болсун, болсун! Ата-баладан бизге нөөмөт артабы деп акшыңдаша башташты. Тогологун чыгарсамбы же сомоорогун чыгарсамбы. Кат тилгенин чыгарсамбы же жат билгенин чыгарсамбы,— ортодогу Кукең он-тетири бурула, Байымбет менен Сагымбайга чекирейүүдө.

— Дөөмөт Молдо Байымбеттики. Бизде жок жаныгмаларынан жалбырттатсын. Мен Манаска кирсем уларын кетээр. Мени аягына калтыр,— деди Сагымбай.

Байымбет аны коштой эринин эпилдетти.

Санжыргалуу Сагымбай
Салаалуу дайра агымдай.
Аягында тутансып
Арча отундай жалындай.

— О, окшошкон эки куу. Бири биринди көтөрө чалып мактайсыңар э. Кыт күйган койгуттай чыкыйып, кандай өкчөсөң алчымдан түшөм деген Тоголонгон Молдо, боптур, башта, билгизбей чактырма бойон-чаяныңдан.

Байымбеттин жакында катка түшүргөн тамсилдерп

коцулундо жат эле. Шериктери менен ич ара кеңешкенде Манасты Сагымбай дүпүлдомок. Ал тамсил, жанытмалардан, мурда угуп көрбөгөн олуя тукумдарына, табакташ жасакерлерине тааныштырмак. Кабылдашабы, түшүнөбү, эрк өзүлөрүндө. Эсине түшүрүп, каалашса бир тобун шыбыргактатууга белен эле. Илгерилей чөк түшө күрсүндү:

— Иттин доолдай тиктирем дегени.

Бырс, шынк эткен кыз-уландардын күлкүлөрүнө, келекелүү мыйыгынан жымыйгандарга Байымбет терикпеди:

— Залкар күүдөн, насаат создөн кийин мени итке түштү деп шылдыңдабай, сабыр эте уккула.

Дароо мукам үнүн коцгуроодой шыцгырата узатты:

I

Кыш чилдеде курудум
Үшүмдү баспай улудум.
Бул жүргонүм кеп эмес,
Бул иш мага эп эмес.

Жадырап жайнап жаз болсо
Байга жалчы жүройүн.
Байдын коюн кайтарып
Бир доолдай чепкен кийейин.

Жакшыраак байга барайын
Акымды бүтүн алайын
Доолдай кийим жасанып
Оокаттын жайын карайын.

Саратан отүп кыш болду
Жаткан жерим муз болду.
Бул жорукка конбойүн
Музда жатып олбойүн.

II

Ал ацгыча кыш оттү
Жадырап жайнап жаз оттү.
Ит унутту айткаңын
Кышында музда жаткаңын.

Тилин салып акактап
Колоко жерди качырат.
Доолдай чыккан эсинен
Колокого жашынат.

Түлкү итке ~~кеп айтат~~
Түшүнсүң деп бек айтат.
— Кышында айткан доолдай
Бүттүбү итим? — деп айтат.

— Түлкүм, мага жүн кана
Чыга турган үн кана?

Ал чепкенди кылгын,— деп
Айта турган тил капа.

Чепкен чыгып эсинен
Керилип жатып алыптыр
Жалкоонун жайы ушундай
Жайкалып уйку салыптыр.

Адегендеги кошкурган элирме жаштар тымтырс куттана тыңдашты. Ырас эле жацы, мурда угуп көрбогон жанытма маани буктурулган кыска, бирок нуска казал экен.

Олпокко кыцкайган Мусакожо жаак сакалын сыламыш эте, богогунан бакача чардады:

— С-сенде Тоголок Молдом, кеп бар. Эринчээк, жалкоо, жан багарларды жанытпай ак жайлапсың. Мунуцду эртели-кеч биздин жакырларга айта турган экенсиң. И-и, дагы ушундайларың барбы.

— Бар.

— Анда жонот.

«Уй менен музоосу»

Уй коркот жаман союудан
Башын кесип коюудан.
Талаада жүрүп эстентир
— Бир күнү союп салат,— деп —
Сойгону да курусун.
Музоом жетим калат,— деп.
Түшто келет кышылдап
Мурду бүтүп бышылдап.
Чонко тоюп дардайып
Сайгак куун тызылдап.
Жакынсынып корккондон
Музоосунан сыр сурайт.
Коркун жүргон бычактан
Сыр сураса чын сурайт.
— Менден коро аралап
Эл ичинде жүросуң.
Элден чыккан кеп болсо
Анык жерин билесиц.
Айтып мага бергинин
Эл ичинде дүүлүккон
«Уй соёт» деген кеп барбы
Эси жок эсер эмдин
Оюнда азыр эт барбы?
Анда музоо кеп айтат:
— Эсиц жок эне деп айтат.
Азыр сени сойчу эмес.
Музооцду жетим койчу эмес.
Ичип турат сүтүцдү

Корүп турат күчүндү.
Ичип турат айранды
Корүп турат пайданды.
Ээндин дагы эси бар.
Башында акыл, мээси бар.
Азыр коркпо энеке
Сени соёр кези бар.
Айран сүтүң алган соң
Аргы* жыйып алган соң
Куба курут, сары май
Сандыгына салган соң,
Жай отуп, салкын күз келет
Кылычын алып кыш келет.
Кыш келгенде энеке
Ошондо өлүм туш келет.
«Согумга сени соём» дейт.
«Тоңдуруп этин коём» дейт.
Балта менен талкалап
Чыкыйыңды оём,— дейт,
Олурайтып козуңду
Анан соёт озуңду.
Мен билгеним мына бул
Энеке уккун созумду

— Балээ. Ойдо жокту ойкутуп... «Атадан бала тапан чыгат. Жени жок, жакасы жок чапан чыгат» дегениңби,— эми чоң болуш, комдонуп, казал ээсине багжайды.

— Болуш аке, жанытманы ким кандай жоруса ыклас ы. — Көзүр кайра такыбаган соң, Байымбет оз ниетиндегисин түрүлттү. «Ацкоо, коркок уй — кедей, кембагал эмеспи. Эмгеги, сүтү, күчү барда да, эртеңкисинен умут үзүп, ээсинен чочуйт, бүгүн болбосо эртең азыкка айланып союлаарын билет. Бирок, качан? Музоо ээсинин куу, залимдигин, энесинин сүт, күчүн алып туруп, кышында семиртип согумга союлаарын анык сезет.

Өзү сыртта малын багып, отун алып ээсинин камында жүрсө. Ээсинин күлү менен чыгып суусу менен кирген өзүндөй эле кул, күң бала-чакасынан сыр сурайт. Ариине шордуу жалчылар күчү барда залимдерге керек, алдан тайып, пайдасы тийбей алсыраганда ач бел, куу жондо талаада калаары жанытылбадыбы.»

Аны көзү балбылдаса да, көкүрөгү чым зор манап бөлөкчө жоруду. Уй ацкоо, музоо тирикарак тың. Демек — атадан бала тапан чыгат деди. Мындай турушта кызыл тебетейчен бирөө, а да болсо Мусакожонун өзү гана. Далайы дүүлүгүп буралса да, пикирин айкындоого батынбай, купуя тыныууда. Мейли «Уй менен музоонун»

* Аргы — айрандан алган май.

кайманасы жымырагандардын эч кимин беймарал мойутподу. Сезимдерин дүүлүктүрүп, табышмактаткан бөктүрмөнүн жандырмагын табууга чырмалтпадыбы.

Бакисинен түпкүрдөгү чалманын түйүнүн талдай түшүнгөн шайырлар, алардын атынан тескегич Куйручук, чоң манапты карай койкоң секире тизелеп, манжаларын арбайта чачыратты:

— Момодой Лөлү, Тоголонгон Молдондун айтканы аз, аземи саз. Ушу бойдон кутказсак чала тоют омсоңдойт карала чечекейлериңиз. Кыт чөгөргөн сакадай Молдонуздун «Кожонун аңгемеси» деген казалы бар. Ошону жаныңыздагы селде чалынган кожо, сопуңуз, соодагерлериңиздин көзүнчө копшотсо кантет.

Мусакожо баш жагында кагелесинен шоңкоюп теспе тартып сөөлөттөнгөн кожосуна, олпоктон колтугун көтөрө кылчайса, ал тим эле, эл башчысын ар кыл ыпластыктан аластап коргоочу периштедеп бетер ак селде, ак чапанчан үнсүз үлпүлдөдү. «Ыкыбал өзүңүздө таксыр. Ырчыңыз кожону мактап, дин, шарыяттын жобосун үндөсө, сиздин баркты көтөргөнү, окус каймана какшыктаса катыгын берээрсиз. Ыкыбал өзүңүздө таксырым». Ортосаар пейилин туюкка ката созолонду.

Мусакожо кожосу бейтарап мелтиреген соң, булкуя бурк этти:

— Куйручук тентегим, эркем, дегениң эки болбосун. Тоголок алгырымдын томогосун кайра шыпыр, агыт! Кожону кандай алаар экен. Көккө көкөлөтө көтөрөбү, же жерге көмөлөтө тебеби, көрөлү.

Сөзү эки ача болбос, «алгырым» деп ак көңүлүнөнбү же алдооч тузагын жайдыбы, айтор көтөрмөлөй көйколгон манаптын мамилесине чыйрала, болуштун ырахымына жетишкен Байымбетти Куйручук арбайып ачылган кош манжасы менен тоголок башын сыдыра апчып өттү:

— Бол, менин койгутумдан кутулуп, Момодой Лөк олуяңдын алгыр шумкарына айландың. Шыпырдым томогоңду. Ана кожоң тиерде отурат. Кандай бөктөрөөр экенсиң. Тартынбай апчы. Жүрөксүнбө. Момодой Лөлү өзү таптады. Соодагер, байбачалар тигине тизилишип, аша кетсең айың жок.

Тоголок Молдо чын эле тумандаткан томогосу серпилгендей көзү эмес, көкүрөгү ачылгандай сөз оттугун жай үлпүлдөттү. Астындагы ачылуу дептерине анда-санда өткүр карегин айматып, созолоно берди:

«Мен элетке барам — деп
Элетти жонго салам — деп,
Элеттин малы туугандыр
Кайыр-зекет алам» — деп,
Селдесин чоц чалынып
Мал алууга камынып.
Кожо акец келди кочмонго,
Зекет сурап зарылып.
«Элеттин малы белен — деп,
Эли-журту кепен — деп.
Баары мага кол берген,
Мурутчулап келем — деп»...

Тор, каншыт, ортодогу, улагадагы, сырттагы дебей жабалактай кылайып, жанырт, чоц болушка садага чалынчуудай бөгүлө чокчойгон кожого бурулушту. Ал кулак-башы чымыраса да, сыр бербей молтур теспесин улам бироон сыдырып алаксый созулууда.

Жылда келип мал алып
Пайдаланган Кожо экен.
Тазасынын озунчо
Каадаланган Кожо экен.

...Акыл ойлон шашпады.
Алдоонун кебин баштады.
Теспесин алып колуна
Тегеренип оцуна
Аракет кылып кеп айтат
Алдамчы созду коп айтат.
«Нарк ушундай» — деп айтат
Назирдин[1] жонун коп айтат
«Назир-пыяз маашарда[1]
Минуучу атыц» — деп айтат.
«Зекет бергин малыцдан
Садага бергин жаныцдан.
Адал болот тапканыц.
Айдап журуп бакканыц
Пайда кылат озуцо
Айдап малды сатканыц»

Коз корбогон карацгы
Эл ишенди кебине.
Колуп берип кончулук
Кожонун кирди эбине.
...Назир-пыяз — зекетин
Кожонун берди колуна.
Зекет арбын тушкон соц
Кожо тушту жолуна.

[1] Назир — кудайы, садага.
[1] Маашар — куранда тиги дуйно бар деген создон алынган.

Алдап бизден алган го.
Кожонун созү кеп эмес
Алган малын аш кылып
Айтууга оозун маш кылып
Экинчи жылдын өзүндө
Жана келди жазгырып,
Жумуру башта нелер жок
Жумган көзүн түк ачпайт.
Намазын арбын көбөйтүп
Даараты жок түк жатпайт.
Калктын баарын чогултуп
Кожо кирди эрмекке,
Салайын деп бул элди
Жана бир түрдүү өрөккө.
Айтып сөзүн баштады
Акыл эстеп шашпады.
— Азирет Кожом айтат — деп
Айрып элет ачпады.
...— Умут кылсаң жаныңдан
Үшүр бергин даныңдан.
Эмгегиң сая кетпесин
Зекет бергин малыңдан.
Катындын тилин албацар
Капылетке калбацар.
Айнытат катын адамды
Коросуң мындан залалды.
Катын деген түк билбейт,
Адал менен арамды.
Тобуң, кобуң чогулуп
Төктотуцар карарды.[1]

...— Кожом ырас айтат — деп
Бул создон ким кайтат — деп,
Элет кыргыз, кочмон журт
Элдин баары ишенди
Эбине Кожо келтирип
Баарына салды кишенди.
Ошончо калктын ичинде
Бир акылдуу жигит бар экен.
Кыяпат менен иши жок
Кылган иши шар экен.
Ойлонуп калды туюнуп
«Кожонун кеби кызык» — деп,
«Эркек менен катындын
Ортосун бузчу бузук» — деп,
Катындын тилин алба — дейт,
Созүно кулак салба — дейт.
Катындын кирсең тилине
Мындан чыгат калбаа — дейт.
Берсең Кожом колдойм — дейт
Балакеттен коргойм — дейт.
Бул айткаңы жалган го

— токтом, чечим.

Эч кимге бул соз эп эмес.
Бул Кожону сынайын
Чоң ачгеме кылайын.
Кожонун ушул созүно
Кантип чын деп турайын.
Жигит мындай ой кылды:
— Кожом сага кебим бар
Кебимди угаар эбиң бар.
Үйүбүздөн чыр чыкты
Сизге айтаар сыр чыкты.
Кулак салгын созумо
Көп сыр айтам озүнө.
Мен айтам бир кой берем — деп,
Кожом сенин өзүнө.
Катышым айтат — тай бер — деп
Тай берсең, семиз май бер — деп.
Берген малың кайырлуу,
Акыретте ай кор деп
Катындын тилин албасам,
Озум билип кой берем.
Тилин алсам катындын
Кожо сизге тай берем.
Бул созго кожом ынандым
Берүүго бирип чыдадым.
Катыным кана кылгандан
Сенден келип сурадым.

Анда Кожо кеп айтат
«Мырза жигит» — деп айтат.
«Аз-аз катын созүно
Кире жүргүн» — деп айтат.

Отургандардын арасынан бышкырык аткандар, түрткүлөшүп күңк-мыңк эткендер, кубана Кожону шылдыңдай күрсүнгөндөр, коркуп муздак тер басып калтаарыгандар, айтор козголуулар жанданганын байкап, Байымбет доошун катуулатты:

Жигит калды ойлонуп
Ушу Кожо кызык — деп
Алдамчы Кожо турбайбы
Аныкнаны бузук — деп.
Кепке, созго келген жок
Тайың, коюн берген жок
«Акырет» деп алдаган
Алдоосуна кирген жок.
Балакеттүү Кожону
Байкап калды ошону
Жоболондуу Кожого
Жугузмак болду жошону...

Куйрүчүк сандан катуу аткыганда араң, күүлөнгөн акын чарт үзө теребелине кылчайды. Угуучулар дүрдү-

гүп, төрдөгү кубакай оңү ого бетер кумсара, жакасын муунта калчылдай бурдап, селдеңүү башын солкулдата, дал чоң болуштун мандайына чөгөлөй жылып, буркулдаган Кожого бурулушуптур.

— Парпардигер. Астафыралла. Мусулманчилик аста, аста, кафыр болмок бир паста. Таксыр, паччагар ашуллачыңыз агзыны япсын. Нема дейди... Ыйык Ходжаны алдамчы, маскара кылууга не хакиси бар паччагардин-а.

Мусакожо уккандай эс-мас талмоорсуп безилдеген Кожосуна, анан аягына жетпей токтогон акынга алайды. Анын жекиргени, тилдегени ошо. Кимисин, экөөңү теңби?!

Кожо ыңгайсызданып, аны ачык колдогон эч ким болбогондуктан кыйнычыктады:

— Таксыр, Леки тескери ашулладагы башка коджа чыгар. Лайым мен эмес.

— Тууру, башка Кожо. Капа булмайсыз Кожоаке,— деди Куйручук. Мусакожо оңдоно, ныгырыла лакыйган майболпоч санын таяна отуруп, берекелүү алаканы менен каржайган жаагы толтура сакалын жаныды:

— Куйручук тентегим, алгырым «алгыр экен, тойгузду». Жанытмасын жапсын. Манасчы Сагымбай түштөнүүдөн кийин эл эс алган соң, кечтен дүбүртүн узатсын. Азыр өзүң, баягы куудул жоруктарыңан жоруптап, көңүл жазбасаң, чыйрыгын кетишти го булар.

Чынында элдин көбү кымылдаганын, чоң болуш жакы балкымыш эте жактырганынан танып, тымызын кекээрлегенин туйду Байымбет. Мейли, арзыганын орой көз чарай айкындаганга ыраазы. Кожосу силкинбегенде, бөөдө арам дегенин адалдай сугунган олуя чалыш алдамчыны аябай маскарлаганга чейин баяндамак. Мейли, жазылган жанытма казал жайылаар. Ооздон оозго, колдон колго өтөөр.

— Мага кезек келиптир. Аны Момодой Лөк өзү бериптир. Кимден, эмнеден баштасам. — Куйручук мацгыл мандайына мыртыйган сөөмөйүн ойноктото бурагылады. Ал азырынча машаяк. Аны кой ай дечү чоң болуштан да жазганбайт. Кантсе да машаяктыкты көптүн кыбаасын кандырып, колдоосуна бөлөнүп жасап келатпайбы. Окус, чекеге чертпес, тил кайыргыс машаякмын деп орунсуз жорук, опсуз кылык баштаса Тоголок Молдонун «Кожосундай» элди жийиркентээр. Тоголок Молдо толкуткан топту, ал ойкутушу керек. Тоголок Молдо азамат, алдамчы Кожону беймаал короздой кукулдатып жалпайта чапса, ал элди эңшерген башка кууларды каректага-

нынан кайкытсын. Куйручук дөң чекесинин чок ортосуна мөөрдөй тегерек калтыра, соомойун эми шарт тартып, капшытта кастарлуу компоюшкан соодагерлерге челишчүдөй чекирейди:

— Силер кербен менен дүр-дүнүйө жүктөп келдиңер. Элетте кардарлар көп. Малга урунтуп атасыңар. Кайра үйүр-үйүр бодо айдап кайтасыңар. Ырастыы?

— Ырас акеси, ырас...— деди соодагерлердин башчысы бодоно куйрук калтар кертме сакал.

— Соодагер, кербенчилер, силердин менде арбын аласаңар, акыңар бар. Үстөгү менен төлөөгө карызмын. Туун отуруп көп эсе көбөйүп кетти. Мусакожо баатыр мени силердин астыңарга дал ошол үчүн айдатып келди. Аласыңарбы, айткыла?!

Не шумдукту баштайт дегенсип алып сатарлар бири бири карашып, ийиндерин куушурушту. Алиги башчысы уяң жылмайды:

— Шайыр ака, сизде бизнин хеч аласа йок. Бересе болушимиз мүмкүн. Айтиңгиз, акчами, макмалми, ипакми. Канча керек. Берамиз. Көнгүл ачкан якшы тамашаңгиз үчүн шаирга тартуу кылуу абзал иш.

— А, шунакамы? — Куйручук тилин соймоңдото мурутун жаныды. — Жалгыз менге десаңгиз алмаймын. Сиз бай соодагер март болсаңгиз оногу шайырлардын барина улуусуна макмал баркуттан, кичүүсүнө матадан бир кийимдик кездеме тартуулайсыз. Болбосо менга да хечтака бермайсиз. Шоштырмаймын, кецгашип эртага айтасилар жообун. Жараймы?

— Лаббай. Кецгашали шаир аке.

— Алиги мендеги аласадан баш оту менен кечтициздер.

— Туурабы?

— Тугры.

— Келе колуңду бериң.

Экөө кол кармашты. Куйручук сайроочу чымчыктай тамагын бүлкүлдөтө моюнун койкоңдотуп, бешмантынын жеңин каруусуна дейре түрүндү:

— Аллага шүгүр. Соодагер, кербенчилер карызымды кечти. Акыретте көк эшек кылып минишет деп ичкепим аш болбой жүрдү эле. Кутулдум ээ. Кутулдум ээ,— оң, сол олтургандарга зарыга телмире, алардан:

— Кутулдуң, кутулдуң,— баш ийкоолорунө, бышыктоолоруна сүйүнгөндөй култулдап, Мусакожого колун көкүрөгүнө таптап жалооруду:

— Кутулдум ээ, Момодой Лөлү.

— Эмнеден кутулганыңды мен билдим, амалдуу тентек. Кербенчилер, жаштар дарексиз чыгаар. Айт тентек, кербенчилерди кантип каратаганыңды. — Мусакожо үксүйгөн дидаарына күлкү ойнотту.

Соодагерлер оңтойсуздана, секин жан-жандарын, акча оролгон кездеме бел курларын сыйпалай алакташты. «Бу коз боочудай куудул, качан, эмнебизди, кандайча каратаган».

— Дилимдегини таптыңыз Момодой Лөк. Анда мындай, угуп, билип алгыла, кечиримдүү кербенчилер. Анжиян, Кашкар, Турпандан, аржагы Арап, Индустан, бери жагы Кытайдан узаган жибек жолдо тынымсыз колдон колго өтүүчү адими буюм-теримдер, килем-килче, дүр дүнүйө, чай-чама, дары-дармек алда канча арзан. Аларды силердей соодагерлер төө, качырлардын канчоосуна жүктөшүп кербен чубатып, төрт түлүктү ыңкыта баккан тоолук элеттиктерге дейре жеткизишет. Килем-килче, сандык, самоор, чайнек, кылыч, мылтык, канжарларды алдын ала элдин башын мыкчыган мобу Момодой Лөктөргө тартуулашат. Карабайсыңарбы. Мынабу Мисирдин жанындагы Дамашке—Шамда гана жасалуучу күмүш сап болот кылычты ошо жибек жолу аркылуу силердей кербендер жеткирген. — Куйручук Мусакожонун үстүндөгү жабык башта, жүккө эңилте илинген чоң болуштун шыйрактуу бардаңкесинин жанындагы кылычты жаңдады. — Бу курал-жарак, кеңири соода кылуу үчүн чу дегенде торколуу тон, суп чапан, чендүү, мына мындай элдин башын уучтаган Лөк болуштарга сунулат,— Куйручук соомойу менен көргөзө токтолду. Анын бу жасакерленгенин сая кетирбей Мусакожо которуле «айтканың төгүнбү» иштте күржүйгөн моюнундагы когултур көйнөктөн артылта чынжыр каргыда салаңдаган алтын сымал болуштук тегерек жез белгини нооту кемселинин бүчүлүгүп чече төшүн далдайта алаканына сала, жалпысына көрсөттү. Куйручук таңыркай көздөрүн жалтылдаткандарга «болуштук белгини мен көргөздүм баарыңа. Корүндүк бересиңер» иштте мактанычтуу обдулду:

— Кербенчи соодагерлер ошентип курал-жарактан бөлөгүн канча эсе кымбатка адими буюм коздорунон учкан кардар калктын малына урунтушат. Бардарлар го четинен айдап, кымбат болсо да өздөрүндө жок керектүү оокатка марышат. А жарды кургурлар кийим, буюм үчүн колунда бар биртике аш-катыгын да сатышат. Кээси ке-

леркиге, соңкуга деп кыяматтай үстөк кошулчу жогорку баага насыя алышып, алданганын кийип билишип таланышат. Кыздарып тоторуп беришет. Ошондой кызыл кулак кербенчилерге жиним кайнап, ызырынып жүргон кезим. Шашпа, катыгыңарды катырбасам деп келерки жылы кербендер келчү маалда, ашууну акыйып, жолдорун утурлап жүрөм. Өзүмдөй жүроктүү шылуундардан үчөөнү өлөктүккө макулдаттым. Кудай жалган кербендер келатат дегенди угуп чокудан акмалап отурдук. Даванды таянып тыныккандарын көрдүк. Жашырынып, буйгут аркылуу кадуулап түшүп, чоң жолдун боюндагы эски мүрзөгө жеттик. Үчөөнү күмбөзгө жашынттым да, өзүм эненден туума чечинип кара чылага оонап, коз-башымды акырайта боёп, жолго чукуп төбөсү түшкөн бейиттин ичине кирип жаттым. Түн кирди, ай, жылдыздар жымыран асман отторун чакты. Жайдын керимсели тып-тынч түндө, тирүүлөй көрдөгү мени леп-леп думуктурбайт. Акыйын, улам башымды көрдөн чыгарып жол карайм. О-в, далай оокумда көбүр-күбүр, жай, тыпыр-топур, туяктардын дарбышы угулду. Үчөө боору көзөнөк чоң күмбөздөн мага белги беришип, ойлогонумдай чыкса, артымдан жетүүгө даярдыктарын даректешти. Ана астындагы эки аргымакчанды ээрчип жүктүү качыр, эшектерди жөө жетелей чубашкандар чукулдады. Мен үзүл-кесил оңтогон, ышкырган жапайы доош чыгардым. Аргымакчандар да ооздуктарын буруп жерге түшүп, жетелеген кербенчилерди саамыктай чогултушту.

«Лай-лава-лил-лаллалашып» келме келтире, айбаттуу эски күмбөздөр дүпүрөйгөн чоң мазар мүрзөгө, арбактарга тайынып, муңкана мукам үн менен узак куран окушту. Мен андан-мындан өлгөчүмдү тарта аяндуу доош чыгарып, бейиттерге арбаң-тарбаң жеңил далдаалашып, арбактарга сыйынган ээлерин күтүп, жондорун талыта чиркешип токтогон эшектердин арткы үчүнчүсүн акырын чечтим. Айгыр эшек өкшөйт, менден чочуп айкырып, айкырып ыңгырады. Ага боломбу, жүгөнүн шыпырып, башыма арчындадым.

Түнкү сүрдүү мүрзөдөн аян берген арбак доошунан, бирди-жарымы элдир-селдир чалдыктырган, көрдөн арбаңдаган мелип карааным дан, эшектин беймаал айкырыгынан чочулашып кезметтеше үч ирекет окулган куранга бата кыла топурап шашылып, кербен асты жылды. Жоо айдагандар коопсунуп алдыңкы, ортоңку жетектегилерге ыктай, окус, чалпоо шейип кол салса, чогуу болууга, коз-

дорун жумар-жумбас бейит жакты карабай, тезпрэк узап кетүүгө далбасташты. Мен астымдагы чиркелген эшекти тарткынчактатпай, ленилдөодомун. Арткы мен баштоткон үч эшек бөлүнүп чаң уюган такыр жолдон кутулганга сүйүнө, бура тартышып оттогонго киришпейби. Кербен узай бермек. Алиги үчөө күмбөздөн чыгып, жүктүү үч эшекти күмбөздү аралатып, буйгуттуу кокту өйдө, ичкерки чоочун кербендер эмес, жергиликтүү эл аз билген, билсе да даап барбаган, жолбун жетим, каракчы-кескиге айлангандар пааналоочу болжошкон үңкүргө айдап киргизишмек да, кайта тартып мени утурулашмак.

Мен карала, баткак жамыганым аз келгенсип, бырыксыган чаңга жылаңач денем ого бетер чамбылданып, ылайга чыпкаланып каткан мурут-сакалым тири укмуштай сербейген, курсак чердейип, бутум ийрейип эки айылдын тушунан өтүп, о алыс узаганда, амалымдын оңунан чыкканына жымылдадым. Эми чиркөөдөн бошоноорду, кербенчилерди чындап чочутаарды болжодум. Үксөйгөн баткак, чаң башымды булкуп кулагымды делдейте, колдорумду тарбайта, жүгөндү кармап, шалдырата силкип, кетенчиктедим. Баспай тартылып токтодум. Алдыңкы чиркелген эшек-качырлар аргасыз создугуп, жетелеген ээлерин кетенчиктете сүрдүктүрдү.

Арбактар козголгон коопсуу мүрзөдөн алда канча ыраактап, токтоочу айылга жеткенде аман-соо кутулгандарына баабедин өткөрүүгө масплеттешип, коркунучу басаңдаган кербенчилер арткы баспаган кашаң эшекти айдоого:

— Харам өлгүр. Бунга не болду,— деп шапалагын кезеп жетсе эшегинин ордунда жыпжылаңач кейпи суук желмогуз шайтан жапан айбанча ыр-р-мыр-р ызгытып, ыржайып турат. Башымдагы жүгөндү, шалдыр-шулдур чайкай-бошонун, колу-бутумдуу салпаңдатып баса калчудай, кемирип жутчудай ойкуп-кайкып секире тарбаңдадым.

Жакындан башка чабам деген неме бакырып алдыга качты. Алдыдагылар дүрбөп тигини безилдеткен «балээден» чочулашты.

— Эшагимиз азыткыга, шайтанга кубулду. Карамаңыздар, бармаңыздар.

— Лай-лава лил лалла!

— Хазирети алла ялган!

Аксарбашыл баабедин айтышып, козго көрүнчү шумдукка кылчактабай жылаңач шайтанга айланган эшекке

кайыл илгерилеп узай беришти. Таң агарганда кербендин арткы чиркөөсүнө бурулушса, шалдырап бош жүгөн гана сүйрөлүүдө.

Корккон кербендер жергиликтүүлөргө эч айтпаска нан тиштеше антташып, ач арбак жайлаган үч эшек пулду кулак-мурун шыралга деп ичтеринен кан өтүп тым-тым болушту. Кургаткан патир токочторун бата окуп, купуя «баабедин» атап, тоолук балдарга таратышты. Ошол эшекти шайтанга кубултткан сыйкырчы мына мен! Күнөөмдү баш оту менен кечип отурасыңар. Бу кандай?! — Куйручук төшүн лак коё, соодагерлерге моюнун ойкута, көзүн чакырайта ормойду.

— Тоб-а, берёке тапкыр. Бизпи карактабаганиңизга шүкүр. Энди түшиндик сизнин ким экаңызди. Шаир акаси, алиги деганиңзга хуп. Хаммасын жасаймиз. Шаирлер баринпиздарга тартуумуз болади,— башчысы колун бооруна ала ийилгенде, калгандары кошула таазим этишти.

Шатыра-шатман жаркыган көпчүлүккө Куйручук эчтеке айтпагансып, эчтеке укпагансып томсоруңку күрсүндү:

— Эми, дубандык чоң ашта ылайым айры тоштүүнүн астында калбаган атактуу алп балбанды кантип жыгып баш байгени алганымды айтсамбы же кара жаак акын менен айтышып кантип жеңгенимди айтсамбы, же жетимжесирдин акысын сарап бай, зулумдардан кантип ондургөнүмдү айтсамбы, же ашык жигиттин колуктусун зордукчу дөөлөттүүдөн кантип тартып бергенимди айтсамбы, же эл намысына жараган эрдиктерим көбойгон соң, кызыл дубана Шабдан, бу Момодой Лолу Мусакожо оңдүү зор манаптарга баркым артып, кадырман кары Байзак баатыр: «Куйручукка мындан кийин тил тийгизип, камчы чапкан адам болбосун, айтканы эки делбесин. Элдин эркеси, тентеги болуп жүрө берсин»,—деп бата бергенин... чубасамбы. Айтор, менин милдетим кулагыңардын кужурун кандырмай, көңүлүңөрдүн толгоосун жандырмай. Бир аяганым дөөмөт көпкө тийбей Сагымбай манасчы куурайт. Деле каниеттенбей арай-чарай акыйып чындап кааласаңар Кукең кагынчыгып калтырбай какшоого качан болбосун кыябын табат,— Куйручук «же» ни кыстырып дембе дем обдула колун серпе, сөздү куюлуштура түйүндөдү.

Куйма кулак көпчүлүк пендеде жок куудулдун шум-

дуктуу жоруктарын жеткире тыңдоого ынтызарлыгын билгизе тамшанышты, алкашты.

Сый тамактан соң эс алууга жашыл дөбөгө өзүлөрүнчө жайыла догдогон чечендер бүгүнкү тамашанын өзгөчөлүгүнө балкыгандыктан кеп козгошту. Байымбет молдо менен Куйручук куудул машташкансып, күйдүргү жана күлдүргү үлпөттүн чырайын ачышканын белгилешти. Экөөнүкү тең кыргыз өнөрүндөгү жаңыча жышаандын жагымдуулугунун айкыны. Байымбеттин кыялын бакисинен дегени жаза кетпеген кыраакы сынчы Санчыдай кылдат ацдаган шериктеш чеберлердин жеткилең түшүнүгү, адилет баасы экилентүүдө. Ал да өзүнөн башкаларына тил жеткен даңазалы багыттоочу кубаныч, ардак катары пускаларын, элестерин сезимине чөгөрүүнү самоодо. Өнөрдүн бири-бирине окшошпогон, бири биринен ашып түшкөн дөө-шааларынын сырына, өрнөгүнө кенен кесир кангапыпа жанына тоодой топук, жүрөгүнө талыбас канат бүткөндөй сыймыкка зээрденүүдө.

«Булардын ар кими али аты коюлбаган, уюган кен — заты белгисиз кыргыз жергесинин туш тарабында асман тиреп олчойгон туташ тоолордун менминсинген аскар чокулары. Жердин урабас туткасы, айбаттуу көркү. Калайыктын тозбос кенчи, урпактарга сыймык, энчи. Ушундай өнөрдүн кайнар булак арашандарын оргуштаткан кыргызымдын ырыскысы соолбос, учугу уланаар. Атагапат, чачылып, жайдакталып баратканыбызда улуу тоо коюуну ушу керемет таланттарды унуткарбай сактап кала алаар бекен? Ооба, аска зоолорубуз миң кубулган жацырык катары боюна сиңирип калып, кийин урпактарга угузаар бекен? Ата-бабадан канда, зээнде сактап келаткан калк өнөрү, колдон колго, ооздон оозго жугуп кайчалыкка жетмек. Добулбас, керней, сурнай сээлдөөдө. Комуз, кыяк, чоор, темир комуз, домбура — жүрөк күүсү, жандын тили, эл тукуму тирүү уланса өчпөс, өксүбөс. Ыр — жандын сыры. Көөдөндө жүрөк согуп турганда ыргагы үзүлбөс. Ырдын ыры бар. Күйүү, сүйүү — тирликтин ажары. Арман, ашыглык обону созула берээр. Апталап, айлап бир гана керемет баштан кайнар булактай оргуштаган «Манастай» алп дастандарыбыз кантээр экен? Арман, ашыглыкты адам аттуунун баары созсо, «Манасты» айтууга миңден, түмөндөн бирөө гана кудуреттүү.

«Манасты» менин доорумда, менин баамымда көзү тирүүдөн экөө гана — утуру жаңы толкунун күргүштөткөн

дөлү дарыядай чамынган акындын пирлери улуудан Тыныбек, кичүүдөн мына жанаша жытыгышып, баарлашууга канбаган Сагымбай Орозбак уулу гана күлпотүнө чыгарат. Сагымбай. Нечен күндөн бери жаңы атылган жанар тоодой сөз жалынын бүркүп, «Манастын» укмуштуу окуяларын сапырылта, ыккан элди эбегейсиз ысык табына чымыратып, эритип, көлкүлдөтүп элиртүүдө.

Байымбетке Сагымбай кудум толкуган көл, Тыныбек сыяктанып да, андан болокчо оргуштаган сел сыяктанып да, акыры көл менен селден кубантанган, ысык малмаларды асманга бүркөгөн, жаңы атылган жанар тоо сыяктанып аян берүүдө. Ырас, Сагымбай-жанар тоо. Анын чулу тулкусу, кең көкүрөгү, оттуу көзү, талыбаган жаагы, окуяга карай ойкуп-кайкыган көл кыймылы жандуу, атылган тоо сыяктуу олчойгон сөздөрдүн ысыгынан кыпкызыл шыркыраган түрмөк отторун бүркүүдө. Андай албан күч, кажыбас кайрат, сыйкырдуу чеберчилик, касиеттүү «Манас» дастанын келишитире айтууга бүт омүрүн сайган чыгаан акындын таалайына гана таандык. Сагымбай чыгаан акындын ана башы. Болбосо өзүн ошо байыркы доордун атайылап кийинкиге калтырган баатыр Манастын чоролорунун өкүлү сыяктуу, ыры менен да, келбети, жүрүм-туруму менен да куюлушуп, азыркы таңыркап укканларды ынандыра алат беле.

Илгертен берки көөнө кыргыздардын тагдыры, санжырасы, салт-санаасы, казабат-карманы, бейпил жыргалчылыгы, чабылып биринде, кайрадан ыйык улуу тоону калкаланып элдик касиетин жоготпой кошулушу «Манас», «Семетей», «Сейтек» окуялары аркылуу Алтай, Янисайдан[1] тартып, Ала-Тоого чейинки аралыкты апчыш санжаптоо — көзү арып таанысаса да көкүрөгү каттай Сагымбайды шай колдогон эр дебегенде не дейсиң.

Тыныбек, Музооке, Күрөңкөй, Сагымбай, Куйручук, Мураталы... элдин ырыскысы, кечээкиси, бүгүнкүсү, эртеңкиси — өчпөс өмүрү. Булар, булардай өнөр алдын өнүктүргөндөр гана кезегинде жазмасын, мамлекетин жоготуп, көчмөндүккө бытыраган байыркы элдин санжырасын асыл салтын сактап жеткирүүдө.

«Манас» — дастан. «Манас» — санжыра. «Манас» — казына. «Манас» — кыргыздын атак-даңкын сактаар, көтөрөөр сыймыгы. Айлап айтса түгөнбөс дастандын чыпчыргасын коротпой, көркөмдөп, кошумчалап мүлдө ба-

[1] Янисай — Енисей (жаңы сай).

тырган не деген керемет бап. Катка түшсө канчалык китепке сыяр эле. О-о арбын. Өзү «Семетей менен Айчүрөктүн үйлөнүшүн» жана досту Букарбайга калыңдыгы пукум түптолгон канча жүз бет кол китепке жай, бадырайта саймалады. Үч илтик дастанды баштан аяк шыпыра шакшак кагазга түшүрсө отуздай китеп толоор эле. Тох, арман күн дечи, ошондо асылдын асыл кенчине айланмак. Азырынча ал билгени отуз китептик казынанын пукурасы Тыныбек менен Сагымбайдын дарбыздай баштарынын гана ичинде уюуда. Тыныбек эңкейип, карылыкка алдырып, алыска чыгалбай, баякы деминен тайып калды дейт. Аракети кенже уулу Актанга үйрөтүүдө имиш. Актаны сөзгө шыктуу, комуз, обондуу ырларга азгырылат дейт.

Бара-бара күүлдөгөн Сагымбай да карылыкка же ажалга алдырат. Кетет кайран кенч, тоголок баш менен кошо тоголонуп. Байымбет термелип, алгач дастан курап, кыргыздын баатырлык байгерчилик даңазасын төгөрөккө даң кылган Манастын чоросу Ырамандын ырчы уул озу аяр сынчы күлдан тартып, үзүлтпөй толуктап улап келаткан жомокчуларды түгүл, жакында эле көздөрү өткөн даңазалуу Келдибек, Айтыке, Назар, Чоңбаштарды санап өттү. «Манастын» негизги нугу бир болгон менен айтуучулардын ар кими акындык дараметине жараша корктонтуп, алып, кошуп ырдашкан. Кайран акындардын аттары, даңазалары гана эскерилип калды. Китепке түшсө ким киминин ырчылык күчү, созүнүн элестүүлүгү, корктүүлүгү, болумушту, тарыхты, чындыкты сүрөттөосу оз-өзүнчө казына-мүлк болуп бапестелбейт беле. Шонетип чукулда Тыныбектен да ажырайбыз. Сагымбай экообүздүн тагдырыбызга жараткан эмнени жазды, дагы канчалык жашайбыз, али күмөндөр. Аздап болсо да калайыкты агартуу, мектеп ачуу, илим дүйнөсүнө тартуу аракети башталды. Али Сагымбайдын башы жаш. Балким өзү бкуп, жазганды үйрөнөөр. Мүмкүн чоң сакал агартуучу Поярковдой, дүпөк мойло дарыкер Пурунзе досумдай, ак пиет, боорукерлер көбөйсө Сагымбайдыкын жаздырып өкмоттүн казынасына өткөрөөр. Китепке бастырып чыгартаар»...

А өзүчү? Калайыкка Байымбет молдо атанды. Тыныбектен бата алган. Тоголок Молдо ырчылыгы андан маалим. «Манасты», бөтөнчө «Семетейди» баяндаганда ээжаа бербей көлкүп көбүрмөйү бар. Окуянын жүрүшү, баатырлардын сыпаты негизинен Тыныбектики болгон

менен кызыганда өзүнчө демең, узартып, кыскартып элирет дейсиң. Чынданып, Тыныбек, Сагымбайча караманча дастанга гана чыгынса, мүмкүн алардан кем сокпос эле. Астафырылла. Анын пебак бекемделген шерти бузулбайт. Жалаң гана манасчылыкты куубайт. Манасчылыкты эки доодон талашпайт. Тыныбек менен Сагымбай үч илтиктин баш аягына канча мертебе балкып чыгып, канча мертебе бирде чокко, бирде музга сойлоп, бирде кецейип, бирде кысылып, барскан менен дөшүгө чыңалган Шамдын болот кылычындай албарсына айланышпадыбы. Бирөө Тыныбек карт, экинчиси Сагымбай жаш, устат менен шакирт «Манас» үчүн өмүр жашын тигип, түбөлүк кесип тутуп, күндөп, түндөп, анталап, айлап, жылдап утуру таскактарын арбытууда. Сагымбай аман болсо бу жортуусу менен бара түшө Тыныбекти куып өтпөсө да суулук улаш жанашууга кудуреттүү. Алдыңкы орун экөөнүкү.

Байымбет молдо ыктуу жагдайда «Манасты» айта жүроор. Көңүлү тыңгылык тартса улуу дастанды жазма калыпка четинен көлкүтүп куя берээр. Кастарлап окутуп угуучу кардарлар үзүлбөс. Букарбай, Кашгары сымал кат тааныгандар көчүрүп таратабыз дешсе, аларга табыштаар. Жаки болбосо, өз куржунуна, сандыгына бапестеп сактаар. Угууга куштар чогулгандарга, чакыргандарга толук окубаса да ыйык дастандын тилден китепке түшкөн үлгүсүн көрсөтө саймедирээр, барктап, сураганларга тартуулаар.

«Манас» дастаны неге арантардын, гректердин, фарсылардын, орустардын, индустардын, канатташ түркү элдеринин жомок-дастандары «Миң бир түндөй», «Рүстөм-дастандай,». «Одиссейдей», «Махабкараттай», «Игорь кошунун баянындай», «Лайли ва Мажнундай», «Фархад ва Ширидей», «Юсуп ва Зулайхадай», «Кор уулундай»... өлбөс өмүргө жетпейт. Жетет. Андай өчпос узак өмүрдү касиеттүү кагаз гана берет. Алдын жетишинче «Манасты» кагазга тамгалоо үлгүсүн кыргыз тилинде алгач колго албадыбы.

Тек, улуу дастанды жумурай журттун түпкүрүнө түрүлтө таратуунун, дацазалоонун айдың жолун көздөөр. Анан калса Тоголок Молдонун акындык сапары ар тармактуу, бутагын туш-тушка жайып көлөкөсүн да тийгизген, мөмөсүн да чокмороктоткон дарак мисалдуу эмеспи. Ал алмузтактан келаткан болумуштарды, уламаларды, жомокторду, элге жеткиликтүү өлпек тилге элеп ырга

чогорүүгө киришкени качан. Жаңыл мырза, Эр Эшим, Тайлак баатыр, Шырдакбек, Мендирман өңдүү баатырлык окуяларды акындык дастанга айлантат.

Адамзатынын баскан жолунан, дин, ырым-жырымдын чыгыш, онүгүшүнөн, бөтөнчө кыргыз элинин жаралыш, уруу, урукка бөлүнүп өсүш санжырасынан кабардар неме, түркөй калайыгынын назарын ойготуш үчүн санжыраны жорго сөз менен чегээлеп, далилдеп жазат. Бакисинен аны өзү көрүп аралашкан, зээнин кейитип кыжырын кайнаткан азыркы шум замананын ашынган кош кабат зулумдугу, калың букараны муунта мыжыккан Орусиянын ак падышасынын төрөлөрү менен, жергиликтүү манап, болуш, старчын, бий, сүткор-соодагер, байлардын уу чеңгелдүү запкысы тынчтык бербей, чакырык жасап чыйралтууда. Заарканткан доордун ач ажыдаар оборлуу ажаандыгынын бетин ачып ашкерелөөчү, муңдан бакырлардын сезимин ойготуучу, агартуучу тамсилдерди, жаңытмаларды, кошокторду, армандарды, кордоолорду жазууга, калайыкка ачык жардоого аттанбадыбы.

Калың букара анын бул саамалыктарын жаңылык гана катары эмес, жапасын жазуучу, кегин алуучу, зарын зарлоочу куралы, колдоочусу катары кабылдоодо. Айрым Мусакожо чоң болуш, анын кожо-молдо, кошоматчылары гана ичиркенип зиркилдөөдө.

Ушунун өзү жазма акындын кайра чегинбес кажарлуу далаалатынын текке кетпегендигинин, доордун жарасын ачып, онтогон көпчүлүктү жеңилдетип, ажаан азчылыкты алачакмактатып дүүлүктүргөнүнүн, өзү максатына туура чабуулдап бараткандыгынын далили го.

Канчалык бийликке дөөгүрсүп элди күтүп, баштаган эркеч бизбиз деп өкүмдарлар, мартабалуулар онурулбасын, журттун чыныгы түркүгү, куту-жамыяттын мүдөөсүн, акылын, жөндөмүн, асыл, айкөл сапатын айкындоочу карапайым нөкөрлөр экендигин Байымбет дагы ушу саам бир мертебе эзелки ишеничинин тууралыгын бышыктады.

Арийне, акыл, өнөр алптары элди кеңири араласа, көпчүлүк залимдерди коюп аларды ээрчири айныксыз тура. Ошондон улам акындын ой толгоосу тагдырдын утурумдук күчү кимде, түбөлүктүү күчү кимде экендигин, ал күчтү кандайча чыңоо, пайдалануу керектигин чакмактоодо.

Кыргыздын ар тарабындагы, ар уруусундагы ажайып талапттардын баш кошуп, өнөр сынашып сырдашуусунуп демине семирип, өзүнчө шерденип толкуп жүргөп

Тоголок Молдо сыртынан не айың, не чагым, не кыянаттык дүрдүккөнүнөн бейкапар.

* * *

Кордолгон Кожо менен күпүлөп ызаланган ырчы Бошкой биригип, Байымбеттен канткенде өч алуунун алапайларын таппай ызырынгандары чексиз. Канчалык кыжынып сөгүп-сага, каргап-шилей чамынышпасын, канчалык антташып жаат курушпасын өз бет алдыларынча касын көмөлөтүүгө чамалары чактыгына тууралары түгөнгөндө кеңешип, узундуу-кыскалуу, ичке-жоон ээрчише пирине жүгүнө сабылышты:

— Улуг мартабали таксырым, алиги ашулачи Тогалак Молланын Кожаңгизди корлогани сизни корлогани. Хамма элга тарап кетиптир-кү. Көргөн жандын кими булса, менга күлүп, изатын койду. Ырасмы Бошкой шоир;— Кожо бейкасам чапанга оронгон шыңга боюн ыргап, Мусакожонун өкчөлүү килейген өтүгүнүн таманын жалоочудай чөгөлөп селделүү «ыйык» башын эңилте ийди.

— Ырас, төрөм, Касиеттүү Кожонуздун канкакшаганы калетсиз. Уккан кулакта жазык жок. Далай жел колтуктар «Кожонун аңгемеси», «Уйдун музоосунан сыр сураганы», «Иттин доолдай тиктирем» деген өзүңүз эшиткен жанытма-казалдарды какшап жаттагандары, көчүртүп колмо колдоткондору мындай турсун, тынч жаткан элиңизди ээликтирип тамсил дейби, арман дейби, кошок дейби, балдар жомогу дейби, чал-кемпирдин уламасы дейби не бир шумдуктарды таркатууда. — Бошкой жалдуу жоон айгырдай дөңкөйө зорго тизеледи.

— Журт бузар маскарапознин оуз айыбын тартириңгиз.

— Касиеттүү Кожонуздун астына түшсүн. Алла таалanын амирин жердеги үмөттөрүнө жайылткан Кожонун ыйыктыгын мактаган жаңы казалын жазсын.

— Иншалла, агар шүнтсе, кечса болади паччагардын күнөсүн.

— Хы-хы... Кожом, күнөөсүн кечесизби, кечпейсизби. Аны өзүңүз билесиз. Кеп Тоголок Молдонун өзүн өзү ашкерелеп, абийирин төгүп, эки жүздүүлүгүн көрсөткөнүндө хы-хы...

— Лаппай тугры, Бошкой шаир.

— Ал урган, ушу кезге чейин текеберчилик кылып текченделп, төрөмдүн колокесү менен күн көрүп жатка-

ның билбей, жылуу ооз ырын багыштай элек. Баба-жотосунан эл сурап, журтка туу Мусакожо пирин Тоголок Молдоңуз жазгыч неме экен, неге курабайт, сиздерди дацазалаган дастанды.

— Түгры, тугры Бошкой шаир.

— Тугрысын мен да билип жүрмүн. Антпейт экен, Тоголок Молдо терс аякты эл-жерден аласташ керектир.

Арча түбүндөгү чөөттөй, апсайган каш-кирпигинин астындагы алаңгыр көзүн сүзүмүш эте, ынак айгактарынын жедеп жандары күйүп тебирешкенин муюп тыңдаган чоң болуш эми арақ, калдайган кылкандуу эринин серпилтти:

— Тилиңерге тибиртке. Безилдейсиңер о-ф! Мен макулмун. Кана, азырбы, эртеңби, бүрсүгүнүбү. Тоголонгон молдо акунду мени, ата-бабамды мактатып келгилечи. Мен даяр. Берки безилдектер тарай элегинде угузалы. Экөөңдүн алаканыңды ысытып, жонуңду жаңыртпасам майнеке болоюн. Ошенттириш колуңардан келеби?!— Мусакожо жапкагын түрө көзүн тостойто көтөрдү эле, өмөчөктөгөн экөө жыйрыла тилсиз даптаарышты.

— Буф! Чаманарды сездиңерби. Тоголонгон Молдодон торой жыгылган берендерим, акылман олуям, ырыстуу ырчым. Макулмун. Аны маа байырлатып тарткылачы. Жо, анте албайт экенсиңер урун-тилдебей, эбин таап басынтып, чүнчүтүп, топ көзүнчө мазактоонун айласын тапкыла. Анте албасаңар, козүмө көрүнбөгүлө бебиреп...

Жылуу кан тумшугуна жыттанып короо четине жылып кирерде шекшинип туюп калган малчынын дүк аткан дүрмөтүнөн жүрөктөрү түшүп, өңүтү оңунан чыкпай куйругун кыпчып кынжыңдап ачка жолуна түшкөн үйүрлүү бөрүдөй Кожо менен кол ырчы ээсинен кагуу жеп шүмүрөйүштү дейсиң. Эр болушса, өзүлөрү кырчаңгыланып көшеергөн кек алуу сунушун орундатпай көрүшсүн. Чоң болуш аларга өмүрү мынчалык ачууланбаган. Окус дайындаганын аткарбай каарына калышса оңбосу шексиз.

Кожо күңк-маңк келме келтире чок баскан иттей кыңшылап:

— Мен кайылмын. Тоголок Моллаң таксирди мактаса жетади. Шүк жүрө турмай, балээге башны байладык. Бошкой шоир айласини өзүң тапың,— десе, Бошкой бычылган текедей көзүпөн жаш кылгырта бапыйган сакалын салмактанта башын чайкады:

— Кожом, касиетиңиз бар эмеспи, тилин өзүңүз табыңыз. Дубалап башын имериң. Илээңизди көргөзүң.

— Кой э, шаир жоп. Тоголок Молла бошини имерг-пейди. Кат таанып козу ачык немага дува түшмөйди. Лекин ол абийримпи төкүп зикиримди кагып ташлади, булмийди. Сен ям шоир, ол ям шоир. Акалап бараспзми, энке озүңүз көндүрө калыц э...

— Эх, кокуй Кожо экепсиц.

— Нема! Бышкирмац.

Экөө үрпөндөшүп, акыры айласыздан биргелешип кецешүүгө мажбурланышты.

Тоголок Молдого бироө эмес, экөо тец жүгүнүп барган күндө ого бетер чамгарактайт. Акыл табаар, ийнпе келтирээр олуясына бүгүлүп, жакшы эле кайрашты эле, кайра тумшуктарын кацтара сокку жеп кайтышты.

Заманалары куурулуп, жападан жалгыз арга — тилмеч Букарбайга такалды. Букарбай түбү ичкериден, Кожо экөө тымызын ылым санашат. Ошондуктан Кожону сыйлаар. Анын үстүнө Тоголок Молдо досу. Букарбайдын тилин алыцы ыктымал.

Букарбайды тооруп жүрүшүп, үчүнчү күн дегендө зорго жалгыздатышты. Кожо анын колун кош алаканына уучтап эрипин жабыштыра өпкүлөсө, ырчы тизесин кучактай алмак-салмак жалбарышты:

— Улуг укем, Букарбай мырза, кахардан кутказиц. Алла йар килса, ялгиз озицгиз гана лаажы табасыз.

— Ажаат ач, мырза Букарбай.

Айлабыз кыйын жукарды ай.

Чогуу жүргөн өпөкпүз

Чыдайсыц каптин куткарбай.

Букарбай чоц болуштун эки бирдей покөрүнүн албарстыча жалынган жоругуна таңдана делдейди:

— Кандайча? Недеп кутказышым керек. Кандай ажаат?

Кожо колун коё берип, кош алаканын жогору көтөрө, аппак шацкайган селдесин таптай «Кудай бар асманда, актыгыма ишен» жышаанын туйгуза, сыпаа тегизделген сакал-муруту жарашык арттырган жука, чырайлуу дидаарын тамылжыта, амалдуу капкара көздөрүп жалжылдатты:

— Достуңуз Тогалак Молланы ордо кызматына алдырыц. Мына үчөөбүз билен бирге болсун.

Букарбай масилеттин сырын боолголоп, канттуу чайдын ордуна байкабай мурчтуу чык ууртагансып, ачууркана саамга дапдаарып, Бошкойго алайды.

Бошкой жердиги, тарбыя-таалими сылык азаматтын

буйдалганынан экөөнүн назарын сындырбасына үмүттө-пө «сакалыма кой, ишен» ишарат туйгуза берекелүү эгин тутамдай доңкойө обдулду:

— Сага да, мага да ага олуябыздын оң колу — касиеттүү Кожо аке экөөбүздүн ыймандай сырыбыз ушу. Башыбыз тартуу, жаныбыз тартуу. Байымбет акын, башынан сага жакын. Жанындай көргөн катынынан, бий агасынан ажыран, жападан жалгыз сокойду. Айылында анын баркына жетиш, баарлашаар да кишиси жок. Кудай бар, Букарбай иним, башта таназарыма анчейин алчу эмесмин. Аны өзүң жакшы билесиң. Мобу ажаандар чогулганда, алар кадырлап кастарлаганда түшүндүм, Байымбетибиздин бакибизден озгон ар урук өнөрлүүлүгүн. Айтып кой досуңа мен багындым ага. Кожомдуку туура. Кошулсун мынабу үчөөбүзгө, Коколой калды, кирсин жө менин, же сенин үйүңө...

Букарбайды муюта жүйөөлү сүйлогон шеригин кубаттай Кожо тепесин тартып, башын секин ийкей сулкулдоодо. «Жакшы сөз жан эритет», «Жылуу кеп жыланды ийнинен чыгарат». Анын сыңары экөөнүн улуу башын кичик тутуп, аны котөрө чала ишенип да, жагынып да, жалбарып да бөгүлгөндөрү Букарбайдын кан тамырларын чымыратты. Булардын анчалык Байымбетти жактыра калышкандары неси? Тоголок Молдо буларга көкөйлөрүнөн кеткис кара тамга басып, шылдыңга капталтпады беле. Же адамзаты кец пейил, кечиримдүү макулукпу. Же булар кожоюнунун зор салтанат сайранында, арымдуу келим-кетимдинде өзүлөрүнүн кепке кемтик, сөзгө сөлтүк паразаттарынын пастыгын туюшуп, ордонун даражасын көрктөөр, көпкө көзү каныкпакылман, ырчы, жазгыч, чечен, санжырачы, манасчы молдо Байымбеттин далдоосунда тынч чардайлы дегендериби. Же, катта болушка Тоголок Молдодон көргон ыза-кордуктарына уулугуп, арызмуңга барышып, «ошончолук боло албаган соң, озондобой куруп калгыла өзүңөр. Кармашып жеңе албаган соң, мен силерге арачы болбойм. Бириң дин, таалим жаатында кецешчиликке, экинчиң атак аброюмду котөрүүчү акындыкка жарабай, Тоголок Молдого, ар дубандан чогулган короздордун көзүнчө тебелендиңер. Ал экөөңдөн артык эргул. Терс аяктыгынан ордомо баш-оту менен кирбей жүрөт. «Кек душманга жарашат. Биз бир эл, бир журтпуз. Тамашаңа таарынбайбыз» деп кулдук уруп араңарга кошкула. Анан ошонун аркасы менен чардап жүрө бергиле. «Күрүчтүн аркасы менен күрмөк суу ичет», де-

гендей жылдыздары түшүп келишкенби. Мусакожо чогулган өнөрпоздорго «Байымбет менин казалчым, менин жазмачым. Менин иним»,— деп ал жокто богогун балкылдата шыбыштаганда Букарбай үстүндө эле. Кылкыйма манап өз мыктыларына айта барсын «Тоголок Молдодой» ырчысы, санжырачысы бар дегенди билгизгени да.

Кылыйган Букарбайдын кунуя божомолу көк ирим үстүнөн курч көз түпкөрүдөгү чабагандаган балыктарды, ортодо көлкөйгөн жаянды көргөндөй туура далдоодо.

Омуроолору жарга такалган эки жасакер өкүмдарынан ыдык көрүшпөсө мынчалык зарылбас эле. Мейли. Таксырынын Тоголок Молдону ага жардамчы дайындап келтиралбай жүргөнү башынан маалим. Букарбайдын өзүнө канча мертебе сүйөө салдырды. Кайгы баскан досун келтирүүнү создуктуруп жүргөн өзү. Анын үстүнө Байымбет шылтоого шыноо таап боюн алыстатууда. Болуштун ордо айлында чогуу жашашса Букарбайга да дурус. Үйлөнгөндөн бери санаасы тынгылык тартты. Ошентсе деле бул чөлкөмдө Молдо Байымбеттей илим, сезим жаатынан тецтайлаш муңдашаар адам жок. Балким, булар безилдегендей ашык жарынан айрылып коколой баштыктын жабырынан алаксуу үчүн акын өзү макулдаар.

— Жарайт,— деди Букарбай көпкө телмире кыялга байланган көзүн чекирейте. — Молдо Байымбетке сиздерди элдештирүүм керек экен да. Туурабы? Өтүнүчүңөрдү орундоого далаалаттанайын.

Экөө жемге аралаш таш жуткан корозчо муунгансып, моюндарын кекейте ийкээр ийкебегенсип кыйлага үнсүз акыйыша тиктешти.

— Не болду сиздерге. Жообун Молдо Байымбетке сүйлөшкөндөн кийин айтам. — Букарбай туруп жоңогөндө беркилер астын торой антандашты.

— Ыраазыбыз. Муратыңа жет, Букарбай мырза, бир паска аялда.

— Береке табың улуг укем. Көцгилимизни тынчитгиз. Ишанамин, Тогалак Молла сизнин акылдан чыкмайды. Бир ак шарт бар.

— Бир шарт бар, Кожом туура айтат. Букарбай мырза, мынча болду бүтүндөй аягына чыгарыңыз. Кожаке, кана айта салың шартыбызды.

— Лаппай Бошкой шоир, өзүңиз айтып йибериң. — Кожо тайсалдаган Бошкойго таарына үтүрөйдү. Ал жалдуу айгырдай калың бетин булгуйтуп жер караганда аргасыз күрсүндү. — Ай-яй-яй ашулачи сизге баракелди.

Түртүп салат экенсиз ку. — Алынын жетишинче кашка тиштерин ырсайта жасалма күлүп, Букарбайдын арбайган шадыларын сылагылай уучтады:

— Сыпайы сырын жашырбайт дейт кыргыздар. Бир ак шартимиз деген Бошкой шоир экиламизнин сырымыз бул....

Бир чети аяп, экинчиден сыйлап дегендей, үчүнчүдөн өзүнүн дилиндегиге каршы келбегендиктен досун болуштун башкаруу чөйрөсүнө — ордосуна тартууга адегенде убадасын берип койгон, эки сүйлөп көнбөгөн Букарбай булардын шартын укканда абдырай, эринин кесе тиштенди. Алдооч тузакка илингенине канчалык өкүнсө да, шектентпөөгө кайпактап тигилерден кутулууга шашылды.

— Жарайт. Молдо Байымбетке жеткизейин... бирок шартыцарды аткартам деп убада бералбайм.

Берки экөө кылчайбай шарт жөнөгөн Букарбайдын соңунан мүдүрүлүп мантандай ажаан дөбөттөрдөй, этекжеңине жабыша көкөйүндөгүлөрүн ажылдап бучкакташтьı.

* * *

Букарбай өмүрү мындай дүрбөлөңгө камтыккан эместир. Санаасы тынчыбай удургуп, өзү бороон-чапкынга жулмаланган бадал сымалданат. Мындай абалга кандайынча кабылганын эскерсе ого бетер жүрөгү өрткө капталгандай ысып-күйүп, бирде тузга чыланган дай тызылдап ачышат. Тобо, бейкүнөө ынак адамыңдын тагдырына карасанатайлык тымызын уюшулуп жатканын билип-туюп туруп, арачылыкка жарабай алсыз мүңкүрөгөндөн артык кордук жоктой. Жугундукор эки шумпайга алдаткандагы абагерчилик чыйралып отурып досунун моюнуна сыйыртмакка айланды. Ага азгырылган өзү да аралашты.

Көнүмүшүндөй чоң болуштун өргөөсүн сүзүп кире берээринде, эшик ага жигити сөөмөйүн кезеп жолун тоскогондо, бакылдаган сүрдүү доошту кулагы чагылган жаңырыгындай чалбасы:

— Буф-ф! Окшошкон ойрондорум. Кыйынсынчуусуңар, айлалуусунчусуңар э. Сынап көрдүм. Буф-ф, камчы саптык ишке жарабадыцар. Биле жүргүлө мындан кийин ким экениңерди. Тоголок Молдону топурак мурундантып маскаралоочу айланы дагы болсо мына мен таптым. Сен коолаган сакал ырчым... камын. Кордоо ырыңды маа түн ортосунда жылып келип шыбырайсың. Алиги абий-

рин күлдөй төгүүчү амалды экөөңдөн шылуун жигиттерим чуктап коюшту. Беленден коолаган сак-кал...

Мусакожо минтип чанда күпүлдөйт. Бошкойду жедеп жини кайнаганда «коолаган сакал» деп жекирүүдө. Чоң болуштун, жанжөкөрлөрүнүн оболуна Молдо Байымбет караманча көнбөгөнүнө көзү жеткенде жүзүкаралык ишке барышкан экен да.

Неге, кандайча маскаралашат. Адил акындын айыбы не? Толук эшитпей күдүктошгон Букарбай капысынан көкжелке талаштыра союл жегенсип дендирей сыртка сенделе баскан. Ошондон бери ою ойрондолууда. Алпейим жаны Кожо менен Бошкой азезилдин аяккы «шартын» досу орундатпасын алдын ала туюп... аны жумуруна катып, «элдешүү, астына түшүү» өтүнүчтөрүн сыйпалатканда, Байымбет чаян чаккандай секирген:

— Элдешкидей алар менен чабыштымбы. Агер алардың өзүлөрүн күнөөлүү сезишсе, менин жанытмамды моюндарына алышса курсантмын.

— Лекин сен да «астыңа түшкөндүн айыбын кечир», алардан салабаттуулугуңду көргөзө жайкагын, жумшак тамашалуу казал жазып көрбө. — Букарбай сүйө салдыра тамырын тартса, досу катуу чыкчырылбаспы:

— Сең эмне?! Табакташтарыңа тартып, мени тоо басты кылып бергиң барбы. Мени бирөөлөргө жасакерленип, залимдерге жагынып жан баккан Бошкойдой эшик ырчы кылгың келеби: «баш кесмей бар, тил кесмей жок». Билип кой азиз достум, мен кошоматчылыкка, жугундукорлукка абийиримди булгабайм. Жакырлык, жабырчылыктын кандайы болбосун көтөрөм, асти намысымды сатпай өлөм. Билсең, мен тарп аңдыган жору эмесмин. Чабыттуу, текөөрдүү шумкармын.

Букарбай досунун катуу какканынан ызаланбай, уялды. Айыбын тартып акталган күнөөлүүдөй эңилген башын көтөрүп кучагын жайды:

— Азиз достум, кечир. Чындап ыраазы болдум сага. Ойлогонумча бар экенсиң. Сынымды ашып кеттиң. Акыреттик достукка эңди акыркы мертебе ант бердим. Жанба, жанбайсың ушул шертиңден. Таарынба мага. Кел айкашып коёлу.

Капилеттен жакын кишисинин чекмелегенине ардаңып жазылган Байымбет буулуга, коржойгон досу канчалык узун артыла кучактабасын белин бүктөп койчудай капшыра кучактады.

Букарбайдын изине чөп салып умуткор шимшиген

экөө тескери, а түгүл кагып-силккен ачуулуу жооп алганда, кара жерге кирбей талпактай чабылышты. Кыйпычыктап, үрөйлөрү учуп саруулашты.

Кыйды манап ишенген Кожосу менен ырчысынын колдорунан эчтеке келбей сокку жеп жицкини түгөнгөнүн билип амалын өзү таап, аларын бөйдөй кууруп каарданды.

Дүңүнөн чет жакасын эшитип сабылган тилмеч-катчы узакка ичине батыралбай жарылчудай өрөпкүгөндө колуктусуна сырын бөлүштү.

Акыры эрди-катын кара ниеттик дүмөккө аруурка досуна кабардар кылууга чыгышты. Өргөөсүндө ээндеп үчөө гана наар татып отурганда Букарбай колуктусуна кашын серпти. «Сен айт».

Какиш дирилдей Байымбетке бурулду:

— Акын аяш, деги сактана жүрчү. Жалгыз башыңа жараткан жар болсун. Көралбаган Кожо менен Бошкой, ээсин көкүтүп, өзүңө бир балээ баштоочудай деген ушакайыңды кулагыбыз чалып... тилмеч досуң экөөбүздүн ичкенибиз ирим, жегенибиз желим. Угуп-билип туруп эскертпей койсок достугубуз кайсы.

— Какиш аяшыңдын чебеленгени бекер эмес, азиз достум. Сак бол. Ичи тар кара мүртөздөр катта таксырды сенин кызматына жүрүп, канкор Жанболот, айлалуу Келдибек ата-бабаларынан берки сөөлөтүн караманча казалга айлантпасыңды, кайра какшык, тамсил деген жанытмаларың менен мыскылдаарыңды кайраштырып, сага кызырытып бүтүштү,— Букарбай муну баягында айталбаганына өкүнүп атайын копшоду...

Байымбет нурдуу дидаарын кумсарта мурутунан мулуя, күрсүндү:

— Залимдин зулум ата-бабасын мактап казал түзгөнчө, өрттөнүп өлгөнүм өйдө. Андан көрөк эл коргогон Эр Эшим, Шырдакбек, Тайлак баатырларды жазбаймынбы. Айлам түгөнсө жеткинчектерге таалим берээрлик «Телибай тентек», «Жети таз, жеке таз», «Кемчонтой»... окуяларын аягына жеткире элестүү элпек ырга тизмектеп жайылтпаймбы. Сак бол деп эскерткениңерге ыракмат. Бөтөнчө, калкыбыздын өнөрпоз касиеттүүлөрү чогулгандан бери, алар мени ардактагандан тартып кыжырлары кайнаганын баамдоодомун. «Манаста» бекер айтылыпты, Чоң болушуң баштап өзүңдөн башка чоролорунун «чалыры турат көзүндө, чарымы турат сөзүндө, чалганы турат өзүмдү». Чалганда мени дарга аса албайт.

Зындан-орго салалбайт. Тилимди кесе албайт. Көп болсо ургу-бергиге тытмалатаар. Аш, тойдон кубалатаар. Кожосун каргатаар, тескери дубалатаар. Анысы да мага өтпөйт. Өзүнөн өзү корунуп бүттү, Бошкою тиш салалбайт. Айтчы, билгениң болсо, башка не балээси бар?

Букарбай тагдырын так бычып запкыга башын байлап саймедиреген досуна ачык эмне дээрине күдүктөнө үшкүрүндү:

— Билсем жашырамбы сенден. Сак бол, жараткан алла колдосун өзүңдү. — Ичинен акындын кайратына, чечкиндүүлүгүнө шерденип жеңилдегенсиди. — Эр эпөө болот деген чындай. Камырабайсың. Бардашыңа баракелде. Бошкой чапчыша албасына мен да ишенем. Бирок, ич күйдүлүк менен бирөөлөрдү тукуруп... өзүң айткандай...— кандай кордотоорун так билбей мукактанды.

— Тобокел, тагдырга жазганды көрөөрбүз. Чоң болушундун капарда жок жазасына күн мурун кайгырбай коё туралы. Билсең азиз достум, өмүрүмдө мынчалык элге керектүүлүгүмдү, ыр салтыбызда жок жаңы башталмаларымды өнөр алды кызыл тил устаттары кастарлап жогору баалаарын ойлогон эмесмин! Мындан ары көрүп ал. Шериктерим мага соолгус дем байлатышты.

Соң-Көл. Төр жайлоонун Аксай конушунун тулаңы буралган жашыл тайпаңы мынчалык шаңга чатырабаган чыгаар. Кышкысын калың күртку ныгып, жаз утурум үстүңкү кырдан көчкүнүн олчойгон кары басып, жай толугунда гана астынан сызыла эрип жылаңач сайлуу изин калтырган бетмаңдай бөксөнүн ортосундагы ылымта жылганын ичи топ-топ чокмороктото куюшкандаштырган аттарга толтура. Андан берки төө мурун ачакей болтоктун өйүз-бүйүз жайык бети жык жыйма эл. Топтун алдында обочороок добөчөдө ансыз да эч сыз өткүс мамыктай кургак шибер үстүнө шырдактар салдырып чиренген Мусакожо чоң болуш, анын урук-жилиги, жан жөкөрлөрү, меймандары өзүнчө конуун. Аларды курчай чет четине көзөмөлдөгөн жасоолдор кимдерди аякка откөрүүнү, кимдерди жибербөөнү билишет, бал кымыздан суусун кандыра шыңгытып. Дөөлөттүүлөр тамылжый сөз катыша, оюнга да жай көз чаптырыша ырахаттанууда.

Оюн-тамаша мүлдосуно дапдаана корүнө атайын жасалгандай ортодогу оогураак тектирде эриккен кочмондөрдүн кучунашын кандырууда. Куртканын өйүз-бүйүзү

Соң-Көл кылаасынын Тулпар ташынан берки Жумгалдык саяктардын чөйрөсүндө чакан той, тамаша курган Мусакожо, бөрү тил асаба баканын оңөрө кыргыздын оң, солундагы дувандык аш-тойлордо эр сайышка түшүп, үч балбанды өлтүрө, далайын ыргыта сайып, байгесин манаптары сологонуна, а өзү таш жүрөк баатыр аталганына ыраазы, кармашка түшпөсө кучунашы карман кыжынган Тиштээкти да тыйып, эр сайыш берген жок.

— Эр сайыш чоң жыйын, чоң топ, чоң аш, чоң тойдун сүрү. Бу сапар мен туугандар арасында ысыктан чала бүткон корукту ырымдап, алыстан ат арыткан сопу, соодагер, багбан, шайыр меймандарымдын жарпын жазайын дегеним. Анан калса эр сайыш опуртмалуу оюн. Тиштээк баатыр, кан ичмең кармаган түрүң бар. Бөөдө бирөөнүн ажалына калбайлы. Ырооңду аласың.

Өткөн жайдагы көл кылаасындагы чоң ашта ыман чородогу мылтык согуп, кылыч кандаган айтылуу Түргөн устанын олбурлуу жубайы Королу катын сайышка түшүп жеңип, мөрөйүнө ботолуу инген жетелеп кеткен. Ошонун өчүн алуу үчүн. Жумгалдыктар карасурунан ат көтөргүс балкайган Сүйүнбүбү аттуу Надырбай кедейдин зайыбын Тишпекке машыктырып, кийинтип камынта ала келиптир. Сураштырса жубан Куртказыктардын жээни чыкты. Мусакожо жайкап:

— Өзүбүздүн жээн кыз экен. Этегинен бала жалгасын, эшигинен мал жалгасын, тукуму улансын, ырыс-кешиктүү байбиче болсун. Таякелери жээн кызыбызды сайышка түшүрбөй эле жолдугун жасайбыз,— дешти.

Меңменсинген жигиттер шыргый учунда айгырдын туу куйругунан түпөк байланган айчык сары желбирекчеден саландата илинген алакан отундай күмүш жамбыны мээлешип... ыргыта аткандары элдин күрү-күү сүрөөнүнө жагалданса, тийгизе албагандары, жаза аткандары шылдың, күлкү-катырыктарга өкүттө уялып, бөлүнө отурган өз-өз көшуунуна кошулууда. Төрпоктой эркечти көкбөрү тартышкан эки жактын шамдагай балбандары, атайылап таптап сууту канган карылуу дулдулдардын дүбүртүнө тоң өндүрүн солкулдата, эркечти колдон колго өткөзүп, ээрге кадап, кээде суурутуп ийип, булчуңдуу ыкчылдары жерге эңиле, ызылдаган актардын астыңкы боорунан оң солго алмак-салмак өткөрө, тээ боор таянышта алда кайда аркырата сүрдүгүшүп эрдин эри, ыкчылдын ыкчылы ызылдатып, дал ортодогу тегерек чийим марага таштоодо.

Куйруктары түйүлүп, көкүлдөрү шүйүлгөн, айрымач-

тай чакан ээрге желимдей жабышкан, баштарына ар түспөл жеңил чүпүрөк буунган чабандес чыйрак балдар минген, саяпкерлер менен калыстардын коштоосунда толгон күлүк жарым күпчүлүк аралыкка желип жорттура жай айдалган. Алар чекке жеткенче качан. Чекке киркаар тизилип, башкы калыс айдооч кур дүрмөт менен дың дедире буйрук атканда аркыратып оозун коё беришет. Атаанчыл сайгүлүктөр жал куйругун желге тарай канатка айлантып аркырап жонөйт дейсиң, учкан куш күүсүнөн кайыйт. Узак аралыктан күлүктөр кайтаар болжолун билген оюн башкаруучулар иретин келиштирип башкаларын улантууда.

Ортодогу тектирге Кула жорғону ойсоктото бийлетип, сүлөөсүн бөрк, сур пыязы кемселчен дүңгүл кара сакал, буудай жүз жигит мыктылар колпуккон дөбөгө чукулдай, күңгөй-тескей боордогуларга да, тоонун керимселине барчын таңшык бийик үнүн калкыта баркылдабасы:

О, кагылайын калайык
Карайсың жолду алайып
Күлүктөр келет бешимде
Күүлөнүп учуп жел кайып.

Тааныбагандардан кыйкырык жаңырды:

— Жарчы болбосоң коё кал. Үнүң үп экен, бали!

— Айта түш айланайын.

— Бу кайдан келген ырчы?

— О, кара Кочкорду жердеген манасчы Сагымбай Орозбак уулу. Сүрөөгө көнгөн Сагымбай андан бетер эргий:

Ацгыча эр эңишти баштайлы.
Балбан күрөштү апанкыга таштайлы.
Курткалык толкундуу колдой Көбойго
Жумгалдык тоодой Оторду маштайлы.
Эки доо эзелтен бери жулкушат,
Эмгиче биринен-бири качпайды.
Эки алп чаалыкканча булкушсун,
О, мыктылар, ажыратканга шашпайлы.
Көбой менен Отордун атагы кеткен дубанга
Биринен бирин кемитпей келиштире
мактайлы.

Көбой менен Отор беттешээри жардалганда жабалактаган ыкшыбоздордун күү-шаасына маңдай-тескей жапырт далбактай обдулуп элдүү жайык бет кабыша закымда кайра жайыла түшкөнсүдү.

Оң менен солго атактуу Кобой, Отор балбандардын баланча аш-тойго, түкүндой канча өргүп жетээрлик жерге чакырылып кармашкандары жонунда даңаза коп. Эми коруугө зар айтылуу алптар Отор менен Көбөй аларга тамаша салганы отурушса, кантип толкубасын көпчүлүк.

Күңгөй, тескей балбандарды чыгарчу эки тарап тымызын чалгындарды жиберип кандай ат, кандай бөкторүнчөк, кандай ээр токум даярдалганын, баатырдын эңиш кийими, кейпи кандайлыгын билишип, ошого карай жоромол, камылга бүтүрүштү. Далдашкандай бир маалда өйүз-бүйүздөн шаңдуу күрү-күү жаңырды. Корсо, абайлап тигилишкен эки тарап удаа-мудаа балбандарды аттантып элдин ортосуна токтотуп, жапырт чуру-чуу, беттешкенин эңүүгө бата жалгашыптыр.

Тескейден пилдей дардайган телҗоруну алкынтып Көбөй, күңгөйдөн кирген буурадай жалын сапыра башын чулгуй лакылдаган чымкый кара айгырды жулкунтуп Отор ортону беттегенде эл тегиз жамырап тура тосушту.

Экөөнү сыймыгы алардан кем эмес эки баатыр коштогон. Көбөйдү айры төштүн астында калбаган жөө балбан Карагер (Аалы), Оторду атактуу сайыш эри канкор Тиштээк жетелеп, жайпак тектирге жеткенде тулпарлардын канын кызытуу үчүн үч-төрт айланта текирең таскактата чогулгандардын көзүно үстүндөгү адам алптарына, астыларындагы айбан алптарынын паймапайлыгын салтанаттата, кайталангыс ыйык балбандардын сыймыгын шаңдантышты.

Тиштээк менен Карагер доолорду дүкүлдөтө кайкытып шарактанып үчүнчү айлампада жанаша түшкөндө булдурсандарын жандай серпе белги беришип, өз тараптарын карай аттарынын башын бура тартышты. Саамга төрт атчан эки экиден четте бетме бет тиктеше токтошту.

Карагер Көбөйдүн үсүндөгү аппак кементайды, Тиштээк Оордун жонундагы желбегей жамынган пыязы чапанды сыйрып:

— Жөнө!

— Качыр! — айкырык сала, ансыз да дүрбүккон элди дүрүлдөтө доолорду баатырлар кармашка узатышты.

Байымбеттин карегинен оттук чагыла түштү. Ага Карагер кудум, аялуу, алгыр бүркүтүн демейдегидей аркар, кулжа, карышкыр-карсакка эмес, Тиштээк бадалчерден ачыкка үркүткон азуулуу жапайы каманга, томогосун шыпыра шилтеген мүнүшкор кебетеленди. Айбаттуу бүркүт камандын ооз омурткасын капшыра чеңгелдеп

асмандай көтөрө учуп, аска ташка каңк эттире таштайбы же ээн жерде эпсиз кутурган көкжал доңуз кылыч азуусу менен шуулдап жапырып келаткан душманынын моюнун кыя чалабы?

Баракелде Сагымбай чоң акындыгың үчүн зор манасчысың. Экөөңү келиштире гана сүрөттөгөн экенсиң да. Дулдулдарына камчы уруп эрөөлгө бетме бет качырышканда, чын эле Сагымбай салыштыргандай телторучан Көбөй шамал, добул чакыра шаркырап-күркүрөп каптап келаткан көлдөй дүрүлдөөдө. Отор жерди ныгыра чапчый чамынган кара айгырдын тизгинин жыя ичинен тобокелдеп, түбү бекем аскар тоодой даңкайып төшүн тосо, бууракапдаган жоосун күтүүдө. «Томкоро албассың. Жайпап кетээрсиң. Аптыктыраарсың. Тумчуктураарсың. Тазартып отөөрсүң. Кел, долу дарыядай бууракандаган береним. Канча жолу кагыштык. Дагы гуруштук берээрмин»...

Мына, чукулдашты. Өзүлөрүнөн мурун күү менен аттарын омуроолото койдуруп, олчойгон эмчектүү үзөнгүлөрдү ныкып отүштү.

Айыпсыз жаныбарлар эти ооруксунуп жандары кейигендиктенби, адепки катуу кагылыштан алдарынан гайыгангабы үстүндөгү олчойгон эргулдардын ыдыгына чыдай албоочудай, өзүлөрүн да, аларды да аягандай төрт балбан эки-экиден лак урунушканда алда кайда кетенчиктей очорулганда алмак-салмак аянычтуу кишенеп ийишти. Ээлери камчы уруп тизгин силкккенде заматта бууландар эстерин жыйып кайрадан алкынып чуркашты.

Эрөөлгө беттешкендер байкап корүштү. Күчтөрү али бирдей. Болбосо, чабалыраагы дароо көмөлөнүп, үстүндөгүсү оңколомок. Эми астындагы жаныбарларды ыксыз кыйнашпайт. Өзүлөрү алышат. Антишээри төртөөнө тең дайын. Арийне, алгачкы жолу кармашка түшүп атышыптырбы. Эрине жараша ат, атына жараша балбан тандалат. Тараптар бекер чалгындатышыптырбы. Бириники албуут, экинчисиники мажүрөө буудан болсо, балбандан мурда эле ат жыгып берет. Алпка чабал беттешпейт, окус беттешсе ооз омурткасы сынат.

Көбөй менен Отордун өзүлөрү гана түгүл дулдулдары да пайма-пайдай. Демек өзүлөрүнүн да, элдин да кучупасын кандыра кармашышат. Кашкайта такыр кырылган чарадай баштар, бел-кырчоого чейин булчуңдары уюлуюл балкайган жылаңач тулку, малма-чөлмө ийленип жупжумшак, булкушкан сайын чыйралган, бирок ылайым айрылбаган текенин терисинен жибектеп жумшак,

болоттой бек тарамыш жиби менен жиксиз кайылган, кош кайыш боо түйүндөлгөн калдагай шымчан балбандар жаңаша түшүп арбайган манжаларын аткыта силкип булкушту. Кош басмайыл, чаполоң, куюшкан куткун бек тартылган олчойгон ак кацкы ээрлерде кадала отурган берендер бирин бири козгой алышпады. Көбөй ышкын түпкө малкытkан сары калдайын, Отор ныл боёкко чөгөргон көгүш калдайын бирде көөлбүтө, бирде тартылта кычыратып эңиле түшүшүп бакалоор төштөн апчышып, дүкөдүк чалкага түртүшүп, көмкөрө тартышып, дагы эле ат үстүнөн кынтайышпады. Кантсе да эттери ооруксунуп, ачуулары кайнап чындап буулугуп, аябай эңишүүгө жандарын кашайткансышты. Жотолору жоон, эби-сынсыз олчойгон эмелердин каруу күчкө толун, кармаштарда кандим болгон чагы. Эми ыкмага салышпаса булкушуп, түртүшүп чапчышкандан эч нерсе чыкпоочудай.

Телтору менен алкараны моюн айкаштыра теминишип акыя тиктеше, кимиси кандайча кол салуу га тоорулушту. Көбөй сол билегин сунду. Отор шып лакыйган жоон билекке дардайган кош манжасын аткыта ныктай тартты, антпесе бир колго бир кол моюн береби. Тек, балкайган билекке жалгыз шады жеткидей да өңдөнбөйт. Ошого да мукобай а деп катуу тырышкан Көбөйдүн сол колу акырындап созлуга баштады. Отор чалкалай бар күчү менен колтугунан сөгүп сууруп ыргытчудай чирене тартты, ээрдин пактасына жакындаганда Көбөйдүн көжойгон колу катуу тырышты. Эңкейип бар күчү менен оролто тартууга, мына, мына ээрдин пактасына оролсо жылбайт. Алкараны ныкый теминин сүйрөп жөнөөгө, Телторунун жалынан шыпырып түшүрүүгө, сенейтип ээр кашка тиертийбес булкканда жеңүүгө кызыган Отордун көк желкеси талып козу карангылады.

Кызып кеткен жаны Көбөйдүн амал менен колун сала бере саамыктатып ченеп узата, качан тиги катуулап басууга мөнкөйгөндө, үзөнгүнү тээп чирене турун талуу көк желкеге сокмоктуу олчойгон оң колдун кыры менен эс-мас ура башын жер сайдыра томкоро басаарын байкабаптыр. Отор алдастай өцкөйүп ээрден көчүгү тайып, пактага сыйпалаткан Көбойдүн колун бошотуп Алкаранын жалын кучактап зорго таканчыктоодо.

— Жеди эле, жеди!

— Ой Тиштээк, жиндисиңби ажыратпайсыңбы! — деп Жумгал жактан бакырышты.

— Сой эле сой!

— Ныгыр, аз калды! — Курткалыктар заңкылдап Көбөйдү сүрөп кайроодо.

Мындайдын далайына бышыкулак эки жактан эки калыс Тиштээк менен Карагер, оюндун шарты бузулбагандыктан чебелене, болуша кетпес үчүн бирин бири саксактай темпиип-кагынып, алышкандарды тегеренүүдө.

Кыйкырыктан кулагы ачылып Отор эсин жыя баштады. Көчүгү ээрден тайып эңкейген менен буту үзөнгүдөн чыга элек. Мунусу чоң такоол. Колу Алгарасынын жалынын кучагында, моюну үзүлүп эле кетпесе, аттан ажырабайт. Бул эле дейсиңби. Далай ийленген щили чыдаар. Бирок, Көбөйүң түшкүрдүн кол сокмогу пуддук барскандан да катуудай. Канчалык мыжыгып, салмагын салган менен мындан артык мөңкөйбөс. Аз чыдасын. Тыныксын. Башын сууруп бошото албайт, бирок, айла издейт.

Көбөй атаандашынын сеп ала түшкөнүн, көк желкени эзген менен баары бир тоотпой калганын, кичине эле салмагын жеңилдетсе бошонуп балээ баштаарын сезип, катуу карышкан балээни, мынча козголткон соң, көмөлөтүүгө жан алакетте. Отордун кадап койгондой олчойгон кулачы атынын моюнунда, көтөрүлгөн сол буту наркы боорунда үзөңгүдөн чыкпай кыналууда. Ошондуктан, Көбөй канталап көгала сенейген сол билегин секин сууруп тигинин Алкарасынын тизгинин өзүнө тыкыйта тартты. Кантсе да, октолуп алыс кеталбай башы кейкейип Телторунун соорусунан чыкпай айланып жүрө берет. Күржүйгөн чүйлүгө барбайган оң шадыны матыра пыктады. Отордун моюну баякы калыпта эңкейбейт да көтөрүлбойт. Эки теңтайлаш күч каржалып жылбай катып калгандай. Алсыраар, такоттолгон каруу тайыр.

О, далай закымдар учту. Калыстар чукулдап үңүлүшүп, арбаша кой-ай дей албай кайтарышууда.

Бет маңдай секиде жарданган калайык чыдамы жетпей, бири аян тилден, экинчилери мактап көкүтүп айкырып чырылдоодо.

Дубандык оюндун өзүнчө эреже-шарты бар. Мындайдын кыйласына жанчылган калыстар Карагер менен Тиштээк кыжынып, сандарын аткын, бурнулдатып кыл чайнашып аттарына камчы солоп, кайра тизгинди кайкайта тартып, зорго чыдоодо.

Аларга кошо айланкочок алптардын алптардай кармашына сүйүнүп да, күйүнүп да маашырланган жарчы Сагымбай, баарынан элдин дүрбөлөңүн басууга, балбандардан болүпө ойдолото бастырып доошун чойду:

— О-о, тоодой болгоп Оторду.

Толкундуу Көбөй котордү.

— Бали, бали, жарайсың, оозуңа май жарчы! — деген куртқалыктарга каршы жумгалдыктар айкайлады:

— Озуңа ок. Адилет жарчы оңдоп айт!

Элди аз да болсо алаксытып, көптүн дароо оозунда калган «Тоодой болгон Оторду, Толкундуу Көбөй котордү» деген таамай айтылып калаарлык сөздү дагы кайталап таңшый, үч бөлөк кошундун алдын кыдырып кайра тартып жеткенче абал өзгөрө түшүптүр.

Теңтайлаш күчкө дабаа барбы. Бирде ал, бирде бул. Көбөй толгонуп талыган сол колун чылбырга, оң колун эңкейткен Отордун желкесине ныгырып үстөмдүгүн каптеткенде акыр аягына жеткирээр айласын табуу жагдайында алаксый түшкөндө Отор оң колун секин ат моюнунан бошотуп эңкейген калыбында Көбөйдүн чирене ноктологон бутун үзөңгүсү менен чымыркана өйдө көтөрүп, силкпесин. Байкоостон чалкасынан кетип бараткапына чочуп, Көбөй Отордун башын коё берип, өзү атынын жалын аткыды.

— Мына келме-кезек! — Ызы-чууну көрүп ал.

— Өлдүң Көбөй, өлдүң!

— Ой кашайгыр алдаттың!

— Ныкта, бас күч менен! — дешип куртқалыктары айкырса:

— Сал чалкасынан, тарт өйдө, кош колдо! — дешип жумгалдыктар шатыра-шатман.

Канчалык жандарында карап турууга күчтөрү да, илээлери да укмуш дөөлөрдүн дагы алда нени жасаарын көрүүгө куштарланган жарчы ларзын ойлоп, дароо көкүлүнө калкыган экинчи таамай ыргакты, айлампаны атырылта чаап, теребелди кабыштыра жанакыдай кайталай заңкылдады:

— О, Көлдөй болгон Көбөйдү
О, Кокжал Отор көмөрдү!

— Мына, аныкалыс жарчы экенсиң!

— Коё кал, мунун балбандардан да сөзү балбан экен, баракелде!

— Үнүчү, үнү үн экен о чиркиндин!

Башынан маашырланган Байымбет, таамай сөздүн кагазга оймолонгону, жаки дал Сагымбайдай бүркүт шаңшык менен быкылдаган элге жсткени, дароо жатталганы

жөндүүлүгүн ойлоду. «Манастын деми. Манастын ыргагы. Үнүң эл таңдангандай эле. Сүрдүү, шаңдуу, бийик, кардыкпас! Көбөй ээрден кынтыйып, сакал-муруту бириндеп, көзү акыйып, улам чалкалап ээрден көтөрүлүүдө. Сагымбай сайрагандай көлдөй Көбөй мына, мына көмөрүлүүдө. Непада чалкасынан күп тийсе жер жарылып кетеби. Жардыгын кайталап тегеректи айланып марадагы кармашка Сагымбай кайра бөжүтүп келгенде, эринин кесе тиштей чалкалап жанталашкан Көбөй, тердиктен өтүп, ээрине жанаша көтөрүлгөн лакыйган санын «Якалла» деп үн чыгарып серпти эле Отордун карышып көтөрүп келаткан колу шалак тайгылып кетти.

Ыгып, тегеренип, күржүйгөн белдери иймиле, тыбырап, күчкө зорго туруштук берген камбар аттар омуроолору көбүк чачып алка-шалка тер.

Калыстар ымдаша экөөнү эки тизгинден илип желдиртө серүүндөтө бастырышты. Башка бирөөлөр мынчалык жанчышса боругуп кетээр эле. Чыңалган балбан денелер булоолонуп, күржүйгөн моюндардан тер булоодо. Жаактар карышпас үчүн калыстар ооздоруна суусун ордуна жалдын кылын апчытышкан. Күрөктөй тиштерине кылды карса-күрс шилекейге чыктай чайнашып, басмайыл, олоцдорун бекиттирип, кайрадан беттешишти.

Сырттандар бир ыкмасын экинчи кайталашпайт. Сынашты. Экөө тең акыларын кетирбей чала жыгылып оңолушту. Чогулгандарды да далай алекке салып, айтып жүрөөрлүк толкутуп, чайкашты. Ооздорунда кыл буртулдап, качыкыраган аттарын тыкыс темине моюндан чапчылашып, төшкө койгулашты. Күчтүн бирдейлиги тирештирип мындан эчтеке чыгарбоочудай.

— Сакалыңарды жулушасыңарбы, кармашпайсыңарбы кадимкидей!

— Чапчышканын коюп, колдорун беришип, басышпайбы!

Нетсе да жеңип, жеңилишсин пейилдеги ышкыбоздордун талабын калыстар да колдошту.

— Качыргыла!

— Тездегиле, элди ыраазы кылып алышкыла! — дешип Тиштээк менен Карагер эрөөлчүлөрдүн ыкшоолонгон аттарын демите соорусуна камчы шилтешти. Аттар макоо көздөрүн чакчандатып жандана жөөлөштү. Эзлери чыңдыгында камчы аларга урулганын туюша сүрөөгө чыйрыга омуроолошкон астындагы жаныбарлардан артылып, алмак-салмак билектерин суна кайра жулкушту. Көбөй

чала жанчылган сол билегин аялдап оң колун узата, тартып алып... кыябын келтире, Отордун билегин апчыды. Чабал, үйрөнчүк балбандардай сүйрөтүп түшө албасына көзү жетсе да, өчүн алууну, акыры бир амалын жүзөгө ашырууга чытынды. Кош колдоп толгой булкту. Ээрдин кашынын астыңкы нактасына жеткирди. Ныгырды. Бирок, андан артылтып орой басууга, колтугун үзүлтүп сүйрөп түшүрүүгө чиренген Отордун бербесине көзү жетип, оң колдой кыймылдатпай баса, сол колун эңилте, Алкаранын жүгөнүн ноктосу менен шыпырды. Чу десе ал тескери басат. Айласыз Отор ээрден ажыроосу мүмкүн.

Аны аңдаган Отор чиренген калыбында Көбөйдүн куюшканын чечти. Чаполоңун бошотууга умтулганда байкап калган Көбөй чу эле чу деп Алгараны үркүттү. Жүгөнсүз Алгара бышкырып бурулганда оор Отор кыйшайып барып, колун жулуп алды да, куюшкансыз Көбөйдүн Телторусун басмайылына кыстарылган камчысын сууруп, сооруга басып-басып алды, телтору атырылган боюнча өрдү карай атылды. Чылбыры колдо Көбөй карыштыра бура тартып, андан өткөн амалдуу Отор кайрылып жерде шалдыраган жүгөндү эңүүгө жеткенче чукулдап, башы бош Алгараны соксондото алдыга сала камчылап кубалап жөнөдү. Ызы-чуу түшүрө далпактап этек-жең, кол жапсаган элди жара куушуп узады эки балбан. Ушинтип, ач бел, куу жондон артынан сая жетип, аңдоостон жыкпаса, алдырбайт да. Тоону беттеп, жүгөнсүз ат Оторду соксондотуп, белести ашырып кетти.

— Айланайын калыстар, эрегишкен эрлер ай талаада өлүшпөсүн.

— Күлүк мингендер аттангыла. Жетип кармашсын.

— Ыраазыбыз өнөрлөрүнө.

— Тойдук тамашага!

— Илээлүү каапырлар экен. Алдыра турган эмес ким кимине.

— Ажыраткыла!

— Ажыраткыла аман соосунда!

Ат үстүнөн алышкан эки эрдин кызыгына тунган эл чабаганчыларды артынан чаптырып, о көптө экөөнү эки болок жетелеп келип, ортого катар тургузуп чуру-чуру бата менен бүтүрүштү.

Алптардын ажайып зоогуна өңгөлөр өзүнчө, Тоголок Молдонун эт-бетине сыйбай элжиреген өзгөчө. «Ар өнөрдүн аземдүү алды, зергери бар. Комуз менен кыяктын зергери — Күрөңкөй кары, уулу Мураталы экөө. Манас-

чылык — Тыпыбек менен Сагымбайда, куудул-чечендик Куйручукта, эр эништики — Көбөй менен Отордо. Күрөшкондөр толуп атпайбы. А булар балбандык өнөрдүн пири, чебери».

Залкар балбандарды залкар өнөрпоздордун катарында кайталангыс ыкмасы, күчү, таасири менен журтчулукту жубанткан, жараткандын сейрек сыймыктуу пендесиндей кабылдап толукшуган Тоголок Молдонун көңүлүн Сагымбайдын кайрыгы бөлдү:

О журт, эми жаңы оюн башталат
Аны Бошкой ырчы башкарат.

«Бошкой ырчы. Сагымбай анын ырчылыгын каяктан билет. Ага теңби?» Ойго чулганган Байымбет ичиркене мараны караса Бошкой бансайып, өзүндөй жалдуу жалпак күрөң жоргосу менен Сагымбайдын жанында шыңоорлоодо.

Сагымбай мындан аркы оюнга жарчылыктан кутулганга сүйүнгөндөй кула жоргосун жылжытып тектирден узады. Бошкой зор таланттардын тобуна кошулуудан өзү корунган. А бүгүн ушул шаңдын ээси Мусакожо болуштун менчик ырчысы экендигин калайыкка маалымдап коруүгө, өлүп-талыганда олуясынын парманы боюнча кезеги келтирилген кекти алууга чамынууда. Ал Сагымбайды тууран, айлампаны кыдыра көлүгүн бөйнөдөтүп сакалын желге таралта жумшак доошун калкытты.

Кагылайын эй журтум ай.
Кандырам коздун о курчун ай.
Аземдүү оюн о коргозом
Аз камынып о турсун ай.
Каласың айтып ацыздап
Коралбас арам о курсун ай.
Кичине чыдап тургула
Кали айтсам кудай о урсун ай.

Жоргосунун шайбырына өзү кошо чайпала тектирдин наркы кемерине эништеп көрүнбөй калды. «Аземдүү» оюнуна эл ац-таң күтүүдө.

Кандайдыр бир балээни сезгендей шекшинип жүргон Букарбай жүрөгү шуу эте Мусакожого көз кыйыгын имерди. Таксыр маңдайы жаркый багжая, өзүнө дайын «аземдүү тамашаны» сабырлуу саксактоодо. Шаап-шоко-

түнө каниеттенип, курсанттыгы арткандай. Анан четтеги азиз достуна кирпик учунан кылыйды. Байымбет андан бетер жоболоңдуу Бошкойдун табышмактуу жоругуна жиңдешгендей, өңү бир кызарып, бир кубарып, жалпак маңдашын жазып, сыңар тизелей өйдө обдула «эмне чыгат, не азем көргөзөт» — ээндеген тектирге тигиле тыңчы кетүүдө.

Наркы жапсардан Бошкой эки жагына эки кишини ээрчите тектирге суурулду. Биринин жонунда кетмен, керки, экинчисинин колунда килейген чара. Аларды орто чеңге токтотуп, казандай жердин чымын тегерете коңтортту да, түбүн карууга чейин ойдурду. Чарада толтура көлкүлдөгөн атала бар экен. Чуңкурга куйдурду. Коюнунан эки бирдей жамбылык алакан отундай ондук күмүш теңгени сууруп оң, сол жаңпак беттеги быкыраңдарга көргөзө чуңкурдагы аталага ыргытты. Жагалдана күрсүнө үнүн каргытты:

«Аземдин аты» коз таңмай
Аталага баш салмай.
Азаматтар табылаар
Оозуна тиштеп жамбы алмай.

Жамбы болот энчиси
Таап чыкса «эр киши».
Байгесине тай даяр
Устогүнө берчүсү.
Аталага баш салат
Жамбы менен тай алат
Бол батыраак ким чыгат,
Коркок адам кур калат!
Бол батыраак ким чыгат,
Жамбы менен тай алат
Коркок адам кур калат!

— Мен! Мен! — деген ачуу үн кулакты тундурду.

Элеңдеген элдин козүнө эски таар чапан, курмушу тебетей көгала сакал бойлуу картымак адамды дагдаңдатып чоң болуштун эки жигити далысын гана көргөзүп, жөтөлөп жөнөгонү көрүндү. Алар шыбыштап, сүрөп атайын кыйкыртқандай:

— Мен! Мен! Мен алам жамбы менен тайды!

— С-сен албай жерге кир! Токто, алдоого азгырылган зөөкүр!—Тааныш ачуу айкырык Байымбеттин мээсин олуп өткөнсүдү. Караланын агасы жээрде сакал Өмүрзак камчысын үйрүп калчылдап тура жөнөптүр. Мусакожо секин башын бурду эле, жасоолдору өткөрбөй астын торгоду.

— Байымбет, кайдасың! Токтоттур Төлөмүш зөөкүрдү. Малдан өлгөн итке тай эмес ат берели. Жаман аттуу кылат ит! — Торголуп өталбаган соң Өмүрзак жанын сабап өкүрбөспү.

Намыс чакырган өктөнүн күчү Байымбетти октой атылтып Мусакожонун мандайына жеткизди. Алигичө ага күдүк беленделген кара ниеттиктин жүзү ачылды. Алаңказар аталаш тууганы, аялмет Төлөмүш абышканы Өмүрзак агасы күйүп-бышкандай паралаппы, азгырыппы, тигинтип эки желдети уйкуда кармалган короздой кыйкыртып далдандатып, аталага сүрдүктүрүүдө. Жерди түрүлтө Өмүрзактын токто, кой дегенине сатылган алаканат неме кылчайып карабайт. Балким жетектегендери небак тымызын оозун майлап, элден «Мен алам жамбы менен тайды»—деп айкайлатып жетелеп чыккан соң, тууганынын чакырыгына бурулууга айныса да ой-боюна коюшчудай эмес. Ошондуктан, кейбир Төлөмүштү кой деш пайдасыз. Кеп жарылбаган кулгунадай булкуйган залимде. Ачыгын билалбай, чый-пыйы чыгып Букарбай эскерткен ага каршы амалды ойлогон ушул. Анын колдоосу менен гана Бошкой күйүп-жанып «аземдүү оюнду» жөндөөдө. «Сөздү убагында айтпаса атасы өлөт». Зулум мындан артык кандайча басынтат. Тили барда тартынып не? Таңыркаңкы, көрбөмүш ички сүйүнүчүн каталбай үрпөйгөн каш кабагын саландаткан манаптын сүрүнөн жалтанбай Байымбет чарт этти:

— Болуш-ш, Бошкой, маскарапоздоруңузду тыйыңыз. Ансыз да букара уруктун басмырланганы жетет. Аталага баш салдыруу абийирсиздик.

— Буф-ф, буф,ф. Тоголок Молдом. Оюн, тамаша боло берет.

— Оюн-тамашанын тазасы бар болуш. «Аземдүү оюн» дегени ушу болсо Бошкой өзү салып көрсүн башын аталага. Жамбы менен тайдын үстүнө мен жалгыз атымды берейин.

— Чиш-ш, Тоголок Молдом. Шүк отур. Төлөмүштүн оозун мен тырмадымбы. Өзү декилдеп кетпедиби. Тигине тоңкоюп, чуңкурдагы аталага башын матырып ийди. Кап, кеч болуп калды кантебиз. — Мусакожо төшүн жайкаган узун көгала сакалын жаный алаканын жайды. — Чунак Тоголок Молдо, текиреңдеп быш-шык экенсиң э.

Тоголок Молдо жалт карап, чын эле мөңкөйүп башын чуңкурдагы аталага матырып, жамбы издеп булталактаган, сакал-мурутун, чач-башын аталага чыпкалап, тум-

чукканда аба искөөгө силкип чыгып, кайра жан алакетке түшүп матырып маскаралаган тууганы Толөмүш чалды көрүп... шылдың зоокко кыраан-каткы күлкүнү, сөгүп тилдөөнү угуп, көзү ымырап асман-жер кабышып айлан-көчөктөндү.

Букарбай досуна шерденди. «Жатып өлгөнчө атып ол. Ырың менен акылыңа ыраазы элем, жүрөктүүлүгүңө да баракелде. Намыстуулугуңа да баракелде. Сенде акыл-дык менен абийирдүүлүк бап келишкен. Күчүң да, күйүтүң да ошондо. Күчүң — калайыктын ардагына айлануудасың. Күйүтүң — мыкчегерди минтип калдайган журуттун көзүнчө ачык да, жанытып да бакалоордоодосуң. Аның үчүн басмырланып, кордолуп сазайыңды тартуудасың. Түшүндүм достум, сен эч мындан башкача болалбайсың. Сага ушу гана салабаттуулук жарашат. Кордогондорду сен ырың, абийриң менен жеңесиң».

Тилмеч түнсүз иримдей мелтиреген эсине бет багып ичинен кыжырдуу калтырады. «О-о ашынган шум, канча шумдугуңду көрүп келатам. Илээлүүлүгүң андан, кара мүртөздүгүң мындан ашынган. Бийлик-зомбулугун жүргүзбөсө болбос-с. Бирок, торколуу тоюндун үстүндө акыйкатчыл өнөрпоздун шагын сындырууга кантип дитиң даады. Учуң узарбас көркөө. Тыюуга дарманым чак. Теңирим таланттын тагдырын тайкы жаратканбы? Жо-ок. Утурумдук уйпаланган менен аның түбөлүгү түз. Миң жылча илгерки, Ала-Тоого коңшулаш Памир жергесиндеги Рудаки акын эсине калкыды. Адилетти, адамгерчиликти, махабатты мактап, зулумдукту жектеп, жүгүнүп кызмат өтөөдөн баш тарткандыгы үчүн Бухаранын эмири Рудакинин тирүүлөй көзүн ойдуруп, тентитип жиберген. Рудакинин рубаилери, казалдары урпактардын энчисине, атадан балага өтүүдө. Канкор падыша тарыхтын каргышына калып, унутулду. Эртедир-кечтир келме кезек тиет тура. Замана башка. Мусакожо Тоголок Молдону ошого тете келекелеп отурбайбы. О, шум дүйнө калыстык кайда!»

Маскарачылыкка уккан кайдуулаттар капталдан топтошо чубап «тамашанын» аягына, той тамакка күтпөй, каршыгуу жосунун билгизип шатектеп жөнөштү.

Ызалуу туугандарынын соңунан мыктылардын тобун таштап Байымбет боюн түздөй шандуу басты. Көмөк корсөтө алышпаган соң, кур жайкап көңүлүн жаралап койгой деөгө шериктери да батынбады.

Мусакожо гана кылкыйма куулугуна салып:

— Тоголок Молдо, акыр аягына чейин чыда. Бошкой «өнөгүндүн» өнөрүн чогуу-чарап байкасак болот эле. Туугандарың топурап ызаланып тойдон безип кача башташты. Имерип токтоттурсамбы. — Лакыйган сапын аткый, көзүнөн чаарын чыгара каардана акыя заматта мыйыгынан жылмайгансыды.

— Буф-ф! «Коёнду камыш өлтүрөт. Эрди памыс өлтүрөт». Атакөрү, томорлорум, намыстан айланышабы. Токтоттурсам, арданган ойрондор жаңжал башташат. Баш айрылып, көз чыгат. Тоюм тополоң түшөт. Атакөр-рү аррамдар-р, мейли кете беришсин. А сеп Тоголок Молдом, жаман туугандарыңды ээрчибесең кантет. Бошкой күнүң. Күнүнүн күлү жоо. Элдешээрсиңер...

Азыноолак аялдаган Байымбет:

— Болуш, Бошкойду кутурткан ким?! — Буулуга дагы сүйлөөрүндө, котурап аттанып, аны күткөн туугандарынын жапырт айкырыгы, алардын ичинен Өмүрзактын ачуу чаңырыгы шак этти:

— О, Байымбет, аерде не селейесиң. Тунбадыңбы «сый-урматка», бас! Тиги айбанды аталага салмактан бышырып жешсин!

Байымбет чыйрала шар кадамып чойду.

Сакалы биринден жаак ээги бүлк-бүлк дирилдеп ачуусун зордоп баскан чоң болуштун маңдайына калтар мурут Калпа тизесин бүгө алчыланды:

— Байым, уруксат эт, байлап-матап жылдырбайлычы ушу шумпайларды.

Мусакожо шайтандуу инисин мүрүгө таптай сүзүлдү:

— Калпа мырза, ишалла, астафыралла де. «Тай туйлап такка чыкпайт». Жөн кой дедим го. Буф-ф, ата корру, алар кетсе элдин чети оюлган жок. Балбан күрөш али алдыда. Тыңшачы күлүктөрдүн дүбүртү алыстан жерди дүңгүрөтүүдө. Байгени теске. Конок үйлөрүн күтүпүүдө. Мейман-ысман, тиги беттеги Жумгалдык туугандарга сыр бербей сыйлап атказгандай бол. Ата көрү, кайдуулаттар казы, карта, куйрук, жал чайнап, кымыз шыңгытып чардаштан кагылды. Какмалуу ырыс кесерлер, оз убалдары өзүнө. — Жайкаганга айласыз коюуланган курч инисин акырын жеңинен тарта жакындатып, кулагына шыбырады:

— Бошкойдун төмор Тоголокту экинчи баш которгүс мазактаган ыры бар. Кечки тамакта, өргөөдөн өргөөнү кыдыртып ырдат. Жайылып кетсин журтка. Эл оозу элек, кайдуулаттарга, өзүнө да жетет. Арсыздын анан басташ-

канын көролу. Корунуп жүдоп жоголоор. Маа, саа болбосо да, Букарбайыма байкелеп келээр. Акыры биздин капканга тумшугунан кацк эте чабылып, үй күчүккө айланаар.

Калпа өткүр карегин албырта, булгун бөркүнүн берметин кулпурта башын ийкеди:

— Байым, акылыңызга жалгоо. Бошкойду табак тартылган эшиктерди түгөл түрдүрө ырдаталы. Анан жазмакей тоголонгон Молдонун катыгын берели. И десеңиз, Бошкойдун кордоосун мен кагазга жазайын да, атайылатып чабаган аркылуу колуна тапшыралы. Окуп эс-учунан танып сепделсин. Хи-хи.

— Буф-ф, буф-ф, Калпа мырзам, акылыңа айранмын. Ошент, ошент.

Оёндор оюндагыны орундатышты. Узак камынган Бошкой тамак маалында комузун шацгыратып, үйдон үйдү кыдырып, табасы кана сакалын жайкаңдатып Байымбетти кордоо өлөңүн созду. Кошаматка жактагандар, курсанттана коштогондор, ичинен тына телмиргендер, эки сабын жаттай кетишти. Аны Калпа мырза кайра-кайра кочүрө жазып, кайдуулат айлына чабаганчы чаптырып... жазмачы акындын озүнө тапшыртты:

...Төломүш сенин бир атаң
Тоболон жүрүп кууратам...

Байымбет чу дегенде чоочуркай окуду. «Төлөмүш сенин бир атаң». Кайдагы? Саамдан соң мыйыгынан жылмайды.

«Төлөмүш атасы». Ооба. Небаккы окуя. Али Жумгалга кетелек Музооке бабасы тирүү, Абдрахман атасы олгон, ашын берген кийинки жыл. Апасы Коңур жесирди кыйыр тууганлары тестиер Байымбеттин, карт Музоокенин оболуна конушпөй ой боюна койбой, кечээки аталага баш салган абышка, а кездеги жапжаш жигит, ала канат болсо да аталаш Төлөмүшкө ника кыйдырышпады беле. Акыры ал келжиректен ажыратып Жумгалга кочо качышпады беле.

Атала баш бир атаң
Алкымдан жүрүп кууратам.

Тал түштө ар дубандан жайнаган арай-чоройдун козүнчө кемсиптүүнүн, ызалоонун жапасын Соң-Көлдүн жайкалган өндүрүндө көтөрүүгө чыдаган Байымбет, Бош-

койдун бу кордоо жамагын тагдырындагы күтүлгөн жазмыш катары, анчейин чычалабай кабылдады. Зор манабына куйругун такап арсылдаган Бошкойдун «төболөп, алкымдап кууратаары» чын.

«Абысын» дагы не деп эликтептир. Дааналап, сулуулап оймологон араб ариптүү ырды окууну улады:

Атала баштуу, коо баштуу
Төломүш атаң, жоо басты.
Бут артаар колук жогунан
Он сомдук тайга бек шашты...

Байымбет туугандарын чогултуп Бошкойдун обонуна салып жылжыта ырдап берди. Тырчыгандар, сөгүнгөндор... Бошкойдун ата жуурагынан бери кимдигин, жакырчылыктан кийин эле кутулуп мал-жан күткөнү, анын которулгудой жоңу жоктугун... Кечээкисин унутуп Байымбетке, жалпы кайдуулатка өйдөсүнсө, манаптар аны кезегинде булардан кыйын кыйыктаганын опурула козгошту.

Бакисинен Карала бийден кийин тез агала чалган жээрде сакал Өмүрзак бак-бак катуулады:

— Өчкө өч. Кекке кек! Ачык айтып, ачык жооп кайтар. Өзүнүн кемтигин унутуп, бизди келекелегенин көр а, Бошкой кызыталактын. Байыганга көпкөн экен ал. Мүлтүлдөтпөй чынын козго. Укпасаң билип ал да жооп жаз,— Байымбетке чекирейди. — Бошкойдун иниси Алтыбасардын бир кулагын Мусакожонун тууганы Чыныбай манап кестирип ыргыткан. Азыр да чулуюп жүрөт. А кудай бардыр ай, бизден кыйын кордолуп жүргөн эме эле. Кутурганын кара. Жаз ушуну, казалдатып жооп кыл!

Байымбет көзүн тунарыктата үшкүрүндү:

— Көркоолордон кимдер жабыр тартпаган. Бошкой тубайттын ити... Тукурук менен...

Өмүрзак сөзүн жула, көөнө көрпө бөркүн жерге тарс ура чамынды:

— Кокуй турбайсыңбы. «Жоо аяган жаралуу». Чий дегенде чий. Жаки болбосо кошуп айт. Кашкарыма жаздырам. Угуз бизге. — Айланасындагы туушкандарына моюнун созду. — Силер эмне мелтирейсиңер. Айтпайсыңарбы, уш-шу Бошкойчолук ыр таппайбы мунуңар-р!

— Табат.

— Кордогонду кордоп ырдасын, жазсын.

— Жатып өлгөнчө атып өл.

— Намысың болсо тил кайры. Жооп бер, кагылайын Байымбет.

Анын коомойундө тытышпоо, кемтиктерин чукулашпай, акындык ыйыктыкты, адамдык абийирди эскерткен нускоо же жанытма чийип жөнөтмөк. «Чагым өлтүрөт, мактоо жеткирет. Кек душмандын иши. Бошкой ага душман эмес. Билсе экөөнүн тең душманы — Мусакожо оңдөнгөн залимдер. Жанытма казалдарында канча мертебе буктуруп эскертти. Ырчы деген туйбайбы. Дагы бир мертебе насыяттап көрсө. Бошкой акылга чакырганга түшүнөбү. Кордоосуна корстонуп, улуктарына жакшы көрүнүүгө шыйпандап мөрөйү үстөмөндөгөндөй мактанган түрү бар. Кемчонтой, кечээки жырткыч ийри тумшуктун жеми, бүгүн өзүн куш сезип, мени боорго тепти ээ. Мен кечээр элем. Ийри тумшуктары аны кайрадан көкүтүп «төболөтүп, алкымдатаары» айныксыз. Арданып, талоого алган жек-жааттарынын назарын сындырып, томсорткондо Бошкой аны алкайбы. Жок, Жазат. Азыр эле жамактай тизмектештирет. Кандаш карала көздөрүнүн көксоосун кандырат. Кордоосуна кордоо жоопту таркатат. Кесилген кулак, аталага салынган баштай эле элге дайын. Ага чычаласа, канкорлоруна ыйлап бараар. «Мейли, мен деле Байымбет акындай букара уругунан болгондугум үчүн кордолгон турбаймынбы, мындан кийин бири-бирибизди алыштырып табасы канган көркоолордон сак болоюн» — деп ичинен эсине келээр. Букарага букара асылбай, кыйын экен маскаралаган жырткыч манаптардан, маселен Чыныбайдан өчүн алууга чакырайын».

Как ошо максатты көздөп, туугандарынын да, Бошкойдун да көкөйүн суутуп, эртегисин эскертип эсине келүүгө чакырып тез гана буларды чүргөдү. Арийне, мүнү кол китебине көчүрбөйт, түбөлүктүү чыгармаларынын катарына кошпойт. Күнүмдүк көңүл алагдысы үчүн жорукталган нерсе.

Менин атам Толомуш
Аталага баш салса
Катып калган кагы жок.
Сеникиндей Бошкой бай
Кесип алган тагы жок.
Жууса кетет атала
Белги болоор жайы жок.
Айыбын билбей кордогон
Атаны Бошкой ары жок.
Алтыбасар иниңдин
Бир кулагы дагы жок.
Кесип алган Чыныбай
Кек алаар Бошкой алы жок...
Чыныбайга асылбай

Мени менен Бошкойдун
Айтышканын карачы.
Намысы жок, ары жок
Жамантайдын баласы.
Эки жүз кой күткөнгө
Эсиргенин карачы...
...Жамантайдын баласы
Көпкөн окшойт чамасы.
Жарды болсо Байымбет —
Бир күнү тынаар санаасы...

Өмүрзактын табасы кана акын инисинин колунан көзүнө чоочун, өч алаар жооп кагазды кармалап, Табалды уулу Кашкарыга дагы эки-үч даана көчүртүп, чоң болуш айлына, Букарбайга бирөөн, Бошкойго экинчисин жөнөттүрдү. Канаттуу сөз, мурдагы Бошкойдун кордоосун тебелеп ооздон оозго, айылдан айылга жортту.

Анын күчү жеке Бошкойду эсипе келтирүү эмес, Чыныбайды атап, бардык канкорлорду жектөөнү ачык жардаганында экенин көпчүлүк журтчулук курсанттана түшүнүштү. Бийлөөчүлөр Тоголок Молдого тиштерин кайрап зиркилдешти. Акындын өткүр сөзү кесип ыргыткан кулакты бүтүргөндой, аталага малынган баңты жуугандай кектеп да, келекелеп да калың калайыкка кеңири жайыла эрмек зоогуна айланды.

* * *

Байымбет чыгармаларынын элди таасирлептчү, касиети күчөп, өзүнөн же Кашкарыдан көчүрмөсүн аманат колкого сурагандар, ат чаптырып аңсаган кардарлар арбыганына каниеттенип да, камыгып да түйшөлүүдө.

Каниеттенгени — чайыттай асманга биринен соң калганы жалып бадырая жымыңдаган жылдыздардай кыйладан бери чыгынган ойлору көөдөнүнөн окторулуп адам көңүлдөрүн жаркырата нурданып чачыраганы. Төтөп, таланттар топтолушуп элдик кепчтин уюткусун айкындап-канда каймана, жанытма, келекелөө казалдарын орой көз чарай жардап, кубаттоого тунганы, анын акындык даражасын бийик серпилтпедиби. Мындн ары ошо бийиктиктен башы айланбай, бек таканчыктап мурдагыдан алысыраак нурланаарлык перзенттерин жаратуусу зарыл.

Камыкканы — эңсеген төл жергесинен да мына акыры жай таппай, танабы кууруп тарып бараткапы. Атаганат, акынга улам чөйрөсү кеңип, жаңы кардарлардын, талантын барктоочулар менен сындоочулардын кобойүшү

зарылдай. Ою, бою балкып кеңейе түштү эле, мына эми куушурулуп отурат. Кар, мөңгү эригенде суусу көбөйүп бууракандан ташып, кайра нугуна кире тартылган дарыядай Байымбет кайтадан үркөрдөй айылына маталды. Минте берсе дымы чыкпай, чалгыны басаңдап үй кушундай сасык канат болушу ылазым. Танабын тарткан Мусакожо улук. Анын ордосуна кызматка гана эмес, конокко чакырса баруудан аруурканууда. «Маа ырчы, жардамчы катчы болуудан качкан куу туяк Тоголок Молдону менин болушумдагы уруулар кастарлап чакырганды, казалдарын көчүртүп окутканды тыйышсын: Кимде ким айтпей, Тоголок Молдону кастарлайт экен таарыпбасын. Катуу айыпка тартылат», деген буйругун старчындарга, миң башы, жүз башыларга табыштаптыр.

Бөрү, түлкү аты бөлөк болгон менен баары бир жырткыч дегендей, бийлөөчү залимдердин кыянатчылыгы окшош. Кезегинде Дур жылдырбай чидерледи эле. Анда уруусу башкалык кылып «Ит күлүгүн түлкү сүйбойт» деп жоруган. Эми өз элинин өктөм шаасы өчөгүшүп минтүүдө.

Бир гана топугу — болот каламы колунда. Ак кагазды эрмектеп, жан-дилдин сырларын саймалап кумарын кандырган шыбагасын зордукчуга да тарттырбас.

* * *

— Өз ата конушум да маа жай болбой баратат. Аны менден артык түшүнөсүң. Кантүүм керек? Мени аяп тил эмизбе. Башынан аттиң жалгандын азабына бышкан жан мындан ары башка эмне түшсө баарына чыдайт. Коркоодун көзүндө огу болсо мени кан жуткуртуп атууга белен. Анын кыжырып кайнатып, тосмого камалган кулжадай даяр бута болбой, көзүн жазгырсамбы дейм. Өзүм да думукпай, көөдөнүмдү кере дем алчу эркин жайык издесемби дейм,— Байымбет жеден тукулжурагында Букарбайга сырын ачты.

Букарбай досунун зар какшаган сырын тирмейип, жүрөгү зилдей кайышып тыңдады. Санаалашынын тагдыры кыйын кезеңге кыйчалышып сабылганда кантип бейкапар жооткотот. Тек, өзү бүт тозокко бел байлап аттанчудай көңүлү шагдарлана, курбусун зааркаңта шымалангынын көр. Чындыктан, коркупучтан тайсалдабас күчтү бул кайдан тапкан. Ичинен калтаарыган неменин доошу дирилдей чыкты.

— Азиз достум. Эки аягың кыбырап аман жүрсоң жетээрсиң муратыңа. Арзыганың арбын. Өзүң билесиң. Мен да кацгыган жолбунмун. Тилдин шарапаты менен оокат кылып жүрмүн. Шаам жетсе жаныман сени алыстатпайт элем. Чынымды айтайын, сага эрегиш дагы күчөйт. Туура баамдапсың. Булардан сага ырайым болбосуна көзүм жетти. Лекин, залал кылып коюштары мүмкүн. Булардан нелерди күтүүгө болбойт. Залимдердин башы бүгүн булутка жетсе дагы келечеги сенин арбайың алыс учат. Сенин ар кыл асарларың, булардын дөөлөтүнөн, дүнүйө байлыгынан өмүрлүү. Хайыр, достум Молдо Байымбет, ээн-элкин жайды каяктан издемекчисиң? Лекин, табылар бекен шондой жай?

Байымбет өнөгүнүн тайсалдабай, кокоюп жанына пар тенттушсуз жалгыздаарын эскерте кайышса да, шартты даана баамдаганына жагалданды:

— Дос чындап сүйлөйт, душман сырлап сүйлөйт. Ыраазымын. Сенден күткөнүм ушул эле. Каякка дейсиң. — Акын көөнөргөн бешмантынын бүчүлүгүн бошотуп, тик жака көгүлтүр көйнөкчөн төшүн жая, экөө ээпдеп токтогон колоттогу шылдыр булактын жанына түшап отко коё берген аттарын карай кулачын сермеди:

— Төрт тарабым кыбыла. Туяктуу тулпарым турганда отуздагы оройон акын кайда сызсам... эрк өзүмдо. Чүйгө. Бала-чакалуу бажырандаган бир боорум, карындашым Каныкейим, момпойгон күйөө балам Малайым бар. Доораны жүрүп, арааны ачылган, орус төрөлөрү менен кеперес Дүр турганда Токмок айланасына батпайм. Пишпекте Басил дарыкер, боорукер тамырым бар... Кара кыргыздарды дарылайсың, өзбек, дунган кембагалдарын оорукканаца пааналатасың деп, төрөлөр кыйкымдап... дарыканасынан кууду деп уккам. Жан айласы, эки бирдей чиедей уулун, маңкайган Маврасын багыш үчүн Чалдыбарбы, Чүйдүн казак чегиндеги кыштакка эмчиликке оогон имиш. Кайран Басил тамырым, а да экөөбүз сымал кара жанын карч урган эргул. Тээ түпкүрдөгү, Маскөөдөн алда кайда нары Молдован деген элден. Анын өзүндой кең пейил орус шериктери да туш-тушка тарады дейт. Кыргыздын салт-жөрөлгөсүн, уламыш, жомокторун жазган, ташбуркан эстеликтерин, көөнө буюм-теримдерин Эрмитаж атанган көргөзмөгө коюуга Петерборго жөнөткөн, арашан сууларын, мазар жайларын кыдырып, санжырасын чиймелеген чоң сакал окумуштуу Поярков деген төо-

мөнкү Анжыян, Фергана тарапка сүрүлүптүр. Ал мендеп «Насыяга кеткен кыздын арманын» жазды эле. Өзү насыяга болбосо да, төрөлөрүнө жакпай түштүк шаарына кетиптир. Аларды ак падышанын төрөлөрү жектеп сүрсө, мени чоң болуш экөөң сүрүп атасың. — Байымбет тамаша чала күлүмүш эте тиштерин кашкайтты. — Жумгалда таекелерим, Кочкордо Музооке атамдын кайындары бар. Көкүмбай, Курман, Канаат манаптар сенин Мусакожоңдон өткүр чыкты дейт. Аларга барып кемирилбей эле койдум. Көл жакасындагы сарбагыш, бугу, саяк ичинде жекжаатым жок. Чоң болушуна баштаган Нарындын өйүзүндөгү Дөрбөлжүн, Терек, Мынакелди, Коңорчокту ээлеген Баатайдын уулу Касымбектен тымызын чакырыкчы келди. Сенден жашырып нетейин. Быяктагы биздин ыйкы-тыйкы кабар жеткен бейм. «Тууганбыз, Мусакожо өгөйлөсө өзүмө келсин. Өргөө тигип куштап күтөм» дептир...

Букарбайдын көзү чекирейе дүрбөлөңдү да, кубанганды да билдирди:

— Бар. Касымбек биздин таксырдан да амалдуу. Жашыраак, өктөмүрөөк. Аякка арабанын кара жолу жетти. Почто бекети курулду. Түпкөрүдөн кат-кабар биздеп мурда жетет. Дөрбөлжүнгө дүкөн салдырып, жармаңке ачыптыр. Тил ал. Катташып, кол үзбөй турганыбызга да дурус. Касымбек Пишпектин колтугундагы Солтонун баш манабы, Кокондуктардын Рахматулласын өлтүргкөп, уез начальниги менен умалалаш, жеке мал, жер байлыгы эмес, шаарга дүкөндөр ачтырып, соода жүргүзгөн Байтикке күйөө. Ошонусуна чиренип, биздин чоң болуштан элди бөлүп отурат. Мусакожобуздун таянганы Шабдан...

Байымбет досунун ак пейилден Касымбектин чакыруусуна макулдоосун далилдей жактырганына көңүлү жибиир, жибибеңки, көрпөсү куучуя, сырткы көгүлтүр тукабасы оңо түшкөн тебетейин шыпырып, оңго бурула силкти:

— Сен минтсең Касымбектин үндөгүнө азгырылуум жөн. А деле текөөрдүү кан ичкич. Чу дегенде баптап куштаары ырас. Бөтөнчө, касташкан Мусакожодон өтүп барганымда жем таштаары айныксыз. Анысы утурумдук. Бара түшө өкүмүнө, тукуругуна толук көнбөсүмдү билгенде ал да айыгышат. Катажытат, мүңкүрөтөт.

— Атаганат дечи,— Букарбай үшкүрүндү. — Балта көтөрүлгөнчө дөңгөч эс алат. Бара көросуң. Лекин, түпкүрдөгү дүрбөлөң күчөөдө. Орус кезиттеринен окуудамын.

Жайынча айтып берем. Өзүңө да жаңы түрмөктөр камдадым. Окуурсуң. Касымбек куу, сенин намыстуулугуңду, акылыңды, акындыгыңды, калем тартаарлыгыңды билет, пайдаланат. Чочутпай, аз-аздан жоошутканча жылдар өтөор. Аңгыча замана оңолоор:

Байымбет нурлуу дидарын албырта бажырайды:

— Оозуңа май. Күткөнүбүз ошо замананын оңолушу го. Басил тамыр, Поярковтордун да көксөгөнү ошо. Качан, түпкөрүдөгү орус азаматтардын козголоңу жеңет деген имишти укканыбыз, окуганыбыз качан. Касымбектин тыңчысына тил эмизип сөз ээрчиттим. Ага дейре Тогуз-Торолук тегирменчи Тезекчиге достошком. Ага барсамбы дейм. Андан аркы ээрдей белести ашып, Кетмен-Төбөгө жетсем дейм. Токтогул деген керемет ырчы чыгыптыр, ошону көрмөйүн көксөөм суубас.

— Чынбы же имишпи! Кимден уктуң? «А тоо менен бу тоону арзыган теке ачка өлүптүр» болуп жүрбө. Касымбекке эле түз өтсөңчү.

— Касымбек качпас. Токтогулдун дайынын карачекей тууганым, Молдобай Чекирекей уулунан, ылайым жалган сүйлөбөгөн дыйкан адамдан уктум. Токтогулга жолукмайын жаным жай таппочудай.

— Баарыбыз тамшанып, сен айрыкча жактырган алигинде Соң-Көлдө чогулгандар эле го.

— О-у, алар улуу таланттар. Ыйыктар. Аттиң жалган, ошондо да бири кемиген тура. Ал Токтогул экен. Молдобай апарып тааныштырмай болду. Мен камынуудамын.

Букарбай ички сырын ишенген, чоочун эл, чоң сапарга үмүттүү умтулган досунун үстү-башы эскиргенине комсоңдой, сарпайы болбосо да кызыл жабаарын жаңыртууну ойлоду. Антүүгө дарамети жетет. Какишине айтса, өзү баштап, иштүү аялдарды чакыртып жаңы кемсел, тебетей тиктирет. Канчалыкка экенин кудай билет, ажырашканы дагы турушат. Колунан келген сыйын көрсөтүп калсын. Чиркин, Байымбетинен андан чоңдон деле аяпбас эле. Көздөгөнүнөн кайра тартпас досу Кетмен-Төбодогу ырчыны кандай касиети үчүн эңсегенин билүүгө дилгирленди:

— Сен анчалык дегдегендей не артыкчылыгы бар экен?

Байымбет Молдобайдын сөзүн төкпөй-чачпай кайталады:

— «Адам баласында Токтогулдай ырчы болбос. Өзүң курлуу толукшуган жигит экен. Элге атактуу сезилген ырчылар: Эсенаман, Көчөрбай, Болдур-бала ырчы Токтогул менен айтышмак турсун изин кечпей калышыптыр. Токтогул санаттан, салттан, тарыхтан ырдап, кол ойното комуз чертип элди таң калтырып, ыраазы кылат экен. Бардыгына бирдей аралашып жүргөндөй айтат. Ырдаганында калет жок. Кетмен-Төбө барып көргөн сонунум ушул». Токтогулдун даңазасына көңүлүмдү дегдеткен Молдобайдан анын турагын, уругун сурадым. Ынтызарлыгымды сезип билишинче толук айтып берди:

— «Токтогул мага жакын таске болот (энемдин төркүнү). Саяк ичиндеги Сарттар деген элден. Арым деген Кетмен-Төбөнүн төрүндө турат, бойчур келген сары чийкил жигит, Ырыскулбек деген зор манаптын эл бийлеген балдары менен кас экен. Жалпы калайык манаптардын сан-салтанаттап жүргөнүн сүйбөй, «букаранын малына мас болгон жиндилер» деп ачууланат экен. Токтогул букараларды колдоп Ырыскулбектин балдарын келекелеп:

«Ырыскулбектин беш каман
Пейли бузук ит жаман.
Көрөөрсүң бир күн сонунду
Күрсүлдөгөн уй каман»,—

— деп ырдап жүрөт. Ырыскулбектин балдары Токтогулга колдорунан келишинче жамандык кылуунu ойлоп кекенишет. Мына ушинтип манаптардын пейили Токтогулга жакшы эмес».

Бул сөздү укканда Токтогулду коруүнү дегдеп, ээрчитип барып, мактаган акын таекесине кезигиштирүүсүн Молдобайдан абдан өтүндүм.

«Жакшы болот, күзүндө өзүм дагы барам. Ат-тонуңду камданып тургун. Сөзсүз кезигиштирем» деп Молдобай убадасын берди. Ушул достум. Токтогулга жолугушмайын санаам тынбайт.

Байымбеттин купуя кыялында Токтогулдун жүрөктүүлүгү, эмгекчи калың букараларды жактап, бир атадан чыккан беш манапты беш каман атап тайманбай ырдаганы өзгөчө жагууда. Калмырза, Бошкойлордой залимдерге жагынып, апырылта мактоого жанын үрөп, кайран сейрек таланттын кунун түшүрүп, кудуретин ташыркатпастан, Токтогулдун көпчүлүк калайыкка санат, салт,

санжырадан нускалап сабалатканы, акындык салттын үлгүсү катары бийиктеп калкууда. Ошол бийиктикти өз көзү менен баамдап... ырчылык ыйыктык, алалдык жагынан кандайдыр өзүнө жакындык илепти сезип, жүздөшсө, али бирин-бири көрүп биле электе алыстан үндөшкөн илептер тутанып жалын бүркө жалбырттаарын көксөөдө.

Биринчи китептин аягы.

МАЗМУНУ

Дагы жер которуу 5
Жаңы көпүш 32
Улуу манасчынын урматы 54
Эмчи 75
Жергени эңсөө 189